# ХИЗБ УТ-ТАХРИР АМИРИ ААЛЫМ АТО ИБН ХАЛИЛ АБУ РОШТАНЫН СУРОО-ЖООП ЖЫЙНАГЫ

*фикхий*

I

2025-ж

# Мазмуну

**Усули фикх аалымы Ато Абу Рошта ........................................................ 7**

**Ижтима ........................................................................................................ 9**

**Ата-энеге бийик сүйлөө жөнүндө............................................................ 10**

**Кафир ата-энени көмүү ырасымы тууралуу.......................................... 12**

**Аялдын сапарга чыгуусунун өкүмү ........................................................ 13**

**Аялдын сапарга чыкканда каср намазы жана орозосу......................... 27**

**Саякат сапары тууралуу........................................................................... 29**

**Аял кишинин махрамсыз менчик унаага отурушу............................... 30**

**Аялдын айдоочулукту үйрөнүү үчүн унаага мугалим менен бирге олтуруусу..................................................................................................... 33**

**Парик кийүү жөнүндө ............................................................................... 36**

**Аялдын шым, парик кийип намаз окуусу жана көчөгө чыгуусу .......... 37**

**Аялдын жасануусу тууралуу .................................................................... 39**

**Табарруж, жасануу мааниси.................................................................... 42**

**Табаруж: жасануунун вакыйы (көрүнүшү) ............................................ 45**

**Исламга кирген аялдын валийи............................................................... 49**

**Мисяр нике тууралуу ................................................................................. 50**

**Эрди-катындын жашоосу тууралуу ........................................................ 52**

**Аял кишинин кызыл ашык томугунан ылдыйкы бөлүгү тууралуу..... 60**

**Аял кишинин буттары (томугунан ылдыйы) ачык абалда намаз окушу тууралуу............................................................................................. 62**

**Аялдын аялга карата авраты .................................................................... 64**

**Аялдын кийими тууралуу.......................................................................... 66**

**Аялдын шаръий кийими жөнүндө........................................................... 69**

**Кызына сунушталган жумушту атасы четке кагышы жөнүндө ........... 73**

**Согуш майданына чыккан аялдардын өкүмү ......................................... 75**

**Эркек менен аялдын интернет аркылуу байланышы жөнүндө............ 77**

**Үйлөнүү тууралуу......................................................................................... 80**

**Нике келишими............................................................................................ 85**

**Аял нике жүргүзүү ыйгарым укугуна ээ эмес ........................................... 89**
**Атасы кызын анын макулдугусуз күйөөгө берүүсүнүн өкүмү ............... 95**
**Ибадат ...................................................................................................... 97**
**Табытта көмүү жана табыт жасоо тууралуу ........................................... 98**
**Мечиттин короосундагы объектилер ....................................................... 99**
**Ажылыктагы ифаза (ажылардын багыты) ............................................. 101**
**Жума намазынан чыкканда Пайгамбарга салават айтуу тууралуу ... 106**
**Истихара намазы туурасында ................................................................ 108**
**Мечит курууда каапырлардан жардам алуу жана ал мечитте намаз окуу туурасында ........................................................................................... 113**
**Зулхижжанын баштапкы күнүндөгү орозо ............................................ 116**
**Аралык (дистанция) сактап намаз окуу туурасында ............................ 119**
**Өкмөт жаап койгон мечиттин аянтында намаз окуу тууралуу ........... 125**
**Жума намазы тууралуу ........................................................................... 128**
**Айды көз менен көрүү тууралуу ............................................................ 130**
**Айрым бир фикхий раъйлардагы ихтилафтар (мисалы, рамазанда орозону баштоо) жөнүндө ................................................................................ 136**
**Айды көрүү жана астрономиялык эсептөө ............................................ 142**
**Кадыр түн тууралуу күмөндөнүү ........................................................... 150**
**Жөөт вужудун жок кылуу үчүн дуба кылуу тууралуу ............................ 161**
**Зыяратчынын таш ата турган учуру ....................................................... 165**
**Семиз торпокторду курмандыкка чалуу тууралуу ................................. 169**
**Канаттууларды курмандыкка чалуунун өкүмү ...................................... 171**
**Рамазан айынын калтырылган күндөрүн толуктоо .............................. 179**
**Зекет ........................................................................................................ 182**
**Түшүмдүн зекети ..................................................................................... 183**
**Зекет важиб болгон эгиндер жана мөмөлөрдүн түрлөрү ....................... 187**
**Соода малдары үчүн зекет берүүнүн далилдери туурасында ............... 189**
**Балагатка жетпеген баланын жана мажнундун малынын зекети тууралуу ................................................................................................. 190**
**Зекет берүү жана бир жыл өтүү туурасында .......................................... 192**

**Соода малдарынын зекети жөнүндө ........................................................ 193**

**Ислам мамлекети жок убакта зекет кимге берилиши туурасында..... 197**

**Халифалык жок учурунда зекеттин малы каякка берилет?................ 199**

**Зекетке муктаж болгон адамдын зекеттен ала турган эң көп (максималдуу) өлчөмү............................................................................ 202**

**Соода товарынын зекети ........................................................................ 207**

**Зекеттин акчасын эжеге менен кызга берсе болобу?............................ 210**

**Медициналык.......................................................................................... 214**

**Түйүлдүктү тоңдуруп коюу жана төрөлө турган баланын жынысын аныктоо .................................................................................................... 215**

**Түйүлдүктүн жынысын аныктоо жөнүндө ........................................... 232**

**Генетикалык анализге таянып баланын насабын аныктоо ................ 237**

**Канды колдонуу туурасында.................................................................. 242**

**Бир-бирине жабышып төрөлгөн эгиздер туурасында .......................... 247**

**Эмдөө жөнүндө ........................................................................................ 248**

**Биротоло төрөгүс кылган операциялар жөнүндө ................................. 252**

**Биоэнергия менен дарылануу ................................................................ 255**

**Адам мүчөлөрүн алмаштыруу, ичин жарып ачуу жана (эркек менен аялдын) аралышып жүрүүсү тууралуу .................................................. 257**

**Пластикалык хирургиянын шарий өкүмү............................................ 265**

**Жинди болуунун, көрө албастыктын жана көз тийүү тууралуу .......... 267**

**Коронавирус илдети жөнүндөгү суроолор............................................ 276**

**Коронавирустун кесепети...................................................................... 283**

**Коронавируска каршы эмдөө жөнүндө.................................................. 296**

**Жаза-чара................................................................................................. 302**

**Дияны (кун акча) күмүш менен белгилөө туурасында ........................ 303**

**Жихадий жамааттардын же жеке адамдардын Аллахтын хаддарын колдонуусу тууралуу.............................................................................. 304**

**Турмушка чыккан зинакер күңдүн өкүмү жөнүндө............................. 315**

**Электр тогу менен күйдүрүп өлтүрүү туурасында............................... 317**

**Таъзир берүү, анын тафсилат жана өкүмдөрү туурасында ................. 320**

**Аялы бар зынакердин Исламдагы жазасы ........................................... 324**
**Экономикалык .................................................................................... 329**
**Товарлардагы сыйлыктар................................................................... 330**
**Товарга эки баа коюлушу тууралуу .................................................... 332**
**Алуу-сатуу өкүмдөрү жөнүндө ........................................................... 335**
**Муробаха келишими жөнүндө ........................................................... 338**
**Ислам банктары муробаха деп атаган нерсе тууралуу ........................ 340**
**Шарт коюлган соода келишими туурасында ....................................... 347**
**Аукцион туурасында .......................................................................... 348**
**Унду нанга сатуу туурасында ............................................................. 351**
**Ширкаттагы мөөнөт туурсында ........................................................... 353**
**Алынган товардын мөөнөтүн узартып төлөө ........................................ 355**
**Колго тийбеген станок соодасы ........................................................... 358**
**Салам (алдын ала акчасы берилген) соода жана үй курула электе сатуунун өкүмү тууралуу ........................................................................ 361**
**Өз баасына сатылган күрөө ................................................................. 366**
**Соодагер өзүнө таандык болбогон товарды сатуусу арам .................... 372**
**Интернет аркылуу каржылык жана коммерциялык операцияларды жүргүзүү тууралуу.......................................................................... 376**
**Электрондук соода.............................................................................. 381**
**Риба мал-мүлкү жөнүндө .................................................................... 386**
**Чет мамлекеттерден карыз алуу туурасында ....................................... 388**
**Карызды ашыгы менен төлөө туурасында ............................................ 390**
**Эваз акысына карызга кепил болуу ..................................................... 393**
**Харамдан табылган мал-мүлк тууралуу ............................................... 395**
**Харам жол менен табылган байлыктын тоободон кийинки өкүмү жөнүндө .......................................................................................... 398**
**Тартып алынган мүлк тууралуу........................................................... 400**
**Жерге ээлик кылуу жана андан пайдалануу туурасында ..................... 402**
**Жердин дайынсыз калбашы жөнүндө .................................................. 403**
**Риказ жөнүндө .................................................................................... 405**

**Риказга байланыштуу өкүмдөр жөнүндө ............................................ 406**

**Риказ өкүмү туурасында........................................................................ 408**

**Биткоиндин шаръий өкүмү ..................................................................... 409**

**Алтын жана күмүштөн башка баалуу металдарды акча катары колдонуу туурасында ............................................................................... 412**

**Алтынга тиешелүү экономикалык суроо................................................ 414**

**Алтын жана күмүш – Ислам мамлекети колдоно турган негизги акча бирдиги.................................................................................................... 419**

**Акчаны казына кылып сактоо жана анын өкүмү ................................. 426**

**Мамлекеттин экономикага аралашуусу жана салыктар тууралуу..... 429**

**Кызмат мөөнөтү бүткөндө сый акы алуу ............................................... 432**

# Усули фикх аалымы Ато Абу Рошта

Хизбдин учурдагы амири

Хижрий 1424-жылы сафар айынын 11-күнү, миладий 2003-жылы 12-апрелде Хизбут-Тахрирдин мазолим деванынын башчысы усул аалымы, инженер Ато Абу Роштанын (Абу Ясин) Хизбут-Тахрир амири болуп шайланганын жарыя кылды. Ал кишинин даъват ишине зор маани бериши белгилүү болгон жана андан хизб ишин жакшы башкаруу о.э. жигиттердеги күч-кайраттан эң абзел түрдө пайдалануу жөндөмү сезилген. Ошондуктан, Аллах Субханахудан аны нусратка карай жетелешин үмүт кылып калабыз.

Анын турмушунан бир үзүм:

Анын аты-жөнү Ато ибн Халил ибн Ахмад ибн Абдулкадир ал-Хатиб Абу Рошта. Ал хижрий 1362-жылы, миладий 1943-жылы Палестина диярындагы ал-Халил вилаяттарынын бири болгон Раанно аттуу чакан кыштакта, диндар үй-бүлөдө дүйнөгө келди. Ал Палестина башына түшкөн балээлерге, аны яхудийлер 1948-жылы Британиянын колдоп-кубаттоосу менен жана араб акимдеринин чыккынчылыгы акыбетинде басып алганына жаштайынан күбө болду. Мына ошондон кийин анын үй-бүлөсү ал-Халил жанындагы качкындар лагерине көчүп өттү.

Ал башталгыч жана орто таалимди ошол лагерде алды. 1959-жылы ал-Халилдеги Хусайн ибн Али атындагы экинчи баскычтагы медреседен окууну аяктап, экинчи баскычтагы мектептин биринчи даражалуу күбөлүгүн алды. Кийин Куддус Шарифтеги Ибрахимийя медресесинен 1960-жылы экинчи баскычтагы мектептин жалпы күбөлүгүн (Египетке жолдонмону) алды. Мына ошондон кийин 1960-1961-окуу жылында Каир университетинин инженердик факультетине окууга кирди жана 1966-жылы инженердик боюнча бакалаврдык дипломун алды. Университетти бүтүргөндөн кийин бир нече араб мамлекеттеринде инженер болуп иштеди. Анын инженердик иштери боюнча «Өлчөмдөр эсеп-китеби боюнча орточолук о.э. имараттар жана жолдор көзөмөлү» аттуу чыгармасы бар.

Ато Абу Рошта Хизбут-Тахрирге орто мектепте окуп жүргөн кезинде, элүүнчү жылдардын жарымында кошулду. Аллах жолунда залимдердин камактарында көп азаптарды чекти. Ал Хизбде, анын бардык танзимий жана идарий түзүмдөрүндө: дарис, мүчө, мушриф, жергиликтүү жихаз накиби, вилаят межлиси мүчөсү, муътамад, расмий сүйлөөчү, амир мекемесинин мүчөсү болуп үзгүлтүксүз иш алып барды. Хижрий 1424-жылдын жакшылыктуу сапар айынын 11-күнүнөн, миладий 2003-жылдын 12-апрелинен тартып Аллах Хизбге амирлик кылуу милдети

анын мойнуна түшүшүн каалады жана ал Аллахтан бул оор жүктү көтөрүүдө жардам беришин сурады.

Анын жазган Исламий эмгектери төмөнкүлөр:

1. Бакара сүрөсүнүн тафсири - «ат-Тайсир фий усулит-тафсир сураи Бакара».

2. Усули фикх боюнча изилдөөлөр - «Тайсирул вусул илал усул».

3. Бир нече китепчелер:

а) «Экономикалык кризистер» - алардын вакиълиги жана аларды Ислам көз карашынан туруп дабалоо.

б) «Жазира жана Булуңдагы кресттүүлөр жүрүшү».

в) «Өнөржайлаштыруу саясаты жана мамлекеттин өнөржай курулушу».

4. Анын доорунда (азырга чейин) Хизбдин ушул китептери басылып чыкты:

а) «Исламий нафсия негиздери».

б) «Саясий маселелер: Басып алынган мусулман өлкөлөрү».

в) «Саясий түшүнүктөр» китебинин кайра каралып чыккан жана кеңейтилген басылышы.

г) «Халифалык мамлекетиндеги таалим программасынын негиздери».

д) «Халифалык мамлекетинин башкаруу жана идара аппараты».

Бул амирдин дүйнөнү көзгө илбегени, таквасы, шариятка катуу амал кылганы жана илими белгилүү. Анын Хизб ишин башкарууда түрдүү жоопкерчиликтүү милдеттерди, айрыкча, расмий сүйлөөчү, муътамад, амир мекемесинин мүчөсү сыяктуу жооптуу орундарды ээлеп келгендиги зор пайда берди. Бул нерсе аны Хизбге ар бир жоопкерчиликти талап кыла турган иштерди, тактык жана аракетчендикти толук билип түшүнгөн абалда жетекчилик кылууга ылайыктуу кылып койду. Ошондуктан, жигиттер амири алар менен жанаша туруп, аларга, ал тургай, иштердин тафсилаттарында да жетекчилик кылып жатканын сезип турушат. Бул болсо амирге жигиттердин кудурет-жөндөмдөрүн эң абзел көрүнүштө пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берди.

Ато Абу Рошта өзүнө жүктөлгөн даъват аманатын Аллах Субханаху жана Расулу ﷺ сүйгөн көрүнүштө өтөй алышы үчүн жардам берүүнү жана туура жолго жолдоону сурап, анын колу менен туура жолдогу Халифалыкты тикелеп, фатх-жеңиш беришин Аллахтан сурап, тынымсыз жалынып-жалбарды. Албетте, Аллах дуаларды угуучу, кабыл алуучу Зат.

# Ижтима

## Ата-энеге бийик сүйлөө жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Ата-энеге ачуулануу жана аларга бийик сүйлөөнүн өкүмү кандай? Көбүнчө ата-эне проблемаларга себеп болот жана перзент бул проблемаларды чечет о.э. ата-эне перзентин багышынын ордуна перзент алардын абалын оңдойт. Ошондо да аларга ачуулануу жана кээде аларга бийик сүйлөө ата-энеге ак болуу же аларга турмуш иштеринде жардам бербөө эсептелеби?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Аллах Субханаху ва Таала ата-энеге «уф» дегенден кайтарды. Ошондой болгон соң, аларга ачуулануу жана бийик сүйлөө кандай болот? Аллах Таала айтат:

﴿وَقَضَىٰ رَبُّكَ أَلَّا تَعْبُدُوٓاْ إِلَّآ إِيَّاهُ وَبِٱلْوَٰلِدَيْنِ إِحْسَٰنًا ۚ إِمَّا يَبْلُغَنَّ عِندَكَ ٱلْكِبَرَ أَحَدُهُمَآ أَوْ كِلَاهُمَا فَلَا تَقُل لَّهُمَآ أُفٍّ وَلَا تَنْهَرْهُمَا وَقُل لَّهُمَا قَوْلًا كَرِيمًا﴾

*«Роббиң жалгыз Анын Өзүнө ибадат кылууңарды о.э. ата-энеге жакшылык кылууңарды буюрду. Эгер алардын (ата-эненин) бирөөсү же экөөсү тең сенин кол астыңда карылык жашына жетишсе, аларга карап «ух» дебе жана алардын (сөздөрүн) кайтарба! Аларга (ар дайым) жакшы сөз айт!»* [17:23]

Аллах Субханаху ва Таала ата-энеге жакшылык кылууну Өзүнө ибадат кылуу менен бир катарда зикр кылды. Бул болсо, бул фарздын улуулугуна далалат кылат. Ата-энеге итаат кылуу жөнүндө көптөгөн далилдер бар. Аларга итаат кылуу – Аллахтын изни менен – бейишке жетүү жолун жеңилдетет. Муслим Абу Хурайра رضي الله عنهдан риваят кылган сахих хадисте Набий ﷺ айтты:

«رَغِمَ أَنْفُ، ثُمَّ رَغِمَ أَنْفُ، ثُمَّ رَغِمَ أَنْفُ»، قِيلَ: مَنْ؟ يَا رَسُولَ اللَّهِ، قَالَ: «مَنْ أَدْرَكَ أَبَوَيْهِ عِنْدَ الْكِبَرِ، أَحَدَهُمَا أَوْ كِلَيْهِمَا فَلَمْ يَدْخُلِ الْجَنَّةَ»

«Мурду жерге ышкалсын, мурду жерге ышкалсын, мурду жерге ышкалсын». Кимдин, я Расулуллах? - делди. «Ата-энесинин бири же экөөсү тең картайган убакта алардын жанында болгон, бирок, бейишке кирбеген адамдын», - деди. Кимдин ата-энеси же алардын бири картайганда алардын жанында болсо, ал аларга итаат кылып жакшы сөздөрдү айтса жана алар себептүү бейишке кирсе, ага тубо бейиши болсун. Ошондой болгон соң, ар бир адам ата-энеге жакшылык кылууга жана аларды урматтоого шашылсын.

Кандай гана абал болбосун, кимде-ким адашып, суроодо келгендей, ата-энесине ачууланган болсо Аллахтан кечирим сурасын жана ата-

энесинен кечирүүлөрүн о.э. ыраазы болууларын сурасын. Себеби, ата-эненин жүрөгү перзентине ырайымдуу. Ошондуктан, эгер перзент кечирим сураса, ата-эне перзенттердин каталарын кечирет.

21-шаъбан, 1434-х.
30-июнь, 2013-м.

## Кафир ата-энени көмүү ырасымы тууралуу

Алла Таала – мейли, капыр болушса да – ата-энеге эхсан-жакшылык кылууга буюрду. Бирок, эгер масият-күнөө ишке буюрушса, аларга моюн сунулбайт. Алла Таала айтат:

﴿وَوَصَّيْنَا الْإِنْسَانَ بِوَالِدَيْهِ حُسْنًا وَإِنْ جَاهَدَاكَ لِتُشْرِكَ بِي مَا لَيْسَ لَكَ بِهِ عِلْمٌ فَلَا تُطِعْهُمَا﴾

*«Биз адамды ата-энесине жакшылык кылууга буюрдук (т.а. ата-эне жакшы болобу, жаман болобу, мусулман болобу, капыр болобу, аларга жакшылык кылуу перзенттердин милдети. Ал эми), эгер алар сен өзүң билбеген нерселерди (т.а. жасалма «кудай»ларды) Мага шерик кылышың үчүн зордошсо, анда аларга моюн сунбагын!»* [29:8]

Ата-энеси кайтыш болгондо перзенттин аларды көмүшү жана көмүү үчүн лаазым болгон нерселерди кылышы да аларга жакшылык кылууга кирет:

Ошондуктан, мусулман перзент капыр атасын көмүү ырасымына катышышы мүмкүн. Бирок, масият-күнөө болгон ырасымда катышышы, мисалы, капырлардын ырасымдарына ылайык өткөзүлө турган көмүү ырасымдарында катышышы жайыз эмес. Ал капырлар ырасымдары болбогон көмүүдө гана катышат. О.э. атасы капыр болсо, ал өлгөндөн кийин ал үчүн истигфар айтышы да жайыз болбойт.

﴿مَا كَانَ لِلنَّبِيِّ وَالَّذِينَ آمَنُوا أَنْ يَسْتَغْفِرُوا لِلْمُشْرِكِينَ وَلَوْ كَانُوا أُوْلِي قُرْبَى﴾

*«Пайгамбар үчүн да, момундар үчүн да – эгер мушриктер туугандары болсо да… ал мушриктер үчүн магфират сууроолору жайыз эмес».* [9:113]

Ушуга негизделип, мусулман перзент капырлардын ырасымдарынан узак болгон абалда капыр атасын көмүү ырасымында катышышы мүмкүн. Тескерисинче т.а. капырлардын ырасымдары боюнча көмүлө турган болсо, катышышы жайыз эмес.

О.э. капыр атанын өз мусулман перзентин көмүү ырасымына катышышы жайыз. Мусулмандар анын катышышына уруксат беришет. Бирок, ал перзентин көмүүдө мусулмандар арасында куфр ырасымдарын көрсөтпөшү керек.

Перзент же атанын бири мусулман, экинчиси капыр болсо да, перзент атасы өлгөндө, же ата перзенти өлгөндө тазия билдириши мүмкүн. Бирок, капыр өлгөндө, тазия билдирүү үчүн эч кандай «рахмат кылсын» деген сөз, же истигфар сөздөрү айтылбайт. Балким, көңүл айтуу сөздөрү гана айтылат.

Кээ бир фукахалар (фахик аалымдар) перзент менен ата ортосундагы тазиянын жайыздыгын о.э. өлгөндүн жакындарына – мусулман адам капыр өлгөндө, капыр мусулман адам өлгөндө – тазия билдириши жайыздыгын кошумчалашкан. (Мунун жайыздыгын Шофеъий жана бир рыбаятта Абу Ханифа да айткан).

9-жумадул-ахир, 1426-х.

15-июль, 2005-м.

## Аялдын сапарга чыгуусунун өкүмү

**Суроо**:

Биринчиден: Ассаламу алейкум урматту Шейх. Азыркы учурда көптөгөн аялдар Пайгамбар ﷺдын хадисинде: "Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирген аялдын бир күн бир түндүк аралыктагы сапарга махрамы жок чыгуусу арам" дегенине карабастан, окуу же иштөө үчүн башка өлкөгө же шаарга махрамы жок эле сапарга чыгып кетишүүдө. Алар ал жакта узак убакытка калып, кээ бир учурда жылдап калып кетишүүдө. Ушул маселеленин өкүмүн майда баратына чейин баяндап бере алсызбы? Аллах сизе берекесин берсин. Ассаламу алейкум рахматуллоохи уа баракаатуху.

Гази Дждира.

Халифалык жакышылыгына жетектеп бара жаткан урматту Шейх. Ассаламу алейкум рахматуллоохи уа баракаатуху. Аялдар жамааты махрамы жок сапарга чыгуусу мүмкүнбү?

Амин Дбиби.

Ассаламу алейкум рахматуллоохи уа баракаатуху. Урматту Шейх, менде аялдын сапарга чыгуусу боюнча суроолор бар. Ушуну ачыктап берсизби, Аллах сизге жардам берсин. Суроо: "Ижтима түзүмү" китебинде аял менен эркектин ортосундагы байланышууларды тартипке салуу темасы астында минтип келген: "Аял бир күн бир түндүк сапарга махрамы жок чыгуусу тыйылган. Бир гана махрамы менен чыгуусу мүмкүн. Пайгамбар ﷺ айтты: "Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирген аялдын бир күн бир түндүк аралыктагы сапарга махрамы жок чыгуусу арам, бир гана махрамы менен чыгуусу мүмкүн" (Муслим риваяты). Ибн Аббас رضي الله عنهдан Пайгамбар ﷺдын хутба кылып жатканын уктум. Ал киши айтты: "Эркек киши аялдын махрамы жок аны менен хилвада (жалгыз) калбасын, бир гана анын махрамы болсо гана калса болот. Аял махрамы жок сапарга чыкпасын". Арадан бир киши туруп айтты: "Я Расулуллоох , менин аялым муктаждык үчүн чыгат. Мен болсо казаттарга чыгууга жазылып койгом". Пайгамбар ﷺ айтты: "Жөнө жана аялыңды ажылыка бирге ала бар". (Муслим риваяты). Абалкы хадистен бир күн бир түндөн ашпаган аралык түшүнүлөбү? Мисалы, аял Омандан Стамбулга үч саат аралыгында учак менен сапар кылса, ал жерде ал базар кыдыруу оюн-зоок үчүн бир жумача калуусу сыяктуу абалды түшүндүрөбү? Же махрамсыз сапар кылуу жана ал жерде туруунун мөөнөтү бир күн бир түндөн ашпаган сапар мөөнөтүн билдиреби? Аял окуу үчүн башка өлкөгө сапар кылат жана ал жерде ал мукиим эсептелеби же аны менен махрамы бирге болушу керекпи? Ал эми, экинчи хадистеги Пайгамбар ﷺ аялын ажылыка бирге алып барууга буюрду. Бул ажылыка

тиешелүүбү же жалпы түрдө сапарга тиешелүүбү? Пайгамбар ﷺдын “Жөнө жана аялыңды ажылыка бирге ала бар” деген сөзүнөн аялдын ажылыка бир гана махрамы менен бирге баруусун түшүндүрөбү? Асаламу алейкум рахматуллоохи уа баракаатуху.

Mosab Al-Natsha

Ассаламу алейкум рахматуллоохи уа баракаатуху. Сизден аялдын сапар кылуусу тууралуу сурайын дедим. Аялдардын жамааты махрамы жок эркектер менен сапар кылышса болобу? Эгер, аял махрам эркек менен сапарга чыкса, сапардын арылыгы бүткөндөн кийин аял өзү эле башка өлкөгө жөнөп кетсе, ушул жаизби? Аллах сизге берекесин берсин.

Мухаммад Ахмад.

Экинчиден: Хамзата Мифтаахдын суроосу: сурооңо жоопту Элвистин аялдын сапарга чыгуусу тууралуу берген суроосуна жооп берилген жалпы жооптон таба алысың.

Үчүнчүдөн: өз аймагындагы аялдардын сапарга чыгуусу тууралуу суроо бергендер да жоопту Элвистин аялдын сапарга чыгуусу тууралуу берген суроосуна жооп берилген жалпы жооптон таба алысыңар.

**Жооб**: ассаламу алейкум рахматуллоохи уа баракаатуху

Силердин суроонор бири-бирине байланыштуу бир жактама суроолор, ошондуктан бардык суроого төмөнкү негизде жооп берүү мүмкүн:

1. Аял бир күн бир түндөн ашык аралыкка махрамы жок сапарга чыгуусу мүмкүнбү?
2. Бир күн бир түндүк сапардын аралыгын белгилөө мүмкүнбү. Мисалы, төө менен сапарга чыгуунун ылдамдыгы жөө же учак менен сапар кылуудан айырмасы болот... Мисалы, аны 50 километр деп белгилей турган болсок жана аны махрамы болушу шарты менен убакыт менен эмес, аралык менен эсептелиши мүмкүнбү?
3. Махрам аялды максат кылынган жерине жеткиргенден кийин аялды өз иштерин бүтүрүшү үчүн ал жакта жалгыз калтырып, өзү кайра мекенине кайтып кетүүсү мүмкүнбү? Же аял иштерин бүтүргөнгө чейин ал жакта калышы зарылбы?
4. Бир күн бир түндүк сапар маселеси аялдын ажылык кылуу сапарын да камтыганбы? Башкача айтканда, аялдын сапары бир күн бир түндөн аз болсо, ал ажылыка махрамы жок баруусу мүмкүнбү? Же аралык жана убакыт канчалык болбосун аялды ажылыкта махрамы коштоп жүрө турган өзүнүн өкүмү барбы?

Булардын жообу – Аллахтын тофыкы менен – төмөнкүчө болот:

Биринчи: эгер, аялдын сапары бир күн бир түндүк боло турган болсо, анда махрамы менен бирге чыгуусу ваажиб. Шарий далилдерден ушул маани түшүнүлөт. Алар төмөнкүлөр:

- Бухаари риваяты, Абу Хурайра ﵁дан, Пайгамбар ﷺ айтты: “Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирген аялдын бир күн бир түндүк аралыктагы сапарга махрамы жок чыгуусу арам, бир гана махрамы менен чыгуусу мүмкүн”. Дагы бир риваята Аби Саиьд Ал Худрийден “эки күн” деп келген. Ибн Умардын риваятында “үч күн” деп келген.

- Муслим риваяты, Абу Хурайра ﵁дан, Пайгамбар ﷺ айтты: “Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирген аялдын бир күн бир түндүк аралыктагы сапарга махрамы жок чыгуусу арам, бир гана махрамы менен чыгуусу мүмкүн”. Аби Саиьд Ал Худрий ﵁нун риваятында “эки күнчөлүк аралык” деп келген. Анын дагы бир риваятында “үч күн жана андан ары” деп келген.

- Тирмизи риваяты, ал бул хадисти хасан сахих деген, Саъид бин Аби Саъидден жана ал атасынан, Абу Хурайра ﵁дан айтты: Пайгамбар ﷺ айтты: “Аял бир күн бир түндүк аралыкты бир гана махрамы менен сапар кылуусу адал”.

- Ибн Хибаандын сахихинде Саъид бин Аби Саъид Макбурийден, Абу Хурайра ﵁дан. Пайгамбар ﷺ айтты: “Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирген аялдын бир күн бир түндүк аралыктагы сапарга махрамы жок чыгуусу арам, бир гана махрамы менен чыгуусу мүмкүн”. Аби Саъиддин дагы бир риваятында “эки күн” деп келген.

- Ахмад риваяты, бизге Вакииъ айтты: бизге Ибн Аби Зиъбин Саъид бин аби Саъидден, ал атасынан, ал Абу Хурайра ﵁дан айтты: Пайгамбар ﷺ айтты: “Аял бир күн бир түндүк аралыкты бир гана махрамы менен сапар кылуусу адал”. Аби Саъид Ал Худрий ﵁нун риваятында “эки күндүк аралыктагы” деп келген.

- Абу Дауд риваяты, бизге Кутайбату бин Саъид Сакофийден айтты, бизге Лайсу бин Саъд Саъиид бин Аби Саъииден айтты, ал атасынан, ал Абу Хурайра ﵁дан айтты Пайгамбар ﷺ айтты: “Мусулман аялдын бир күн бир түндүк арылыктагы сапарды бир гана эркек махрамы менен сапар кылуусу адал”.

Бул далилдерден төмөнкүлөр айкын болот:

1. Сапардын аралыкка эмес, убакытка байлануусу, сахих насста келгендей, аял махрамы жок бир күн бир түндүк (24 саат) убакытчалык аралыкка жалгыз сапар кылуусу арам. Мындан көрүнүп тургандай, далилдер “бир күн бир түн” деп аралык эмес, убакытка далаалат кылып жатат. Эгер, аял миң километрлик аралыкты учак бир күн бир түнгө жетпеген аралыкта сапар кылып, кайра кайтып келе алса, анда ал бул сапарында махрамы жок барып келсе болот. Ал эми, жыйырма километр аралыкка жөө сапарга чыгып, ал бир күн бир түндөн ашык убакытка

созула турган болсо, анда ал бул сапарында махрамы менен чыгуусу ваажиб.

- Бул жерде этибарга ала турган нерсе аялдын махрамсыз сапарга чыгуусунда аралык эмес, убакыт эсепке алынган. Ал бир күн бир түндүк убакыт. Аралык канчалык алыс же жакын болушунун айырмасы жок, убакыт эсепке алынат. Аял бул убакыт аралыгында сапар кылган жерине барып калбастан кайтып келе алса, анда бул учурда махрамы жок сапар кылып келүүсү толук мүмкүн.

2. Ал эми, Бухаари, Муслим, Тирмизи, Ахмад, Ибн Хибан риваятарында келген “үч күн, же үч түн, же эки күн, же бир күн бир түн” убакыттар жөнүндөгү келген шарий далилдердин ортосун жамдаштырууда эң аз убакытка этибар каратылат. Тактап айтканда, аялдын сапар кылуусунда бир күн бир түндөн ашык убакытта махрамы менен гана сапар кылуусу мүмкүн. Башкача айтканда, аял бир түндүк сапар кылуусу болбойт. Аялдын махрамы жок “бир түндүк” сапар кылуусу мүмкүн эместиги эки күн же үч күн сапар кыла албастыгын билдирет. Араптар түн сөзүн толук бир күн бир түнгө карата колдонушат. Аллах Марям сүрөсүндө мындай дейт: “Айтты сенин белгиң адамдарга (толук) үч түн сүйлөбөшүң керек”. Али Имраан сүрөсүндө мындай дейт: “Айтты сенин белгиң адамдарга (толук) үч түн сүйлөбүшүң керек. Бир гана белги берүү (менен)”. Бул эки аятта “үч түн” сөзү “үч күнгө” карата колдонулат. Арабтар айтат: “Өткөн айдагы ушул түнү ушундайды жаздым эле”. Башкача айтканда, өткөн күнү дегенди билдирет. Ошондуктан, арабтар түн сөзүн толук бир күнгө карата колдонушкан.

Ошол себебтен улам, аялдын бир түндүк жолду бир гана махрамы менен сапар кылуусу мүмкүн. Мына ушул басымдуу пикир биздин “Ижтима түзүмү” китебинде табаний кылган пикир болуп саналат.

Үчүнчүдөн: аралык тууралуу келген далилдер:

Бул жерде Абу Дауддан сапардын аралыгынын “бариид” өлчөмү менен сапарды убакытка эмес, аралыка байланыштырганы тууралуу риваяттар келген: бариид төрт фарасих болот. Тактап айтканда, “22 км”, ал риваятта “бир күн бир түн” деп сапарды убакыт менен байланыштырган эмес. Убакыт менен байланыштырган риваяттын басымдуу боло турган себебтери бар, алар төмөнкүлөр:

1. Сапарды аралык менен байланыштыруу дегени сапардагы убакыттын эч кандай мааниси жок дегенди билдирет. Аял “22 км” аралыкты бир күндө же эки күндө басып өтүшүнүн айырмасы жок, бул аралыкты сапар кылышы үчүн махрамга муктаж болот... Ал эми, башка хадистерде келген сапарды бир күн бир түндүк убакыт менен байланыштырган риваяттар болсо, мейли аял жүздөгөн километр

аралыкты бир түн бир күн аралыгында сапар кылышында махрамга муктаж болгондугун түшүндүрөт...

Башкача айтканда, аралык тууралуу келген хадиске амал кылууу убакыт тууралуу келген хадиске амал кылууну жокко чыгарат. Убакыт тууралуу келген хадиске амал кылуу аралык тууралуу келген хадиске амал кылууну жокко чыгарат. Ошондуктан, бул жерде карама-каршылык пайда болот. Далилдер ортосунда карама-каршылык пайда болгондо басымдуу-күчтүү тарабына таянылат. Айкын болгондой, Бухаари, Муслим жана башкаларда келген хадистер сахих хадистер. Бул сахих хадистердин баары жалгыз Абу Дауддукуна “бариид” туралуу келген риваятына караганда басымдуу болуп саналат. Бул бир тараптан.

2. Башка тараптан Абу Дауддун “бариид” тууралуу келген риваятында ар түрдүүлүк бар. Ал төмөнкүдөй:

Бизге Юсуф бин Муса Жарирден, ал Сахиилден, ал Саъиид Аби Саъидден, ал Абу Хурайрадан айтты: Пайгамбар ﷺ айтты: “Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирген аял бариид аралыгын бир гана махрамы менен сапар кылуусу мүмкүн”.

Абу Дауддун өзү Саъид бин Аби Саъид, ал абу Хурайра رضي الله عنهдан төрт хадисти риваят кылган, анда бир күн бир түн деп келген. Ошондой эле, Абу Дауддун өзү Саъид бин Аби Саъиид, ал Абу Хурайра رضي الله عنهдан риваят кылган эки хадисинде биринчисинде “бир түн” экинчисинде “бир түн бир күн” деп келген.

Биз жогоруда айтып өткөн Абу Дауддун риваятында Абу Дауд риваятында бизге Кутайбату бин Саъиид Сакофий айтты, бизге Лайсу бин Саъд, ал Саъид бин Саъидден, ал атасынан, ал Абу Хурайра رضي الله عنهдан айтты: Пайгамбар ﷺ айтты: “Мусулман аялдын бир түндүк аралыкты бир гана махрамы менен сапар кылуусу мүмкүн”.

- Бизге Абдуллоо бин Масламата Нуфайлий, ал Мааликтен айтты, бизге Хасан бин Али, ал Бишру бин Умардан, ал Мааликтен, ал Саъид бин Саъиидден айтты, Хасан айтты: анын хадисинде ал атасынан кийин Абу Хурайра رضي الله عنهдан экендигин маакулдашкан. Пайгамбар ﷺ айтты: “Аллахка жана анын акырет күнүнө ыйман келтирген аялдын бир түн бир күн сапар кылышы болбойт”. Абу Дауд айтты: Куънабий жана Нуфайлий ал атасынан экендиги айтылган эмес. Аны Ибн Вахбин риваят кылды. Усман бин Умар Мааликтен ошондой эле Куьнабий айтты бизге Юсуф бин Муса, ал Жарирден, ал Сахиилден, ал Саъид бин Аби Саъиден, ал Абу Хурайрадан айтты: Пайгамбар ﷺ ушундай мааниде айткан бирок “бариидди” айткан.

- Абу Дауддун Саъид бин Аби Саъидден кылган риваятында “Бирде атасынан айтса, бирде өзү эле түзмө-түз айткандыгы” риваят

кылынган. Абу Хурайрадан риваят кылган хадисинде убакыт “бир күн бир түн”гө байлаган... Маалым болгондой, Ахмад ушул эле иснад менен Саъид бин Аби Саъид ал атасынан, ал Абу Хурайрадан риваят кылган хадисинде “толук бир күндү” айткан. Абу Дауддун жалгыз риваятында ушул эле иснад менен Саъид бин Аби Саъид ал атасынан, ал Абу Хурайрадан риваят кылган хадисинде “барийд”ди айткан.

- Абу Хурайра ﷺ Саъид бин Аби Саъидке же “атасына” баридди эмес, бир күн бир түн деп айткан риваяты басымдуу болуп эсептелет.

- Ошол себебтен улам, биздин “Ижтима түзүмү” китебинде “Бир күн бир түн”, башкача айтканда “Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирген аялдын бир түндүк аралыкты бир гана махрамы менен кылуусу мүмкүн” деген риваятка сүйөнүлүп басымдуу пикир катары берилген.

3. Ошондуктан бул нерселерден төмөнкүлөрдү корутундулап айтууга болот:

- Биз басымдуу пикир деп айтып жатабыз. Биз аны бир гана ушул катъий далил деген жокпуз...

- Экинчи, биз аялды бир түн бир күнгө жетпен убакытта махрамы жок сапар кылуусу мүмкүн дедик, аны ваажиб деген жокпуз. Ошондуктан, эгер аял жарым күндүк сапарын да махрамы менен гана сапар кылам десе, ал сапарын махрамы менен кыла берет. Бул жердеги маанилүү нерсе, бир түндүк аралыктагы сапарын бир гана махрамы менен кылуусу ваажибтигинде.

- Үчүнчүдөн, хадис аялды сапар кылган учурда махрамы коштоп жүрүүсүн шарт кылды. Башкача айтканда, аялдын коопсуздугу камсыздалышы лаазымдыгы жаатында. Ошондуктан, эгер аял сапар кыла турган жери анын коопсуздугуна кооп-коркунуч жаратса, ал жерге жарым саат болсо да махрамы менен гана сапар кылышы ваажиб болот. Анткени, аялдын коопсуздугу өзүнчө шарт болуп саналат...

- Төртүнчүдөн, аял сапарга – ал кандай гана сапар болбосун айырмасыз – ал тургай шарият уруксат берген махрамы болсо дагы бир гана күйөсү же валийи уруксат берсе гана сапар кыла алат.

- Үчүнчүдөн: жогоруда айтылган нерселерде сапарда аялдын махрамы тууралуу жооп болду. Ал эми, аялдын сапар кыла турган жерине жеткенден кийин ал жерде туруктуу орун албаса, балким соода сатык, же окуу курстары, же зыярат, же дарылануу үчүн барса, аял иштерин бүтүргүчөктү аны менен махрамы бирге калышы керекпи же аял махрамы жок эле ал жакта жалгыз калуусу мүмкүнбү, деген суроого келсек:

Анын жообу – Аллахтын тофыкы менен – төмөнкүчө:

Бул маселе боюнча терең пикир жүргүзүлгөндөн кийин төмөнкү нерселер айкын болот:

1. Биз жогоруда назар салып өткөн хадистер махрам “сапар” сөзүнө жана “аралыгына” тартиптешилген. Ал эми “аралык” сөзүнүн мааниси сапар арасындагы максат кылынган жерге жеткенге чейинки аралыкты билдирет. Ал эми, сапар сөзү ал да тилдеги мааниси максат кылынган жерге жеткенге чейинки аралыкты билдирет:

Мухаммад бин Мукрим, Жамаалу Дин ибн Манзуур Ансорийге (хижрий 711-жылы каза болгон) таандык “Лисаанул араб” (араб тили) китебинин 367/4 бөлүмүндө мындай келген: “Сапар – бул жерде болуунун каршы манисинде. Ал барып келүү маанисин билдирет. Сапардын көптүк түрү асфаар, сафрун, мусаафируун болуп баардыгы бир маанилеш. Хадисте Пайгамбар ﷺ Мекке элине айтты: “Эй бул жердин элдери, силер төрт рекет кылып окугула, мен сапардамын”. (цитата бүттү). Маалым болгондой, Таброний “Кабиир” китебинде бул хадисти эки жол менен риваят кылган:

Биринчиси: Имраан бин Хусайн айтты: “Пайгамбар ﷺ сапар кылганда кайтып келгенге чейин эки рекет кылып гана окуган. Меккеде он эки күн турду. Ал киши эки рекет окуп кийин мындай деди: “Эй Мекке эли, туруп эки рекет окугула, мен сапардамын”.

Экинчиси: Имраан бин Хусайн айтты: Пайгамбар ﷺ менен казатта бирге болдум. Ал киши Мадинага кайтып келгенге чейин экиден рекет гана окуду. Ал киши менен ажылыкта бирге болдум, ал киши ал жактан кайтканга чейин экиден гана рекет окуду. Пайгамбар ﷺ Меккеде он сегиз түн болду жана экиден гана рекет окуду. Кийин минтип айтчу: “Эй Мекке эли, намазыңарды толуктагыла, мен сапардамын”. (“Муъжамул кабиир”, Табароний).

Мажиддин Абу Тоохир Фиируз Абадка (хижрий 817-жылы каза болгон) таандык “Комус мухит”тин 408-бетинде мындай келген: “Сапар кылган киши, сапар кылган жамаат, сапар кылуучулар, булардын баардыгы бул жерде тургандын каршы маанисинде”. Абу Наср Исмаил Жавхарий Ал Фарабийге (хижрий 393-жылы каза болгон) таандык “Сихааху тааж лугату уа сихаахул арабия” китебинин 685/2 бөлүмүндө мындай келген: “Сапар – аралыкты басып өтүү. Көптүгү асфаар”.

Зайнудин Абу Абдулоох Мухаммад бин Аби Бакр Роозиге (хижрий 666-жылы каза болгон) таандык “Мухтаару сихаах” китебинин 148-бетинде мындай келген: “Сапар – аралыкты басып өтүү. Көптүгү асфаар”.

2. Ошондуктан, махрамдын коштоп жүрүүсүнүн ваажиптигин билдирген хадистердеги маани “сапар учурундагыны” түшүндүрөт. Башкача айтканда, жогоруда айтып өткөнүбүздөй сапар жолундагы учурду түшүндүрөт. Сапар максат кылынган жерге жеткенден кийинки учурду түшүндүрбөйт, бир гана ошого гана таандык насс келсе, ошондо гана ошол нерсени түшүндүрөт. Сапар кылган адамдын көздөгөн жерине

жеткенден кийин намазды кыскартуу, орозону ачуу тууралуу насс келген. Бирок, бир шарт менен ал жерде ал туруктуу оорун албаса гана намазын кыскартып окуса, орозосун ачса мүмкүн. Бул жерде да сапар кылган адам көздөгөн жерине жеткенден кийин намазын кыскартуусу жана рамазан айындагы орозосун ачуусу боюнча да фукахалар ортосунда талаштар бар. Мисалы, алардын кээ бири мындай дейт: “Сапар кылган адам көздөгөн жерине жеткенден кийин төрт күн аралыгында намазын кыскартып рамазан айындагы орозосун ачса болот”. Кээ бири болсо 15 күн дешет. Кээ бири болсо сапардагы иши бүткөнгө чейин дешет. Бирок, бул нерселердин баардыгы сапарда намазды кыскартуу жана рамазан айындагы орозосун сапар учурунда ачуу тууралуу келген ушул эки нерсеге таандык шарий далилдер болуп саналат. Бул фикх китебтеринде маалым. Ал эми, сапар болсо, биз жогоруда айтып өткөндөй бул жол басып өтүүнү гана түшүндүрөт, андан башкага өтпөйт.

Төртүнчү: көздөгөн жерге жетүү.

1. Бул өзүнчө маселе жана анын өкүмү да өзүнчө. Башкача айтканда, жолду басып өтүүдөгү өкүмгө байланышпаган өзүнчө өкүм. Ал өкүмдөр жолду басып өтүүгө байланыштуу өкүмдөр жол аягына чыккан соң көздөлгөн жерге жеткен болот. Ал жерде жаңы маселе пайда болот. Анын өкүмү жолдун өкүмүнөн башка болот. Ал махрамга муктаждык жаралган сапардын узак болушу же махрамга муктаж эмес болгон сапардын кыска болушунун айырмасы жок, анын баянын төмөндө баяндайбыз, көздөлгөн жерге жеткендени кийинки өкүм жол басып өтүүдөгү өкүмдөн айырмаланат. Аял көздөгөн жерине жеткенден кийин ал жерде бир, же эки, же андан көп турушу күтүлөт. Ал ал жерде анын сапарынын мөөнөтү узак же кыска болушунун айырмасы жок, жеке да, коомго аралашкан учурда да коопсузудугун жана жеке жошоосун да коопсуздугун камсыздай туруктуу орунга (жайга) муктаж болот. Ошондуктан, сапарда жол жүрүү арылыгындагы өкүмдөн көздөлгөн жерге жеткенден кийинки турукту орун ала элек учурдагы өкүм башка болот. Аял ал жерге дарылануу, же окуу, же соода сатык иштери үчүн баруусу мүмкүн.

2. Ушуга негизделип сапар кылууда жол жүрүү аралыгындагы өкүм менен максат кылынган жерге жеткенден кийинки өкүм башка болот. Максат кылынган жерге жеткенден кийин туруктуу орун албаган учурдагы маселе негизинен ал жерде аялдын коопсуздугу камсыздалышы шарт. Башкача айтканда, аядын жашай турган жериндеги жана ал жерден сыртка чыккандагы коопсуздугу камсыздалышы шарт. Бул нерсе аялдын жеке жашоосундагы коопсуздугу камсыздалышын талап кылат, ал боюнча “Дастуур” китебинин 112-беренесинде келген: “Аял ал эне, үй кожейкеси жана намыс, ошондуктан ал корголушу ваажиб”, ошондой эле

берененин шархында келгендей аял сыртка чыгуусу үчүн күйөсүнүн же валийинин уруксаты керек. Аялдын жеке жашоосу бар, ага таандык шарий өкүмдөр да бар. Анын жеке жашоосунда ал жат эрекектерден корголушу керек жана күйөсү же махрамы менен гана бирге болушу шарт. Коомдук жашоодо жат эркектер менен жалгыз (хилвада) калбашы шарт жана бир гана шарият уруксат берген көрүнүштө коомдук жайларда башкалар менен аралашып жүрүүгө болот. Анын өзүнө таандык авратын жаба турган жана ачылып чачылып жүргөндөн тыя турган шарий кийим (жилбаб) бар.

3. Ушунун баары аялдын коопсуздугу камсыздалышын талап кылган нерселер. Ошондой эле, ал намыс болгондугу үчүн ал корголушу жана ага ылайыктуу чөйрө жаратып берүү ваажиб... Бул маселени тереңден карап чыккандан кийинки мендеги басымдуу пикир төмөндөгүчө:

А. Сапардагы көздөлгөн жер бир күн бир түндөн ашык жер боло турган болсо, башкача айтканда, махрам менен боло турган жер болсо, аял ал жерде иштерин бүтүрүү үчүн бир, же эки, же андан көп күн турууну кааласа, ал жерде махрамы менен болушу керекпи же жокпу, деген суроого келсек.

Жооб:

- Эгер, аял өзүнө кам көрө албагандай болсо, дарыланып жаткан же кичинекей болсо, анда ал учурда анын махрамы аны сапары учурунда да, көздөгөн жерине жеткенден кийин да, ал жердеги иштерин бүтүрүп үйүнө кайткычакты коштоп жүрүүсү шарт.
- Ал эми, акылы толук балагатка жеткен, өзүнө өзү кам көрө ала турган болсо, анын жообу төмөндөгүдөй:
- Эгер, аял сапарында көздөгөн жери даарул Ислам болсо, башкача айтканда Халифалыктын – мейли ал вилаяты же вилаяты болбошунун айырмасы жок – карамагындагы жер болсо, андай жерде Аллахтын жардамы менен аялдын коопсуздугу камсыздалган болот. Аял көздөгөн жерине жеткенден кийин анын махрамы ал жерде, эгер аялга караштуу махрамдар боло турган болсо, алардын жанынан жай алып, ал жакка жайгаштырат. Эгер, ал жакта аялга караштуу махрамдар жок болсо, анда момун соолих тааныш аялдар болсо, махрамы аялдын алар менен бирге туурусуна кадыржам болсо, анда анын махрамы аялды бир жай таап ошол тааныш бир же эки момун соолих аял менен бирге тургузат. Башкача айтканда, аялды жалгыз өзүн бир үйгө калтырбастан, жанына бир же эки момун соолих аялды шерик кылат. Эгер, ал жерде аялга караштуу махрам же тааныш момун соолих аялдар да жок болсо, анда анын махрамы Халифалык мамлекетинин аппаратындагы мамлекет жана вилаят ичиндеги саякатчыларды коопсуз турак-жай менен камсыз кылуу

башкармалыгынан жардам сурап кайрылат. Эгер, мамлекеттин башкармалыгы аялдын махрамы канаатана тургандай жай даярдап берсе, анда махрамы аялды максат кылган иштерин бүтүргүчөктү ал жерге жайгаштырат. Бул учурда аялдын махрамы аны менен бирге калышы же кайтып кетишинин айырмасы жок. Анткени, аялдын коопуздугу даарул Исламда камсыздалып жатат. Аялдын махрамы даарул исламда аны менен каалган учурда байланыша алат. Качан аял кайтууну каалаган учурда махрамы кайра келип аны алып кетет.

- Эгер, аял сапар кылган жерде аялга караштуу махрамдар же момун, соолих аялдар болбосо жана Халифалык мамлекетинин саякатчыларды коопсуз жай менен камсыз кыла турган башкармалык таап берген жайга да аялдын махрамы канаатанбаса, анда аялдын махрамы аны менен бирге калышы керек же аялды алып кетиши керек.

- Эгер, сапар кыла турган жер даарул ислам эмес, исламий өлкөлөр болсо, бул эки бөлүкө бөлүнөт.

- Биринчиси: эгер сапар кылына турган жер аймактагы кең бир исламий өлкөнүн ичинде болуп, сапар хадисте келгендей бир күн бир түн же андан ашык убакытты талап кылган болсо, анда аял көздөгөн жерине жеткенден кийин анын махрамы ал жерде эгер аялга караштуу махрамдар боло турган болсо, алардын жанынан жай алып ал жакка жайгаштырат. Эгер, ал жакта аялга караштуу махрамдар жок болсо, анда момун соолих тааныш аялдар болсо, махрамы аялды алар менен бирге туурусуна кадыржам болсо, анда анын махрамы аялды бир жай таап ошол тааныш бир же эки момун соолих аял менен бирге тургузат. Башкача айтканда, аялды жалгыз өзүн бир үйгө калтырбастан, жанына бир же эки момун соолих тааныш аялдарды ага шерик кылат. Аял ал жерде өз иштерин бүтүргүчөктү калат. Аны менен махрамы аз дегенде ар жумада байланыш каражаттары аркылуу байланышып турат. Эгер, аялга жардам керек болуп калса, анда махрамы ага барат. Аял өз иштерин бүтүргөндөн кийин сапар мөөнөтү бир күн түн же андан ашык убакытты талап кыла турганчалык болсо, махрамы кайра барып аны алып келет.

- Эгер , аял сапар кылан жерде аялга тааныш момун соолих аялдар жок болсо, анын махрамы аялдын иштери бүткүчөктү аны менен калышы керек болот жана аны менен бирге кайтып келет.

- Экинчиси: эгер аялдын сапары бир исламий өлкөдөн экинчи исламий өлкөгө кыла турган сапар болсо жана ал экөөнүн ортосу бир күн бир түндүк убакытты талап кылган аралык болсо, бул учурда аял көздөгөн жерине жеткенден кийин анын махрамы кайтып кетсе болот, бирок бир шарт менен:

- Аялдын махрамы сапар кылынган жерден аялга таандык махрам же тааныш момун соолих аялдар болсо, аларга табыштап жеке

коопсуздугун камсыздай тургандай жайгаштыршы керек. Башкача айтканда, аны жалгыз бир үйгө калтырбастан, махрам же тааныш момун соолих аялдар менен бирге тургузат. Махрам аялга жеке коопуздугун камсыздай турган жана өз иштери үчүн үйдөн тышка чыккан учурда, ошондой эле расмий эс алуу күндөрү да тышка чыккан учурларда да анын жеке коопсуздугу сакталышына кадыржам болуп, бул жайды ага ылайыктап бергенден кийин ал жакта бир жумача болот. Эс алуу күндөрү жума сайын болот, ошондуктан анын махрамы ал жакта бир жумача калуусу анын коопсуздугу камсыздалганына кадыржам болуусу үчүн, ошондуктан анын махрамы аз дегенде бир жумача калуусу керек. Бул менин басымдуу пикирим. Аял менен байланыш каражаттары аркылуу күндө байланышып турат. Аялдын иштери бүтөрү менен тезинен барып кайра алып кетүүсү шарт. Аял качан кайтууну кааласа, махрамы кайра барып аялды алып кетет.

- Эгер, аял сапар кылган жерде аялга таандык махрамдар же тааныш момун соолих аялдар жок болсо, анда анын махрамы тааныш момун соолих аялдарды тапкычакты ал жакта аны менен бирге турат. Кийин ал аны ошол тааныш аялдар менен бирге жайгаштырып, бир жумача ал жакта туруп турат, андан кийин кайтып кетсе болот.
- Эгер, аялдын сапар кыла турган жери исламий өлкө эмес болсо, анда каралат:
- Эгер, ал жакта аялга таандык махрам эрекектер болсо, алар менен бирге турат же аларга жакын жайгашат (кошуна болуп жайгашат). Башкача айтканда, анын махрамы аялдын жеке да, коомдук да жашоосунда анын коопсуздугу камсыз болгондугуна ынанышы керек. Же ал жакта аялдын аял махрамдары энеси, же эжеси, же тая эжеси болсо, анда ошолор менен бирге чогуу жайгашат. Аларга кошуна жайгашпайт, тескерисинче бирге чогуу жайгашат. Бул эки абалда аялдын махрамы анын коопсуздугунун камсыз болгондугуна ынангандан кийин кайтып кете бериши жайиз. Бирок, бир шарт менен, күйөсүнүн же атасынын макулдугу болуусу жана аял менен кайсы учурда болбосун байланыша ала турган мүмкүнчүктүн да болуусу шарт. Кийин аял ал жактан кайтууну кааласа сапар убактысы бир күн бир түн же андан ашык болсо, анын махрамы кайра барып аны коштоп алып келет.
- Эгер, жогоруда айтылган шартар жок болсо, анда аялдын махрамы аялдын иштери бүткүчөктү аны менен кошо калат жана иштери бүткөндөн кийин өз мекененине махрамы менен кошо кайтып кетет. Анткени, аялдын жеке коопсуздугу сакталышы талабы жана аял намыс катары болгондуктан, ал корголушу ваажиб. Бул талаптар исламий эмес жерлерде сакталбай калат, бир гана биз жогоруда баяндагандай аялдын жанында махрамы болушу менен гана сакталат.

- Эгер, сапардагы көздөлгөн максат кыска болуп, сапарда махрамдын болушуна муктаждык жаралбаса. Аял ал жерде бир же эки күн же үч күн калууну кааласа ... ушул учурда аялга кандай кылуусу керек болуп калат? Ал махрамга муктаж болобу?
- Жооб төмөнкүдөй:
- Эгер, аял сапар кыла турган жер даарул исламдагы анын вилаяты же вилаяты эмес, анын карамагындагы жер болсо, аял махрамы жок эле сапар кылса болот, эгер сапардын убактысы бир күн бир түнгө жетпесе. Аял ал жактан ошол эле күнү кайтпастан, ал жакта бир, же эки, же үч күн, же андан ашык калууну кааласа, анда ал жактагы өзүнө караштуу махрамдары же тааныш момун соолих аялдар менен бирге калса болот. Башкача айтканда, жалгыз бир үйдө калбайт. Бир шарт менен, аял ал жакта тааныш момун соолих аялдар менен бирге тура тургандыгы үчүн алдын ала валийинен же күйөсүнөн макулдук алган болушу керек.
- Ал эми, ал жакта махрамдары да, тааныш момун соолих аялдар да жок болсо, анда ошол эле күнү кайра кайтып келүүсү шарт. Же аны менен кошо махрамы да сапарга бирге чыгышы керек жана жогоруда баяндап өткөнүбүздөй анын махрамы ага коопсуз жай таап жайгаштырышы керек.
- Эгер, максат кылынган жер даарул ислам эмес аял өзү жашаган исламий өлкөдө болсо, сапардын убактысы бир күн бир түнгө жетпесе, анда махрамы жок эле сапарга чыкса болот. Аял ал жактан ошол эле күнү кайтпастан, ал жакта бир, же эки, же үч күн, же андан ашык калууну кааласа, анда ал жактагы өзүнө караштуу махрамдары же тааныш момун соолих аялдар менен бирге калса болот. Башкача айтканда, жалгыз бир үйдө калбайт. Бир шарт менен, аял ал жакта тааныш момун соолих аялдар менен бирге тура тургандыгы үчүн алдын ала валийинен же күйөсүнөн макулдук алган болушу керек.
- Ал эми, ал жакта махрамдары да, тааныш момун соолих аялдар да жок болсо, анда ошол эле күнү кайра кайтып келүүсү шарт. Же аны менен кошо махрамы да сапарга бирге чыгышы керек жана жогоруда баяндап өткөнүбүздөй анын махрамы ага коопсуз жай таап жайгаштырышы керек.
- Эгер, максат кылынган жер даарул ислам эмес, бирок өзү жашабаган исламий өлкөдө болсо, сапардын мөөнөтү бир күн бир түнгө жетпесе, анда махрамы жок эле өзү сапарга чыкса болот. Бирок, өз мекенинен башка мекенге сапар кылганда бажы көзөмөлүндөгү жараяндар болот. Ошондуктан, аз дегенде бир момун аял менен кошо жүрүүсү ваажиб. Башкача айтканда, аял менен кошо жүргөн аялдын да сапарлар бир максатта болушу керек. Тактап айтканда, экөө тең бир

максатта сапарга чыккан болушу шарт. Эгер, ал экөө ал жакта узак калууну каалашса, анда төмөнкү шарттардын негизинде калса болот:

- Ал жакта ал экөөнө таандык махрамдар бар болсо, ар бири өз махрамдары менен бирге турушат. Эгер, экөөндө тең аларга караштуу махрамдары жок болсо, анда өздөрүнө тааныш момун соолих аялдар болсо, алар менен бирге туруулары үчүн жогоруда баяндалган шартардын негизинде валийлеринен же күйөлөрүнөн маакулдук алган болуулары шарт.
- Эгер, ал шарттар табылбаса, башкача айтканда ал жакта экөөнө таандык махрамдар жана тааныш момун соолих аялдар да жок болсо, ошол эле күнү кайра кайтып келүүлөрү шарт.
- Эгер, максат кылынган жер исламий өлкө эмес, даарул куфр болсо, бул учурда жогоруда айтылып өткөндөй, узак сапарда аял махрамы менен бирге чыга турган абалдагыдай: аял менен бирге анын күйөсү, же валийи, же махрамы бирге сапарга чыгуусу ваажиб.
- Бешинчи: аялдын сапарга чыгуусунда анын сапары узак мөөнөттүү же кыска мөөнөттүү болушунун айырмасы жок, көздөлгөн жерге жеткенден кийинки анын коопсуздугу камсыздалышы үчүн ага коопсуз жай таап берүүдө биз таянган далилдерди кайталап өтөмүн:
- Ушуга негизделип сапар кылууда жол жүрүү аралыгындагы өкүм менен максат кылынган жерге жеткенден кийинки өкүм башка болот. Максат кылынган жерге жеткенден кийин туруктуу орун албаган учурдагы маселеде негизинен ал жерде аялдын коопсуздугу камсыздалышы шарт. Башкача айтканда, аядын жашай турган жериндеги жана ал жерден сыртка чыккандагы коопсуздугу камсыздалышы шарт. Бул нерсе аялдын жеке жашоосундагы коопуздугу камсыздалышын талап кылат
- “Дастуур” китебинин 112-беренесинде мындай делген: “Аял ал эне, үй кожейкеси жана намыс, ошондуктан ал корголушу ваажиб”, ошондой эле берененин шархында келгендей аял сыртка чыгуусу үчүн күйөсү же валийинин уруксаты керек. Аялдын жеке жашоосу бар, ага таандык шарий өкүмдөр да бар. Анын жеке жашоосунда ал жат эрекектерден корголушу керек жана күйөсү же махрамы менен гана бирге болушу шарт. Коомдук жашоодо жат эркектер менен жалгыз (хилвада) калбашы шарт жана бир гана шарият уруксат берген көрүнүштө коомдук жайларда башкалар менен аралашып жүрүүгө болот. Анын өзүнө таандык авратын жаба турган жана ачылып чачылып жүргөндөн тыя турган шарий кийими (жилбаб) бар.

Ушунун баары аялдын коопсуздугу камсыздалышын талап кылган нерселер. Ошондой эле, ал намыс болгондугу үчүн ал корголушу жана ага ылайыктуу чөйрө жаратып берүү ваажиб... Бул маселени тереңден

карап чыккандан кийинки мендеги басымдуу пикир ушул. Аллах билүүчү жана өкүмдар.

Алтынчы: ажылык, ажылыкта махрамы болушу төмөнкү далилдер менен басымдуу:

Буаари риваяты, Ибн Аббас رضي الله عنهما дан айтты: Пайгамбар ﷺ айтты: “Аял бир гана махрамы менен бирге сапар кылсын. Ага бир да жат эркек кирбесин, бир гана махрамы бар учурда кирсин”, бир адам туруп айтты: “Я Расулуллох, мен ушундай казаттарга чыгууну каалаймын, аялым болсо ажылык кылууну каалап жатат”. Пайгамбар ﷺ айтты: “Аны менен бирге чык”.

- Ибн Хажар “Фатхул баари” китебинде ушул хадистин шархында: “Даарукутний риваят кылды, аны Абу Аваната Бин Журайхин, ал Амр бин Динаар жолу аркылуу аны бул сөз менен сахихке чыгарды: “Аял бир гана махрамы менен ажылык кылсын”.
- Ушул эки хадис ажылык боюнча келген хадистер. Бул хадистерде сапардын мөөнөтү жана ага байланыштуу да айтылган эмес. Балким аялдын сапарынын узактыгынан тышкары ажылык сапарында махрамы болушун шарт кылган. Ажылык сапарындагы кыйынчылык жана ажылык жөрөлгөлөрүн да аткаруудагы кыйынчылык аялга кыйынчылык туудурат. Ошондуктан, аял ажылык жөрөлгөлөрүн аткаруусуна жардам бере турган бирөө болушу керек.
- Бул жерде Шаафи, Имам Малик сыяктуу кээ бир фукахалар ажылыкты аял момун аялдар жамааты менен бирге аткаруусун дурус деп карашат. Кээ бирлери, Имам Малик сыяктуулар ажылык сапарында да момун аялдар жамааты менен баруусун жайиз дешет. Бирок, басымдуу пикир аралык алыс же жакын болуштугуна карабастан, ажылыкта аялдын махрамы болушу керек. Аллах билүүчү жана өкүмдар.

27-сафар, 1440-х.
5-ноябрь, 2018-м.

## Аялдын сапарга чыкканда каср намазы жана орозосу

**Суроо**: Сапарга чыккан адамдын намазды каср кылышына жана орозо айында оозун ачышына уруксат бере турган белгилүү бир аралыктын бар экендиги баарыбызга белгилүү. Бул аралык самолётто өтүлөбү, же улоодо өтүлөбү, же болбосо жөө өтүлөбү, баары бир бул өкүм өзгөрбөйт. Бул өкүм аял киши махрамсыз сапарга чыкканда да ушундайбы? Т.а. аял киши ошол белгилүү бир аралыкты самолётто, же автомобилде, же болбосо, жөө басып өтсө, ага бул аралыкка махрамы менен гана сапар кылууга туура келеби?

**Жооп**: Каср намазы тууралуу келген нусустар өз мазмунунда аялдын махрамы менен сапар кылышы тууралуу келген нусустардан айырмаланат. Каср намазы тууралуу келген нусустар аралыкка тиешелүү, ал эми, аялдын сапары тууралуу келген нусустар болсо заманга (убакытка) тиешелүү. Бул нерсе нусустардын тадаббурунан (нусустарды көрүп чыгуудан) билинип турат.

Биринчиден: Расулулла ﷺдын хадисинде: «Аллага жана кыямат күнүнө ыйман келтирген аял бир түнү-күндүк аралыкка сапар кылышы адал болбойт, эгер аны менен бирге махрамы болсо гана адал болот», - делген.

1. Бул хадис аял кишинин толук бир күн (т.а. 24 саат; бир күн-бир түн) мөөнөткө махрамсыз сапар кылышынын арамдыгына далалат кылып жатат.

2. Бул хадистин мааниси аралыкка эмес, убакытка далалат кылып жатат. Демек, эгер аял киши самолёт менен 1000 километрге сапар кылса жана бир күнү-түндүк мөөнөткө калбастан кайра келсе, бул аялга ушул сапар жайыз болот (т.а. аял мындай сапарга чыкса болот). Ал эми, аял жөө абалда 20 километрге сапар кылса жана бул сапарга бир күнү-түндөн (суткадан) көбүрөөк убакыт кетсе, анда аялдын мындай сапарга махрамсыз чыгышы арам болот.

Экинчиден:

1. Намазды каср кылуу жана орозодо оозду ачуу тууралуу келген нусустар өз ичине аралыкты алган (4 барид - 89 километрдин айланасында). Намазды каср кылууда аралык этибарга алынат. Кимде-ким мына ушул аралыкка самолётто, же пароходдо, же автомобилде, же болбосо, жөө абалда сапарга чыкса, бул сапардын убактысы канча болушуна карабастан, намазды каср кылып окушу жайыз болот.

2. Аял кишинин махрамсыз сапар кылышында заман (убакыт) этибарга алынат, аралыктын канча болушуна каралбайт. Аял бир сутка бою ал жерде турбаса, балким, сапар кылып, бир сутка өтө электе кайтып келсе, анда аялдын аерге махрамсыз барышы жайыз болот. Анткени,

аялдын сапары тууралуу келген нусустардагы өкүм заманга тиешелүү (т.а. бир сутка).

Ал эми, каср намазына жана оозду ачууга келсек, убакыттын аз же көп болушуна карабастан, этибар аралыкка каратылат. Анткени, каср намазы жана ооз ачуу туурасында келген нусустарда өкүм аралыкка тиешелүү (т.а. 4 барид - 89 километр айланасында).

15-шаввал, 1425-х.
27-ноябрь, 2004-м.

## Саякат сапары тууралуу

**Суроо**: кээ бир туугандар же достор, мисалы, деңиз саякаты үчүн ижарага автобус алышат. Аялдар, эркектер жана балдар автобуска отурушат. Жээкке жетип келишкен соң, аялдар башка, эркектер башка жайларга бөлүнүшөт. Ушул иш мүмкүнбү? Саякатчылык сапарлары да ушуга окшойбу?

Муну түшүндүрүп беришиңизди суранабыз.

**Жооп**:

1. Ырас, ижарага алынган автобуска умумий жай (жамаатчылык транспорту) деген өкүм дал келген соң, эркектер жана аялдардын ага чыгышы мүмкүн. Бирок, алар бири-бири менен аралашпай, өз-өзүнчө отурушат. Т.а. махрамы же ахлинен болбогон эркек жанында отурган ажнабий аял аны менен сүйлөшпөйт. Ошондуктан, аял эри, ахли, махрамдары менен сапар кылышы мүмкүн, же автобуста бардык аялдар эркектерден ажыратылып, өздөрү сүйлөшүп кетүүлөрү мүмкүн. Бирок автобуста ахли же махрамы болбогон жат киши жанында отуруп калса, аны менен сүйлөшүшү мүмкүн эмес. Себеби, адатта сапарда өз ара сүйлөшпөй кетүү кыйын. Ошондуктан, өз ара сүйлөшүү кыйын болбошу үчүн аял өз ахли, махрамдары менен, же болбосо, аялдар эркектерден ажыратылган абалда отуруулары керек. Бул автобуста сапар кылуу учурундагы абал. Жээкке жетип келинген соң – сурооңузда айтып өткөнүңүздөй – эркектерден бөлүнүп башка-башка отурушат.

Саякат сапарларында да кудум ушундай болот.

23-жумадус-саний 1426-х.
29-июль 2005-м.

## Аял кишинин махрамсыз менчик унаага отурушу

**Суроо**: аял кишинин махрамсыз менчик (шахсий) автомашинага отурушу – эгер, айдоочу өз эринин тааныштарынан болсо – жайызбы?

**Жооп**: 1. Менчик автомашинанын өкүмү үйдүн өкүмү сыяктуу. Себеби, мындай автомашинага отуруу үчүн да уруксат керек болот.

2. Ошондуктан, автомашина да кудум үйгө окшоп, анын махрамдары же эри болсо гана аял менен бирге отуруу жайыз болот. Болбосо, жайыз болбойт.

3. Мындан бир гана үйлөр туурасындагы насс истисна кылган нерсе гана мындан мустасна. Мисалы, жакындарга – алар таяке сыяктуу махрам болобу, же таякенин уулу сыяктуу намахрам болобу, эч айырмасыз (болгону, аял таякенин уулу менен хилватта жалгыз калышы жайыз эмес) – силайи рахм кылуу (алар менен тууганчылыкты байлоо) сыяктуу. Демек, силайи рахм жөнүндө жалпы насстар келгендиги үчүн: махрамдарга силайи рахм кылуу важып жана намахрамдарга – алар менен хилватта жалгыз калбастан – силайи рахм кылуу мандуб болгондуктан, мисалы, айт майрамында же ушуга окшогон салтанаттарда туугандарды зыярат кылуу жайыз.

Үйдө эркек менен аялдардын чогуу болушуна уруксат бере турган насс мавжуд болгон башка ар кандай абалда ушундай болот.

4. Менчик транспорт (т.а. үй сыяктуу уруксат суроо керек боло турган транспорт) туурасында башка бир истисна да келген. Ал да болсо аял кишинин мындай транспорт каражатына анын айдоочусу менен бирге – эгер айдоочунун ага кандайдыр бир тууганчылыгы болсо – отурушунун жайыздыгы. Болгону, аял кишинин аны менен жалгыз калбашы шарт. Тескрисинче, автомашинада бул аялдын тааныштары, же айдоочунун тааныштары – алар махрам болобу же жокпу, эч айырмасы жок – болушу керек.

Бул истисна далили Асма ﵂ рыбаят кылган жана Бухарий Асма бинт Абу Бакр ﵄ аркылуу чыгарган ушул хадис. Асма айтты:

«تَزَوَّجَنِي الزُّبَيْرُ... وَكُنْتُ أَنْقُلُ النَّوَى مِنْ أَرْضِ الزُّبَيْرِ الَّتِي أَقْطَعَهُ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ عَلَى رَأْسِي وَهِيَ مِنِّي عَلَى ثُلُثَيْ فَرْسَخٍ فَجِئْتُ يَوْمًا وَالنَّوَى عَلَى رَأْسِي فَلَقِيتُ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ وَمَعَهُ نَفَرٌ مِنَ الْأَنْصَارِ فَدَعَانِي ثُمَّ قَالَ إِخْ إِخْ لِيَحْمِلَنِي خَلْفَهُ فَاسْتَحْيَيْتُ أَنْ أَسِيرَ مَعَ الرِّجَالِ وَذَكَرْتُ الزُّبَيْرَ وَغَيْرَتَهُ وَكَانَ أَغْيَرَ النَّاسِ فَعَرَفَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ أَنِّي قَدْ اسْتَحْيَيْتُ فَمَضَى»

«Зубайр мага үйлөндү... Мен Зубайрга караштуу жерден курма данектерин башыма коюп ташычу элем. Бул жерди Зубайрга Расулулла ﷺ бөлүп берген эле. Ал жер менден үчтөн эки фарсах алыстыкта эле. Бир күнү башыма данектерди коюп келе жатып, Расулулла ﷺга жолугуп калдым. Ал киши менен бирге бир нече ансарлар да бар эле. Пайгамбарыбыз мени чакырды, кийин мени учкаштырмакчы болуп, «их»

деп, төөнү чөктүрдү. Мен эркектер менен бирге кеткени уялдым жана Зубайрды, анын кызганчактыгын эстедим. Ал аябай кызганчак адамдардан эле. Ошондо Расулулла ﷺ менин уялганымды билип, өтүп кете берди...». Фарсах үч милге жакын т.а. 5,5 километрге жакын аралык.

Бул хадистен төмөндөгүлөр түшүнүлөт:

Расул ﷺ Асмага төөсүнүн артына учкашууга уруксат берди. Пайгамбарыбыз ﷺдын төөсү болсо жалпы эмес, балким, менчик улоо эле.

Расул ﷺ бир канча сахабалар – алардан Алла ыраазы болсун – менен бирге кербенде бара жаткан эле.

Бул хадистен анык көрүнүп тургандай, сапар кыска т.а. махрам болушун важып кыла турган алыс сапар болбогон.

Расул ﷺ ага (т.а. Асмага) төөсүн минип алышы үчүн токтотту. Себеби, анын Пайгамбар алайхис-салату ва салламга тууганчылыгы бар эле. Асма Расулулла ﷺдын аялы уммул муъминин Айша ؓнун сиңдиси эле.

Расул ﷺдын ага төөсүн токтотушунан бул аялдын Пайгамбарыбызды жакшы, толук таанышы түшүнүп алынып жатат, себеби, анын Пайгамбарыбызга тууганчылыгы бар эле. Эгер, аял кишинин эри менен улоо же менчик автомашина ээси ортосунда достук болсо, мындай аял да ушул өкүмгө кирет. Үйлөрдө (жеке турмушта) тамактануу темасы жөнүндө дос-туугандар катарына киргизген ушул аяти каримага ылайык ушундай болот. Алла Таала айтты:

﴿أَنْ تَأْكُلُوا مِنْ بُيُوتِكُمْ أَوْ بُيُوتِ آبَائِكُمْ أَوْ بُيُوتِ أُمَّهَاتِكُمْ أَوْ بُيُوتِ إِخْوَانِكُمْ أَوْ بُيُوتِ أَخَوَاتِكُمْ أَوْ بُيُوتِ أَعْمَامِكُمْ أَوْ بُيُوتِ عَمَّاتِكُمْ أَوْ بُيُوتِ أَخْوَالِكُمْ أَوْ بُيُوتِ خَالَاتِكُمْ أَوْ مَا مَلَكْتُمْ مَفَاتِحَهُ أَوْ صَدِيقِكُمْ﴾

*«(Эй момундар), силер өз үйүңөрдөн же атаңардын үйүнөн, же энеңердин үйүнөн, же ага-иниңердин үйүнөн, же эже-сиңдиңердин же абаңардын үйүнөн, же чоң апаңардын үйүнөн, же таякеңердин үйүнөн, же тайэжеңердин үйүнөн, же силер ачкычтарына ээ болгон үйлөрдөн же досуңардын үйүнөн (уруксат сурабастан) тамактануућарда силерге (күнөө жок)».* [24:61]

Дос деп ортодо чыныгы достук т.а. өз ара мээрим, сый болгон киши айтылат.

Тыянак: Аял кишинин менчик автомашинага отурушу – эгер айдоочунун ага кандайдыр бир тууганчылыгы болсо, же аялдын эри айдоочу менен чыныгы дос болсо – жайыз. Бир гана айдоочу менен жалгыз калбашы шарт т.а. айдоочу менен бирге башка ишенимдүү адамдар (аялдын же айдоочунун тааныштары) болушу керек. Себеби, Расул ﷺ менен бирге болгон кишилер Пайгамбарыбыз ﷺдын сахабалары эле. Ушуну да эсте тутуу керек, эгер, автомашинада аялдын же айдоочунун таныштарынан бир гана киши бар болсо, анда ошол бир киши аялдын махрамы болушу шарт. Бирок, автомашинада аял же айдоочунун бирден көп ишенимдүү тааныштары болсо мындан мустасна.

Бул далилдерди топтогондогу тыянак. Анткени, Расул ﷺ Асма жөнүндөгү хадисте айтылгандай, бир нече ансарлар менен бирге эле т.а. бирден көп кишилер эле. Алардын арасынан Асмага махрам болгондору жок эле. Бирок, Расул ﷺ бир хадисинде бир эркек менен хилватта (жалгыз ээн) калууну бир гана аял менен бирге анын махрамы болуу шарты менен жайыз деди, болбосо жайыз эместигин катъий айтты.

«لا يَخْلُوَنَّ رَجُلٌ بِامْرَأَةٍ إِلَّا وَمَعَهَا ذُوْ مَحْرَمٍ»

«Бир эркек бир аял менен эч качан хилватта калбасын. Илла, аял менен бирге анын махрамы болсо гана жайыз». (Бул хадисти Муслим чыгарган). Ушуга караганда, демек, эгер, бир жерде менчик автомашинада эркек жана аялдын болушуна уруксат бере турган абал болсо – мисалы, аялдын айдоочу менен кандайдыр бир тууганчылыгы болушу, же айдоочунун аялдын эрине достугу болушу сыяктуу – андай учурда хилватта жол койбоо же айдоочу, же аялдын ишенимдүү тааныштарынан бирден көп адамдар болушу менен, же аялдын бир махрамы болушу менен ишке ашат о.э. сапардын кыска болушу менен т.а. махрам болушун важып кыла турган узун болбошу менен ишке ашат.

18-рамазан, 1427-х.
10-октябрь. 2006-м.

## Аялдын айдоочулукту үйрөнүү үчүн унаага мугалим менен бирге олтуруусу

**Суроо**: аял киши айдоочулукту үйрөнүү үчүн автомашинага аны айдоону үйрөтүүчү мугалим менен бирге жубайысыз же махрамсыз, жалгыз өзү – айдоочулук үйрөтүлө турган автомашина шахсий эмес, умумий автомашина деген этибарда – отурушу жайызбы? Айдоочулукту үйрөтө турган мугалим махрамсыз же жубайысыз келген аялга айдоочулукту үйрөткөнү үчүн күнөөкөр болобу?

**Жооп**: туура, айдоочулук үйрөтүлө турган автомашина шахсий эмес, умумий автомашина болот. Бирок, бул учурдагы важып ушул, аял менен жубайы же махрамы болушу керек. Эгер, аял буга баш ийбесе күнөөкөр болот. О.э. айдоочулукту үйрөтүүчү мугалим, эгер, аялга анын махрамысыз үйрөтсө, ал да күнөөкөр болот.

Мунун баяны төмөнкүчө:

1. Алла Субханаху аял кишиге умумий турмушта бир канча иштерди кылууга уруксат берген (бул иштерде важып болгону, мандуб же мубахтары бар). Ошондуктан, аял бул иштерди умумий турмушта ылайыктуу көрүнүштө өтөө укугуна ээ.

Бул иштер эки бөлүктөн турат:

Биринчи бөлүк: Бул бөлүккө кирүүчү ишти өтөө эркектер менен аялдардын биргеликте бир жерде чогуу болууларын же алардын өз ара аралашуусунн талап кылбайт. Аралашуу дегени – бул жанаша туруу жана өз ара сүйлөшүү дегени.

Мисалы, көчөдө жүрүү, мечитке баруу, сейилдөө үчүн паркка... жана ушуга окшогон жайларга баруу. Бул иштерди өтөөдө аялдын эркек менен аралашуусу жайыз болбойт. Себеби, асл-негиз Исламдагы эркек жана аялдарга тиешелүү өкүмдөрдө келгендей, эркек жана аялдардын өз-өзүнчө бөлөк болуулары. Ырас, шарият аял кишиге өтөө уруксатын берген иш эркек жана аялдын аралаш болушун жана бир жайда чогуу болушун талап кылбаса, анда өкүм өз ордунда-негизинде кала берет т.а. аял киши көчөдө бара жаткан убакта, мечитке же туугандарыныкына же паркка... барган убакта жөөбү же (махрам болушун талап кылбай турган аралыктагы жайга) автомашинага отуруп барабы, бул ишти намахрам эркектер менен аралашпастан т.а. өз ара сүйлөшпөстөн өтөйт. Мисалы, автобуска чыкса жанындагы жат эркек менен сүйлөшүп турбайт, парк, бакка кирип сейилдеген убагында да эркектерге аралашпайт... Мындай умумий абалдарда аял менен махрамы бирге болушу зарыл эмес. О.э. парк, бакта аялдар үчүн өзүнчө жана эркектер үчүн өзүнчө өтмөк жолдору болушу да зарыл эмес же шаарда эркектер үчүн өзүнчө жана аялдар үчүн өзүнчө көчөлөр болушу зарыл эмес. Тескерисинче, өтмөк

жолдор жана көчөлөр бирөө болуп, ал жерден өтө беришет, бирок, жогоруда айтылган мааниде бири-бирине аралашпастан жүрүшөт.

Шарият аялга уруксат берген жана эркектер менен аялдардын бир жерде чогуу болушун талап кылбай турган бардык иштер мына ушундай болот.

Экинчи бөлүк: Бул бөлүккө кирүүчү ишти өтөө эркек жана аялдардын бирер максатта бир жайда чогуу болушун, топтолушун талап кылат.

Мисалы, соода-сатык, ижара, дабалоо, билим алуу жана билим берүүнүн айрым түрлөрү, жалпы илимий лекциялар, эгин-тегин же өнөр жай аркылуу мал-мүлктү өстүрүү... мындай абалдарда ушул турмуш үчүн чогуу болууну шарият белгилеп берген алкакта тартипке сала турган атайын өкүмдөр бар.

Мисалы, мечитте жамаат болуп намаз окуу эркек жана аялдардын топтолушун талап кылат. Ошондуктан, ага саптар өз-өзүнчө бөлөк болушу жөнүндө атайын өкүм бар. Бул өкүмгө ылайык эркектер алдыңкы сапта турушат, аялдар кийинки сапта турушат. Бирок, намазкандар арасында махрам болушу зарыл эмес.

Ажылык болсо, аны өтөө эркек жана аялдардын саптарга бөлүнбөй топтолушун талап кылат. Ошондуктан, ажылыктын эркек жана аялдарга тиешелүү белгилүү өкүмдөрү жолго коюлду.

Дабалоо белгилүү бир абалдарда эркектер жана аялдардын чогуу болушун талап кылат. Ошондуктан, бул эки нерсе үчүн өзүнчө атайын өкүм бар болуп, бул өкүмгө ылайык ооруган жайды – ал тургай, ал жай авратка кирсе да – көрүү жайыз.

Жана башка ушул сыяктуу...

2. Айдоочулукту үйрөнүү – эгер аялдар үчүн айдоочулукту үйрөтө турган атайын башка мугалим эжейлер жана эркектер үчүн атайын башка мугалимдер болушунун аргасы болбосо – эркек жана аялдардын үйрөнүү үчүн бир жайда болушун талап кылат. Ошондуктан, мындай абалдын ага тиешелүү өкүмдөрү изделет.

Айдоочулукту үйрөтүү вакыйлыгын үйрөнүп чыгуу менен төмөндөгүлөр айкын болот:

- Айдоочулукту үйрөтүү вакыйлыгы ушундан турат, анда бир гана үйрөтүүчү мугалим жана үйрөнүүчү аял гана болот. Бул вакыйлык ушуга чектелген. Себеби, максат айдоочулукту жамаатка эмес, бир жеке адамга үйрөтүү. Демек, эркек жана аялдардын топтолушуна себеп болгон бул максат ушул экөөсүнө гана (т.а. үйрөтүүчү мугалим жана үйрөнүүчү аялга гана) тиешелүү. Ал мечит же жалпы эл катыша турган лекциядагы абалга окшобойт. Себеби, мечит же лекцияларда эркек жана аялдардын топтолушуна себеп болгон максат көптөгөн кишилерди өз ичине алат. Демек, мечит же лекцияларда эркек жана аялдын хилватта жалгыз

калышы деген абал болбойт. Проблема бир гана эркек жана аялдардын орундук-сарптарын бөлөк-башка кылуу гана болот. Ошондуктан, бул жааттагы далилдер хилват жана махрам жөнүндө сөз жүргүзбөй, балким, орундук-саптарды бөлөк-башка кылуу туурасында келди.

Ал эми, автомашина айдоону үйрөтүү абалына келсек, мында эркек жана аялдардын топтолушуна себеп болгон максат экөөсүнө т.а. айдоочулукту үйрөтүүчү мугалимге жана үйрөнүүчү аялга тиешелүү болот. Ошондуктан, демек, хилват (эркек жана аялдын бир жерде жалгыз ээн калышы) ыктымалы күчтүү болот. Себеби, айдоочулукту үйрөтүү түрдүү жолдордо жүрүүнү талап кылат. Мындан тышкары, өз ара аралашуу т.а. топтолуп жанаша отуруу жана үйрөнүүнүн алдында өз ара сүйлөшүү абалы да жүзөгө келет. Ошондуктан, айдоочулукту үйрөтүү жөнүндө эркек жана аялдын жалгыз калышына таптакыр жол бербөө жана өз ара аралашууларына чек коюу зарыл. Бул болсо махрам менен болот. Себеби, Расулулла ﷺ мындай деди:

«لا يَخْلُوَنَّ رَجُلٌ بِامْرَأَةٍ إِلَّا وَمَعَهَا ذُو مَحْرَمٍ»

«Эркек киши аял киши менен эч качан хилватта калбасын. Бирок, аял менен бирге анын махрамы болсо гана жайыз». (Бул хадисти Муслим чыгарды). Ошондуктан, демек, айдоочулукту үйрөтүү үчүн автомашинага отурган убакта үйрөнүүчү аялдын жубайы же махрамы болушу важып. Булардын баары эгер аялдар үчүн айдоочулукту үйрөтө турган бирер аял болбосо, ушул абалга тешелүү өкүмдөр. Демек, үйрөтүүчү бирер аял болбосо, биз жогоруда айтып өткөн нерселер болот.

Тыянак ушул, аял кишинин айдоочулукту үйрөнүү үчүн аны үйрөтө турган мугалим менен бирге автомашинага отурушу жайыз. Болгону, мында бул аял менен бирге анын жубайы же махрамы болушу шарт. Ошондуктан, эгер, махрамы болбосо, аял да, айдоочулукту анын жубайы же махрамынын катышуусусуз үйрөтө турган мугалим да күнөөкөр болот.

Ушуну да ойлоп көрүү ылазым, аял киши умумий турмушта, бул турмуштун бардык абалдарында шарият белгилеп койгон өкүмдөргө ылайык, авраты шаръий кийим менен т.а. жилбаб жана жоолук менен бекитилген болушу важып.

18-рамазан, 1427-х.
10-октябрь, 2006-м.

## Парик кийүү жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Аллах сизди жакшылык менен сыйласын жана бул амалыңызды бизге пайдалуу кылсын. Бирок, урматтуу шейх, сиз суроонун ушул тарабына жооп бербедиңиз: Анын куллия өкүмү кандай? Т.а. эгер аял үйүндө болсо, парик кийиши жайизби же бул «чач улоочу жана улатуучунун» өкүмүн алабы?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Биз бул маселеге, парик кийүү зийнат эсептелгени үчүн парик кийип көчөгө чыгуу жайиз эмес деп жооп берип интернет бетибизде басып чыккан элек. О.э. ушуну да айтканбыз, жалпы турмуштагы кийимде үч абал шарт кылынат. Алар: авратты жабуу, зийнат болбошу жана жилбаб кийүү. Парик кийүү зийнаттануу эсептелет. Ошондуктан, жоолук парикти бүтүндөй жаап турган абалда гана көчөгө чыгуу жайиз.

Эгер, сиз «куллия» деген сөзүңүз менен аялдын парикте университетке баруусун назарга алып жаткан болсоңуз, бул жайиз эмес. Ал эми, аял парикти үйүндө кийиши, аны махрамдары жана эри гана көрсө жайиз. Бирок, эринин ага-иниси анын парик кийип жүргөнүн көрүшү жайиз эмес.

Ал эми, парикти чач улоочу жана улатуучу маанисинде айтуу туура эмес. Себеби, васила (чач улоочу) чачынын үстүнөн парик кийүүчү эсептелбейт, тескерисинче, чачын узун кылуу үчүн чачына башка чач улоочу аял васила саналат. Васила кайда болбосун, ал тургай, үйүндө болсо да арам. Бухарий Абу Хурайра ﵁дан риваят кылган хадисте Набий ﷺ:

«لَعَنَ اللَّهُ الوَاصِلَةَ وَالمُسْتَوْصِلَةَ...»

«Аллах чач улоочу жана улатуучу аялды… наалаттады», - деди.

19-шаъбан, 1434-х.

28-июнь, 2013-м.

## Аялдын шым, парик кийип намаз окуусу жана көчөгө чыгуусу

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух. Азиз саййидим, аял кишинин өз үйүндө же эл чогулган жерде шым менен намаз окуусу жайизби? Экинчи суроо: Аял киши парик менен намаз окуусу жана үйүнөн тышкарыга чыгуусу жайизби, аял киши үчүн бул экөөсүнүн өкүмү кандай?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух. а) – аял кишинин үч нерсени өзүндө камтыган шаръий кийими болбосо коомдук турмушка чыгышы жайиз эмес: авратты бекитүү, табарруж (жасануу) абалында болбоо жана жилбаб.

Үйдөн сыртка чыгуу үчүн авратты бекитүүнүн өзү жетиштүү эмес, ал үчүн адаттагы кийимдеринин үстүнөн жилбаб кийүүсү, табарруж абалда болбошу зарыл (табарруж – бул көңүлдү өзүнө бура турган даражада жасануу). Мисалы, шым кийүү авратты бекитет, бирок анын үстүнөн жилбаб кийилбесе табарруж болуп калат. Парик да чачты бекитет, бирок ал этибарды тарткандыгы үчүн табарруж болуп эсептелет. Ошондуктан, коомдук турмушта парик кийүү жайиз эмес, болгону париктин үстүнөн аны бүтүндөй жаба турган жана назар таштаган кишиде анын белгисин калтырбай турган даражадагы жамынгыч (жоолук) ороп алса жайиз. Анткени, зыйнат бекитилгени менен, бирок этибарды тарта турган болсо, анда ал табарружга айланат. Себеби, Аллах Субханаху аял киши үчүн балтырына кийиминин ичинен кийилген халхалдын (аялдар буттарына тагуучу жасалга шакектин) добушун билдирүү арам экендигин баян кылды. Аял киши бутун жерге урганда халхал бар болсо, ал анын бар экендигин билдирүүчү добуш чыгарса – мейли анын үстү жабык болсо да – бул нерсе табарруж болуп эсептелет. Анткени, ал добуш чыгаруу менен этибарды тартуучуга айланат – Аллах Таала мындй дейт:

وَلَا يَضْرِبْنَ بِأَرْجُلِهِنَّ لِيُعْلَمَ مَا يُخْفِينَ مِن زِينَتِهِنَّ

“Дагы жашырган коoздук жасалгалары билинсин үчүн буттарын (жерге) урушпасын!” [24:31]

б) – аял киши өз үйүндө намаз окушуна келсек, буга авратты жабуу шарт кылынат, жилбаб кийиши болсо шарт эмес. А бирок, анын мечитке же айт намазы окула турган майданга чыгышы үчүн авратты жабуусу жетиштүү болбойт, тескерисинче, ал үч нерсени өзүнө камтыган кийим кийүүсү важиб:

авратты жаап туруучу кийим, табарруж болбогон кийим жана жилбаб.

Эми үйүнөн тышкарыдагы намазга келсек анын кийиминде жогоруда келтирилген үч шарт толук табылышы керек. Ошондуктан, ал үйүнөн тышкарыда, мисалы, мечитте шым же парик кийген абалда намаз окушу жайыз эмес. Анткени, шым менен парик – мейли астындагы жерлерин

жаап турса да – ага табарруж т.а. этибарды тартуучу зыйнат деген нерсе туура келет. Ошол себептен улам, муну менен окуган намазы сахих, дурус болбойт. Ал болсо жогоруда айтып өтүлгөн үч нерсени өз ичине алган шаръий кийимди кийбеген абалда коомдук турмушка чыгуусу менен эле күнөөкөр болот.

18-ражаб, 1434-х.
28-май, 2013-м.

## Аялдын жасануусу тууралуу

**Суроо**: жасануу этибарды өзүнө тарта турган зыйнат экендигин билемин. Ушуга караганда, демек, эгер жоолук кичине болуп, аял чачынын же мойнунун бир азы көрүнүп турса, бул аял жасанган болобу? Белгилүү болгондой, анын чачы же мойнунан көрүнүп турган бир кичине бөлүгү этибарды өзүнө тартпайт. Себеби, азыр көптөгөн аялдар адатта көчөлөрдө баштары ачык т.а. жоолук оронбой жүрүшөт жана бул нерсе этибарды өзүнө тартпай турган болуп калган. Ошондуктан, жоолук кичине болсо, аял жасанган эсептелеби?

**Жооп**: Жасануу деп авратты ачпастан туруп, этибарды тарта турган даражада зыйнатты көрсөтүүгө карата айтылат. Бул жерде авратты ачпастан деп чектеп коюлду. Себеби, авратты ачуу менен болгон зыйнат этибарды өзүнө тартышы же тартпашына карабастан арам болот.

Демек, бул жердеги тема авратты ачпастан зыйнаттануу. Мисалы, аял киши жүзүн же бармактарын зыйнатташы сыяктуу, же зыйнаттуу жоолук орошу, же жасалгалуу жилбаб кийиши сыяктуу, же аял жилбабы астынан билерикти балтырына тагып, аны зыйнатташы сыяктуу... бул зыйнаттын баары аял жашай турган чөйрөдө адаттагы көрүнүшкө кирбеген болсо т.а. бул зыйнатты көрсөтүү этибарды өзүнө тарта турган болсо, анда мындай жасануу арам болот.

Мисалы, бир айылдагы аял тырмактарын зыйнаттаса, аялдын тырмактарын мындай абалда көрүү ал жерде адаттан тышкары болсо, анда аялдын өз тырмактарын мындай зыйнатташы этибарды өзүнө тартат жана ал жасануу эсептелет. Ошондуктан, ал – ал тургай, кафт аврат болбосо да – арам.

Эгер, аял буттарына тагып алган билериктин үнү угула турган даражада кадам таштап, этибарды балтырына таккан зыйнатына тартса – ал тургай, балтыры жабылган болсо да, бул иш жасануу эсептелет – жана ал арам болот.

Аял эгер адат болбогон мончок менен капталган, аялга этибарды тарта турган жоолук салынган болсо, анда бул да жасануу болуп – ал тургай, аялдын чачы ороп бекитилген болсо да – арам.

Аял эгер көкүрөк бөлүгүнө этибарды тарта турган сүрөт тартылган жилбабды кийген болсо, бул да жасануу эсептелип, арам болот. Ал тургай, бул аял шаръий кийим кийген болсо да арам.

Ошентип, авратты ачпаса да этибарды өзүнө тарта турган ар бир зыйнат жасануу эсептелип, ал арам болот. Ал эми, зыйнат авратты ачуу менен бирге болсо, этибарды тартышы же тартпашына карабастан, арам болот.

Буга далил ушул аят:

﴿وَلَا يَضْرِبْنَ بِأَرْجُلِهِنَّ لِيُعْلَمَ مَا يُخْفِينَ مِنْ زِينَتِهِنَّ﴾

*«Дагы жашырган (көмүскөдөгү) зыйнат-жасалгалары билинсин үчүн буттарын (жерге) урушпасын!»* [24:31]

Демек, аялдын бутуна тагып алган тагынчагына этибарды өзүнө тартуу үчүн аракет кылышы – анын авраты жабыктыгы маалым болсо да – арам кылынды. Ошондуктан, (авратты ачпаса да) этибарды тарта турган ар бир зыйнат жасануу болуп, ал арам.

Тыянак: Этибарды өзүнө тартуучу зыйнат (аврат ачылбаса да) жасануу болуп, ал арам. Авратты ачуу менен бирге болгон зыйнаттануу болсо, этибарды тартышы же тартпашына карабастан, арам болот. Анткени, авратты ачуунун арамдыгы маалым.

Ошондуктан, демек, мубах болгон орундарды ар кандай зыйнаттоо – эгер этибарды өзүнө тарта турган болсо – жогоруда анык түшүндүрүп өткөнүбүздөй, жасануу эсептелип, арам болот. Муну аял киши жашап жаткан чөйрө, шарт жана вакыйлыкка карап билип алса болот. Адатта муну билүү кыйын эмес. Себеби, адамдар, аял киши да эркек киши да, муну аныктап, биле алат.

Мына ушул жасануу. Мында этибарды өзүнө тартуу бул мубах мүчөнү зыйнаттоонун жасануу болушу же болбошу жөнүндөгү өкүмдүн өлчөмү болот. Ал эми, авраттагы зыйнаттоого о.э. авратты ачып жүрүүгө келсек, бул жөнүндө жасануу бабында эмес, балким, аврат өкүмү бабында сөз жүргүзүлөт. Анын далилдери ачык-айкын. Аял киши өз авраттарынын бирер бөлүгүн ачып жүрүшү – этибарды тартабы же жокпу, буга карабастан – арам. Алла Субханаху мындай дейт:

﴿وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا مَا ظَهَرَ مِنْهَا وَلْيَضْرِبْنَ بِخُمُرِهِنَّ عَلَى جُيُوبِهِنَّ وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا لِبُعُولَتِهِنَّ﴾

*«О.э. көрүнүп тургандан башка зыйнат-жасалгаларын (т.а. үстүлөрүндөгү кийимдеринен башка коздук-жасалгаларын чоочун бирөөлөргө) көрсөтүшпөсүн жана көкүрөктөрүн жоолуктары менен тосушсун! Алар зыйнат-жасалгаларын көрсөтүшпөсүн, бирок, эрлерине...».* [24:31]

Бул аяттагы *«көрүнүп турган»* деген сөздөн көздөлгөн маани, ибн Аббас ﵁ тафсир кылгандай, жүз жана эки кафт. Расул ﷺ болсо мындай деди:

«إِنَّ الْجَارِيَةَ إِذَا حَاضَتْ لَمْ يَصْلُحْ أَنْ يُرَى مِنْهَا إِلَّا وَجْهُهَا وَيَدَاهَا إِلَى الْمِفْصَلِ»

«Эгер кыз хайз жашына жетсе, анын жүзүн жана эки колун муунуна чейин гана көрүү дурус болот». (Бул хадисти Абу Давуд чыгарды). Демек, аял киши жүзү жана эки кафтынан башка мүчөлөрүн эри жана махрамдарынан башкасына көрсөтүшү ушул далилдерге ылайык арам болот.

Ошондуктан, демек, жүз жана эки кафттан башка орундар көрүнбөй турган даражада чач жана моюнду бекитип-жашыруу, көкүрөктү ороо үчүн жетиштүү болгон жоолук ороо важып. Алла Таала айтты:

﴿وَلْيَضْرِبْنَ بِخُمُرِهِنَّ عَلَى جُيُوبِهِنَّ﴾

*«... жана көкүрөктөрүн жолуктары менен тосушсун!».* [24:31]

Жоолук көкүрөктү т.а. моюн көрүнбөшү үчүн көйнөктүн жака оюгун тосо турган кылып оролот. Ошондо баш, кулак жана моюндун баары оролуп, бекитилип, жүз жана эки кафт гана калат. Себеби, алардын көрүнүп турушу жайыз.

18-рамазан, 1427-х.
10-октябрь, 2006-м.

## Табарруж, жасануу мааниси

**Суроо**: фазилаттуу шайхыбыз, Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

Мен сиздин жакын адамдар алдында шым кийип жүрүү туурасында «ал шаръий эмес» деп жазганыңызды окудум. Бирок, сиз ага бирер далил келтирген эмессиз… Бирок, сиз ал жасанууга кирет дегенсиз. Акыйкатта болсо, биз жасануунун, табаррождун мааниси этибарды тарта турган бардык нерсе деп окуганбыз. Коомдун табаррожга, жасанууга болгон көз карашы болсо бир өлкөдө башка өлкөдөгүгө караганда айырмалуу болот. Мисалы, жеке социалдык турмушубузда жакындар арасында шым кийип жүрүү – менин билишимче – этибарды тартпай турган нерсе болот. Себеби, жеке турмушта бардыгы узун көйнөк жана шым кийип жүрөт, ошондуктан, ал этибарды тартпай турган болуп калган, себеби, бардыгы биз сыяктуу. Ошондуктан, кийиле турган кийим жасануубу же жокпу т.а. этибарды тартабы же жокпу, муну өзүбүз жашап жаткан коом белгилеп берет. Сизден ушуга айкындык киргизип беришиңизди суранамын …

Сизге Аллах жакшылыкты ыраа көрсүн жана жардам берсин, сизди Өз нусрат калкы менен кубаттасын.

**Жооп**: ва алайкум ассалом ва рохматуллохи ва барокатух.

Лугатта жасануу, табарруж деп аял киши өз зыйнаттарын жана көркөмдүгүн эркектерге көрсөтүшү айтылат. Лисонул арабда төмөнкүлөр келген: «التبرج жасануу: жат адамдарга зыйнатты көрсөтүү болуп, ал мазмум-караланган, а бирок, өз эрине көрсөтүүсү мазмум эмес». Комусул мухитте болсо төмөнкүлөр келген: «تَبَرَّجَتْ аял жасанды, табарруж кылды: Өз зыйнатын эркектерге көрсөттү». Мухтор сихахта болсо төмөнкүлөр келген: «التبرج жасануу, табарруж – аялдын өз зыйнаттарын жана көркөмдүктөрүн эркектерге көрсөтүшү.»… Макойисул лугатта болсо төмөнкүлөр келген: «(بَرَجَ): (البروز даана көрүнүп туруу) жана (الظهور жасануу)..., التبرج да ушундан болуп, аялдын өз көркөмдүктөрүн көрсөтүүсү». «البروز Көрсөтүшү» жана «الظهور даана көрүнүп турушу» деген сөздөр аял эркектер алдында турганда аял сулуулугу көңүлдү өзүнө бурушу керек деген маанини түшүндүрөт. Шаръий маани болсо мындан башкача. Себеби, мисалы Аллах Субханаху мындай деди:

﴿وَلَا يَضْرِبْنَ بِأَرْجُلِهِنَّ لِيُعْلَمَ مَا يُخْفِينَ مِنْ زِينَتِهِنَّ﴾

*«Дагы жашырган зеб-зыйнаттары билинсин үчүн буттарын (жерге) урушпасын!»* [24:31]

Демек, аял аракеттенгенде бутун жерге катуу урбастыгы керек, ал баскан кезде бутуна таккан тагынчактын үнүн чыгаруу, натыйжада эркек аялдын кийим астында балтырына тагып алганын билет. Булардын

бардыгы табарруж (араб тили жана шарият боюнча) – этибарды тарта турган зыйнат маанисин билдиришин түшүндүрөт.

Эми мына ушул маанини жеке турмушта махрам болбогон жакындар алдында – алар шарият макулдаган айт майрамы сыяктуу абалдарда өз жакындарына тартуу-белек сыяктуу тууганчылык алакасын байлоо үчүн үйлөргө келген убакта – шым кийип жүрүүгө колдоно турган болсок, эгерде анын үстүнөн шымдын эки сандын жогору жагындагы ачыла турган бөлүгүн жаап тура турган узун көйнөксүз кийип алса ал этибарды тарта турган болот. Себеби, аял шым кийип алган болсо жана эки сандан жогорудагы ачылуу бөлүгү көрүнүп турса, бул аял этибарды тарта турган болот. Ал эми эгерде көйнөк шымдын эки сандан жогорудагы ачылуу бөлүгүн жаап тура турган болсо, адаттан тышкаркы абалдарды кошпогондо, адатта көңүлдү тартпайт.

Жеке турмушта махрам болбогон жакындар алдында шым кийип жүрүү табарруж экендиги айтылган бирер насстын келген болушу зарыл эмес, тескерисинче жогорудагы далилдерде табарруждун вакиъси, анын эмне экендиги айтылган. Бул шымдын эки сандан жогорудагы ачылуу бөлүгүн жана ушуга окшогон жерди жаап тура турган көйнөксүз шым жана блузка (жеңил материалдан тигилген кофта)га да туура келет. Ошондуктан, суроонун жообунда төмөнкүлөр келген эле: «Шым кийүү табарруж, зыйнаттанууга кирет, ошондуктан, махрам болбогон жакындар алдында – алар тууганчылык алакасын байлоо үчүн же айт менен куттуктоо үчүн келишкенде – шым менен көрүнүү жаиз болбойт…». Демек, жооп шымды жана блузаны кийүү т.а. үстүнөн көйнөк кийбей көрсөтүп кийүү жөнүндө болгон эле. Бул жооп кээ бир эже-карындаштарыбызга түшүнүксүз болгондуктан алардын кээ бирлери бул теманы айкынташтырып берүүнү сурашты, ошондуктан төмөнкү жоопту да жиберген элем:

«Хизб сайтында үйдө махрам болбогон жакындар алдында шым кийип жүрүү жөнүндө жазылган нерсе мындай, ал зыйнаттануу, табарруж болуп эсептелет, демек, алардын алдында жаиз болбойт… Эгерде шым ачык болсо т.а. шым жана блузка, себеби, шым ачык көрүнүп турса бул абалда зыйнаттануу болуп эсептелет. Ошондуктан, аны үйдө махрам болбогон жакындар алдында – алар мисалы айт майрамдарында тууганчылык алакасын байлоо үчүн келген убакта – кийип жүрүү жаиз болбойт. А бирок, эгерде шымдын үстүнөн аны жаап туруучу же анын чоң бөлүгүн жаап туруучу жана этибарды тартпай турган юбка кийилсе өзүнүн үйүндө махрам болбогон жакындар алдында зыйнаттануу болбойт, жооп ушул…».

Суроо берген адамлын мына ушул жооп менен таанышып чыкпагандыгы анык көрүнүп турат.

Табигый түрдө, бул жооп жалпы турмуш жөнүндө эмес, үйлөрдөгү абал жөнүндө. Себеби, жалпы турмушта кийиле турган кийим белгилүү. Анда төмөнкү үч иш болушу важиб: авратты жабуу, табарруж жана зыйнат болбостугу жана шаръий жилбаб болушу. Биз муну буга чейинки башка жооптордо кеңири баян кылганбыз.

22-сафар, 1436-х.
14-декабрь, 2014-м.

## Табаруж: жасануунун вакыйы (көрүнүшү)

**Суроо**: Асаламу алайкум рахматуллоохи уа баркаатуху.

Аллах сизди ар дайым коргоп, жардам берсин деп тилейм. Аллах өмүрүңүздү жеңил кылсын.

Табаруж (жасанып кийинүү) жөнүндө сурагым келди. Аны кантип аныктайбыз жана аны кандайча колдонобуз? Мен билишимче, табаруж бөтөн адамдын көз алдында ажарды ачып кийинүү дегенди билдирет. Бул ошондой эле адаттарга, каада-салтка, үрп-адатка байланыштуу.

Мен Индонезияда жашаймын, биз табарруж жөнүндө талашып жатабыз. Чындыгында, Батыштын жашоо мүнөзү, кийинүүсү биздин кийингенибизге таасир этти. Аялдар бет порошогу сыяктуу косметиканы колдонушат. Ошондой эле, помада, көз көлөкөсү сыяктуу ж.б. нерселерди да колдонушат. Кээде, бул табигый эле макияжга же күнүмдүк макияжга айланды. Алар иштешет, коллежде окушат, межлисте билимине катышышат, бири-бирине барышат ж.б.у.с. Кээде алар жасанып кийинүүлөрүн дагы да күчөтүшөт, мисалы үйлөнүү күнү же үйлөнүү аземине катышуу үчүн өтө эле ажарларын ачышат. Алар күнүмдүк макияжды колдонушпайт, бирок жагымдуу глам макияжын колдонушат. Кээ бир аялдар көңүл ачуучу, тандамал ырчы, артист болуп иштешет, кийинишет жана аябай тайманбай макияж жасашат.

Биз косметикалык каражаттардын бардыгынан баш тартышыбыз керекпи? Себеби, ал Батыштын жашоо мүнөзү негизинде пайда болгон. Биз бетибизге бирер нерсе колдоно алабызбы же күн сайын табигый макияжды колдонсок болобу?

Ошол эле учурда, кээ бир аялдар көздөрүнө итсмид (персия көз көлөкөсүн) колдонушат. Анткени, Расулуллах саллаллаху алейхи васаллам, аны үйрөтүп жана өзү да кылган.

Алар азчылыкты түзүшөт, бирок кээде айланадагылардын көңүлүн өздөрүнө бурдурушат. Сиз, Шейх Ата Абу Рошта, табаруждун мага кандайча аткарылгандыгын түшүндүрүп берүүңүздү өтүнөм.

Алдын ала рахмат, Аллах сизге жакшылыктарды жазсын.

Асаламу алейкум рохматулоохи уа баркаатуху.

Пипит Мейдавати. Индонезия.

Ассалуму алайкум рохматулоохи уа баркаатуху, урматтуу Шейх, менде суроо бар.

Эгер, аялдар коомдук жайларга барарда бетин боёп алышса, табаруж (жасанып ажарын ачуу) өкүмүнө киреби? Шариятта аялзаттык термини кандай?

Фатим Сулиманова.

**Жооб**: Ассаламу алайкум рохматулоохи уа баркаатуху.

Эки суроо бир темада келген, ошондуктан аларга чогуу жооп беребиз:

Биз буга чейин 2016-жылы 9-октябрда табаруж темасы боюнча суроолорго жооп бергенбиз... Ошону кайрадан кайталап өтөм, Иншаа Аллах, ошол жетиштүү деп ойлоймун.

«Суроолоруңуздун чоо-жайын ачаардан мурун, мен сизге ушул маселе боюнча «Ижтима түзүмү» китебиндеги аялдарды кароого байланыштуу кээ бир нерселерди айтып өтөм. Мен анын ичиндеги кээ бир абзацтарга көңүлүңүздү бурамын:

1. Аялдын коомдук жашоого чыгышы шарий кийимде болушу керек, анын ичинде: жилбаб, авраты жабык, ажарын ачпаган болушу керек.

2. Аялдын авраты аялдын жүзүнөн жана колунан башка бүт денеси болуп саналат. Аял авратын ачуусу харам. Бул жерде «көңүл бурдура турган» деген нерсе келген эмес. Тактап айктанда, көңүл бурдурабы же бурдурбайбы, айырмасы жок, авратты ачуу харам.

3. Табаруждун лексикалык мааниси аял бөтөн эркектердин алдына ажарын ачып жасанып кийинүүсүн билдирет. «Лисаанул араб» сөздүгүндө Табаруж сөзү бөтөн эркектердин алдында ажарын ачуу маанисинде келген. Бул тыйылган иш. Күйөөсүнө ажарын ачып жасанса ал тыйылбаган. «Комус мухит» сөздүгүндө табаруж сөзү эркектерге ажарын ачуу.... маанисинде келген. «Мухтаар сихаах» сөздүгүндө табаруж сөзү аял бөтөн эркектердин алдында ажарын ачып жасануусу маанисинде келген... «Макоoииси лугат» сөздүгүндө табаруж сөзү эркектердин көңүлүн буруп ажарын ачуу... маанисинде келген. Шарий маани да ушул маанини эле билдирет. Аллах Таала айтат:

﴿وَلَا يَضْرِبْنَ بِأَرْجُلِهِنَّ لِيُعْلَمَ مَا يُخْفِينَ مِنْ زِينَتِهِنَّ﴾

*«Дагы жашырган зеб-зыйнаттары билинсин үчүн буттарын (жерге) урушпасын!»* [24:31]

Бул, аял бутуна тагынган зыйнатын (жасалгасын) билдирүү үчүн жерди тепкилеп эркектердин көңүлүн буруп баспасын маанисин билдирет. Ушул маанидеги табаруж шаръий жана лексикалык мааниси жагынан көңүлдү бурдура турган зыйнат жасалганы билдирет, жөн гана жасалгалар эмес.

Табаруж – бул авратын ачпастан көңүлдү бурдуруп ажарын ачып жасануу. Ал эми, авраттын ачылуусу көңүлдү бурабы, бурбайбы, айырмасы жок харам. Табаруж бул зыйнат эмес. Көңүлдү бурдурбай турган адаттагы зыйнат бар, бул аялдар үчүн жаиз. Көңүлдү бура турган зыйнат табаруж болуп, ал харам болуп саналат. Табаруж эки нерседе көрүнөт:

– Аял аялдын денесинин уруксат берилген бөлүгүнө, башкача айтканда, кол жана бетине, кийимине зыйнат тагуусу, эгер ал көңүл бура турган болсо.

– Авратын ачпай турган уруксатсыз жасалга б.а. аял кызыл ашыгына браслет, билегине билерик тагуусу, кызыл ашыгы менен билеги жабык болуп, аял бутун же колун кыймылдатканда айланасындагы эркек анын бутунда же билегинде зыйнат жасалгасы бар экендигин биле турган болсо, бул табаруж өкүмүнө кирет. Анын кызыл ашыгы жана билеги жабык болсо дагы, анын ичиндеги зыйнат жасалга билинип калгандыгы үчүн.

4. Аялдын денесинин уруксат берилген бөлүгүндөгү же кийиминде болгон жасалгаларга келсек, эгер ал көз артырып көңүл бурдура турган болсо, ал харам болот. Көңүл бурдуруу дегенде адаттан тыш жасалган болушу. Башкача айтканда аял ушул жасалгасы менен эркектердин жанынан өткөндө алар ал аялдын аялзаттыгына көңүлүн буруусу. Көңүл бурдурбай тургандын мааниси. Аял эркектердин жанынан өткөндө эркектердин ал аялдын аялзаттыгы тууралуу ойлоруна эч нерсе келбөөсү. Бул иш тахкикул манаат (иллетти аныктоо) өкүмүнө кирет. Бул нерсе оорчулукту жаратпайт деп ойлойм. Эркектик жана аялзаттык тууралуу түшүнүк эркекте да, аялда да бар. Эркек же аял кайсы зыйнат көңүл бурдурат, кайсы бурдурбастыгын жеңил эле аңдай алат, айрыкча, аял. Анткени, ал кайсыл зыйнат адаттагы же кайсы зыйнат эркектердин көңүлүн бура тургандыгын жакшы билет.

Ал эми, авратты ачыкка чыгарбаган мубах эмес жасалга зыйнатка келсек. Авратын ачпай турган уруксатсыз жасалга б.а. аял кызыл ашыгына браслет тагуусу. Билегине билерик тагуусу, кызыл ашыгы менен билеги жабык болуп, аял бутун же колун кыймылдатканда айланасындагы эркек анын бутунда же билегинде зыйнат жасалгасы бар экендигин биле турган болсо, бул табаруж өкүмүнө кирет. Бул харам болот. Анын кызыл ашыгы же билеги жабык болсо дагы, анын ичиндеги зыйнат жасалга билинип калгандыгы үчүн.

6. Ушундан кийин мен суроолоруңуздун чоо-жайынан баштаймын жана сизге жооп беремин:

А. Аялдардын манжаларына шакек тагуу жасалгасына келсек, эгер ал кадимки шакекче болуп көңүлдү бурбаса, ал жайиз. Ал эми көңүлдү бура турган, мисалы, ал жанган же үн чыгарган, көңүлдү бөлө турган көлөмдөгү же ушул сыяктуу шакекче тагынса... же жаркыраган бут кийим ж.б.у.с. көңүл бурдура турган нерсе болсо, бул табаруж өкүмүнө кирет.

Жилбабдын сыртына мончок тагынса, ал көңүлдү бурабы, бурбайбы, айырмасыыз, жаиз эмес, анткени жилбабдын түпкү нускасы ички

жасалгаларын авратын жабуу болуп саналат. Анткени бул шуру мончок моюн үчүн жасалга болуп саналат. Моюн аврат болот, ал жилбабдын астына жашырылышы керек. Эгер, ал мойнуна шуру тагынгысы келсе, ал жилбабдын астына жашырылышы керек. Каруу менен билекке тагыла турган билерик, эгер билегин же каруусун кыймылдатканда үн чыгарып айланасындагы адамга анын каруусунда же билегинде зыйнаты бар экендигин билгизе турган болсо, бул табаруж өкүмүнө кирет жана жайиз болбойт.

Б. Жилбаб – бул ички жасалгаларды жана ич кийимдерди жаба турган кийим.

Башкача айтканда, ал жасалгалана турган кийим эмес. Ошондуктан анын үстүндөгү жасалгалар жана кооздоолор жаиз эмес.

В. Аял көзүнө сурма койуусу көңүлдү бурдурбайт, анткени ал көздүн ичине койулат. Эгер, ал кирпигине же көзүнүн үстүнөн бир өңдөр менен койо турган болсо, ошондо көңүлдү бура турган болот...

Г. Ошондой эле, эгерде ал бетиндеги терини тазалап, андагы тактарды кетирсе, же бетиндеги безеткилерди кетирсе, бети мурункудан сулуу көрүнүп, бирок кадимки жүздү калыбына келтирсе ал көңүл бурбайт. Бирок, ал бетин ачык түстөгү боёктор менен жасаса, ал көңүлдү бурат. Албетте, аял жашаган аймактын көңүлдү бурдурууда ролу бар, мисалы айылда же шаарда жашоосу... Бул жерде маанилүүсү, ошол аймакта адаттан тыш кооз жасалгалар менен жасанып көңүлдү бурдурбоо болуп саналат. Ушундай зыйнаттануу табаруж өкүмүнө кирет». Мурунку суроо-жооптогу цитата бүттү.

Жыйынтыктап айтканда, адатта аял кайсы зыйнат эркектин көңүлүн бурат же бурбастыгын жакшы билет. Башкача айтканда, кандай жасалгалар көңүл бурдура турган жасалгалар менен көңүл бурдурбай турган жасалганы билиши кыйын эмес. Аялдар муну сезимдери менен билишет... жана бардыгы үчүн. Таква мусулман аял харамдан эле баш тартпастан, балким баардык күмөндүү нерселерден сактанат. Айрым сахаба аялдар мубах болгон кээ бир нерселерден да өздөрүн алыс кармашкан. Пайгамбар ﷺ айтты:

«لَا يَبْلُغُ العَبْدُ أَنْ يَكُونَ مِنَ المُتَّقِينَ حَتَّى يَدَعَ مَا لَا بَأْسَ بِهِ حَذَراً لِمَا بِهِ البَأْسُ»

«Пенде күмөндүү болгон нерсени таштамайын таквалардан боло албайт». (Тирмизи риваяты, хасан хадис).

Ушуну жетиштүү деп ойлоймун, Аллах билүүчү жана өкүмдар.

30-шаввал, 1441-х.
21-июнь, 2020-ж.

## Исламга кирген аялдын валийи

**Суроо**: мурун капыр болгон бир аял Исламга кирсе жана ага мусулмандардын бири үйлөнмөкчү болсо, ошол аялдын капыр атасы нике убагында ага валий болушу жайызбы? Эгер жайыз болбосо, бул аялдын валийси ким болот?

**Жооп**: капыр адам муслима аялга валий боло албайт. Демек, ал аял Исламга кирген болсо, капыр атасы аны турмушка узатууда валий боло албайт. Эми, мурун капыр болуп, кийин Исламга кирген бул аялды кандай турмушка узатуу керектиги жана анын валийси ким болушу керектиги жөнүндөгү сурооңузга келсек, анын жообу төмөндөгүчө:

Эгер, бул аялдын туугандарынын бирөөсү (агасы, абасы... сыяктуу) ага окшоп Исламга кирген болсо, ошол адам анын валийси болот. Эгер, анын жакын туугандарынын көбү Исламга кирген болсо, бул аялга эң жакыны нике убагында валий болот. Мисалы, анын мусулман болгон агасынын валий болушу анын мусулман болгон абасынан көрө абзелирээк...

Эми, эгер, бул аялдын туугандарынын арасында ага окшоп Исламга кирген жакын кишилери болбосо жана бул суроодон түшүнүлүп тургандай, бул аял Ислам менен өкүм жүргүзүлө турган өлкөдө жашабаса, андайда эгер шаарда мусулман шаръий казы болсо, ошол валий болот. Болгону, казынын ишеничтүү болушу шарт т.а. казы Исламга кирген бул аялдын Исламга болгон кызыгуусун дагы да ашыра турган, анын Исламга киргенине каршы турбай турган жана аялдын капыр жакындарынын бул аялга каршы турушуна жардам бербей турган киши болушу шарт. Эгер, казы ишеничтүү болбосо, анда кимдин колунда бул аял Исламга кирген болсо, ошол кишинин ага валий болушу жайыз болот же бул аял өзү такыбалуу деп ишене турган бирер мусулман, адилеттүү кишини тандайт жана ошол киши анын валийи болот. Ошондо бул аялдын нике бүтүмү шаръий түрдө толук болот. Ошондон кийин эри өздөрүнүн акы-укуктарын сактоо үчүн нике бүтүмүн документтештирүүгө аракет кылат.

(Белгилүү болгондой, аялдын өлкөсүндө Ислам өкүмү жүргүзүлсө, анда анын өз туугандарынан валийи жоктугу толук анык болгондон кийин, султан анын валийи болот. Буга далил Расулулла ﷺдын ушул сөздөрү:

«لا نِكَاحَ إِلَّا بِوَلِيٍّ وَالسُّلْطَانُ وَلِيُّ مَنْ لا وَلِيَّ لَهُ»

«Нике бир гана валий менен болот жана султан валийи жок кишинин валийи болот». Бул хадисти Ахмад ибн Аббас жана Айша ﵂ аркылуу чыгарды. Демек, султан казыдан жана андан кийинки айтып өтүлгөн кишилерден көрө абзелирээк).

18-рамазан, 1427-х.
10-октябрь, 2006-м.

## Мисяр нике тууралуу

**Суроо**: мисяр никенин шаръий өкүмү кандай? Белгилүү болгондой, бул никеде эркек жана аялга шарият тарабынан белгилеп коюлган камкор жетекчилик, үй-жай, нафака, аялдар ортосундагы бөлүштүрүү жана башка ушул сыяктуу эрди-катындык укуктарынан баш тартуулар садыр болот. О.э. бул нике көбүнчө мекемелерде каттоодон өткөзүлбөйт, арийне, бул нике тастыкталбаганы үчүн аялга, перзенттер жана насабга зыян жетет. Ошондой болгон соң, анын өкүмү кандай?

**Жооп**:

1. Никенин бир нече негиздери т.а. байлануу шарттары бар. Алар: Ийжаб жана кабыл, экөөсүнүн бир жерде болушу, ийжабга кабылдын тескери болбошу, алардын ар бири экинчисинин сөзүн түшүнүшү, эрдин мусулман болушу жана аялдын да мусулман же ахли китептерден болушу. Жана никенин сахих болушунун шарттары бар: аялдын турмушка чыгуу абалында болушу, валий жана эки күбө. Жана булардын баары ушул тема тuурасында келген шаръий сахих далилдерге ылайык болушу.

2. Нике бүтүмү эрди-катын үстүнө бир нече укук жана милдеттерди жүктөйт: ушулар катары камкордук менен жетекчилик кылуу укугу эркекте болот, аял үй-жай менен камсыздануу укугуна ээ, аны камсыздоо эрдин милдети о.э. нафака укугу, перзенттер насабы жана аялдар ортосундагы бөлүштүрүү жана ушул сыяктуулар эрдин мойнуна түшөт.

3. Мисяр никеси жакында пайда болгон нике болуп, аны ойлоп тапкандар аны бир эркектин бул шаарда бир, башка шаарда дагы бир аялы болушу, бир шаардан башка шаарга көчүп жүрүүчү соодагерлердин абалы жана о.э. мужахиддердин абалы сыяктуу шарият уруксат берген никеге окшотууга урунушту.

4. Бирок, Исламдын бир эркектин бир шаарда бир, башка бир шаарда дагы бир аялы болушуна уруксат бериши нике бүтүмүнөн келип чыга турган укуктарды бекер кылбайт. Ошондой болгон соң, ал укуктар эрди-катынга карата сакталып калат. Демек, эр аялды үй-жай менен камсыздайт, эр аял үстүндөгү жетекчилик өз колунда болгон абалда, аны нафака менен камсыздайт, аялдары ортосунда күнүн бирдей бөлүштүрөт…

5. Мисяр никесине токтолсок, суроодо айтылганга караганда, аял үй-жай жана нафака менен камсыздалуу тууралындагы өз укуктарынан баш тартат экен, эр да өз кезегинде жетекчилик кылуудан баш тартат экен. Демек, аял эринен уруксат сурап отурбай үйдөн көчөгө чыга берет жана аны менен кеңешпестен иш жүргүзө берет… Перзенттерди каттоодон өткөзүшпөйт жана эр аялдар ортосундагы күнүн бөлүштүрбөйт. Ошол

аялга келген убакта анын алдында бир нече күнүн гана өткөзөт жана ушул сыяктуу.

6. Муну болсо, аял өз укуктарынан баш тартышы о.э. эр да өз укуктарынан баш тартышы мүмкүн, нике бүтүмүн кайрадан өткөрүүгө эч кандай зарылчылык жок, демек, сүйлөшүп алуунун өзү жетиштүү… деп актайт.

7. Бул никеде, сырттан караганда, ийжаб менен кабыл жана никенин калган түркүктөрү менен шарттары толук табылат. Бирок, ал күнөөгө алып барат. Себеби, бул укуктардан баш тартуу – негизинен алганда – өз ыраазылыгы жана ыктыяры менен болбостон, ага эрди-катындын адаттан сырткары шарттары себеп болууда. Кала берсе, ар кандай укуктан баш тарта берүү жайыз эмес. Себеби, ушундай укуктар да бар болуп, алардан баш тартуу таптакыр дурус болбойт. Мисалы, эр укугу болгон жетекчиликти аялга берип коюу жайыз эмес. Анткени, ал ачык насс менен келген шаръий өкүмгө тескери жана ушул сыяктуу.

Мындан тышкары, нике бүтүмүнүн катталбоосу, арийне, перзенттер насабынын тастыктап документтештирилбеши аялга жана перзенттерге зыян жеткизет. Эреже боюнча болсо зыян жок кылынат.

Тыянактап айтканда, мисяр никеси – тышкы тараптан каралганда – биз айтып өткөн өткөн рукн жана шарттарды өзүндө толук камтыган туура бүтүм болуп көрүнгөнү менен, бирок, бул нике себептүү бир канча күнөөлөргө туш келинет. Себеби, эрдин жетекчилик кылуудан баш тартышы жайыз эмес. Нике бүтүмгө кол коюп тастыктабагандыгы үчүн аял жана перзенттерге, кала берсе, насабга зыян жеткизүү о.э. аялдар ортосунда бөлүштүрүүнүн болбошу жайыз эмес… О.э. мында нике никеден көздөлгөн максатты (т.а. эрдин өз аялы менен демдеш болушун) жүзөгө чыгарбайт. Демек, ал жумага азан айтылган убактагы соодага окшойт. Себеби, ушундай абалда да соода бүтүмү туура түзүлгөн болот. Бирок, мындай соода, а түгүл, бардык негиздер жана шарттарды өзүндө толук камтыган туура бүтүм болсо да, сатуучу менен кардар күнөөкөр болот.

Биз жигиттерибиз үчүн мындай никени макул деп билбейбиз. Тескерисинче, алар турмуш курушат, үй-бүлөлөрүн асырашат, өз милдет-укуктарына баш ийген абалда өздөрүн тыйышат жана Алла Субханаху мактаган ушул сыпатка ээ болушат:

﴿وَمِنْ آيَاتِهِ أَنْ خَلَقَ لَكُمْ مِنْ أَنفُسِكُمْ أَزْوَاجًا لِتَسْكُنُوا إِلَيْهَا وَجَعَلَ بَيْنَكُمْ مَوَدَّةً وَرَحْمَةً﴾

*– «Анын аяттарынын (дагы бири) – Ал зат силер бирге турушуңар үчүн өзүңөрдөн жуптар жаратышы жана араңарда мээрим жана сүйүү пайда кылышы».* [30:21]

7-ражаб, 1427-х.

1-август, 2006-м.

## Эрди-катындын жашоосу тууралуу

**Суроо**: биз Аллах Субханахунун Китеби жана Расулу ﷺдын сүннөтүнөн тынч ынтымактуу эрди-катындык турмушун окуйбуз... Бирок, бүгүнкү жашообузда өз өлкөлөрүбүздө – ал тургай, даъват калкынан болгон эрди-катын ортосунда да – чоң келишпестиктердин күбөсү болуп жатабыз. Мисал үчүн, эрди-катындын жашаганга жай тандоосу, аялдын кайната-кайненеге карата мамилеси, аялдын өз ата-энеси менен барды-келди кылышы, эрдин туугандарынын конокко келиши..., “кайнага – өлүм” деген нерсе ж.б. маселелерде келише албайт. Ушул таризде эрди-катын ортосунда бул аялдын акысы, бул эрдин акысы, бул эрдин вазыйпасы, бул аялдын вазыйпасы... сыяктуу тартышуулар уланат. Алардын экөөсү тең өзүнчө мен шариятка катуу баш ийип жатамын, андан кылча да четке чыккан жокмун деп ойлойт...

Ушундай болгон соң, мындай эрди-катынга – өзгөчө алар даъват калкынан болушса – эмне десе болот?

Кийин, ушул аяти кариманын мааниси кандай?:

﴿وَأْمُرْ أَهْلَكَ بِالصَّلَاةِ وَاصْطَبِرْ عَلَيْهَا ۖ لَا نَسْأَلُكَ رِزْقًا ۖ نَحْنُ نَرْزُقُكَ ۗ وَالْعَاقِبَةُ لِلتَّقْوَىٰ﴾

*«Үй-бүлө - үммөтүңдү намаз окууга буюргун жана өзүң да (намазда) чыдамдуу болгун! Биз сенден ырыскы сурайбыз, (тескерисинче) Өзүбүз сага ырыскы беребиз. Көркө акыбет-бейиш – таква заттар үчүн»* [20:132]

Аллах силерден ыраазы болсун.

**Жооп**:

Мен бул суроолоруңузга таң калдым жана тынчым бузулду. Акыры, эмне үчүн бул – инша Аллах – таква, пакиза даъват калкы өз үй-бүлөлөрүн эптей албай жатышат. Эмне үчүн аларга сүйүү жана бапаадарлык өкүмдар болушунун ордуна кек жана жек көрүү өкүмдар?

Эрди-катындык турмушу 1+1=2 сыяктуу эмес! Балким, ал сүйүү, ырайымдуулук, бейпилдик жана кадыржамдык. Аллах Субханаху мындай дейт:

﴿وَمِنْ آيَاتِهِ أَنْ خَلَقَ لَكُم مِّنْ أَنفُسِكُمْ أَزْوَاجًا لِّتَسْكُنُوا إِلَيْهَا وَجَعَلَ بَيْنَكُم مَّوَدَّةً وَرَحْمَةً ۚ إِنَّ فِي ذَٰلِكَ لَآيَاتٍ لِّقَوْمٍ يَتَفَكَّرُونَ﴾

*«Анын аят-белгилеринен (дагы бири) – Ал Зат силер бирге турушуңар үчүн өздөрүнөн жуптарды жаратышы жана ортоңордо мээрим жана сүйүү пайда кылышы. Албетте мында пикир кыла турган коом үчүн аят-үлгүлөр бар»* [30:21]

Өз өмүрлөрүн сүйүү жана ырайымдуулук жашоосуна айлантууну билбеген кимселер сан-санаксыз сабак жана насаатка муктаж болушат. Муну менен бирге, алар жаза алууга да муктаж! Кандай болгондо да, суроонун жообу төмөндөгүдөй:

1 – Эрди-катындык мамилелери туурасындагы бардык суроолорго жооп:

Эрлерге: Расулуллох ﷺдын төмөндөгү хадиси:

Айша رضي الله عنها риваят кылат, Расулуллох ﷺ мындай деди:

«خَيْرُكُمْ خَيْرُكُمْ لِأَهْلِهِ وَأَنَا خَيْرُكُمْ لأَهْلِي»

«Жакшыларыңар – өз үй-бүлөсүнө жакшылары. Мен өз үй-бүлөмө силердин ичиңерден эң жакшыңармын (Термизий жана Ибн Мажа риваят кылышкан).

Аялдарга:

«لَوْ كُنْتُ آمِرًا أَحَدًا أَنْ يَسْجُدَ لِأَحَدٍ لَأَمَرْتُ الْمَرْأَةَ أَنْ تَسْجُدَ لِزَوْجِهَا»

«Эгер бирөөнү бирөөгө сажда кылышына буюрганымда, аялдын өз эрине сажда кылышын буюрган болор элем» (Термизий риваят кылган. Ибн Мажада да ушундай. Ал Саид ибн Мусайябдан, ал болсо Айша رضي الله عنهاдан риваят кылган).

Дагы айтамын, эрди-катын бири-бири менен боло турган мамилелери 1+1=2 сыяктуу математикалык кошуу мамилеси эмес, балким, Аллах Субханахунун төмөндөгү:

﴿وَمِنْ ءَايَـٰتِهِۦٓ أَنْ خَلَقَ لَكُم مِّنْ أَنفُسِكُمْ أَزْوَٰجًا لِّتَسْكُنُوٓا۟ إِلَيْهَا وَجَعَلَ بَيْنَكُم مَّوَدَّةً وَرَحْمَةً﴾

*« Анын аят-белгилеринен (дагы бири) – Ал Зат силер бирге турушуңар үчүн өздөрүнөн жуптарды жаратышы жана ортоңордо мээрим жана сүйүү пайда кылышы»* [30:21]

деген аятында айтылгандай, тынчтык, кадыржамдык, сүйүү жана вафаа мамилелери экенин түшүнүүлөрү лазым.

Аял өз эрине итаат кылышы шарт. Ал өзүнүн ырахаттануусунан кечип болсо да, эринин көңүлүнө кубаныч тартуулашы керек. Эч бир акылдуу аял эрине “мага итаат кылыңыз”, “ата-энеңиздин мага тиешеси жок” дебейт. Себеби, акылдуу аял “мен эримдин көңүлүнө кубаныч тартуулоого буюрулганмын, демек, кайната жана кайненеме жакшылык кылсам, эрим кубанат” деп билет. Расулуллох ﷺ мындай дейт:

«مَا اسْتَفَادَ الْمُؤْمِنُ بَعْدَ تَقْوَى اللهِ خَيْرًا لَهُ مِنْ زَوْجَةٍ صَالِحَةٍ إِنْ أَمَرَهَا أَطَاعَتْهُ وَإِنْ نَظَرَ إِلَيْهَا سَرَّتْهُ وَإِنْ أَقْسَمَ عَلَيْهَا أَبَرَّتْهُ وَإِنْ غَابَ عَنْهَا نَصَحَتْهُ فِي نَفْسِهَا وَمَالِهِ»

«Аллахка таква кылуу неъматынан соң, момундун пайдалана турган неъматы – солиха аял: эри буюрса, итаат кылат, эри ага караса, аны

курсант кылат, ага ант ичсе, кабыл алат, андан ыраакка кетсе, өзүнө да, эринин малына да калыстык кылат». (Ибн Мажа Абу Амаама ﵁дан риваят кылган. Абу Давуд да дал ушундай риваятты Ибн Аббастан риваят кылган).

Эр аялына жакшы мамиле кылыш шарт. Ал үй-бүлөсү менен жакшы жашашы керек:

﴿وَعَاشِرُوهُنَّ بِٱلۡمَعۡرُوفِۚ فَإِن كَرِهۡتُمُوهُنَّ فَعَسَىٰٓ أَن تَكۡرَهُواْ شَيۡـٔٗا وَيَجۡعَلَ ٱللَّهُ فِيهِ خَيۡرٗا كَثِيرٗا﴾

*«Алар менен жакшы-ынтымак жашагыла. Эгер аларды жаман көрсөңөр да (сабыр кылып, ынак болуп жашай бергиле). Анткени, силер жаман көргөн нерседе да Аллах көп жакшылыктарды ыраа кылып койгон болушу мүмкүн»* [4:19]

О.э. эр – аялдын жакшы шартта жашоо акысын, ошол эле учурда, өз үстүндөгү фарз болгон ата-энесинин акысын да – бериши керек. Мында аялынын жакшы шартта жашоо акысын да, өз үстүндөгү ата-энеси үчүн болгон фарзды да кемитип койбошу керек. Аллах Субханаху мындай деди:

﴿وَقَضَىٰ رَبُّكَ أَلَّا تَعۡبُدُوٓاْ إِلَّآ إِيَّاهُ وَبِٱلۡوَٰلِدَيۡنِ إِحۡسَٰنًا﴾

*«Роббиң, жалгыз Анын Өзүнө ибадат кылууңарды о.э. ата-энеге жакшылык кылууңарды буйруду»* [17:23]

﴿وَوَصَّيۡنَا ٱلۡإِنسَٰنَ بِوَٰلِدَيۡهِ حُسۡنٗا﴾

*«Биз инсанеды ата-энесине жакшылык кылууга буюрдук»* [29:8]

Абдуллах ибн Масъуд мындай деди: «Мен Расулуллох ﷺдан кайсыл амал абзел деп сурадым. Ал зат “Өз убагында намаз окуу” деди. Кийин кайсы дедим. “Ата-энеге жакшылык кылуу” деди. Кийинчи деп сурадым. “Аллахтын жолунда жихад кылуу” деди» (Бухарий риваят кылган).

Бирер акылдуу эр аялынын өз туугандары менен мамиле кылуусуна тоскоолдук кылбайт. Балким, аялынын үй-бөлүсүн да урматтап, алар менен жакшы мамиледе болот. Себеби, муну менен тамыр-сөөктүк мамилелер күчөйт жана эрди-катын ортосунда жакшы турмуш туруктуу болот. Чындыгында, Аллах Субханаху Өзүнүн аят-далилдерин биз тадаббур кылышыбыз үчүн эсептеп көрсөтүп берүүдө куда-сөөктүктү насил-насаб менен бирге зикр кылып, мындай деди:

﴿أَلَمۡ تَرَ إِلَىٰ رَبِّكَ كَيۡفَ مَدَّ ٱلظِّلَّ وَلَوۡ شَآءَ لَجَعَلَهُۥ سَاكِنًا ثُمَّ جَعَلۡنَا ٱلشَّمۡسَ عَلَيۡهِ دَلِيلًا﴾

*«Роббиңдин (кудуретин) көлөкөнү кандай жайып койгонун көрбөдүңбү?! Эгер кааласа аны туруктуу, жылбас кылып коёр эле. Андан соң, күндү ага (көлөкөнүн барлыгына) далил кылдык»* [25:45]

Кийин Аллах Субханаху дагы мындай деди:

﴿وَهُوَ ٱلَّذِي مَرَجَ ٱلۡبَحۡرَيۡنِ هَٰذَا عَذۡبٌ فُرَاتٌ وَهَٰذَا مِلۡحٌ أُجَاجٌ وَجَعَلَ بَيۡنَهُمَا بَرۡزَخًا وَحِجۡرًا مَّحۡجُورًا ﴿٥٣﴾ وَهُوَ ٱلَّذِي خَلَقَ مِنَ ٱلۡمَآءِ بَشَرًا فَجَعَلَهُۥ نَسَبًا وَصِهۡرًا ۗ وَكَانَ رَبُّكَ قَدِيرًا﴾

*«Ал (Аллах) эки деңиз-дарыяны, мунусу ширин-жагымдуу жана мунусу туздуу-ачуу кылып агызып койгон дана алардын ортосунда тосмо-касаба жана көрүнбөс парда кылып койгон зат. Ал нутфадан-бел суудан инсанды жаратып, кийин аны ата-тек жана куда сөөк кылып кйогон Зат. Чындыгында, Роббиң (аро кандай ишке) кудуреттүү»* [25:53-54]

Аллахтын аят-далилдерин зикр кылуу арасында насил-насаб менен куда-сөөктүктүн бир жайда зикр кылынышы бул экөөсүнүн этибарга жана сыйга ылайыктуулугунан о.э. бул экөөсү Жаратуучунун улуулугу жана кудурети туурасында тадаббур, тафаккур орду болгонунан.

Бул кыскача баяндын өзү ар бир акылдуу эр жана акылдуу аял үчүн жетиштүү болот:

﴿إِنَّ فِي ذَٰلِكَ لَذِكۡرَىٰ لِمَن كَانَ لَهُۥ قَلۡبٌ أَوۡ أَلۡقَى ٱلسَّمۡعَ وَهُوَ شَهِيدٌ﴾

*«Албетте мында (билгич) жүрөк ээси болгон же өзү күбө болуп жаткан абалда (т.а. чын жүрөктөн) кулак туткан киши үчүн эскертме-үлгүлөр бар»* [50:37]

Кимге бул кыскача баян жетиштүү болбосо, анда ага узак түшүндүрүү жана майда-чүйдөсүнө чейин айтып берүү да жетиштүү болбойт.

2 – Эми эрди-катын мамилелерине алакадар болбогон, балким, төмөндөгүлөргө алакадар болгон суроолорго келсек:

а) «Кайнага – өлүм” деген тема. Бухарий жана Муслим Укба ибн Аамирден риваят кылган хадисте Расулуллох ﷺ мындай деди:

«إِيَّاكُمْ وَالدُّخُولَ عَلَى النِّسَاءِ فَقَالَ رَجُلٌ مِنَ الأَنْصَارِ: يَا رَسُولَ اللهِ أَفَرَأَيْتَ الْحَمْوَ قَالَ الْحَمْوُ الْمَوْتُ»

«Аялдарга (алардын хилватта болгон абалында) кирүүдөн сактангыла. Бир ансарий: я Расулуллох, кайнаганы назарда тутуп жатасызбы? деди. Кайнага(нын аялдын хилватта болгон абалында кириши) өлүм».

Бул хадис аял эрисиз же бирер махрамысыз болуп, болгону кайнагасы менен хилватта кала турган абалга карата айтылган. Хадистеги «حَمْوٌ хамв» эрдин аялга намахрам болгон бир тууганы т.а. эрдин ага-иниси жана амекисинин балдары. Эрдин атасы (кайната) болсо, мейли лугавий жактан эрдин туугандарына кирсе да, бирок, анын бул хадиске тиешеси жок, себеби, кайната аял үчүн махрам. Хадисте эрдин туугандарынын хилватта калган аялдын алдына кирүүлөрү арамдыкта күчөтө айтылып (мубалага), өлүм деп зикр кылынган.

Ал эми, аялдын эри же махрамдары бар убакта анын алдына киришине келсек, мунун зыяны жок. Бул барды-келди кылуу жана бирге тамактанып отуруу сыяктуу, шарият уруксат берген иштер түркүмүнө кирет. Кайтарылган нерсе аялдын махрамсыз абалы. Ибн Хажар «Фатхул Барий»де ушул хадистеги «الْحَمْوُ الْمَوْتُ кайнага – өлүм», деген сөздү мындай шархтайт:

«...кайнаганы назарда тутуп жатасызбы?» деген темага имам Муслимдин риваятында Ибн Вахб мындай дейт: Мен Лайстын «حَمْوٌ хамв – эрдин ага-иниси жана ага ушуга окшош эрдин амекисинин балдары сыяктуу туугандары”, - дегенин укканмын». Имам Термизий бул хадисти риваят кылгандан кийин мындай деди: «Бу эрдин ага-иниси... бул хадис риваят кылынышынча, «لاَ يَخْلُوَنَّ رَجُلٌ بِامْرَأَةٍ فَإِنَّ ثَالِثَهُمَا الشَّيْطَانُ Эркек аял менен эч качан (махрамсыз) ээн калышпасын, себеби, алардын үчүнчүсү шайтан болот» деген мааниде».

Буга Ахмад жана Термизийдин Жабирден риваят кылынган мугибаттар тууралуу бул хадиси да мисал болот: Жабир Расулуллох ﷺдан мындай дегенин риваят кылат:

«لاَ تَلِجُوا عَلَى الْمُغِيبَاتِ فَإِنَّ الشَّيْطَانَ يَجْرِي مِنْ أَحَدِكُمْ مَجْرَى الدَّمِ»

«Мугийбаттарга кирбегиле, себеби, шайтан бириңердин кан тамырында агып турат». «مُغِيبَاتٌ мугийбат» «مُغِيبَةٌ мугийба» сөзүнүн көптүгү болуп, эри гойиб (жок) болгон аялдар дегени.

Демек, кайнаганын кирүүгө тыюу салынышы темасы хилватта калган аялдын т.а. эри да, махрамы да жок аялдын алдына кириши темасы. Муну менен бирге, бул эри гойиб бўлган аялдын алдына кирүүгө тыюу салынышы темасы т.а. хилватта болгон темасы. Ал эми, бул аялды эри же махрамы бар абалда эринин туугандары зыярат кылышы жайиз. Анткени, бул нерсе эр менен аялынын туугандарынын о.э. аялы менен эринин туугандарынын ортосундагы барды-келдини бекемдөө болуп... булардын бардыгы – эгер шарият өкүмдөрүнө ылайык болсо – жайиз.

б) Аялдын жашоо жайы эринин карамагында. Т.а. эгерде, бул жашоо жайында – эрдин кудурети жана мүмкүнчүлүгүнө карап – аялга жакшы шарттагы турмуш камсыздалган болсо, эр каерде жашаса, аял да ошол жерде жашайт. Аял эри жашап турган жайдан өзүнчө башка жайды эрине жүктөшү дурус эмес, балким, жашоо жайын белгилөөдө эри менен татынакай түрдө тил табышуусу керек. Бирок, акыркы чечим эрдин колунда болот. Ошондой болгон соң, бул:

﴿أَسْكِنُوهُنَّ مِنْ حَيْثُ سَكَنتُم مِّن وُجْدِكُمْ﴾

*«Аларга өзүңөрдүн турак жайыңардан-кудуретиңер жеткен жайдан турак бергиле»* [65:6]

аятка ылайык, аял өзү жашап жаткан жайда жашашы лазым. Бул аят талак кылынган аялдардын идда убагындагы укуктары туурасында. Эгерде, аялдар талак мөөнөтү арасында ошол талак кылган эрлери жашап жаткан жайда жашоого акылуу болгон соң, демек, талак кылынбаган убакта ушундай болушу алда качан белгилүү эмеспи. «مِنْ حَيْثُ سَكَنْتُمْ» дегени өзүңүз жашап жаткан жай болуп, «حَيْثُ» сөзү зарфи макон. «مِنْ وُجْدِكُمْ» болсо “кудуретиңер”, “мүмкүнчүлүгүңөр” дегени.

Эгерде, аялдын жашап жаткан жайы тынч жана жакшы шартта болсо, ал жерде шариятка тескери нерселер жок болсо о.э. эрдин кудурет жана мүмкүнчүлүгү алкагында болсо, аял өзү каалаган жайга жайлабаганы үчүн эринен талак талап кылышы шариятка тескери.

в) Эр аялын анын туугандары менен барды-келди кылуусуна тыюу салуусу арам. Себеби, ата-эне менен барды-келди кылуу эркекке гана эмес, балким, аял-эркекке фарз. Себеби, Расулуллох ﷺдын төмөндөгү сөздөрүндө хитаб эркек кишиге да, аял кишиге да умумий:

«لاَ يَدْخُلُ الْجَنَّةَ قَاطِعُ رَحْمٍ»

«Туугандыкты үзгөн бейишке кирбейт» (Муслим Жубайр ибн Мутъимден риваят кылган).

Бул хадистеги «قَاطِعُ رَحْمٍ» сөзү нафий агымындагы накра болуп, «لاَ يَدْخُلُ» умумий сөз т.а. эркекти да аялды да өз ичине алат. Ушуга ылайык, эркекке өз ата-энеси менен барды-келди кылыш фарз болгону сыяктуу, аялга да өз ата-энеси менен барды-келди кылышы фарз. Ошондуктан, эр аялынын ата-энеси менен барды-келди кылуусуна тыюу салса, күнөөкөр болот. Эгер биз ушул нерсенин чындап далилин тапсак, эрге идарий жаза колдонобуз.

Ошондуктан, эр аялынын ата-энеси менен барды-келди кылышына шарт жаратып бериши, бул шарт аялдын эри жана анын үй-бүлөсүн кароосуна тескери келбей турган болушу керек. Бул болсо акылдуу, таква жана пакиза эрлер үчүн кыйын эмес. Ал эми, туугандар менен барды-келди кылууну проблема деп билүүчү кишилер болсо, Аллах

Субханахуга ыклас кылган жана Анын Расулу ﷺга садык болгон даъват калкынан эмес.

г) Эми,

﴿وَأۡمُرۡ أَهۡلَكَ بِٱلصَّلَوٰةِ وَٱصۡطَبِرۡ عَلَيۡهَاۖ لَا نَسۡـَٔلُكَ رِزۡقٗاۖ نَّحۡنُ نَرۡزُقُكَۗ وَٱلۡعَٰقِبَةُ لِلتَّقۡوَىٰ﴾

*«Үй-бүлө - үммөтүңдү намаз окууга буюргун жана өзүң да (намазда) чыдамдуу болгун! Биз сенден ырыскы сурайбыз, (тескерисинче) Өзүбүз сага ырыскы беребиз. Көркө акыбет-бейиш – таква заттар үчүн»* [20:132]

аяты мындай мааниде: Сен үй-бүлөң менен бирге Аллахка ибадат кылууга жүздөнө бер, ырыскы жана турмуш маселесинде болсо ташбишке түшпө. Биз сени ырыскыландырабыз, өзүңдү жана үй-бүлөңдү ырыскыландыруу туурасында сенден сурабайбыз. Демек, Аллахка итаат кылуу ташбишинде бол жана үй-бүлөңдү намазга буюр. Билип койгула, көркөм акыбет таква калкыныкы.

Имам Малик өзүнүн «Маватто»сунда Зайд ибн Асламдан, ал атасынан риваят кылат: «Умар ибн Хаттаб түндө Аллах каалаганча намаз окур эле жана түндүн акыркы бөлүгүндө үй-бүлөсүн намазга ойготуп, “намазга, намазга” деп, төмөндөгү аяти кариманы тилават кылат эле»:

﴿وَأۡمُرۡ أَهۡلَكَ بِٱلصَّلَوٰةِ وَٱصۡطَبِرۡ عَلَيۡهَاۖ لَا نَسۡـَٔلُكَ رِزۡقٗاۖ نَّحۡنُ نَرۡزُقُكَۗ وَٱلۡعَٰقِبَةُ لِلتَّقۡوَىٰ﴾

Аллах Субханаху бул аятта «وَاصْطَبِرْ عَلَيْهَا *(намазда) чыдамдуу болгула»,* деди. Мунун мааниси «وَاصْبِرْ عَلَيْهَا»дан көрө күчтүүрөөк. Себеби, «وَاصْطَبِرْ» вазниндеги артыктык маанисиндеги артыктык. Бул маани ушул маселеде кайратты, ижтихад кылууну о.э. эркек киши тозоктон жана тозоко жакындаштыруучу амалдардан узакта, үй-бүлөсүн жана өзүн оңдоо жолунда учурай турган кыйынчылыктарга катуу сабыр кылышын түшүндүрөт. Аллах солихтердин досу.

Ушуга байланыштуу бул аяти кариманы да зикр кылабыз:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ قُوٓاْ أَنفُسَكُمۡ وَأَهۡلِيكُمۡ نَارٗا وَقُودُهَا ٱلنَّاسُ وَٱلۡحِجَارَةُ عَلَيۡهَا مَلَٰٓئِكَةٌ غِلَاظٞ شِدَادٞ لَّا يَعۡصُونَ ٱللَّهَ مَآ أَمَرَهُمۡ وَيَفۡعَلُونَ مَا يُؤۡمَرُونَ﴾

*«Эй момундар,силер өзүңөрдү жана үй-бүлөңөрдү отуну адамдар жана таштар болгон тозоктон сактагыла, ал (тозок) үстүндө катуу дил жана катуу кол, Аллах өздөрүнө буюрган нерсеге баш ийбестик кылбай турган, жалаң гана өздөрнө буйрулган нерсени кыла турган периштелер турат»* [66:6]

﴿قُوٓاْ أَنفُسَكُمۡ وَأَهۡلِيكُمۡ نَارٗا﴾

т.а. силер өзүңөрдү жана үй-бүлөңөрдү (аял, бала-бакыраңарды) тозоктон алыс кылгыла. Бул ишти Аллахка итаат кылышыңар, маъруфка буюруп, мункардан кайтарышыңар, дин өкүмдөрүн үйрөнүп, аны үй-бүлөңөргө да үйрөтүшүңөр, алардын тарбиясын жана адебин шарият өкүмдөрүнө ылайык жакшы кылып, аларды намаз, орозо, хаж, зекет... сыяктуу өкүмдөргө буюрушуңар менен өтөгүлө.

Суроонуздун башына кайта турган болсок, эрлер жана аялдардан турган Хизб мүчөлөрүнүн эрди-катындык мамилелеринде мына ушундай чиеленишкен абалда экендиги мени иренжитти жана сарсанаага салды. Демек, ошол эрди-катын даъватта тапталып, бышып-жетилбептир, даъват ахлагын өздөрүнө алышпаптыр, даъватты чырайлуу өтөшпөптүр жана аны түшүнүп жетишпептир. Биз алардын кадамдары бекемделбей туруп, тайып жыгылышынан коркобуз.

25-шаввал, 1431-х.

## Аял кишинин кызыл ашык томугунан ылдыйкы бөлүгү тууралуу

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Жалпы (коомдук) турмушта аял кишинин кызыл ашык томугунан ылдыйкы бөлүгү ачык болушу жайизби, кызыл ашык томугунан ылдыйын ачуунун арамдыгы анын башка авраттарын ачуунун арамдыгына барабарбы? Жеке турмуштун чегарасы кандай т.а. үйдүн ичи гана жеке турмуш, ал эми, тышкарыда үйүнө коңшу тарап жалпы турмуш, ошондойбу? Жилбаб тууралуусындагы аяттагы төмөн түшүрүп кийүү сөзү кызыл ашык томугунан ылдыйын да өз ичине алабы? Кызыл ашык томугунун ылдыйкы бөлүгүнүн сыпаттары айтылганбы? Сиз, шайхибизди, Аллах жакшылык менен сыйласын.

**Жооп**:

1 – Жеке турмуштун чегарасы – үйдүн аял киши аврат жерлерин ача ала турган жана намахрам көрбөй турган жайы. Бул болсо, үйдүн чегарасынан тышкарысы жеке турмуш эмесин түшүндүрөт. Мисалы, аял үйү жайгашкан турак-жайдагы дүкөнгө (этаж үйлөрдүн төмөнкү кабаттарындагы дүкөндөр да назарга алынууда. ред.) бир нерсе алуу үчүн чыкса, авратын жаап, шаръий кийим кийип алуусу керек. Анткени, жеке турмуш – жогоруда айтканыбыздай – аял киши аврат жерлерин ача ала турган жана намахрам көрбөй турган жай т.а. үйү ичиндеги жай.

2 – Кызыл ашык томугунун ылдыйы аврат, аял киши аны жаап жүрүшү зарыл. Буга далил:

а) Аллах Субханаху ва Таала мындай дейт:

﴿يَا أَيُّهَا النَّبِيُّ قُلْ لأَزْوَاجِكَ وَبَنَاتِكَ وَنِسَاءِ الْمُؤْمِنِينَ يُدْنِينَ عَلَيْهِنَّ مِنْ جَلابِيبِهِنَّ ذَلِكَ أَدْنَى أَنْ يُعْرَفْنَ﴾

*«Эй пайгамбар, жубайларыңа, кыздарыңа жана момундардын аялдарына айткын, үстүлөрүнө жилбабдарын түшүрүшсүн, мына ушул алардын таанылып, азар тартпашы үчүн эң жакын (жол)»*

[33:59]

Т.а. үстүндөгү жилбабдарын ылдый түшүрүшсүн дегени. Аяттагы «يدنين» «төмөн түшүрүү» жилбаб эң кеминде кызыл ашык томугуна жеткирилип, аларды жаап турганда гана ишке ашат. Ансыз «төмөн түшүрүү» жүзөгө чыкпайт. Эгер, кызыл ашык томугунун ылдыйы байпак же туфли менен жабылган болсо, анда, жилбабды кызыл ашык томугуна чейин түшүрүү менен аяттагы «төмөн түшүрүү» мааниси жүзөгө чыгат. Бирок, кызыл ашык томугунун ылдыйы байпак же туфли менен жабылбаган болсо, жилбаб кызыл ашык томугунун ылдыйкы бөлүгүн жабышы үчүн жерге чейин жетиши шарт. Бул болсо кызыл ашык томугунун ылдый бөлүгү аврат экенин түшүндүрөт.

б) Ибн Умардан риваят кылынат: Расулуллах ﷺ мындай деген:

«مَنْ جَرَّ ثَوْبَهُ خُيَلاَءَ لَمْ يَنْظُرِ اللهُ إِلَيْهِ يَوْمَ الْقِيَامَةِ فَقَالَتْ أُمُّ سَلَمَةَ فَكَيْفَ يَصْنَعْنَ النِّسَاءُ بِذُيُولِهِنَّ قَالَ يُرْخِينَ شِبْرًا فَقَالَتْ إِذًا تَنْكَشِفُ أَقْدَامُهُنَّ قَالَ فَيُرْخِينَهُ ذِرَاعًا لاَ يَزِدْنَ عَلَيْهِ»

«Кимде-ким текебердик кылып этектерин сүйрөп жүрсө, Кыямат күнү Аллах ага карабайт». Ошондо Умму Салама сурады: «Анда аялдар этектерин эмне кылышат?». Айтты: «(Тизелеринен) бир сөөм түшүрүшсүн (узартышсын)». Айтты: «Анда буттары ачылып калат го?». Айтты: «(Тизелеринен) бир зиро (т.а. биро билек) узундукка узартышсын. Мындан ашырышпасын» (Тирмизий иштеп чыккан жана хасан сахих деген).

Бул хадис аял киши кызыл ашык томугунан ылдыйкы бөлүгүн жабышы шарттыгын ачык-айкын көрсөтүп турат. Умму Салама رضي الله عنها аялдар этектерин жерде бир сөөм узундукта сүйрөп жүрүшкөндө, айрыкча, жылаңайлак жүрүшкөндө кызыл ашык томугунан ылдый бөлүгү ачылып калуу ыктымалынан кооптонду. Исламдан мурун аялдар көп учурларда жылаңайлак жүрүшкөн. Умму Салама رضي الله عنهاнын кооптонушу артынан Расулуллах ﷺ аял кишинин этеги бир зиро (бир билек) узундукта болушуна, андан узартпоого уруксат берди. Хадистеги «Анда буттары ачылып калат го?» деген сөзүндө иллет даана өкүрүнүп турат.

Кыскасы, кызыл ашык томугунун ылдый бөлүгү аврат болуп эсептелет, аны башка аврат жайлары катары жабуу керек.

3 – Маалымат үчүн айтып өтөмүн: Абу Ханифа кызыл ашык томугунун ылдый бөлүгүн көрсөтүү жайиз деген. Анткени, ал киши Аллах Субханахунун:

﴿وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا مَا ظَهَرَ مِنْهَا﴾

*«Көрүнүп тургандан башка жасалгаларын көрсөтүшпөсүн»* [24:31] деген аятынын тафсиринде, «مَا ظَهَرَ مِنْهَا» сөзү бет жана алакан гана эмес, кызыл ашык томугунун ылдыйкы бөлүгү дагы кирет деген раъйды билдирген. Бирок, бул раъйга караганда – жогоруда айтканыбыздай – ушул аяти карима жана Бухарий хадиси далалатынан келип чыккан раъйыбыздын ыктымалы күчтүүрөөк. Дагы Аллах жакшы билүүчү жана хаким Зат.

Вассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

30-зул-каъда, 1436-х.
14-сентябрь, 2015-м.

## Аял кишинин буттары (томугунан ылдыйы) ачык абалда намаз окушу туурасында

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Аял кишинин буттары (томугунан ылдыйы) ачык абалда намаз окушу жайизби?

Жооп: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Авратты жабуу намаздын дурус болуусу шарттарынын бири, аврат жабылбаса, намаз дурус болбойт. Бул жаатта эркек да, аял да бирдей, намазды адамдар алдында же жалгыз абалда окуунун айырмасы жок, намазкөй авратын албетте жабышы керек. Буга Ибн Умар ﷺ Набий ﷺдан риваят кылган хадис далил, ал зат мындай дейт:

«إِذَا صَلَّى أَحَدُكُمْ فَلْيَتَّزِرْ وَلْيَرْتَدِ»

«Эгер, кимде-ким намаз окуса (авратын) ороп жаап алсын» (Ибн Хиббан, Ахмад, Байхакий жана Тахавий риваят кылган). Айша رضي الله عنها риваят кылат, Набий ﷺ мындай дейт:

«لاَ يَقْبَلُ اللَّهُ صَلاَةَ حَائِضٍ إِلاَّ بِخِمَارٍ»

«Аллах айыз жашындагы аялдын намазын жоолуксуз кабыл албайт» (Ибн Мажа, Ахмад, Абу Давуд жана Ибн Хиббан риваят кылган).

Аялдын авраты – жүзү жана алакандарынан тышкары – бардык денеси. Буга төмөндөгүлөр далил:

Ибн Абу Шайба өз «Мусаннаф»ында Ибн Аббастан риваят кылат: «Аллах Тааланын:

﴿وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا مَا ظَهَرَ مِنْهَا﴾

*«...О.э. көрүнүп тургандарынан башка зийнат (орду)ларын көрсөтүшпөсүн»* [24:31]

деген аятындагы «көрүнүп тургандары» – бул аялдын жүзү жана алакандары».

Байхакий «Адаб»да риваят кылат: «Аллах Азза ва Жалла айтты:

﴿وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا مَا ظَهَرَ مِنْهَا﴾

*«...О.э. көрүнүп тургандарынан башка зийнат (орду)ларын көрсөтүшпөсүн»* [24:31]

Шафиий رحمه الله: «Ал – аялдын жүзү жана алакандары, бизге мындай маани Айша, Ибн Аббас жана Ибн Умардан риваят кылынды», - деди».

Абу Давуд «Маросил»инде Катададан риваят кылат, Расулуллах ﷺ мындай деди:

«إِنَّ الْجَارِيَةَ إِذَا حَاضَتْ لَمْ يَصْلُحْ أَنْ يُرَى مِنْهَا إِلَّا وَجْهُهَا وَيَدَاهَا إِلَى الْمَفْصِلِ»

«Аял киши айыз жашына жеткенден кийин, анын жүзү жана муундарына чейин болгон эки колунан башкасы көрүнүшү жакшы эмес».

Ушул далилдерден баамдалгандай, аялдын жүзү жана алаканынан башка бүткүл денеси аврат болуп, буттары (томугунан ылдыйы) да аврат. Муну Расулуллах ﷺдын Умму Салама туурасында айткан хадиси да тастыктайт: Умму Салама Набий ﷺдан: «Аял киши көйнөк жана жоолук менен, ылазымсыз абалда намаз окуса болобу?», – деп сурады. Ошондо ал зат мындай деди:

«إِذَا كَانَ الدِّرْعُ سَابِغًا يُغَطِّي ظُهُورَ قَدَمَيْهَا»

«Эгер көйнөгү буттарын (томугунан ылдыйын) жаап турган даражада узун болсо (мүмкүн)». Хаким риваят кылып: «Бул хадис Бухарийдин шарттарынын шартына ылайык сахих, аны Бухарий жана Муслим риваят кылбаган», деди. Захабий Талхисте «Бухарий шартына ылайык сахих» деди.

6-зул-хижжа, 1434-х.
11-октябрь, 2013-м.

## Аялдын аялга карата авраты

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллахи ва барокатух. Сураныч, аял кишиге карата аял киши авратынын микдарын шаръий далил менен баяндап берсеңиз. О.э. “аялдын аял кишиге карата авраты киндик менен тизенин ортосу” деп айтуучу адамдарга, “аялзатына карата аял кишинин авраты – өз махрамдарына болгон авраты сыяктуу жасалга-зыйнат тагылуучу орундары” деп айтуучу адамдарга далилдердин тыянак жихаттары баян кылып берилсе.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух. Аял кишинин аял кишиге карата авратына токтоло турган болсок, бул жаатта эки түрдүү фикхий рай бар, экөөнүн тең далил келтирүү жихаты бар:

Биринчиси: Аял кишинин аял кишиге карата авраты эркек кишинин эркек кишиге карата болгон авратына окшойт т.а. киндик менен тизенин ортосу, – деп айтышат айрым фукахалар.

Эккинчиси: Аял кишинин аял кишиге карата авраты – бул анын бүткүл денеси. Болгону, аял киши адатта коздук жасалгаларын тагып жасана турган жайлар мындан мустасна: баш – анткени ал таажы тагыла турган жай, жүз – сурма коюла турган жай, моюн менен көкүрөк – маржан (мончок) тагыла турган жай, кулак – зирак (сырга) тагыла турган жай, билек – думлуж (чыканактан жогору тагыла турган үзүк) тагыла турган жай, соид (чыканактан колго чейинки жер) – билерик тагыла турган жай, кол – шакек тагыла турган жай, балтыр – халхал (аялдар буттарына тага турган жасалга) тагыла турган жай, кадам (бут) – боёло турган жай.

Булардан башкасы т.а. аял кишинин адатта зыйнаттана турган орундарынан тышкаркысы аял кишиге аврат болуп эсептелет. Т.а. ал киндик менен тизенин ортосу эле эмес…

Буга Аллах Тааланын төмөнкү аяты далил болот:

وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا لِبُعُولَتِهِنَّ أَوْ آبَائِهِنَّ أَوْ آبَاء بُعُولَتِهِنَّ أَوْ أَبْنَائِهِنَّ أَوْ أَبْنَاء بُعُولَتِهِنَّ أَوْ إِخْوَانِهِنَّ أَوْ بَنِي إِخْوَانِهِنَّ أَوْ بَنِي أَخَوَاتِهِنَّ أَوْ نِسَائِهِنَّ أَوْ مَا مَلَكَتْ أَيْمَانُهُنَّ أَوِ التَّابِعِينَ غَيْرِ أُوْلِي الْإِرْبَةِ مِنَ الرِّجَالِ أَوِ الطِّفْلِ الَّذِينَ لَمْ يَظْهَرُوا عَلَى عَوْرَاتِ النِّسَاء

“Алар кооздук жасалгаларын көрсөтүшпөсүн, бирок эрлерине же аталарына, же эрлеринин аталарына, же уулдарына, же эрлеринин уулдарына, же өздөрүнүн ага-инилерине, же ага-инилеринин уулдарына, же эже-сиңдилеринин уулдарына, же өздөрү (сыяктуу) аялдарга, же кол астындагы күңдөргө, же (аялдарга) муктаж болбогон (т.а. өтө карып калган, же болбосо акылсыз-дубана) эркек кызматчы-кулдарга, же аялдардын авраттарынан кабарсыз болгон наристелерге (көрсөтүүлөрү жайиз)”. [24:31]

Демек, ушул кишилердин бардыгы махрамы болгон аял кишинин чачына, мойнуна, думлуж тагыла турган жерине, халхал тагыла турган жерине, мончок тагыла турган жерине жана булардан тышкары, кооздук жасалга орду деген нерсеге туура келе турган мүчөлөрүнө кароосу жайиз.

Анткени, Аллах Таала мындай деп жатат:

وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ

“Алар кооздук жасалгаларын (т.а. кооздук жасалгаларынын ордун) көрсөтүшпөсүн”.

Аятта махрам кылынганы сыяктуу эле аялдар да айтылды. Демек, аялдар бири-биринин кооздук жасалга тагыла турган жерлерине кароосу жайиз. Ал эми кооздук жасалга тагыла турган жерлерден башкасы болсо аял кишиге башка аялдын алдында аврат болуп кала берет.

Далилге ылайык, биздин назарыбыздагы рожих (күчтүүрөөк далил) мына ушул. Биз рожихин айтып жатабыз, себеби “аял кишинин башка аял кишиге карата авраты кудум эркек кишинин эркек кишиге карата болгон авраты сыяктуу т.а. киндик менен тизенин ортосу” деп белгилей турган адамдар да бар.

13-ражаб, 1434-х.
23-май, 2013-м.

## Аялдын кийими тууралуу

**Мазмуну жагынан бирдей суроолор**:

1 – Талал Фавзий:

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух! Шейхибизди жана амирибизди Аллах Өз коргоосунда сактасын жана ага камкордук кылсын, ушул динди азиз кылуу үчүн ал кишиге нусрат-жардам берсин, аамин!

Азиз шейхибиз. Аял киши хос турмушунда намахрам туугандары, мисалы, аталары бир тууган ага-инилери, бөлө ага-инилери жана эринин ага-инилери сыяктуу намахрам туугандары алдында көрсөтүшү мүмкүн болгон нерселерди кеңири түшүндүрүп беришиңизди каалаймын.

Аял алардын алдында, мисалы, шым менен же блуза (кыска плащ) менен көрүнүшү мүмкүнбү?

Сизден Аллах ыраазы болсун жана ушул Үммөткө пайгамбарлык минхажы негизиндеги туура жолду тутуучу Халифалык мамлекетин тикелөөнү сиздин колуңуз менен, Өзүнүн бекем нусрат-жардамы менен берсин!

2 – Булугука Маромий:

«Чачын улаган жана улаткан аял…» хадисине аялдын париги же жасалма чач да киреби? Аллах сизден ыраазы болсун!

3 – Mosa Za: Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Урматтуу боордош, бизде мындай көрүнүш бар т.а. аял киши шым үстүнөн тизесине чейин узундукта жилбаб кийет, ушул жайизби?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Баарыңардын суроолоруңар мазмун жагынан бирдей болгону үчүн баарына бирдей жооп беремин:

1 – Аял өзүнүн хос турмушунда эри жана махрамдары менен бирге жашайт. Ал эми, аталары бир тууган ага-инилери жана бөлө ага-инилери сыяктуу туугандары айт менен куттуктап, силаи рахм үчүн жана башка нерселерге байланыштуу келе турган болушса, аялдар өз үйлөрүндө аларга көрүнүшү мүмкүн эмес, авраттарын жаап, жасанбай көрүнүүлөрү гана мүмкүн, шым кийүү да жасанууга кирет. Ошондуктан, аялдар намахрам туугандары айт менен куттуктап, силаи рахм үчүн жана башка нерселерге байланыштуу келгенде, алардын алдына шым кийип чыгышы дурус эмес.

2 – Эгер, аял үйүнөн жалпы жайга чыкса, албетте шаръий кийим кийиши керек. Бул кийимде үч нерсе табылышы шарт: аврат жабылышы, жасанбашы, жилбаб кийүү жана жоолук оронуу.

3 – Жилбаб – кең, жаап тура турган жана ички кийимдерди чулгап турган кийим. Аллах Субханаху айтат:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّبِيُّ قُل لِّأَزۡوَٰجِكَ وَبَنَاتِكَ وَنِسَآءِ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ يُدۡنِينَ عَلَيۡهِنَّ مِن جَلَٰبِيبِهِنَّ﴾

*«Эй Набий, жубайларыңа, кыздарыңа жана момундардын аялдарына айткын, үстүлөрүнө жилбабдарын жабышсын!»* [33:59]

Т.а. жамынчы жана плащ сыяктуу көчөгө чыгуу үчүн болжолдонгон о.э. кийимдер үстүнөн кийилип, узун болгон кийимдерди кийишсин деп жатат. Ошондуктан, жилбаб аялдын кадамдарына чейин (томуктун ылдыйкы бөлүгүнө чейин) чулгап турган узун болушу шарт кылынган, себеби, Аллах Субханаху:

﴿يُدۡنِينَ عَلَيۡهِنَّ مِن جَلَٰبِيبِهِنَّ﴾

*(... Үстүлөрүнө жилбабдарын жабышсын!)* деп жатат т.а. жилбабдарын узартышсын. Себеби, бул жердеги «мин» кээ бирөөсүн деген мааниде эмес, баян маанисинде келген. Т.а. жамынчы же плащты төмөнгө чейин түшүрүп узартышсын. Эгер, аялдын кадамдары байпак же маасы менен жабылган болсо, бул нерсе жилбаб узун кылып түшүрүлгөнүнө далалат кыла турган түрдө узун түшүрүлгөнүнүн ордуна өтпөйт. Бул абалда кадамдар жабык болгону үчүн аларды чулгоо зарылдык жок. Бирок, төмөнгө чейин созулуу жүзөгө келиши үчүн жилбаб албетте кадамдарга жетип турушу зарыл, себеби бул кийим аял жалпы турмушта кийиши важиб болгон кийими экендиги ачык-айкын билинип турушу жана Аллахтын «узун кылып алышсын» деген аяты жүзөгө чыгат.

Ушуга ылайык, аял кишинин жалпы жашоодо шым кийип, кадамдарына жетпеген абалдагы тизесине чейин узундукта плащ кийиши жилбабдын шаръий маанисине туура келбейт. Аял ички кийимдерин жаап, кадамдарына чейин түшкөн жилбабсыз жалпы жашоого чыгышы мүмкүн эмес. Эгер, ушундай жилбабы жок болсо, көчөгө чыкпайт же кошуна аялдын жилбабын сурап кийет. Буга далил: Имам Муслим өз «Сахих»инде Умму Атиядан риваят кылат, Умму Атия айтат: Расулуллах ﷺ бизге жаш кыздарды, хайз көрүп турган жана жуучу түшкөн кыздарды рамазан жана курман айттарына чыгарышыбызды буюрду. Хайз көрүп тургандары намаздан четтешет, жакшылыкка жана мусулмандардын дубасына күбө болушат. Мен: Я Расулуллах, кээ бирибиздин жилбабы болбосочу, деп сурадым. Ал зат:

«لِتُلْبِسْهَا أُخْتُهَا مِنْ جِلْبَابِهَا»

«Ага эже-сиңдиси (курдашы) жилбабын кийдирип турсун», - деди.

4 – Парик жасанууга кирет. Ошондуктан, парик кийген аял жалпы турмушка чыгышы мүмкүн эмес. Париги жоолук менен оролуп, караган кишини өзүнө тартпай турган болсо гана чыгышы мүмкүн. Муну менен

бирге, парикти үйүндө жогоруда айтылган намахрам туугандары алдында да кийиши мүмкүн эмес.

Эми, парик чач улаганга жана улатканга киреби деген суроого келсек:

Бул маселе андай эмес. Себеби, өзүнүн чачын узартуу үчүн башка чачты улоо, чачынын үстүнөн парик кийген эмес, чачын узун кылып көрсөтүү үчүн башка чачты улоо – чач улоо деп айтылат. Бул болсо, аял киши каерде болушуна карабастан – ал тургай, өз үйүндө болсо да – арам. Буга далил: Абу Хурайра ﷺ Набий ﷺдын:

«لَعَنَ اللَّهُ الوَاصِلَةَ وَالمُسْتَوْصِلَةَ...»

«Аллах чачын улаган жана улаткан аялды… наалаттады», дегенин риваят кылды (Бухарий риваяты). Аялдын парик кийиши болсо, эри жана махрамдары алдында жайиз, махрамдарынан башкалар алдында жайиз эмес, себеби, ал жасанууга кирет.

30-шаввал, 1434-х.

6-июль, 2013-м.

## Аялдын шаръий кийими жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум!

Суроом хижаб жөнүндө. Хижаб далили бар бир фарзбы же бир салтка айланып, кийин азат аялды чөрүдөн айырмалап туруу үчүн фарз кылынганбы (себеби, түпкүлүгүндө хижаб таптык мазмунга ээ мыйзам болуп, андан азат аялды чөрүдөн айырмалап туруу максат кылынган). Сахабалар хижабды мына ушундай түшүнүшкөн. Умар ибн Хаттаб Мединаны кезип жүрүп, эгер бирер хижаб кийген чөрүнү көрүп калса, аны өзүнүн даррасы менен уруп, башынан хижабын түшүп кеткенде: Эмнеге чөрүлөр азат аялдарга окшоп жатышат? – деген. Кыскасы, айтмакчы болгонум, бүгүн – алхамду лиллах –чөрүлөр да, кулдар да жок болгон заманда жилбаб кийүү жокко чыгат. Куръанда да, Сүннөттө да: хижаб фарз, себеби, ал фитнаны жок кылат же пакизалыкты билдирет, деген өз жок. Ким ушундай десе, ал күнөөкөр болот жана Аллахка жалган жалаа жапкан болот. Аял хижаб кийсе жана Аллах ушуга буюрган деген итикадда хижабга даъват кылса, чоң күнөө кылган болот, себеби, ал Аллах да, Расулу да айтпаган мыйзамдарды фарз кылып алган инсандарды Аллахтын өкүмүнө шерик кылды о.э. аларды Куръан рисалаты жана анын туура жолунан адаштырды. Хижаб исламий фарз эмес, ал Исламдан мурун бар болгон ижтимаий адаттардан болуп, динге таптакыр алакасы жок. Эң жаманы – адат жана каада-салттар менен Аллахтын Куръани Кариминдеги буйруктарын чаташтырып жиберүү. Себеби, бирер адатты Аллахтын алдынан келген деп айтуу Аллахка ширк келтирүү болуп, Жалла Жалалуху жөнүндө жалган жалаа жабуу эсептелет». Сизден ушул сөздөргө түшүндүрмө берет деген үмүттөмүн, сизге Аллах береке берип, бизди да, сизди да хидаят кылсын.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Аял кишинин шаръий кийиминин далилдери ачык-айкын. Бул кийим, эгер, адамдар бул кийимге адаттанышкан болсо аны колдонушат, адаттанышпаган болсо бул кийим колдонулбаган салтка кирбейт. Тескерисинче, бул, Аллах Субханаху ва Таала аялдарга буюрган фарзы:

Шарият аялга үйүнөн жалпы жашоого чыкканда белгилүү бир шаръий кийимди важиб кылды. Аялга базарларга чыкканда же көчөдө жүргөндө кийими үстүнөн кийе турган башка кийими болушун важиб кылды. Анын кийимдеринин үстүнөн кийе турган жана аны кадамдарын (буттарынын томугунан ылдыйкы бөлүгүн) тосуп турган даражада төмөн түшкөн шаръий маанидеги жилбабы болушун важиб кылды. Эгер жилбабы болбосо, кошунасы, же досу, же тууганынан жилбаб алып турат. Эгер, алууга кудуреттүү болбосо же эч ким берип турбаса, жилбабсыз көчөгө чыгышы мүмкүн эмес. Эгер кийимдеринин үстүнөн кийе турган

жилбабсыз көчөгө чыкса күнөөкөр болот. Себеби, бул абалда аял Аллах ага фарз кылган амалды таштаган болот. Бул өкүмдөр аялдын төмөнкү кийимине тиешелүү. Үстүңкү кийимге карата болсо, аялдын жоолугу же ага окшош, анын ордун баса турган кийими болушу, бул кийим башынын бардык бөлүгүн, мойнунун бардык тарабын жана көйнөктүн көкүрөктөгү ачык жайларын тосуп турушу керек. О.э. бул кийим базарга баруу же көчөдө жүрүү үчүн даярдалышы т.а. кийимдердин үстүнөн кийиле турган болушу керек. Мына ушул эки кийими (т.а. кийимдеринин үстүңкү жана ылдыйкы кийимдерин чулгап кийими) болсо, аял базарларга барышы же көчөдө жүрүшү т.а. коомдук турмушка чыгышы мүмкүн. Эгер бул эки кийими болбосо, эч бир абалда чыгышы мүмкүн эмес. Себеби, бул эки кийимди кийүүгө болгон буйрук умумий келип, аны хостоочу өкүм таптакыр келбеген. Ушуга ылайык, ал бардык абалдарда да умумий боюнча калат.

Коомдук турмуш үчүн ушундай эки кийим болушунун важибдигине төмөндөгү аяттар далил болот. Үстүңкү кийим жөнүндө Аллах мындай дейт:

﴿ وَلَا يُبْدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا مَا ظَهَرَ مِنْهَا ۖ وَلْيَضْرِبْنَ بِخُمُرِهِنَّ عَلَىٰ جُيُوبِهِنَّ ۖ ﴾

*«Көрүнүп тургандан башка жасалгаларын (намахрамдарга) көрсөтүшпөсүн жана көкүрөктөрүн жоолуктары менен тосушсун!»* [24:31]

Аллах Таала ылдыйкы кийим жөнүндө мындай дейт:

﴿ يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّبِيُّ قُل لِّأَزْوَٰجِكَ وَبَنَاتِكَ وَنِسَآءِ ٱلْمُؤْمِنِينَ يُدْنِينَ عَلَيْهِنَّ مِن جَلَٰبِيبِهِنَّ ۚ ﴾

*«Эй Пайгамбар, жубайларыңа, кыздарыңа жана момундардын аялдарына айткын, үстүлөрүнө жилбабдарын түшүрүшсүн!»* [33:59]

Умму Атийя риваят кылат:

«أَمَرَنَا رَسُولُ اللَّهِ ﷺ أَنْ نُخْرِجَهُنَّ فِى الْفِطْرِ وَالأَضْحَى، الْعَوَاتِقَ وَالْحُيَّضَ وَذَوَاتِ الْخُدُورِ، فَأَمَّا الْحُيَّضُ فَيَعْتَزِلْنَ الصَّلاَةَ وَيَشْهَدْنَ الْخَيْرَ، وَدَعْوَةَ الْمُسْلِمِينَ. قُلْتُ يَا رَسُولَ اللَّهِ إِحْدَانَا لاَ يَكُونُ لَهَا جِلْبَابٌ، قَالَ: لِتُلْبِسْهَا أُخْتُهَا مِنْ جِلْبَابِهَا»

«Расулуллах ﷺ бойго жеткен кыздарды, айыз көрүп турган жана жуучу түшкөн кыздарды рамазан жана курман айттарына чакырышыбызды буюрду. Айыз көрүп тургандары намаздан четтешет, жакшылыкка жана мусулмандардын дубасына күбө болушат». Айттым: «Кимдир бирөөбүздүн жилбабы болбосочу?». Айтты: «Ага эжеси жилбабын берип турсун». (Муслим риваяты). Ушул далилдер аялдын жалпы турмуштагы кийимин ачык-айкын баян кылып берүүдө. Аллах

Таала бул эки аятта аялга жалпы турмушта кийиши важиб болгон кийимди анык жана толук сыпаттап берди. Аялдын үстүңкү кийими жөнүндө Аллах Таала мындай дейт:

﴿ وَلۡيَضۡرِبۡنَ بِخُمُرِهِنَّ عَلَىٰ جُيُوبِهِنَّ ۖ ﴾

*«Көкүрөктөрүн жоолуктары менен тосушсун»* [24:31]

Т.а. баш жамынчыларын мойнуларына, көкүрөктөрүнө оронушсун, көйнөк жана кийим жакасынан көрүнүп турган моюн жана көкүрөктөрүн бекитишсин. Аялдардын ылдыйкы кийими жөнүндө болсо мындай дейт:

﴿ يُدۡنِينَ عَلَيۡهِنَّ مِن جَلَٰبِيبِهِنَّ ۚ ﴾

*«Үстүлөрүнө жилбабдарын түшүрүшсүн!»* [33:59]

Т.а. көчөгө чыгуу үчүн кийимдери үстүнөн кийген жилбабдарын ылдыйга чейин түшүп тургандай узун кылышсын. Аялдын ушул кийиминин жалпы көрүнүшү жөнүндө мындай дейт:

﴿ وَلَا يُبۡدِينَ زِينَتَهُنَّ إِلَّا مَا ظَهَرَ مِنۡهَا ۖ ﴾

*«Көрүнүп тургандан башка жасалгаларын (намахрамдарга) көрсөтүшпөсүн»* [24:31]

т.а. кулак, билек, балтыр сыяктуу зийнат орундарын көрсөтүшпөсүн. Бул аят түшкөндө т.а. Расулуллах ﷺдын доорунда жалпы турмушта көрүнүп турган жайлар т.а. жүз жана кол алакандары мындан сырткары. Мына ушул анык сыпаттоо аркылуу аялдын жалпы турмуштагы кийими эмне жана кандай болушу важибдиги жаркын белгилүү болот. Умму Атийянын хадиси аял көчөгө чыкканда кийими үстүнөн кийе турган жилбабы болушу важибдигин ачык-айкын баян кылды. Ал Расулулах ﷺдан «Кимдир бирөөбүздүн жилбабы болбосочу?» - деп сураганда, ага мындай деп жооп берди: «Ага эжеси жилбабын берип турсун». Т.а. ал Расулуллах ﷺдан: «Көчөгө чыгышы үчүн кийими үстүнөн кийе турган жилбабы жок болсочу?» - деп сураганда, Расулуллах ﷺ ага курбусу кийими үстүнөн кийе турган жилбабын берип туруунун буйруду. Мунун мааниси, эгер курбусу берип турбаса, көчөгө чыгышы мүмкүн эмес. Бул болсо, хадистеги буйрук фарз экенине ишарат т.а. аял көчөгө чыгууну каалаласа, кийими үстүнөн жилбаб кийиши фарз болуп, аны кийбесе чыкпайт.

Жилбаб кадамдарды да жаап турган даражада ылдыйга чейин түшүп турушу шарт. Себеби, Аллах аятта айтат:

﴿ يُدۡنِينَ عَلَيۡهِنَّ مِن جَلَٰبِيبِهِنَّ ۚ ﴾

*«Үстүлөрүнө жилбабдарын түшүрүшсүн!»* [33:59]

т.а. жилбабдарын узартышсын. Себеби, бул жердеги «мин» кээ бирин деген мааниде эмес, баян маанисинде келген. Т.а. жилбабды ылдыйга чейин түшүрүп узартышсын. Себеби, Ибн Умардан риваят кылынышынча, Расулуллах ﷺ айтты:

«مَنْ جَرَّ ثَوْبَهُ خُيَلاَءَ لَمْ يَنْظُرِ اللَّهُ إِلَيْهِ يَوْمَ الْقِيَامَةِ، فَقَالَتْ أُمُّ سَلَمَةَ: فَكَيْفَ يَصْنَعُ النِّسَاءُ بِذُيُولِهِنَّ؟ قَالَ: يُرْخِينَ شِبْرًا، قَالَتْ: إِذًا تَنْكَشِفُ أَقْدَامُهُنَّ؟ قَالَ: يُرْخِينَ ذِرَاعًا لاَ يَزِدْنَ عَلَيْهِ»

«Кимде-ким текебердик кылып этектерин сүйрөп жүрсө, Кыямат күнү Аллах ага карабайт». Ошондо Умму Салама сурады: «Анда аялдар этектерин эмне кылышат?». Айтты: «(Тизелеринен) бир сөөм түшүрүшсүн (узартышсын)». Айтты: «Анда буттары көрүнүп турсачы?». Айтты: «(Тизелеринен) бир зиро (т.а. биро билек) узундукта узартышсын. Мындан ашырышпасын». Тирмизий риваят кылып, бул хасан сахих хадис, деген. Бул болсо, аялдын кийими үстүнөн кийген жилбабы буттарын жаап турган даражада узун болушу зарылдыгын ачык-айкын билдирип жатат. Эгер бут байпак же маасы менен жабылган болсо, бул нерсе жилбаб узун кылып түшүрүлүшүнө далалат кылган узун түшүрүлгөндүккө өтпөйт, себеби, үстүңкү кийим т.а. жилбаб бутуна чейин узартылып түшүрүлүүсү шарт. Бул абалда буттар жабык болгону үчүн аларды жабууга зарылдык жок. Коомдук кийим экени билинип турушу үчүн жилбаб узун болуп таманына чейин узартылып түшүп турганы көрүнүп туруусу керек. Бул кийим аял коомдук турмушта кийиши важиб болгон кийими экендиги ачык-айкын билинип туруусу жана Аллахтын *«түшүрүшсүн»*, деген сөзү жүзөгө чыгышы кажет.

Көрүп тургандай, жогорудагы нусустарда бул кийимдин сыпаттары анык белгилеп берилген жана далалатында эч кандай белгисиздик жана бүдөмүктүк жок. Умму Атийя жилбаб болбосо эмне кылуу керектиги жөнүндө сураганда, Расулуллах ﷺ кошунасынан алып турушун айтты, бул болсо, бул кийим шаръий түрдө важиб экенине күчтүү далалат кылат.

Боордошуңуз Ато ибн Халил Абу Рушта 1-мухаррам, 1434-х.
4-ноябрь, 2013-м.

## Кызына сунушталган жумушту атасы четке кагышы жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

Сизден бир нерсе жөнүндө сурамакчымын. Мага жумуш сунуш кылынды. Бирок, атам бул коом бузгунчу, ошондуктан, атанын важиб вазыйпасы – кызын коргоо, аны коомдун мүчөлөрү кылып жаткан ыплас иштерден сактоо деген көз карашынан келип чыгып иштешимди четке кагууда. Иш жөнүндө айта турган болсом, тогуз жаштагы балдарга тарбиячы болуп иштөө. Мен аларды Куддуска, анын мечитине алып чыгышым керек жана ага тиешелүү бардык нерселерди аткарышым шарт болот. Мен курбум менен иштешим божомол кылынууда. Бирок, атам проблема курбума да, ишиме да тиешелүү эмес экенин айтты. Атам бул иш биз үчүн зарыл болбогон башка жоопкерчиликтерди жүктөйт деген пикирде. Мен бул жумушта иштеп көрүүнү каалап жатам, атам болсо аны четке кагып жатат. Ал мага: бул сыяктуу ар кандай жумуш Халифалык мамлекети тикеленишинен жана жарандарын коргогон камкор бир жетекчи жүзөгө келишинен мурун алгылыктуу, жакшы эсептелбейт деди. Бул туурасында сиздин ойуңуз кандай?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух

Оболу, атаңызга итаат кылыңыз. Себеби, ал сизге пакизалыкты каалайт...

Сиз балдарга тарбиячы болууңуз – ушул иш менен гана чектелсе – албетте мубах. Бирок, сиз иштей турган уюмдагы иш жалаң балдар менен гана чектелип калбашы мүмкүн. Балким, кийинчерээк эркектер менен аралашып иштей турган жумуштар же ушуга окшогон нерселер талап кылышынын ыктымалы да бар. Атаңыз ушундан коркуп жаткан болсо керек. Кандай болбосун, шек-күмөнсүз сахабалар – алардан Аллах ыраазы болсун – эркектери да, аялдары да, арамга түшүп калбоо үчүн арамга жакын болгон кээ бир мубахтардан өздөрүн алыс кармашканын сиз билесиз.

Корутундулап айтканда атаңыз менен түшүнүшүүгө аракет кылыңыз. Эгер, атаңыз бул ишке арам аралашпашына анык ишеним пайда кылса жана сиз иштемекчи болуп жаткан ушул уюм аялдар менен эркектердин аралаш болуп иштебешине, жаш балдарга гана тарбиячы болууга чектелишине кадыржам болсо, анда жакшы. Бирок, эгер ыраазы болбосо, анда – ал тургай, ошол иш мубах болгон тагдырда да – атаңызга итаат кылыңыз. Атаңыз ошол ишке чыгышыңызды каалабаса, ага итаат кылыңыз, сиз үчүн ажр-сооп болот. Аллах Субханаху Өзүнө ибадат кылууну ата-энеге жакшылык кылууга байлады. Ата-энеге жакшылык кылуунун бири – жакшылык иштеринде аларга итаат кылуу. Аллах Субханаху айтат:

﴿وَقَضَىٰ رَبُّكَ أَلَّا تَعۡبُدُوٓاْ إِلَّآ إِيَّاهُ وَبِٱلۡوَٰلِدَيۡنِ إِحۡسَٰنًاۚ إِمَّا يَبۡلُغَنَّ عِندَكَ ٱلۡكِبَرَ أَحَدُهُمَآ أَوۡ كِلَاهُمَا فَلَا تَقُل لَّهُمَآ أُفّٖ وَلَا تَنۡهَرۡهُمَا وَقُل لَّهُمَا قَوۡلٗا كَرِيمٗا﴾

*«Роббиң, Жалгыз Анын Өзүнө ибадат кылууңарды о.э. ата-энеге жакшылык кылууңарды буйруду. Эгер алардын (ата-эненин) бирөөсү же болбосо экөөсү тең сенин кол астыңда карылык жашына жетишсе, аларга карап «уф» дебе жана алардын (сөздөрүн) кайтарба! Аларга (ар дайым) жакшы сөз айткын!»* [17:23]

Ахмад өзүнүн Муснадында Абдуллах ибн Амрдан мындай дегенин риваят кылды: Атам менин үстүмдөн Расулуллах ﷺга арызданды, Расулуллах ﷺ:

«أَطِعْ أَبَاكَ مَا دَامَ حَيًّا، وَلاَ تَعْصِهِ»

«Атаңа тирүү кезинде итаат кылгын, ага баш ийбестик кылба» деди.

20-сафар, 1435-х.
23-декабрь, 2013-м.

## Согуш майданына чыккан аялдардын өкүмү

**Суроо**: урматтуу боордошубуз, шейхибиз, амирибиз Ато мырза… Ассаламу алайкум!

1 – Мен бир жигит менен талкуулашып жатып согуштагы аялдар маселесинде ихтилаф кылып калдым. Бул аялдарга кошуунду кайраттандыруу үчүн согуш майданына чыккан аялдардын өкүмү ылайык келеби же туткундардын өкүмү ылайык келеби. Белгилүү болгондой, бүгүнкү күндө колуна курал алып эркек кишилерге окшоп согушуп жаткан учкуч, артиллериячы жана деңиз флотунда кызмат кылып жаткан аялдар бар.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Согуш майданына чыккан аялдардын өкүмү – алар согуш майданына кошуунду кайраттандыруу үчүн чыкканбы же кошуун менен биргеликте согушуу үчүнбү, айырмасыз – мына ушул өкүмдүн өзү болот. Кошуунду кайраттандыруу үчүн согуш майданына чыккан аялдарды өлтүрүү жайиз эмес, ал эми, согушкан аялдарды өлтүрүү жайиз. Муттафакун алайх хадисте Нафиъден риваят кылынат, Абдуллах ﵄дын айтышынча, Расулуллах ﷺдын казатынын биринде бир аял өлтүрүлгөн абалда табылды. Ошондо Расулуллах ﷺ аялдар жана балдарды өлтүрүүдөн кайтарды. О.э. Абу Давуд Умар ибн Мураккаъ ибн Сайфий ибн Рабахтан риваят кылган сахих хадисте ал айтты: Мага атам бабам Рабах ибн Рабиъден риваят кылып айтты: Биз Расулуллах ﷺ менен бир казатта бирге элек. Ошондо Расулуллах ﷺ адамдардын бир нерсе үстүндө топтолуп турушканын көрдү. Кийин бир кишини алардын алдына жиберип: «Тигил адамдар эмнеге чогулуп турушканын билип келгин» деди. Ал адам келип: «Алар бир өлтүрүлгөн аялдын үстүндө топтолуп турушат», деди. Ошондо Расулуллах ﷺ:

«مَا كَانَتْ هَذِهِ لِتُقَاتِلَ»

«Бул аял согушпаган экен», деди. Бул хадис, эгер аял согушкан болсо, өлтүрүлүшү жайиздигин түшүндүрөт.

Бул жааттагы айырмачылык ушундай. Бирок, мындан башка өкүмдөрдө кошуунду кайраттандыруу үчүн чыккан аялдар менен кошуун менен бирге согушуу үчүн чыккан аялдардын ортосунда айырма жок.

Булар согуш майданына чыккан аялдар жөнүндө болду. Ал эми, аялдар согуш майданына чыкпай, үйүндө калышса, аларга зыян жеткирилбейт.

Кандай гана абал болбосун, аялдарга шаръий өкүмдөрдү колдонуу майдан командачысына эмес, халифага байланыштуу. Халифа душманга мамиле кылууда аскерий саясаттын талабына ылайык иш жүргүзөт. Бул

иштер аскерий мамилелерден болуп, бул туурасындагы иш халифага калтырылган. Халифа бул туурасында шаръий өкүмдөргө ылайык өз райы менен жана душманга карата позиция талап кылгандай иш жүргүзөт.

Ал эми, туткундардын өкүмү эркек согушкерлерге колдонулат. Себеби, туткун сөзү эгер белгиленбей келсе эркек согушкерге каратылган болот. Туткундардын өкүмү Мухаммад ﷺ сүрөсүндө баян кылынган.

﴿فَإِذَا لَقِيتُمُ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ فَضَرۡبَ ٱلرِّقَابِ حَتَّىٰٓ إِذَآ أَثۡخَنتُمُوهُمۡ فَشُدُّواْ ٱلۡوَثَاقَ فَإِمَّا مَنَّۢا بَعۡدُ وَإِمَّا فِدَآءً حَتَّىٰ تَضَعَ ٱلۡحَرۡبُ أَوۡزَارَهَاۚ ذَٰلِكَ وَلَوۡ يَشَآءُ ٱللَّهُ لَٱنتَصَرَ مِنۡهُمۡ وَلَٰكِن لِّيَبۡلُوَاْ بَعۡضَكُم بِبَعۡضٖۗ وَٱلَّذِينَ قُتِلُواْ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ فَلَن يُضِلَّ أَعۡمَٰلَهُمۡ﴾

*«Ошондуктан, (эй момундар), качан силер (согуш майданында) кафир болгон кимселер менен беттешкениңерде моюндарына ургула-өлтүргүлө! Ал эми, качан алардын (көптөрүн) кырып (жеңгениңерден кийин аларды туткун кылып) аркан менен байлагыла! Андан соң же (аларды азат кылып жиберүү менен) жакшылык көрсөткүлө же (аларды бошотуп жиберүү үчүн) фидя-таван аласыңар, тээ согуш жүктөрүн таштагыча (т.а. согуш токтогончо силерге буйрулган иш) мына ушул. Эгер, Аллах кааласа алардын үстүнөн (согушсуз да) үстөм болот (т.а. аларды жок кылып жиберээр) эле, бирок, Ал Зат силердин кээ бириңерди кээ бириңер менен сыноо үчүн (силерди согушка буюрду). Аллах жолунда өлтүрүлгөн заттардын амалдарын эч качан бекерке кетирбейт»*

[47:4]

Т.а. аларга ырайым көрсөтүлүп коюп жиберилет же алардын акысына акча же аларга окшогон (мусулман же зиммий) туткундар таван кылып алынат. Мындан башкасы мүмкүн эмес.

16-шаъбан, 1434-х.
25-июнь, 2013-м.

## Эркек менен аялдын интернет аркылуу байланышы жөнүндө

**Суроолор**:

Abdullah Abdulrahman:

Жыйындардын биринде интернетте сүйлөшүүлөр кандай таризде алып барылат деген талкууда мындай сөздөр айтылды: «Интернет дүйнөсү - фаразий (виртуалдык) дүйнө, ошондуктан, интернетте жазган киши сөзүнө жоопкер эмес о.э. эркектер менен аялдардын ортосундагы сүйлөшүүнүн – кандай гана сөз болбосун – эч кандай мааниси жок, себеби, бул сүйлөшүү ихтилят (аралашуу) эмес».

Ушул сөздөр туурабы? Ушуну ачыктап бериңиз, сизге Аллах береке берсин!

Абу Касим:

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

«Фейсбук же электрондук почтада эки жыныстын уят сөз сүйлөп олтурушунун өкүмү жөнүндөгү суроо»

Бул маселеге көбүнчө азыркы жаштар, өзгөчө балагатка жеткендер туш келет. Ошондуктан, бул маселени түшүндүрүү зарыл. Жаштарыбыз күнөөкөр болуп калышпасын, биз күнөө иш болгон, мүмкүн, чоң күнөө болгон иштен коомубузду сактап калалы.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Экөөңөрдүн суроoңор бири-бирине окшош. Биз мурун ушундай суроого жооп берген элек. Силерге ушул жоопту дагы кайталап айтамын:

Кээ бир адамдар иштерди философиялаштырып таштайт да, бири: фейсбук аркылуу байланышуу аралашуубу? – деген суроону берет. Кудум аралашуунун өзү гана арам болуп, аралашуу болбосо арам эместей! Экинчиси болсо, интернет фаразий дүйнө деген суроого көңүлдү тартат, кудум ал элестүү дүйнө болуп, каалагандай кыялданса боло бере тургандай! Айрымдар фейсбук аркылуу байланышууга карата шаръий өкүмгө таасир кылуучу айрым нерселерде билимсиздик кылат же бул иш, ырас, аралашуу болбогон соң, демек, сүйлөшүү боло берет ж.б.у.с. деп, билимсиздик же ачык-айкындыктын жоктугу себептүү нерселерди аралаштырып жиберет…

Маселе андай эмес. Бир адам башка бир адамга кат аркылуу кайрылса – эгер, адам бул катты анык алган болсо – анда, бул нерсе бир адам башка бир адамга түздөн-түз кайрылгандыктын өкүмүнө кирет. Бул жерде каттын колдо жазылган болушу менен кандайдыр бир жабдык аркылуу жазылганынын айырмасы жок. О.э. каттын бирөө аркылуу жиберилгени менен интернет, фейсбук же башка бирер каражат аркылуу жиберилгенинин да айырмасы жок. Маанилүүсү, кат жазган адам чынында эле кат жөнөткөнү жана катты алган адам чынында эле катты

алганы анык болушу шарт. Ошондуктан, өкүм манатын (шаръий өкүм ылайык келе турган вакиъни) үйрөнүү ушул жактан бирдей болот.

Ошондуктан, катка карата өкүм бир, адам ал үчүн эсеп-китеп кылынат, себеби, кат анын амалдарынын бири. Расулуллах ﷺ мындай дейт:

«إِنَّ اللهَ تَجَاوَزَ عَنْ أُمَّتِي مَا حَدَّثَتْ بِهِ أَنْفُسَهَا، مَا لَمْ تَعْمَلْ أَوْ تَتَكَلَّمْ»

«Аллах Үммөтүмдүн көңүлүндө болгон нерселерди – эгер амалда кылбаган же сүйлөбөгөн болсо – кечирет» (Имам Бухарий жана Муслим Абу Хурайра ﷺдан риваят кылды, лафз Бухарийдики).

О.э. Расулуллах ﷺ Исламды жеткирүү үчүн падышалар жана акимдерге кат жазып жөнөткөнү жөнүндө сахих риваяттар бар. Бул болсо, кат аркылуу жеткирүү түздөн-түз кайрылуу сыяктуу шаръий өкүм экенин далилдейт.

Имам Бухарий риваят кылат: Ибн Аббас мындай деди: Мага Абу Суфян ибн Харбдын кабар беришинче, ал Расулуллах ﷺ менен Курайш кафирлери ортосунда келишим болуп турганда Шамга соодага барган Курайш кишилери менен бирге эле. Ошондо Шамдын бир жайында биздин алдыбызга Рум падышасынын элчиси келди… Кийин падыша Расулуллах ﷺдын катын алдыртты, катта мындай делген эле:

«بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ، مِنْ مُحَمَّدٍ عَبْدِ اللَّهِ وَرَسُولِهِ، إِلَى هِرَقْلَ عَظِيمِ الرُّومِ، سَلاَمٌ عَلَى مَنِ اتَّبَعَ الهُدَى، أَمَّا بَعْدُ: فَإِنِّي أَدْعُوكَ بِدِعَايَةِ الإِسْلاَمِ، أَسْلِمْ تَسْلَمْ، وَأَسْلِمْ يُؤْتِكَ اللَّهُ أَجْرَكَ مَرَّتَيْنِ، فَإِنْ تَوَلَّيْتَ، فَعَلَيْكَ إِثْمُ الأَرِيسِيِّينَ وَ: ﴿يَٰٓأَهۡلَ ٱلۡكِتَٰبِ تَعَالَوۡاْ إِلَىٰ كَلِمَةٖ سَوَآءِۭ بَيۡنَنَا وَبَيۡنَكُمۡ أَلَّا نَعۡبُدَ إِلَّا ٱللَّهَ وَلَا نُشۡرِكَ بِهِۦ شَيۡـٔٗا وَلَا يَتَّخِذَ بَعۡضُنَا بَعۡضًا أَرۡبَابٗا مِّن دُونِ ٱللَّهِۚ فَإِن تَوَلَّوۡاْ فَقُولُواْ ٱشۡهَدُواْ بِأَنَّا مُسۡلِمُونَ﴾...»

«Бисмиллархир Рохманир Рохим, Аллахтын пендеси жана расулу Мухаммаддан Рум падышасы Хираклга. Хидаятка ээрчигендерге салам болсун! Амма баъд: Албетте мен сени Исламга даъват кыламын, Исламды кабыл алгын, саламат болосуң. Аллах бул үчүн сага эки эсе ажр-сооп берет. Эгер баш тартсаң, арисийлер күнөөсү сенин мойнуңда болот: *«Эй китеп берилгендер, бизге да, силерге да теңдеш болгон бир сөзгө келгиле: жалгыз Аллахка ибадат кылалы, Ага эч нерсени шерик кылбайлы жана бири-бирибизди Аллахтан башка кудай кылып албайды. Эгер алар (т.а. ахли китептер) ушул даъваттан баш тартышса, анда силер (эй момундар): «Күбө болгула, биз мусулмандар – жалгыз Аллахка моюн сунуучуларбыз», деп айткыла!»* [3:64]

Ушуга ылайык, ушул суроого жооп төмөнкүдөй болот:

1 – Өз ара кат алышуу жөнөкөй почта аркылуу болобу, интернет, же фейсбук, же твиттер, же башка каражаттар аркылуу болобу, анын өкүмү бир т.а. кадыресе сүйлөшүүдөн айырмаланбайт. Мунусу фараз дүйнө, тигиниси реалдуу дүйнө делбейт, мындай сөздөр илимсиздик жана күнөөгө алып барат. Мисалы, бир намахрам аялга түздөн-түз арам сөз айтсаңыз, шаръий түрдө ага жаза аласыз. Өз ара кат алмашуу да дал ушундай: кат алышуу болгону далилденгенден кийин, кудум түздөн-түз сүйлөшүү болгондой жаза берилет.

Ошентип, намахрам аял менен шариятта уруксат берилген зарылдыксыз бири-бирин көрүп туруп сүйлөшүү дурус болбогондой, өз ара кат алышуу да дал ошондой. Демек, бул маселеде бири-бирин көрүп турганда эмнени дурус болсо, кат жазууда да ошол нерсе дурус, бири-бирин көрүп турганда эмне дурус болбосо, кат алышууда да ошол нерсе дурус эмес.

2 – Намахрам эркек менен аял шариятта уруксат берилген зарылдыксыз аралашуусу арам. Бирок, аралашуу гана арам эмес. Мисалы, сиз алыста турган бир намахрам аялды жаман сөз менен чакырышыңыз арам, ал тургай, ал аял сизге жакын жайда болбосо да. Эгер базарда бирер аялга товар сатып жатып ага лаззат менен карасаңыз, бул да арам, базарда соода үчүн аралашуу мубах болсо да арам. Эгер бирер коомдук транспортто намахрам аялга – ал тургай, ал жаныңызда олтурбаган болсо да – фахш (бузуку) сөз айтсаңыз, бул да арам…

Ушундай эле эгер сиз кат алышууда бирер сөз жазсаңыз – кудум көрүр туруп сүйлөшкөндөй – бул катыңыз үчүн жоопкер болосуз…

3 – Биз ар бир муслим жана муслиманы, өзгөчө, тегерегибиз уятсыздыкка толуп ташкан, мындан качып кутулуунун аргасы болбой жаткан, Аллах Субханаху тарапта гана баанек болгон учурда, ушул даъватты жеткирген жана жеткирип жаткан таза жигит-кыздарыбызды шарият өкүмдөрүнө бекем амал кылууга, арамдан гана алысташпай, айрым мубахтар жанында арамдардын бар болушунан коркуп, айрым мубахтардан да алысташууга чакырабыз. Анткени, сахабаи кирамдар арамга кирип калуудан коркуп бир нече мубах амалдардан алыс жүрүшкөн.

4 – О.э. ар бир муслим жана муслиманы, айрыкча, даъватты жеткирүүчү жигит-кыздарыбызды ушул жаңы каражаттардан Исламды таасирдүү жол менен жаюуда натыйжалуу, ошол эле учурда, хикмат жана аң-сезим менен пайдаланууга, ар бир таштанды күлдөн эле эмес, ал тургай, бул күлдүн чаңынан да алыс жүрүүгө чакырабыз.

Аллах Субханахудан момундарга куш кабар беришин о.э. таза, пакиза абалда калышыбызды, ушул аркылуу бул дүйнө жана Акыретте ийгиликке жетишибизди сурап дуба кыламын.

22-зул-хижжа, 1434-х.

27-октябрь, 2013-м.

## Үйлөнүү тууросында

Mysite Fantastica:

Ассаламу алайкум, кадырман боордош!

Мен үйлөнбөгөн мусулманмын, Аллах Тааланы жана Исламды сүйөм, хабибибиз жана саййидибиз Мухаммад С.А.В алып келген өкүмдөр колдонулушун каалаймын.

Мен динди да, ахлакты да карманбаган чөйрөдө жашаймын. Бизде Исламдын болгону аты жана символу гана бар… мектептерибизде Исламга тескери программалар негизинде билим берилет… Суроом төмөнкүдөй: мен үйлөнүүнү каалабаймын, себеби, балдарымды мен «чокту кармап тургандай» Ислам нугунда кармап тура албашымды шексиз билемин. Перзенттерим өздөрүнө зыяндуу болгон билимдерди алышын да, мен жумуш менен алек болгонум үчүн аларга таалим бере албашымды да, азыркы шартта аялым иштөөгө мажбур болушун да билемин. Кыскасы, бир нече хадистерде үйлөнүү – диндин жарымы экени айтылганын анык окуганмын, дагы бир хадисте Үммөттүн фасыктары – бойдоктор делген. Ошондой болгон соң, мен үйлөнбөсөм чынында эле динимди толук кылбаган боломбу?! Суроомо жооп бересиз деген үмүттөмүн жана сизден чексиз ыраазымын.

Абдуллах Ахъяров:

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Менин эки суроом бар:

1 – Мен үйлөнүүнү каалаймын. Качан бирер кызды тапсам, аны менен жолугушуу үчүн валийинен уруксат сураймын. Ал эми, кыздын коргоочусу болгон жана мени таанибаган атасы кызы менен жолугушуума уруксат берет. Адатта бул жолугушуу сейил бакта же кафеде (коомдук жайда) өтөт. Бул жолугушуу кыздын үйүндө өткөрүлгөнү жакшы эмеспи? Себеби, адатта карындаштарыбыз көчөдө жолугушканда чечкиндүү болушпайт жана «жок» деген жоопту беришет.

2 – Бизде Крымда көпчүлүк боордоштор үйлөнөбүз дешет го, бирок, көпчүлүк карындаштарыбыз таалим алуу сүннөт деген нерсени шылтоолошуп турмушка чыкпайт жана таалим алууну турмушка чыгуудан абзел көрүшөт. Мен ушуну сурамакчымын, бул карындаштарыбыз Аллах Субханаху ва Таала алдында турмушка чыгуусу абзелби же бүгүнкү күндөгү илманий окуу жайларында таалим алуусу абзелби?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Абдуллах Ахъяров менен Mysite Fantastica тарабынан берилген суроолордо үйлөнүү абалына байланыштуу окшоштук жактары бар.

Ушул себептен улам, менин төмөндөгү жообум экөөсүнө тең тиешелүү, Аллах эки жигитти туура жолго баштасын.

1 – Аллах Субханаху инсанды жаратты о.э. эркек менен аялдын жуптарын жаратып, аларды Өзүнүн муъжизаларынан кылды, шаръий өкүмдөргө ылайык турмуш куруу аркылуу экөөсүнүн ортосунда сүйүү жана мээримдүүлүк пайда кылды. Аллах Субханаху мындай дейт:

*«Анын аяттарынын бири – Ал Зат силер бирге турушуңар үчүн өзүңөрдөн жуптарды жаратышы жана ортоңордо мээрим жана сүйүү пайда кылышы, албетте, мында пикирлеген коум үчүн аят-ибраттар бар»* [30:21]

2 – Ислам турмуш куруууга үндөйт, себеби, көздү башка бирөөлөрдөн буруунун, намысты сактоонун жана динди коргоонун эң туура жолу мына ушул:

Имам Бухарий Абдуллах (р.а.)дан ушул риваятты келтирет: Абдуллах айтат: Биз Набий (с.а.в.) менен бирге элек, ал зат мындай деп айтты:

«مَنِ اسْتَطَاعَ البَاءَةَ فَلْيَتَزَوَّجْ، فَإِنَّهُ أَغَضُّ لِلْبَصَرِ، وَأَحْصَنُ لِلْفَرْجِ، وَمَنْ لَمْ يَسْتَطِعْ فَعَلَيْهِ بِالصَّوْمِ، فَإِنَّهُ لَهُ وِجَاءٌ»

«Ким баатка (т.а. үйлөнүү жүгүн көтөрүүгө) кудуреттүү болсо, үйлөнсүн. Себеби, ал – көздү тосуучу жана авратты сактоочу. Кимде-ким кудуреттүү болбосо, орозо кармасын. Себеби, орозо – аны (тайылуудан) сактоочу».

Хаким «Мустадрак»та Анас ибн Малик Gдан ушул риваятты келтирген: Анас айтат, Расулуллах (с.а.в.) мындай деди:

«مَنْ رَزَقَهُ اللهُ امْرَأَةً صَالِحَةً، فَقَدْ أَعَانَهُ عَلَى شَطْرِ دِينِهِ، فَلْيَتَّقِ اللهَ فِي الشَّطْرِ الثَّانِي»

«Кимди Аллах салиха аял менен ырыскыландырган болсо, демек, дининин жарымына жардамдашыптыр, андыктан, ал экинчи жарымында Аллахтан таква кылсын» (Хаким бул хадистин иснадын сахих деген жана ага Захабий да кошулган).

3 – Кала берсе, тыйылуу үчүн турмуш куруууга аракет кылып жаткан адам Аллах Субханахунун жардамына жетишкен үч адамдын бири эсептелет: Имам Ахмад өзүнүн «Муснад»ында иштеп чыккан бир риваятта Абу Хурайра (р.а.) Набий (с.а.в.)дын мындай дегенин риваят кылат:

«ثَلاَثَةٌ كُلُّهُمْ حَقٌّ عَلَى اللهِ عَزَّ وَجَلَّ: عَوْنُهُ الْمُجَاهِدُ فِي سَبِيلِ اللهِ عَزَّ وَجَلَّ، وَالنَّاكِحُ لِيَسْتَعْفِفَ، وَالْمُكَاتَبُ يُرِيدُ الْأَدَاءَ»

«Үч киши Аллах Азза ва Жалланын жардамына акылуу: Аллах Азза ва Жалла жолунда жихад кылып жаткан киши, тыйылуу үчүн нике куруп жаткан киши жана өзү үчүн төлөм берүүнү каалап жаткан мукатаб (кул)».

4 – Расулуллах (с.а.в.) кудуреттүү болуп, бирок, турмуш курбоону кайтарган. Насаий келтирген бир риваятта Набий (с.а.в.)дын «бычуудан кайтарганы» айтылат. Бул риваятты Ибн Мажа да келтирет.

5 – Расулуллах (с.а.в.) ата-энеге дини жана кулку аларга жаккан бир жигит кызынын колун сурап келсе бул жигитке кызын берүүгө буюрган. Имам Термизий риваят кылган хадисте Абу Хурайра Расулуллах (с.а.в.)дын мындай дегенин риваят кылат:

«إِذَا خَطَبَ إِلَيْكُمْ مَنْ تَرْضَوْنَ دِينَهُ وَخُلُقَهُ فَزَوِّجُوهُ، إِلاَّ تَفْعَلُوا تَكُنْ فِتْنَةٌ فِي الأَرْضِ، وَفَسَادٌ عَرِيضٌ»

«Качан дини жана кулку силердин ыраазылыгыңарга татыктуу бирер киши кызыңарга жуучу болуп келсе аны үйлөндүрүп койгула. Андай кылбасаңар жер жүзүндө фитна жана үлкөн бузгунчулук жайылат».

Ибн Мажа муну төмөндөгүдөй лафзда риваят кылат:

«إِذَا أَتَاكُمْ مَنْ تَرْضَوْنَ خُلُقَهُ وَدِينَهُ فَزَوِّجُوهُ، إِلاَّ تَفْعَلُوا تَكُنْ فِتْنَةٌ فِي الْأَرْضِ وَفَسَادٌ عَرِيضٌ»

«Качан дини жана кулку силердин ыраазылыгыңарга татыктуу бирер киши алдыңарга келсе аны үйлөндүрүп койгула. Андай кылбасаңар, жер жүзүндө фитна жана үлкөн бузгунчулук жайылат».

6 – Муну менен бирге, Расулуллах (с.а.в.) эрин, перзенттерин, үй-бүлөсүн коргоочу дин ээси болгон салиха аялды тандоо керектигине да буюрган. Имам Бухарий иштеп чыккан хадисте Абу Хурайра (р.а.) Набий (с.а.в.)дын мындай дегенин риваят кылат:

«تُنْكَحُ الْمَرْأَةُ لِأَرْبَعٍ: لِمَالِهَا وَلِحَسَبِهَا وَجَمَالِهَا وَلِدِينِهَا، فَاظْفَرْ بِذَاتِ الدِّينِ، تَرِبَتْ يَدَاكَ»

«Аялдын төрт жагы этибарга алынып тандалат: малы, насабы, жамалы жана дини. Андыктан, сен – куруп кеткир – дин ээсин танда».

7 – Эми, сиздин «бир хадисте Үммөттүн фасыктары – бойдоктор делген» сөзүңүзгө келсек, бул заиф хадис. Ал төмөнкүдөй келген: Имам Ахмад өзүнүн «Мустадрак»ында бир кишиден, ал киши Абу Зардан риваят кылышынча, бир киши Расулуллах (с.а.в.)дын алдына кирди, анын ысымы Уккаф ибн Бушр Тамимий эле. Ага Набий (с.а.в.) – Эй Уккаф, аялыңыз барбы, деп сурады, жок, деп жооп берди, ал зат – биздин сүннөтүбүз нике, силердин жаманыңар – бойдоктор, деди. Бул хадистин санады заиф, себеби, бул хадистин санадында Абу Зардан риваят кылган бир кишинин кимдиги белгисиз. Бул риваятты «Кабир»де Табароний жана башкалар да Бакия ибн Валид жолунан риваят кылышкан, эки хадис тең Муавия ибн Яхядан, ал Сулайман Ибн Мусадан, ал Макхулдан, ал Газиз ибн Харистен, ал Атийя ибн Буср Мазанийден риваят кылынган: Атийя айтты, Уккаф ибн Вадоа Хилалий Расулуллах (с.а.в.)дын алдына келди… ж.б.у.с. Бул хадис Муавия ибн Яхя бар экени себептүү да, Бакия ибн Валид бар экени себептүү да заиф эсептелет.

Ошондуктан, бойдокторду эң жаман адамдар деп болбойт. Тескерисинче, бойдоктор да, башкалар да өз аракеттерине карап жаман болушу мүмкүн.

Корутунду: Расулуллах (с.а.в.) кудуреттүү болгон кишини үйлөнүүгө буюрду, себеби, киши өз динин сакташы, намысын коргошу жана көзүн башка бирөөлөрдөн бурушу үчүн эң жакшы жол – үйлөнүү. О.э. Расулуллах (с.а.в.) «бычуудан» т.а. үйлөнүүдөн бүтүндөй үзүлүүдөн кайтарган. Ушуга ылайык, эгер сиз, суроо берүүчү, үйлөнүүгө кудуреттүү болсоңуз мен сизге ушуну сунуш кыламын: үйлөнүү үчүн салиха аял тандаңыз, жакшы үй-бүлө курууга бар күчүңүздү жумшаңыз, Аллах үчүн ниетиңизди калыс кылыңыз, Расулуллах (с.а.в.)га калыс болуңуз, мына ошондо сиз перзенттериңизди салих кылып өстүрүүгө да – инша Аллах – кудуреттүү болосуз, Аллах Субханаху салихтердин досу.

8 – Украиналык жигиттин суроосуна келсек, анын жообу төмөнкүдөй:

а) Расулуллах (с.а.в.) үйлөнмөкчү болгон кишиге аялды көрүүгө буюрду. Имам Тирмизий Бакр ибн Абдуллах Музанийден, ал Мугира ибн Шуъбадан ушул хадисти иштеп чыккан: Мугира бир аялга жуучу койгондо Набий (с.а.в.) ага:

«انْظُرْ إِلَيْهَا، فَإِنَّهُ أَحْرَى أَنْ يُؤْدَمَ بَيْنَكُمَا»

«Аны көргүн, себеби, ортоңорду бекемдөөнүн эң жакшы жолу ушул», деди. «Баб»да Мухаммад ибн Масламадан, Жабирден, Абу Хумайддан, Абу Хурайрадан «бул хадис хасан» делген. Хаким да аны иштеп чыгып, эки шейхтин шарты менен сахих, деген, ага Захабий да кошулган.

Кыздын колун сураган жигит анын үй-бүлөсүнө барышы жана көрүүгө мубах болгон кыздын бармактарын жана жүзүн көрүшү мүмкүн. Бирок, кыз менен хилватта болушу же аны менен көчөгө чыгышы… мүмкүн эмес, себеби, жигит ага жат. Ошондуктан, мен суроодо келген текстке таң калдым, анда келишинче, сиз кызды үйүндө көрүүнү кааласаңыз, үй-бүлөсү болсо: «Жок, сиз аны менен көчөгө чыгыңыз жана көрүңүз» дешкен, назарымда, суроодо бирер чаташтык бар окшойт.

б) Кызга дини жана кулкунан ыраазы болсо арзый турган бир киши келсе, кыздын университетте окушу турмушка чыгышына караганда жакшыбы, деген маанидеги суроого келсек, Расулуллах (с.а.в.)дын ушул сөзүнө амал кылуу туура болот:

«إِذَا خَطَبَ إِلَيْكُمْ مَنْ تَرْضَوْنَ دِينَهُ وَخُلُقَهُ فَزَوِّجُوهُ، إِلاَّ تَفْعَلُوا تَكُنْ فِتْنَةٌ فِي الأَرْضِ، وَفَسَادٌ عَرِيضٌ»

«Качан дини жана кулку силердин ыраазылыгыңарга татыктуу бирер киши кызыңарга жуучу болуп келсе аны үйлөндүрүп койгула. Андай кылбасаңар жер жүзүндө фитна жана үлкөн бузгунчулук жайылат».

Ибн Мажа муну төмөнкүдөй лафзда риваят кылган:

«إِذَا أَتَاكُمْ مَنْ تَرْضَوْنَ خُلُقَهُ وَدِينَهُ فَزَوِّجُوهُ، إِلَّا تَفْعَلُوا تَكُنْ فِتْنَةٌ فِي الْأَرْضِ وَفَسَادٌ عَرِيضٌ»

«Качан дини жана кулку силердин ыраазылыгыӊарга татыктуу бирер киши алдыӊарга келсе аны үйлөндүрүп койгула. Андай кылбасаӊар жер жүзүндө фитна жана үлкөн бузгунчулук жайылат».

Бул хадисте эгер кыздын валийлери жигиттин дининен жана кулкунан айып табышпаса жигитти четке кагуусу катъий кайтарылгандыгы көрүнүп турат. Эгер, кыздын үй-бүлөсү бул жигит дининде, адамдар менен болгон мамилесинде, жүрүм-турумунда шаръий өкүмдөргө кандай баш ийишин сураштырып, жигиттин дини жана кулкуна ыраазы болушса – Аллахтын уруксаты менен – анда, валийлерге жигитти четке кагууга тыюу салынат же кыздын университетте окуп жатканын шылтоолоп бул жигитке турмушка чыгуудан кайтарышына тыюу салынат. Тескерисинче, алар ыраазы болушуп, кызын турмушка чыгуудан тыйбашы керек. Себеби – инша Аллах – динди коргоодогу, бекемдөөдөгү эӊ туура жол мына ушул.

Сөзүмдүн аягында мен ар бир кудуреттүү кишиге салиха аялга үйлөнүүнү сунуш кыламын, себеби, ал бул дүйнө хасанасы (сыйлыгы) болуп эсептелет. «Умдатул карий, шархи сахихи Бухарий» китебинде Али G дейт:

*«Дагы алардын арасында ушундай адамдар да бар, алар: Оо Роббибиз, бизге бул дүйнөдө да жакшылык бер, Акыретте да жакшылык бер жана бизди тозок азабынан сактагын, дейт»* [2:201]

аят каримасындагы бул дүйнө жакшылыгы – салиха аял, Акырет жакшылыгы – бейиш».

17-робиус-саний, 1435-х.
17-февраль, 2014-м.

## Нике келишими

**Суроо**: Бисмиллахир Рохманир Рохим, ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

Кадырлуу амирибиз, Аллах сизди Өз коргоосуна алсын.

Сурооm төмөнкүчө:

Үйлөнүүдөгү «иникод» жана «сихха шарты» ортосундагы айырмачылык тууралуу? Бул экөөнүн үйлөнүү келишимине (акдына) кандай таасири бар? Үйлөнүү келишими качан батыл болуп, качан фаасид (бузулган) болоорун ачыктап берсеңиз? Рахмат.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

1 – Бул суроонун жообу «Исламдагы ижтима түзүмү» китебинде толук баяндалган:

«Үйлөнүү акды ижааб жана кабул (айтуу жана кабыл алуу) аркылуу ишке ашат. Ижааб – бул үйлөнүп жаткан тараптын биринчи тарабынан айтыла турган сөз. Кабул – бул үйлөнүп жаткандардын экинчи тарабынан кабыл алынып айтыла турган сөз. Үйлөнүүдөгү иникод шарты төртөө:

Биринчи шарт: ижаб жана кабул сөздөрү бир жерде айтылуусу керек. Башкача айтканда, сени жубайлыкка алдым деп биринчи тараптын айтуусу жана экинчи тарап мен макулмун деп айтуусу бир жерде болуусу шарт. Бул шарт үйлөнүп жаткан эки тарап тең нике кыюучу жайга келген учурда болот. Ал эми, үйлөнүүчү тараптардын бири башка жакта болуп нике кыюучу жайга келбесе, анда ага биринчи тарап кат аркылуу кайрылат. Аны экинчи тараптын макул деп кабыл алуусу менен нике келишими түзүлөт. Бирок, мындай учурда биринчи тарап жазган катты экинчи тарап эки күбөө алдында окуйт же окутат. Эки күбөө окулуп жаткан катты так даана угушу, же мага баланча жуучу түшүп жатат мен ага макулмун деп угуза айтуусу шарт.

Экинчи шарт: Үйлөнүп жаткан эки тарап тең бири-биринин сөздөрүн так даана угуулары жана түшүнүүлөрү шарт. Башкача айтканда, жуучу түшүп жаткан тараптын сөзүн жуучу түшүлүп жаткан тарап аны даана түшүнүшү керек. Эгер жуучу түшүп жаткан тараптын сөзүн жуучу түшүлүп жаткан тарап түшүнбөсө, мисалы жуучу түшүп жаткан тарап французча мен сени жубайлыкка алдым деп айтса, жуучу түшүлүп жаткан тарап анын маанисин түшүнбөстөн эле (ал айткан сөздүн максаты жубайлыкка алуу болуп жатканын түшүнбөстөн) ал айткан сөздү кайталап койсо, бул жерде иникод шарты ишке ашпай калат. Эгер, экинчи тарап жуучу түшүп жаткан тараптын сөзүнүн маани маңызын түшүнсө анда иникод шарты ишке ашат.

Үчүнчү шарт: Үйлөнүп жаткан тараптар ижаб жана кабул шарттарын ишке ашырып жатканда карама-каршылыктар болбошу керек.

Төртүнчү шарт: Үйлөнүп жаткан тараптарга шарият уруксат берген болушу керек. Тактап айтканда, аял мусулман же ахли китаб, эркек болсо мусулман болушу шарт.

Ушул төрт шарт толук болсо нике кыюудагы иникод шарты толук ишке ашкан болот. Ушул шарттардын бирөө эле жок болуп калса, иникод шарты толук ишке ашпаган болуп саналып, батыл өкүмү берилет. Башкача айтканда, нике кыюудагы иникод шарты түп тамырынан туура эмес болгондугун түшүндүрөт.

Нике кыюудагы иникод шарттары ишке ашкандан кийин анын сихха шарттары да толук болушун талап кылат. Сихха шарты үчөө:

1 – Нике кыйылып жаткан аял никеге жарамдуу болушу. Мисалы, эже-сиңдини бир учурда бир эркекке нике кыюуга болбойт;

2 – Нике бир гана валийдин уруксаты менен кыйылат. Аял валийсиз өзүн да, өзүнөн башканы да күйөгө бере албайт. Ошондой эле аял өзүнүн валийисиз өкүл да боло албайт. Эгер кылса никеси сихха (туура ишке ашкан) болбойт;

3 – Нике кыюучу жайда балагатка жеткен, акылы толук эки күбөнүн болушу. Ал экөө нике кыйылып жаткан тараптардын сөздөрүн угуп маанисин түшүнүшү шарт. Ижаб жана кабул сөздөрүндө үйлөнүүнү максат кылгандыгын даана түшүнүүлөрү керек.

Ушул шарттар толук ишке ашса сихха шарттары толук ишке ашкан болот. Ушул шарттардын бирөө ишке ашпай калса нике кыюу фаасид (бузулган) болот. Ушундан кийин «Ижтима түзүмү» китебинде бул шарттардын далилдерин да баяндап өткөнбүз... Анда эгер иникод шарттары толук болбой калса, нике келишими батыл болот. Сихха шарттары толук болбой калса нике келишими фаасид (бузулган) болот.

2 – Фаасид менен батылдын айырмасын баяндай турган болсок. Батыл дегени нике кыюудагы иникод шарттары түп тамырынан шариятка каршы келүүсү. Башкача айтканда, негизги шарттары бузулгандыгы себептүү харам болот. Ал эми, фаасиддеги негизги шарттар (иникод шарттары) шариятка дал келет. Бирок, кийинки (иникод шарттарына байланышпаган) шарттарында шариятка каршы келгендигин түшүндүрөт. Ибадаттарда фаасид болбойт. Балким, ибадаттардын шартары бүтүндөй аслына (негизине иникодго) байланышкан. Ошондуктан, ибадаттарда батыл өкүмү болот. Фаасид алакаларга, акддарга байланыштуу шарттарга айтылат. Мисалы: Бооз малдын ичиндеги нерсени сатуу түпкүлүгүнөн (аслынан) батыл болуп саналат. Анткени ал аслынан харам болгон.

Ал эми, бедуин менен болгон соода фаасид соода болуп саналат. Анткени, бедуин товардын баасын билбегендиги себептүү, кийин базар

баасын көргөндөн кийин ал соода келишимин бузуу же бузбоо ыктыярына ээ болот.

Дагы бир мисал, акционердик компания аслынан батыл болуп саналат. Анткени, ал негизги шарий шарттарды камтыбаган жана анык өнөктөштүк да жок. Ал эми, өнөктөштөр шарий шарттардын негизинде келишишсе, бирок өнөктөштөрдүн бирөө белгилүү бир өлчөмдө пайда алып турушун шарт кылса, анда бул өнөктөштүк келишими фаасид болот. Анткени, шарияттын асл шарттарында өнөктөш үчүн белгилүү бир пайда болуп турушу шарты жок. Эгер алар пайда пайызына келишишсе, анда келишимде фаасиддик кетип, келишим туура ишке ашкан болот. Мына ушундайча батыл менен фаасиддин ибадаттарда айырмасы болбойт. Ибадаттардын баардыгында сахих (туура ишке ашкан ) же сахих эмес болот. Намаз сахих же батыл болот. Андан башка болбойт. Ал эми батыл менен фаасид соода, ижара, өнөктөштүк сыяктуу алакага байланышкан келишимдерде айырмаланат.

Ал эми никеде батыл менен фасид экөө тең шариятка каршы келген иштер. Бирок, батыл аслындагы шарттардын толук болбой калышы. Мындай учурда аял эркек ортосунда кошулуу жүз берип калса, ал зынаа болуп саналат. Андан болгон бала да алардын баласы болуп саналбайт. Идда да жок, махр да берилбейт, алардын никеси нике да болуп саналбайт. Ал аслынан батыл болуп саналат. Ал эми, нике кыюу келишими фаасид болуп калса, тактап айтканда никедеги иникод шарттары эмес, сихха шарттары толук болбой калса, абал башкача. Андай учурда, мисалы, нике келишими фаасид болуп ишке ашып үйлөнгөн тараптар кошулуп жиберсе, анда асар (белгилүү шарий иштер) ишке ашырылышы керек болот. Эгер, кошулуша элек болсо, нике акды фаасид болуп, ага асар болбойт. Балким, сихха шарттарын толукташы керек болот. Ал эми, нике акды фаасид болгон мезгилде кошулуп коюшкан учурда асар иштер төмөнкүдөй аткарылышы керек:

– Махрдын берилиши, тактап айтканда, фаасид никеде кошулуу ишке ашса махрын берет. Набий ﷺ айтты:

«أَيُّمَا امْرَأَةٍ نَكَحَتْ بِغَيْرِ إِذْنِ وَلِيِّهَا فَنِكَاحُهَا بَاطِلٌ فَنِكَاحُهَا بَاطِلٌ فَنِكَاحُهَا بَاطِلٌ فَإِنْ دَخَلَ بِهَا فَلَهَا الْمَهْرُ بِمَا اسْتَحَلَّ مِنْ فَرْجِهَا...»

«Кайсы бир аял валийинин уруксаты жок нике кыйдырса анын никеси батыл, батыл, батыл. Эгер ага кошулунса ага махр берилсин». (Имам Тирмизий риваят кылган жана хасан деген). Набий ﷺ бул хадисте фаасид нике менен нике кыйдырган аялга махр берилишин шарт кылды. Башкача айтканда, валийинин уруксаты жок нике кыйдырган аялга эгер кошулунса ага махр берилишин шарт кылды. Анткени, Пайгамбар ﷺ махрды кошулууга байланыштырды, тактап айтканда, эгер кошулуп койсо ага махр берилиши керек деди.

– Мындан башка дагы эгер кошулуп койсо, фаасид никеге тийиштүү асарлар бар... Бирок, ал маселелерде фикхий талаш-тартыштар бар. Мисалы, идда күтүшү, насаб, мураска ээ болушу сыяктуу иштерде талаш-тартыштар бар. Ким аны кааласа китептерден кеңири карап алса болот. Аллах туурасын билүүчү.

29-жумадул-аввал, 1439-х.
15-февраль, 2018-м.

## Аял нике жүргүзүү ыйгарым укугуна ээ эмес

**Суроо**: ассаламу алайкум рохматулоохи уа баракаатуху.

Хеврон шаарында үйлөнүү амалиятарын ишке ашыра турган диний эки аял дайындалды жана аларга нике жүргүзүү ыйгарым укуктары да берилди...

Менин суроом – аял башка аялды үйлөндүрүүсү, башкача айтканда, никеге берүүсү мүмкүнбү? Менин билишимче хадисте: «Аял башка аялды никеге бере албайт. Ошондой эле өзүн да никеге бере албайт. Бир гана зынакор аял өзүн никеге берет». Ибн Маажа, Ибн Хазима сахихинде келтирген. Эгер, аял нике жүргүзүү ыйгарым укугуна ээ боло албаса, анда, аялдын колу менен ишке ашкан никелер жайиз болобу же батыл болобу?

Аллах ыраазы болсун.

**Жооб**: бул суроого жооб берүү үчүн аял өзүн жана башканы никеге бере албастыгын билдирген шарий өкүмдүн вакыйын карап чыгуу зарыл. Ошондой эле, нике жүргүзүүгө уруксат берилген адамдын ишинин вакыйын жана ал ишке ашыра турган документтин (нике күбөлүгүнүн) вакыйын карап чыгуу керек. Кийин аял башка аялды никеге берүүсү шарий жактан тыйылгандыгы тууралуу өкүм, эгер, нике жүргүзүүгө уруксат берилген адам аял болуп калса, ага дал келеби, ошону карап чыгуу зарыл.

Биринчиден: аял өзүн же башка аялды никеге бере албастыгы тууралуу шарий өкүм:

Шарий далилдер далаалат кылган шарий өкүм – аял өзүн никеге берүүсү мүмкүн эмес. Башкача айтканда, аял өзүн түзмө-түз никеге бере албайт. Балким, анын валийи же валийи жок болсо, анын ордуна турган өкүл аны никеге берет. Ошондой эле, аял башка аялды никеге берүүсү да болбойт. Башкача айтканда, аял башка аялды никеге берүү үчүн валий же өкүл боло албайт. Балким, фикх тафсилаттарында келгендей, валий жана өкүл эркек адам болушу керек. Аял өзүн же башка аялды никеге бере албастыгы тууралуу «Ижтима түзүмү» китебинде шарий далилдери менен бергенбиз, анда минтип келет:

«Эгер, үйлөнүү акды боло турган болсо, анда, ал туура болушу үчүн үч шарт толук болушу керек. (...) Экинчи: нике бир гана валий менен ишке ашат. Аял өзүн никеге бере албайт жана башка аялды да никеге бере албайт. Ошондой эле, өкүл да боло албайт. Эгер, нике кыла турган болсо, анын жүргүзгөн никеси батыл болот. (...) Нике бир гана валий менен ишке аша тургандыгы тууралуу далил: Абу Муса ﵁ риваят кылат, Пайгамбар ﷺ айтты:

«لاَ نِكَاحَ إِلاَّ بِوَلِيٍّ»

«Нике бир гана валий менен». (Ибн Хибаан, Хааким риваяты).

Аял өзүн же башка аялды никеге бере албастыгы, ошондой эле, өкүл да боло албастыгы тууралуу шарий далил: Аиша ﵂дан риваят кылынат, Пайгамбар ﷺ айтты:

«أَيُّمَا امْرَأَةٍ نَكَحَتْ بِغَيْرِ إِذْنِ وَلِيِّهَا فَنِكَاحُهَا بَاطِلٌ، فَنِكَاحُهَا بَاطِلٌ، فَنِكَاحُهَا بَاطِلٌ»

«Кайсы бир аял валийинин уруксаты жок өзүн никеге берсе, анын никеси батыл, никеси батыл, никеси батыл...». (Хааким риваяты).

Абу Хурайра ﵁дан, Пайгамбар ﷺ айтты:

«لاَ تُزَوِّجُ الْمَرْأَةُ الْمَرْأَةَ، وَلاَ تُزَوِّجُ الْمَرْأَةُ نَفْسَهَا، فَإِنَّ الزَّانِيَةَ هِيَ الَّتِى تُزَوِّجُ نَفْسَهَا»

«Аял аялды никеге бере албайт. Аял өзүн да никеге бере албайт. Зынакер аял гана өзүн никеге берет». (Китептеги цитата бүттү). Байхакийдин риваятында мындай делет: Абу Хурайра ﵁ айтты: «Өзүн никеге берген аялды зынакер катары саначуубуз».

Албаний өзүнүн «Ирва ал-галил фи тахриж ахадис Манар ас-Сабил» аттуу китебинде мындай дейт: «Хадистин иснады эки шейхтин шартына ылайык сахих».

Ошондуктан, аял өзүн жана башка аялды никеге берүү ыйгарым укуктарына ээ боло албайт. Ошондой эле, башка аял үчүн валий же өкүл да боло албайт. Мунун баары «аял аялды никеге бере албайт жана өзүн да никеге бере албайт» деген хадистин өкүмүнө кирет.

Экинчиден: ыйгарым укукка ээ болгон адамдын иши жана нике күбөлүгүн документтештирүү иши:

1. Мамлекет тарабынан нике жүргүзүү ыйгарым укугу берилген адам ал мамлекеттик кызматчы болуп саналат. Ал никеге туруп жаткан түгөйлөр ортосунда сунуштоо жана кабыл алуу нике келишимин башкаруу ишин алып барат. Ошондой эле, ал никеге чейин нике шарттары толук болушун, никеде шарият уруксат бербеген нерселердин жок болуусун карап чыгат. Нике учурунда никеге туруп жаткан түгөйлөрдүн, валийдин, күбөлөрдүн кимдигин такташтырат. Ал шарий өкүмгө ылайык, валий эмне деп айта тургандыгын түшүндүрөт: «Мен кызымды сага никеге бердим», үйлөнүп жаткан бала эмне деп айта тургандыгын түшүндүрөт: «Мен анын никесин кабыл кылдым», турмушка чыгып жаткан кыздын макулдугун такташтырат. Ошондой эле, эки тараптын ыраазылыгы негизинде расмий түрдө тан алына турган нике күбөлүгүн документтештирет жана махрдын качан берилишин: азыр же кийинчерек берилишин такташтырат...

2. Мамлекеттик мекемелердеги документтештирилген нике күбөлүгү нике шартынын негизги шарттарынан болуп салалбайт. Башкача айтканда, никенин шарий шарттары толук болсо – мамлекеттик мекемелерде нике күбөлүгү документтештирилбесе деле – нике ишке аша берет. Бирок, нике күбөлүгү укуктар сакталышы жана зыянды кетирүү

тарабынан важиб болуп саналат. Эгер, нике күбөлүгү жок болуп, үй-бүлөлүк талаш-тартыш учурунда түгөйлөрдүн, балдардын укуктары сакталбай зыян тартып калуусуна себеб боло турган болсо, нике күбөлүгүн документтештирүү важиб болот. Эгер, нике күбөлүгү жок учурда үй-бүлөлүк талаш-тартыш жаралганда түгөйлөрдүн жана балдардын укуктары сакталбай зыян тартып калуусуна себеб болбосо, анда, нике күбөлүгүн документтештирүү важиб болбойт. Бул абал түгөйлөр жана балдардын ортосундагы талаш-тартышты караштырган соттук териштирүү ишине муктаж. Азыркы учурда көпчүлүк мамлекеттерде мамлекет тарабынан берилген нике күбөлүгү жок болсо, түгөйлөрдүн жана алардын балдарынын иши каралбайт. Башкача айтканда, нике күбөлүгү жок жубайлардын иштерин мамлекет мыйзамдуу түрдө карабайт.

Үчүнчүдөн: аял нике жүргүзүү ыйгарым укугуна ээ болгон адамдын ишин алып баруусу:

1. Жогоруда айтылып өткөндөн маалым болгондой, нике жүргүзүү ыйгарым укугуна ээ болгон адам нике келишиминдеги сунуштоо жана кабыл алуу жаатында өкүл болбойт. Ыйгарым укукка ээ болгон адам нике келишимин ишке ашырбайт, балким, аны нике келишимин ишке ашырып жаткан тарап: кыз тараптан валий же анын өкүлү, бала тараптан өзү же анын өкүлү ишке ашырат.

2. Бирок, ошого карбастан аял нике жүргүзүү ыйгарым укугуна ээ болгон адамдын ишин аткаруусу аны нике келишиминин амалияттарын башкара турган кылып койот. Кыздын валийин «баланча кызымды сага никеге бердим» деп айтууну буйруйт. Үйлөнүп жаткан баланы же анын өкүлүн «анын никесин кабыл алдым» деп айтууну буйруйт. Ушул сыяктуу нике келишиминдеги күбөлөрдүн болуштугу амалияттарын да ишке ашырат. Башкача айтканда, ал нике келишимин ишке ашыруу ишин башкарат. Анын иши нике күбөлүгүн эле документтештирүүгө чектелген эмес. Нике күбөлүгүн документтештирүү – ал мыйзамдуу түрдө тан алынышы жана никенин жол-жоболору толук болушу үчүн мамлекеттик мекемелерде эки тараптын кол коюулары менен ишке ашат.

3. Аял өзүн же башка аялды никеге берүүсүн, же башка аялга валий же өкүл болуусун тыйган хадис аялдын нике келишимин ишке ашырууну башкаруусун да тыйууга ишара далалат (далалатул-ишара) кылат. Анын баяны төмөнкүдөй:

А. Ишара далалаты мафхумдун бөлүкчөсү болуп эсептелет т.а. корутунду насстын түздөн-түз көрсөтмөсү аркылуу эмес, жалпы мааниден келип чыгат.

«Исламий шахсия» китебинин 3-бөлүгүндө мафхум бабында мындай делет: «Лафздын (сөздүн) далалаты эки нерсеге гана чектелген: мантук

(түздөн-түз маани) жана мафхум (түшүнүлгөн маани). Эгер, ал мантукта (айтылган мааниде) болбосо, анда, ал мафхумда (түшүнүлгөн мааниде) болот. Мындан башкасы болбойт. Ушуга негизделип, далалатул иктизоо, далалатул танбих, иимаа жана далалатул ишара мафхумга кирет. Ал эми, мафхум мафхум-муафикке жана мафхум-мухалифке бөлүнөт.

Далалатул-ишара – бул өкүмдүн баяны үчүн айтылган сөз же өкүмгө далалат кылган маани. Бирок, андан өкүмдүн баяны айтылган өкүмдөн башка өкүм түшүнүлөт же ага далалат кылуу үчүн келет. Түшүнүлгөн бөлүк өкүм айтылып жаткан сөздөгү максат болбойт. Айтылган сөздүн далалаты түшүнүлгөн өкүмгө далалат да кылбайт. Бирок, андан түшүнүлөт. Ушул далалатул-ишаара болуп саналат. Анын мисалы:

Аллах айттат:

﴿حَمْلُهُ وَفِصَالُهُ ثَلَاثُونَ شَهْراً﴾

*«Боюнда көтөрүүсү жана эмчектен чыгаруусу отуз ай»* [46:15]

﴿فِصَالُهُ فِي عَامَيْنِ﴾

*«Эмчектен чыгаруусу эки жыл»* [31:14]

Боюнда көтөрүү мөөнөтүнүн эң кыска мөөнөтү алты ай. Эгер, айтылган лафздан бул нерсе максат кылынбаса, ал далалатул-ишаара болуп саналат...». (Китептеги цитата бүттү).

Далалатул-ишара мисалдарын «Тайсирул вусул илял усул» китебинде кездештирүүгө болот:

﴿وَٱلْوَٰلِدَٰتُ يُرْضِعْنَ أَوْلَٰدَهُنَّ حَوْلَيْنِ كَامِلَيْنِ لِمَنْ أَرَادَ أَن يُتِمَّ ٱلرَّضَاعَةَ وَعَلَى ٱلْمَوْلُودِ لَهُ رِزْقُهُنَّ وَكِسْوَتُهُنَّ بِٱلْمَعْرُوفِ﴾

*«Ким эмчек эмизүүнү толук (кылууну) каалаcа, энелер балдарын эки жыл толук эмизсин. Атасы алардын тамак-ашын жана кийим-кечесин жакшылык менен берсин»* [2:233]

Бул аяттан далалатул-ишара аркылуу насаб атага таандык экендиги түшүнүлөт.

Аллах айтат:

﴿لَا يَسْخَرْ قَوْم مِّن قَوْمٍ عَسَىٰٓ أَن يكونوا خَيْراً مِّنْهُمْ وَلَا نِسَآءٌ مِّن نِّسَآءٍ عَسَىٰٓ أَن يَكُنَّ خَيْراً مِّنْهُنَّ﴾

*«Бир коом башка бир коомду шылдыңдабасын, ал коом алардан жакшы болуп калышы мүмкүн. Аялдар аялдарды шылдыңбасын, ал аялдар алардан жакшы болуп калышы (мүмкүн)»* [49:11]

Бул аяттан далалатул-ишара аркылуу эрекектер жамааты менен аялдар жамааты бөлүнүп тургандыгы түшүнүлөт». (Китептеги цитата бүттү).

Дагы бир мисал:

Хаким «Мустадрак» китебинде мындай дейт: «Бул хадис эки шейхтин шартына ылайык сахих. Абу Муса ﵁дан, Пайгамбар ﷺ айтты:

«Жума – жамааттагы ар бир мусулман эркекке важиб. Төрт адамга важиб эмес: кулга, аялга, жаш балага, ооруган адамга». Насс аялга жума

фарз эместигин баяндап келди. Бирок, мындан далалатул-ишара аркылуу аял жумада эркектерге имамдык кыла албастыгы түшүнүлөт. Анткени, жума аялдарга эмес, эркектерге фарз. Кимге жума фарз болбосо, ал жума фарз болгондорго имамдык кыла албайт.

Б. Ошондуктан, аял өзүн жана башка алды никеге бере албастыгын билдирген хадистен далалатул-ишара аркылуу аял нике келишими учурунда сунуштоо жана кабыл алуу амалияттарын башкаруусу да жайиз эместиги түшүнүлөт. Мисалы, кыздын валийине «кызымды сага никеге бердим деп айт» деши, үйлөнүп жаткан балага же анын өкүлүнө «анын никесин кабыл алдым деп айт» деген сыяктуу нике келишиминин амалияттарын башкаруу аялга жаиз эмес. Ал эми, нике күбөлүгүн мамлекеттик мекемелерде документтештирүү нике келишиминин амалияттарынан айырмаланат. Ал жерде эки тарап күбөлүккө кол коюулары жана нике күбөлүгүн каттоо амалиятары ишке ашат, бул нерсени аял же эркектин ишке ашыруусунун айырмасы жок. Башкача айтканда, аял мамлекеттик мекемелерде нике күбөлүгүн каттоо амалияттарында иштесе болот.

4. Буга кошумча сактана турган дагы бир нерсе бар. Ал – нике келишимин жүргүзүү ыйгарым укугуна ээ болгон адам көбүнчө эркектер менен иш алып барат. Нике келишими да эки эркек тарабынан бекитилет, күбөлөр да эркектер болот, валий да эркек болот... Көптөгөн исламий өлкөлөрдө үйлөнүү тоюунда нике жүргүзүү ыйгарым укугуна ээ болгон адамды кыздын же баланын үйүнө чакырышат жана көптөгөн эркектердин катышуусуна нике келишими ишке ашат. Башкача айтканда, нике келишимин жүргүзүү ыйгарым укугуна ээ болгон адамдын иши тараптардын жана күбөлөрдүн келишине эле чектелип калбайт, балким, көптөгөн адамдардын катышуусунда өтөт. Ошону менен нике жарыя болот... Кээ бир өлкөлөрдө нике жүргүзө турган адамдын иши анын кеңсесине үйлөнүп жаткан тараптардын жана күбөлөрдүн келишине чектелбейт, балким, көптөгөн адамдарын келиши менен ишке ашат. Мындай абалда аялдын эркектер менен аралашуусу жайиз эмес.

Корутунду:

- Аял өзүн же башка аялды никеге бере албайт. Башкача айтканда, нике келишиминдеги сунуш жана кабыл алуу амалияттарын алып бара албайт. Анткени, муну шарий насс тыйган.
- Аял өзүн же башка аялды никеге бере албастыгын билдирген шарий насстан далалатул-ишаара аркылуу аял нике келишиминдеги сунуштоо жана кабыл алуу амалияттарын башкаруу ишин алып баруусу жаиз эместиги түшүнүлөт.
- Аял мамлекеттик каттоо мекемелеринде нике күбөлүгүн каттоо иштерин алып баруусу мүмкүн.

- Аял түгөйлөр ортосунда сунуштоо жана кабыл алуу амалияттарын алып баруусу иниъкод жана сихха шарттарынан эсептелбейт. Ошондуктан, түгөйлөр ортосунда иниъкод жана сихха шарты толук болсо, алардын никеси сахих болуп ишке ашат.

О.э. ушуларды баса белгилейбиз:

- Аял нике келишиминдеги сунуштоо жана кабыл алуу амалияттарын башкаруусу жаиз эмес. Ошондой эле, түгөйлөргө сунуштоо жана кабыл алуу сөздөрүн талкин кылуусу «мындай дегин деп үйрөтүүсү» да жаиз эмес.

Нике келишими иниъкод жана сихха шарты толук табылса, ишке ашат. Нике жүргүзүү ыйгарым укугуна ээ болгон адамдын кимдиги бул шарттардан саналбайт.

24-сафар, 1441-х.
23-октябрь, 2019-ж.

## Атасы кызын анын макулдугусуз күйөөгө берүүсүнүн өкүмү

**Суроо**: Ассаламу алайкум рохматуллохи уа баракатуху.

Менде суроо бар, ал суроомо тез арада жооб алууну өтүнөм.

Кызды анын ыраазылыгысыз күйөөгө берүү мүмкүнбү?

Нике келишими ишке ашып, бирок, нике түнү (кошулуу түнү) азыркыга чейин боло элек болсо, бул маселени чечүүнүн кандай жолу бар? Мен кол коюуга мажбурланган жокмун, балким, мага кол сураган жигит эшик алдында турат дешти, мен ага макул болдум. Бирок, мен бул кабылдоону кысым, мажбур астында кабыл алгандай болдум, анткени, мени менен эч ким сүйлөшкөн жок.

**Жооб**: Алайкуму ассалам рохматуллохи уа баракатуху.

Бул маселе тууралуу «Ижтима түзүмү» китебинин үйлөнүү бабында кеңири айтып өткөнбүз. Ошондой эле, бул маселе жаатында айтылган Пайгамбар ﷺдын хадисине да кеңири токтолгонбуз.

وعن عبد الله بن بريدة عن أبيه قال: «جاءتْ فتاةٌ إلى رسولِ اللهِ ص فقالتْ: إن أبي زَوَّجَني ابنَ أَخيهِ لِيَرْفَعَ بي خَسيسَتَهُ. قال فَجَعَلَ الأمرَ إليها فقالتْ قد أَجَزْتُ ما صَنَعَ أبي، ولكنْ أردْتُ أن أُعْلِمَ النساءَ أنْ ليسَ إلى الآباءِ مِنَ الأمْرِ شيءٌ» أخرجه ابن ماجه».

Абдуллохи бин Бурайда رضي الله عنه атасынан айтты: «Пайгамбар ﷺга жаш кыз келип айтты: «Мени атам өз кадыр баркын көтөрүү үчүн тууганынын баласына күйөөгө берди». Пайгамбар ﷺ ишти кыздын колуна тапшырды. Кыз айтты: «Атам кылган нерседен аттап өттүм (аткарган жокмун). Бирок, күйөөгө чыгуу ыктыярында аталар эч кандай ишти кызга мажбурлай албастыгын аялдарга билдирип койууну кааладым». (Ибн Мажа риваяты).

Аби Аббас Шихааб Аддин Ал Бусиирий Ал Кинаний Ашаафигийге (хижрий 840-жылы дүйнөдөн кайткан) таандык «Мисбааху Зужаажати фии завааид Ибн Маажа» китебинде келген:

عَن عبد الله بن بُرَيْدَة عَن أَبِيه قَالَ جَاءَت فتاة إِلَى النَّبِي فَقَالَت إِن أبي زَوجنِي من ابْن أَخِيه ليدفع بِي خسيسته قَالَ: «فَجعل الْأَمر إِلَيْهَا فَقَالَت قد أجزت مَا صنع أبي وَلَكِن أردْت أَن تعلم النِّسَاء أَنه لَيْسَ للآباء من الْأَمر شَيْء» وقال هَذَا إِسْنَاد صَحِيح رِجَاله ثِقَات...».

Абдуллохи бин Бурайда رضي الله عنه атасынан айтты: «Пайгамбар ﷺга жаш кыз келип айтты: «Мени атам өз пастыгын мен аркылуу кетирүү үчүн тууганынын баласына күйөөгө берди». Пайгамбар ﷺ ишти кыздын колуна тапшырды. Кыз айтты: «Атам кылган нерседен аттап өттүм (аткарган жокмун). Бирок, күйөөгө чыгуу ыктыярында аталар эч кандай ишти кызга мажбурлай албастыгын аялдарга билдирип койууну кааладым». Айтты: мунун иснады сахих жана риваятчылары ишенимдүү.

Ошондуктан, ушуга негизделип атасы кызынын макулдугун алышы шарт. Башкача айтканда, нике шартындагы сунуштоо жана кабыл алуу

шарттары ыктыярдуу, ыраазылык менен ишке ашуусу үчүн кыздын макулдугу шарт.

Бул боюнча «Ижтима түзүмү» китебиндеги үйлөнүү бабында кеңири баяндаганбыз. Ал төмөнкүчө:

«Эгер, аялга жуучу салынган болсо, аны кабыл алуу же кайтаруу анын гана акысы болуп, валийлеринен эч бир кишинин буга акысы жок. О.э. өзүнүн уруксатысыз эч бир киши аны турмушка бериши же аны никеден кайтарышы мүмкүн эмес. Ибн Аббас Расулулла ﷺдан риваят кылат:

«الثَّيِّبُ أَحَقُّ بِنَفْسِهَا مِنْ وَلِيِّهَا، وَالْبِكْرُ تُسْتَأْذَنُ فِي نَفْسِهَا وَإِذْنُهَا صُمَاتُهَا»

«Жубан өзүнө валийинен көрө акылуураак. Бакирадан болсо уруксат суралат. Анын уруксаты – унчукпагандыгы». (Муслим риваяты). Абу Хурайрадан риваят кылынат: Расулулла ﷺ айтты:

«لاَ تُنْكَحُ الأَيِّمُ حَتَّى تُسْتَأْمَرَ, وَلا الْبِكْرُ حَتَّى تُسْتَأْذَنَ. قَالُوا: يَا رَسُولَ اللَّهِ, وَكَيْفَ إِذْنُهَا قَالَ: أَنْ تَسْكُتَ»

«Жесирден кеңеш суралмайынча, бакирадан болсо уруксат суралмайынча нике кылынбайт». «Я Расулулла, анын ыраазылыгы кандай болот?» - деп сурашканда, «унчукпай турушу» деп жооп берди (муттафакун алайх). Ибн Аббастан риваят кылынат: «Бир кыз Расулулла ﷺга келди жана атасы аны мажбур турмушка берип жатканын айтты: Ошондо Пайгамбар ﷺ анын өзүнө ыктыяр берди». Хансо бинти Хаззом ал-Ансорийден риваят кылынат. «Атасы аны эрге берди. Ал болсо жубан эле. Ал бул ишти жактырбады. Кийин Расулулла ﷺдын алдына келгенде, анын никесин бекер кылды». Бул хадистер аял турмушка чыгууга ыраазы болмоюнча, никеси нике болбошуна ачык далил. Эгер ал бул никени кайтарса, же өзү мажбуран турмушка чыкса, келишим бекер болот. Эгер өз чечиминен кайтса же ыраазы болсо, никеси нике боло берет». (Китептеги цитата бүттү).

Ошондуктан, өзүң көрүп тургандай, бул маселе боюнча биз жогоруда айтып өткөн нерседе толук жооб бар деп үмүттөнөм. Аны дагы кайталаймын: «Бул хадистер аял турмушка чыгууга ыраазы болмоюнча, никеси нике болбошуна ачык далил. Эгер ал бул никени кайтарса, же өзү мажбуран турмушка чыкса, келишим бекер болот. Эгер өз чечиминен кайтса же ыраазы болсо, никеси нике боло берет».

Аллах билүүчү жана өкүмдар.

14-жумаадил-ахир, 1441-х.
8-февраль, 2020-ж.

# Ибадат

## Табытта көмүү жана табыт жасоо тууралуу

Жумхур (абдан көпчүлүк) факихтерден табытта көмүүнүн макрух экендиги накл кылынган.

Саъд ибн Абу Ваккас р.а.нун өлүмү жакындашканда, ага табыт жасап берүү жөнүндө ал кишиден суралганда, ал муну кабыл албады. Ошондо ага: «Биз сизге жыгачтан сандыкка окшош нерсе жасайбыз» дешкенде, Саъд ибн Абу Ваккас: «Расулулла Јга эмне кылган болсоңор, мага да ошону кылгыла: үстүмө (лахад оозуна) бышпаган кыш коюп, топурак тарткыла», - деди. Башка бир рыбаятта болсо: «Кудум Расулулла Јга кылынгандай, мага лахад казгыла жана үстүмө бышпаган кыш койгула», - деди. Бул хадисти Муслим рыбаят кылды.

Махсулат (товар) менен ушул махсулатты жасап чыгарган өнөрдүн өкүмү бирдей. Ошондуктан, табыт жасоо макрух. Бул өкүм да эгер табыт үстүндө Исламга тескери болгон белгилер болбосо берилет. Эгер ушундай белгилер бар болсо, анда ушул белгилерге карай өкүм өзгөрөт. Эгер табыт үстүндө крест же ушуга окшогон башка дин өкүлдөрүнүн белгилери болсо, анда мындай табытты жасоо катъиян арам болот.

Тыянак:

Бейит жакындарынын эч кандай белги же ураан койбой табыт жасашы макрух. Эгер табыт үстүнө Исламга тескери болгон белги же ураандар коюла турган болсо, анда аны жасоо катъий арам болот.

Ал тургай, аны жасоо махрух экендиги абалында да, биз бул суроону жолдогон кишилерге мындай өнөрдөн өзүн алыс кармашын (т.а. бул өнөр менен алектенбешин) насаат кылабыз. Анткени, шаръий өкүмгө ээрчип, өзүн макрухтан алыс кармоодо  Алла Тааланын уруксаты менен ажрсыйлык бар.

15-рабиул-аввал, 1426-х.
24-апрель, 2005-м.

## Мечиттин короосундагы объектилер

**Суроо**: мечитке туташ жайгашкан дааратканаларды кулптап коюу же пайдалангандыгы үчүн акы алуу мүмкүнбү? Мечиттин короосунан адамдарга сатып, акчасын мечитке иштетүү же мечит короосуна үй же дүкөн куруп, аларды ижарага берип, акчаларын мечиттин пайдасына иштетүү жайызбы?

**Жооп**: 1) Мечит беш убакыт намаз окуу үчүн даярдалган жай болуп, ал жабык имараттарды да, короо аянтын да өз ичине алат. Мечит вакф болуп, сатылбайт жана анда намаз окуудан эч бир мусулман тыйылбайт.

2) Бул жайдын бир да бөлүгү намаздан башка нерсе үчүн т.а. ал үчүн вакф кылынган нерседен башкасы үчүн ажыратылышы мүмкүн эмес. Мечит короосуна дүкөн куруу же үй жана ушуга окшогон нерселерди куруу үчүн мечиттен жер бөлүп берүү мүмкүн эмес.

3) Эгер, мечит менен бирге имам же муаззин үчүн үйлөр, же даарат, же ушул сыяктуу нерселер үчүн пайдаланыла турган, же дүкөндөр үчүн майдан да вакф кылынган болсо жайыз т.а. вакф кылынган мечит долбоорунда төмөнкүлөр айтылган болсо: а) намаз окула турган майдан, б) анын айланасынан жашоо үчүн бөлүнгөн майдан, в) жалпы адамдар пайдаланышы үчүн айланасынан бөлүнгөн майдан, мисалы, даараткана жана суу краны, г) дүкөндөр жана ушул сыяктуу нерселер үчүн бөлүнгөн майдан болсо жайыз. Мечит жана мечит иштери үчүн берилген кошумча жерлер вакф жерлери болуп, андан чыккан киреше мечит пайдасына сарпталат.

4) Жогоруда айтылгандай, мечитке кошуп берилген жерлер да вакф болуп эсептелет. Ошондуктан, негизи даараткана жана суулар намазкандар үчүн болуп, андан акы бербестен пайдаланышат. Ошондуктан, намаз убактарында т.а. даараткана жана сууларды иштетүү намаз үчүн болсо, алардан пайдаланганы үчүн акы алынбайт. Себеби, бул нерсе намазкандарга кыйынчылык туудурушу мүмкүн. Бул болсо арам. Бирок, алардан пайдалануу намаз үчүн болбогон убактарда болсо, андан пайдаланганы үчүн акы алып, акчаны мечит иштерине иштетсе болот.

Негизи, намазкандардан дааратканадан пайдаланганы үчүн акча алынбайт. Бир гана намаз убагынан башка убакта мечит пайдасына алына турган акылар мындан сырткары. Бул да акы алуу үчүн бирер себеп болгон учурда гана болот. Мисалы, дааратканалар намазкандар пайдалануулары үчүн таза жана жарактуу болушу керек. Ошондуктан, намаз убагы болбогон убакта пайдалангандардан акы алынат.

Бул нерсе намаз убактарында гана ачып коюла турган мечиттерге тиешелүү. Ал эми, чоң шаарлардагы дээрлик дайыма ачык тура турган

мечиттерде дааратканалардан пайдалануу көбүнчө намаз үчүн болгондуктан, акы алынбайт.

Тыянак: Дааратканалардан пайдалануу көп абалдарда намаз үчүн болгон убактарда акы алынбайт. Себеби, вакф мечиттерде намазкандардын даарат алууларына чектөө коюп, кыйынчылык туудуруу дурус эмес, бул арам.

Эгер, дааратканалардан пайдалануу көбүнчө намаз үчүн болбогон убактарда болсо, анда мечит иштерине иштетүү үчүн акы алса да, албаса да болот.

Бирок, чоң шаарлардагы азан убагында келгендер үчүн да, азандан кийин келген намазкандар үчүн да дээрлик дайыма ачык мечиттерде т.а. даараткanaдан пайдалануу көбүнчө намаз үчүн болгон мечиттерде акы алынбайт.

27-рабиъус-саний, 1428-х.
14-май, 2007-м.

## Ажылыктагы ифаза (ажылардын багыты)

**Суроо**: Аллах Тааланын «Бакара» сүрөсүндөгү ушул сөзү түшүнүксүз болуп калды:

﴿فَإِذَآ أَفَضۡتُم مِّنۡ عَرَفَٰتٖ فَٱذۡكُرُواْ ٱللَّهَ عِندَ ٱلۡمَشۡعَرِ ٱلۡحَرَامِۖ وَٱذۡكُرُوهُ كَمَا هَدَىٰكُمۡ وَإِن كُنتُم مِّن قَبۡلِهِۦ لَمِنَ ٱلضَّآلِّينَ ۝ ثُمَّ أَفِيضُواْ مِنۡ حَيۡثُ أَفَاضَ ٱلنَّاسُ وَٱسۡتَغۡفِرُواْ ٱللَّهَۚ إِنَّ ٱللَّهَ غَفُورٞ رَّحِيمٞ﴾

*«Эми Арафаттан түшкөнүңөрдөн кийин Машъарул Харамда Аллахты зикр кылгыла! Ал Зат силерди – мурун адашкандардан болсоңор да – туура жолго хидаят кылганы сыяктуу силер да Ал Затты зикр кылгыла! Андан соң, адамдар түшкөн тараптан түшкүлө жана Аллахтан (күнөөңөрдү) кечирүүсүн сурангыла! Албетте, Аллах кечиримдүү, ырайымдуу»* [2:198-199]

Биринчи аят

﴿فَإِذَآ أَفَضۡتُم مِّنۡ عَرَفَٰتٖ فَٱذۡكُرُواْ ٱللَّهَ عِندَ ٱلۡمَشۡعَرِ ٱلۡحَرَامِ﴾

*«Эми Арафаттан түшкөнүңөрдөн кийин Машъарул Харамда Аллахты зикр кылгыла!»* [2:198]

Арафаттан Машъарул Харамга т.а. Муздалифага түшүүнү (ифаза кылууну) түшүндүрөт. Ал эми,

﴿ثُمَّ أَفِيضُواْ﴾

*«Андан соң түшкүлө»* [2:199]

деп айтылган кийинки аят ал жерде дагы башка ифаза, Муздалифадан Минага ифаза кылуу бар экендигин түшүндүрөт. Мындан эки ифаза т.а. биринчиси ажылардын Арафатта токтошу жана Муздалифага ифаза кылышы, экинчиси ажылардын Муздалифада токтошу жана Минага ифаза кылыш түшүнүлөбү? Бизге белгилүү болгондой, токтоо Арафатта болот жана ошол жайдан ифаза болот.

Буга айкындык киргизип бересиз деп үмүт кыламын. Аллах силерди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп**: ифаза бир жолу Арафаттан Муздалифага болот. Мына ушул ифаза деп аталат. Муну баян кылуу үчүн силерге бул эки аяттын маанисин түшүндүрүп берем:

﴿فَإِذَآ أَفَضۡتُم مِّنۡ عَرَفَٰتٖ﴾

*«Эми Арафаттан түшкөнүңөрдөн кийин»* [2:198]

Т.а. эгер силер Арафаттан көпчүлүк болуп жолго аттансаңар. Ифаза деп куюлуп аккан ташкын суу айтылат.

Бул жерде «عَرَفَاتٍ» сөзү «عرفة» сөзүнүн көптүгү эмес, бул ажылыктагы белгилүү жай маанисинде жана ал көптүк лафзындагы ысым. Бул ысымдын көптүгү жана бирдиги жок. Т.а. ал жерде токтоо жайынын – ар бири «عرفة» деп аталган, көптүгү «عَرَفَاتٍ» болгон бөлүктөрү жок. «عرفة» да, «عَرَفَاتٍ» да бир мааниде т.а. белгилүү жайдын аты. «عَرَفَاتٍ»тагы «ت» таънис «то»су эмес. Ошондуктан, ал сарф коидаларын кабыл алат.

﴿وَإِن كُنتُم مِّن قَبۡلِهِۦ لَمِنَ ٱلضَّآلِّينَ﴾

*«Мурун адашкандардан болсоңор да»* [2:198]

Силер Расулуллах ﷺ силерге хидаят алып келишинен о.э. ажылык жана башка нерселердин өкүмдөрүн баян кылып беришинен мурун адашкандардан болгон болсоңор да…

Машъарул Харом – Ибн Умар رضي الله عنهما айткандай – бүткүл Муздалифа. Муздалифа о.э. жам деп да айтылат.

﴿ثُمَّ أَفِيضُواْ مِنۡ حَيۡثُ أَفَاضَ ٱلنَّاسُ وَٱسۡتَغۡفِرُواْ ٱللَّهَۚ إِنَّ ٱللَّهَ غَفُورٞ رَّحِيمٞ﴾

*«Андан соң, адамдар түшкөн тараптан түшкүлө жана Аллахтан (күнөөңөрдү) кечирүүсүн сурангыла! Албетте, Аллах кечиримдүү, ырайымдуу»* [2:198-199]

Эй Мекке калкы, силердин ифазаңар да башка адамдардыкындай болсун т.а. Муздалифадан эмес, Арафаттан Муздалифага болсун. Курайш жахилиятта – башка адамдар сыяткуу Арафатта эмес – Муздалифада токтоону адат кылган. Башка адамдар Арафатта токточу. Бул жерде Курайштын ушул адаты бекер кылынган. Курайш жахилиятта Харамдан болбогон Арафатта токтобочу, Харам ичиндеги Муздалифада токтошуп: «Биз Байтул Харамда жашоочуларбыз, ошондуктан, Харамдан чыкпайбыз», - деп айтышат эле. Алар «Хумс» деп аталышып, Муздалифада адамдардан өзүнчө жайда токтошчу. Кийин Аллах Субханаху ва Таала Курайшты адамдардан айырмаланбастан Арафаттан ифаза кылууга о.э. мурунку каталары себептүү кечирим суроого буюрду. Аллах калыс пенделерин кечирүүчү жана ырайымдуу.

Бухарий жана Муслим (лафз Бухарийдики) Хишам ибн Урвадан, ал атасынан, атасы Айша رضي الله عنهاдан риваят кылат: «Курайш жана анын growth
динде болгондор Муздалифада токтошчу жана Хумс деп аталышат эле. Башка адамдар Арафатта токтойт эле. Ислам келгенден кийин Аллах Пайгамбары ﷺды Арафатка келүүгө, кийин ал жерде токтоп кийин ал

жерден ифаза кылууга буюрду». Бул буйрук Аллах Субханаху ва Тааланын ушул сөзү:

﴿ثُمَّ أَفِيضُواْ مِنۡ حَيۡثُ أَفَاضَ ٱلنَّاسُ﴾

*«Андан соң, адамдар түшкөн тараптан түшкүлө»* [2:198-199]

Ушул мааниге ылайык «ثم» мурдагы ушул

﴿وَتَزَوَّدُواْ فَإِنَّ خَيۡرَ ٱلزَّادِ ٱلتَّقۡوَىٰۖ وَٱتَّقُونِ يَٰٓأُوْلِي ٱلۡأَلۡبَٰبِ﴾

*«Дагы (ажылык кылуу үчүн жолго чыгуудан мурун зарыл азык-түлүк менен) камданып алгыла! Эң жакшы азык Аллахтан коркуу-таквалык. Менден корккула, эй акыл ээлери!»* [2:197]

аятынын акырына атф болот. Т.а. аяттарда маани жагынан алга сүрүү жана кечиктирүү бар, кудум маани тартиби төмөнкүдөй: «Жана ажылык кылуу үчүн жолго түшүүдөн мурун зарыл азык менен камданып алгыла! Эң жакшы азык Аллахтан коркуу. Менден корккула, эй акыл ээлери! Кийин Курайш жахилият доорунда кылганы сыяктуу Муздалифадан эмес, адамдар түшкөн тараптан т.а. Арафаттан түшкүлө. Эми Арафаттан түшүп, Аллахтын буйругун аткарганыңардан кийин Муздалифага баргыла жана Машъарул Харамда т.а. Муздалифада Аллахты зикр кылгыла! Ал Зат силерди – мурун туура жолго хидаяттанбай адашкандардан болгонуңардан кийин – акыйкат жолго хидаят кылганы сыяктуу силер да Ал Затка хамд айткыла».

Бул суроону берүүгө үндөгөн нерсе – суроо берүүчү «ثم - атф харфы, ал иштерде ортодо бир аз үзүлүү болгон тартипти билдирет. Т.а. ثمдан кийинки иш андан мурдагы иштен бир аз кийин болгону түшүнүлөт», деп окуп алган жана ушуга ылайык бул эки аятты төмөнкүдөй түшүнүп алган көрүнөт:

Мурунку аятты ушундай түшүнгөн:

﴿فَإِذَآ أَفَضۡتُم مِّنۡ عَرَفَٰتٖ فَٱذۡكُرُواْ ٱللَّهَ عِندَ ٱلۡمَشۡعَرِ ٱلۡحَرَامِ﴾

*«Эми Арафаттан түшкөнүңөрдөн кийин Машъарул Харамда Аллахты зикир кылгыла!»* [2:198]

т.а. Муздалифада, себеби, ажылар бул убакта Муздалифага жеткен болот.

Кийинки аятты мындай түшүнгөн:

﴿ثُمَّ أَفِيضُواْ مِنۡ حَيۡثُ أَفَاضَ ٱلنَّاسُ﴾

*«Андан соң, адамдар түшкөн тараптан түшкүлө»* [2:199]

«ثم»дын суроо берүүчүнүн зээниндеги маанисине ылайык: т.а. силер Муздалифага жеттиңер, Аллахты зикр кылганыңардан жана багымдаттан кийин Минага түшкүлө. Т.а. ал (суроо берүүчү)

﴿ثُمَّ أَفِيضُواْ مِنۡ حَيۡثُ أَفَاضَ ٱلنَّاسُ﴾

*«Андан соң, адамдар түшкөн тараптан түшкүлө»* [2:199]

аятын: кийин Муздалифадан Минага түшкүлө, деп түшүнгөн жана бул түшүнүк анда суроонун пайда болушуна себеп болгон.

Бул аят мындай түшүнүлбөйт. Биз муну эки жактан баян кылабыз:

Биринчи жак: Бухарий жана Муслим

﴿ثُمَّ أَفِيضُواْ مِنۡ حَيۡثُ أَفَاضَ ٱلنَّاسُ﴾

*«Андан соң, адамдар түшкөн тараптан түшкүлө»* [2:199]

аятынын түшүшүнүн себеби жөнүндө кылган риваятка ылайык аяттын мааниси: «Силер Муздалифадан эмес, Арафаттан ифаза кылгыла» деп түшүнүлөт. Аллах бардык ажыларга, алардын катарында Курайшка да Арафаттан ифаза кылууну фарз кылды.

Экинчи жак: «ثم» иштердин аткарылышында ортодо бир аз үзүлүү болгон тартипти билдирет. Т.а. кийинки иш болууда мурунку иштен бир аз кийин болот. Бирок «ثم» айрым абалдарда мындан башкача да колдонулат. Мында «ثم»дан кийин келген иш болууда сөздө андан мурун айтылган иштен мурда жүз берет. Бирок, бул нерсе каринага жана көздөлгөн бир максатты билдирүүгө муктаж. Арабдар « أعجبني ما صنعت اليوم ثم ما صنعت أمس أعجب мени бүгүн кылган ишиң таң калтырды, кечеги ишиң болсо таң калычтуураак эле» деп айтышат. Бул жерде кечеги иш бүгүнкү ишке атф болуп жатат. Т.а. кийинки иш мурунку ишке – алардын арасында тартип болбогон абалда – атф болуп жатат. Бирок, түпкүлүгүндө «ثم»дын арабдар арасында белгилүү маанисине ылайык оболу мурдагы иш, андан бир аз мөөнөт өткөн соң кийинки иш болушу керек. Ошондуктан, мындан башкача түрдө колдонулушу үчүн карина зарыл, дедик. Мындай колдонуудан максат этибарды тартуу лазым болгон ишти билдирүү болот. Себеби, фасохаттуу араб тилинде колдонуудагы тартиптин өзгөрүшүнөн бир максат көздө тутулат.

Арабдардын жогорудагы сөздөрүн үйрөнүп чыксак, «ثم»дан кийинки иш андан мурун айтылган иштен мурда болгонуна далалат кылуучу карина - «أمس кече» сөзүнүн «ثم»дан кийин, «اليوم бүгүн» сөзүнүн «ثم»дан мурун колдонулганын көрөбүз.

Бул сөздөн көрсөтүү көздөлгөн максат – бүгүнкү иштин кыйматын түшүрүү. Сөздүн зохирий мааниси кечеги ишти мактоо, акыйкаты болсо аткаруучунун кудуретин айыптоо. Т.а. ал бир иште алга жылуу ордуна

артка карап кетти, натыйжада бүгүнкү иш кечегиге караганда азыраак болду.

Аят каримадагы карина аяттын түшүү себеби, аны Бухарий жана Муслим риваят кылган.

Көрсөтүү көздөлгөн максат болсо Курайштын адатын бекер кылуу. Курайш адаты боюнча Муздалифада токтоп, Арафатта токтоо үчүн барбайт эле. Т.а. Аллах Таала мурдагы аятта Арафаттан Муздалифага ифаза кылууну айткандан кийин аны дагы айтты жана Арафаттан Муздалифага ифаза кылуу Курайшка да кудум башкаларга важиб болгондой важиб экендигин эстетти.

Ифаза кылуу Арафаттан Муздалифага болушу айкындашты деп үмүт кыламын.

﴿ثُمَّ أَفِيضُواْ﴾

*«Андан соң түшкүлө»* [2:199]

деп келген кийинки аят мааниде

﴿فَإِذَآ أَفَضۡتُم مِّنۡ عَرَفَٰتٖ﴾

*«Эми Арафаттан түшкөнүңөрдөн кийин»* [2:198]

деп келген аяттан мурун болот. Араб тилинде алдыга жана кийинкиге сүрүү анык бир максат үчүн болот. Бул жердеги максат Курайштын жахилияттагы өздөрүн башка адамдардан ажыратуу адаттарына чек коюу болгон.

16-зул-каъда, 1434-х.
22-сентябрь, 2013-м.

## Жума намазынан чыкканда Пайгамбарга салават айтуу тууралуу

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

Кече адамдар жума намазынан чыгып жатканда – адамдар мечит алдында топтолуп турганы сизге белгилүү – бир киши: Пайгамбарга салават айткыла, - деди. Ошондо ага башка киши: Андай дебе, ал бидъат, - деди.

Ал бидъатпы же бидъат эмеспи? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Мечит алдында «Пайгамбарга салават айткыла» деген кишинин бул сөзү бидъат эмес. Себеби, бидъат Шариънин буйругуна, аткаруу кайфияты варид болгон буйругуна тескери иш кылуу болуп эсептелет. Бидъат лугатта – Лисанул арабда келгендей – төмөндөгү маанини билдирет: «Бидъатчы – окшошу болбогон бир ишти кылган кимсе…». Истилахта да ушундай. Т.а. бул жерде Расул ﷺ кылган бир «мисал» болот жана мусулман анын тескерисин жасайт. Бидъат – шарият бир шаръий иштин аткарылышын баян кылган шаръий кайфиятка тескери иш тутуу. Бул маани ушул хадистин мадлулу болот:

«وَمَنْ عَمِلَ عَمَلاً لَيْسَ عَلَيْهِ أَمْرُنَا فَهُوَ رَدٌّ»

«Кимде-ким биздин буйругубуз болбогон бир амалды кылса, ал четке кагылат» (Бухарий жана Муслим). Ушуга ылайык, кимде-ким намазда эки сажда ордуна үч сажда кылса, ал бир бидъатты алып келген болот. Себеби, ал Расулуллах ﷺ кылган ишке тескери кылды. Кимде-ким жамаротто жети таш ордуна сегиз таш ыргытса, бир бидъатты алып келген болот, себеби, ал да Расулуллах ﷺ феълине тескери иш кылды. Кимде-ким азан лафздарын көбөйтсө же кемейтсе, ал да бир бидъатты алып келген болот, себеби, ал Расулуллах ﷺ макулдап белгилеп койгон азанга тескери кылды…

Ал эми, Шариънин аткаруу кайфияты келбеген буйругуна тескери иш кылууга келсек, ал шаръий өкүмдөрдө вакиъ болот. Мындай тескери иш тутуу жөнүндө, эгер шаръий өкүм таклиф хитабы болсо, арам же макрух, эгер шаръий өкүм вазъ хитабы болсо, батыл же фасид деп айтылат. Мында амр менен бирге келген каринага карап айтылат…

Мисалы: Муслим Айша رضي الله عنها дан риваят кылган хадисте энебиз Расулуллах ﷺдын намазын сыпаттап мындай дейт:

«…وَكَانَ إِذَا رَفَعَ رَأْسَهُ مِنَ الرُّكُوعِ لَمْ يَسْجُدْ، حَتَّى يَسْتَوِيَ قَائِمًا، وَكَانَ إِذَا رَفَعَ رَأْسَهُ مِنَ السَّجْدَةِ، لَمْ يَسْجُدْ حَتَّى يَسْتَوِيَ جَالِسًا…»

«… Расулуллах ﷺ эгер башын рукудан көтөрсө тээ боюн тике кылмайынча сажда кылбайт эле, башын саждадан көтөрсө, тээ олтуруп

түз болмоюнча сажда кылбайт эле…». Мында Расул ﷺ мусулман адам башын рукудан көтөргөндөн кийин тээ боюн түздөмөйүнчө сажда кылбашын, саждадан баш көтөргөндө тээ түздөлүп олтурмайынча экинчи сажданы кылбашын баян кылып берди. Ошондуктан, буга тескери аракет кылган кимсе бир бидъатты алып келген болот. Мисалы, намазкөй рукудан баш көтөрүп кийин боюн түздөбөй сажда кылса, бир бидъатты алып келген болот. Анткени, ал Расул ﷺ баян кылган кайфиятка тескери иш кылды. Бул бидъат бир адашуу болуп, аны кылган кимсе чоң күнөө кылган болот.

Бирок, мисалы, Муслим Убада ибн Сомиттен мындай дегенин риваят кылды: Мен Расулуллах ﷺдын:

«يَنْهَى عَنْ بَيْعِ الذَّهَبِ بِالذَّهَبِ، وَالْفِضَّةِ بِالْفِضَّةِ، وَالْبُرِّ بِالْبُرِّ، وَالشَّعِيرِ بِالشَّعِيرِ، وَالتَّمْرِ بِالتَّمْرِ، وَالْمِلْحِ بِالْمِلْحِ، إِلَّا سَوَاءً بِسَوَاءٍ، عَيْنًا بِعَيْنٍ، فَمَنْ زَادَ، أَوِ ازْدَادَ، فَقَدْ أَرْبَى»

«Алтынды алтынга, күмүштү күмүшкө, буудайды буудайга, арпаны арпага, курманы курмага, тузду тузга теңме-тең, айнма айн (өзүн-өзүнө) гана сатууну буюрганын, мунун тескерисинен кайтарганын, кимде-ким көбөйтүп берсе же көбөйтүп алса, риба кылган болушун», уктум. Демек, эгер мусулман бул хадиске тескери кылып алтынды алтынга салмагына барабар эмес, көбөйтүп сатса: ал бир бидъатты алып келди, делбейт, ал арам иш кылды т.а. риба алды, делет.

Корутунду: Расулуллах ﷺ баян кылган кайфиятка тескери иш кылуу бидъат болуп эсептелет. Расул ﷺдын кайфият баян кылынбай шаръий өкүмдөрдө вакиъ боло турган мутлак буйругуна тескери кылуу болсо, далилге карап арам, макрух… батыл, фасид… болот.

Сиздин сурооңуз боюнча айта турган болсок, Расул ﷺ жума намазынан кийин мечиттен чыгууда айтыла турган сөздүн кайфиятын баян кылбаган. Ошондуктан, ошол мусулмандын мечиттен чыгып жатып «Пайгамбарга салават айткыла» деген сөзү бидъат бабына кирбейт, ал шаръий өкүмдөр алкагында үйрөнүлөт. Мусулмандын мечиттен чыгып жатып «Пайгамбарга салават айткыла» деген сөзү жайиз, анда, эч кандай зыян жок, тескерисинче, ал өзүнүн ниетине карап – инша Аллах – ажр-соопко ээ болот.

28-ражаб, 1434-х.
7-июнь, 2013-м.

## Истихара намазы туурасында

**Суроо**: ассаламу алайкум. Мен истихара намазы кандай экендигин билмекчи элем. Истихара кылып жаткан (жакшылыкты сурап жаткан) киши истихара намазынан кийин түшүндө бирер нерсе көрөбү? Суроонун жообу тезирээк болот деген үмүттөмүн, Аллах сизди жакшылык менен сыйласын!

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Набий ﷺ ушул хадисте истихара намазын түшүндүрмөгө зарылдык калтырбай турган даражада толук баян кылды:

Имам Бухарий жана башкалар Жабир ибн Абдуллах رضي الله عنهما дан риваят кылышат: Жабир айтат, Расулуллах ﷺ бизге мындай деп бардык иштерде истихара кылууну кудум Куран сүрөсүнөн үйрөткөнү сыяктуу үйрөтөр эле:

«إِذَا هَمَّ أَحَدُكُمْ بِالأَمْرِ، فَلْيَرْكَعْ رَكْعَتَيْنِ مِنْ غَيْرِ الفَرِيضَةِ، ثُمَّ لِيَقُلْ: اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْتَخِيرُكَ بِعِلْمِكَ وَأَسْتَقْدِرُكَ بِقُدْرَتِكَ، وَأَسْأَلُكَ مِنْ فَضْلِكَ العَظِيمِ، فَإِنَّكَ تَقْدِرُ وَلاَ أَقْدِرُ، وَتَعْلَمُ وَلاَ أَعْلَمُ، وَأَنْتَ عَلَّامُ الغُيُوبِ، اللَّهُمَّ إِنْ كُنْتَ تَعْلَمُ أَنَّ هَذَا الأَمْرَ خَيْرٌ لِي فِي دِينِي وَمَعَاشِي وَعَاقِبَةِ أَمْرِي - أَوْ قَالَ عَاجِلِ أَمْرِي وَآجِلِهِ - فَاقْدُرْهُ لِي وَيَسِّرْهُ لِي، ثُمَّ بَارِكْ لِي فِيهِ، وَإِنْ كُنْتَ تَعْلَمُ أَنَّ هَذَا الأَمْرَ شَرٌّ لِي فِي دِينِي وَمَعَاشِي وَعَاقِبَةِ أَمْرِي - أَوْ قَالَ فِي عَاجِلِ أَمْرِي وَآجِلِهِ - فَاصْرِفْهُ عَنِّي وَاصْرِفْنِي عَنْهُ، وَاقْدُرْ لِي الْخَيْرَ حَيْثُ كَانَ، ثُمَّ أَرْضِنِي. قَالَ: وَيُسَمِّي حَاجَتَهُ»

«Качан бирөө-жарымыңар бир ишти кылмакчы болсо, фарздан тышкары эки рекет намаз окуп, андан соң мындай деп дуба кылсын: Эй Аллахым, мен Сенин илимиң менен истихара кыламын (жакшылыкты сураймын). Сенин кудуретиң менен кудурет сураймын. Сенин улуу фазлиңден сураймын. Албетте, Сен кудуреттүү болосун, мен кудуреттүү болбоймун. Сен билесин, мен билбеймин. Сен гоибдерди өтө жакшы билүүчү затсың. Эй Аллахым, эгерде ушул ишти мен үчүн динимде, турмушумда, ишимдин акыбетинде (же азыркы ишимде жана келечекте) кайырдуу (жакшы) деп билсең аны мага тагдыр кылгын, мага жеңил кылгын, андан соң аны мага берекелүү кылгын. Эгерде ушул ишти мен үчүн динимде, турмушумда, ишимдин акыбетинде (же азыркы ишимде жана келечекте) жаман деп билсең, аны менден, мени андан буруп жибер. Мага кайда болсо да жакшылыкты тагдыр кыл. Андан соң мени (ушул жакшылык менен) ыраазы кылгын. (Адам ушундан кийин) муктаждыгын айтсын» (Имам Бухарий риваяты).

Ушул хадистен истихара намазынын кандай экендиги анык белгилүү болуп турат. Т.а. ким истихара кылмакчы болсо (Аллахтан жакшылыкты сурамакчы болсо), истихара намазына ниет кылып эки рекет нафл намаз окуйт, намазын окуп бүтүп, хадисте келген истихара дубасын кылат, ошону менен истихара намазы же истихара дубасы аяктайт. Истихара

намазынын кандай экендиги мына ушул. А бирок, истихара намазына тиешелүү башка сөдөр да бар:

1 – Эгерде адам бир ишти ар тараптуу үйрөнүп чыккандан кийин аны кылмакчы болсо жана ушул иштин туура экендигине көбүрөөк божомол кылып, ага киришмекчи болсо, эки рекет намаз окуйт, истихара дубасын кылат жана ушул иштин кайырдуу болсо жетиштирүүсүн жана кайырсыз болсо, узак кылышын сурап Аллах Субханахуга жалбарган абалда ушул ишке кадам коёт. Башкача айтканда, ишти ар тараптуу үйрөнүп, анын туура экендигине көбүрөөк божомол кылбай туруп истихара намаз окубайт. Ишти ар тараптуу үйрөнүп, анын туура экендигине көбүрөөк божомол кылгандан кийин гана намаз окуп, ошол иштин жакшылык-берекелүү болушун сурайт жана ишке киришет. Хадиске назар салыңыз, анда

«إِذَا هَمَّ أَحَدُكُمْ بِالأَمْرِ، فَلْيَرْكَعْ رَكْعَتَيْنِ مِنْ غَيْرِ الفَرِيضَةِ، ثُمَّ لِيَقُلْ: اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْتَخِيرُكَ بِعِلْمِكَ...»

«Качан бирөө-жарымыңар бир ишти кылмакчы болсо, фарздан тышкары эки рекет намаз окусун, андан кийн мындай деп дуба кылсын: Эй Аллахым, мен Сенин илимиң менен истихара кыламын (жакшылыкты сураймын)...», деп айтылды.

2 – Набий ﷺдын истихараны түш көрүүгө байланыштырганы туурасында эч кандай сахих риваят келген эмес. Мага белгилүү болгондой, Расулуллах ﷺ адамдарды истихара кылууга көп үйрөткөн, а бирок, анын натыйжасын түшкө байлаган эмес. Жогоруда Жабир риваят кылган хадисте:

«فَاقْدُرْهُ لِي وَيَسِّرْهُ لِي، ثُمَّ بَارِكْ لِي فِيهِ»

«Аны мага тагдыр кылгын, мага жеңил кылгын, андан соң аны мага береклүү кылгын», - деди о.э.

«فَاصْرِفْهُ عَنِّي وَاصْرِفْنِي عَنْهُ، وَاقْدُرْ لِي الْخَيْرَ حَيْثُ كَانَ، ثُمَّ أَرْضِنِي»

«Аны менден, мени андан буруп жибер. Мага кайда болсо да жакшылыкты тагдыр кыл. Андан соң мени (ушул жакшылык менен) ыраазы кылгын», - деди. Бул сөздөрдөн ал заттын истихараны түш көрүүгө байланыштырбаганы, тескерисинче, ишти Аллахтын жетиштирүүсүнө жана аны насип кылышына байлагандыгы көрүнүп турат. Т.а. адам истихара кылып, сураган ишин ишке ашырууга аракет кылат, ошондо эгерде ошол иш кайырдуу болсо, Аллах бул ишти ага тагдыр кылат жана ушул ишти ага насип кылат. Эгерде бул иш кайырдуу болбосо, андан бул ишти буруп жиберет. Демек, истихара бул ишти жана иштеги жакшылыкты Аллах Субханахунун ыктыярына тапшыруу болуп, Аллахтын Өзү истихарачыга тандап, ыраазы болуп, насип кылып берсин. Эгерде бул иштен Аллах Субханаху ыраазы болбосо, аны истихарачыдан узак кылсын.

3 – Жабир риваят кылган хадистеги

«فَاصْرِفْهُ عَنِّي وَاصْرِفْنِي عَنْهُ، وَاقْدُرْ لِي الْخَيْرَ حَيْثُ كَانَ، ثُمَّ أَرْضِنِي»

«Аны менден, мени андан буруп жибер. Мага кайда болсо да жакшылыкты тагдыр кыл. Андан соң мени (ушул жакшылык менен) ыраазы кыл», - деген сөздү кээ бир адамдар мындай түшүнөт: Көңүлүңдүн тартышы Аллах ыктыяр кылгандыгынын белгиси, мунун мааниси мындай, качан истихарачынын көңүлү тартса, ишке киришсин, көңүлү тартпаса, андан алыстап, аны кылбасын. Себеби, анын ошол иштен узак болушу жүрөктүн каалабастыгы жана сыгылышы... Шавканий «Найлул автор»до Нававийдин мындай дегенин риваят кылат: «Истихарачы истихара кылгандан кийин көңүлү тартканын кылышы керек. А бирок, көңүлүнүн тартышына таянып албашы керек. Себеби, истихара кылышынан мурда ошол ишке напис-каалоосу тарткан болушу мүмкүн. Ошондуктан, ал алгач ыктыярын таштаган болсун. Антпесе, Аллахтан истихара кылган болбой калат, тескерисинче өз напис-каалоосунан истихара кылып сураган болуп калат. Кээде ал чын дилден жакшылыкты талап кылбаган, (өзүн) илим жана кудуреттен куру деп билип илим жана кудуретти Аллах үчүн деп тастыктабаган болушу да мүмкүн. Эгерде ал бул иште дили таза болсо (өзүн) илим жана кудуреттен, илим жана кудуретти өзүнүкү деп билүүдөн ыраак деп билет». Нававийдин пикири ушул. Ал эми менин көбүрөөк туура деп билген пикирим боюнча бул белги сахих эмес. Себеби, бул тууралуу нусуста келбеген . О.э. айрым кишилердин бул жаатта таянган хадисинин санады өтө эле заиф. Хадис уламалары мындай деген. Бул хадис төмөнкүдөй:

Ибн Саний «Амалул Явм ва Лайл»да төмөнкүнү (риваят кылган) иштеп чыккан: Бизге Абу Аббас ибн Кутайба Аскалоний мындай кабар кылды. Ага Убайдуллах ибн Химярий Иброхим ибн Ула ибн Назр ибн Анас ибн Маликтен, ал атамдан, ал атасынан, ал чоң атасынан риваят кылды: Анас айтат Расулуллах ﷺ мындай деди:

«يَا أَنَسُ، إِذَا هَمَمْتَ بِأَمْرٍ فَاسْتَخِرْ رَبَّكَ فِيهِ سَبْعَ مَرَّاتٍ، ثُمَّ انْظُرْ إِلَى الَّذِي يَسْبِقُ إِلَى قَلْبِكَ، فَإِنَّ الْخَيْرَ فِيهِ»

«Эй Анас, качан бир ишти кылмакчы болсоң, Аллахтан жети жолу ошол иш тууралуу истихара кылгын, андан соң жүрөгүңдүн тартышына кара. Анткени, жакшылык ошондо». Ибн Хажар «Фатхул Барий»де мындай дейт: «... «Азкор»да Нававий «Истихарадан кийин көңүлү тарткан ишти кылат», дейт жана буга Расулуллахтын Анаска айткан «Качан бир ишти кылмакчы болсоң, Аллахтан жети жолу ошол иш тууралуу истихара кылгын, андан соң жүрөгүң тартышына карагын. Анткени, жакшылык ошондо» хадистерин далил кылды. Эгерде бул хадис далилденсе, ал таянылуучу риваят болор эле. Бирок, анын санады өтө эле заиф...».

Ошондуктан, колубузда биринчи чекитте айткан нерсебизден башкасы калбады. Т.а. хадисте мындай келип жатат, ишти кылууга токтом кылынгандан кийин т.а. ишти толук үйрөнүп чыгууга жана ишке киришүүнү туура деп билүүгө негизделип ишке киришүүгө токтом кылынгандан кийин истихара кылынат. Мындай түшүнүүнүн туура экендигин Хаким «Мустадрак»та Абу Айюб Ансорийден риваят кылган төмөнкү хадис көрсөтүп турат: Расулуллах ﷺ мындай деген:

«اكْتُمِ الْخِطْبَةَ ثُمَّ تَوَضَّأْ فَأَحْسِنْ وُضُوءَكَ، ثُمَّ صَلِّ مَا كَتَبَ اللَّهُ تَعَالَى لَكَ، ثُمَّ احْمَدْ رَبَّكَ وَمَجِّدْهُ، ثُمَّ قُلِ: اللَّهُمَّ إِنَّكَ تَقْدِرُ وَلَا أَقْدِرُ، وَتَعْلَمُ وَلَا أَعْلَمُ، وَأَنْتَ عَلَّامُ الْغُيُوبِ، فَإِنْ رَأَيْتَ لِيَ فِي فُلَانَةٍ، - يُسَمِّيهَا بِاسْمِهَا - خَيْرًا لِي فِي دِينِي وَدُنْيَايَ وَآخِرَتِي فَاقْدُرْهَا لِي، فَإِنْ كَانَ غَيْرُهَا خَيْرًا لِي فِي دِينِي وَدُنْيَايَ وَآخِرَتِي فَاقْدُرْهَا لِي»

«Колуктунун кимдигин жашыргын. Андан соң чырайлуу көрүнүштө даарат алып, Аллах сага буйруган намазды оку. Андан кийин Аллахка хамд айтып, Аны улуула. Ошондон кийин мындай деп дуба кылгын: Эй Аллахым, Сен кудуреттүүсүң, мен кудуреттүү болбосмун. Сен билесиң, мен билбесмин. Сен гоибдерди өтө жакшы билүүчү затсың. Эй Аллахым, эгерде балан кызды – ошол кыздын атын айтат – мен үчүн диним, жашоом жана акыретимде кайырдуу деп билсең аны мага тагдыр кыл. Эгерде андан башкасы мен үчүн диним, турмушум жана акыретимде кайырдуу болсо ошону мага тагдыр кыл». Ушул хадистен истихарачыда белгилүү бир аялга үйлөнүү чечими болгондугу, бирок аны билдирбей жашырганы, андан соң ушул иште Аллахка истихара кылып, аны Аллах Субханахунун колуна тапшырып койгону даана көрүнүп турат. Анткени, Аллах ошол иште жакшылык болсо, ага насип кылат. Эгерде ошол иштен башка иште жакшылык болсо, ошону насип кылат. Мында түш көрүүгө же көңүлдүн тартышына байланган жок.

Тыянак кылып айтканда, истихара маселесинде мен башка пикирлерге караганда көбүрөөк туура деп билген пикирим мындай:

Киши бирер ишти кылмакчы болсо, алгач аны ар тараптан үйрөнүп чыгат. Андан кийин ушул ишти кылууну туура деп билип кылмакчы болсо, ошондо эки рекет намаз окуйт жана истихара дубасын кылат. Аллах Субханахудан бул иште жакшылык бар болсо, аны насип кылышын, эгерде жамандык болсо андан буруп жиберишин сураган абалда, ишке киришет.

Т.а. иштин бардык тараптарын үйрөнүп, бул ишти кылууну туура деп билмейинче, истихара намазын окубайт. Иштин бардык тараптарын үйрөнүп, аны кылууну туура деп билсе, намаз окуп, истихара дубасын кылат жана ишке киришет... Хадиске көңүл буруңуз:

«إِذَا هَمَّ أَحَدُكُمْ بِالأَمْرِ، فَلْيَرْكَعْ رَكْعَتَيْنِ مِنْ غَيْرِ الفَرِيضَةِ، ثُمَّ لِيَقُلْ: اللَّهُمَّ إِنِّي أَسْتَخِيرُكَ بِعِلْمِكَ...»

«Качан бирөө-жарымыңар бир ишти кылмакчы болсо, фарздан тышкары эки рекет намаз окусун, андан соң мындай деп дуба кылсын: Эй

Аллахым, мен Сенин илимиң менен истихара кыламын (жакшылыкты сураймын)...». (Имам Бухарий риваяты).

Ушул хадистен менин башка пикирлерге караганда көбүрөөк туура деп эсептеген пикирим мына ушул. Т.а. киши истихара намазын окуп, андан кийин эки иштин бирин түшүндө көрүүнү, же ага көңүлү тартышын күтүп отурбайт. Себеби, хадисте:

«إِذَا هَمَّ أَحَدُكُمْ بِالأَمْرِ...»

«Качан бирөө-жарымыңар бир ишти кылмакчы болсо…», - деп айтылууда. Азыр эле айтканымдай, менин башка пикирлерге караганда көбүрөөк туура деп эсептеген пикирим мына ушул.

1-жумадул-аввал, 1437-х.
10-февраль, 2016-м.

## Мечит курууда каапырлардан жардам алуу жана ал мечитте намаз окуу туурасында

**Суроо**: ассаламу алейкум рахматуллохи уа баракаатуху

Мен өзүм үчүн билип ала турган бир суроо жаралып жатат. Атым Надия Индонезиядагы студенттердин биримин… Урматту шейх Христиандар тарабынан курулган мечитте намаз окуунун өкүмү кандай?

Аллах ыраазы болсун

**Жооб**: ассаламу алейкум рахматуллоохи уа баракаатуху.

Бул тууралуу суроо мурда да берилген эле. Ага биз 2018 04 23 жооп берген элек. Төмөндө ошол жоопту толугу менен кайталап өтөм ошол жетиштүү болот Ин шаа Аллах

Суроо: мечит курууга каапырлардан да жардам алса болобу? Мечиттин курулушуна каапырлар да салым кошсо анда намаз окуунун өкүмү кандай?

Бул жерде бир темага байланышкан эки суроо болуп жатат. Андыктан эки жооп берилет:

Биринчиси суроо: мечитти курууга каапырлардан да акчалай жардам алса болобу?

Экинчиси суроо: каапырлардын акчалай салымы менен курулган мечитте намаз окуса болобу?

Биринчи суроого жооб: мечиттин курулушуна капырлардан да акчалай жардам алуу. Бул маселе боюнча көптөгөн пикирлер бар… Факихтердин ичинен аны кабыл алуу дурус дегендери да бар. Аны алар каапырлардан белек алууга кыястап дурус дешет. Алар далил катары Пайгамбар с.а.в. Мисирдин акими Мукавкастан римдиктер аркылуу белек алгандыгын далил келтиришет. Менин пикиримде жеке адамга берилген белек менен мечитке берлген жардам айырмаланат (эки башка вакый).

• Мечит бул Аллахка ибаадат кылуучу жай. Мечитке жардам кылуу бул калыс Аллах үчүн берилген садака. Абу Хурайра р.а. айтты: Пайгамбар с.а.в. айтты. “Эй адамдар Аллах таза ал бир гана таза нерсени кабыл кылат” (Муслим)

Ушуга негизделип мечит курууга каапырлардан акчалай жардам алуу болбойт. Анткени каапырлардын малы таза эмес.

• Ошондой эле Пайгамбар с.а.в. хадистеринде ким мечит курса ага Аллах бейиште бир үй курары да айтылган. Ахмаддын муснадында Саьид бин Жубайр Ибн Абастан риваят кылат. Пайгамбар с.а.в. айтты “Ким Аллах үчүн мечит курса эгер ал жумуртка уясындай болсо да Аллах ал үчүн бейиште бир үй курат”.

• Тирмизи сунанында Усман бин Аффандан риваят кылат. Айтты: Пайгамбар с.а.в. айтканын уктум: “Ким Аллах үчүн мечит курса Аллах ал үчүн бейиште ошондой үй курат”, Тирмизи бул хадисти хасан хадис деген. Ошондой эле Ибн Хазиимата сахихинде жана Дааримий да бул хадисти риваят кылышкан.

• Ибн Хибан сахихинде Абу Зар р.а. дан риваят кылат. Айтты: Пайгамбар с.а.в. айтты. “Ким Аллах үчүн мечит курса эгер ал жумуртка уясындай болсо да Аллах ал үчүн бейиште бир үй курат”. Мунун иснады сахих.

Хадисте айтылып өтүлгөндөй ким Аллах үчүн мечит курса Аллах ал үчүн бейиште бир үй курат. Бул бир гана мусулман адам үчүн (Ким Аллах үчүн мечит курса) дегенде көздөлгөн максат мусулман адамды билдирет. Анткени эгер каапыр адам мечит курса да ал бейиш ээлеринен болуп саналбайт.

• Ошондой эле жахилият (караңгылык) доорунда мекке мушриктери да харам мечитине кам көргөндүктөрү менен сыймыктанышчу. Аллах бул тууралуу бул аятты түшүргөн: ((силер) Ажыларды азыктандырууну жана харам мечитине кам көрүүнү, Аллахка, акырет күнүнө ыйман келтирген жана Аллах жолунда жихад кылган менен барабар деп ойлойсуңарбы. Аллах алдында бул нерсе барабар эмес. Аллах заалим коомду туура жолго салбайт)

Куртубийдин тафсиринде:

Ажыларды азыктандыруу амалын Аллахка ыйман келтирген амал менен барабар деп ойлойсуңарбы?, деп келген.

Насафийдин тафсиринде: (силер)Ажыларды азыктандырууну жана харам мечитин куруууну Аллахка, акырет күнүнө ыйман келтирген жана Аллах жолунда жихад кылган менен барабар деп ойлойсуңарбы. Аллах алдында бул нерсе барабар эмес Аллах заалим коомду туура жолго салбайт) сикояту менен имаарату масдар сөздөр. Имаарату сактоо коргоо манисинде келген. Т.а. ажыларды азыктандыруу жана харам мечитине кам көргөндү Аллахка ыйман келтирген амал менен барбар деп ойлойсунарбы. Бул жердеги маани мушриктер өз амалдарын момундардын амалдарына окшотуп жатканын четке кагып жатат. Алар бул амалдарын мусулмандардын амалына теңештирүүсү өздөрүнө карата зулум үстүнө зулум болуп жаткандыгын жана алар мактануу жана сыймыктануусун туура эмес оорунда колдонуп жатышканыдыгын билдирип жатат.

Жогорудагылардын баардыгынан көрүнүп тургандай харам мечитин куруу болобу же башка кандай гана мечитти куруу болбосун “Аллахка жана акырет күнүнө ыйман келтирген” болушу. Б.а. мусулман болушу шарты эле каапырдан мечит куруууга жардам алууну жокко чыгарат.

Ушуга негизделип басымдуу пикир бул – мечит куруугa каапырдан жардам алынбайт. Бул рай менин пикиримде басымдуу пикир болуп саналат. Анткени жогоруда айтып өткөнүбүздөй кээ бир факихтер каапырлардан мечит куруугa жардам алууну дурус деп санашат.

Ушул басымдуу рай. Аллах туурасын билүүчү.

Бул биринчи суроого жооп болду.

Ал эми экинчи суроого жооп: Анда намаз окуунун өкүмү. Ал жерде намаз окуу жайиз. Бухари риваяты Жаабир бин Абдиллах айтты: Пайгамбар с.а.в. айтты, "Менден мурдагы пайгамбарларга берилбеген беш нерсе мага берилди. Бир айчалык жолдон душмандын жүрөгүнө коркуу салуу менен нусрат кылындым. Баардык жер мага мечит жана таза кылынып берилди менин үммөтүмдөн кайсы бирине намаз убактысы кирсе ошол жерде окуй берсин. Олжо мага адал кылынды. Пайгамбарлар өз коомуна гана жөнөтүлгөн. Мен баардык амадзат үчүн жөнөтүлдүм. Мага шафаат кылуу да берилди" Мусли риваятында Жаабир бин Абдиллахи Ансорийден айтты: Пайгамбар с.а.в. айтты: "Менден мурдагы пайгамбарларга берилбеген беш нерсе мага берилди. Бир айчалык жолдон душмандын жүрөгүнө коркуу салуу менен нусрат кылындым. Баардык жер мага мечит жана таза кылынып берилди менин үммөтүмдөн кайсы бирине намаз убактысы кирсе ошол жерде окуй берсин. Олжо мага адал кылынды. Пайгамбарлар өз коомуна гана жөнөтүлгөн. Мен баардык адамзат үчүн жөнөтүлдүм. Мага шафаат кылуу да берилди".

Мына ушундайча кайсы жер намазга ылайыктуу таза болсо ал жерде намаз окуу дурус болот. Б.а. каапырлар тарабынан каржыланып салынган мечит болсо да ал жерде намаз окуу дурус болот. Бул жердеги маселе мечит куруудa каапырдан жардам алуу болбойт. Анын баянын жогоруда айтып өттүк.

7-октябрь, 2018-м.

## Зулхижжанын баштапкы күнүндөгү орозо

**Суроо**: ассаламу алайкум рохматуллоохи уа баракатуху, урматтуу аалым Халил Ата бин Абу Рушта Аллах сизди Өз коргоосуна алсын.

Менде зулхижжанын алгачкы он күнүндөгү орозого байланыштуу суроо бар. Бул соолих амалдарга байланыштуу мустахаб болуп саналабы? Же ал Пайгамбар ﷺдан далил келбеген бидад амалы болуп саналабы? Мен бул жаата келген хадистерди окуп чыктым жана алардын ортосунда карама-каршылыктар бардай. Ошондуктан, бул хадистердин ортолорун жамдаса болобу? Бул тууралуу ачыктап берсеңиз, Аллах ыраазы болсун.

**Жооб**: алайкуму салам рохматуллоохи уа баракаатуху.

Зулхижжанын абалкы тогуз күнү, айрыкча тогузунчу күн арафа тууралуу хадистер келген. Ошондой эле, зулхижжанын абалкы он күнүндө орозо тутуу абзел соолих амал экендигин билдирген хадистер келген. Ошондой эле, момундардын энеси Аиша رَضِيَ اللَّهُ عَنْهَاдан Пайгамбар ﷺдын зулхижжанын бул күндөрүндө орозо тутканын көрбөгөндүгү тууралуу хадис келген...

Ошондуктан, бул хадистерге назар салабыз жана алардын ортосун жамдоого да токтолбуз, ин шаа Аллах.

Биринчиден, зулхижжанын баштапкы он күнүндөгү орозо тууралуу келген хадистерге токтолобуз:

1 – Зулхижжанын алгачкы тогуз күнүндө, айрыкча тогузунчу күн арафа күнүндө орозо тутуу тууралуу келген хадистер:

– Имам Муслим өзүнүн «Сахих»инде Абу Катада رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُнун мындай дегенин иштеп чыкты: Расулуллах ﷺ айтты:

«ثَلَاثٌ مِنْ كُلِّ شَهْرٍ وَرَمَضَانُ إِلَى رَمَضَانَ فَهَذَا صِيَامُ الدَّهْرِ كُلِّهِ صِيَامُ يَوْمِ عَرَفَةَ أَحْتَسِبُ عَلَى اللَّهِ أَنْ يُكَفِّرَ السَّنَةَ الَّتِي قَبْلَهُ وَالسَّنَةَ الَّتِي بَعْدَهُ وَصِيَامُ يَوْمِ عَاشُورَاءَ أَحْتَسِبُ عَلَى اللَّهِ أَنْ يُكَفِّرَ السَّنَةَ الَّتِي قَبْلَهُ»

«Ар бир айдын үч күнү (тутулган орозо) жана ар бир рамазанда (шаввалдын алты күнү менен бирге тутулган орозо) бүтүндөй доордун (бир жылдын) орозосуна барабар. Арафа күнү тутулган орозодо Аллах бир жыл мурунку жана бир жыл кийинки күнөөлөрдү кечирет деп (үмүт кылам). Ашура күнүндөгү орозодо Аллах бир жыл мурунку күнөөлөрдү кечирет деп (үмүт кылам)».

– Имам Муслим өзүнүн «Сахих»инде Абу Катада رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُнун мындай дегенин иштеп чыкты: Расулуллах ﷺдан арафа күнү тутула турган орозо жөнүндө суралганда:

«يُكَفِّرُ السَّنَةَ الْمَاضِيَةَ وَالْبَاقِيَةَ»

«Бир жыл мурунку жана кийинки күнөөлөр кечирилет» деди:

– Имам Ахмад өзүнүн «Муснад»ында Хунайда ибн Халидден, ал өз аялынан кылган риваятты иштеп чыкты. Анын аялы Набий ﷺдын айрым жубайларынан риваят кылган. Пайгамбар ﷺдын аялдары мындай дешкен:

«كَانَ رَسُولُ اللَّهِ صلى الله عليه وسلم يَصُومُ تِسْعَ ذِي الْحِجَّةِ»

«Пайгамбар ﷺ зулхижжанын алгачкы тогуз күнүндө орозо туткан». (Байхакий «Шуабул иман», Абу Давуд «Сунан»).

2 – Зулхижжанын он күнүндөгү соолих амал тууралуу:

– Имам Бухарий өзүнүн «Сахих»инде Саид ибн Жубайрдан, ал Ибн Аббастан ушуну иштеп чыкты: Расулуллах ﷺ айтты:

«مَا الْعَمَلُ فِي أَيَّامٍ أَفْضَلُ مِنْهَا فِي هَذِهِ، قَالُوا: وَلاَ الْجِهَادُ؟ قَالَ: وَلاَ الْجِهَادُ إِلاَّ رَجُلٌ خَرَجَ يُخَاطِرُ بِنَفْسِهِ وَمَالِهِ فَلَمْ يَرْجِعْ بِشَيْءٍ»

«Бул күндөрдөгү амалдан эч бир амал абзел эмес». Айтышты: «Жихад дагыбы?». «Жихад дагы эмес. Бир гана Аллах жолунда өз өмүрүн жана малын тобокелке салып чыгып кайра эч нерсеси менен кайтып келбеген адамдын (амалы гана мындан жогору болот)».

– Байхакий «Сунани Кубро»до Саид ибн Жубайрдан, ал Ибн Аббастан кылынган ушул риаятты иштеп чыккан: Набий ﷺ айтты:

«مَا الْعَمَلُ فِي أَيَّامٍ أَفْضَلُ مِنْهُ فِي عَشَرِ ذِي الْحِجَّةِ، قَالُوا: وَلاَ الْجِهَادُ فِي سَبِيلِ اللهِ؟ قَالَ: وَلاَ الْجِهَادُ فِي سَبِيلِ اللهِ إِلاَّ رَجُلٌ خَرَجَ يُخَاطِرُ بِنَفْسِهِ وَمَالِهِ فِي سَبِيلِ اللهِ فَلَمْ يَرْجِعْ مِنْ ذَلِكَ بِشَيْءٍ»

«Бул күндөрдөгү амалдан эч бир амал абзел эмес». Айтышты: «Аллах жолундагы жихад дагыбы?». «Аллах жолундагы жихад дагы эмес. Бир гана Аллах жолунда өз өмүрүн жана малын тобокелке салып чыгып кайра эч нерсеси менен кайтып келбеген адамдын (амалы гана мындан жогору болот)». (Ибн Хиббан «Сахих»).

3 – Момундар энеси Аиша ﵂дан риваят кылынган хадис:

– Абу Бакр бин аби Шайбата жана Абу Курайб жана Исхак бизге айтты: Исхак айтты: бизге айтты: экөө Абу Муавия Аъмаштан, Иброхимден жана Асвадан бизге айтты: Аиша ﵂айтты: «Пайгамбар ﷺдын зулхижжанын он күндүгүндө эч бир орозо тутканын көргөн жокмун». (Муслим риваяты, сахих).

Экинчинден, далилдердин ортосун жамдоо:

Биринчи хадистерде Пайгамбар ﷺдын зулхижжаанын алгачкы он күндүгүндө, айрыкча арафа күнүндө орозо тутканы тууралуу келди.

Экинчи хадистерде зулхижжанын абалкы он күндүгүндө соолих амалдардын абзелдиги тууралуу келди.

Момундардын энеси Аиша ﵂дан айтылган хадисте Пайгамбар ﷺ зулхижжанын баштапкы он күндүгүндө эч кандай орозо туткандыгын көрбөгөндүгү тууралуу айтылды.

Маалым болгондой, «Шахсия» китебинин үчүнчү бөлүгүндөгү теңдөө жана басымдуу кылуу бабынын жетинчи пунктунда мындай делген:

«Жетинчиден: тастыктоочу далил жокко чыгаруучу далилге караганда басымдуу кылынат. Эгер, тастыктоочу далил жана жокко чыгаруучу далилге бетме-бет болуп калса, илим көбөйүшүнө салым кошкондугу үчүн тастыктоочу далил басымдуу болуп саналат. Мисалы: Билал ﵁нун Пайгамбар ﷺдын Байтул Харамга кирип, намаз окугандыгы тууралуу айткан хадиси Усама ﵁нун Пайгамбар ﷺдын Байтул Харамга кирип, бирок, намаз окуган жок деген хадисине караганда басымдуу болуп эсептелет. Ошондуктан, Билал ﵁нун хадиси басымдуу болот».

Ушул себептен улам, тастыктоочу далил жокко чыгаруучу далилге караганда басымдуу болуп саналат. Башкача айтканда, Пайгамбар ﷺдын зулхижжанын абалкы тогуз күнүндө, айрыкча арафа күнүндө орозо туткандыгы тууралуу келген хадистер момундардын энеси Аиша ﵂ айткан хадиске караганда басымдуу болуп эсептелинет. Тактап айтканда, зулхижжанын абалкы тогуз күнүндө, айрыкча арафа күнүндө орозо тутуу бидад эмес, балким сообу үлкөн амалдардан. Аллах билүүчү жана өкүмдар.

Ушул жетиштүү деп ойлойм.

25-зул-каъда, 1440-х.
28-июль, 2019-м.

## Аралык (дистанция) сактап намаз окуу тууралуу

Аллахка мактоолор болсун, Расулуллахка о.э. ал кишинин үй-бүлөсү, сахабалары жана ал кишиге ээрчигендерге саламдар жаалсын, амма баъд:

Жума жана жамаат намаздарында эки метр аралыкта араны ачып, намаз окуу тууралуу суроо жолдогон бардык боордошторго жооп бермекчимин.

Суроодо келишинче, мусулман өлкөлөрүндөгү айрым мечиттерди жаап коюшууда. Ачканда болсо, намаз окуучуларды эки метр аралыкты сактап намаз окууга мажбурлап жатышат. Расмийлер муну актап, «оорулуу адам үзүрлүү, анын отуруп окушу жаиз, ошондуктан, жанындагы кишиден эки метр аралык сактап намаз окууну оорулуунун үзүрүнө кыястаса болот, ал тургай, ал оорулуу болбосо да ооруудан кооптонуп алысташат» деген сөздөрдү айтышууда... Ошондон келип чыгып, суроо берген боордошторубуз «өкүмдарлардын намазкөйлөрдү аралыкты сактап намаз окууга мажбурлоолору жайизби? Же мындай аралык сактап намаз окуу бидъатпы, анын күнөөсү өкүмдарларга түшөбү?» деген суроолорун жолдошуптур. Алар бул суроолорунун жообун билүүгө катуу умтулуп жатышат.

Аллахтан тауфик сурап, алардын суроолоруна төмөндөгүдөй жооб бермекчимин:

Бидъат жөнүндө мурда бир нече ирет жооп бергенбиз. Эгер суроо бергендер ошол жоопторубузду тадаббур кылышса, жогоруда айтылгандагыдай түрдө аралыкты сактап намаз окуу бидъат экени, аралыкты сактоого өкүмдарлар мажбурлап жатышкан болсо, анын күнөөсү ошолордун мойнуна түшүшү ачык-айкын болгон болор эле. Муну төмөндөгүдөй баян кылабыз:

Биринчи:

Хижрий 1434-жылы 28-ражаб, миладий 2013-жылы 7-июнда чыгарган баракчабызда мындай деген элек:

«... Бидъат – Шариънин кандай аткарууну көрсөтүп берген буйруктарын башкача кылып аткаруу. Бидъат лугатта – Лисанул арабда келгендей – төмөндөгү маанини билдирет: «Бидъатчы – окшошу болбогон бир ишти кылган кимсе… Бир жаңылыкты пайда кылды т.а. көрсөтүп берилгенден башкачасын ойлоп тапты». Истилахта да ушундай. Т.а. Расулуллах ﷺ көрсөтүп берген бир амал болот жана мусулман анын тескерисин жасайт. Мындан, шарият буйруган бирер бир буйрукту шариятта көрсөтүлгөндөн башкача таризде аткаруу деген маани чыгат. Бул маани ушул хадистин мадлулу:

«وَمَنْ عَمِلَ عَمَلاً لَيْسَ عَلَيْهِ أَمْرُنَا فَهُوَ رَدٌّ»

«Кимде-ким биздин буйругубуз болбогон бир амалды кылса, ал четке кагылат ». (Бухарий жана Муслим риваяты, лафзы Бухарийдики). Ушуга ылайык, кимде-ким намазда эки сажда ордуна, үч сажда кылса, бир бидъатты алып келген болот. Себеби, ал Расулуллах ﷺ кылган ишке тескери кылды. Кимде-ким жамаротто жети таш ордуна сегиз таш ыргытса, бир бидъатты алып келген болот. Себеби, ал да Расулуллах ﷺ фиълине тескери иш кылды. Кимде-ким азан сөздөрүн көбөйтсө же кемитсе, ал да бир бидъатты алып келген болот. Себеби, ал Расулуллах ﷺ макулдап белгилеп койгон азанга тескери кылды…

Ал эми Шариънин аткаруу кайфияты келбеген буйругуна тескери иш кылууга келсек, ал шаръий өкүмдөр катарына кирип, эгер таклиф хитабы болсо, харам же макрух, эгер вазъ хытабы болсо, батыл же фасид деп айтылат. Муну буйруктагы карина белгилейт…

Мисалы: Муслим Айша разияллоху анхадан риваят кылган хадисте уммул муъминин Расулуллах ﷺдын намазын сыфаттап мындай деген:

«...وَكَانَ إِذَا رَفَعَ رَأْسَهُ مِنَ الرُّكُوعِ لَمْ يَسْجُدْ، حَتَّى يَسْتَوِيَ قَائِمًا، وَكَانَ إِذَا رَفَعَ رَأْسَهُ مِنَ السَّجْدَةِ، لَمْ يَسْجُدْ حَتَّى يَسْتَوِيَ جَالِسًا...»

«... Расулуллах ﷺ эгер башын рукудан көтөрсө тээ боюн тике кылмайынча сажда кылбайт эле, башын саждадан көтөрсө, тээ олтуруп түз болмоюнча сажда кылбайт эле...». Бул жерде Расул ﷺ мусулман киши рукудан башын көтөргөндөн кийин, тээ боюн түздөмөйүнчө сажда кылбашын, саждадан баш көтөргөндө, тээ түздөлүп отурмайынча экинчи сажданы кылбашын баян кылып берди. Расулуллах ﷺ кандай аткарууну көрсөтүп бергени үчүн, буга тескери аракет кылган кимсе бир бидъатты алып келген болот. Т.а. намазкөй рукудан баш көтөрүп, кийин боюн толук түздөбөй сажда кылса, бир бидъатты алып келген болот. Анткени, ал Расул ﷺ көрсөтүп бергенинен башкача таризде аткарды.

Эми башка бир мисал келтиребиз. Муслим Уббада ибн Самиттен мындай дегенин риваят кылды. Ал киши «мен Расулуллах ﷺдан:

«يَنْهَى عَنْ بَيْعِ الذَّهَبِ بِالذَّهَبِ، وَالْفِضَّةِ بِالْفِضَّةِ، وَالْبُرِّ بِالْبُرِّ، وَالشَّعِيرِ بِالشَّعِيرِ، وَالتَّمْرِ بِالتَّمْرِ، وَالْمِلْحِ بِالْمِلْحِ، إِلَّا سَوَاءً بِسَوَاءٍ، عَيْنًا بِعَيْنٍ، فَمَنْ زَادَ، أَوِ ازْدَادَ، فَقَدْ أَرْبَى»

«Алтынды алтынга, күмүштү күмүшкө, буудайды буудайга, арпаны арпага, курманы курмага, тузду тузга теңме-тең, айнма айн (өзүн-өзүнө) гана сатууну буюрганын, мунун тескерисинен кайтарганын, кимде-ким көбөйтүп берсе же көбөйтүп алса, риба кылган болушун», уктум. Демек, эгер мусулман бул хадиске тескери кылып алтынды алтынга салмагына барабар эмес, көбөйтүп сатса, ал бир бидъатты алып келди делбейт, ал арам иш кылды т.а. риба алды делет.

Корутунду: Расулуллах ﷺ баян кылган кайфиятка тескери иш кылуу бидъат болуп эсептелет. Расул ﷺдын кайфият баян кылынбай шаръий

өкүмдөрдө вакиъ боло турган мутлак буйругуна тескери кылуу болсо, далилге карап харам, макрух… батыл, фасид… болот». Үзүндү аяктады.

Биздин бидъат туурасындагы хижрий 1436-жылы 8-зульхижжа, миладий 2015-жылы 22-сентябрдагы баракчабызда көп тафсилаты менен баян кылынган. О.э. ошол баракчадан мурда жана кийин да бул туурасында бир нече суроо жана жооптор басып чыкканбыз. Аллахтын урухсаты менен булардын баары жетиштүү болгон.

Экинчи:

Ушуларга ылайык, эгер мусулман өлкөлөрүндөгү мамлекеттер эч кандай оорунун белгилерисиз эле, «вирус жугушу коркунучу» деген шылтоо менен жума жана жамаат намаздарында намазкөйлөрдү өз ара бир же эки метр аралык сактап намаз окууга мажбурласа, муну менен чоң күнөөнү жасап жатышкан болот. Себеби, аралык сактап намаз окуу бидъат. Анткени, бул сап жана анын тыгыздыгы маселесинде Расулуллах ﷺ көрсөтүп берген абалга ачыктан-ачык тескери. Бул туурасындагы айрым далилдерди келтирип өтөбүз:

– Имам Бухарий өзүнүн «Сахих»инде Абу Сулайман Малик ибн Хувайристен кылган риваятта Абу Сулайман мындай дейт: Биз теңтуш жигиттер элек. Набий ﷺдын алдына барып, жыйырма түн бирге турдук... Ал зат өтө ырайымдуу мээримдүү эле... Бизге мындай деди:

«فَقَالَ ارْجِعُوا إِلَى أَهْلِيكُمْ فَعَلِّمُوهُمْ وَمُرُوهُمْ وَصَلُّوا كَمَا رَأَيْتُمُونِي أُصَلِّي وَإِذَا حَضَرَتِ الصَّلَاةُ فَلْيُؤَذِّنْ لَكُمْ أَحَدُكُمْ ثُمَّ لِيَؤُمَّكُمْ أَكْبَرُكُمْ»

«Силер эми ахлиңерге кайткыла, аларга таалим берип, намазга буюргула. Менин кандай намаз окуганымды көргөнүңөрдөй намаз окугула. Качан намаз убагы кирсе, араңардан бириңер азан айтсын, кийин чоңуңар имам болсун».

– Имам Бухарий өзүнүн «Сахих»инде Анас ибн Маликтен риваят кылган хадисте, Анас разияллаху анху мындай дейт: Намазга икомат айтылды эле, Расулуллах ﷺ бизге жүздөнүп, айтты:

«أَقِيمُوا صُفُوفَكُمْ، وَتَرَاصُّوا، فَإِنِّي أَرَاكُمْ مِنْ وَرَاءِ ظَهْرِي»

«Сабыңарды тегиз жана тыгыз кылгыла. Анткени, мен силерди артыман көрүп турам».

– Имам Муслим өзүнүн «Сахих»инде Нуман ибн Башир разияллаху анхудан риваят кылган хадисте ал киши мындай дейт: «Расулуллах ﷺ сабыбызды тегиз кылар эле, ал тургай биздин тегиз турганыбызга ишенүү үчүн жыгач найза менен бизди түздөйт эле. Кийин бир күнү намазга туруп, Аллаху Акбар демекчи болуп турганда бир кишинин көкүрөгү саптан чыгып турганын көрүп калды жана мындай деди:

«عِبَادَ اللهِ لَتُسَوُّنَّ صُفُوفَكُمْ، أَوْ لَيُخَالِفَنَّ اللهُ بَيْنَ وُجُوهِكُمْ»

«Эй Аллахтын пенделери, же сабыңарды тегиз кыласыңар, же Аллах жүздөрүңөрдүн (сүрөтүн) өзгөртүп жиберет ».

Имам Муслим дагы өзүнүн «Сахих»инде Жабир ибн Самуродон риваят кылат, Самуро айтат: Расулуллах ﷺ бизге: «أَلاَ تَصُفُّونَ كَمَا تَصُفُّ الْمَلاَئِكَةُ عِنْدَ رَبِّهَا؟»

«Кудум периштелер Роббилери алдында сап тарткандай сап тартууну каалабайсыңарбы?!», деди. Биз я Расулуллах периштелер Роббилери алдында кандай сап тартышат? – деп сурадык. Ал зат мындай деди:

«يُتِمُّونَ الصُّفُوفَ الْأُوَلَ وَيَتَرَاصُّونَ فِي الصَّفِّ»

«Алдыңкы сапты толук кылышат (алдыңкы сап толбой туруп экинчи сапты башташпайт) жана саптарын тыгыз кылышат».

– Хаким ушуну Абдуллах ибн Амрдан риваят кылып, Муслим шарты менен бул хадис сахих деди: Расулуллах ﷺ айтты:

«مَنْ وَصَلَ صَفًّا وَصَلَهُ اللَّهُ، وَمَنْ قَطَعَ صَفًّا قَطَعَهُ اللَّهُ»

«Ким намазда сапты уласа, Аллах аны Өз рахматына улайт, ким сапты үзсө, Аллах аны Өз рахматынан үзөт».

– Имам Ахмад Абдуллах ибн Умар розияллоху анхудан риваят кылат, Расулуллах ﷺ мындай деди:

«أَقِيمُوا الصُّفُوفَ فَإِنَّمَا تَصُفُّونَ بِصُفُوفِ الْمَلَائِكَةِ وَحَاذُوا بَيْنَ الْمَنَاكِبِ وَسُدُّوا الْخَلَلَ وَلِينُوا فِي أَيْدِي إِخْوَانِكُمْ وَلَا تَذَرُوا فُرُجَاتٍ لِلشَّيْطَانِ وَمَنْ وَصَلَ صَفّاً وَصَلَهُ اللَّهُ تَبَارَكَ وَتَعَالَى وَمَنْ قَطَعَ صَفّاً قَطَعَهُ اللَّهُ»

«Саптарды түз кылгыла. Себеби, муну менен периштелердин сабы сыяктуу саптанган болосуңар. Кийин ийниңер арасын жакын кылып, аралыкты толтургула, боордошуңарга (ал силерди аралыкты толтуруу үчүн тартса) жумшак мамиледе болгула жана шайтандын араңарга киришине жол койбогула. Ким сапты уласа, Аллах Таборака ва Таала аны Өз рахматына улайт, ким сапты үзсө, Аллах аны Өз рахматынан үзөт».

Булар Расулуллах ﷺдан жамаат намазын кандай аткаруу туурасындагы толук көрсөтмөлөр. Сахаба розияллоху анхумдар буга катуу амал кылышкан. «Муватта»да Малик, «Сунани Кубро»да Байхакий риваят кылышат: Умар ибн Хаттоб розияллоху анху «Саптарды тегиз кылууга буюрат эле, алар сабыбыз туз болду деп кабар беришсе гана намазды Аллаху Акбар деп баштар эле».

Үчүнчү:

Жугуштуу оору аралык сактап намаз окууга үзүр болот деп айтылбайт, мындай деш ката. Себеби, жугуштуу оору мечитке барбоого үзүр. Мечитке барууга о.э. бир же эки метр аралык сактап, намаз окууга үзүр эмес! Негизи, Расулуллах ﷺдын заманында да жугуштуу оорулар (тоун) болгон. Ал эми «тоунга чалдыккан киши намазга барып, эки метр аралык сактап, намаз окуйт эле» деген нерсе Расулуллах ﷺдан риваят кылынбаган. Тескерисинче, жугуштуу ооруга чалдыккан киши үзүрлүү болуп, намазды үйүндө окуйт. Оору таркалган региондо адамдарды акысыз дарылоого астейдил кайрат менен аракет кылынат жана муну

мамлекет өз колуна алат о.э. ооругандардын дени сактар менен аралашууларына жол койбойт. Имам Муслим өзүнүн «Сахих»инде Усама ибн Зайд розияллоху анхудан Расулуллах ﷺдын мындай дегенин риваят кылат:

«الطَّاعُونُ آيَةُ الرِّجْزِ ابْتَلَى اللَّهُ عَزَّ وَجَلَّ بِهِ نَاساً مِنْ عِبَادِهِ، فَإِذَا سَمِعْتُمْ بِهِ فَلَا تَدْخُلُوا عَلَيْهِ وَإِذَا وَقَعَ بِأَرْضٍ وَأَنْتُمْ بِهَا فَلَا تَفِرُّوا مِنْهُ»

«Тоун ыпластыктын белгиси. Аллах Азза ва Жалла аны менен пенделери арасында кээ бирлерин сынайт. Демек, качан аны бирер жерде пайда болгонун угуп калсаңар, ал жерге кирбегиле. Эгер силер турган жерде пайда болсо, андан качып чыкпагыла». Башкача айтканда, жугуштуу ооруга чалдыккан киши дени соо кишилерге аралашпайт жана Аллахтын уруксаты менен жетиштүү толук дабалоо көрсөтүлөт. Дени соо киши болсо, жума жана жамаат намаздары үчүн мечитке барып, аралык сактабастан адаттагыдай намазды өтөйт.

Төртүнчү:

О.э. тоун таркаган убакта намаз окуп жатып, аралык сактоо оорулуу кишинин отуруп намаз окушу туурасындагы уруксатка кыяс кылынат деш туура эмес. Себеби, бул шаръий кыяс эмес. Кеп ушунда, оорулуу кишинин отуруп намаз окушу Аллах Субханаху тарабынан берилген уруксат. Т.а. оорусу себептүү анын үзүрү бар. Үзүрлөр болсо сабабга кирет, иллетке эмес. Шариятта үзүрлөр иллеттенбейт, балким, ар бир үзүр – ошол үзүр табыла турган өкүмдүн дал өзүнө үзүр болот. Ал ошол үзүр табыла турган хукм үчүн хос үзүр болот, башка өкүмдөр үчүн умумий үзүр болбойт. Демек, андан иллеттөө жагы түшүнүлбөйт. Ошондуктан да, отуруп наамз окууга кыяс кылынбайт. Себеби, сабаб – ошол пайда болушуна сабаб болгон нерсе үчүн хос сабаб жана бул башкага өтпөйт. Ошондуктан, ага кыясталбайт. Иллетте болсо мындай эмес. Анткени, иллет ошол иллет себептүү келип чыккан өкүмдүн өзүнө хос болбойт, балким башка өкүмгө да өтүп, ушул иллетке башкалары да кыясталат. Мындан белгилүү болгондой, ибадаттарда келген нерселер сабабдар, иллет эмес. Алар иллет эмес, балким, сабаб болгондуктан, ибадаттар тавкифий болуп эсептелет. Аларды иллеттеп да болбойт жана алар кыясталбайт да. Себеби, сабаб – ошол сабаб болгон нерсеге хос болот.

Бешинчи:

Кийин, уруксат бул вазъий өкүмдөрдөн болуп, Шариънин пенделер амалдарына вазъ аркылуу тиешелүү болгон хытабы. Ырас, уруксаттын өзү Шариънин хытабы болгон соң, демек, ага далалат кылуучу шаръий далил болушу шарт. Мисал үчүн, оорулуу адамдын отуруп намаз окушу туурасында имам Бухарий өзүнүн «Сахих»инде Имран ибн Хиссин розияллоху анхудан риваят кылат: Менде гемморой оорусу бар эле.

Ошондо Расулуллах ﷺдан кандай наамз окушумду сураган элем, ал зат мындай жооп берди:

«صَلِّ قَائِماً فَإِنْ لَمْ تَسْتَطِعْ فَقَاعِداً، فَإِنْ لَمْ تَسْتَطِعْ فَعَلَى جَنْبٍ»

«Тик туруп окуңуз, ага кудуреттүү болбосоңуз отуруп окуңуз, ага да кудуреттүү болбосоңуз жанбаштап окуңуз». Мына ушул урухсат т.а. шаръий далил менен келген үзүр. Үзүр экенине шаръий далил келген ар бир нерсе үзүр болуп эсептелет. Далили келбеген болсо, анын этибары жок жана ал таптакыр шаръий үзүр деп эсептелбейт. Ошондуктан, оорулуу киши башкалардан бир же эки метр аралык сактап намаз окуйт деген сөздүн далили жок. Демек, бул сөздүн эч кандай кадыр-кыйматы жок жана мындай деш жаиз эмес. Ко-ош, киши оорулу болбосо жана оорулуу болушу мүмкүн деп гана божомолдонуп жаткан болсо, анан кантип аралык сактап намаз окууга урухсат болсун?!

Алтынчы:

Жогоруда айткандарыбыздын тыянагы төмөндөгүдөй:

1 – Расулуллах ﷺ намаз үчүн көрсөтүп берген жол-жоруктарды өзгөртүү бидъат болуп эсептелет. Тескерисинче, мындай абалда шаръий өкүм мындай, дени соо киши намазга барып, адаттагыдай сапты тегиз кылып, араны ачпастан окуйт, жугуштуу ооруга чалдыккан киши болсо, намазга барбайт жана башкаларга да жуктурбайт...

2 – Эгерде мамлекет мечиттерди кулпулап коюп, дени соо адамдарды мечиттерден жума жана жамаат намаздарын өтөөдөн тоссо, ал катуу күнөөкөр болот. Себеби, ал жума жана жамаат намаздарын бекер кылды. Негизи, мечиттер Расулуллах ﷺ көрсөтүп бергендей ачык турушу керек.

3 – О.э. мамлекет намазкөйлөрдү Расулуллах ﷺ көрсөтүп бергендей намазды өтөөдөн тоссо, балким «вирус жугушу коркунучу» деген шылтоо менен өз ара бир же эки метр аралык сактап намаз окууга мажбурласа, өзгөчө, эч кандай оору белгилери көрүнбөй жаткан болсо, мындай абалда мамлекеттер чоң күнөөнү жасап жаткан болушат.

Бул маселеде мен көбүрөөк туура деп билген шаръий хукм мына ушул, валлоху аълам ва ахкам. Мен Аллах Субханахудан мусулмандарга иштеринде рушд-хидаят беришин о.э. аларды Аллахка Ал Зат буюргандай ибадат кылууга, Расулуллах ﷺдын буйрук жана кайтарууларына баш ийүүгө, рошид Халифалыкты тикелөөө аркылуу ушул улуу шариятыбызды кымындай ообой колдонууга жетиштиришин сурап калам. Себеби, мында Аллахтын урухсаты менен жакшылык жана нусрат бар. Анткени, жер жүзү жана асмандагы эч бир нерсе Аллахты буга алсыз кыла албайт. Ал Зат кудуреттүү, хикматтуу.

Вассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

17-шаввал, 1441-х.

8-июнь, 2020-м.

## Өкмөт жаап койгон мечиттин аянтында намаз окуу тууралуу

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

Тунис өкмөтү мечиттерди жаап койгондон кийин кээ бир жигиттерибиз эл менен бирге мечиттердин жанында жума намазын окушту. Кээ бир имамдар муну батыл, жума намазы мечиттен башка жерде окулбайт, дешүүдө.

Бизге ушунун шаръий өкүмүн о.э. мечиттер жаап коюлса, адамдар эмне кылышы керектигин ачыктап берсеңиз.

Аллах Таала сизге береке берсин, кылган аракеттериңизди татыктуу сыйласын.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Жума намазы мечитте жана умумий мүлккө кирген ачык жайда (т.а. аянттар ж.б.у.с. жайларда) окулушу жаиз. Бул экөөсү тең бар болсо т.а. мечит ачык болуп, намаз окуучулар тыгын болбосо, намаз мечитте окулат. Эгер орун жетишпесе, ачык жайда окуу мүмкүн. Маанилүүсү, эки абалда тең менчик жай болбошу керек. Башкача айтканда, жума намазын үйлөрдө окуу жаиз эмес. Балким, адамдардын кирүүсүнө тыюу салынбаган мечит же ачык жайларда окулушу керек. Ал эми, мечиттер кулпуланган болсо, ачык жайда окуу дурус, мунун эч кандай жаиз эмес жери жок. Мындан тоскон киши күнөөкөр болот. Бул жөнүндө биз төмөндөгү баракчаларыбызда айтканбыз:

1 – Хижрий 1441-жылы 18-шаъбан, миладий 2020-жылы 11-апрелдеги баракчабызда мындай деп айтылган: «Эгер мамлекет жума намазын мечиттерде же умумий болгон аянттарда окууга тыюу салса, күнөөкөр болот. Себеби, нусустар ушуну белгилейт жана Аллах Субханахунун:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِذَا نُودِيَ لِلصَّلَاةِ مِنْ يَوْمِ الْجُمُعَةِ فَاسْعَوْا إِلَى ذِكْرِ اللَّهِ وَذَرُوا الْبَيْعَ ذَلِكُمْ خَيْرٌ لَكُمْ إِنْ كُنْتُمْ تَعْلَمُونَ﴾

*«Эй момундар, качан Жума күнүндөгү намазга чакырылса, дароо Аллахты зикир кылууга шашып баргыла жана соода-сатыкты токтоткула! Эгер биле турган болсоңор мына ушул өзүңөр үчүн жакшыраак»* [62:9]

деген аяты ушул нерсени түшүндүрөт. Ушул себептен улам, мусулман жума намазына эч бир тыюусуз барышы керек.

﴿فَاسْعَوْا إِلَى ذِكْرِ اللَّهِ وَذَرُوا الْبَيْعَ﴾

*«дароо Аллахты зикир кылууга шашып баргыла жана соода-сатыкты токтоткула»*. Демек, жумага баруу фарз болуп, мунун каринасы – мубахты таштоо... Мечиттерди жапкан мамлекет – жоопто айтканыбыздай – катуу күнөөкөр болот».

2 – Хизб жарыялаган «Намаз өкүмдөрү» китебинде да бул нерсе кеңири баян кылынган:

«Жума намазын шаарда, айылда, мечитте, шаардагы имараттарда жана алардын аянтында окуу дурус:

– Анткени, Расулуллах ﷺ жума намазын Мадинада окуган. Ибн Аббас розияллоху анху бул жөнүндө мындай риваят кылат: «Расулуллах ﷺдын мечитинде окулган намаздан кийинки алгачкы жума намазы Бахрейндин Жувасийиндеги Абдукайс мечитинде окулган». Жувасий – Бахрейндеги айылдардын бири. Абу Хурайра мындай риваят кылат: «Мен Бахрейнде жума намаз окууга уруксат сурап, Умарга кат жаздым. Себеби, мен Бахрейнде аамил элем. Умар: «Өзүңөр турган жайда топтолуп, окуй бергиле», - деп жооп жазды». Ал эми, Расулуллах ﷺдан «Шаардагы мечиттен башка жерде жума намазы да, айт намаздары да окулбайт» деген риваят сахих эмес. Имам Ахмад бул риваятты «хадис эмес» деген.

– Жума намазын ачык жайда окуу жаиз. Себеби, мечитти шарттаган бир да нусус келбеген. Жума намазы да башка намаздар сыяктуу окулушу талап кылынган. Эгер аткарууну важиб кылган умумий нусустан башка дагы бирер шарт болгондо, бул үчүн нусус болушу зарыл эле.

– Бир өлкөдө бир нече жайда жума намазын окуу да жаиз. Эгер өлкө чоң болсо жума намазын бир нече мечитте окуу мүмкүн, буга зарылдык бар же жоктугу эсепке алынбайт. Себеби, бир нече жайда жума намазын окуу мүмкүн эместиги туурасында да, ага зарылдык болушу же болбошу туурасында да нусус келбеген. Демек, мутлак келген нусус ушул боюнча калат. Ал эми, Набий ﷺдын жума намазын бир мечитте окуганы бирден ашык мечитте окулбашына далалат кылбайт. Себеби, Расулуллах ﷺдын бир ишти кылбаганы аны кылбоо керектигин түшүндүрбөйт. Расулуллах ﷺдын бир мечити болгондугу жана ошол мечитте намаз окуганы бирден көбүрөөк мечитте намаз окууну каалабаганына далалат кылбайт». Цитата аяктады.

3 – Хижрий 1360-жылы көз жумган Абдурахман Жазирийдин «Төрт мазхаб фикхи» китебинде мындай делет:

«Жума намазын ачык жайда окуу дуруспу? Мазхаб имамдарынын үчөөсү жума намазын ачык жайда окуу дурус экендигине келишишкен. Бир гана Маликийлер дурус эмес дешкен:

– Маликийлер айтат: жума намазы үйлөрдө да, ачык жайларда да дурус болбойт, бир гана мечитте окулушу керек.

– Ханбалийлер айтат: шаар имараттарына жакын болгон соң, ачык жайда окулган жума намазы сахих боло берет. Канчалык жакын болушу урфка ылайык белгиленет. Эгер жакын болбосо, намаз дурус болбойт.

Эгер халифа жума намазды чөлдө окуса, алсыздарга имамдык кылып бериши үчүн шаарда бирер кишини калтырышы лазым.

– Шафиийлер айтат: шаар имараттарына жакын болгон соң, ачык жайда окулган жума намазы сахих боло берет. Жакындык өлчөмү – алардын назарында – мусафыр жетип келип намазын каср кылышы дурус болбогон жай.

– Ханафийлер айтат: Жума намазы сахих болушу үчүн мечит шарт кылынбаган. Балким, аны ачык жайда окуу мүмкүн. Ушул шарт менен: шаардан бир фарсахтан алыс аралыкта болбосун о.э. шарттарында айтылгандай, халифа ал жерде жума намазын окууга уруксат берген болсун».

4 – Тыянак:

а) Көрүп турганыңардай, имам Малик жуманы мечитте окуу важибдигин айтып жатат... Ал кишинин ушул райына ылайык, акимдин мечитти жабышы жуманын фарздыгын токтотуп коёт. Эгер аким мечитте намаз окууга тоскоолдук кылса, Уммат акимге каршы турушу керек.

б) Башка фукахалардын, айрыкча үч мазхаб имамынын райына келсек, алар жуманы мечитте жана ачык жайда окууну жаиз деп эсептешкен.

в) Ал эми, биздин таржихибизге келсек, биз муну жогоруда баян кылып мындай дедик: «Жума намазы мечитте жана умумий мүлккө кирген ачык жайда (т.а. аянттар ж.б.у.с. жайларда) окулушу жаиз. Бул экөөсү тең бар болсо т.а. мечит ачык болуп, намаз окуучулар тыгын болбосо, намаз мечитте окулат. Эгер орун жетишпесе, ачык жайда окуу мүмкүн. Маанилүүсү, эки абалда тең менчик жай болбошу керек. Башкача айтканда, жума намазын үйлөрдө окуу жаиз эмес. Балким, адамдардын кирүүсүнө тыюу салынбаган мечит же ачык жайларда окулушу керек. Ал эми, мечиттер кулпуланган болсо, ачык жайда окуу дурус, мунун эч кандай жаиз эмес жери жок. Мындан тоскон киши күнөөкөр болот...».

г) Кыскасы, сиздердин мечит аянтында окуган намазыңар сахих намаз. Ал эми, мамлекет эки ирет күнөөкөр болду: биринчиси, мечитти жабуу менен, экинчиси, мечиттин сыртында окулушуна тоскоолдук кылуу менен.

Аллах Субханахудан тазарру менен сурайбыз, Халифалыкты тикеленишин тездетсин, мусулмандарды намазды туура аткаруусуна жеткирсин.

﴿وَمَا أُمِرُوا إِلَّا لِيَعْبُدُوا اللَّهَ مُخْلِصِينَ لَهُ الدِّينَ حُنَفَاءَ وَيُقِيمُوا الصَّلَاةَ وَيُؤْتُوا الزَّكَاةَ وَذَلِكَ دِينُ الْقَيِّمَةِ﴾

*«Акыйкатта болсо, алар жалаң гана жалгыз Аллахка, Ал үчүн динди калыс кылган, туура жолдон кыйшайбаган абалда ибадат кылууга, намазды толук аткарууга жана зекетти берүүгө буюрулушкан эле. Мына ушул туура жолдогу (Умматтын) дини»* [98:5]

22-жумадулаввал, 144-2.х

6-январь, 2021-м.

## Жума намазы тууралуу

**Суроо**: бир киши менен талкуулашып калдым. Ал беш убакыт намазды окуйт, бирок, жуманы адамдар менен бирге окубайт, жума күнү бешим окуйт экен. Мен анын бул ишин четке какканымда ал: «Жума намазы сахих болушу үчүн халифа болушу шарт», - деп жооп берди. Бирер фукаха ушундай дегенби? Хизбдин бул туурасындагы раъйы кандай? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп**: жума намазы халифа барбы же жокпу, ага карабастан, фарз. Буга далилдер белгилүү болуп айрымдары ушулар:

Аллах Субханаху ва Таала айтты:

﴿يَـٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓا۟ إِذَا نُودِىَ لِلصَّلَوٰةِ مِن يَوْمِ ٱلْجُمُعَةِ فَٱسْعَوْا۟ إِلَىٰ ذِكْرِ ٱللَّهِ وَذَرُوا۟ ٱلْبَيْعَ ۚ ذَٰلِكُمْ خَيْرٌ لَّكُمْ إِن كُنتُمْ تَعْلَمُونَ﴾

*«Эй момундар, качан жума күнүндөгү намазга чакырылса (т.а. азан айтылса), дароо Аллахты зикир кылууга баргыла жана соода-сатыкты токтоткула! Эгер биле турган болсоңор мына ушул (т.а. Аллахты зикир кылууга-жума намазын окууга шашылуу) өзүңөр үчүн жакшыраак»* [62:9]

Хаким өзүнүн Мустадрак китебинде Абу Мусадан Набий ﷺдын мындай дегенин риваят кылды:

«الْجُمُعَةُ حَقٌّ وَاجِبٌ عَلَى كُلِّ مُسْلِمٍ فِي جَمَاعَةٍ إِلاَّ أَرْبَعَةً: عَبْدٌ مَمْلُوكٌ، أَوِ امْرَأَةٌ، أَوْ صَبِيٌّ، أَوْ مَرِيضٌ»

«Жамаат жума намазы ар бир мусулманга важиб акыйкат. Төрт киши мындан сырткары: кул, аял киши, балагатка жетпеген бала жана оорулуу». Хаким айтты: «Бул хадис эки шейх (Бухарий жана Муслим) шартына ылайык сахих хадис, бирок, экөөсү аны риваят кылбаган». Насаий да Ибн Умардан, ал Набий ﷺдын аялы Хафсадан ушул хадисти риваят кылды: Набий ﷺ айтты:

«رَوَاحُ الْجُمُعَةِ وَاجِبٌ عَلَى كُلِّ مُحْتَلِمٍ»

«Жумага баруу ар бир балагатка жеткен кишинин мойнундагы важиб».

Бул далилдерден жума имам (халифа) менен чектелип калбаганы ачык-айкын көрүнүп турат.

Муну үч мазхаб ээлери (Малик, Шафиий жана Ибн Ханбал) да айткан. Ханафийлер болсо төмөнкү жума шарттарын белгилешкен:

«Султан буга уруксат бериши же өзү же анын атынан расмий өкүл болушу керек. Себеби, Расулуллах ﷺ жана хулафаи рошидиндер доорунда ушундай болгон. Бул, эгер жума окула турган шаарда имам же

анын орун басары болсо ушундай болот. Ошондуктан, эгер экөөсүнүн бири өлүм, же фитна, же ушуга окшогон нерсе себептүү жок болсо жана жума убагы келип калса, бул убакта адамдар өздөрүнөн бир кишини тандап, ага ээрчип жума окушат». Султандын уруксаты болушунун шарттыгы биздин райыбыз боюнча жогорудагы далилдерге ылайык маржух (күчсүз) раъй.

Корутунду: жума намазы халифа бар болушу же болбошуна, карабастан, фарз.

29-шаъбан, 1433-х.
19-июль, 2012-м.

## Айды көз менен көрүү тууралуу

**Суроо**: камарий айлардын башында айды көрүү маселеси ар жылы рамазанда бул жердеги мусулман диаспорабызда козголот… Рамазан башталганын далилдөө үчүн көз менен көрүүнүн ордуна астрономиялык эсептөөлөрдөн пайдалануу жөнүндөгү кеп-сөздөргө карата биздин мамилебиз кандай? Ал маржух (күчтүү болбогон) райбы же мардуд т.а. батыл райбы? Башкача айтканда, ал үчүн бирер шибхи далил (далилге окшош нерсе) барбы же жокпу? Эгер ал – мен түшүнгөндөй – мардуд раъй болсо, бул раъйга ээрчигендердин кармаган орозосунун өкүмү эмне болот? Белгилүү болгондой, бул жерде Австралияда жана башка Батыш мамлекеттеринде бул раъйга ээрчип жаткан бир нече адамдар бар жана алардын саны көбөйүп барууда.

Дагы бир нерсе, эгер орозо кармаган киши көз менен көрүүгө тескери иш кылганы өзүнө айкын болуп калса, ал эмне кылат? Мында ал үчүн бирер оордук болбойбу? Биз талкуулашкандардын биринин айтышынча, айды көрүүгө таянып орозо кармоо амалий иш эмес имиш, себеби – дейт ал – айды көргөнү чыгышат, бирок, аны көрө алышпайт же көрүлгөнү жөнүндө ихтилаф кылышат, бул болсо, дагы бир проблемага себеп болот! Бул маселе жөнүндөгү раъй кандай? Бүгүн эсептөөлөр жаңы ай чыгышын анык белгилеп берүүдө, ал тургай ай көрүнбөгөн тагдырда да аны көрүү мүмкүнчүлүгүн аныктап коюуда. Ошондой болгон соң, намаз убактыларын эсептегенибиздей иш оңой болушу үчүн эмнеге эсептөөлөргө таянбашыбыз керек?

**Жооп**: варид болгон далилдерге ылайык, рамазан орозосун кармоодо айды көз менен көрүүгө таянылат. Андай далилдердин бири ушул хадис саналат:

«صُومُوا لِرُؤْيَتِهِ وَأَفْطِرُوا لِرُؤْيَتِهِ، فَإِنْ غُبِّيَ عَلَيْكُمْ فَأَكْمِلُوا عِدَّةَ شَعْبَانَ ثَلاَثِينَ»

«Айды көрүп орозо кармагыла (орозону баштагыла), айды көрүп ооз ачкыла (орозону бүтүргүлө), эгер асманды булут каптап турган болсо, шаъбан айынын санагын толук отуз күн кылгыла».

Ал эми, астрономиялык эсептөөлөргө ээрчигендердин далил деп таянып жатышкан нерселерине келсек, аларды бул маселеге далил кылып келтирүү мардуд болуп (четке кагылып), алар бул маселеге туура келбейт. Алар далил катары көрсөтүшкөнүнүн белгилүүлөрү экөө:

Биринчиси: Расул ﷺ хадиси:

«إِنَّا أُمَّةٌ أُمِّيَّةٌ، لاَ نَكْتُبُ وَلاَ نَحْسُبُ، الشَّهْرُ هَكَذَا وَهَكَذَا»

«Биз (арабдар) амий (сабатсыз) калкпыз, жазууну да, эсепти да билбейбиз, ай болсо баланча, баланча болот». Бухарий.

Бул хадисте муфхам васф – «أمية амий» сөзү мафхумга амал кылууну талап кылган иллет экенин түшүндүрөт т.а. эгер амий калк

болбогонубузда албетте эсепти иштеткен болот элек… деген мафхум – бар болсо да, бирок, усулда белгилүү болгондой, бул нерсе сахих эмес. Бул мафхум бекер кылынат (ага амал кылынбайт), себеби «أمية амий» васфи үстөм орунга чыгып калды. Арабдардын көпчүлүгү амий болгон. Мындан сырткары бул мафхум нас менен бекер кылынган:

«فَإِنْ غُمَّ عَلَيْكُمْ فَأَكْمِلُوا الْعِدَّةَ ثَلاَثِينَ»

«Эгер, асманды булут каптап турган болсо, анда санакты толук отуз кылгыла» (Бухарий). Аны менен бирге бирер чектөө айтылбады. Т.а. эгер булут, же жаан, же көрүүгө тоскоолдук кылган бирер нерсе себептүү айды көрүүгө мүмкүндүк болбосо, анда, ал тургай ай чыгып, бирок, аны булут тосуп турган болсо да шаръий өкүм айды толук отуз күн кылып белгилөөгө буйруйт. Ушуга ылайык, хадис мантукуна амал кылынат, анын мафхуму болсо бекер болуп калат.

Көп абалда мафхумга амал кылуу шарттарында колдонулуучу нерсе мына ушундай. Эгер, ал үстөм орунга чыкса, же аны бирер нас бекер кылса, ал бекер болуп калат (ага амал кылынбайт). Аны бекер кылуучу наска мисал:

﴿وَلَا تَقْتُلُوٓاْ أَوْلَٰدَكُمْ خَشْيَةَ إِمْلَٰقٍ﴾

*«(Эй инсандар), балдарыңарды жокчулуктан коркуп өлтүрбөгүлө, аларга да, силерге да Биз Өзүбүз ырыскы беребиз. Аларды өлтүрүү, шеккүмөнсүз, чоң ката»* [17:31]

Бул аяттагы «خشية إملاق кембагал болуп калуудан коркуп» сөзү муфхам васф болуп, ал үстөм орунга чыгып алган. Себеби, арабдар кембагалдыктан коркуп балдарын өлтүрүшөт эле. Кийин бул мафхум ушул:

﴿وَمَن يَقْتُلْ مُؤْمِنًا مُّتَعَمِّدًا فَجَزَآؤُهُۥ جَهَنَّمُ﴾

*«Ким атайылап бир момунду өлтүрсө, анын жазасы тозок, ошол жайда түбөлүк калат»* [4:93]

деген аят менен да бекер кылынган. Ошондуктан, бул мафхум бекер болуп калат, «балдарды кембагалдыктан коркуп өлтүрүү арам, ошондуктан, бай болуп туруп баланы өлтүрүү адал болот», делбейт! Тескерисинче, баланы өлтүрүү эки абалда тең арам, кембагалдыктан келип чыгып өлтүрөбү же байлыктан келип чыгып өлтүрөбү, айырмасыз, арам. Буга:

﴿لَا تَأْكُلُواْ ٱلرِّبَوٰٓاْ أَضْعَٰفًا مُّضَٰعَفَةً﴾

*«Эй момундар, (берген карызыңарды) бир нече эсе кылып алуу менен сүткордук кылбагыла! Аллахтан корккула! (Ошондо) балким, нажат табарсыңар»* [3:130]

деген аят да мисал болот. Себеби, «أضعافاً مضاعفة бир нече эсе» сөзү муфхам васф болуп саналат. Ал да үстөм ордуна чыгып калган. Себеби, арабдар бир нече эсе риба алышат эле. Кала берсе бул мафхум:

﴿وَأَحَلَّ ٱللَّهُ ٱلْبَيْعَ وَحَرَّمَ ٱلرِّبَوٰاْ﴾

*«Аллах соодоны адал, сүткордукту арам кылган»* [2:275]

деген аят менен бекер кылынган. Ошондуктан, бул мафхум бекер болуп калат. Демек, «көп пайыздуу риба – арам, ал эми, аз пайыздуу риба – жайиз» деп айтылбайт. Тескерисинче, риба – анын көлөмү көп болушуна карабастан – арам. Себеби, «أضعافاً مضاعفة бир нече эсе» мафхуму – айтып өткөнүбүздөй – бекер болуп калган (ага амал кылынбайт).

Демек, «أمية амий» сөзүнүн мафхуму – баян кылып өткөнүбүздөй – бекер болуп калган. Т.а. эгер, булут же жамгыр себептүү айды көз менен көрүүнүн мүмкүнчүлүгү болбосо, анда, айды толук отуз кылып аягына жеткирүү важиб болот, эсепти билебизби же билбейбизби, мунун айырмасы жок.

Экинчи: алардын намаз убактылары эсепке таянылат го, демек, орозо убагы да эсепке таянылат, деген сөздөрүнө жооп төмөнкүдөй:

Орозо жөнүндө варид болгон настарды күзөткөн киши алар намаз жөнүндө варид болгон настардан айырмаланышын байкайт. Себеби, орозо жана орозодон чыгуу көз менен көрүүгө байланыштуу кылып коюлган.

﴿فَمَن شَهِدَ مِنكُمُ ٱلشَّهْرَ فَلْيَصُمْهُ﴾

*«Демек, силерден ким бул айга күбө болсо орозо кармасын»* [2:185]

«صُومُوا لِرُؤْيَتِهِ وَأَفْطِرُوا لِرُؤْيَتِهِ»

«Айды көрүп орозо туткула жана айды көрүп орозодон чыккыла». Демек, көз менен көрүү. Бирок, намаз жөнүндөгү настар убакыттын болушуна байланыштуу кылып коюлду.

﴿أَقِمِ ٱلصَّلَوٰةَ لِدُلُوكِ ٱلشَّمْسِ﴾

*«Күн оошу менен намазду толук аткаргын»* [17:78]

«إِذَا زَالَتْ الشَّمْسُ فَصَلُّوا»

«Эгер күн оосо намаз окугула». Демек, намаз убакытка байланыштуу кылып коюлду. Ошондуктан, кайсы каражат менен убакыттын болгонун билсең намаз окуй бересин. Мисалы, чак түштөн өткөн убакытты билүү

үчүн күнгө карайсың, ар бир нерсенин көлөкөсү ал сыяктуу же анын эки эсеси болгонун билүү үчүн көлөкөсүнө карайсың. Булар намаз убактылары жөнүндөгү хадистерде келген. Эгер, ушуну аткарып, ишеничиң бекем болсо намаз сахих болот. Эгер муну кылбай, астрономиялык эсеп кылып, мисалы, чак түштөн өткөн убакыт баланча саат экенин билип, күндү же көлөкөнү карап олтурбай саатыңа карасаң да намаз сахих болот. Т.а. намаз убагы болгонун ар кандай каражат аркылуу билсең намаз сахих боло берет. Эмнеге? Себеби, Аллах Субханаху намазда убакыт киришин талап кылды, анын киргенине ишенич пайда кылууну сага берди, ишенич пайда кылуунун эч кандай абалын белгилеп бербеди. Ал эми, орозо туурасында айды көрүп орозону кармоону талап кылды, ошондуктан, сага сабабды белгилеп берип эле калбастан, мунун үстүнө эгер булут тосуп калып айды көрө албасаң – ал тургай, ай булут артында бар болсо да жана сен анын бар экенине астрономиялык эсептөөлөр менен ишеним пайда кылган болсоң да – орозо кармабоону айтты.

Ушул маселедеги биздин райыбыз мына ушундай. Демек, орозону кармоону жана рамазандан чыгууну белгилөөдө астрономиялык эсептөөлөр жайиз болбойт, шаръий көрүү важиб.

– Эми астрономиялык эсептөөлөр боюнча орозо кармагандардын орозосу эмне болот деген суроого келсек, эгер алар айды көрүп рамазандан деп эсептелген күндөрдө орозо кармашкан болсо, ал сахих орозо. Ал эми, эгер көз менен көрүүгө ылайык рамазандын бирер күнүн өткөрүп жиберишкен болсо, алар андан жоопкер болушат жана анын казасын кармап берүүлөрү важиб болот.

Биз канааттанып адамдарга мына ушул нерсени баян кылып жатабыз. Биз аларды өзүбүздүн райыбызга мажбурлай турган бир «таякка» ээ эмеспиз, биз аларга бул райды жакшы ыкма, жакшы хикмат менен гана баян кылып жатабыз. Биз бул маселени кагылышуу, карама-каршылык катары карап жатканыбыз жок, ийри сызыктын жанында түз сызыкты сызып берүүдөбүз. Аллах Субханахунун Өзү туура жолго хидаяттоочу.

– Айды көрүү жолун кармануу маселени татаалдаштырып коёт, себеби, бири ай аягында орозо кармаса, башкасы бүгүн айт деп чыгат, бири рамазандын биринчи күнү орозо кармабаса, башкасы келип ай көрүндү, бүгүн рамазан деп айтат, ошентип, бул иш татаалдашат, деген кеп-сөзгө келсек, буга жооп төмөнкүдөй:

Бул тема башкасына караганда жеңилирээк. Себеби, мусулман айды көрүү боюнча маалыматына таянып орозо тутат жана орозодон чыгат. Мисалы, ал ай көрүлбөдү деген маалыматына ылайык орозо кармаса же орозодон чыкса, ошондон кийин ага бирөө келип ай көрүнгөнүн сахих билдирүү менен билдирсе, ага ээрчиши важиб болот. Анткени, бул,

Расулуллах ﷺ хадиси менен сабит болгон. «Ансардан болгон бир жамааттан төмөндөгү риваят кылынды: «Бизге шаввал айы көрүнбөй калды, ошондуктан, орозо тута бердик. Күндүздүн аягында бир кербен келип, кече айды көрүшкөнү жөнүндө Набий ﷺ алдында күбөлүк беришти. Ошондон кийин Расулуллах ﷺ орозодон чыгууну, эртеңден айтка чыгууларын буюрду». (Ахмад).

Өтмүштө ай көрүлгөнү жөнүндөгү кабардын башка жайга жетиши оңой болбогон. Бул абалды Расул ﷺ менен жүз бергенин күзөтүү мүмкүн. Себеби, көрүлгөнү жөнүндөгү кабар Расул ﷺга кундуз убагында жетип келди. Расул ﷺ жана Мадинадагы мусулмандар айды көрүшпөгөндүктөн орозо кармап алышкан эле. Келген кербендегилер Расул ﷺга ай көрүнгөнү жөнүндө кабар беришкен соң Расул ﷺ мусулмандарга орозодон чыгууну буюрду жана ошол күн рамазандын акыркы күнү болду. Демек, Расул ﷺ Мадинада ай көрүнбөгөнү үчүн орозо кармап, ай санагын толук жеткирди. Пайгамбарыбызга ай башка жайда көрүнгөнүнүн кабары келген соң Пайгамбарыбыз орозодон чыгууну буюрду. Себеби, ошол күн шаввал айы эле т.а. рамазан санагын толук жеткирүү болбой, айт эле.

Бул болсо оңой. Себеби, ар бир регион айды көрмөкчү болуп аны издейт. Эгер аны көрбөсө жана башка жайда көрүнгөнү жөнүндө сахих кабар келбесе орозо кармайт же орозодон чыгат. Эгер көрүлгөнү жөнүндө кабар келсе мына ушуга таянышы важиб болот. Себеби:

«صُومُوا لِرُؤْيَتِه...»

«Айды көрүп орозо кармагыла…» хадиси баарына хитаб болот.

Эми сиздин: алар «амалий иш эмес» дешет, деген сөзүңүзгө келсек, эмнеге ал амалий эмес экен? Австралия калкы шаввал айын издеп аны көрүшпөсө жана аларга анын башка жайда көрүлгөнүнүн кабары келбесе орозо кармашсын. Эгер, кабар аларга күндүзү келсе Расулуллах ﷺ кылгандай орозодон чыгуулары важиб болот. Себеби, мына ушул күн айт болот… Кала берсе, азыр кабарлар оңой жетип келет… Ошондуктан, амалий эмес деген сөз негизсиз, далилсиз сөз. Ал ибадатта акыйкатты издеген мусулман үчүн хужжат болбойт.

Эми, эсептөөлөр айдын чыгышын анык белгилей алат деген сөзгө келсек, бул туура. Бирок, айды көрүү мүмкүнчүлүгүн берет деген сөз туура эмес. Себеби, астрономдор күн батып бара жатканда айдын көрүнүшү тууразында убакытты ар түрдүү белгилешет. Ошондой болсо да, биз айдын чыгышынын акыйкаты менен эмес, аны көрүү менен орозо кармайбыз жана орозодон чыгабыз. Расулуллах ﷺ бизди ушуга буюрган:

«صُومُوا لِرُؤْيَتِهِ وَأَفْطِرُوا لِرُؤْيَتِهِ، فَإِنْ غُبِّيَ عَلَيْكُمْ فَأَكْمِلُوا عِدَّةَ شَعْبَانَ ثَلَاثِينَ»

«Айды көрүп орозо туткула (орозону баштагыла), айды көрүп ооз ачкыла (орозону бүтүргүлө), эгер асманды булут каптаган болсо, шаъбан айынын санагын толук отуз күн кылгыла». Себеби, рамазан айы бар болушу, бирок, булут тосуп турганы себептүү көрүнбөй калышы мүмкүн. Ошондо биз бул хадиске ылайык санакты толук жеткиребиз. Демек, орозо кармоонун далилдеринде келгендей айды көрүү важиб. Эгер, орозо убакыты намаз убакыты сыяктуу көрүү менен шарт кылынбаганда, ошондо убакытты эсеп менен белгилөө туура болот эле. Бирок, орозонун далилдери көрүүнү негиз кылып келди. Намаздын далилдери болсо көрүү шарт кылбай, убакыт болгонуна ишеним пайда кылууга байланыштуу болуп келди.

«إِذَا زَالَتْ الشَّمْسُ فَصَلُّوا»

«Эгер күн оосо намазды окугула…». Биз муну жогоруда баян кылдык.

20-рамазан, 1433-х.
8-август, 2012-м.

## Айрым бир фикхий раъйлардагы ихтилафтар (мисалы, рамазанда орозону баштоо) жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум рахматуллоохи уа баракатуху.

Хизб-ут-Тахрир амири Шейх Ато бин Халил Абу Ар-Роштага, Аллах аны Өз коргоосуна алсын. Ислам жеңиши амирдин кол алдында жана аны менен бирге иш алып барып жаткан Хизб-ут-Тахрир жигиттери аркылуу ишке ашышына Аллах тофык берсин.

Даңазалуу шейхибиз, менде партия тарабынан тандап кабыл алынган фикх пикирлери боюнча биз менен макул болбогон төрт имамдын жана башка мужтахиддердин фикх пикирлери жөнүндө бир суроо бар. Ал фикхтеги талаш-тартыштуу деп аталган маселелерге кирет.

Мисалы, Рамазандын орозосу астрономиялык эсептөө аркылуу далилдениши. Бул тууралуу Ибн Сариж аш-Шафиий сыяктуу кээ бир мурунку факихтер жана анын пикиринде болгон шейх Ахмед Шакир аль-Масрий жана шейх Мустафа аз-Зарка, ал-Халаби аль-Ханафи сыяктуу башка факихтер кеңири айтып беришкен.

Суроо туулат: биз партия тандап кабыл алган пикирлер, айрыкча, ал пикирлер жогорку деңгээлдеги мужтахид имамдардын пикирлерине карама-каршы келсе, кандай мамиле кылабыз? Мисалы, орозонун башталышын астрономиялык эсептөө менен кабыл алсак болобу? Маселе боюнча эки пикир бар экендиги белгилүү. Көпчүлүктүн пикири ага уруксат берилгендиги, бирок милдеттүү эмес. Биз «Факыхчылардын ортосунда айырмачылыктуу маселерде кайсынысына эргешсең, ошол жаиз» деп айткан адамдын сөзүн кабыл алабызбы?

Суроонун максаты – талаштуу фикхий маселелер жөнүндө түшүнүгүмдү тунукташтыруу.

Мисалы, качан экинчи пикирге артыкчылык берилет, ал эми, качан кабыл алынгыс пикир катары экинчиге каршы туруу керек. Качан экинчи пикир биз карманган пикирден басымдуу болсо да талашты кабыл алат? Мисалы, Рамазандын орозосун астрономиялык эсептөө менен далилдөө маселесинде башка пикирди кабыл алуу жагынан айырмасы эмнеде? Мисалы, Хизбдин пикирине каршы келген аялдын бети жана колу аврат деген маселеде кандай айырма бар?

Суроо узартылгандыгы үчүн кечирим сураймын. Бирок, эмне үчүн көз караштар карама-каршы болгонун түшүндүрүп берсеңиз. Албетте, менин көз карашым боюнча туура эмес болсо, кечирим сурайм. Карама-каршылыктуу бул өкүмдөрдүн Халифалыктын бирдиктүү бир бүтүндүгүнө болгон көз караштарга алыс-жакындан таасир береби же бул башка нерсеби?

Аллах сизге изгилик берсин. Ассаламу алайкум рохматулоохи уа баркаатуху.

**Жооп**: уа алайкум салам рохматуллоохи уа баракаатуху.

Сиз бизге жакшылык тилеп кылган дуаңыз үчүн биз да сизге Аллахтан жакшылыктарды тилейбиз.

Шарий далилдерден туура шаръий негизде истинбит кылынып алынган өкүм – аны истинбат кылып алган мужтахидге карата шарий өкүм болуп саналат. Ал Ислам пикири эмес, исламий пикир деп этибар кылынат. Ал биз табаний кылган пикирге каршы келсе да, ал исламий пикир болуп саналат. Айрыкча, бул пикир төрт мазхабдын имамдарынын жана ошол мектептердин аракеттери сыяктуу илим жана таквалык менен белгилүү болгон имамдардын мужтахидеринин пикири болсо... Хизбдин сакофий китептеринин бир нечесинде биз табаний кылган фикх пикирине карама-каршы келген фикхий пикирлер менен кантип алака кылуу керектигин көрсөттүк.

Эки китептен цитата келтиремин, Аллахтын жардамы менен ал сиздин суроонузго жооп болот деп ойлоймун:

1 – Хизб-ут-Тахрирдин түшүнүктөрү китебинде мындай келген:

«Исламга ыйман келтирүү анын өкүмдөрүн жана мыйзамчылыгын түшүнүүдөн айырмаланат. Себеби, Исламга ыйман келтирүү акыл аркылуу, же негизи акыл менен далилденген жол аркылуу жүзөгө келген. Ошондуктан, бул ыйманга шектенүү кире албайт. Ал эми, Ислам өкүмдөрүн түшүнүү бир гана акылдын өзүнө байланыштуу эмес, балким, араб тилин билүүгө, истинбат кубатынын болушуна о.э. сахих хадистерди заифтеринен ажырата билүүгө байланыштуу болот. Ошондуктан, даъватты жаюучулар өкүмдөрдү түшүнүүлөрүн «туура түшүнүү, бирок, ката болушу мүмкүн», башкалардын түшүнүүлөрүн болсо, «ката түшүнүү, бирок, туура болушу мүмкүн» деп эсептөөлөрү лаазым. Ушуну менен, түшүнүүлөрүнө жана истинбаттарына ылайык Исламга жана анын өкүмдөрүнө даъват кылууга о.э. «ката, бирок туура болушу мүмкүн» деп эсептеген башкалардын түшүнүктөрүн «туура, бирок, ката болушу мүмкүн» деп эсептеген өз түшүнүктөрүнө айландырууга жетишишсин. Ошондуктан, даъватты жаюучулар өз түшүнүктөрү жөнүндө «бул Исламдын райы» деп айтуулары туура эмес. Балким, алар өз райлары жөнүндө «бул исламий рай» деп айтуулары лаазым. Мазхаб ээлери болгон мужтахиддер өкүмдөрдү истинбат кылууларын «туура, бирок, ката болушу мүмкүн» деп эсептешкен. Алардын ар бири «сахих хадис бар болсо, хадиске тескери келген сөзүмдү таштагыла, анткени, ал менин мазхабым» дечү. О.э. даъватты жаюучулар өздөрү табанний кылган райларын же Исламдан деген көз

караш менен жетип барган райларын «туура, бирок, ката болушу мүмкүн» болгон райлар деп эсептөөлөрү лаазым». Цитата бүттү.

2 – Коомго кирүү китепчесинде төмөнкүчө келген:

«... Коомго кирүүгө келсек, ага ар кандай аралашмалардан алыс, таза жана нукура Исламдан башка нерсенин киришине жол бербөө важиб. Анткени, кафирлер, акимдер жана саясатчылар Ислам наамы менен – коомдо Ислам тарабынан дайынсыз күңүрттүктү пайда кылуу үчүн – исламий болбогон ар түрдүү пикирлерди киргизишет. Мусулмандар ушул жактарды билүүлөрү жана Исламга тескери болгон ар кандай пикирге каршы куфр пикирине каршы күрөшкөндөй күрөшүүлөрү важиб. Анткени, ал да ачык куфр болуп эсептелет.

Бирок, бул чабуул саясий пикирлерге жана мыйзамчылыкка тиешелүү пикирлерге каршы каратылган болот т.а. пикирлер берилип жатканда же талкууланып жатканда мамлекеттин иштеринде көрүнө турган коом алакаларына тиешелүү пикирлерге каршы каратылган болот. Мисалы, көп аялдуулукка тыюу салуу, кайрымдуулук коомдорун түзүүгө уруксат берүү, министрликтерде катышууга уруксат берүү, Ислам дүйнөсүндөгү мамлекет акимдери ортосунда өздөрү отурган жерди сактап калуу үчүн биригүү, араб биримдиги уюму, жашоо деңгээлин көтөрүү, чет элдик инвестицияларды мамлекетке киргизүү ж.б.у.с. Булардын баары исламий эмес пикирлер болуп, алар исламий деген этибарда же Исламга тескери эмес деп киргизилет. Бул пикирлерге каршы чабуул кылуу, күрөшүү жана коомдо башаламандыкты пайда кылбоосу үчүн анын кирип келишине жол бербөө важиб.

Хизб табанний кылган пикирлерге тескери болгон исламий пикирлерге келсек, андагы түшүнүү жолу баян кылынат. Бирок, аларга чабуул кылынбайт, балким, алар да исламий рай экендиги, бирок, далили күчсүз экендиги көрсөтүлүп берилет. Мисалы, мужтахиддердин айрымдары халифа бир гана Курайштардан же ахли байттан болушу мүмкүн деген болсо, кээ бирлери аял киши казы болушу мүмкүн эмес деген. Дагы кээ бирлери болсо, алтын жана күмүштө – алардын зекети берилген болсо – иштетпей топтоо мүмкүн деген, дагы кээ бирлери жерди ижарага берүү мүмкүн дешет ж.б.у.с. Булардын баары исламий райлар болуп, алардын коомго киришине тыюу салынбайт. Себеби, булар коомдо башаламандыкты пайда кылбайт. Анткени, алар да Ислам болуп, хизб табанний кылган райлар сыяктуу далилге же шибхи далилге таянат. Мындай исламий пикирлерге карата алардын катасын көрсөтүп берүү менен чектелинет.

Бирок, хизб өзүнүн баракча, китеп жана талкууларында өзү табанний кылган райга тескери болгон бир да райды көтөрүп чыкпайт. Бирок, ал мурда табанний кылынбаган райларды фикхий же мыйзамдык нерсени

түшүнүү үчүн үлгү катарында таратышы да мүмкүн. Буга ушул райлар кимден чыккандыгы көрсөтүлбөй, анын далили менен чектелинет. Булар хизб таратуу менен алектене турган райларга карата болду. Ал эми, эгер хизбден башкалар тарабынан бирер исламий рай таратылса, бирок, бул рай хизб райына тескери болсо, талкуулашууга зарылчылык болсо, талкуулашуу менен чектелинет. Зарылчылык болбосо, ал райды көңүл бурбай таштап коё берет. Мына ушулар жардамында хизб коомдо пайда болуу коркунучу болгон башаламандыкты тосот.

Ислам менен куфр ортосундагы күрөш куфр жеңилип, Ислам жеңишке жеткенге чейин улантыла берет». Цитата бүттү.

Жогоруда келтирилгендерден көрүнүп тургандай, Хизб өзү табанний кылган пикирлерине каршы келген башкалардын туура шарий жол менен истинбат кылып алган фикх пикирин четке какпайт. Тескерисинче, ал алар менен талкуулап, алардын көз караштары туура эмес экенине жана өзүнүн көз караштары күчтүү далилдерге негизделгенине ишендирүүгө аракет кылат. Алардын исламий пикирлеринин далилдери Хизбдин көз карашында алсыз далилдер болсо да, ал исламий пикирлердин коомго кирип келишине тоскоолдук кылбайт, анткени ал пикирлер да исламий көз караштар болуп саналат.

– Буга мисал катары аялдын бети жана колдору аврат деген сөздөрдү мисал кылууга болот. Бул кээ бир мужтахид факихчилер айткан Ислам фикх пикири болоуп эсептелет. Бул пикирди биз четке какпайбыз. Бирок, биз аларды аялдын жүзү жана колдору аврат эмес деп эсептеген исламий пикирибизге чакырабыз. Биз аларга шарияттын далилдери аркылуу биздин исламий пикирдин тууралыгын көрсөтөбүз. Бирок, алардын бул исламий көз караштарын жана ага эргешүүнү четке какпайбыз, анткени бул пикирлер дагы мужтахиддер айткан исламий көз караштар болуп саналат.

– Астрономиялык эсептөө жөнүндөгү сөзгө келсек, аны айтууда бир эмес, бир нече көз караштар бар. Алардын айрымдары, эгер ай түндө жаңырса, ошол түн Рамазан айынын биринчи күнү дешет... Алардын айрымдары, эгер ай күндүз пайда болуп, күн баткандан кийин батып кетсе жана көрү мүмкүнчүлүгү болбосо дагы бул Рамазандын биринчи түнү дешет. Алардын кээ бирлери эсептөө жана көз менен көрүүнүн ортосун жамдаштырууга аракет кылышат, ошондуктан, ай күндүз көрүнүп, күн батып жатканда көз менен көрүү мүмкүнчүлүгү болуп батып кетсе, анда ал түн Рамазан айынын башталышы болот дешет... Андан кийин алар ушул айдын жаңыруу мөөнөтү тууралуу талашып тартышат 10 мүнөттөбү, же 15, же 20 мүнөтпү... Мен муну туура ижтихад деп ишенгим келбейт, анткени шаръий нусустарда орозонун башталышы жана бүтүшү туралуу ачык-айкын далилдер келген:

«صُومُوا لِرُؤْيَتِهِ وَأَفْطِرُوا لِرُؤْيَتِهِ»

«Аны көрүү менен үчүн орозо туткула жана аны көрүү менен орозоңорду ачкыла». (Муслим риваяты). Мындай ачык-айкын шаръий нусус турса, кантип аны астраномиялык эсеп менен теңөөгө болот? Айрыкча, Пайгамбар ﷺ күн бүркөк күнү жаңырган ай булуттун артында калып көрүнбөй калса, бул учурда шаъбанды 30 күн кылып толуктап, анан Рамазанды баштоону буйруган.

«فَإِنْ غُمِّيَ عَلَيْكُمُ الشَّهْرُ فَعُدُّوا ثَلَاثِينَ»

«Эгер, күн бүркөк болуп, ай силерге көрүнбөсө (шаъбанды) отуз кылып санагыла». (Муслим риваяты). Мунун бардыгы орозо тутуунун жана аны ачуунун бир гана себеби айды көрүү экендигине гана далалат кылгандыгын билдирет. Андан башкага далалат кылбайт. Ошондуктан, менде астрономиялык эсептөөлөр туура шарий ижтихад жолу аркылуу истинбат кылынгандыгына ишеним жок. Ошон үчүн, биз орозону баштоо жана бүтүрүү жөнүндөгү туура шаръий ижтихад жаатында – бул айды көрүп кармоо жана айды көрүп ачуу деген ижтихадды таббаний кылганбыз. Анткени ал туура шаръий ижтижад.

Жыйынтыктап айтканда, биз этибарлуу мужтахиддер айткан исламий көз карашка – эгерде ал туура шарий ижтихад аркылуу истинбат кылынып чыгарылса – каршы сөз айтпайбыз. Балким, аны менен чырайлуу талкуу кылып, биздин караманып жаткан исламий көз караш туура экендин далилдеген далилдерди келтиребиз жана алардын далилин да угабыз. Бирок, биз Исламдан алыс болгон Исламга жат пикирлерди киргизип, адамдарды адаштыргысы келгендерге каршы бекем турабыз! Бул пикирлердин жалгандыгын түшүндүрүп ачып берүүдө кош көңүл кылуу мүмкүн эмес, мисалы, сүткордукка жол берилет деген сыяктуу. Куфр түзүмдөрүнө катышуу жана Аллах түшүргөн өкүмдөн башка өкүм менен өкүм жүргүзүү жаиз деп айтылган пикирлерге каршы күрөшүү керек. А түгүл, яхудийлер менен мамилелерди жөнгө салууда тынчтык келишими жайиз деп айтып жатышкан күндө да.

﴿أَلاَ سَاءَ مَا يَحْكُمُونَ﴾

*«Алар кандай гана жаман өкүм чыгарышат»* [16:59]

Бул пикирлерге каршы күрөшүү важиб. Биздин убакта кеңири жайылган, туура шаръий ижтихад аркылуу истинбат кылынып алынбаган ушул сыяктуу пикирлер бар, тескерисинче, алардын кээ бирлери Аллахтын Китебиндеги жана Аллахтын Элчисинин сүннөтүндөгү катъий далилдерге карама-каршы келет. Мындай пикирлер шаръий өкүм эмес жана исламий көз караштар да эмес. Мындай пикирлерге чакырып жаткандар четке кагылат жана ал пикирлердин коомго кирип келишине жол берилбей, ага каршы күрөшүлөт.

Ушул жетиштүү жооп болду деп ойлоймун, Аллах билүүчү жана өкүмдар.

25-шаъбан, 1442-х.
7-апрель, 2021-м.

## Айды көрүү жана астрономиялык эсептөө

Аллахка мактоолор болсун. Аллахтын Расулуна, анын үй-бүлөсүнө, сахабаларына жана аны менен дос болгондорго саламдар болсун, амма баъд:

Айды көрүү жана астраномиялык эсептөө жөнүндө баракчабызга суроо жолдогон боордошторубузга...

Ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

Айды көрүү жана астраномиялык эсептөө туурасындагы суроонуз менен таанышып чыктым. Биз бул жөнүндө көп ирет жооп бергенбиз. Ошондой болсо да, мейли, мен ошол жоопторубузга кошумча, кенениреек дагы түшүндүрүп өтөйүн. Ушул жоопту боордошторубуз көңүл буруп карап чыгып, ой жүгүртүшөр деген үмүттө жана Аллахтан жардам сурап ушуларды айтамын:

1 – Кадырлуу боордоштор, биз астрономиялык эсептөөнү ай темасына киргизбейбиз. Себеби, шаръий нусус айды көрүүгө гана таянат. Ошондуктан, айды көрүп рамазанды баштайбыз, айды көрүп рамазанды бүтүрөбүз. Эгер, рамазан айынын жыйырма тогузунчу күнү кечки убакыт айды көрбөсөк – ал тургай, асраномиялык эсептөө боюнча ай бар болуп, булут же аба-ырайы себептүү тосулуп калган болсо да – рамазан айынын күндөрүн отуз күн кылып белгилейбиз. Себеби, нусуста аалам окуялары эмес, балким, айды көрүү жөнүндө айтылганы үчүн бул маселеде айды көрүүгө гана таянылат. Расулуллах ﷺдын имам Бухарий риваят кылган ушул хадисине карагыла: Мен Абу Хурайра розияллоху анхудан мындай дегенин укканмын: Набий ﷺ же Абу Касим ﷺ айтты:

«صُومُوا لِرُؤْيَتِهِ وَأَفْطِرُوا لِرُؤْيَتِهِ فَإِنْ غُبِّيَ عَلَيْكُمْ فَأَكْمِلُوا عِدَّةَ شَعْبَانَ ثَلاَثِينَ»

«Айды көрүп орозону баштагыла, айды көрүп орозону бүтүргүлө. Эгер, асман булуттуу болсо, шаъбан айынын санагын толук отуз күн кылгыла».

Дагы бир хадисте мындай келет: Абу Хурайра розияллоху анхунун мындай дегенин уктум: Расулуллах ﷺ айтты:

«لَا تَصُومُوا حَتَّى تَرَوْا الْهِلَالَ وَلَا تُفْطِرُوا حَتَّى تَرَوْا الْهِلَالَ، وَقَالَ: صُومُوا لِرُؤْيَتِهِ وَأَفْطِرُوا لِرُؤْيَتِهِ فَإِنْ غَبِيَ عَلَيْكُمْ فَعُدُّوا ثَلَاثِينَ»

«Тээ айды көрмөйүнчө орозону баштабагыла, айды көрмөйүнчө орозону бүтүрбөгүлө. (Пайгамбар алайхиссалам дагы мындай деген): Айды көрүп орозону баштагыла, айды көрүп орозону бүтүргүлө. Эгер, асман булуттуу болсо, ай күндөрүн отуз күн кылгыла». Т.а. эгер булут айды тосуп калып, мусулмандар аны көрүшпөсө, ал тургай, астрономиялык эсептөө боюнча ай бар деп эсептелсе да, биз орозону мындай эсептөө боюнча бүтүрбөйбүз, балким, айды көрбөгөнүбүз үчүн отузунчу күн да орозо кармайбыз. Дагы айтам, хадистеги « فَإِنْ غُبِّيَ عَلَيْكُمْ

فَأَكْمِلُوا عِدَّةَ شَعْبَانَ ثَلاَثِينَ Эгер, асман булуттуу болсо, шаъбан айынын санагын толук отуз күн кылгыла», деген сөзгө этибар бергиле, астрономиялык эсептөө боюнча ай бар болушуна карабастан, ал зат ушинтип айтууда.

2 – Айдын качан толушу, качан туулушу, качан батышы жана күн баткандан кийин канча мүнөт турушун астрономиялык эсептөө боюнча секундасына чейин аныктоо мүмкүн экендигин биз билип турабыз... Бирок, шаръий нусуста аалам окуялары эмес, балким, айды көрүү жөнүндө айтылды. Намаз убактыларында болсо, ушуга күбө болосуз – нусуста аалам окуялары айтылып, көз менен көрүүнүн өзүнө чектелбеди:

﴿أَقِمِ الصَّلَاةَ لِدُلُوكِ الشَّمْسِ﴾

*«Күн оогондон баштап намазды толук аткаргын»*[17:78]

«إِذَا زَالَتِ الشَّمْسُ فَصَلُّوا»

«Күн оогондо намазды аткаргын». Ушуну менен намаз убакытка байланды. Убакытты кандай каражат менен аныктасаңар, ошону менен намаз окуй бересиңер. Мисалы, күнгө карасаңар, анын ооган убагын көрөсүңөр, же көлөкөгө карасаңар, намаз убактылары жөнүндөгү хадистерде келгендей ар бир нерсенин көлөкөсүн өзү менен тең же өзүнөн эки эсе болгонун көрөсүңөр. Т.а. убакытты күнгө же көлөкөгө карап аныктоо менен окуган намазыңар туура боло берет. Эми, андай кылбай, астрономиялык эсептөө боюнча иш кылсаңар да т.а. сыртка чыгып, күнгө же көлөкөгө карап отурбай, күндүн батуу убагын саатка карап аныктасаңар да окуган намазыңар дурус боло берет. Т.а. ар кандай каражат менен болсо да, убакытты аныктасаңар болот. Эмне үчүн мындай? Себеби, Аллах Субханаху силерден намаз убактысы киргенде окууну талап кылды. Убакыт киргенин аныктоо үчүн белгилүү бир жолду, каражатты белгилеп бербей, муну өзүңөргө таштап койду. Көрүп турганыңардай, күндүн батуу убагын көз менен карап аныктасаңар да, саатка ылайык аныктасаңар да окуй бересиңер. Та. көрүү менен да, эсептөө менен да окуй бересиңер. Себеби, шаръий нусус көрүүгө далалат кылбады, балким, аалам окуяларына далалат кылды. Мунун тескериси катары, орозону баштоо жана бүтүрүү жөнүндөгү шаръий нусус аалам окуяларына эмес, балким, көрүүгө далалат кылды.

3 – Эми, күбө чаташтырып жиберип т.а. башка нерсени көрүп алып, айды көрдүм деп күбөлүк беришине келсек, бул маселе казынын иши же айдын башталышын жана аякташын жарыя кылуу укугуна ээ адамдын иши. Анткени, бул маселеде күбөлөр жана алардын сандары текшерилет, алардын саны канчалык көбөйсө, ишеним да көбөйө берет. О.э. күбөнүн көзү жакшы көрөбү, айдын кашаасы кайсыл тарапка карап турган эле, күн баткандан кийин канча убакыт турду, кайсы тарапта көрүндү, күбө мусулманбы, фасыкпы... ушулардын баары текшерилет. Бизге Мухаммад ибн Абдулазиз ибн Абу Ризма кабар берди: Бизге Фазл ибн Муса

Суфяндан, ал Симактан, ал Икримадан, ал Ибн Аббастан риваят кылды: Бир аърабий Набий ﷺдын алдына келип, «Мен айды көрдүм», - деди. Ошондо Пайгамбар алайхиссалам: «Аллахтан башка кудай жоктугуна жана Мухаммад Анын пендеси жана Расулу экенине күбөлүк бересиңби?», - деп сурады. Аъробий: «Ооба», - деп жооп берди. Ошондо Набий ﷺ адамдарды орозону баштоого буйруду». (Сунани Насаий). Күбөлөр мына ушундай түрдө текшерилген. Бирок, темага астрономиялык эсептөө аралаштырылбаган. Т.а. күбөгө астраномиялык эсептөө ай булуттун артында турганын же жоктугун көрсөтүп жатат деп айтылбайт. Себеби, бул маселеге астраномиялык эсептөөнү аралаштыруу Расулуллах ﷺдын:

«صُومُوا لِرُؤْيَتِهِ وَأَفْطِرُوا لِرُؤْيَتِهِ فَإِنْ غُبِّيَ عَلَيْكُمْ فَأَكْمِلُوا عِدَّةَ شَعْبَانَ ثَلَاثِينَ»

«Айды көрүп орозону баштагыла, айды көрүп орозону бүтүргүлө. Эгер, асман булуттуу болсо, шаъбан айынын санагын толук отуз күн кылгыла», деген хадисине тескери келет. Анткени, нусус ачык эле ай күндөрүн толук отуз күн кылынышын көрсөтүп жатат, ал тургай, астраномиялык эсептөө айдын бар экенин, бирок, аны булут тосуп калгандыктан көрүнбөй жатканын баса белгилеп жаткан болсо да!

4 – Бирок, минтип суроо бергендер бар: «Расулуллах ﷺ

«إِنَّا أُمَّةٌ أُمِّيَّةٌ، لاَ نَكْتُبُ وَلاَ نَحْسُبُ، الشَّهْرُ هَكَذَا وَهَكَذَا يَعْنِي مَرَّةً تِسْعَةً وَعِشْرِينَ وَمَرَّةً ثَلَاثِينَ»

«Биз аами калкпыз. Жазууну да, эсептөөнү да билбейбиз. Ай кээде андай, кээде мындай т.а. бир сапар жыйырма тогуз күн, бир сапар отуз күн болот», - деген. (Бухарий риваяты). Бул хадистен биз жазууну жана эсептөөнү билбегенибиз үчүн айды көрүү райын алабыз, эгер эсептөөнү билсек, астраномиялык эсептөөнү алабыз деген мухалафа мафхуму алынбайбы?».

Бул туура эмес мафхум-түшүнүк болуп, мындай кеп усул илими боюнча четке кагылган т.а. бекер кылынган. Себеби, «أمية аами-сабатсыз» сыпаты көпчүлүккө нисбат берилген болуп, арабдар көб абалдарда сабатсыз болгон. Мындан тышкары, ушул мафхум башка хадистердин мантуку боюнча, мисалы, Бухарийде келген

«فَإِنْ غُمَّ عَلَيْكُمْ فَأَكْمِلُوا الْعِدَّةَ ثَلَاثِينَ»

«Эгер, асман булуттуу болсо, ай күндөрүн толук отуз күн кылгыла», деген хадистин мантуку боюнча да бекер кылынган. Башкача айтканда, эгер булут, же жамгыр, же көрүүгө тоскоолдук кылган кандайдыр бир себептен улам айды көрүү мүмкүн болбосо, шаръий хукм – ай чыгып, аны булут тосуп турган болсо да – ай күндөрүн толук отуз күн кылууну белгилеген. Ушуга ылайык, хадистин мантукуна амал кылынып, мухалафа мафхуму бекер кылынат. Т.а. бул жерде мухалафа мафхумун эки нерсе бекер кылып жатат. Биринчиси, «أمية аами-сабатсыз» сыпаты

көпчүлүккө нисбат берилгени. Экинчиси, башка нусустун бул мафхумга тескери болгону.

Мухалафа мафхумуна көп учурларда амал кылуу шарттары ушундай. Эгер, көпчүлүккө нисбат берилген болсо же башка нусустун мантуку бекер кылса мухалафа мафхуму бекер кылынат. Мисалы:

﴿وَلَا تَقْتُلُوا أَوْلَادَكُمْ خَشْيَةَ إِمْلَاقٍ﴾

*«Балдарыңарды жокчулуктан коркуп өлтүрбөгүлө»* [17:31]

деген аяттагы *«خشية إملاق жокчулуктан коркуп»* деген сөз түшүнүктүү сыпат т.а. кембагал болуп калуудан коркуу. О.э. ал көпчүлүккө нисбат берилген. Себеби, алар кембагал болуп калуудан коркуп өлтүрүшөт эле. Кийин бул мафхум:

﴿وَمَنْ يَقْتُلْ مُؤْمِناً مُتَعَمِّداً فَجَزَاؤُهُ جَهَنَّمُ﴾

*«Ким атайылап бир момунду өлтүрсө, анын жазасы тозок»* [4:93]

деген нусус менен бекер кылынды. Ошондуктан, бул мафхум бекер кылынат. Себеби, балдарды кембагалдыктан коркуп өлтүрүү харам, ал эми, бай абалда өлтүрсө халал деп айтылбайт! Балким, ал кембагал болобу, бай болобу, эки абалда тең харам. О.э. төмөндөгү аятты алалы:

﴿لَا تَأْكُلُوا الرِّبَا أَضْعَافاً مُضَاعَفَةً﴾

*«Бир нече эсе кылып алыш менен сүткордук кылбагыла!»* [3:130]

Анда да *«أضعافاً مضاعفة Бир нече эсе кылып алуу»* деген сөз түшүнүктүү сыпат о.э. көпчүлүккө нисбат берилген. Анткени, алар бир нече эсе кылып сүткордук кылышат эле. Кийин бул мафхум:

﴿وَأَحَلَّ اللَّهُ الْبَيْعَ وَحَرَّمَ الرِّبَا﴾

*«Аллах сооданы халал кылды, сүткордукту харам кылды»* [2:275]

деген нусус менен бекер кылынды. Ошондуктан, бул мафхум бекер кылынат. Себеби, бул жерде көп сүткордук харам, ал эми, аз болсо жаиз деп айтылбайт. Балким, сүткордуктун өлчөмү канча болушуна карабастан харам. Себеби, жогоруда айтканыбыздай *«أضعافاً مضاعفة Бир нече эсе кылып алыш»*тагы мухолафа мафхуму бекер кылынган.

Ошентип, «أمية аами-сабатсыз» сөзүнүн мухалафа мафхуму жогоруда баян кылганыбыздай бекер кылынган. Башкача айтканда, эгер булут, же жамгыр себептүү айды көрүү үзүрлүү болуп калса, биз эсептөөнү билебизби же билбейбизби, ага карабастан, ай күндөрү толук отуз күн кылынат.

5 – Бул жылдагы рамазан айты маселесине келсек, эгер этибар берген болсоңор, биз бул ирет ал тууралуу кечирээк жарыяладык. Себеби, айдын көрүлгөнү тууралуу түрдүү региондордон күбөлүктөр берилип, бул маселени текшерүү керек болду:

а) Афганистан, Мали жана Нигер 30-апрель, ишемби күнү күн баткандан кийин ай көрүнгөнүн жарыялап, айт күнүн т.а. миладий 2022-

жылдын 1-майын, жекшемби күндү хижрий 1443-жылдын 1-шаввалы деп жарыялашты.

б) Жыйырма бир араб мамлекеттери болсо, ишемби күнү күн баткандан кийин айды көрүү далилденбегенин жарыялап, жекшемби күндү рамазандын акыркы отузунчу күнү, 2022-жылдын 2-майын, дүйшөмбүнү айт күнү деп белгилешти.

в) Төрт мамлекеттин таквиминде ишемби күнү рамазандын жыйырма сегизинчиси эле. Ушул себептен улам, алар ишемби күнү кечинде айды текшеришпеди. Эртеси жекшемби күнү текшерип, көрө алышпады... Натыйжада, дүйшөмбү күнүн рамазандын акыркы отузунчу күнү, 2022-жылдын, 3-майын, шейшембини айт күнү деп белгилешти. Алар: Индия, Бангладеш, Иран жана Пакистан.

6 – Бул жерде айды көрбөгөндөр көргөндөрдү ээрчиши керек эле. Себеби, айды көргөндөр көрбөгөндөр үчүн хужжат болот жана темага астрономиялык эсептөөлөрдү аралаштырбастан, шаръий нусустарда айтылгандай айды көрүү өз тастыгын тапкан болуп эсептелет. Себеби, Расулуллах ﷺдын:

«فَإِنْ غَبِيَ عَلَيْكُمْ فَعُدُّوا ثَلَاثِينَ»

«Эгер, асман булуттуу болсо, ай күндөрүн отуз күн кылгыла», - деген хадиси ачык-айкын. Бул жерде болсо, асман булуттуу болбой, ай көрүнгөнү далилденди. Мындан тышкары, Мали жана Нигер Афганистанга салыштырмалуу батыш тарапта жайгашканын эсепке алсак, ай көрүнгөнү Афганистанда далилденген болсо, Мали менен Негерде да тастыгын табат. Ушуга негизделип биз текшерүүнү Афганистандан баштадык. Ушул мамлекеттерде ай көрүнгөнүнүн жарыясы төмөнкүдөй болду:

а) Нигер шаввал айынын хилалы ишемби күнү күн баткандан кийин Диффа, Тахва жана Маради райондорунда о.э. Зиндер шаарында өз тастыгын тапканын жарыялады.

б) Ишемби күнү кечинде Афганистан жогорку соту 2022-жылдын 1-майын, жекшемби күндү мубарек рамазан айтынын биринчи күнү деп жарыялады. Афганистандан келген кабарда айтылгандай, ай көрүнгөн аймактарга «Гур, Газний, Кандагар жана Фарах аймактары кирип, регионалдык комиссиянын курамындагы 27 адамдын туура күбөлүк бергени өз тастыгын тапкан».

в) Мали мамлекети да ишемби күнү кечинде эки жайда 8 күбө тарабынан шаввал айы көрүлгөнү өз тастыгын тапканын жарыя кылды.

Башкача айтканда, ар кандай жайларда 39 күбө айды көрдү... Биз бул нерсени тастыктоону өзгөчө Афганистандан баштап, катуу аракет кылдык. Анткени, Мали жана Нигер Афганистанга салыштырмалуу батыш тарапта жайгашкан. Ошондуктан, Афганистанда ай көрүнгөнү

туура болсо, Мали менен Нигерде да көрүнгөнү туура чыгат... Биз массалык маалымат каражаттары менен да, ал тургай, вилаяттарыбыздагы муътамаддарыбыздан келген кабарлар менен да чектелип калбастан, аларга кошумча, Афганистандагы маалымат бөлүмүбүз менен да байланыштык... О.э. ай көрүнгөнү туурасында жүрөгүбүз тынчтанганга чейин Афганистандагы кээ бир тааныштар менен байланышуу жана маселени текшерүү үчүн Европадагы кээ бир афган боордошторубуз менен да байланыштык жана акыры Мадина убактысы боюнча түнкү саат он экилерде ай көрүнгөнүн жарыяладык.

7 – Мусулмандар айды көрүүдө эмнеге ихтилаф кылышат (карама-каршы болушат) деген суроолорго келсек, мунун жообу өтө оңой жана жөнөкөй:

а) Ихтилафтын биринчи себеби – ачык-айкын көрүнүп турган шаръий өкүмгө амал кылынбай жатканы! Себеби, Расулуллах ﷺ айды көрүүгө амал кылуу зарылдыгын баян кылып, хадистин уландысында «فَإِنْ غَبِيَ عَلَيْكُمْ فَعُدُّوا ثَلَاثِينَ Эгер, аба булуттуу болсо отуз күн кылгыла» деп муну баса белгилеп койгон. Мындан астрономиялык эсептөөнү этибарга албоо керектиги ачык көрүнүп турат. Себеби, нусус бизге булут тосуп калгандыктан ай көрүнбөй калса, ай күндөрүн толук отуз күн кылууну важиб кылган. Ал тургай, булуттун артында ай туруп, астрономиялык эсептөө булуттун артында айдын турганын далилдеп жаткан болсо да, ага амал кылбайбыз. Тескерисинче, Расулуллах ﷺдын төмөндөгү хадисинде айтылгандай, ай күндөрүн толук отуз күн кылабыз. Пайгамбар алайхиссалам мындай деген:

«صُومُوا لِرُؤْيَتِهِ، وَأَفْطِرُوا لِرُؤْيَتِهِ، فَإِنْ غُبيَ عَلَيْكُمْ فَعُدُّوا ثَلَاثِينَ»

«Айды көрүп орозону баштагыла, айды көрүп орозону бүтүргүлө. Эгер, асман булуттуу болсо, (ай күндөрүн) толук отуз күн кылгыла».

«لَا تُقَدِّمُوا الشَّهْرَ حَتَّى تَرَوْا الْهِلَالَ أَوْ تُكْمِلُوا الْعِدَّةَ ثُمَّ صُومُوا حَتَّى تَرَوْا الْهِلَالَ أَوْ تُكْمِلُوا الْعِدَّةَ»

«Айды көрмөйүнчө (29 күн кылып белгилеп) айдан өтүп да кетпегиле же ай күндөрүн толук (30 күн кылып) белгилеп да албагыла. Айды көргөндө гана рамазанды баштагыла. (Көрүнбөй калганда гана), ай күндөрүн толук (30 күн кылып) белгилегиле». (Абу Давуд риваяты).

«إِذَا رَأَيْتُمْ الْهِلَالَ فَصُومُوا وَإِذَا رَأَيْتُمُوهُ فَأَفْطِرُوا فَإِنْ غُمَّ عَلَيْكُمْ فَصُومُوا ثَلَاثِينَ يَوْماً»

«Качан айды көрсөңөр, орозону баштагыла. (Рамазандын аягында да) айды көрсөңөр бүтүргүлө. Эгер, асман булуттуу болсо, отуз күн орозо кармагыла». (Имам Муслим риваяты). Бул жөнүндөгү хадистер көп жана алардын баары айды көрүү же ай күндөрүн толук отуз күн кылуу маанилүү экенине далалат кылат. Бул хадистерден ар бир кишинин айды өзү көрүшү максат кылынбаган, балким, анык жана адилеттүү күбөлүк назарга алынган. Ибн Умар розияллоху анхудан ушул сахих риваят да келген:

«تَرَاءَى النَّاسُ الْهِلَالَ فَأَخْبَرْتُ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ أَنِّي رَأَيْتُهُ فَصَامَهُ وَأَمَرَ النَّاسَ بِصِيَامِهِ»

«Адамдар айды көрүштү, ошондо мен Расулуллах ﷺга аны көргөнүмдү кабар бердим. Ошондо Расулуллах орозону баштап, адамдарды да орозону баштоого буюрду». (Абу Давуд риваяты).

б) Бул ихтилафтардын экинчи себеби – мусулмандардын Халифалык мамлекетинде биригишпегени. Анткени, мусулмандарды бөлүп салбастан, ихтилафтарды алдын ала турган мусулмандардын бир өкүмдары жок. Расулуллах ﷺдын ушул хадиси жөнүндө ой жүгүртсөк, ушул нерсе ачык-айкын болот: Имам Ахмад өзүнүн муснадында риваят кылат: Бизге Хушайм хадис риваят кылат. Ал Абу Бишрден, ал Абу Умайр ибн Анастан риваят кылат. Анас айтат, мага Расулуллах ﷺдын сахабаларынан ансарлар төмөндөгү хадисти риваят кылган: «Асман булуттуу болгондуктан, шаввал айы көрүнбөй калган эле, эрте менен ниет кылып алдык. Ошол күндүн акырында кербен келип, Расулуллах ﷺдын алдында «кече айды көрдүк» деп күбөлүк беришти... Ошондо Расулуллах ﷺ ошол күнү орозону ачышыбызды, эртеси айт кылышыбызды буюрду». (Имам Ахмад муснады).

Ошол заманда айыл жана шаарлардын ортосунда байланыш орнотуу кыйын болгонуна карабастан, Расулуллах Мадина шаарында мусулмандарды ооз ачууга буйрушу менен проблема чечилген. Себеби, чөлдө ай көрүнгөн эле. Ал зат айт намазын эртеси окууга буйруду. Анткени, ошол күнү чөлдөн келген өкүлдөр Мадинага айт намазы убагы аяктаган убакта жетип келишкен. Бул окуя бир өлкөдөн экинчи өлкөгө кабар жетип келиши көп убакытты алган заманда болду. Бирок, кабар өтө-өтө кыска убакытта жетип бара турган бүгүнкү күндөчү?! Эгер, мусулмандардын бир халифасы болгондо, алар Аллахтын ага-ини пенделерине айланышмак. Айрыкча, Ислам мамлекетке, хизбге жана адамга мусулмандарды шаръий жол менен жамдап, бириктире турган бардык иштерди кабыл алууну буйруган. Мусулмандарды бириктире турган шаръий раъйды кабыл алуу Исламда даражасы улуу иш болуп эсептелет.

Жогоруда айтылган эки нерсе т.а. ачык-айкын көрүнүп турган шаръий өкүмгө амал кылуу жана мусулмандардын Халифалык мамлекетинде биригиши ихтилафты алдын алат. Ушул себептен улам, мусулмандар бул эки нерсени ишке ашырууга катуу аракет кылуулары керек. Ошондо – Аллах Өзүнүн мухкам Китебинде түшүргөндөй – адамдар үчүн чыгарылган эң жакшы Уммат абалына кайтышат:

﴿كُنْتُمْ خَيْرَ أُمَّةٍ أُخْرِجَتْ لِلنَّاسِ تَأْمُرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَتَنْهَوْنَ عَنِ الْمُنْكَرِ وَتُؤْمِنُونَ بِاللَّهِ﴾

«*(Эй Мухаммад Умматы), адамдар үчүн чыгарылган умматтардын эң жакшысы болдуңар. Анткени, силер маъруфка буюрасыңар, мункардан кайтарасыңар жана Аллахка ыйман келтиресиңер. Эгер, ахли*

*китептер да ыйман келтиришкенде, өздөрү үчүн жакшы болоор эле. Алардын момундары да бар жана (бирок) алардын көпчүлүгү фасыктар»* [3:110]

Сөзүмдүн аягында Аллах Субханахуга дуа кылып сураймын, бардык мусулмандарды туура иштерди кылууга хидаят кылсын, аларды Ислам менен азиз кылып, узак замандан бери жок болуп келе жаткан мамлекетин кайра тикелешине жардам берсин... Анткени, Роббилерине итаат кылууда ихтилафка барышпасын, тескерисинче, Анын ушул аятында айтылгандардан болушсун:

﴿فَانْقَلَبُوا بِنِعْمَةٍ مِنَ اللَّهِ وَفَضْلٍ لَمْ يَمْسَسْهُمْ سُوءٌ وَاتَّبَعُوا رِضْوَانَ اللَّهِ وَاللَّهُ ذُو فَضْلٍ عَظِيمٍ﴾

*«Анан ал жүрүштөн бир да жамандык жетпей, Аллахтын ниматы жана жоомарттыгы менен кайтышты. Алар Аллахтын ыраазычылыгын эңсешти. Аллах болсо улук фазилет, жоомарттык ээси»* [3:174]

Аллах ибадаттарыңарды кабыл алсын, вассаламу алайкум в рохматуллохи ва барокатух.

Бурадарыңар Ата ибн Халил Абу Рошта 10-шаввал, 1443-х. 10-май, 2022-м.

## Кадыр түн тууралуу күмөндөнүү

**Суроо: а**ссаламу алейкум рахматуллоохи уа баракаатуху

Аллах сизге жардам берсин, кимдир бирөө кадыр түн бул Куран түшүрүлгөн гана түн, ал өтүп кетти ал кайталанбайт деди. Анын айтымында, мындан бөлөк Кадыр түн жок. Ал айткан макаланын тексти бул : "Ал эми Кадыр түн тарыхта бир жолу болуп өттү, ал кайталанбайт. Анын баалуулугу – б.а. артыкчылыктуугу ал түндө Курандын түшүрүлүшү гана болуп саналат.

قال تعالى: ﴿إِنَّا أَنزَلْنَاهُ فِي لَيْلَةِ الْقَدْرِ﴾

Алла Таала айтты: (Чындыгында, биз аны (куранды) Кадыр түнү түшүрдүк)кадыр сүрөсү 1.

Ал эми Кадыр түн деп жаңыланып эсептелген башка кадыр түндөрдүн эч кандай орду жок. Анткени Куран кадыр түн өзгөчө бир баалуулук жана макам алганга чейин түшүрүлгөн эмес.

Ал эми Мукабирдин: "Чындыгында биз Кадыр түн кайталанбаса да аны белгилеп жатабыз". Деп айта турганынына келсек. Биз ага айтабыз: Кадыр түндү белгилөө үчүн же болжолдонгон хадисте айтылгандай кайра жандандыруу үчүн- бул анык кадыр түн деп ишенишибиз керекпи, же кадыр түндү эстөө дейбизби ? Кадыр түндүн да Орозо, ажылык, намаз ошондой эле башка бардык ибадаттар сыяктуу белгилүү бир убакыты болуш керек. Анткени, Даанышман Аллах ибадатты фарз кылганда же аны шарий мыйзамга киргизгенде, ал алардын ар бири үчүн белгилүү жана белгиленген бир убакытты белгилеп койгон, анда божомолго орун жок. Ал эми бул болжолдонгон кадыр түнгө келсек, анын убактыларын аныктоого байланыштуу көптөгөн хадистер айтылган жана аны сырлардын арасында сырга айландырган"....)

Кийин ал Муслим риваятындагы хадисин айтып, аны сындаган:

« يا أيها الناس! إنها كانت أُبينت لي ليلة القدر. وإني خرجت لأخبركم بها، فجاء رجلان يحتّقان معهما الشيطان، فَنُسّيتُها»

"Эй, адамдар! Мага Кадыр түнүнүн убактысы ачыкталды. Анан мен силерге бул тууралуу айтайын деп чыксам жаңжалдашкан эки киши келди алар менен кошо шайтан да келди, мен аны ( кадыр түндүн убактысын) унутуп калдым".

Андан кийин ал төмөнкү сөздөр менен сөзүн жыйынтыктаган: " Жыйынтыктап айтканда пайгамбарыбыз с.а.в.дын өзү белгилүү бир убактысын билбеген делген кадыр түндү кайра белгилөө- деңиздеги кеменин токтой турган белгилүү бир оорду жок сыяктуу нерсе. Бул түндү кимде-ким ыйман жана сооп тилеп өткөрсө, анын өткөн күнөөлөрү кечирилет деген – бул кыйратуучу пикир. Мусулмандар арасында

акылсыздык жана диндеги түркөйлүктү таратуудан башка эч нерсе эмес”. Макала бүттү.

Бизге кеңеш бериңизчи, Аллах ыраазы болсун.

**Жооб**: алейкуму ассалам рахматуллоохи уа баракаатуху

Сурооңузда келтирген, кадыр түн бул өтүп кеткен деп кадыр түн жөнүндө туура эмес маалымат берген адамдын макаласы менен тааныштым...

Ал төмөнкүдөй

Биринчи: Кантип алуу услубуна келсек;

1- Келтирилген тексттен анын автору эч кандай илимий же шарий эрежелерге таянбагандыгы көрүнүп турат. Тескерисинче, ал туш келди аралаштырып, Расулулла саллаллаху алейхи ва салламдан далилденген көптөгөн туура жана хасан хадистерди өзүнүн фантазиясы буйруган нерселерге буруп, аны өз акылында чындыка айлантып эч бир себепсиз хадистерди четке каккан.

2- Ошондой эле бул макаладагы талкуудан көрүнүп тургандай, тастыкталган Пайгамбардын сүннөтүнө шек келтирүүгө жана курани каримге таянымыш болуп Азирети Пайгамбар саллаллаху алейхи ва салламдан риваят кылынган сахих хадистерге карата мусулмандардын арасында шек күмөн жараттуу аракети болуп саналат... Бул белгилүү ыкма- Пайгамбар саллаллаху алейхи ва салламдын тастыкталган нукура таза сүннөтүнө каршы күрөшүү аркылуу Исламды жок кылуу үчүн аракет кылган коомдун белгилүү ыкмасы болуп саналат. Пайгамбар саллаллаху алейхи ва салламдын тастыкталган нукура таза сүннөтү бул- Курани каримди баяндоочу, анын умум ( жалпы түшүнүктөгү) аяттарын хостоочу ( жекеге таандык кылуу) мутлак ( абсолютуу жалпы түшүнүктөгү) аяттарын мукаяд ( андан келип чыккан белгилүү бир нерсеге таандык кылып байлоо) кылып байлоочу болуп саналат. Пайгамбар саллаллаху алейхи ва салламдын тастыкталган нукура таза сүннөтүн каралоо жана тастыкталып бышыкталагн хадис китептерине шек келтирүү бул- Куранды каралоо жана Ислам динин каралоонун бир түрү... Бир гана Ыйык Куранга таянуу чакырыгы бул сырткы көрүнүшү ырайым, ал эми ички көрүнүшү азапка болгон чакырык.

3- Келтирилген тексттен анын автору- Пайгамбарыбыз саллаллаху алейхи ва салламдын жана анын урматтуу сахабаларынын доорунан бүгүнкү күнгө чейин мусулмандар тарабынан кабыл алынган белгилүү шарий маселелерге карата күмөн санагандыгы да көрүнүп турат. Бул дагы мусулмандар тарабынан кабыл алынган маселелерге карата шек күмөн жараттуу үчүн- терең изилдеген батыш каапыр чыгыш таануучулары тарабынан кабыл алынган белгилүү бир ыкма. Кийин алардын мындай ыплас жоруктарын кээ бир мусулмандар да ээрчишти.

Аларды ээрчиген бул мусулмандар Исламдагы башкаруу системасына, жихадга, жана тагдырга болгон ишенимге шек келтире башташты... Бул Халифалык мамлекети кулатылып, ислам өкүмдөрү мусулмандардын жашоосунда колдонуудан алып салынгандан кийин- мусулмандардын өз динине болгон ишенимин алсыратуу аларды динден алыстатуу жана алардын динге кайра кайтуусуна тоскоолдук жараттуу аракетти болуп саналат.

4- Демек, анын Кадыр түн жөнүндөгү макаласы олуттуу илимий изилдөө же этибардуу саналган шарий ижтихад эмес. Тескерисинче шариат тексттерин бурмалоо жана пайгамбардын хадистерин шылдыңдоо катары саналаган арам иш. Демек, ага жооп кайтаруунун кереги жок, анткени анын талкуусу шарий илим талкуунун эң төмөнкү шарттарына да туура келбейт. Эгер сиз бизге бул боюнча суроо жөнөтпөгөнүздө биз буга көңүл да бурбайт элек.

Экинчи: Кадыр түнгө Курандан далил:

Бул макала ээси бул макаланы окуп жаткан адамга өзүнүн айтып жаткан нерселерин ыйык курандан алып жаткандай кылып көргөзүп болгону кадыр түнгө байланыштуу хадистерди гана четке каккандай түр жаратакан. Ал айтат: “Ал эми Кадыр түн тарыхта бир жолу болуп өттү, ал кайталанбайт. Анын баалуулугу – б.а. артыкчылыктуугу ал түндө Курандын түшүрүлүшү болуп саналат.

قال تعالى: ﴿إِنَّا أَنزَلْنَاهُ فِي لَيْلَةِ الْقَدْرِ﴾

Алла Таала айтты: (Чындыгында, биз аны (куранды) Кадыр түнү түшүрдүк)кадыр сүрөсү 1.

Анын мындай деп айтуусу ыйык куранга гана таянууну сунуштап жаткандай сезилет, бирок чындыгында андай эмес.

Ал ыйык аятты айтып,

قال تعالى: ﴿إِنَّا أَنزَلْنَاهُ فِي لَيْلَةِ الْقَدْرِ﴾

Алла Таала айтты: (Чындыгында, биз аны (куранды) Кадыр түнү түшүрдүк)кадыр сүрөсү 1.

Аны өзүнүн каалоосуна жараша чечмелеген. Бирок анын пикирине карама каршы келген курандын калган тексттерин эскерген эмес. Кадыр түн жөнүндөгү текст Ыйык Куранда эки жерде айтылып, ал эки жерде кадыр түн кайталануучу, жаңыланып турушу түшүнүлөт:

1-Кадыр сүрөөсү:

إِنَّا أَنْزَلْنَاهُ فِي لَيْلَةِ الْقَدْرِ * وَمَا أَدْرَاكَ مَا لَيْلَةُ الْقَدْرِ * لَيْلَةُ الْقَدْرِ خَيْرٌ مِنْ أَلْفِ شَهْرٍ * تَنَزَّلُ الْمَلَائِكَةُ وَالرُّوحُ فِيهَا بِإِذْنِ رَبِّهِمْ مِنْ كُلِّ أَمْرٍ * سَلَامٌ هِيَ حَتَّى مَطْلَعِ الْفَجْرِ

(Чындыгында, Биз аны (куранды) кадыр түнү түшүрдүк. Кадыр түн эмне экенин (улуулгун) кайдан билесиң. Кадыр түн миң айдан да жакшы. Ал түнү Раббисинин уруксаты менен Периштелер жана Жабреил алейхи салам бардык өкүмдөр менен түшө турган түн. Ал түндө таң атканча

тынчтык болот.) кадыр сүрөсү. Бул сүрөөгө ой жүгүртүлсө кадыр түн Курани Карим түшүрүлгөн түн экени айкын болот. Ал бир жолу өтүп кеткен түн эмес, тескерисинче, ал өзүндөгү жашырылган жакшылык менен бирге кайра кайра кайталып туручу түн экендиги айкын болот. Сүрөдөн буга далил болгон далилдерди айтуудан мурда Насафи Тафсириндеги сүрөөнүн кыскача чечмелөөсүн беребиз:

(Тафсир ан-Насафи 4/44):

(Чындыгында, биз аны ( куранды) кадыр түнү түшүрдүк) кадыр сүрөсү 1. Аллах бул түндөн курандын өзү гана түшүрүлгөндүгүн баса белгилеп куранды улуулады. Сүрөдө курандын атын атабастан "аны" түшүрдүк деп бул түндө куран гана түшүрүлгөндүн баса белгиледи. Башкача айтканда башка китептер бул түндө түшүрүлгөн эмес. Риваят кылынгандай, Ыйык Куран кадыр түнү Лавхул Махфуздан эң төмөнкү асманга толук түрдө түшүрүлгөн, андан соң ал Жабраил алейхи салам тарабынан Аллахтын Элчиси саллаллаху алейхи уа салламга жыйырма үч жыл ичинде аят сүрө болуп түшүрүлгөн. Кадыр түндүн мааниси – нерселерди, иштерди тагдыр кылуу түнү...

Кадыр түндүн убактысынын жашырылышынын себеби, мүмкүн аны каалагандар андагы жашырылган жакшылыкка жетүүнү издеп көп түндөрдү өткөрүшөт. Бул орто намаздын, Аллахтын эң улуу ысымынын жана жума күнү дуа кабыл боло турган саатын жашырылышы сыяктуу иш...

Хадисте айтылгандай:

«من أدركها يقول: اللَّهُمَّ إِنَّكَ عَفُوٌّ تُحِبُّ الْعَفْوَ فَاعْفُ عَنِّي».

"Ким муну түшүнсө: ( кадыр түн экендигин аңдап билсе) "Оо, Аллах, Сен кечиримдүүсиң, сен кечиргенди жакшы көрөсүң, мени кечир". Десин.

﴿وَمَا أَدْرَاكَ مَا لَيْلَةُ القدر﴾

Кадыр түн эмне экенин (улуулгун) кайдан билесиң. Кадыр түн миң айдан да жакшы.

Башкача айтканда, сенин илимиң кадыр түндүн фазилетинин аягына жеткен жок...] Насафи тафсиринин аягы.

Ал эми бул сүрөдө кадыр түн бул- Куран түшүрүлгөн берекелүү түнгө дал келген кайталанып туруучу түн экендигине ишарат кылган бир нече иштер бар. Аллахтын бул аяттагы:

﴿تَنَزَّلُ الْمَلَائِكَةُ وَالرُّوحُ فِيهَا بِإِذْنِ رَبِّهِمْ مِنْ كُلِّ أَمْرٍ﴾

Ал түнү Раббисинин уруксаты менен Периштелер жана Жабреил алейхи салам бардык өкүмдөр менен түшөт. Бул түндө периштелер түшөт жана алар менен кошо Жабраил алейхи салам болот. Куран (периштелер түшөт) сүйлөмүндө үзгүлтүксүздүккө жана жаңыланып, кайталанып турууга ишарат кылуу үчүн учур чак этишиндеги сөздү (түшөт)

колдонгон. Өтүп кеткен иш катары өткөн чакты колдонгон эмес. Ошондуктан бул айдан ачык түрдө Кадыр түн кайталануучу түн экенин жана периштелер жыл сайын ошол түнү Жабраил алейхиссалам менен бирге түшөрүн билдирет.

2- Улуу Зат Ад-Духан сүрөсүнүн башталышындагы сөзүндө:

﴿إِنَّا أَنْزَلْنَاهُ فِي لَيْلَةٍ مُبَارَكَةٍ إِنَّا كُنَّا مُنْذِرِينَ * فِيهَا يُفْرَقُ كُلُّ أَمْرٍ حَكِيمٍ﴾

(Биз аны куттуу түндө түшүрдүк, Биз (адамдарды элчилерди жөнөтүү менен) эскерттик. Ал түнү (ар бир даанышмандык иштер) ачыкталып бөлүнүп жазылат.) духан сүрөсү 3.4.

Ан-Насафиде (3/302) мындай деп айтылган:

...көптөгөн риваяттарда кадыр түн рамазанда боло тургано айтылган. Анан алар айтышты: Аллах аны толук түрдө Лавхул махфуздан эң төмөнкү асманга түшүрдү, андан кийин Жабраил алейхи салам Мухаммад саллаллаху алейхи васалламга окуяларга жараша ага муктаж болгон учурда түшүрүп турду. Кээ бир риваятарда: Куран түшүүсүнүн башталышы кадыр түнү башталгандыгы айтылган. Ал түндө жакшылыктын көптүгү жана береке түшүп, дуба кабыл болот, эгер табылбаса да нээмат, береке катары Курандын түшүрүлүшү жетиштүү болот.

﴿إِنَّا كُنَّا مُنذِرِينَ * فِيهَا يُفْرَقُ كُلُّ أَمْرٍ﴾

( Биз (адамдарды элчилерди жөнөтүү менен) эскерттик. Ал түнү ( даанышмандык баардык иштер) ачыкталып бөлүнүп жазылат.) Бул эки сүйлөм анттын жообу катары улантылган сүйлөмдөр. Биз тозок азабынан эскертүү биздин ишибиз болгондуктан (куранды)түшүрдүк жана аны өзгөчө ушул түнү түшүрдүк. Анткени Курандын түшүрүлүшү даанышмандык иштердин бири жана бул түн ар бир даанышман иш ачыкталып бөлүнө турган түн. Ал эми ﴿يُفْرَقُ﴾ «бөлүнөт» дегендин мааниси болсо пенделердин ырыскысын, ажал мөөнөтүн жана ушул түндөн кийинки жылы келе турган Кадыр түнгө чейинки бардык иштерин бөлүп жазып коюу. Хаким ﴿حَكِيمٍ﴾(даанышмандык) даанышмандык талап кылган нерсени билдирет. Ал каймана мааниде сыпатталган, анткени ал-Хаким заттын ээсинин сыпатты бул жерде каймана түрдө иш сыпаатталган....) Соңу.

Бул аяттардан Куран түшүрүлгөн кадыр түн кайталанып туруучу түн экени ачык даана көрүнүп турат. Аллахтын бул сөзү буга жетиштүү: ﴿فِيهَا يُفْرَقُ كُلُّ أَمْرٍ حَكِيمٍ﴾، Ал түнү ( даанышмандык ар бир иш) ачыкталып бөлүнүп жазылат.) Куран- бул түндө ар бир бөлүнүп жазылат деген сөздү колдонулушу менен бул түндүн кайра кайра кайталанып турушуна эч күмөнсүз ишарат кылат. Анткени “يُفْرَقُ" “бөлүнөт” сөзү учур чак этиши болуп, бул этиш сөзү кайталанып турууга далаалат кылат.

3- Ошентип кадыр түн Курани Карим түшүрүлгөн берекелүү түн экени Курандан ачык көрүнүп турат. Ал түн Ыйык Рамазан айынын түндөрүнүн бири. Ал түнү периштелер жана Жабреил алейхи салам Раббисинин уруксаты менен Аллахтын алдынан болгон ар бир данышмандык иш үчүн түшүшөт. Ал түнү Аллахтын буйругу менен ар бир даанышмандык иш бөлүнөт. Бул түндүн фазилети чоң, себеби андагы жакшы амалдардын фазилети миң айдын фазилетинен ашат. Демек, Ыйык Куранда Кадыр түндүн кайталанып туруучу түн экени айтылган. Пайгамбарыбыздын Кадыр түнгө байланыштуу асыл хадистери, Ыйык Куранда айтылгандарды бышыктап тастыктаган. Эгерде жогоруда аталган макаланын автору Курани Каримди жана анда келгендерди моюнга алса, анда ал асыл хадистерди жокко чыгаруусуна эч кандай орун жок. Башкача айтканда жокко чыгара албайт.

Үчүнчүсү: Кадыр түндүн сүннөттөгү далили:

1-Пайгамбарыбыздын сүннөтүндө Кадыр түн кайталануучу түн экендиги жөнүндө көптөгөн хадистер бар. Талап кылынган маселеге карата жетиштүү болгон эки хадисти айтабыз;

А- Аль-Бухари өзүнүн сахихинде Абу Хурайра радыяллаху анху риваят кылган хадисте, Пайгамбар саллаллаху алейхи уа саллам айтты:

عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ عَنْ النَّبِيِّ ﷺ قَالَ: «مَنْ قَامَ لَيْلَةَ الْقَدْرِ إِيمَاناً وَاحْتِسَاباً غُفِرَ لَهُ مَا تَقَدَّمَ مِنْ ذَنْبِهِ وَمَنْ صَامَ رَمَضَانَ إِيمَاناً وَاحْتِسَاباً غُفِرَ لَهُ مَا تَقَدَّمَ مِنْ ذَنْبِهِ

“Кимде-ким Кадыр түндү ыйман жана сооп үмүт менен тоссо анын өткөн күнөөлөрү кечирилет, ал эми ким Рамазан айында ыйман жана сооп үмүт кылып орозо кармаса, анын өткөн күнөөлөрү кечирилет”.

عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ قَالَ: قَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ: «مَنْ يَقُمْ لَيْلَةَ الْقَدْرِ إِيمَاناً وَاحْتِسَاباً غُفِرَ لَهُ مَا تَقَدَّمَ مِنْ ذَنْبِهِ»،

Аль-Бухаринин дагы бир риваятында Абу Хурайрадан риваят кылган хадисте мындай деген: Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: “Кимде-ким Кадыр түндү ыйман жана сооп үмүт кылып өткөрсө анын өткөн күнөөлөрү кечирилет”. Бул хадисте айтылгандар ыйык Курани Каримде кадыр түн тууралуу айтылган нерселерге дал келет жана андан кадыр түн кайталанып, жаңыланып тураары ачык көрүнүп турат.

عَنْ عَائِشَةَ قَالَتْ: قُلْتُ: يَا رَسُولَ اللَّهِ أَرَأَيْتَ إِنْ عَلِمْتُ أَيُّ لَيْلَةٍ لَيْلَةُ الْقَدْرِ مَا أَقُولُ فِيهَا؟ قَالَ: «قُولِي اللَّهُمَّ إِنَّكَ عُفُوٌّ كَرِيمٌ تُحِبُّ الْعَفْوَ فَاعْفُ عَنِّي

Б- Тирмизи сунанында Айшадан р. а. риваят кылат ал айтты: Мен айттым: Оо, Аллахтын Элчиси, эгер мен Кадыр түн кайсы түн экенин билсем, анда эмне деп айтышым керек? Ал айтты: “Оо, Аллах, сен кечиримдүү, жоомартсың жана сен кечиргенди жакшы көрөсүң, мени да кечир деп айт” деди. Абу Исса бул хасан жана сахих хадис деди. Ибн Мажа жана башкалар Айша радиаллооху анхадан риваят кылган хадистин башка риваятында:

عَنْ عَائِشَةَ أَنَّهَا قَالَتْ: يَا رَسُولَ اللَّهِ ﷺ أَرَأَيْتَ إِنْ وَافَقْتُ لَيْلَةَ الْقَدْرِ مَا أَدْعُو؟ قَالَ: «تَقُولِينَ اللَّهُمَّ إِنَّكَ عَفُوٌّ تُحِبُّ الْعَفْوَ فَاعْفُ عَنِّي

Оо, Аллахтын Элчиси, Аллахтын салам-салаваттары болсун, эгер Кадыр түнгө туш болсом, мен эмне деп дуба кылышым керек? Ал айтты: "Оо, Аллах, Сен кечиримдүү жана кечиргенди сүйөсүң мени кечир дегин"деди. Бул хадис да Курани Каримде кадыр түн жөнүндө айтылгандарга толугу менен дал келет. Бул хадистерден кадыр түн кайталанып, жаңыланып турары көрүнүп турат. Хадис ушундай түшүнүлөт. Анткени Китепти ээрчүүгө буйрулгандай сүннөттү ээрчүүгө буюрулганбыз.

﴿وَمَا آتَاكُمُ الرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَاكُمْ عَنْهُ فَانْتَهُوا

(Пайгамбар силерге эмне алып келсе аны алгыла, эмнеден тыйса андан тыйылгыла) Хашр сүрөсү 7.

2- Макала ээси хадисти четке каккандай хадисти четке кагуу- адамдын каалоосуна, анын маанисин түшүнүүдөн кабарсыздыгынан же өзүндөгү жек көрүү муктаждыгынан келип чыкпайт... Тескерисинче, хадис алуу же четке кагуу хадис илимдеринде жана фикх негиздеринде келген таризде жүргүзүлөт. Бул нерсе кулагы угуп жүрөгү туя турган ар бир адам үчүн хадис илиминде ачык баяндалган:

Хадис риваят жана дираят ( илим) тарабынан четке кагылат. Үчүнчү шахсия китебинде бул тема тууралу мындай келген:

Ахад кабарды кабыл алуу шарттары:

Ахад кабар риваят жана илим ( дираят) шарттарын толук аткарган болсо кабыл болот. Ал эми ахад риваятты кабыл алуу шарттарына келсек, риваят кылуучу мусулман, бойго жеткен, акыл-эси ордунда, чынчыл жалган айтпаган күнөө иштерден сактанган таква болушу, укканын так даана билип кандай укса ошондой кылып алымча кошумча кылбастан жеткирген адам болушу керек. хадисти уккандан жеткиргенге чейин эсинде так сакташы керек. Негизги усул аалымдары жана хадис терминологиясынын аалымдары риваяттын шарттарын кеңири такташкан. Хадисчилердин алардын риваятчыларынын таарыхында- ар бир риваятчы жана анда бул сыпаттардын деталдуу түрдө тастыкталгандыгын ачык баяндалган.

Ахад кабарын дираят (илим) тарабынан кабыл алуунун шарттарына келсек, ал өзүнөн күчтүү эсептелген аятка же мутаватир хадиске же белгилүү (машхуур) хадиске карама-каршы келбөөсү керек. Жыйынтыктап айтканда, эгер ахад кабар Куран аятына, мутаватир хадиске, белгилүү хадиске карама каршы келсе же Куранда же мутаватир хадисте же белгилүү хадисте ачык айтылган бир иллетке карама-каршы келсе, анда ахад хадис дираят тарабынан кабыл алынбайт. Эгер каршы

келбесе ахад кабар кабыл алынат. Эгер ахад кабар кыяска каршы келсе хадис кабыл алынып кыяс четке кагылат. Цитата бүттү.

Эгер адам ахад хадисти алаарын же четке кагарын билбесе.

فالرسول ﷺ يقول: «أَلَا سَأَلُوا إِذْ لَمْ يَعْلَمُوا فَإِنَّمَا شِفَاءُ الْعِيِّ السُّؤَالُ» أخرجه أبو داود.

Пайгамбар саллаллаху алейхи уа саллам айтат: “Билбесе сурашпайбы, анткени билбестиктин дабаасы – суроо”. Абу Дауд риваяты.

Аллахтан жана анын Элчисинен корккон акыл-эстүү адам хадисти каралап жамандабай, шылдыңдабай ушундай кылат, антпесе ал үчүн чоң өтө күнөө болот.

Бул жерде макаланын автору сындап шылдыңдаган хадиске мисал катары токтолуп макаланын автору түшө жаман абалды баяндап өтөбүз:

Макаланын автору- Муслим өзүнүн сахихинде риваят кылынган: Пайгамбарыбызга ага Аллахтын салам-салаваты болсун кадыр түн убактысы көрсөтүлүп, анан унутуп калганы тууралуу хадисти шылдыңга алган. Ал минитип айткан: Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам кадыр түндүн убактсын кантип унутсун? Аллах Таала айтат:

﴿سَنُقْرِئُكَ فَلَا تَنْسَى * إِلَّا مَا شَاءَ اللَّهُ﴾

( Биз сага окуйбуз, андыктан Аллах каалагандан башкасын унутпагын) дегени: Биз сага окуйбуз ошондо сен аны эч качан унутпайсың дегенди билдирет ...) аьла сүрөсү 6.

Бул адам эмне айтып жатканын өзү түшүнгөн эмес! Аят Курани Карим жөнүндө айтылып жатат. Аллах Таала курани каримди Пайгамбар саллаллаху алейхи уа салламга Жабреил алейхи салам аркылуу окутту ал аны жаттап эч качан унутпады. Бул аяттын тафсириинде:

А- Куртубийдин тафсири (20/18)

Алла Таала айтты ﴿سَنُقْرِئُكَ﴾ ( куранды сага окуйбуз) эй Мухаммад сага үйрөтөбүз) ﴿فَلَا تَنْسَى﴾ аны жатта Ибн Вахб Маликтен риваят кылган. Бул Аллах Тааланын элчисине ачык-айкын белги берген сүйүнчүсү. Жабраил алейхиссалам ага вахийден эмнени окуса ошону жаттап алган. Пайгамбар с.а.в. сабатсыз жазганды да, окубаганды да билген эмес....)

Б- Табаринин тафсири (24/ 370)

﴿سَنُقْرِئُكَ فَلَا تَنْسَى * إِلَّا مَا شَاءَ اللَّهُ﴾

( Биз сага окуйбуз, андыктан Аллах каалагандан башкасын унутпагын)

Аллах Таала айтат: Оо, Мухаммад, биз сага бул Куранды окуйбуз, Аллах каалгандан башкасын унутпа. Тафсирчилер:

﴿فَلَا تَنْسَى * إِلَّا مَا شَاءَ اللَّهُ﴾

“Аллах каалагандан башкасын унутпа” деген сөзүнүн маанисинде кайчы пикирде болушту. Алардын кээ бирлери: “Бул Аллах Пайгамбары, саллаллаху алейхи уа салламга бул Куранды үйрөтүп жана жаттатып койгону жөнүндө кабар. Анткени аны окууга шашуудан Аллах тыйган дешти.

كما قال جلّ ثناؤه: ﴿لا تُحَرّكْ بِهِ لِسَانَكَ لِتَعْجَلَ بِهِ إِنَّ عَلَيْنَا جَمْعَهُ وَقُرْآنَهُ﴾

Алла Таала айткан: (Аны тездетүү (куранды окуу) үчүн тилиңди кыймылдатпа, анткени аны сага жыйноо жана окуу биздин мойнубузда) кыямат сүрөсү 16.17.

Демек бул эки тафсирден башка тафсирлерде жогоруда айтылган аят Курани Карим жөнүндө экендиги баяндалган. Курандан башка иштерди Аллах өзүнүн Элчиси саллаллаху алейхи уа саламга карата хикмат үчүн унутуруп коюшу мүмкүн.

عَنْ أَبِي سَعِيدٍ الْخُدْرِيِّ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ قَالَ: اعْتَكَفَ رَسُولُ اللهِ ﷺ الْعَشْرَ الأَوْسَطَ مِنْ رَمَضَانَ يَلْتَمِسُ لَيْلَةَ الْقَدْرِ قَبْلَ أَنْ تُبَانَ لَهُ فَلَمَّا انْقَضَيْنَ أَمَرَ بِالْبِنَاءِ فَقُوِّضَ ثُمَّ أُبِينَتْ لَهُ أَنَّهَا فِي الْعَشْرِ الأَوَاخِرِ فَأَمَرَ بِالْبِنَاءِ فَأُعِيدَ ثُمَّ خَرَجَ عَلَى النَّاسِ فَقَالَ: «يَا أَيُّهَا النَّاسُ إِنَّهَا كَانَتْ أُبِينَتْ لِي لَيْلَةُ الْقَدْرِ وَإِنِّي خَرَجْتُ لأُخْبِرَكُمْ بِهَا فَجَاءَ رَجُلاَنِ يَحْتَقَّانِ مَعَهُمَا الشَّيْطَانُ فَنُسِّيتُهَا فَالْتَمِسُوهَا فِي الْعَشْرِ الأَوَاخِرِ مِنْ رَمَضَانَ الْتَمِسُوهَا فِي التَّاسِعَةِ وَالسَّابِعَةِ وَالْخَامِسَةِ»، قَالَ قُلْتُ يَا أَبَا سَعِيدٍ إِنَّكُمْ أَعْلَمُ بِالْعَدَدِ مِنَّا قَالَ أَجَلْ نَحْنُ أَحَقُّ بِذَلِكَ مِنْكُمْ قَالَ قُلْتُ مَا التَّاسِعَةُ وَالسَّابِعَةُ وَالْخَامِسَةُ قَالَ إِذَا مَضَتْ وَاحِدَةٌ وَعِشْرُونَ فَالَّتِي تَلِيهَا ثِنْتَيْنِ وَعِشْرِينَ وَهِيَ التَّاسِعَةُ فَإِذَا مَضَتْ ثَلاثٌ وَعِشْرُونَ فَالَّتِي تَلِيهَا السَّابِعَةُ فَإِذَا مَضَى خَمْسٌ وَعِشْرُونَ فَالَّتِي تَلِيهَا الْخَامِسَةُ،

Муслимдин сахихинде риваят кылынган хадистин тексти Абу Саид аль-Худри Аллах андан ыраазы болсун риваят кылат. "Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам кадыр түн ага ачык боло электе Рамазан айынын ортоңку он күнүндө этикафка кирип кадыр түндү издеди. Качан ортоңку он күндүк бүткөндө өзү этикафта отурган чатырды чечүүнү буйруду. Анан кадыр түн акыркы он күндө экени билингенде чатырды кайра тигүүнү буйруду кийин адамдарга чыгып мындай деди: "Оо, адамдар мага Кадыр түн убактысы ачыкталды мен силерге аны айтуу үчүн чыктым. Жаңжалдашкан эки киши келди алар менен кошо шайтан да келди мен аны унутуп калдым. Андыктан аны Рамазандын акыркы он күнүндө издегиле тогузунчу, жетинчи жана бешинчи күндөрдө издегиле". Ал айтты: Эй Абу Саид, сен санды бизден көбүрөөк билесиң. Ал айтты: Ооба, биз буга силерден татыктуубуз.- деди. Ал айтты: Тогузунчу, жетинчи жана бешинчи деген эмне? дедим, ал айтты: Жыйырма биринчи өткөндө, жыйырма эки анын артынан ээрчийт, бул тогузунчу. Андан кийин жыйырма үчүнчүсү өткөндө, жетинчиси келет.Андан кийин жыйырма беши өткөндө бешинчиси келет". деди.

Ибн Халлад: экөө бири-бири менен урушкан деген сөздүн ордуна жаңжалдашкан - деди.

رواه البخاري مختصراً عن عبادة بن الصامت أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ خَرَجَ يُخْبِرُ بِلَيْلَةِ القَدْرِ، فَتَلاَحَى رَجُلاَنِ مِنَ المُسْلِمِينَ فَقَالَ: «إِنِّي خَرَجْتُ لِأُخْبِرَكُمْ بِلَيْلَةِ القَدْرِ، وَإِنَّهُ تَلاَحَى فُلاَنٌ وَفُلاَنٌ، فَرُفِعَتْ، وَعَسَى أَنْ يَكُونَ خَيْراً لَكُمْ، التَمِسُوهَا فِي السَّبْعِ وَالتِّسْعِ وَالخَمْسِ»،

Бул хадисти Аль-Бухари Убада бин Ас-Сомиттен кыскача риваят кылган: Алланын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам кадыр түндүн убактысын жарыялоо үчүн чыкты Анан эки мусулман киши урушушту:

Пайгамбар с.а.в. айтты "Мен силерге Кадыр түндү айтып берүү үчүн чыктым, баланча, баланча менен урушту. Ал менден көтөрүлүп кетти. Бул силерге жакшы болмок аны жетиде, тогузда жана беште издегиле".

Фатхул-Бариде Ибн Хажар хадистин түшүндүрмөсүндө мындай дейт: Пайгамбар с.а.в. Кадыр түндү жарыялоо үчүн чыктым дегени анын качан болоору тууралуу айтууга чыккандыгын билдирет. Талашып-тартышуу деген ат-талахи сөзүнөн келип чыккан жаңжалдашууну билдирет. Анын менден көтөрүлдү дегени, башкача айтканда анын кайсы учурда болоору эсимден чыгып кетти. Ушул таяныла турган нерсе себеби Муслим риваятындагы Абу Саиддин хадисинен бул окуя тастыкталган. Башкача айтканда "экөө бири бири менен талашып тартышты алар менен кошо шайтан да болду. Анан мен кадыр түндүн качан болоорун унутуп калдым". Казы Ияаз - бул окуяда талаш-тартыш айыптуу иш экенине далилдер бар экенин жана бул моралдык жазага себеп болгонун айтты. Башкача айтканда талаш- тартыш бар жерде шайтан ойноорун жана ал жерден береке жакшылыктын көтөрүлөрүнө далил экендигин айтты.... бүтү

Хадиске кылдаттык менен карасак, Пайгамбарыбыз саллаллаху алейхи уа саллам Рамазан айында кадыр түн качан болоорун билбегени белгилүү болот. Ага Аллахтын салам-салаваттары болсун, Рамазан айынын орто он күндүгүндө Кадыр түндү издеп этикаф кылды. Кийин ал этикаф кылып отурган чатырын чечүүнү буйруду. Кийин ага кадыр түн Рамазан айынын акыркы он күнүндө экендиги белгилүү болгондо аны адамдарга билдирүү үчүн чыкты. Анан эки мусулман киши талашып-тартышып жаңжалдашкандыктан, Расулулла кадыр түндүн убактысын унутуп койду. Аны рамазандын акыркы он күндүгүндө издөөнү адамдарга буйруду... Пайгамбарыбыз саллаллаху алейхи уа саллам аны унутуп койгон себеби бул эки кишинин жаңжалдашкандыгы болгондугун айтты. Жогоруда хадистин түшүндүрмөсү менен ишарат кылынгандай исламда талашып-тартышуу пикир келишпестиктин канчалык олуттуу коркунуч экендигин жана жазага кириптер кылаарын көргөзүп турат. Ушул сыяктуу эле кадыр түндүн Рамазан айынын акыркы он күндүгүнө ылайыктуу болгондугунда хикмат бар. Анткени адамдар рамазандын акыр жагында шалдырап калбаштыктары үчүн ушундай хикмат катылган. Кадыр түн ачык болбостон анын акыркы он күндүктүн биринде катылышы адамдарды акыркы он күндүктө күчтүү аракетке түртөт жана ошону менен бирге алар жалпы жакшылыкка жетишет. Ан-Насафи өзүнүн тафсиринде жакшы айткан: Кадыр түндүн убактысынын жашырылышынын себеби, мүмкүн аны каалагандар андагы жашырылган жакшылыкка жетүүну издеп көп түндөрдү өткөрүшөт. Бул орто

намаздын, Аллахтын эң улуу ысымынын жана жума күнү дуа кабыл боло турган саатын жашырылышы сыяктуу иш...

Мындай хикмат катылган хадиске карата макаланын автору кандай жооп кайтара алат? Хикмат бар иште Пайгамбар с.а.в дын унутуп калышынын эмнеси туура эмес? Макаланын автору кадыр түн тууралуу хадистерди четке какканга чейин ушул себеп жана бул хикматты көз жаздымда калтырганы анык көрүнүп турат.

Демек ар бир хадис каалоо, наадандык себебтүү же Ислам жана мусулмандарды жек көрүү үчүн четке кагылбайт. Балким хадис аалымдарынан туура негизде окуп үйрөнүлөт эгер билбесе Пайгмбар с.а.в. хадисинде айтылгандай билгендерден сураш керек:

فالرسول ﷺ يقول: «أَلَا سَأَلُوا إِذْ لَمْ يَعْلَمُوا فَإِنَّمَا شِفَاءُ الْعِيِّ السُّؤَالُ» أخرجه أبو داود.

Пайгамбар саллаллаху алейхи уа саллам айтат: “Билбесе сурашпайбы, анткени билбестиктин дабаасы – суроо”. Абу Дауд риваяты.

Төртүнчүсү: Жогоруда айтылгандардын бардыгынан көрүнүп тургандай, макаланын авторунун накл кылынган риваят,тафсир, окуялар илиминен эч кандай үлүшү жок экени белгилүү болот. Хадис илими да жана фикх илими да жок экендиги айкын болот. Ал нерселерди туура тараза менен таразалай албайт жана ишти түз жолго сала албайт. Тескерисинче ал мусулмандар арасында динге жана анын пайдубалына, шакчаларына карата шек күмөн жаратып, динди бузууга аракет кылып жаткандыгы анын пикиринен көрүнүп турат. Эгерде суроо берүүчү анын сөздөрү тууралуу сурабаганда, биз анын адашууларына жооп берүү менен алек болмок эмеспиз. Жыйынтыктап айтканда, Аллах Тааладан динге каршы кутумчулардын айла-амалынын мизин кайтарып, үммөттү алардын жамандыктарынан сактоосун сурайбыз. Диндин даражасын көтөрүп момундарга жардам берүүсүн, каапырлардын, мунафыктардын жана күмөн санаган карасанатайлардын отун өчүрүүсүн Аллахтан сурайбыз.

8-рамазан, 1444-х.
30-март, 2023-м.

# Жөөт вужудун жок кылуу үчүн дуба кылуу тууралуу

**Суроо**: ассаламу алейкум уа рахматуллохи уа баракатуху. Аллах сизди кайсы жерде болсо да Өз коргоосунда сактасын. Мен сизден ушул аят жөнүндө сурайын дегем. Аллах Субханаху ва Таала айтат:

وَإِذَا سَأَلَكَ عِبَادِيْ عَنِّيْ فَإِنِّيْ قَرِيْبٌ ۖ أُجِيْبُ دَعْوَةَ الدَّاعِ إِذَا دَعَانِ فَلْيَسْتَجِيبُوا لِيْ وَلْيُؤْمِنُوْا بِيْ لَعَلَّهُمْ يَرْشُدُوْنَ

«Эгер пенделерим сенден Мен тууралуу сурашса, “Мен жакынмын. Качан Мага дуба кылса, дубасын кабыл кылам. Мага да жооп кылышсын! Мага ыйман келтиришсин! Мүмкүн алар туура жолду табышаар», - дегин». (Бакара: 186).

Аллах адамдын бардык дубаларына жооп берет деген чынбы? Аллах жооп бербеген дуба барбы? Кээ бирөөлөр сурашат, биз “израил”ди Аллахтан жок кылсын деп дуба кылдык, бирок эмне үчүн алар дагы эле күчтүү жана Газага чабуулун улантууда? Жообуңуз үчүн рахмат, Аллах сизди эң жакшы жооп бергениңизге улуу сыйлыктарды берсин. Вассаламу алейкум уа рахматуллохи уа баракатуху.

**Жооп**: уа алайкум ассалам уа рахматуллоохи уа баркаатуху.

Дуба жөнүндө билишиңиз керек болгон төмөнкү нерселер бар:

Аллах Тааланын Китеби жана Расулунун сүннөтүндө айтылгандай: Момун адам тууганчылык байланышын үзбөй Аллахка чын жүрөктөн дуба кылса, Аллах Таала ага үч нерсенин бири менен жооп берет.

Аллах Таала дуба кылуучу дуба кылганда дубасына жооп берип, муктаждыгын чечет.

﴿وَقَالَ رَبُّكُمُ ادْعُونِي أَسْتَجِبْ لَكُمْ﴾ [غافر: 60]

“Жана Раббиң айтты: “Мага дуба кылгыла, мен силерге жооп беремин” (Гафир: 60).

وَإِذَا سَأَلَكَ عِبَادِيْ عَنِّيْ فَإِنِّيْ قَرِيْبٌ ۖ أُجِيْبُ دَعْوَةَ الدَّاعِ إِذَا دَعَانِ فَلْيَسْتَجِيبُوا لِيْ وَلْيُؤْمِنُوْا بِيْ لَعَلَّهُمْ يَرْشُدُوْنَ

“Эгер пенделерим сенден Мен тууралуу сурашса, “Мен жакынмын. Качан Мага дуба кылса, дубасын кабыл кылам. Мага да жооп кылышсын! Мага ыйман келтиришсин! Мүмкүн алар туура жолду табышаар», - дегин).

(Бакара: 186).

﴿أَمَّنْ يُجِيبُ الْمُضْطَرَّ إِذَا دَعَاهُ وَيَكْشِفُ السُّوءَ﴾ [النمل: 62]

“Ага кайрылганда запкы чеккенге жооп берген, жамандыкты кетирген” (Намл: 62).

Бирок дубага жооп кайтарылуусунда Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) баяндаган чындык бар:

«مَا مِنْ مُسْلِمٍ يَدْعُو اللهَ عَزَّ وَجَلَّ بِدَعْوَةٍ لَيْسَ فِيهَا إِثْمٌ وَلَا قَطِيعَةُ رَحِمٍ، إِلَّا أَعْطَاهُ اللَّهُ بِهَا إِحْدَى ثَلَاثِ خِصَالٍ: إِمَّا أَنْ يُعَجِّلَ لَهُ دَعْوَتَهُ، وَإِمَّا أَنْ يَدَّخِرَهَا لَهُ فِي الْآخِرَةِ، وَإِمَّا أَنْ يَصْرِفَ عَنْهُ مِنَ السُّوءِ مِثْلَهَا. قَالُوا: إِذًا نُكْثِرُ. قَالَ: اللهُ أَكْثَرُ». أخرجه أحمد 3/18

"Мусулман адам Аллах Таалага күнөөдөн башкага жана тууганчылык мамилесин үзбөгөн абалда дуба кылса, Аллах ага үч нерсенин бири менен жооп берет: "Же анын дубасына жоопту тездетет, же аны акыретке камдап коёт, же дубасынын көлөмүндө андан бир жамандыкты кайтарат. Алар (сахаабалар): биз аны көбөйтөбүз дешти. Пайгамбар (с.а.в) "Аллах көбөйтүүчүрөөк",- деди. (Ахмад риваяты 3/18).

«لَا يَزَالُ يُسْتَجَابُ لِلْعَبْدِ مَا لَمْ يَدْعُ بِإِثْمٍ أَوْ قَطِيعَةِ رَحِمٍ مَا لَمْ يَسْتَعْجِلْ. قِيلَ: يَا رَسُولَ اللهِ، مَا الِاسْتِعْجَالُ؟ قَالَ: يَقُولُ قَدْ دَعَوْتُ وَقَدْ دَعَوْتُ فَلَمْ أَرَ يَسْتَجِيبُ لِي فَيَسْتَحْسِرُ عِنْدَ ذَلِكَ وَيَدَعُ الدُّعَاءَ». أخرجه مسلم 4918

"Пенде күнөө үчүн дуба кылбаса (арам нерсеге дуба кылбаса) тууганчылык байланышын үзбөсө, шашпаса дубасы кабыл болот. Айтылды: "Оо, Аллахтын Элчиси шашпаса деген эмне?". Ал айтты: "Дуба кылдым, дуба кылдым, бирок Анын мага жооп бергенин көргөн жокмун", - дейт да, кийин кайгырып дуба кылууну таштайт". (Муслим 4918).

Биз Аллах Таалага дуба кылууда, эгер чынчыл, ыкластуу жана моюн сунуучу абалда болсок, анда Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) түшүндүргөн мааниде Аллах жооп берерине ишенебиз.

Дуба бардык учурда максатка жетүү үчүн шаръий жол эмес. Дуба кылуу мандуб амал, кылса сооп алат. Бирок, бул согуштарда жеңишке жетүүнүн же мамлекет куруунун жолу эмес...

Пайгамбар (саллаллаху алейхи уа саллам) Бадрда аскерлерди даярдап, аларды өз ордуларына жайгаштырып, аларды согушка өтө жакшы даярдады. Андан соң чатырына кирип Аллахтан жеңиш тилеп, көп дуба кыла баштады. Ал тургай, Абу Бакр (радыяллаху анху) ага: "Ушунун кээ бирлери сага жетиштүү эй Аллахтын Элчиси", - деп айтканга чейин дуба кылды. (Ибн Хишам 626/2).

Дуба себептерди кылууну жокко чыгаруу дегенди билдирбейт. Тескерисинче, аны менен бирге жүрүүгө мүнөздүү амал. Башкача айтканда себептерди кылуу менен бирге дуба кылуу зарыл. Ошондой эле, ким Халифалыктын кайра тикеленүүсүн кааласа, ага жетүү үчүн Раббисине дуба кылуу менен чектелбей, тескерисинче, аны тикелөө үчүн аракет кылгандар менен бирге амал кылып, Аллахтан ага жардам сурап, анын ишке ашуусун тездетүү үчүн дуба кылуусу зарыл. Аллахка чын ыкластан дуба кылууда өжөрлүк кылат жана себептерин кошо аткарат. Ошондуктан, адам бардык иштерин Аллахка арнайт жана Аллахтын Элчисине (саллаллаху алейхи уа саллам) чынчыл болот. О.э дуба кылууда өжөрлүк кылат. Аллах – Угуучу жана Кабыл кылуучу.

Биз мурда мындай суроого хижрий 1432-жылы, Зул-каада айынын төртүндө, миладий 2011-жылдын 10-январында жооп бергенбиз. Анда мындай деп айтылган:

“... Себептерди кылуу менен катар дуба кылууга келсек, бул натыйжаларга жетүүгө таасирин тийгизет. Бул жол Пайгамбар (саллаллаху алейхи уа саллам) жана анын сахабалары (Аллах алардан ыраазы болсун) карманган жол. Пайгамбар (саллаллаху алейхи уа саллам) кошуунду даярдап, анан чатырына кирип дуба кылды...

“Аль-Кодисия” согушунда мусулмандар дарыядан өтүүгө даярданышты, анан Сааьд (Аллах андан ыраазы болсун) Аллахка жүздөнүп дуба кылды... Ошондуктан, чыныгы момундар кошуун даярдыгын даярдоо менен бирге дуба кылышкан. Ырыскы издеген адам талыкпай эмгектенүү менен бирге дуба кылат. Студент окуп, талыкпай эмгектенүү менен бирге Аллахтан ийгилик тилеп дуба кылат. Дуба кылууда ушундай жол тутулса анын натыйжасы болот ин шаа Аллах. Башкача айтканда, себептерди кылуу менен бирге дуба кылуу шарт.

“Хизб ут Тахрир Түшүнүктөрү” китебинин 39-бетинде мындай деп келген: Бирок, маалым болушу зарыл болгон нерсе, тарыйкатка далалат кылган иш сезиле турган натыйжага ээ болгон материалдык иш болсо да, бул иш Алланын буйрук-кайтарууларынын негизинде жүргүзүлүшү жана аны Алланын буйрук-кайтарууларынын негизинде жүргүзүүдөн Аланын ыраазылыгы көздөлүшү керек. О.э. мусулмандын зээнинде Алла Таалага байланыштуулукту билүү үстөм болушу зарыл. Ал ушуну менен Аллага Куран окуу, намазды аткаруу, дуба кылуу жана ушул сыяктуу иштер менен жакын болсун. Мусулман жеңиш Алла Таала тарабынан келет деп этикад кылышы лаазым. Ошондуктан, дилдерде Алланын өкүмдөрүн ишке ашыруу үчүн бекем орношкон такыбаалык болушу зарыл. Ушуну менен бирге, дуба кылуу, Алланы эстөө зарыл жана бардык иштерди аткаруу учурунда Алла менен үзгүлтүксүз түрдө байлануу зарыл.

Бул пикирлер тарыйкат жөнүндө, ал сөзсүз баш ийишибиз жана каршы чыкпашыбыз керек болгон Шаръий Өкүмдөр экендиги жөнүндө. О.э. бул пикирлер иштер жөнүндө жана алар сезиле турган натыйжаларды жүзөгө чыгара турган иштер экендиги жөнүндө”.

Себепти кылуу менен бирге дуба кылуу, жогоруда айткандай, Пайгамбар (саллаллаху алейхи уа саллам) жана анын сахабалары, Аллах алардан ыраазы болсун жана момундар туткан жол. Бул эки иш бирге кылынса натыйжага жетүүгө таасири болот ин шаа Аллах.

Экөөнү бирге кылуу ислам тарыйкатына каршы келбейт. Тескерисинче, исламий фикратты ишке ашыруу үчүн нусустарда көрсөткөн тарыйкатсыз жалаң гана дуба кылууга чектелүү жолу ислам тарыйкатына каршы келет...”

Сиздин суроонузда яхудий вужудун жок кылуу үчүн дуба кылуу тууралуу айтылган... Бул учурда жалаң гана дуба кылууга чектелүү жетишсиз, тескерисинче, Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) жана анын сахабалары туткан жол сыяктуу, жөөттөр менен согушуп жаткан мамлекеттин кошууну, дуба менен бирге болушу керек. Аллах жардам берүүчү.

4-робиус-саани, 1446-х.
7-октябрь, 2024-м.

## Зыяратчынын таш ата турган учуру

**Суроо**: ассаламу алайкум уа рахматуллоохи уа баракатуху. Саламатсызбы урматтуу амирибиз? Жараткандан жакшылык тилеп, фатх эшиктерин ачып, сизге жакшылыктарды тартуулоосун суранам... Аамиин. Кудай буйруса быйыл ажылыкка барууга ниетим бар, Жамаратта шайтан алейхи наалага таш атуу боюнча суроом бар. Түн ортосуна чейин биринчи жолу таш атып, ошол жерде калып, түн жарымынан кийин экинчи жолу таш аткандар бар. Менин оюмча, бул туура эмес. Ошондуктан, ажылык кылуучу ошол күнү күн батканга чейин таш атып, анан күн баткандан кийин экинчи жолу таш атуу керек деп ойлойм, бул туурабы? Аллах ыраазы болсун, кадамыңызды акыйкатка багыттасын.

**Жооп**: уа алайкум ассалам уа рахматуллоохи уа баракаатуху.

Биринчиден, Жараткан Алладан жолуңузду жеңил кылуусун жана кабыл болгон ажылыкты жазуусун, ал аркылуу Аллах Таала сизди кечирүүсүн тилейм. Ажылыкка баруудан мурда анын жоболорун жакшылап үйрөнүүңүздү сизге насаат кылам. Ажылыктын өкүмдөрү тууралуу кеп кылынган көптөгөн китептер бар жана кээ бир аалымдар тарабынан ажылык жана анын өкүмдөрү тууралуу кеңири сабактар жана түшүндүрмөлөр, сүрөттөөлөр менен коштолгон. Ажылык учурунда дагы адистерге кайрылып, сизди эмне түйшөлтүп жатканын сурасаңыз болот, алар ал жакта көп...

Сурооңузга жооп:

Зул-хижжа айынын онунчу күнү Курман айт күнү таш ыргытуу Айттын биринчи күнү. Ошондой эле бул ташрик күндөрүндө б.а. Зул-Хижжанын он биринчи, он экинчи жана он үчүнчү күндөрүндө да болот. Тагыраагы айттын экинчи, үчүнчү жана төртүнчү күндөрү. Зул-хижжа айынын он үчүнчү күнү, айттын төртүнчү күнү шайтан алейхи нааланы таш бараңга алууга шашылбагандар үчүн. Ал эми, шашып жаткандар үчүн шайтан алейхи нааланы таш бараңга алуу айт күнү жана андан кийинки эки күн, тагыраагы, зул-хижжанын он биринчи жана он экинчи күнү болгон ташрик күндөрү жасалат...

Ал эми, таш бараңга алуунун башталышы жана аягы тууралуу эң ыктымалдуу пикир (башка пикирлер да бар) төмөнкүдөй:

А) Ыргытуунун башталышы:

Айт күнү Чоң Жамратул-Акабада жети таш менен гана таш бараңга алынат жана башка таш ыргытылбайт. Аны ыргытуунун эң жакшы учуру – Пайгамбар (с.а.в.)ды туурап Курмандык күнү эртең менен кылынат. Аль-Бухари өзүнүн "Сахихинде" Жабирден (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылат. Ал айтты:

رَمَى النَّبِيُّ ﷺ يَوْمَ النَّحْرِ ضُحًى وَرَمَى بَعْدَ ذَلِكَ بَعْدَ الزَّوَالِ»

“Пайгамбар (саллаллаху алейхи уа саллам) курмандык күнү эртең менен таш бараңга алган, ал эми кийинкисин түштөн кийин кылган”.

وفي رواية مسلم» :رَمَى رَسُولُ اللهِ ﷺ الْجَمْرَةَ يَوْمَ النَّحْرِ ضُحًى وَأَمَّا بَعْدُ فَإِذَا زَالَتْ الشَّمْسُ

Муслимдин риваятында, Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) Курмандык күнү Жамаратта эртең менен таш ыргыткан, кийинкисин күн оогондон кийин аткан.

ولما رواه الترمذي في سننه عَنْ ابْنِ عَبَّاسٍ »أَنَّ النَّبِيَّ ﷺ قَدَّمَ ضَعَفَةَ أَهْلِهِ وَقَالَ لَا تَرْمُوا الْجَمْرَةَ حَتَّى تَطْلُعَ الشَّمْسُ

Тирмизи өзүнүн “Сунанында” Ибн Аббастан риваят кылат: “Пайгамбар (саллаллаху алейхи уа саллам) үй-бүлөсүнүн алсыздарын алдыга өткөрүп: “Күн чыкканга чейин Жамаратта таш атпагыла”, - деди. Абу Иса Ибн Аббастын хадисин хасан сахих хадис деген.

Ал эми, үч ташрик күндөрүндө таш бараңга алуу түштөн кийин башталышы тууралуу менин үстөм пикирим төмөнкүчө:

Аль-Бухари өзүнүн “Сахихинде” Жабирден (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылып айтты:

رَمَى النَّبِيُّ ﷺ يَوْمَ النَّحْرِ ضُحًى وَرَمَى بَعْدَ ذَلِكَ بَعْدَ الزَّوَالِ»

“Пайгамбар (саллаллаху алейхи уа саллам) курмандык күнү эртең менен таш ыргыткан, ал эми кийинкисин түштөн кийин ыргыткан”.

وفي رواية مسلم» :رَمَى رَسُولُ اللهِ ﷺ الْجَمْرَةَ يَوْمَ النَّحْرِ ضُحًى وَأَمَّا بَعْدُ فَإِذَا زَالَتْ الشَّمْسُ

Муслимдин риваятында, Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) Курмандык күнү Жамаратта эртең менен таш бараңга алды, андан кийин күн оогондон кийин ыргытты” деп келген.

وقد روى أبو داود في سننه عَنْ عَائِشَةَ قَالَتْ» :أَفَاضَ رَسُولُ اللهِ ﷺ مِنْ آخِرِ يَوْمِهِ حِينَ صَلَّى الظُّهْرَ ثُمَّ رَجَعَ إِلَى مِنًى فَمَكَثَ بِهَا لَيَالِيَ أَيَّامِ التَّشْرِيقِ يَرْمِي الْجَمْرَةَ إِذَا زَالَتْ الشَّمْسُ كُلُّ جَمْرَةٍ بِسَبْعِ حَصَيَاتٍ يُكَبِّرُ مَعَ كُلِّ حَصَاةٍ وَيَقِفُ عِنْدَ الْأُولَى وَالثَّانِيَةِ فَيُطِيلُ الْقِيَامَ وَيَتَضَرَّعُ وَيَرْمِي الثَّالِثَةَ وَلَا يَقِفُ عِنْدَهَا

Абу Дауд “Сунанында” Айша энебизден риваят кылган хадисте: “Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) зыярат тавафын кылып келгенден кийин күндүн акыркы жагында бешим намазын окуду. Анан Минага кайтып келип, ошол жерде калып ташрик күндөрүн түнүн да ошол жерде өткөрдү. Күн түштөн оогондон кийин ар бир жамаратта жети таш ыргытып ар бир ыргытканда Аллооху акбар деп такбир айтып ыргытты. Биринчи таш ыргытуу менен экинчи таш ыргыткандын ортосунда узак кыямда (тик туруп) туруп Аллахка жалбарып дуба кылды. Үчүнчү жолу таш ыргыткандан кийин кыямга турган жок”. Ибн Кудаманын “Аль-Мугни”синде (3/399) таш атуу күнү түшкө чейин жана түштөн кийин экендиги тууралуу “Ташрик күндөр таш атуу бөлүмүндө” айтылган (2569-бөлүм).

“Ташрик күндөрү түштөн кийин гана таш атылат, түшкө чейин таш атса ал кайрадан таш атуусу керек. Муну Ибн Умар риваят кылган. Муну Малик, Саврий, Шафиъий, Исхак жана пикир ээлери айтышкан. Хасан жана Атадан риваят кылынган: Исхак менен пикир ээлери жолго чыга турган күнү түшкө чейин таш атууга уруксат беришкен жана түштөн кийин жолго чыгууга уруксат беришкен...

Биздин оюбузча, Пайгамбар (саллаллаху алейхи уа саллам) түштөн кийин гана жамаратта таш аткан. Айша энебиздин сөзү боюнча, Күн оогондон кийин Жамаратты таш бараңга алган. Жабир Пайгамбарыбыздын (Ага Аллахтын салам-салаваты болсун) ажылыгын сыпаттап мындай деди: “Мен Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) Курман айт күнү эртең менен Жамаратта таш атканын көрдүм, андан кийин ал түштөн кийин таш атканын көрдүм”. Пайгамбар (саллаллаху алейхи уа саллам) айтты: «خُذُوا عَنِّي مَنَاسِكَكُمْ» "Менден ырым-жырымыңарды (ажылыктын эреже тартибин) алгыла". Ибн Умар айтты: “Биз бир аз күтчүбүз, күн түш оогондо таш ыргытчубуз. Түштөн кийин каалаган убакта таш ыргытса болот, бирок түш оогондон кийин дароо таш ыргытуу мустахаб”. Ибн Умар айткандай эле Ибн Аббас айтты: “Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) түш оогондо Жамаратта таш ыргытат эле, ыргытып бүткөндө бешим намазын окучу”. Ибн Маажа риваят кылган. Аягы.

Б) Таш Ыргытуу убактысынын бүтүшүнө келсек, эң ыктымалдуу пикир төмөнкүдөй:

Жаматул-Акабаны таш бараңга алуу убактысы Курмандык күнүнөн (айттын биринчи күнү) баштап, айттын экинчи күнү таң атканга чейин созулат. Анткени, Пайгамбар (с.а.в.) түн ичинде таш бараңга алууну да макулдаган. Аль-Бухари өзүнүн “Сахихинде” Ибн Аббастын (Аллах алардан ыраазы болсун) риваятында, мындай деп айткан:

كَانَ النَّبِيُّ ﷺ يُسْأَلُ يَوْمَ النَّحْرِ بِمِنًى فَيَقُولُ»: لَا حَرَجَ «فَسَأَلَهُ رَجُلٌ فَقَالَ حَلَقْتُ قَبْلَ أَنْ أَذْبَحَ قَالَ»: اذْبَحْ وَلَا حَرَجَ «وَقَالَ رَمَيْتُ بَعْدَ مَا أَمْسَيْتُ فَقَالَ»: لَا حَرَجَ«.

“Пайгамбар (саллаллаху алейхи уа саллам)дан минадагы курмандык күнү тууралуу сурашканда, ал: “Эч кандай зыяны жок”, - деди. Бир адам: “Мен курмандык чалуудан мурун чачымды кырдым”, - деди. “Сойо бер, зыяны жок” – деди. Дагы айтты: “мен кечинде таш ыргыттым”. Ага: “эч зыяны жок”, – деп жооп берди.

Ушул сыяктуу эле, Ат-Табарани “Аль-Муъжам аль-Кабирде” Атадан, Ибн Аббастан риваят кылган хадисте Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) койчуларга түндө таш атууга уруксат берген. Ал эми түн таңдын атышы менен бүтөт. Ал эми ташрик күндөрүндө таш бараңга алуунун акыркы убактысына келсек, бул, биз жогоруда жана Аль-Бухари

“Сахихинде” риваят кылгандай, кийинки күндүн (айттын экинчи күнүнүн) таңы.

В) Мындан башкасы шашкандар үчүн айттын үчүнчү күнү истисна болот. Демек, айттын үчүнчү күнү күн батып төртүнчү күнгө өтүп кеткенге чейин шашкандар үчүн таш бараңга алуунун акыркы убактысы күн батканга чейин болот. Эгер шашкан адам ал дагы эле Минада турганда төртүнчү күнгө кирсе жана андан ал чыгып кете элек болсо, анда ал Минада төртүнчү күнгө чейин калышы керек. Айттын төртүнчү күнү да кирбейт, анткени таш бараңга алуунун акыркы күнү күн батканга чейин болот.

Жогорудагылардан маалым болгондой, суроонузда айтылган нерсе туура келбейт:

А) Сиз айтып жатасыз: “түн ортосуна чейин биринчи жолу таш атып, ошол жерде калып, түн жарымынан кийин экинчи жолу таш аткандар бар. Менин оюмча, бул туура эмес. Ошондуктан ажылык кылуучу ошол күнү күн батканга чейин таш атып, анан күн баткандан кийин экинчи жолу таш атуу керек” деп. Мында, ташрик күндөрүндө таш бараңга алуу дегениңиз ачык көрүнүп турат. Сиздин оюңузча, биринчи сүрөттөлүш, ташриктин биринчи күнү, тагыраагы, Зул-Хижжанын он биринчи күнү түн жарымына чейин таш ыргытат. Бул ыргытуу туура. Ал эми, Зул-хижжанын он биринчи күнү түн жарымынан кийин таш бараңга алуу туура эмес. Анткени Зуль-хижжанын он экинчи күнү түшкө чейин болуп калды... жана ташриктин башка күндөрү ушундай болду .

Б) сиздин оюуңуз боюнча экинчи сүрөттөлүш, ал Зул-Хижжанын он биринчи күнү. Ташрик күндөрүнүн биринчи күнү күн батар алдында таш ырыгытылат, бул туура ыргытуу. Ал эми зул-хижжанын он биринчи күнү күн баткандан кийин таш бараңга алуу туура эмес. Анткени зул-хижжанын он экинчи күнү түшкө чейинки убакыт болуп калды... Ташриктин калган күндөрү да ушундай болду.

Демек, курмандык күнү жана ташрик күндөрү таш ыргытуунун акыркы убактысы жогоруда (2-б) пунктунда түшүндүрүлгөндөй аткарылат. Ушуну менен маселе түшүнүктүү болду деп үмүттөнөм.

2-зул хижжа, 1445-х.
8-июнь, 2024-м.

## Семиз торпокторду курмандыкка чалуу тууралуу

**Суроо**: бордоп семиртилген торпокторду курмандыкка чалуу.

Урматтуу амирибиз, сизге Аллахтын тынчтыгы, ырайымы жана берекеси болсун. Менин суроом: "Бордоп семиртилген торпоктор эки жашка чыга элек болсо курмандыкка чалса болобу?

**Жооп**: уа алайкум ассалам уа рахматулоохи уа баракаатуху.

Биринчи: Курмандык ибадат болуп саналат жана Аллахтын Элчиси, (саллаллаху алейхи уа саллам) анын шарттарын жана өкүмдөрүн түшүндүрүп берген. Курмандык чалуу шарттарынын арасында анын жашы да бар. Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи васаллам) мындай деди:

«لَا تَذْبَحُوا إِلَّا مُسِنَّةً، إِلَّا أَنْ يَعْسُرَ عَلَيْكُمْ، فَتَذْبَحُوا جَذَعَةً مِنَ الضَّأْنِ» «رواه مسلم»

"Эки жашка жетпеген уйду курбандыкка чалбагыла, эгер силерге кыйынчылык жаратса, алты айлык жаш койду курбандык чалгыла". (Муслим риваяты).

Эки жашка чейинки уйлар семиз жана эттүү болсо, уйларды курмандыкка чалуу туура болот деген аалымдардын пикири туура эмес. Бул доордо саналуу гана фатвачылар эки жашка толо элек уйлар семиз жана эттери көп болсо курмандыкка чалууга болорун айтышкан. Бирок, алардын фатвалары далилдерге карама-каршы келет. Себеби, эки жашка чейинки уйдун союлбашы тууралуу өкүм мурунку салих мужтахид аалымдардын сөздөрү менен бекемделген.

Шарьий нисабдар жана өлчөмдөр иллеттенбейт. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам)дын хадисинде ачык-айкын: «لَا تَذْبَحُوا إِلَّا مُسِنَّةً» "эки жашка толгон гана уйду сойгула" делди. Мындай уй эки жашка чыгып, үчүнчү жылга кирген уйду билдирет. Бул жерде тыюу катъий тыюу болуп саналат. Катъий тыюунун каринасы текстте ачык-айкын көрүнүп турат. Ал эми, кудуретсиз адамга алты айлык койду курбандык чалууга уруксат. Курмандык чалуу ибадат болуп саналат жана башка ибадаттар сыяктуу, шариятта көрсөтүлгөн шарттарга жана себептерге ылайык жасалат. Курмандык ал шарттарга ылайык гана жүрөт.

Экинчи: Түшүнүктөр китебинен, 34-б.

"Ислам түзүмүндө ибадат, адеп-ахлак, тамак-аш, кийим-кече, соода-сатык жана жазаларга байланыштуу шарьий өкүмдөр бар. Ибадаттарга, адеп-ахлакка, тамак-ашка, кийим-кечеге байланыштуу өкүмдөр иллетенбейт. Аллахтын элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) айтты: «حُرِّمَتِ الْخَمْرَةُ لِعَيْنِهَا» "Хамр (арак) арак болгондугу үчүн арам кылынды". Ал эми, алакалар жана жазалар менен байланышкан шарьий өкүмдөр иллеттенет. Анткени, булар боюнча шарий өкүмдүн келип чыгуусу ага

түрткү болгон иллетке негизделген. Көптөгөн адамдар бардык өкүмдөрдү пайдага ылайыктуу кылуу үчүн иллетөөгө көнүшкөн. Батыштын пикирий лидерлиги жана батыш цивилизациясынын таасири астында таза пайда бардык аракеттердин негизине айланды. Бул рухту бардык амалдардын негизи кылган жана аны материя менен аралаштыруу аркылуу амалардарды башкарууну камсыз кылган Исламий пикирий жетекчиликке карама-каршы келет. Демек, ибадаттарга, адеп-ахлакка, тамак-ашка, кийим-кечеге байланыштуу шарьий өкүмдөр мутлак түрдө иллеттенбейт. Анткени, бул өкүмдөрдүн эч кандай иллети жок. Тескерисинче, алар шарьий насста кандай айтылса ошондой алынат, эч кандай иллетке негизделбейт, Намаз, орозо, ажылык, зекет, намаздын кантип окулушу, анын рекеттеринин саны, ажылыктын эреже тартиптери, зекеттин нисабы (үлүштөрү), жана ушул сыяктуулар насста кандай айтылса ошондой кабыл алынат. Анын иллети изделбейт, моюн сунуп кабыл алынат. Балким бул шарьий өкүмдөрдө такыр эле иллет изделбейт.

Демек, курмандыкка чалына турган уй өтө семизби же кичине же чоңбу айырмасы жок анын жашы эске алынат. Себеби, шарьий насста иллеттенбестен аны жашы айтылган...

2-зул-хижжа, 1445-х.
8-июнь, 2024-м.

## Канаттууларды курмандыкка чалуунун өкүмү

**Суроо**: ассаламу алейкум. Билал (р.а)нун корозду курмандыкка чалуу тууралуу сөздөрү бар экени белгилүү, канаттууларды курмандыкка чалуунун өкүмү кандай?

**Жооп**: ассаламу алейкум уа рахматулоохи уа баркаатуху.

Биринчи: Курмандык чалуу ибадат болуп саналат жана ал шарият далилдеринде айтылгандарга ылайык, андан четтебестен аткарылышы керек.

Тиешелүү шарьий далилдерди кармануу менен төмөнкүлөр айкын болот:

Ыйык Куранда буга байланыштуу өкүмдөр Алла Тааланын сөзүндө айтылган:

﴿وَلِكُلِّ أُمَّةٍ جَعَلْنَا مَنْسَكاً لِيَذْكُرُوا اسْمَ اللهِ عَلَى مَا رَزَقَهُمْ مِنْ بَهِيمَةِ الأَنْعَامِ﴾

“Биз ар бир үммөт үчүн мал-жандыктарына Алланын атын аташ үчүн бир эреже кылдык”.

Куртуби тафсиринде бул аятты төмөнкүчө шархтаган:

Аллах Таала айтат:

قوله تعالى :﴿وَلِكُلِّ أُمَّةٍ جَعَلْنَا مَنسَكاً لِيَذْكُرُوا اسْمَ اللهِ عَلَى مَا رَزَقَهُم مِّن بَهِيمَةِ الْأَنْعَامِ فَإِلَٰهُكُمْ إِلَٰهٌ وَاحِدٌ فَلَهُ أَسْلِمُوا وَبَشِّرِ الْمُخْبِتِينَ﴾

“Биз ар бир үммөт үчүн мал-жандыктарына Алланын атын аташ үчүн бир эреже кылдык. Силердин Кудайыңар жалгыз Кудай, ага баш ийгиле. Аллахка моюн сунуучуларды (улуу сооптор менен) сүйүнт.

Аллах Таала “Биз ар бир үммөт үчүн эреже кылып койдук” деп, курмандыктарды айткан. Эч бир үммөттүн бул ырым жырымдардан куру калбаганын ачык айтты. Б.а. ар бир момундар тобуна, эрежелер белгилегенген. Союу жана курбандык чалуу ырым-жырымдары баяндалган. Мужахид айтты: “Курмандыкты эрежеси менен сойсо, ырымын аткарды” деп айтылат. Курмандык тууралуу Алла Тааланын: ﴿أَوْ صَدَقَةٍ أَوْ نُسُكٍ﴾ “Же садака, же (ырым-жырым) курмандык” деген сөзү бар.

Азхари Аллах Тааланын: ﴿وَلِكُلِّ أُمَّةٍ جَعَلْنَا مَنسَكاً﴾ “Биз ар бир үммөт үчүн эреже кылып койдук” деген сөзүн курмандык чалынуучу жайга байланыштырган. مَنسَكاًсөзү эки башка окулган. Асымдан башка куфалыктар аны син касрасы менен, калгандары фатха менен окушкан. Аль Фарра мындай дейт: Араб тилиндеги “مَنسَكاً “ырым” сөзү жакшылык менен жамандыктын адаттагы жайын билдирет. Ажылык ырым-жырымдары дегенде Арафатта туруу, таш ыргытуу, сафа-марва арасында чуркоо сыяктуу адамдардын ал ырымдарга кайра кайтып келишине байланыштуу маани айтылган. Ибн Арафа Аллах Тааланын: ﴿وَلِكُلِّ أُمَّةٍ جَعَلْنَا مَنسَكاً﴾ “Биз ар бир үммөт үчүн эреже кылып койдук” сөзү тууралуу, Аллах Таалага баш ийүү жөнүндөгү мазхаб деген. Эгер алардын

мазхабын карманса элинин ырым-жырымдарын карманды деп айтылат. Аль-Фарра айткандай, майрамдын ырым-жырымы. Хаж, Кутада да айтты. Аллах Тааланын бул сөзү үчүн биринчи сөз айкынырак болуп саналат:

﴾لِيَذْكُرُوا اسْمَ اللهِ عَلَى مَا رَزَقَهُم مِّن بَهِيمَةِ الْأَنْعَامِ﴿

“...мал-жандыктарына Алланын атын аташ үчүн бир ырым кылдык”. Башкача айтканда, аларга ырыскы кылып берилгенди союуда. Демек, Аллах Таала сойгондо Аны зикир кылууну жана курмандыкты Ал үчүн кылууну буйруду. Анткени, ал аны ырыскы кылып берди.

Аяттын мындай чечмеленишинен курмандык чалуу ырым-жырымы мал союуга байланыштуу экени көрүнүп турат. Аятта эреже мал союу менен аткарылаары айтылды. Башкача айтканда, курмандыктын ырым-жырымында мал союу жетиштүү. Бул эреже жагынан малды курмандыкка чалууга тиешелүү.

Пайгамбар (саллаллаху алейхи уа саллам) жана анын урматтуу сахабаларынын курмандыктары жөнүндө сөз кылынган бардык шариат тексттеринде курмандыктар малдан гана болгон, мисалы:

روى البخاري في صحيحه عن أَنَس بْن مَالِكٍ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُ قَالَ »كانَ النَّبِيُّ ﷺ يُضَحِّي بِكَبْشَيْنِ وَأَنَا أُضَحِّي بِكَبْشَيْنِ«.

Аль-Бухари өзүнүн “Сахихинде” Анас бин Малик (радыяллаху анху)дан риваят кылган хадисте, ал айтты: “Пайгамбар (саллаллаху алейхи уа саллам) эки кочкорду курмандыкка чалчу, мен эки кочкорду курмандыкка чалчумун”.

وروى البخاري كذلك عَنْ أَنَسٍ أَنَّ رَسُولَ اللهِ ﷺ »انْكَفَأَ إِلَى كَبْشَيْنِ أَقْرَنَيْنِ أَمْلَحَيْنِ فَذَبَحَهُمَا بِيَدِهِ«.

Аль-Бухари дагы Анастан риваят кылган хадисте, Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) “мүйүзү таза эки кочкордун жанына келип, аларды өз колу менен мууздаган”.

عَنْ عَائِشَةَ رَضِيَ اللهُ عَنْهَا قَالَتْ دَخَلَ عَلَيَّ رَسُولُ اللهِ ﷺ بِسَرِفَ وَأَنَا أَبْكِي فَقَالَ« :مَا لَكِ أَنُفِسْتِ؟ قُلْتُ نَعَمْ، قَالَ :إِنَّ هَذَا أَمْرٌ كَتَبَهُ اللهُ عَلَى بَنَاتِ آدَمَ فَاقْضِي مَا يَقْضِي الْحَاجُّ غَيْرَ أَنْ لَا تَطُوفِي بِالْبَيْتِ .قَالَتْ وَضَحَّى رَسُولُ اللهِ ﷺ عَنْ نِسَائِهِ بِالْبَقَرِ

Аль-Бухариде Айша (радыяллаху анха) риваят кылган хадисте, ал айтты: Биз Сарафка (Меккеге жакын жер) келгенде мен айыз болуп калдым. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) мен ыйлап жатканымда мага кирип айтты: Айыз болуп калдыңбы? Мен ооба дедим: Бул Аллахтын Адамдын кыздарына буйруган буйругу, Каабаны таваф кылуудан башка ажылыкты аткаргыла. Айша (р.а): Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) аялдарынын атынан уйларды курмандыкка чалды” - деди.

وعند مسلم في صحيحه عَنْ عَائِشَةَ أَنَّ رَسُولَ اللهِ ﷺ »أَمَرَ بِكَبْشٍ أَقْرَنَ يَطَأُ فِي سَوَادٍ وَيَبْرُكُ فِي سَوَادٍ وَيَنْظُرُ فِي سَوَادٍ فَأُتِيَ بِهِ لِيُضَحِّيَ بِهِ فَقَالَ لَهَا يَا عَائِشَةُ هَلُمِّي الْمُدْيَةَ ثُمَّ قَالَ اشْحَذِيهَا بِحَجَرٍ

فَفَعَلَتْ ثُمَّ أَخَذَهَا وَأَخَذَ الْكَبْشَ فَأَضْجَعَهُ ثُمَّ ذَبَحَهُ ثُمَّ قَالَ بِاسْمِ اللهِ اللَّهُمَّ تَقَبَّلْ مِنْ مُحَمَّدٍ وَآلِ مُحَمَّدٍ وَمِنْ أُمَّةِ مُحَمَّدٍ ثُمَّ ضَحَّى بِهِ»

Ал эми Муслим өзүнүн “Сахихинде” Айша (р.а.)дан риваят кылган хадисте, Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) шыйрагы, кулагы, көзү жана анын айланасы кара мүйүздүү кара кочкорду алып келүүнү буйруду. Анан ал: “Эй, Айша, бычакты алып келип, аны ташка кайра” деди. Мен аны кылдым. Анан аны менден алып Аллахтын аты менен Мухаммаддан жана Мухаммаддын үй-бүлөсүнөн жана Мухаммаддын коомунан кабыл кыл деп жерге жаткызып курмандыкка чалды”.

وروى الترمذي في سننه عَنْ عَائِشَةَ أَنَّ رَسُولَ اللهِ ﷺ قَالَ» :مَا عَمِلَ آدَمِيٌّ مِنْ عَمَلٍ يَوْمَ النَّحْرِ أَحَبَّ إِلَى اللهِ مِنْ إِهْرَاقِ الدَّمِ إِنَّهَا لَتَأْتِي يَوْمَ الْقِيَامَةِ بِقُرُونِهَا وَأَشْعَارِهَا وَأَظْلَافِهَا وَأَنَّ الدَّمَ لَيَقَعُ مِنَ اللهِ بِمَكَانٍ قَبْلَ أَنْ يَقَعَ مِنْ الْأَرْضِ فَطِيبُوا بِهَا نَفْساً

Ат-Тирмизи өзүнүн “Сунанында” Айша энебизден риваят кылган хадисте, Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) айтты: “Курмандык күнү Аллах үчүн адам баласынын курмандык чалуудан да жакшыраак амалы жок. Чындыгында, ал Кыямат күнү мүйүзү, жүнү жана туягы менен келет жана анын каны жерге түшө электен мурда Аллах аны кабыл кылып сообун берет. Курмандык чалуу менен напсилериңерди жакшылагыла”.

قَالَ أَبُو عِيسَى وَيُرْوَى عَنْ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ أَنَّهُ قَالَ »فِي الْأُضْحِيَّةِ لِصَاحِبِهَا بِكُلِّ شَعَرَةٍ حَسَنَةٌ وَيُرْوَى بِقُرُونِهَا«.

Ал айтты Имран бин Хусейн менен Зайд бин Аркам Абу Исанын риваяттары боюнча ,ул хасан гариб хадис, биз аны Хишам бин Урванын хадисинен гана билебиз. Сулайман бин Язид, андан Ибн Абу Фудайк риваят кылды. Абу Иса айтты Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) айтты: “Курмандыктын ээсине анын ар бир жүнү үчүн жакшылык жазылат жана мүйүзү менен суусуну кандырылат”.

Пайгамбар, (саллаллаху алейхи уа салламдын доорунда курмандык жалаң гана малдан болгондугу ачык көрүнүп турат. Мунун баары курмандыкка малдан башка нерсенин жарабагандыгына ачык ишарат кылат.

Курмандыктын шарттары, жаш курагы, тулку боюнун түгөлдүгү жана башкалар боюнча айтылган шарий далилдердин баары малга тиешелүү келген жана малдан башка жаныбарларды камтыган шарьий текст келген эмес. Мисалы:

روى مسلم في صحيحه عن جَابِرٍ قَالَ :قَالَ رَسُولُ اللهِ ﷺ» :لَا تَذْبَحُوا إِلَّا مُسِنَّةً إِلَّا أَنْ يَعْسُرَ عَلَيْكُمْ فَتَذْبَحُوا جَذَعَةً مِنَ الضَّأْنِ

“Эки жашка жетпеген уйду курбандык чалбагыла эгер силерге кыйынчылык жаратса, алты айлык жаш койду курбандык чалгыла”. Муслим риваяты.

Аль-Бухари өзүнүн “Сахихинде” аль-Бараа бин Аазиб (радыяллаху анхудан) риваят кылган хадисте, ал айтты: «Абу Бурда аттуу таякем намаздын алдында курмандык чалды. Аллахтын салам-салаваты болсун, ага: “Сенин койуң жөн эле эт болуп калды” деди. Ал айтты: “Оо, Аллахтын Элчиси, менин бир жашка жетпеген чебичим бар”. Пайгамбар (с.а.в) айтты: “Аны курмандыкка чал, ал сенден башкага жарабайт. Ким намаздан мурун сойсо, өзү үчүн сойгон болот. Ким намаздан кийин сойсо, курмандыктын эреже тартибин аткарды жана мусулмандардын сүннөтүнө амал кылды”.

روى مسلم في صحيحه عَنْ جَابِرِ بْنِ عَبْدِ اللهِ قَالَ :نَحَرْنَا مَعَ رَسُولِ اللهِ ﷺ عَامَ الْحُدَيْبِيَةِ الْبَدَنَةَ عَنْ سَبْعَةٍ وَالْبَقَرَةَ عَنْ سَبْعَةٍ.

Муслим өзүнүн “Сахихинде” Жабир бин Абдулладан риваят кылган хадисте, ал айтты: “Биз Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) менен Худайбия жылы жетиге (киши) бир төө, жетиге бир уйду курмандыкка чалдык”.

Хаким өзүнүн “Мустадрак” китебинде курмандыктын тулку боюнун түгөлдүгүнө байланыштуу бир топ хадистерди айткан:

سمعت عبيد بن فيروز يقول :قلت للبراء رضي الله عنه حدثني عما كره أو نهى عنه رسول الله ﷺ من الأضاحي قال» :فَقَالَ رَسُولُ اللهِ ﷺ هَكَذَا بِيَدِهِ وَيَدِي أَقْصَرُ مِنْ يَدِ رَسُولِ اللهِ ﷺ :أَرْبَعٌ لَا يَجْزِينَ فِي الْأَضَاحِي :الْعَوْرَاءُ الْبَيِّنُ عَوَرُهَا، وَالْمَرِيضَةُ الْبَيِّنُ مَرَضُهَا، وَالْعَرْجَاءُ الْبَيِّنُ عَرَجُهَا، وَالْكَسِيرُ الَّتِي لَا تُنْقَى .قَالَ :قُلْتُ فَإِنِّي أَكْرَهُ أَنْ يَكُونَ نَقْصٌ فِي الْأُذُنِ وَالْقَرْنِ .قَالَ :فَمَا كَرِهْتَ فَدَعْهُ، وَلَا تُحَرِّمْهُ عَلَى غَيْرِكَ

“Мен Убайд бин Файруздун мындай деп айтканын уктум. Мен Аль-Барaага, Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) жаман көргөн же тыюу салган курмандыктар жөнүндө айтып бер дедим. Ал айтты: “Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) колу менен мындай деди (менин колум Алланын Элчиси саллаллаху алейхи уа салламдын колунан кыскараак): Төрт кемчилиги болсо курмандык жарабайт. Кемчилиги ачык көрүнүп турган жалгыз көздүү мал, оорусу ачык көрүнүп турган оорулуу мал, аксагы ачык көрүнүп турган төкөр мал, сыныгы ачык көрүнүп турган аксак мал. Ал айтты: “Мен кулак менен мүйүздүн кемчилигин жек көрөм”, - дедим. Ал айтты: “Эмнеси жакпаса аны ташта, башкага тыюу салба”. Бул сахих хадис, бирок Сулайман ибн Абдуррахмандан келген риваяттардын аздыгынан аны риваят кылган эмес. Али ибн аль-Мадини Сулмаймандын пазилеттерин жана чеберчилигин көрсөткөн жана бул сахих хадистин сахихтигине күбө боло турган башка риваят чынжырлары менен бар. Ал муну риваят кылган эмес, анын ичинде:

عن علي رضي الله عنه أن نبي الله ﷺ »نَهَى أَنْ يُضَحِّيَ بِأَعْضَبِ الْقَرْنِ وَالْأُذُنِ

Азирети Али Аллах андан ыраазы болсун риваят кылган хадисте, Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) “Жарым мүйүз жана

кулагы жок жандыкты курмандыкка чалууну тыйган" деди. Мусаййаб: «Жарым мүчөлөр же андан көп» деп айткан.

Кутада айтты: Мен Саид бин аль-Мусайябга айттым العضب "аьзоб" деген эмне? Аал айтты: "Жарым же андан да көп". Алардын ичинен: Алинин (Аллах андан ыраазы болсун) мындай деп айтканын уктум: "Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) бизге көз жана кулакка кароону буйруган".

ومنها ... :أن رجلا سأل عليا رضي الله عنه عن البقرة فقال عن سبعة .قال القرن قال :العرج قال: إذا بلغت المناسك قال :وكان رسول الله ﷺ أمرنا أن نستشرف العين والأذن

"Бир киши Азирети Алиден (Аллах андан ыраазы болсун) уй тууралуу сураганда, ал: "жети киши бир уй курмандык чалса болот" деди. Сынык мүйүз тууралуу сураганда "болот" деди. Аксак тууралуу сурганда "курмандык чала турган жериңе жетип келсе курмандыкка чалсаң болот" деди. Кийин ал айтты: Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) бизге көз жана кулакка кароону буйруду"".

عن أبي حميد الرعيني قال :كنا جلوسا إلى عتبة بن عبد السلمي فأقبل يزيد ذو مصر المقرائي فقال لعتبة :يا أبا الوليد إنا خرجنا آنفا في التماس جدي نسك فلم نكد نجد شيئا ينقى غير أني وجدت ثرماء سمينة فقال عتبة :فلو ما جئتنا بها فقال :اللهم غفرا أتجوز عنك ولا تجوز عني؟ قال :نعم قال :ولم ذاك؟ قال :إنك تشك ولا أشك قال :ثم أخرج عتبة يده فقال :إنما نهى رسول الله ﷺ عن خمس؛ عن الموصلة والمصفرة والبخقاء والمشيعة والكسراء قال :والموصلة المستأصلة قرنها، والمصفرة المستأصلة أذنها، والبخقاء البين عورها، والمشيعة المهزولة أو المريضة التي لا تتبع الغنم]

Абу Хамид ар-Раьини риваят кылган хадисте, ал айтты: "Биз Утба бин Абдул-Суламинин жанында отурганбыз, Язид Миср аль-Макраи келип Утбага мындай деди: «Эй Абул Валид, мен курмандыкка чалганы мал издеп чыктым. Тиши түшүп калган жаныбардан башка мени кызыктырган эч нерсе таппадым. Сиз эмне дейсиз (бул жөнүндө)? Ал айтты: Эмне үчүн аны мага алып келген жоксуң? Ал айтты: "Аллах арууу болсун, мага адал эмес, сага адалбы? Ал айтты: Ооба, сен шектенесиң, мен шектенбейм. Анан колун алып: Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) беш нерседен гана тыйган. Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) кулагы түбүнөн жулунган малды, мүйүзү түбүнөн сынган малды, көзү көрбөй калган малды, үйүр менен бара албаган арык, алсыз малды жана буту сынган малды".

Бул хадистердин бардыгында мал жөнүндө сөз болду, башка жаныбар жана канаттуулар жөнүндө сөз жок. Бул Аллах Тааланын: ﴿فَصَلِّ لِرَبِّكَ وَانْحَرْ﴾ "Раббиңе намаз оку жана курмандык чал" деген сөзүнүн жалпы маанисин ачыктайт.

Анда малдын жашы жана анын кээ бир кемчиликтери жок болушу талабы, бул шарттарга жооп бербеген мал курмандыкка жарабайт. Анда эч кандай малдан башка нерсеге далил жок. Анан кандай башка нерсе курбандыка чалынат? Башкача айтканда, малдан гана курмандык

чалынат. Ал эми шарият талап кылган шарттар аткарылбаса, ал мал да жарабайт. Демек бул малдан башка эч нерсе курбандыкка кабыл алынбасын көрсөтүп турат.

Экинчи: Ибн Хазмдын малдан башканы курмандыкка чалууга уруксат берген далилине келсек, бул далил катары колдонулушу мүмкүн эмес. Анткени, Ибн Хазмдын "Мухалла" китебинде бул маселе боюнча анын далилдерин түшүндүргөн:

"Курмандык маселеси эти желген ар бир малга жайиз. Төрт аяктуу жаныбарды же канаттууларды, мисалы, жылкыны, төөнү, жапайы уйду, корозду же башка жаныбарды курмандык үчүн курмандыкка чалса болот. баарынан жакшысы – эти жакшы, мол жана кымбат болгон жаныбар.

Курмандыктар тууралуу сөзүбүздүн башында Билалдын: "Корозду курмандыкка чалсам деле баары бир". Ибн Аббастын эки дирхамга эт сатып алып: "Бул Ибн Аббастын курмандыгы" тууралуу айттык". Аль-Хасан бин Хаййи жети киши бир уйду курмандыкка чалуусу жана жейрен менен кайберенди бир киши курмандыка чалуусу жайиз деген.

Абу Ханифа жана анын шериктери ургаачы уйдун жапайы букадан тууганын курмандыкка чалууга уруксат беришкен. Эчки кийиктен тууганын да курбандыкка жайиз дешкен. Малик айтты: Төө, уй жана койлорго гана уруксат. Малик: курмандыкта кой, эчки төө менен уйдан жакшыраак деген. Абу Ханифа менен Шафиъий бул маселеде аны менен келишпей, төө, андан кийин уй, анан кой, анан эчки деп билишкен. Биз бул сөзгө эч кандай далилди билбейбиз, ошондуктан аны негиз катары келтиребиз. Бирок башкалары боюнча келишпестиктер болсо да алар бул малдардын арасында анын мубах экендигинде ижмаъ айтышкан.

Алардын баары Билалдын риваяттары менен тастыкталган нерсеге каршы чыгышат. Билал (р.а) нун бул ишине Сахабалардын Аллах алардан ыраазы болсун каршы чыккандыгы айтылган эмес. Эгер алар буга макул болушса, демек бул алар үчүн далил.

Абу Мухаммад айтты: Талаш-тартыш болгон учурда айтылган нерсеге келсек, ал Аллах Тааланын нусустарына кайтарылышы керек жана биз бул сөзүбүзгө күбө болгон шарьий нусустарды таптык: Себеби, курмандык Алла Таалага жакындаш үчүн бир себеп болуп саналат. Андыктан, Куран жана сүннөттүн эч бир тексти тыюу салбаган бардык нерселер менен Аллах Таалага жакындоо жакшы. Аллах Таала айтты.

﴿وَافْعَلُوا الْخَيْرَ لَعَلَّكُمْ تُفْلِحُونَ﴾

"Жакшы иштерди кылгыла, балким, ийгиликке жетесиңер". Аллах тыйуу салбаган жакшы иштер менен ага жакындоо жайиз.

نَا يُونُسُ بْنُ عَبْدِ اللَّهِ بْنِ مُغِيثٍ نَا أَحْمَدُ بْنُ عَبْدِ اللَّهِ بْنِ عَبْدِ الرَّحِيمِ نَا أَحْمَدُ بْنُ خَالِدٍ نَا مُحَمَّدُ بْنُ عَبْدِ السَّلامِ الْخُشَنِيُّ نَا مُحَمَّدُ بْنُ بَشَّارٍ بُنْدَارٌ نَا صَفْوَانُ بْنُ عِيسَى نَا ابْنُ عَجْلانَ عَنْ أَبِيهِ عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ

قَالَ :قَالَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ »مَثَلُ الْمُهَجِّرِ إِلَى الْجُمُعَةِ كَمَثَلِ مَنْ يُهْدِي بَدَنَةً، ثُمَّ كَمَنْ يُهْدِي بَقَرَةً، ثُمَّ كَمَنْ يُهْدِي بَيْضَةً«

Сафван бин Исса риваятында, Ибн Ажлан, атасынан, ал Абу Хурайрадан айтты: Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) айтты. Жумага эрте келген адамдын мисалы төөнү, андан кийин уйду, андан кийин келген жумуртканы курмандыкка чалганга окшош".

وَرُوِّينَا مِنْ طَرِيقِ مَالِكٍ عَنْ سُمَيٍّ مَوْلَى أَبِي بَكْرٍ عَنْ أَبِي صَالِحٍ السَّمَّانِ عَنْ أَبِي هُرَيْرَةَ "أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ قَالَ« :مَنْ اغْتَسَلَ يَوْمَ الْجُمُعَةِ ثُمَّ رَاحَ فَكَأَنَّمَا قَرَّبَ بَدَنَةً، وَمَنْ رَاحَ فِي السَّاعَةِ الثَّانِيَةِ فَكَأَنَّمَا قَرَّبَ بَقَرَةً، وَمَنْ رَاحَ فِي السَّاعَةِ الثَّالِثَةِ فَكَأَنَّمَا قَرَّبَ كَبْشاً أَقْرَنَ، وَمَنْ رَاحَ فِي السَّاعَةِ الرَّابِعَةِ فَكَأَنَّمَا قَرَّبَ دَجَاجَةً، وَمَنْ رَاحَ فِي السَّاعَةِ الْخَامِسَةِ فَكَأَنَّمَا قَرَّبَ بَيْضَةً

Бизге Абу Бакрдын кызматчысы Малик Сумайдан, ал Абу Салих ас-Саммандан, ал Абу Хурайрадан риваят кылган хадисте, Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) айтты: "Ким жума күнү жуунуп, анан жумага барса, төө курмандыкка чалгандай, ал эми ким экинчи саатта барса, уйду курмандыкка чалгандай болот, ал эми ким үчүнчү саатта барса ал мүйүздүү кочкорду курмандыкка чалгандай, ким төртүнчү саатта барса, тоокту, бешинчи саатта барса, жумуртканы курмандыкка чалгандай болот".

Бул эки кабарда тоок менен канаттуунун курмандыгы жана жумуртканын курмандыгы айтылды. Курмандык шексиз Аллахка жакындоо болуп саналат жана бул тоок менен жумурткада да өтө көп пазилет бар. Мында кедейлерге да пайда бар. Бул эки шарьий нусуска эч кандай каршы шарьий нусус жок... (Аягы)

Ибн Хазмдын курмандык чалууда Аллахка жакындоону байлап ага жараша чалуу жөнүндөгү ой-пикири туура эмес. Себеби шарият анын өкүмүн жана анын кандай жаныбардан болушу керектигин тактап койгон. Шариятта айтылгандардан башка курмандык чалууга болбойт. Малдан башканы курмандыкка чалуунун жаиз эместигинин далили-шарият курмандыкка байланыштуу жалпы шаръий өкүмдү тактап, малдан башка нерсени курмандыкка чалуунун туура эмес экендигин ачык айтканы. Бул такталган милдет. Жалпы шарьий өкүмдөн четтеп кетүүгө болбойт. Ошондой эле жумага эрте келүүнүн фазилети тууралуу айткан хадисти далил келтирүүгө болбойт. Анткени, бул курмандык чалуунун эреже тартибине тиешелүү эмес. Балким Аллахка жакындоо жөнүндө сөз болуп жатат. Кандай болгон күндө да хадистин аягында жумуртка жөнүндө сөз кылынышы буга далил.

وَمَنْ رَاحَ فِي السَّاعَةِ الْخَامِسَةِ فَكَأَنَّمَا قَرَّبَ بَيْضَةً

"Ким жумага бешинчи саатта келсе, жумуртканы курмандыкка чалгандай болот". Курмандыкка жумуртка кирбей турганы шексиз. Анткени, курмандыкта кан агышы керек. Демек, бул хадис

курмандыктын өкүмдөрүн түшүндүрүү үчүн келген эмес, ошондуктан аны курмандык маселесине далил катары колдонуу жарабайт.

Ал эми Билал (радыяллаху анху) риваят кылган хадистен анын тыянагына келсек, Ибн Хазм аны “Аль-Мухалланын” башка бир жеринде төмөнкүчө баяндаган:

قَالَ لِي بِلالٌ :مَا كُنْت أُبَالِي لَوْ ضَحَّيْت بِدِيكٍ، وَلأَنْ آخُذَ ثَمَنَ الأُضْحِيَّةِ فَأَتَصَدَّقَ بِهِ عَلَى مِسْكِينٍ مُقْتِرٍ فَهُوَ أَحَبُّ إلَيَّ مِنْ أَنْ أُضَحِّيَ.

Саид бин Мансурдан, Абу Аль-Ахвастан, Имран бин Муслимден, ал Жаьфий – Сувайд бин Гафладан риваят кылат, ал айтты: Билал мага айтты. “Корозду курмандыкка чалсам деле мага баары бир. Анткени Курмандыктын баасын алып, кедей-кембагалга садака кылып берсем, бул мага курмандык чалгандан да сүйүктүү”.

Бул дагы туура эмес орунда иштетилген, анткени Билалдын сөздөрү Пайгамбар (саллаллаху алейхи уа саллам)дын сөздөрүнөн жана иш-аракеттеринен алынган далилдерге карама-каршы келе албайт. Ушул сыяктуу эле, башка урматтуу сахабалардын малды гана курмандыкка чалышканы тууралуу айткандары да каршы келе албайт. Ошондой эле Билал (радыяллаху анху) корозду курмандыкка чалган эмес. Корозду кимдир бирөө курмандыкка чалганы да айтылган эмес. Негизи Билал (р.а)нун сөзү курмандыкка эмне жарары тууралуу да эмес. Тескерисинче анын сөзүнөн көрүнүп тургандай;

وَلأَنْ آخُذَ ثَمَنَ الأُضْحِيَّةِ فَأَتَصَدَّقَ بِهِ عَلَى مِسْكِينٍ مُقْتِرٍ فَهُوَ أَحَبُّ إلَيَّ مِنْ أَنْ أُضَحِّيَ.

Анткени, ал курмандыктын баасын алып “кедей-кембагалга садака кылып берсем, бул мага курмандык чалгандан да сүйүктүү” деш менен курмандык чалганга караганда садака берүүнү өзүнө артык көргөндүгү көрүнүп турат.

Ошондой эле, Ибн Хазм:

(وَعَنْ ابْنِ عَبَّاسٍ فِي ابْتِيَاعِهِ لَحْماً بِدِرْهَمَيْنِ وَقَالَ :هَذِهِ أُضْحِيَّةُ ابْنِ عَبَّاس)

“Ибн Аббастын эки дирхамга эт сатып алып: Бул Ибн Аббастын курмандыгы” деп айтканын далил кылып кармашы. Бул туура эмес экени анык. Анткени, Ибн Аббас (радыяллаху анху)нун, кылганы ислам шариятына ылайык курмандык эмес. Курмандык союулушу керек. Ал эми, этти базардан сатып алып таратуу шарият боюнча курмандык болуп эсептелбейт. Шарият боюнча курмандыктын ордун толтурбайт, тескерисинче, садаканын бир түрү болуп саналат.

Ушуга ылайык, канаттуулар курмандыкка чалууга жарабайт. Шарият далилдери көрсөткөн шарттарга ылайык малдан төө, уй, койду гана курмандыкка чалуу шариятка ылайык болорун чоң ишеним менен айта алабыз.

1445-х 2-зул хижжа.

2024-ж 8-июнь.

## Рамазан айынын калтырылган күндөрүн толуктоо

**Суроо**: ассаламу алейкум, орозо күндөрүнүн казасы тууралуу сурагым келет… Жылдардын өткөн күндөрүн кандай өткөргөнүмдү жакшы эстебей калсам, башкача айтканда, мен рамазандын кээ бир күндөрүн каза кылчумун жана анын казасын туткан эмесмин. Үй-бүлө мүчөлөрүмдүн айрымдары мен алар менен бирге каза орозомду тутқансың дешсе, кээ бирлери сен баардык каза орозолоруңду тутканың эсимде жок дешет. Мындай учурда мен эмне кылышым керек? Мен көптөрдөн сурадым, кээ бирлери акчалай каффарат кылып кутулсаң болот деп жооп беришти, кээ бирлери орозо кармаш керек дешти. Эгер орозо кармасам, канча күн казасы бар экени эсимде жок. Мындай абалда эмне кылуу керек?

**Жооп**: уа алейкум ассалам уа рахматуллоохи уа баракаатуху. Буга чейин ушул сыяктуу суроого 13.05.2019 күнү жооп бергенбиз. Биз ибадаттарда эч кандай бир өкүмдү таббаний кылбайбыз, орозодо же намазда ар кандай мазхабды кармануунu мусулмандын өзүнө калтырабыз… Бул жерде мен сизге орозонун казасы боюнча кээ бир фикх өкүмдөрүн айтып берейин, сизди кубанта турган жана жүрөгүңүздү тынчтандырган нерсеге амал кылыңыз:

1. Автору Абдул Малик Аль-Жувейнидин “Нихаяту матлаби фии дираятил мазхаби” деген китебинде (Ал Имам аль-Харамайн деген лакап ат менен белгилүү, 478-хижрий жылы өлгөн. Ал Шафий мазхабынан) айтат: “Эгер кимде-ким Рамазан айынын орозо күндөрүн калтырып, казасын кармоого мүмкүнчүлүк болсо, кийинки жылдын Рамазан айына чейин казасын калтырууга болбойт. Биз айтып өткөн нерсе сунуш кылынган нерсе эмес, тескерисинче, эгер кимдин кудурети жетсе жана үзүрү кетсе казасын тутуу важиб. Эгер казасын тутуу жүйөлүү себепсиз кийинки рамазанга чейин деп болжолдонсо да, анда казасын тутат жана ар бир күнгө жетэрлик тамак-аш менен мудд фидя берүү важиб. Эгер казасын тутууну эки же андан көп жыл кечиктирсе, анда мудд фидяны эки эсе көбөйтүүнүн эки көрүнүшү бар: Алардын бири фидя эки эселенбейт, эгер кечиктирүү бир жылдык мөөнөттөн ашпаса… Эң туура көз караш: фидя жыл өткөн сайын эселенет. Ар бир жылга бирден фидя кошула берет. (Фидя – бир адамга бир күнгө жетэрлик тамак аш берүү). Эгер эки жыл кечиктирсе казасын да тутат жана эки мудд фидя (эки адамга жетэрлик тамак аш ) берет.

Демек, кимде-ким Рамазан айында орозо кармабаган болсо, кийинки Рамазанга чейин казасын кармашы керек, эгер кийинки Рамазан келгенге чейин кечиктирсе, казасын кармап, фидясын да бериши керек. Эгерде

казасын өтөө эки жыл кечиктирилсе, анда казасын тутуу менен бирге эки фидя төлөнүшү керек ж.б.у.с.

2. Автору Мансур бин Юнис Аль-Бахути аль-Ханбали (1051-хижрий жылы өлгөн) “Кашафул-кына’ ан матн аль-икна’да” мындай деп айтылат: “Ким Рамазан айынын орозосун толук кармай албаса, мейли толук, мейли толук эмес болсо… күндөрдүн казасын кармашы керек… жана анын убактысы өтпөсө, кийинки Рамазан башталганга чейин күндөрдүн казасын кечиктирсе болот… Үзүрсүз кийинки Рамазанга чейин кечиктирүүгө болбойт… Эгер башка Рамазанга чейин же бир нече Рамазанга чейин кечиктирсе, кафарат катары ар бир күнү үчүн казасын кармап, бир кедейди тойгузушу керек. Көп жыл кечиктүрүүсү менен фидя эки эселенбейт. Анткени, ашыкча кечиктирүү фарзды көбөйтпөйт, парз ажылыкты жылдап кечиктиргендей эле, ажылыкта кылган амалынан ашыкча амал кылбайт”.

Демек, ким Рамазандын орозосун калтырып, кийинки Рамазан келгенге чейин казасын кармабаса, казасын кармап, фидясын бериши керек.

3. Ханафи мазхабында кармалбаган орозонун казасы канчалык кечиктирилсе да, кийинки Рамазан айы келсе да, казасын кармашы керек жана кечиктирүүсү үчүн фидя берүү жок. Хижрий 483-жылы каза болгон Имам Сарахси «Аль-Мабсутта» айткан:

“Бир адам Рамазан айынын орозосун кармашы керек болчу, бирок кийинки Рамазан келгенге чейин казасын кармаган жок… Ал өтүп кеткен Рамазандын казасын кармашы керек жана биздин райыбызда, ал эч кандай фидя төлөбөйт. Ал эми Имам Шафийдин (Аллах аны ырайымына алсын) ою боюнча кармаган орозонун казасынан тышкары, ар бир күн үчүн бир кедейди тойгузушу керек.

Аллах Тааланын: ﴿فَعِدَّةٌ مِنْ أَيَّامٍ أُخَرَ﴾ “Рамазандын казасын башка күндөрдүн санында (кармасын), (канча күн каза кылса ошончо күн) (Бакара: 184) деген сөзүнүн ачык мааниси бар. Рамазандын казасын тутууда белгилүү бир убакыт жок. Эки Рамазандын ортосундагы белгилүү бир убакыт кошумча болуп саналат. Рамазан бул убактысы белгиленген ибадат жана анын казасын тутууда конкреттүү бир убакыт белгиленген эмес.

– “Бада’и’ ас-Сана’и’ фи Тартиб аш-Шараи’” китебинде анын автору Алауд-Дин аль-Касани аль-Ханафи (587-хижрий өлгөн) мындай деп айткан: “…биздин мазхабда: Рамазандын казасын кармоонун парздыгы белгилүү бир убакыт менен чектелбейт. Себеби, казасын кармоо буйругу абсолюттук (мутлак). Ошондуктан анын убактысы мутлак боюнча калат. Буга таянып биздин мазхаб: “Эгер Рамазандын казасын кармоону башка Рамазан башталганга чейин кечиктирсе, анда фидя төлөбөйт…”.

Демек, Ханафий мазхабы боюнча кармалбай калган орозонун казасын фидя төлөбөстөн кармоо парз б.а орозо кармабаган күндөрдүн казасын гана кармашы керек.

Башында айтып өткөнүмдөй, ибадат маселелеринде биз эч кандай бир өкүмдү таббаний кылбайбыз. Ханафий, Шафий, Ханбалий мазхабдарынын кээ бир пикирлерин айттым. Кайсынысын кармансаң ошону кыл… Аллах сени сүйгөн жана ыраазы болгон нерсеге багыттасын. Ушул жооп жетет деп үмүттөнөм, эң туурасын Аллах билет.

8-Рамазан, 1440-хижрий.

2019-жыл, 13-май.

Мурунку жообубуздан цитата аяктады.

Жыйынтык:

1. Орозо кармабаган күндөрдүн санын сиз эң мүмкүн деп ойлогон нерсеңизге карап эсептеңиз.

2. Ошондон кийин жогорудагыларды изилдеп, ишенген мазхабдын пикирине амал кылыңыз. Анткени алардын кээ бирлери өзүңөр көрүп тургандай орозонун казасын кармап фидя бериш керек дешет. Алардын айрымдары фидясыз эле казасын тутуш керек дешет.

Ал эми жогоруда айтылган бир фидиянын б.а. (муддун) өлчөмүнө келсек, (муддун) грамм менен салмагы 544 (грамм) буудайды түзөт. Бул Малия китебинде айтылат: Мудд = 1 Багдад фунтунун 1/3 бөлүгү. 1 фунт = 408 грамм. Мудд = 1/3 фунт х 408 грамм Муддун салмагы = 544 грамм буудайдын салмагы. Бир аз көбүрөөк же ушуга окшош деп эсептегендер да бар.

Алла Тааладан кармаган орозолорду, кыямдарды кабыл кылуусун тилейм.

5-шаъбан, 1446-х.

2-февраль, 2025-м.

# Зекет

## Түшүмдүн зекети

Сиз: «Бардык мазхабдар эгин жана мөмөлөрдүн бардык түрүнөн зекет алынышына иттифак кылышкан (келишишкен) – депсиз да – эмне үчүн биз жалаң буудай, арпа, курма жана мейизден гана зекет алынат дейбиз», - деп суроо берипсиз.

Буга эки жактама жооп берилет:

Биринчи: эгин жана мөмөлөрдүн зекети тууралуу варид болгон (келген) сахих далилдер жалаң буудай, арпа, курма, мейиз жөнүндө гана келген. Булар «Халифалык мамлекетинде мал-мүлктөр» китебинин түзөтүлгөн басылышынын араб тилиндеги нускасынын 161-бетинде толугу менен келтирилген. Бул орунда Хоким риваят кылган хадисти келтириш жетиштүү:

Абу Муса менен Муаз ибн Жабалдан риваят кылынышынча, Пайгамбар ﷺ аларды Яманга жиберип жатып, адамдарга диний иштерди таалим берүүгө буюруп: «Мына ушул төрт нерсе: арпа, буудай, курма жана мейизден өзгөсүнөн садака (зекет) албагын», - деген. Бул хадисти Табароний «Ал-Кабир»де риваят кылган, ровийлери ишеничтүү кишилер. Анда, өзгөсүнөн албагын деген манфий (терс) сөздүн колдонулушу менен, чектөөнүн бар экендиги көрүнүп турат («Халифалык мамлекетинде мал-мүлктөр» китебинин түзөтүлгөн басылышына каралсын).

Экинчи: Уламалар жана мазхабдардын имамдары ушул төрт нерсе жаатында варид болгон далилдерге таянып, ошолордон зекет алынышына келишишкен.

Ушул төртөөсүнөн башкасында болсо, далилдердин ихтилафтуулугу үчүн түрдүү пикирде болушкан:

Абу Ханифанын райына караганда, эгүү менен жерди өркүндөтүү касд кылынган (көздөлгөн) мөмө, дан жана жашылчалардын ар бирине зекет важып болот. Адатта бул нерсе көздөлбөсө зекет важып болбойт. Мисалы, пахта дарагы, баклажан, дарбыз уругу жана жаңгак сыяктуу дары-дармектер үчүн болгон уруктар сыңары... Демек, негиз касдга байланыштуу болууда.

Абу Ханифанын эки издештеринин райына караганда, мөмөсү бир жыл тура ала турган дарактарга гана зекет важып болот (Ибн Обидиндин зекет бабына каралсын).

Маликий мазхабындагылар болсо «курма жана жүзүмдөн башка мөмөлөрдөн зекет алынбайт – деп, дандардын да жыйырма түрүн санап – ушулардан башкасынан зекет алынбайт», - дешкен («Аш-Шаръул кабир»дин Дусукий хошиясына каралсын).

Шофеийя мазхабынын пикирине караганда, өсүмдүк жана мөмөлөрдүн азык боло тургандарына гана зекет важып болот. Мисалы, буудай, арпа, күрүч, жасмык ж.б. Күнжүт, анжир, жаңгак, бадам, анар жана алмалар болсо азык болбогондуктан, алардан зекет алынбайт («Шархул минхож»га жана Калюбийдин хошиясына каралсын).

Ахмад ибн Ханбал болсо бир риваятта: «Адамдар өстүргөн нерселерден зекет алынышынын эки шарты бар: өлчөп бере турган жана сактап койсо боло турган нерселерден болмогу шарт, мисалы, күрүч, жүгөрү, буурчак, жасмык, бадыраң жана дарбыз уруктары сыяктуу. Булардан башка нерселерде, мисалы, жашылчалардын бардык түрүнө, алма, өрүк, анжир, тыт, банан мөмөлөрүнө зекет важып эмес», - деген. «Жаңгакка да зекет жок, себеби, ал дааналап сатылат» деп, Ахмад хужжат келтирет. Редиска, пияз сыяктуу бакча эгиндеринен да, пахтадан да зекет алынбайт («Мугний» жана «Шархи мунтахал иродат» китептерине каралсын).

Ахмаддан кылынган башка бир риваятта болсо, «ушул төртөөсүнөн өзгө нерселерге зекет важып эмес» делген.

Зайтундан зекет алынышы жаатында ихтилаф кылышкан:

Ханафийя, Маликийя, Шофеийянын мутакаддимийндеринде (т.а. Шофеийя мазхабынын алгачкы доордогу аалымдарында) жана Ахмаддын бир риваятында зайтунга зекет важып болот делген.

Шофеийянын мутааххирийндери (кийинки доодогу аалымдары) жана Ахмад башка риваятта зайтунга зекет жок дешкен («Мугний», «Шархул минхож» жана «Шархул кабир»дин зекет бабына каралсын).

… Ж.б. сөздөр.

Ошентип, ушул төрт нерседен башка өсүмдүк жана мөмөлөр жаатында бардык мазхабдар түрдүү райга баргандыгы сизге белгилүү болду. Өсүмдүк жана мөмөлөрдүн бардык түрүндө мазхабдар иттифак кылышкан дегениңизден гана алардын ихтилафтарын келтирдим. Болбосо, далил этибарга алынат. Биз ушул темага тиешелүү сахих далилдерди да, жогорудагы төрт нерсеге гана далилдер дал келгендиктен ошолорго гана зекет важып болушун да баян кылган элек.

2. «Араб жазирасы (Арабстан жарым аралы) жөнүндө: Нажрон христиандарынан жизя кандай алынганы т.а. алардын ошол жерде жашагандыктары; Хайбар жөөттөрүнө, мөмөлөрдүн жарымын бериш шартына ылайык, ал жерде туруууга жол берилгени; ошондой эле, Араб жазирасында эки диндин болушунун жайыз эместиги – туурасында хадистерде келген, бул болсо бир-бирине тескериге окшойт» деген суроонуздун жообу төмөндөгүдөй:

Араб жазирасында Исламдан башка диндердин болушу жайыз эмес деген түрдүү пикирлер факихтер тарабынан айтылган.

Ушул пикирлерди ар тараптуу изилдегенден кийин, Араб жазирасы узунунан Адандан Ирактын наркы чекесине чейин, туурасынан Басранын чекесинде жайгашкан Убулла шаарынан т.а. Ирактын бул чекесинен деңиз боюндагы Жиддага чейин өз ичине алышы белгилүү болот. Тагыраак айтканда Яман да, Хайбар да Араб жазирасынан болуп эсептелет.

Бул болсо төмөндө келтирилет:

а) «Мал-мүлктөр» китебинин 50-бетинде «Арабстан жарым аралы, анын ичинде Яман…», деп келтирилген;

б) Ибнул Аъробий Хайсам ибн Адийден «Жазира Азийбден тартып Хазрамавтка чейин», деб риваят кылган. Азийб болсо «Муъжамул булдон» энциклопедиясында айтылышынча, Кодисиядан төрт миль алыстыкта чөл аймактарында жайгашкан Ирактын жери эсептелет;

в) Асмайиден риваят кылынышынча: «Араб жазирасы узунунан Адан менен Ирактын ал чекесине чейин, энинен болсо Убулладан Жиддага чейин болгон жай». Убулла болсо Басранын чекесинде жайгашкан шаар.

Ибнул Аъробий менен Асмайидин риваяттары көптөгөн факихтердин арасында кеңири белгилүү.

г) Абу Довуд Саид ибн Абдул-Азизден риваят кылышынча: «Араб жазирасы Водийдин ортосунан Ямандын наркы чекесине чейин, бул тарабы Ирак чегараларына чейин, ал тарабы болсо деңизге чейин болгон жай».

д) Абу Убайда ибн Жаррох риваят кылат, Пайгамбар ﷺ мындай деди: «Хижаз калкы менен Нажрон калкынын жөөттөрүн Араб жазирасынан чыгарып жибергиле». Бул хадисти Ахмад келтирген. Дорамийдин бир риваятында «Абу Убайда ибн Жаррох: Пайгамбар ﷺдын соңку сөздөрү: «Жөөттөрдү Хижаздан, Нажрон калкын Араб жазирасынан чыгарып жибергиле», болгон, - дейт. Ушундан улам, Умар ؓ аларды чыгарып жиберген», - делет.

е) «Комусул мухит»те келтирилишинче, Араб жазирасына: Инд океаны, Шам деңизи (Жер Ортолук деңизи), анан Дажла (Тигр) жана Фурот (Евфрат) дарыялары ороп турган, же энине Адан менен Шамдын (Сириянын) наркы чекелерине чейин, боюна болсо Жиддадан Ирактын наркы чекелерине чейин болгон жай кирет.

Ушуга ылайык, биз Араб жазирасы делгенде: «Боюна Адандан Шамдын наркы чекелерине чейин, энине болсо Жиддадан бул тарабы Нил дарыясына чейин, ал тарабы Ирактын наркы чекелерине чейин» т.а. Нажрон да, Хайбар да Араб жазирасына кирет деген пикирдебиз. Биз бул пикирди «Мал-мүлктөр»дө келтирип: «Арабстан жарым аралы, анын ичинде Яман…» деп айтып өткөнбүз.

Пайгамбар ﷺдын Нажрон насоролорунан жизя алганына, Хайбар жөөттөрүнө чыккан мөмөнүн жарымын берүү шарты менен мамиле кылып, уруксат бергенине келсек, бул туура. Бирок, бул Пайгамбар ﷺдын жөөттөр менен христиандарды Араб жазирасынан чыгарып жибергиле дешинен мурун болгон эле. Бул нерсе төмөндө дагы да айкындашат:

а) Айша ؓнын: «Пайгамбар ﷺдын соңку буйругу: Араб жазирасында эки дин болбосун», - деген риваяты. Бул хадисти Ахмад риваят кылган, Хайсамий болсо «анын ровийлери ишеничтүү кишилер» деген;

б) Дорамийдин жогорудагы риваятында «Абу Убайда ؓ: Пайгамбар ﷺдын соңку сөздөрү: «Жөөттөрдү Хижаздан, Нажрон калкын Араб жазирасынан чыгарып жибергиле», болгон, - дейт. Ушундан улам, Умар ؓ аларды чыгарып жиберген», - делет.

в) Бухарий Суфён ибн Уяйна аркылуу Сулайман ибн Абу Муслим Ахвалдан, ал болсо Саид ибн Жубайрдан риваят кылышынча, ибн Аббас ؓ бейшемби күнүн жана бейшемби күнү эмнелер болгонун айтып, анан ыйлаган. «Ал тургай, көз жаштары майда таштарды суу кылып жиберди. Ошондо: Эй ибн Аббас, бейшемби күнү эмне болгон? - деген элем, ал киши: Ал күн Пайгамбар ﷺга абдан оор болгон … – деп – Пайгамбар ﷺ: мушриктерди Араб жазирасынан чыгарып жибергиле…, деген, - деди». Тактап айтканда, бул хадисти Пайгамбар ﷺ өлүм төшөгүндө жатканда айткан.

Ушуга ылайык, Нажрон насронийлерине жизя алуу, Хайбар жөөттөрүнө чыккан мөмөнүн жарымын берүү шартына ылайык жашап турууга уруксат этүү менен Пайгамбар ﷺдын жөөт жана насоролорду Араб жазирасынан чыгаргыла деген буйруктарынын ортосунда тескерилик жок. Эмнеге дегенде, бул хадис Пайгамбар ﷺдын өмүрүнүн акыркы күндөрүндө айтылган болуп, ал мурунку айтылган хадистерди насх кылуучу.

2-зулхижжа, 1425-х.
12-январь, 2005-м.

## Зекет важиб болгон эгиндер жана мөмөлөрдүн түрлөрү

**Суроо**: улуу амирибиз жана шейхибиз, кайсы түрдөгү эгиндер жана мөмөлөргө зекет важиб болот? Мисалы, өсүмдүк майына да зекет бергендер бар. Бул маселенин өлчөөлөрү жана эрежелери кандай болот?

Аллах сизге береке берсин.

**Жооп**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

1 – Зекети важиб болгон эгиндер жана мөмөлөрдүн түрлөрү: буудай, арпа, курма жана мейиз. Хадистерде зекет ушул төрт түрдөгү эгинге чектелген. Башка эгиндер зекет важиб болгон эгиндердин түрүнө кирбейт. Мунун далили төмөнкүдөй:

а) Муса ибн Талха Умар ﵁дан риваят кылган хадисте Умар ﵁ айтты: «Албетте, Расулуллах ﷺ зекетти төрт түрдүү эгинге: буудай, арпа, курма жана мейизге белгиледи». Бул хадисти Табароний риваят кылган. Муса ибн Талхадан риваят кылынган дагы бир хадисте ал айтты: «Расулуллах ﷺ Муаз ибн Жабалды Яманга жибергенде аны буудай, арпа, курма жана жүзүмдөн садака алууга буюрду». Бул хадисти Абу Убайд риваят кылган. Бул хадистер эгиндер жана мөмөлөрдөн зекет болгону ушул төрт түрдөгү: буудай, арпа, курма жана мейизден алынышын жана башка түрдөгү эгиндер жана мөмөлөрдөн алынбашын баян кылат. Себеби, биринчи хадис чектөөгө далалат кылган إِنَّمَا лафзи менен келген.

б) Хаким, Байхакий жана Табароний Абу Муса жана Муаздан риваят кылат: Расулуллах ﷺ Абу Муса жана Муазды адамдарга дин иштерин үйрөтүү үчүн Яманга жиберип жатып мындай деди:

«لاَ تَأْخُذَا الصَّدَقَةَ إِلاَّ مِنْ هَذِهِ الْأَرْبَعَةِ: الشَّعِيرِ، وَالْحِنْطَةِ، وَالزَّبِيبِ، وَالتَّمْرِ»

«Садаканы ушул төрт нерседен гана: арпа, буудай, мейиз жана курмадан алгыла». Бул хадис жөнүндө Байхакий «Ровийлери ишеничтүү жана муттасил (үзүлбөгөн)» деген. Бул хадисте зекеттин ушул төрт түрдүү эгин жана мөмөлөргө чектелиши ачык-айкын көрсөтүлгөн. Себеби, إِلاَّ лафзынан мурун четке кагууну же кайтарууну билдирген харф катышуусундагы сөз келсе, өзүнөн мурунку сөздү кийинки сөзгө чектеп коёт. Т.а. садаканы өзүнөн кийин келген ушул төрт түрдөгү эгин жана мөмөлөргө чектейт. Бул эгин жана мөмөлөр: арпа, буудай, мейиз жана курма.

в) Хадистерде келген буудай, арпа, курма жана мейиз лафздары жамид исмдер болгону үчүн бул лафздар башка эгин жана мөмөлөрдү мантукан да, мафхуман да өз ичине албайт. Анткени, булар сыпаттардын аттары да, маанилердин аттары да эмес. Бул ысымдар башка мааниде колдонулбаган жана алар бир канча маанилерге ээ эмес, алар ушул аталыштардын өзүнө гана чектелген. Ошондуктан, бул лафздардан азык,

кургак же запас кылып коюу маанилери алынбайт. Себеби, бул лафздар бул маанилер жана сыпаттарды билдирбейт. Зекеттин важибдигин ушул төрт түрдөгү эгин жана мөмөлөргө чектеп келген хадистер «Жамгыр суусу менен суугарылган жерлерден үшр алынат, ал эми, кол менен суугарылганга жерлерден үшрдүн жарымы алынат» деген хадистеги умумдукту билдирген лафздарды хостоп келет. Муну менен бул хадистин мааниси «Жамгыр менен суугарылган буудай, арпа, курма жана мейизден үшр алынат, кол менен суугарылса үшрдүн жарымы алынат» дегенди түшүндүрөт.

г) Бул төрт түрдөн башка түрдөгү эгин жана мөмөлөргө зекет важиб болбойт. Ошондуктан, жүгөрү, күрүч, ловия, нокот, жасмык жана булардан башка эгиндерден зекет алынбайт. О.э. алма, алмурут, шабдалы, өрүк, анар, апельсин, банан жана булардан башка мөмө түрлөрүнөн зекет алынбайт. Себеби, буларды буудай, арпа, курма, мейиз лафздары өз ичине албайт. О.э. буларды санап өткөн сахих далил да келбеген, бул жөнүндө ижма да жок жана бул жөнүндө кыяс да кылынбайт. Анткени, зекет ибадаттардан болуп ибадаттарда кыяс кылынбайт жана аларда наска чектелинет. О.э. бадыраң, ашкабак, баклажан, шалгам, сабиз сыяктуу жашылчалардан да зекет алынбайт. Умар, Али, Мужахид жана башкалардан риваят кылынышынча, жашылчалардан садака алынбайт. Муну Абу Убайд, Байхакий жана башкалар риваят кылышкан.

5-мухаррам, 1435-х.
8-ноябрь, 2013-м.

## Соода малдары үчүн зекет берүүнүн далилдери туурасында

**Суроо**: биз соода малдары зекет берилүүчү нерселер түрүнө киреби же раъй жана ижтихад кылынуучу нерселер түрүнө киреби, ушуну түшүндүрүп берсеңиз деген элек?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллахи ва барокатух!

Соода малдары раъй жана ижтихад түрүнө кирбейт, тескерисинче, бул жаатта «Халифалык мамлекетинде малдар» китебинин 164-бетинде кеңири далилдер баян кылынган:

Пайда табуу максатында акчадан тышкары сатып алуу жана сатуу аркылуу соода кылынуучу нерселердин бардыгы соода малдары болуп эсептелет. Аларга азык-түлүк, кийим-кече, үй эмеректери, өнөржай товарлары, жандыктар, металдар, жер жана имараттар о.э. булардан башка сатып алынуучу жана сатылуучу нерселер кирет.

Соода кылынуучу малдардан зекет берүү важиб болот. Бул туурасында сахабалар ортосунда ихтилаф жок. Сумара ибн Жундуб: «Амма баъд, Расулуллах ﷺ сатуу үчүн даярдалган нерседен садака берүүнү бизге буюрат эле», - деген. Бул хадисти Абу Давуд риваят кылган. Абу Зар Набий ﷺдан «Базда (кездемеде) садака бар» деп риваят кылган. Бул хадисти Дарукутний жана Байхакий риваят кылган. «Баз»дын мааниси соода кылынуучу мата жана кийимдер. Абу Абид Абу Амра ибн Хаммастан, ал болсо өзүнүн атасынан риваят кылат: Умар ибн Хаттаб алдымдан өтүп бара жатып: Эй Хаммас малыңдын зекетин өтөгүн, - деди. Мен болсо: Менде мал жок, болгону тери жана саадак бар, - дедим. Умар: Анын баасын чыгарып, андан кийин зекетин бер, - деди. Абдуррахман ибн Абдулкарийден риваят кылынат: Мен Умар ибн Хаттаб заманында байтулмалда аамил элем. Умар байтулмалдан хадя таркатканы чыккан кезде соодагерлердин малдарын чогултат эле, андан кийин алардын ушул жердеги жана башка жердеги малдарын эсептейт эле о.э. башка жердеги малдын зекетин да ушул жердеги малдан алат эле. Бул хадисти Абу Абид риваят кылган. Ибн Умар رضي الله عنه дан да риваят кылынат, ал киши: Соода кылуу көздөлгөн баалуу мата жана базда (кездемеде) зекет бар, - деген.

6-мухаррам, 1436-х.
30-октябрь, 2014-м.

## Балагатка жетпеген баланын жана мажнундун малынын зекети тууралуу

**Суроо**: ассаламу алайкум! «Усули фикх» китебинде төмөнкү сүйлөм келген: «Аллах балагатка жетпеген балага жана мажнунга зекет, нафака жана камсыздоолорду өтөөнү фарз кылган, демек, ал мукаллаф (мажбурият жүктөлгөн адам) болуп эсептелет, анткени бул айрым өкүмдөр аркылуу ага жүктөлдү... деп айтылбайт. Себеби, бул фарздар балагатка жетпеген бала жана мажнундун амалына тиешелүү эмес, тескерисинче, анын малы жана зиммасына тиешелүү, малы жана зиммасы болсо таклиф орду болуп эсептелет. Мындан тышкары, каламдын көтөрүлүшү тууралуу «Тээ балагатка жеткенге чейин» жана «Тээ эсине келгенге чейин» деп ачык мөөнөт көрсөтүлгөн. Анткени, бул иллетти түшүндүрөт, анын иллети кичине жашта болуу жана акылдын жоктугу, мунун мал жана зиммага тиешеси жок, демек, истисна кылынбайт». Бул жерде «малы жана зиммасы болсо таклиф орду болуп эсептелет» деген сөз эмнени түшүндүрөт?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Сиз суроонузда айткан тексттеги сөздөр аралашып кетип, ачык болбой калган. «Исламий шахсия китебинин 3-бөлүгүндө да ушундай текст келген: «Аллах балагатка жетпеген балага жана мажнунга зекет, нафака жана камсыздоолорду өтөөнү фарз кылган, демек, ал мукаллаф (мажбурият жүктөлгөн адам) болуп эсептелет, анткени, бул айрым өкүмдөр аркылуу ага жүктөлдү... деб айтылбайт. Анткени, бул фарздар балагатка жетпеген бала жана мажнундун амалына тиешелүү эмес, тескерисинче, анын малы жана зиммасына тиешелүү, малы жана зиммасы болсо таклиф орду болуп эсептелет. Мындан тышкары, каламдын көтөрүлүшү тууралуу «Тээ балагатка жеткенге чейин» жана «Тээ эсине келгенге чейин» деп ачык мөөнөт көрсөтүлгөн. Анткени, бул иллетти түшүндүрөт, анын иллети кичине жашта болуу жана акылдын жоктугу, мунун мал жана зиммага тиешеси жок, демек истисна кылынбайт».

Тексттеги малы жана зиммасы болсо таклиф орду болуп эсептелет деген сөздөн максат, таклиф баланын зиммасы жана малына байланган болуп, ушул экөөнө түшкөн, баланын амалына жана мажнунга байланган эмес. Эми зекеттин балагатка жеткен жана акылы ордунда болгон кишиге фарз болушу анын малы жана зиммасына гана эмес, тескерисинче, амалына да тиешелүү. Ошол себептен улам, ал малынан зекет чыгарышы т.а. зекет берүү амалын кылышы фарз болгон. Ошондуктан, ал бул амалды кылбаса күнөөкөр болот. Бирок, балагатка жетпеген баланын жана мажнундун болсо зекет берүү амалын өтөшү фарз эмес. Анткени,

аларга бул жүктөлбөгөн, шарият экөөнө тең эч нерсени фарз кылган эмес, тескерисинче, алардын малы жана зиммасына зекетти гана фарз кылган. Анткени, экөөндө тең мал жана зимма бар, фарз кылынуу малдагы зекетке жана зиммадагы милдетке таандык, экөөнүн өтөө амалына таандык эмес. Ошол себептен улам, мейли, малы жана зиммасына фарз болгон болсо экөөнө тең зекетти берүү милдети жүктөлбөгөн. Алардын малынан зекет чыгарып берүүнү болсо валийлери же валий ордундагы адам өтөп берет. Эгерде бала жана мажнун зекетти чыгарып бербесе күнөөкөр болбойт. Анткени, алар мукаллаф эмес, ал эми, эгерде күнөө пайда боло турган болсо да, экөөнүн иштерин аткарып берүүчү адамга болот.

12-мухаррам, 1436-х.
5-ноябрь, 2014-м.

## Зекет берүү жана бир жыл өтүү туурасында

**Суроо**: ассаламу алайкум, менде зекет нисабына жеткен каражат бар, нисабга жеткенине болжол менен бир жылдай убакыт болду, зекет берүү убагы жеткенде болсо андан муктаждыгыма иштетип коюп, азыраак бөлүгү ашып калды... Бир жыл өткөнү үчүн ошол аслий каражатымдан зекет берүү мага фарз болобу?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Тээ нисабга жетмейинче жана толук бир жыл өтмөйүнчө малдан зекет берүү фарз болбойт. Али ибн Абу Талиб Набий ﷺдан риваят кылган хадис буга далил болот:

«إِذَا كَانَتْ لَكَ مِئَتَا دِرْهَمٍ، وَحَالَ عَلَيْهَا الْحَوْلُ، فَفِيهَا خَمْسَةُ دَرَاهِمَ، وَلَيْسَ عَلَيْكَ شَيْءٌ - يَعْنِي فِي الذَّهَبِ - حَتَّى يَكُونَ ذَلِكَ عِشْرُونَ دِينَارًا، فَإِذَا كَانَتْ لَكَ عِشْرُونَ دِينَارًا، وَحَالَ عَلَيْهَا الْحَوْلُ، فَفِيهَا نِصْفُ دِينَارٍ»

«Качан силердин эки жүз дирхамыңар болсо жана арадан бир жыл өтсө, андан беш дирхамын зекет бересиңер. Динарыңар болсо, ал жыйырмага жетмейинче (бул алтын динардан) зекетке эч нерсе бербейсиңер, качан силердин жыйырма динарыңар болуп жана арадан бир жыл убакыт өтсө, андан жарым динар зекет бересиңер» (Абу Давуд риваяты).

Көңүл бура турган жери, миладий эмес, хижрий эсеп боюнча бир жыл өтүшү керек. Т.а. нисаб жеткен каражат 354 күнгө жетсе, бир жыл өткөн болуп эсептелет жана андан зекет берүү фарз болот, качан мусулманга зекет фарз болсо, зекет андан сакит болбойт.

Ушуга ылайык, сиздин нисабга жеткен малыңыз жогоруда айтканыбыздай хижрий эсеп менен толук бир жылга жетсе, андан зекет берүү фарз болот, бир жыл толгондон кийин анын бир бөлүгүнөн иштетилип кетишинин эч кандай мааниси жок, зекет фарз бойдон калат. Ошондуктан, иштетип койгон болушуңузга карабастан, албетте, андан зекет чыгарышыңыз керек.

Бир жыл өткөндөн кийин иштеткен болсоңуз ушундай болот. Ал эми бир жыл өтпөй туруп андан иштеткен болсоңуз, анда ошол бир жыл өткөндөн кийин калган каражаттан зекет берүү фарз болот.

13-робиус-саний, 1436-х.

2-февраль, 2015-м.

## Соода малдарынын зекети жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, улуу шейхибиз, менде соода малдарынын зекети жөнүндө айрым суроолор бар. Зекет берилиши важиб болгон калдык соода малдары эсептелип чыккандан кийин зекет бериле турган малдардын кыйматын белгилеп чыгуу керек. Суроо сатуу үчүн кийинчерээк сатып алынган, бирок жыл толук айланганча сатылбаган товар жөнүндө. Мында ушул товар кайсы нарк менен бааланат? Сарп-каражат наркы мененби же анын базар наркы мененби? Т.а. сатуу наркы мененби же сатып алуу наркы мененби? Эгер, сатып алуу наркы менен десек, бул, белгилүү. Эгер, сатуу наркы менен десек, товар чекене нарк менен бааланабы же дүң нарк мененби? Товар башканын т.а. өкүлдүн колунда аманат сакталып турган болушу мүмкүн. Мында ал товар зекет берилип жаткан өлкөдөгү нарк менен бааланабы же товар турган өлкөдөгү нарк мененби? Көп жыл болсо да өтпөй калган товарларга – алар өзүнүн базар кыйматын жоготкон болсо да – өзүнчө, атайын зекет берилеби? Суроо узарып кеткени үчүн үзр сураймын. Аллах сизге барекет берсин.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Акчадан башка пайда көрүү максатында алып-сатылган бардык нерсе соода малдары болуп эсептелет. Мисалы, азык-түлүк, кийим-кече, мебель, өнөр жай продукциялары, айбандар, кен, жер, имараттар жана башка алып-сатылган нерселер.

Соода үчүн сатып алынган малдарга зекет берүү важиб болот. Самура ибн Жундубдан мындай дегени риваят кылынган: «Амма баъд, Расулуллах ﷺ бизди сатуу үчүн даярдап койгон нерселерибизден садака берүүбүздү буйруган». (Абу Давуд риваяты). Ал эми, Абу Зардан риваят кылынган хадисте Набий ﷺ:

«وَفِي الْبَزِّ صَدَقَتُهُ»

«Кийимдин өз садакасы бар» деди. (Дарукутний жана Байхакий риваяты). Бул хадисте соода кылына турган кийимдер жана кийим материалдары айтылууда. Абу Убайд Абу Амра ибн Хамастан, ал атасынан мындай дегенин риваят кылды: «Умар ибн Хаттаб алдымдан өтүп бара жатып: «Эй Хамас, малыңдын зекетин бер», - деди. Мен: «Тери жана саадактан башка малым жок», - дедим. Ошондо Умар: «Алардын кыйматын баалап зекетин бер», - деди». Абдуррахман ибн Абдулкарийден мындай дегени риваят кылынган: «Умар ибн Хаттаб заманында Байтул малга жоопту болгон элем. Ал, Ато чыкканда соодагерлердин малдарын чогултуп бар болгонун да, гайыбын да эсептеп чыгып, кийин бар болгонунан барынын да, гайыбынын да зекетин алат эле». (Абу Убайд риваяты).

– Ахмад өзүнүн муснадында Малик ибн Авс ибн Хадасан Насрийден, ал Абу Зардан мындай дегенин чыгарган: «Мен Расулуллах ﷺдын:

«فِي الْإِبِلِ صَدَقَتُهَا، وَفِي الْغَنَمِ صَدَقَتُهَا، وَفِي الْبَقَرِ صَدَقَتُهَا، وَفِي الْبَزِّ صَدَقَتُهُ»

«Төөнүн өзүнүн садакасы бар. Койдун өзүнүн садакасы бар. Малдын өзүнүн садакасы бар. Кийимдин өзүнүн садакасы бар» дегенин уктум».

– Нававий Мухаззаб шархы Мажмуъда ушуларды айтат:

«Соода малдарына зекет берүү важиб болот. Буга Абу Зар ﷺ риваят кылган Набий ﷺдын ушул сөзү далил болот:

«فِي الْإِبِلِ صَدَقَتُهَا، وَفِي الْبَقَرِ صَدَقَتُهَا، وَفِي الْبَزِّ صَدَقَتُهُ»

«Төөнүн өзүнүн садакасы бар. Малдын өзүнүн садакасы бар. Кийимдин өзүнүн садакасы бар». Анткени, соода менен малды көбөйтүү көздөлөт. Ошондуктан, жайытта отогон мал сыяктуу зекет сооданы да камтыды. Шафиий ﷺ көрсөткөн эски жана жаңы нусустар соода зекетин берүүнүн важибдигин кубаттайт. Асхабдын Шафиий ﷺ мазхабы соода зекетин важиб деп билишине келишишкени белгилүү...».

– Ибн Кудама Мугнийде ушуларды айткан:

«Көпчүлүк аалымдардын айтымында, соода малдарынын кыйматы барабарында зекет берүү важиб болот. Ибн Мунзир мындай деди: «Аалымдар соода кылына турган малдарга – эгер, аларга жыл айланса – зекет берилишине ижма кылышкан... Биз үчүн Абу Давуд өзүнүн иснады менен Самура ибн Жундубдан кылган ушул риваят далил:

«كَانَ رَسُولُ اللهِ ﷺ يَأْمُرُنَا أَنْ نُخْرِجَ الزَّكَاةَ مِمَّا نُعِدُّهُ لِلْبَيْعِ»

«Расулуллах ﷺ бизге соода үчүн даярдап коюлган нерселерден зекет беришибизди буйруган». Дарукутний болсо Абу Заррдан мындай дегенин риваят кылат: «Мен Расулуллах ﷺдын:

«فِي الْإِبِلِ صَدَقَتُهَا، وَفِي الْغَنَمِ صَدَقَتُهَا، وَفِي الْبَزِّ صَدَقَتُهُ»

«Төөнүн өзүнүн садакасы бар. Койдун өзүнүн садакасы бар. Кийимдин өзүнүн садакасы бар», дегенин уктум. Зекет нерсенин өзү менен эмес, кыйматы менен берилиши важиб экендигинде ихтилаф жок. Амр ибн Хамастан, ал болсо атасынан мындай дегенин риваят кылган: «Мага Умар: «Малыңдын зекетин бер», - деп буйруду. Мен: «Саадактан жана териден башка малым жок го?», - дедим. Ошондо Умар: «Алардын кыйматын баалап, зекеттерин бер», - деди. Муну имам Ахмад жана Абу Убайд риваят кылды».

– Байхакий Сунан кубродо ушуларды чыгарган:

«Бизге Ахмад ибн Мухаммад ибн Харис факих хабар кылды, бизге Али ибн Умар хафиз жеткирди, бизге Абу Бакр Нисабурий хадис риваят кылды, бизге Ахмад ибн Мансур хадис риваят кылды, бизге Абу Асим Муса ибн Убайдадан хадис риваят кылды, мага Имран ибн Абу Анас

Малик ибн Авс ибн Хадасандан мындай дегенин риваят кылды: «Биз Усмандын алдында олтурган элек. Ошондо Абу Зар келип калды. Ага, Эй Абу Зар, бизге Расулуллах ﷺдан бир хадис айтып бер дешти. Абу Зар: Мен Расулуллах ﷺдын:

«فِي الْإِبِلِ صَدَقَتُهَا وَفِي الْغَنَمِ صَدَقَتُهَا وَفِي الْبَقَرِ صَدَقَتُهَا وَفِي الْبَزِّ صَدَقَتُهُ»

«Төөнүн өзүнүн садакасы бор. Койдун өзүнүн садакасы бар. Малдын өзүнүн садакасы бар. Кийимдин өзүнүн садакасы бар» дегенин уктум, деди»».

Ошондуктан, соода малдарына – эгер, алардын кыйматы алтын нисабына же күмүш нисабына жетсе жана жыл айланса – зекет важиб болот.

Мисалы, соодагер өз соодасын нисабга жетпеген мал менен баштап, жылдын акырында мал нисабга жетип калса, бул малга зекет берилбейт. Анткени, нисаб үчүн толук бир жыл айланган жок. Толук бир жыл өткөндөн кийин соодагер бул малга ушул нисаб боюнча зекет бериши важиб болот.

Эгер, соодагер соодасын нисабдан ашкан мал менен баштаса, мисалы миң динар менен баштап, жылдын акырында соодасы көбөйүп үч миң динар кыйматында пайда алып келсе, соодагер ошол соодасын баштаган миң динардын эмес, үч миң динардын зекетин бериши важиб болот. Анткени, үч миң болуп көбөйүү ушул миңге караштуу. Андан түшкөн пайданын жыл айланышы асл каражаттын жыл айланышынын дал өзү. Мисалы, улак жана козулардагы сыяктуу. Анткени, алар энелери менен кошуп эсептелип, зекет берилет. Алардын энелерине жыл айланышы аларга да айланат. Малдын пайдасында да ушундай. Анткени, ага жыл айланышы ушул пайданы алып келген асл малга жыл айланышы менен өлчөнөт. Ошондуктан, жыл бүткөндө соодагер өзүнүн соода малдарынын кыйматын аныктайт. Соодагер зекет катары берүү важиб болгон төө, мал, кой сыяктуу малдарынын, же кийим, өнөр жай продукциялары, жер жана имарат сыяктуу зекет катары берүү важиб болбогон малдарынын баарын алтын же күмүш менен баалап чыгат жана алтын нисабынын кыйматына же күмүш нисабынын кыйматына жетсе, алардын ондон төртүн, «2,5%»ын зекет кылып берет. Аларга важиб болгон зекетти жүгүртүүдө жүргөн акча менен берет. Алардын зекетин алардын өзүнөн бериши да жайиз. Ушунусу жеңил болсо ушундай кылат. Мисалы кой, мал, кийим менен соода кылган киши ушундай кылышы мүмкүн. Зекет важиб болгон кыймат кой, же мал, же кийим кыйматынын зекетинен болот. Соодагер алардан зекет кылып акчаларды бериши да же кой, мал жана кийимдин өзүн бериши да мүмкүн. Кайсыны кааласа ошону кылат.

Төө, мал, кой сыяктуу нерсенин өзүндө зекет важиб болгон соода малдарында чарба зекети эмес, соода малдарынын зекети берилет.

Анткени, бул малдарга ээ болуудан максат аларды мүлк кылуу эмес, соода.

Бул шаръий вакиълик түшүнүлгөн болсо, суроонуздун жообу төмөнкүчө болот:

а) Соода малдары базар наркы менен бааланат т.а. зекет берүүнүн убагы келген учурдагы сатылуу кыйматы менен бааланат. Анткени, бул ушул малдардын чыныгы кыйматы. Алар сатып алынгандагы нарк менен бааланбайт. Анткени, бул нарк товардын чыныгы наркын билдирген базар наркынан аз же көп болушу мүмкүн. Ошондуктан, базар наркы негиз болот.

б) Сатуучу дүң соода кылса, анын товарлары дүң товарлар наркы менен бааланат. Чекене соода кылса, чекене нарк менен бааланат... Эми, эгер дүң соода менен чекене соода бир-бирине аралашып кетсе, экөөсүнүн соодасы ортосундагы нисбат алынат жана ушул нисбатка негизделет. Эгер, товардын жарымын дүң соода менен, жарымын чекене соода менен сатса товардын жарымы дүң баа менен, жарымы чекене баа менен бааланат ж.б.у.с.. Анткени, бул, товарлардын кыйматы жөнүндөгү акыйкатка жакыныраак иш.

в) Товар соодагердин өлкөсүндөгү нарк менен эмес, товар турган өлкөдөгү базар наркы менен бааланат. Анткени, товар турган өлкөдөгү базар наркы анын чыныгы кыйматына жакыныраак.

г) Бардык товарлар – өтпөй калганы да, өткөнү да – зекет берилген учурда бааланат. Анткени, товарлар – түпкүлүгүндө мал. Ошондуктан, өтпөй калган товарлар зекет берилген учурда өзүнүн базар кыйматы менен бааланат. Бул абалда алардын кыйматы өтпөй калышынан мурунку кыйматынан аз болушу табигый. Бул, ар жылы болот. Анткени, алар товарлар көрүнүшүндөгү акча. Ошондуктан, акчага жыл сайын зекет важиб болгондой, товарларга да зекет важиб болот.

д) Соода малдарына акча зекет кылып берилет. Зекет товардын өзүнөн болушу да жайиз. Мисалы, 2000 зекет берүү важиб болсо жана бир товардын наркы 500 болсо, зекет берүүчү 4 товарды зекет кылып бериши мүмкүн. Бул болсо өтпөй калган товарды берүүгө мүмкүн кылат. Анткени, мында зекет кылып берилип жаткан мал акча эмес, товар болот. Натыйжада, зекет берүүчүнүн кызыкчылыгы эсепке алынган болот.

Бул маселеде мен рожих көргөн раъй мына ушул. Валлаху Аълам ва Ахкам.

25-жумадус-саний, 1437-х.
3-апрель, 2016-м.

# Ислам мамлекети жок убакта зекет кимге берилиши туурасында

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

Эй шейхибиз, бир ихтилаф бар: Зекет кимге берилет? Өкмөткө берилеби? Билебиз, өкмөт аны атайын көрсөтүлгөн орундарга сарптабайт! Же факир жана мискиндерге бөлүштүрүлөбү?! Кеңири далилдери менен түшүндүрүп берсиз деген үмүттөбүз, Аллах биз себептүү сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп**: суроонузду салам менен баштоону унутупсуз. Бирок, биз сизге жакшылыкты ыраа көрүп, жогоруда сиздин ордуңузга өзүбүз саламды кошуп койдук!

Ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Зекет Исламда төмөнкү таризде аткарылат:

1 – Алтын жана күмүштүн (акчалардын) зекетин мамлекеттеги зекет менен алектенген кишиге берүү жаиз. Мамлекет аны өз акылууларына жеткирет. О.э. зекет берүүчүнүн өзү да аны акылууларга бериши жаиз. Акылуулар ушул аят каримада айтылган сегиз тайпадан турат:

﴿إِنَّمَا الصَّدَقَاتُ لِلْفُقَرَاءِ وَالْمَسَاكِينِ وَالْعَامِلِينَ عَلَيْهَا وَالْمُؤَلَّفَةِ قُلُوبُهُمْ وَفِي الرِّقَابِ وَالْغَارِمِينَ وَفِي سَبِيلِ اللَّهِ وَابْنِ السَّبِيلِ فَرِيضَةً مِنَ اللَّهِ وَاللَّهُ عَلِيمٌ حَكِيمٌ﴾

*«Албетте, садакалар (т.а. зекеттер) Аллах тарабынан фарз кылынган, ал жалаң гана факирлерге, мискиндерге, садака чогултуучуларга, көңүлдөрү (Исламга) дос-үлпөт кылынуучу кишилерге, моюндарды (кулдарды) азат кылууга, карыздар кишилерге жана Аллах жолунда (т.а. жихадга же хажга бара жаткандарга) жана жол жүргөн мусафырларга берилет. Аллах билимдүү жана даанышман»* [9:60]

2 – Мал-жандыктын, эгиндин, мөмөлөрдүн зекети мамлекеттеги зекет менен алектенген кишиге берилет. Мамлекет аны акылууларына жеткирет. Бул түрдөгү нерселердин зекети мамлекет аркылуу эмес, зекет берүүчү аркылуу берилиши жаиз эмес.

3 – Бирок, булардын баары Ислам мамлекети бар болгон убакта болот. Аллах Таала Ислам Үммөтүн жарык күндөргө жеткирип, рошид Халифалыкты тикелөө менен нусрат берсе, мына ошондо мал-жандыктын, эгиндин, мөмөлөрдүн зекетин адамдар аркылуу эмес, мамлекет аркылуу берүү важиб болот. Алтын жана күмүштүн (акчадан), сооданын зекетин мамлекет жардамында да, түздөн-түз зекет ээси аркылуу да берүү мүмкүн.

4 – Бүгүн шаръий өкүмдөрдү колдонгон Халифалык мамлекети жок. Мындай убакта адамдар өз мүлктөрүнүн зекетин, мал-жандан болобу, эгин продукциялары болобу, соода мүлктөрү болобу, алтын жана күмүш малдары болобу, алардан алынган зекеттерди түздөн-түз адамдар

өзүлөрү акылууларга берүүлөрү жаиз. Мында шаръий өкүмдөргө ылайык жана бул туурасында анык ишеним менен аткаруулары лазым, Аллах тавфик берсин.

«Ислам мамлекетиндеги малия» китебинде зекетти халифага берүү бабында мындай деп келген: «Зекет эмнеден болушуна карабастан, ал халифага, же халифа дайындаган валийге, же халифа дайындаган зекет жыюучуларга берилет. Аллах Таала айтат:

﴿خُذْ مِنْ أَمْوَالِهِمْ صَدَقَةً تُطَهِّرُهُمْ وَتُزَكِّيهِم بِهَا وَصَلِّ عَلَيْهِمْ إِنَّ صَلاَتَكَ سَكَنٌ لَّهُمْ﴾

*«(Эй Мухаммад), сен алардын малдарынан бир бөлүгүн өздөрүн аруулап-тазалай турган садака катары алгын да алардын акыларына дуа кыл. Албетте, сенин дубаң алар үчүн бейпилдик болот»*

[9:103]

Аллах бул аятта Расулуна мал ээлеринен садака алууну буюрду. Расулуллах ﷺ жүзүм жана курманы чамалоо үчүн чамалоочуларды дайындаганы сыяктуу эле мал ээлеринен садака алуу үчүн садакага валий, аким жана садака жыюучуларды дайындаган. Адамдар Расулуллах ﷺ заманында зекетти Расулуллахка жана ал дайындаган валийге, аким жана садака жыюучуларга берген».

Алтын-күмүштүн т.а. акчанын зекетин адам өзү таратышы жана өз ордуна бериши жаиз экенине сахабалар жана табеиндерден риваяттар келген. Абу Убайда риваят кылат, Кайсан Умарга эки жүз дирхам зекет алып келип: «Эй момундар амири, бул малымдын зекети», деди. Умар ага: «Муну өзүң алып барып тарат», деди. Дагы Абу Абуйда Ибн Аббастын мындай дегенин риваят кылат: «Эгер зекетти өз орундарына берсеңер силер бул орундардагы кимдир бирөөнү муктаж деп эсептесебесеңер да зыяны жок».

Ибрахим менен Хасандын «Зекетти өз ордуна бергиле жана жашыргыла» дегени риваят кылынат. Бул алтын-күмүш т.а. акчанын зекети жөнүндө болду. Ал эми, мал-жандык, эгин жана мөмөлөргө келсек, булар албетте халифага же анын жардамчысына берилиши лазым. Мисалы, Абу Бакр رضي الله عنه зекетти бербегендерге каршы согушту, алар өз валийлерге жана валийлер жиберген адамдарга зекетти төлөөдөн баш тартышты. Ошондо Абу Бакр мындай деди: «Аллахка ант болсун, эгер мени Расулуллах ﷺга берип келишкен бир эле эчкинин улагынан тыйышканда, бул туурпасында албетте аларга каршы согушмакмын».

22-рамазан, 1438-х.
17-июнь, 2017-м.

## Халифалык жок учурунда зекеттин малы каякка берилет?

**Суроо**: ассаламу алейкум урматтуу шейх Аба Ясин, Аллах өмүрүңүзгө береке берсин.

Биз билгендей жайытта от алып жеген койлорго зекет берилет жана жайытта от алып жебеген колдо багылган койлорго зекет берилбейт. Бизде бир адам койлорун жылдын көп мезгилинде колдо багат, жылдын азыраак учурунда гана жайытка чыгарат. Анын максаты койлорун көбөйтүү, негизинен ал койлор жылдын көп мезгилинде колго багылгандыгы үчүн жылына эки тууйт. (Койлорду сатуу максатында эмес, көбөйтүү максатында). Ушуга зекет берилеби? Аллах сизге берекесин берсин.

Аттия Ал - Джабарин Палестина.

Асаламу алейкум, Аллах сизге жакшылыктарды берсин.

Халифалык жок учурда зекет кимге берилет?

Адель Арби..

**Жооб:** алейкуму салам рахматуллоохи уа баракаатуху.

Экөөңөрдүн тең сурооңор бир жактамада болгондуктан жооб төмөнкүчө:

Биринчиден: койдон, уйдан жана төөдөн бериле турган зекет.

1. Колго багылган төөдөн, уйдан, койдон зекет берилбейт. Анткени "жайытта кайтаруу" иллети түшүндүрө турган сыпаат. Өкүм иллет сыпаатына байланыштуу болот. Бул иллет сыпаатынын жок болушу менен өкүм да жок болот. Анын шарты иллет сыпааты, иллетти түшүндүрө турган сыпаат болушу шарт. Эгер иллетти түшүндүрбөй турган сыпаат болбосо, анда ага өкүм байланбайт. Дагы кайталайм, иллетти билдире турган сыпаатын шарты иллетти түшүндүргөн сыпаат болушу шарт. Пайгамбар ﷺ сөзүндөгүдөй: "Жайытта жайылган койдон зекет...". (Бухаари риваяты). Кой бир заттын ысымы. Анын эки сыпааты бар: "жайытта кайтарылган" жана "колго багылган". Зекет өкүмү жайытта кайтарылган койго байлангандыгына жана колго багылган малга байланбаганына далаалат кылат.

2. Буга далилдер төмөнкүлөр:

- Абу Дауд риваяты узун хадистин үзүндүсү. Абу Бакр رضي الله عنهдан Пайгамбар ﷺ айтты: "... жайытта кайтарылган койдон эгер кырка жетсе, андан бир кой зекет берилет...".

- Абу Зар رضي الله عنهдан Пайгамбар ﷺ айтты: "Кайсы бир төөнүн, уйдун, жана койдун ээси зекетин бербесе, кыямат күнү мурдагы абалдарынан чоң жана семиз болуп келип мүйүздөрү менен челип туяктары менен тебелеп салышат".

- Али رضي الله عنه дан айтты: “Колго багылган төөдөн садака жок”. Байхакий риваяты.

- Амр бин Динаар رضي الله عنه дан, Пайгамбар ﷺ айтты: “Кошко түшкөн өгүздөн садака жок”. Абиид риваяты. Абдуллоохи бин Жаабир رضي الله عنه дан айтты: “Кошко түшкөн (өгүздөн) садака жок”.

- Хааким “Мустадрак” китебинде Бахзин бин Хакиимден, ал атасынан жана чоң атасынан айты: Пайгамбар ﷺ айтканын уктум: ал айтты: “Жайытта жайылган ар бир кырк төөдөн бир сүт бере турган төө садака берилет...”. Хааким бул хадистин иснады сахих деген. Жайытта кайтарылган дегенде колго багылган эместикти түшүндүрөт.

3. Жогоруда баяндалгандай, ушул үч түрдөгү малдардан зекет берилет. Зекет бир жылдан ашык жайытта кайтарылган малдан берилет, ал эми колго багылган малдан зекет берилбейт, ошондой эле жер айдоого түшкөн өгүздөн берилбейт.

4. Корутундулап айтканда, жаныбарлардын баардыгынан эмес, малдардан гана зекет берилет. Кой, уй жана төөдөн. Ал сатык үчүн багылган баардык айбандардан зекет берилет. Башкача айтканда, насста далил келгендей товар катары, тактап айтканда алып-сатуу үчүн багылган баардык жаныбарлардан – түрүнө карабастан мейли кездеме же дан болсун, айырмасыз – зекет берилет. Буга далил төмөнкүчө:

- Самрата бин Жундуб رضي الله عنه дан айтты: “Пайгамбар ﷺ бизди соодага даярдаган нерсебизден садака чыгаруубузга буюрду”. Абу Дауд риваяты.

- Абу Зар رضي الله عنه дан Пайгамбар ﷺ айтты: “Бөздөн да садака берилет”. Даарукутний, Байхакий риваяты. Бөз – сатыла турган кездеме.

Экинчиден: суроодо келгендей, Халифа жок болсо, кимге зекет берилет? Тактап айтканда, рубайбиза акимдер зекет жыйнап алууга татыксыз, анда кимге берилиши керек деген маанидеги суроого жооб.

1. Зекет малдардан, же эгиндерден, же мөмө-жемиштерден, же акчадан, же соода-сатык товарларынан болсун, айырмасыз, Халифага зекет берилет. Же анын орун басарлары болгон валийлерге, аамилдерине берилет. Же зекетти жыйнап алуу үчүн дайындалган адамдарга берилет. Аллах айтат:

خُذْ مِنْ أَمْوَٰلِهِمْ صَدَقَةً تُطَهِّرُهُمْ وَتُزَكِّيهِم بِهَا وَصَلِّ عَلَيْهِمْ ۖ إِنَّ صَلَوٰتَكَ سَكَنٌ لَّهُمْ ۗ وَٱللَّهُ سَمِيعٌ عَلِيمٌ ﴿١٠٣﴾

*“Аларды тазалай турган малдарынан садака ал, аларга салават (дуа) кыл сенин дуаң аларга тынчтык. Аллах угуучу билүүчү”* [9:103]

Аллах бул аятта элчисин мал ээлеринен зекет алууну буйруду. Пайгамбар ﷺ валий, аамилдерди жана мал ээлеринен зекет жыйнай

турган адамдарды дайындаган. Ошондой эле курма, жүзүмдөрдөн түшүмдүн үшүрүн жыйнай тургандарды дайындаган. Пайгамбар ﷺдын учурунда адамдар ага зекеттерин беришкен же ал киши дайындаган адамдар валий, аамил жана сааъаттарга (зекет жыйнай турган адамдарга) зекеттерин беришкен. Иш ушундай нукта уланган. Андан кийин Халифаларга жана валийлерине берип келишкен...

Сахааба жана таабиъиндерден риваяттар келишинче, зекетти зекет бере турган адам өзү эле зекеттке муктаждарга берип койуусу жайиз. Тактап айтканда, акчалай түрдө болсо, Абу Абиид риваяты Кайсаан Умар رضي الله عنه эки жүз дирхам алып келип айтты: “Эй момундардын амири, бул менин малымдын зекети”. Умар رضي الله عنه ага айтты: “Барып, аны өзүң бөлүштүрүп бер”. Абу Абииден дагы бир риваят, Ибн Аббаас رضي الله عنهдан, айтты: “Эгер, аны (зекетти) орду ордуна койсоң жана алардын бирин орунсуз деп эсептебесең, анда аны туура негизде кылган болосуң”. Ибрахим жана Хасандан риваят айтышты: “Аны (зекетти) ордуна кой жана жашыруун кыл”. Бул акчалай түрүндөгү зекет тууралуу болду. Аны зекет берүүчү Халифага, же валийлерине берет, же өзү таратып берсе да болот.

Ал эми малдар, эгиндер, мөмө-жемиштерди Халифага же ал дайындаган адамдарга берилүүсү зарыл. Абу Бакр رضي الله عنه зекетти бербегендерге каршы согуш жарыялады. Ал өзү дайындаган валийлерге жана зекетти жыйноочу алдамдарга зекеттерин бербей койушкан учурда мындай деди: “Алар Пайгамбар ﷺга берип келген чычкак улактарын беришпесе, Аллахка ант болсун аларга каршы согушамын”. Муттафакун алейи, Абу Хурайра رضي الله عنهдан. Эгер, Халифа болбосо, анда зекет берүүчү өзү зекетке муктаж деп ылайыктуу көргөн адамдарына тараттып берүүсү жайиз. Ал адамдар Куран аяттында айтылган адамдар: “Садака кембагалдарга, мискиндерге, зекет жыйноочуларга, жүрөктөрү (Исламга) байлангандарга, мукаатиб кулга, карыздарга, Аллах жолундагыларга жана мусаапырларга (берилет), бул Аллахтан болгон фарз Аллах билүүчү жана өкүмдар”.

Ислам түркүктөрүнө кандай кырдаал болбосун, ага амал кылынат, балким мүмкүнчүлүгү жетишинче алар аткарылат.

28-жумаадил-уула, 1440-х.
3-февраль, 2019-м.

## Зекетке муктаж болгон адамдын зекеттен ала турган эң көп (максималдуу) өлчөмү

**Суроо**: ассаламу алайкум, урматтуу Шейх. Менде суроо бар эле, мүмкүн убактыңыз болсо, жооп берерсиз. Зекет ала турган адам зекеттен канча өлчөмдө алат. Мисалы, эгер адам үйү жок болсо, үй курууга жеткидей акча алса болобу... же зекет ала турган адам зекеттен канча өлчөмдө ала алат? Аллах ыраазы болсун.

**Жооб**: Ассаламу алайкум рахматуллохи уа баркатуху.

Сенин суроон зекет ала турган адам зекеттен көп (максималдуу) өлчөмдө алуусу тууралуу болуп жатат.

Мунун жообу: зекет ала турган адам зекеттен канча көлөмдө ала тургандыгы тууралуу түзмө-түз шарий насс келген эмес. Бирок, зекет тууралуу аятта айтылат:

قوله تعالى ﴿إِنَّمَا الصَّدَقَاتُ لِلْفُقَرَاءِ وَالْمَسَاكِينِ وَالْعَامِلِينَ عَلَيْهَا وَالْمُؤَلَّفَةِ قُلُوبُهُمْ وَفِي الرِّقَابِ وَالْغَارِمِينَ وَفِي سَبِيلِ اللَّهِ وَابْنِ السَّبِيلِ فَرِيضَةً مِنَ اللَّهِ وَاللَّهُ عَلِيمٌ حَكِيمٌ﴾

*«Садака кем багалдарга, мискиндерге, зекет чогултуучуларларга, (Исламга) жүрөгү байлангандарга (жаңыдан киргендерге), кулдарга, карызы барларга, Аллах жолунда жихад кылгандарга жана мусапырларга. Аллах билүүчү жана өкүмдар».*

Бул аяттан зекет алуучу канча өлчөмдө алуусун истинбат кылып алса болот. Анткени, бул аятта зекет ала турган адамдардын зекет алуу сыпаттары түшүнүктүү баяндалган. Бул дегени зекет ала турган адам ошол сыпатка түшкөндүгү үчүн зекет алат (иллеттенет) зекет ала турган адам зекет ага берилүүсү тууралуу сыпат анда бар болгондугу үчүн ал сыпат андан жок болгучакты зекет ала берет. Качан гана бул сыпат анда жок болгон учурда зекет алууга татыктуу болбой калат:

Мисалы кембагал жана мискиндер аларда кембагалдык жана мискиндик сыпаты бар болгондугу үчүн зекет алышат. Аларга бериле турган зекеттин көп (максималдуу) өлчөмү аларды бул сыпаттан (кембагалдык жана мискиндиктен) чыгара турган өлчөмдө болуусу керек. Башкача айтканда, алар кемабагалдык, мискиндик сыпатынан чыгып зекет алууга муктаж болбой кала тургандай өлчөмдө. Аларга андан ашык өлчөмдө берилүүсү жаиз эмес. Бул өлчөм бир адам менен башка адамга жана бир абал менен башка абалга салыштырмалуу түрдүү болот.

Мисалы: зекет чогултуучуларга бериле турган өлчөм, анткени алар зекет чогултуу үчүн иштешкен. Аларга зекет берилүүсүнүн себеби – алар зекет чогултууга аракет жумшагандыктарына жараша мамлекет аларга зекеттен айлык белгилейт. Эгер мамлекет аларга айлык белгилебесе, анда аларга сыйлык катары берет. Андан ашык бербейт, анткени зекет алар

үчүн табароот (тартуу) эмес, балким мамлекет алардын зекетти жыйноого жумшаган аракетине жараша гана берет...

Мисалы: карыздар адамга зекеттин берилүү өлчөмү: карыздар адамга карызынан кутула турган өлчөмдө гана берилет. Андан ашык берилбейт. Алар карыздар адам деген сыпатка түшкөндүгү үчүн берилет, качан ал сыпаттан чыккандан кийин ага берилбейт.

Мына ушул сыяктуу аятта айтылган баардык сыпаттарга түшкөн адамдарга ошол сыпаттардан аларды чыгаруу үчүн берилет. Качан ал сыпаттардан чыкса, аларга андан ашык берилбейт.

Биз жогоруда баяндап өткөн кээ бир маанилер «Халифалык мамлекеттиндеги малия» китебинин зекет сарптала турган орундар бабында төмөнкүчө келген:

1 – Факирлер. Алар негизги муктаждыктары: жемек-ичмек, кийим-кечек жана турак жайлары үчүн жетиштүү малдары болбогон адамдар. Негизги муктаждыгын кандыруу үчүн зарыл болгон каражаттан аз малга ээ адам факир деп аталат. Ал садакадан алуусу мүмкүн. Ага анын муктаждыгын жана кембагалдыгын жоё турган чекке чейин зекеттен берилүүсү жайыз.

Алла зекет алууну байларга арам кылды. Абдулла ибн Амрдан риваят кылынат, Расулулла ﷺ: «Садака байга жана кесип кылуучу күч-кубат ээсине адал болбойт», - деди. Эгер кесип кыла ала турган адам иш таба албаса, анда ал факир деп саналат. Бай – башкага муктаж болбогон жана муктаждыктарын каптай турган малдан ашыкча каражатка ээ болгон адам. Байдын ким экендигин баяндаган хадистер келген. Абдулла ибн Масъуддан риваят кылынат. Расулулла ﷺ: «Сураганга муктаж болбой туруп сураган кимсе кыямат күнүндө жүзү тытылган болуп тирилет», - деди. Ошондо: «Я Расулулла, аны кандай нерсе муктаж эмес кылат», - дешти. «50 дирхам, же болбосо алтындан 50 дирхамга барабар болгону», - деди. Кимде-ким 50 дирхамга т.а. 148,75 грамм күмүшкө же тамактанышы, кийиниши, турак-жайы, үй-бүлөсү, балдары, кызматчысынын нафакасынан сырткары 50 дирхам күмүш барабарында алтынга ээ болсо, анда ал бай болуп эсептелет. Ал үчүн садака алуу жайыз болбойт.

2 – Мискиндер. Алар эч нерсе таба албаган адамдар, жокчулук аларды мискин кылган. А бирок, алар адамдардан тиленишпейт, Расулулла ﷺ: «Адамдардан сурай турган жана ага бир же эки тиштем, бир же эки даана курма берилсе кайра кайтып кете турган адам мискин эмес. Өзүнө жете турган байлыкты таба албай турган, садака кылынышы үчүн өзүн сездирбей турган жана адамдардан сурап жүрбөй турган адам мискин болуп саналат», - деди. Муттафакун алайх. Алла Тааланын сөзүнө ылайык, «мискин» кембагалдан да муктажыраак: أَوْ مِسْكِينًا ذَا مَتْرَبَةٍ [90:16] -

т.а. ач-жылаңач болгону үчүн топуракка жабышуучу адам. Мискинге садака адал. Ал садакадан алуусу мүмкүн. Ага негизги муктаждыктарын кандыруу үчүн жетиштүү боло турган жана аны мискиндиктен көтөрө турган чекке чейин садакадан берилүүсү жайыз.

3 – Аамилуна алайха. Садака важып болгон адамдардан садакаларды чогултуу үчүн же акылууларга таркатуу үчүн дайындалган садака жыюучулар. Бай болушса да, садакаларды топтоо же таркатуу милдетин аткаргандыгы акысына аларга садакалардан берилет. Ато ибн Ясордон риваят кылынды. Расулулла ﷺ: «Садака бай үчүн адал болбойт. Бирок, 5 адамга: садака жыюучуга; өз малы менен садаканы сатып алган адамга; садака кылына турган кошунасы болуп, садаканы ага белек кылган адамга; мужахидге; карызы бар адамга садака адал болот», - деди. Буср ибн Саидден риваят кылынат. Ибн Саъдий ал-Маликий: «Умар мени садакага аамил кылды. Садакадан бошогон жана садаканы ага тапшырган убагымда, мени акча алууга буюрду. Мен «Алла үчүн кылдым» дедим. Умар: «Берилген нерсени ал, мен да Расулулла ﷺ заманында аамил болдум, Набий ﷺ мени зекет жыюучу кылды. Мен сенин сөзүңө окшогон сөздү айттым. Расулулла ﷺ мага: «Сен сурабаган нерсе сага берилсе, аны ал, андан пайдалан жана садака кыл», - деди». Муттафакун алайх.

4 – Муаллафату кулубухум. Алар ыйманы бекемделе элек эр жүрөк, таасирдүү адамдардан, саййиддер (жетекчилер) жана командачылардан турган топ. Халифа же валийлер алардын дилдерин дос кылуу, ыймандарын бекемдөө, Ислам жана мусулмандар пайдасына кызмат кылуусу же жамааттарына таасир өткөрүүлөрү үчүн аларга зекет берүүнү рай кылат. Мисалы: Расулулла ﷺ Абу Суфян, Уяйна ибн Хисн, Акраъ ибн Хобис, Аббас ибн Мардас жана ушулар сыяктуу адамдарга зекет берген. Амр ибн Таглибден риваят кылынат: «Расулулла ﷺга мал же туткундар алып келинди, аны бир нече адамдарга бөлүштүрүп берди. Кээ бирөөлөргө берип, кээ бирөөлөрүнө бербеди. Кийин калтырылган адамдардын наааразы болгонун укту. Расулулла ﷺ Аллага алкыш жана мактоолор айтып, андан кийин: «Аллага ант болсун, мен бир адамга беремин, бир адамды калтырамын. Калтырган адам мен үчүн мен берген адамдан көрө сүйүктүүрөөк. Мен алардын дилдеринде туталануу жана душмандан коркууну көргөнүм үчүн бул коомдорго мал беремин. Дагы мен Алла алардын жүрөктөрүндө муктаж эместикти жана жакшылыкты койгон коомдорду ушул сыпаттарына тапшырып коёмун», - деди».

Дилдери дос кылына турган адамдарга мусулман болушса гана зекет берилет. Эгер капыр болушса, Расулулла ﷺ Яманга жибергенде Муазга: «Алла байлардан алына турган жана кембагалдарга бериле турган

зекетти аларга фарз кылганын билдир», - деген сөздөрүнө ылайык, капырга садакадан берилбейт.

Бул топко эмне үчүн берилип жатканынын себеби жүзөгө чыкканда гана зекеттен ажыратып берилет. Эгер бул себеп жоголсо, аларга зекет берилбейт. Ислам азиз болуп тарагандан кийин Абу Бакр жана Умар ﷺ зекеттен аларга берүүдөн баш тарткандары сыяктуу.

5 – Рикоб. Кулдар. Мукотабга (эгер аларды кулдугунан азат кылуу үчүн белгилүү бир акчага келишип алынган болсо) зекет берилет. Эгер алар мукотаб болбостон кул болушса, алар сатып алынып азат кылынат. Бүгүнкү күндө болсо кулдар жок.

6 – Горимуна. Алар араны оңдоо, кундун акчасын төлөө, же өздөрүнүн жекече кызыкчылыгы үчүн карыз алган адамдар.

Араны оңдоо же төлөмдөрдү төлөө үчүн карыз алган адамдарга, алардын бай же кембагалдыгына карабастан, зекеттен берилет жана алардын мойнундагы карыздары канча болсо, ошончо акча берилет. Анастан риваят кылынат, Набий ﷺ: «Суроо 3 адамга: өтө кембагал кишиге, көп карыздар кишиге жана адам өлтүргөн кишиге (дия төлөө үчүн) адал болот», - деди. Кабиса ибн Махорик ал-Хилалийден риваят кылынат: «Карыздар болуп калып, Расулулла ﷺдан карызды үзүү үчүн акча сураганы келдим. Набий ﷺ: «Бизге садака келгенче күтүп тур, сага садакадан берүүгө буюрамын», - деди. Кийин: «Эй, Кабийса, суроо 3 адам үчүн адал болот т.а. карыздар адамдын карызына жетиштүү акчаны суроосу адал болот, кийин бир адамдын малына мусибат түшсө, негизги муктаждыгын каптаганга чейин жардам суроо ага адал, дагы бир адам жокчулуктан кыйналган адам болуп, ал жөнүндө коомундагы акылдуу 3 адам «баланчага жокчулук жетти» десе, ага суроо адал болот. Мына ошондой адамга да зарыл муктаждыгын кандырганча суроо адал болот. Эй, Кабийса, булардан башка адамдардын суроосу арам. Суроочу адам арам жеген болот», - деди.

Жеке кызыкчылыктары үчүн карыз алган адамдарга – кембагал болушу же кембагал болбошуна карабастан, карыздарын төлөй албай турган даражада болушса – карыздарын үзүү үчүн аларга зекеттен берилет. Ал эми алар карыздарын төлөөгө кудуреттүү болгон бай болушса, зекет аларга адал эмес. Аларга зекеттен берилбейт.

7 – Фи сабилиллахи. Т.а. жихад жана жихадга зарыл болгон армия даярдоо, ишканаларды куруу жана курал чыгаруу. Куранда «фи сабилиллахи» келген орунда ал жихадды гана билдирет. Жихад жана жихадга керек болгон нерселерге зекеттен ажыратылат. Бул көлөм менен белгиленбейт. Зекетке акылуу болгондордун кызыкчылыгынан келип чыгып, халифанын райына карап, жихадга зекеттин баары же бир бөлүгү берилүүсү жайыз болот. Абу Саидден риваят кылынды, Расулулла ﷺ:

«Садака байга адал болбойт, илла, Алла жолунда болсо адал болот…», - деди. Дагы бир риваятта «Алла жолундагы мужахидге адал болот…», - деди.

8 – Ибнус-Сабийл. Ал шаарына чейин жетип алууга мал таба албай жаткан, сапарында жолдо калып кеткен киши. Шаарына жетип алуусу үчүн жол акысына жетиштүү көлөмдө зекет берилет. Расулулла ﷺдын: «Садака бай үчүн адал болбойт, болгону Алланын жолундагы же мусапыр адамга гана адал болот…», - деген сөздөрүнө ылайык, өз шаарында бай болсо да, мусапырга зекет берилет.

Аятта айтылган сегиз топтон башкасына зекет берилиши жайыз эмес. Зекет мечит, ооруканаларды куруу, кайрымдуулук коому же үммөт жана мамлекет кызыкчылыктары үчүн берилбейт. Себеби, зекет башкалар шерик болбой турган жогорудагы сегиз топко таандык мүлк болуп саналат.

Зекетте бул топтордун кызыкчылыгын жүзөгө чыгара турган пикир тандоо укугу халифага таандык. Халифа гана зекет берүүдө бул топтордун кээ бирин чектөөсү жайыз болгону сыяктуу, жалаң анын райына карап, зекетти сегиз топко таркатуу да жайыз болот. Эгер коомдо бул топтор болбосо, муктаждык туулганда сарпталуучу орундарына сарптоо үчүн байтулмалда садакалар деванында сакталат. Садака жөнүндө Ибн Аббастан риваят кылынат, Ибн Аббас: «Бул сегиз топтон кай бирине сарптасаң да боло берет», - деди. Ато жана Хасан да ушул сөздү айткан. Малик: «Садака бөлүштүрүүдө биз ихтилаф кылган эмеспиз. Бул нерсе валийдин ижтихадына ылайык болот. Топтордун кай биринде муктаждык болсо, өзү рай кылган көлөмдө, ошол топту абзел көрөт», - деди». «Халифалык мамлекетиндеги малия» китебинен алынган цитатат бүттү.

Ушул жетиштүү деп ойлоймун, Аллах билүүчү жана өкүмдар.

17-шаъбан, 1441-х.
10-апрель, 2020-м.

## Соода тарынын зекети

**Суроо**: айтайын дегеним, соода товарынын зекети сатыкка коюлган товардын баасына жараша чыгарылышы керек. Зекет берүүчү товарды сатып алган учурдагы баасында эмес балким кардарларына саткан учурдагы баасына жараша зекет бериши керек! Башкача айтканда мен 10 000 уюлдук аппарат сатып алып, аны 15 000ге саттым. Зекет баасы 15 миңден берилиши керек. Ушундай түшүнгөнүм туурабы?

**Жооб**: “Малдар “ китебинде келген: (Соода товарларынын зекети)

Соода товарлары - бул киреше алуу максатында сатып алуу жана сатуу үчүн алынган накталай акчадан башка бардык нерсе. Тамак-аш, кийим-кече, эмеректер, өндүрүш, жаныбарлар, пайдалуу кендер, жер, имараттар жана башка сатып алына турган жана сатыла турган нерселер.

Соода үчүн алынган товарларга зекет берилет. Бул сахабалар арасында эч кандай келишпестик жок.

عن سَمُرَةَ بن جندب قال: «أَمَّا بَعْدُ، فَإِنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ كَانَ يَأْمُرُنَا أَنْ نُخْرِجَ الصَّدَقَةَ مِنَ الَّذِي نُعِدُّ لِلْبَيْعِ» رواه أبو داود.

Самурата бин Жундуб риваят кылган хадисте: “ Алланын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, сатууга даярдаган нерселерибизден садака берүүнү буйручу”. Абу Дуад риваяты.

وعن أبي ذر عن النبي ﷺ قال: «وَفِي الْبَزِّ صَدَقَتُهُ» رواه الدارقطني والبيهقي.

Абу Зар риваят кылган хадисте, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: “Баззинин садакасы бар”. Даарукутний жана Байхакий риваяты. Баззи- соода сатыка койула турган кийим жана кездемелер.

وروى أبو عبيد عن أبي عَمْرة بن حماس عن أبيه قال: «مرّ بي عمر بن الخطاب، فقال: يا حماس، أدّ زكاة مالك، فقلت: ما لي مال إلاّ جعاب، وأدم. فقال: قوّمها قيمة، ثمّ أدّ زكاتها».

Абу Убайд Абу Амра бин Хамастын атасынан риваят кылган хадисте, ал айтты: “Умар бин аль-Хаттаб менин жанымдан өтүп баратып ал айтты: Эй Хамас, малыңдын зекетин бер. Мен айттым: менде болгону ашатылган тери жана жаанын саадагы жасала турган булгаары гана бар. Ал айтты: ага карап баасын чыгар, анан зекетин бер.

وعن عبد الرحمن بن عبد القاريّ، قال: «كنت على بيت المال، زمن عمر بن الخطاب، فكان إذا خرج العطاء جمع أموال التجار، ثمّ حسبها، شاهدها وغائبها، ثمّ أخذ الزكاة من شاهد المال على الشاهد والغائب» رواه أبو عبيد،

Абдуррахман бин Абд аль-Кари риваят кылган хадисте: “Мен Умар бин аль-Хаттабдын убагында казынага жооптуу болчумун. Ато чыгып соодагерлердин товарларынын барын да жогун эсептеп анан алардын зекетин алган”. Абу Убайд риваят кылган.

وروى كذلك عن ابن عمر، قال: «ما كان من رقيق أو بزّ يُراد به التجارة، ففيه الزكاة

Ошондой эле Ибн Умардан риваят кылынат, ал айтты: “ соода-сатык үчүн койулган кулдардан же жасалгаланган коздуктартан эмне болсо,

анда зекет берүү ага милдеттүү". Соодада зекеттин парздыгы Умар, анын уулу Ибн Аббас, жети faких, ал-Хасан, Жабир, Товус, ан-Нахьий, Саври, аль-Авзаьий, Шафии, Ахмад, Абу Убайд, Асхаб ар-Раи, Абу Ханифа жана башкалардан риваят кылыган.

Соода товарларынын баасы алтындын же күмүштүн нисабына жетсе жана алар үчүн бир жыл өтсө, зекет берилиши керек.

Соодагер соодасын нисабдан аз акча менен баштаса, жыл аягында акча нисаб өлчөмүнө жетсе зекет берилбейт. Анткени нисаб өлчөмүнө бир жыл толо элек. зекет нисаб өлчөмүнө толук бир жыл өткөндөн кийин берилиши керек.

Соодагер сооданы миң динар менен баштагандай, нисаптан ашкан акча менен баштаса, жыл аягында соодасы өсүп, кирешелүү болуп анын баасы үч миң динар болуп калса анда ал баштаган миң динардын эмес, үч миң динардын зекетин бериши керек. Анткени кирешенин өсүшү ага көз каранды жана андан түшкөн пайда болгондуктан анын менен бирге болуп саналат.

Эчкинин улагы койдун козусу сыяктуу булар энеси менен биргеликте саналып зекет берилет. Энеси менен бигеликте бир жыл толду деп этибарга алынат. Ошол сыяктуу эле акчадан түшкөн киреше да киреше түшкөн акчаны ээрчийт. Баштапкы акчага бир жыл болсо андан түшкөн киреше акчага да бир жыл толду деп этибар кылынат. Жыл өткөндөн кийин, соодагер өзүнүн соода товарларын эсептеп чыгат. Төө, уй, кой сыяктуу өзүнө зекет берилиши милдеттүү же кийим-кече, буюм, жер жана имарат сыяктуу буюмдардын зекетин берилиши милдеттүү болушунун айырмасы жок алардын баарын бир эсептеп алтын же күмүш нисабы менен баалайт.. Эгерде ал алтындын, же күмүштүн нисабынын баасына жетсе, анын ондун төрттөн бир бөлүгүн зекет кылып чыгарат же жүгүртүүдөгү акча бирдигине жараша баалап ынын зекетин берсе болот. Бул кой, уй, кийим менен соода кылган адамдын зекет чыгарганы сыяктуу. Эгер бул алдамдын зекет бере турган баасы койдун же уйдун же кийимдин баасына барабар болсо анда ал кааласа койду же уйду же кийимди же алардын баасындагы акчаны зекет кылып чыгарса боло берет. Кайсынысынан кааласа зекет кылып бере берет.

Ал эми өзүнө зекет бериле турган төө, уй, кой сыяктуу малдар соода-сатык үчүн алынса алар соода товары катары бааланып ага зекет берилет. Ал эми пайланыш үчүн алынса ага зекет берилбейт. Анткени ал соода сатык үчүн эмес пайдаланыш үчүн алынган.

Ошондуктан соода башатынын акчасы башында эсептелет , эгер нисаб же андан көп болсо, бул жылдын башы болуп эсептелет жана жылдын аягында кайра эсептелет жана анын зекетти зекет календарына ылайык төлөнөт. Жогоруда айтылгандай, түшкөн пайда баштапкы капиталга

байланыштуу болгондуктан, бир жыл өтпөсө дагы, сооданын баасын эсептөөдө түшкөн пайдага бир жыл толду деп эсептелинет.

Зекет календары-нисабдын башында, андан кийин нисаб башталгандан жыл аяктагандан кийин б.а. зекет убактысы келгенде болот.

Бул жетиштүү деп үмүттөнөм, Аллах – Билүүчү жана Даанышман.

28-шаабан, 1444-х.
20-март, 2023-м.

## Зекеттин акчасын эжеге менен кызга берсе болобу?

Сизге Аллахтын тынчтыгы, ырайымы жана берекеси болсун, Аллах Таалам сизге бардык жакшылыктарды, бакыт-таалай жана Аллахка, анын Элчисине баш ийүүдө узак өмүрдү насип кылсын. Улуу Арштын Раббиси болгон Аллах Тааладан биз үчүн экинчи Рошид Халифалыктын тикеленүүсүн тездетүүсүн жана ошол убакта сиз ден-соолукта жана бакубатчылыкта болушуңузду тилейм.

**Суроо**: зекет акчасын эжеге же кызына берсе болобу?

**Жооп**: уа алайкум ассалам уа рахматуллоохи уа баракатуху.

Ислам зекетти кедей-кембагалдарга сарптоону важиб кылып, кимдерге берилээрин кеңири баяндаган. Исламдагы экономика түзүмү китебинин 204-211-бетинде айтылган: "Негизги муктаждыктар, алардын жетишсиздиги жакырчылык деп эсептелинет. Негизги муктаждыкка тамак-аш, кийим-кече жана турак-жай кирет. Андан башка бардык нерсе камалий муктаждык болуп эсептелет. Негизги муктаждыктарын камсыздап, камалий муктаждыктарын канааттандырбаган адам кедей болуп эсептелинбейт.

Ислам бул негизги муктаждыктарды канааттандыра албагандарга жана таба албагандарга зекеттен берүүнү фарз кылган. Эгерде инсан өзүн-өзү камсыз кылса, анда анын колунда бар. Колунда жетишерлик акчанын жоктугу же жетиштүү акча таба албагандыгынан өзүн камсыз кыла албаса, шарият анын негизги муктаждыгы камсыз болгонго чейин ага жардам берүүнү башкаларга буюрат. Шарият бул нерселерде инсанга кантип жардам берүү керектиги жөнүндө кеңири баяндаган. Алла Таала аны алгач мураскор туугандарга парз кылды. Аллах айтат:

﴿وَعَلَى الْمَوْلُودِ لَهُ رِزْقُهُنَّ وَكِسْوَتُهُنَّ بِالْمَعْرُوفِ لَا تُكَلَّفُ نَفْسٌ إِلَّا وُسْعَهَا لَا تُضَارَّ وَالِدَةٌ بِوَلَدِهَا وَلَا مَوْلُودٌ لَهُ بِوَلَدِهِ وَعَلَى الْوَارِثِ مِثْلُ ذَلِكَ﴾

"Эмизүүнүн толук болушун каалаган энелер балдарын толук эки жыл эмизишет. Эненин тийиштүү азык-оокатын, кийим-кечесин жакшылык менен камсыздоо атанын милдети. Ар кимге чамасына жараша (милдет) жүктөлөт. Эне баласы себептүү, ата да баласы үчүн зыянга учурабасын. Ал эми мураскор да ушул сыяктуу (милдеттерге ээ) (Бакара: 233).

Тактап айтканда мураскор баланын атасы сыяктуу тамак аш, кийим кечесин камсыздап берет. Бул аяттагы мураскор дегендин мааниси анын негизги мураскор болгондугун эмес, тескерисинче, мураска татыктуулардан болушун билдирет. Аллах ага нафака кылууну парз кылган туугандары болбосо, анын чыгашасы мамлекеттик казынага чегерилип, зекеттен берилет.

عن أبي هريرة قال :قال رسول الله ﷺ» :مَنْ تَرَكَ مَالاً فَلِوَرَثَتِهِ وَمَنْ تَرَكَ كَلّاً فَإِلَيْنَا «رواه مسلم

Абу Хурайра (разияллооху анху)дан риваят: Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) айтты: “Кимде-ким артында мал-мүлк калтырса, ал мураскорлоруна, ал эми кимде-ким атасы, баласы жокту калтырса, (мураскору жок болсо) анда ал биздики”.

“الكَلّ Калла сөзү баласы, атасы жок алсыз адамды билдирет.

Кедейлерди багууга милдеттүү болгон туугандарга келсек, бул тууралуу Кувейттин фикх боюнча энциклопедиясында (8267-8268-бетинде) айтылган.

Зекет берүү жайиз болбогон адамдар:

Зекет берүүчүгө жакын болгон же туулгандыгы жагынан зекет берүүчүгө байланышы болгон ар бир адамга зекет берилбейт. Буга анын ата-энеси, чоң аталары, чоң энелери, мураскери болобу же мураскери эмеспи айырамасы жок баардыгы кирет. Анын балдары да, балдарынын балдары да кирет. Ханафи мазхабында ушундай. Анткени, алардын ортосун мал-мүлктүн пайдалары байланыштырып турат. Бул ханафий мазхабы менен ханбалий мазхабынын көз карашы. Ал эми калган жакын туугандар, мисалы, ага-ини, эже-сиңди, таяке, таеже жана алардын балдарына зекет берүү арам эмес. Ал тургай, алардын кээ бирлери анын карамагында болсо да. Пайгамбар (с.а.в) айткан: “Кедейге садака берүү – бул садака”. Ал эми тууганга берилген садака эки садака болуп сананалат. Кайрымдуулук жана байланышты бекемдөө – бул Ханафий жана Ханбалийлердин пикири.

Маликийлер жана Шафийлерде болсо өз карамагына алуусу важиб болгон туугандарына зекет берилүүсү жайиз эмес. Маликийлерде мындай туугандарга - атасы менен апасы жана уул-кызы кирет. Алардын балдары кирбейт. Баласын жашы жеткенге чейин, кызын күйөөгө тийип, кошулганга чейин карамагына алуусу важиб.

Ал эми шафийлердин пикири боюнча, карамагына алуусу важиб болгон туугандарга ата энеси жана уул кыздары кирет.

Көрүнүп тургандай, кызга зекет берүү ал бутактан болгондуктан, факихтер арасында түрдүү пикирлер бар. Алардын арасында зекет берүүчү өз карамагына алуусу важиб болгон адамга зекеттен эмес, зекеттен башка мал-мүлкүнөн сарптаса болот. Алардын ортосундагы пикир келишпестик зекет берүүчү өз карамагына алуусу важиб болгон негиздер жана бутактарга кирген (ата энеси жана уул кыздары...) тууганы ким экендигине байланыштуу. Алардын айрымдары мындай дейт:

Зекет берүүчүгө жакын болгон же туулгандыгы жагынан зекет берүүчүгө байланышы болгон ар бир адам. Буга анын ата-бабалары, анын ата-энеси, чоң аталары, чоң энелери, мураскери болобу же мураскери эмеспи айырамасы жок баардыгы кирет. Анын балдары да, балдарынын балдары да кирет. Ханафий мазхабы мындай дейт: “Анткени алардын

ортосун мал-мүлктүн пайдалары байланыштырып турат”. Бул ханафий мазхабы менен ханбалий мазхабынын көз карашы.

Алардын айрымдары айтат:

Маликийлер жана Шафийлер боюнча, зекет берүүчү өз карамагына алуусу важиб болгон туугандарга зекеттен берилүүсү жайиз эмес. Маликийлер боюнча карамагына алуусу важиб болгон туугардары – атасы менен апасы жана уул-кызы, алардын балдары эмес. Баласы жашы жеткенге чейин, кызын күйөгө тийип, кошулганга чейин карамагына алуусу важиб.

Алардын айрымдары мындай дешет:

Ал эми шафийлердин пикири боюнча, карамагына алуусу важиб болгон туугандары негиздер жана бутактар. Буга ата энеси жана уул кыздары кирет.

Эми суроонузга жооп берейин. Зекет акчасын эжеге же кызга берсе болобу?

Кызга келсек:

А. Кызы турмушка чыга элек болсо, атасы менен жашаса, анда ал кызды багуу важиб, ошондуктан зекеттен эмес, акчасынан сарптайт.

Б. Кызы турмушка чыгып, күйөөсү бай болсо ага зекет берилбейт. Эгер кыз кедей болсо, күйөөсүнүн колдоосу менен бай болгондуктан ага зекет берүүгө болбойт.

Ан-Навави “Минхаж”да мындай деген: “Тууганынын же жубайынын жардамы менен бай болгон адам кедей да, муктаж да эмес.

В. Эгер колунда жок кыз турмушка чыкса, күйөөсү аны камсыздоодо кудуретсиз болсо.

Ибн Кудама “Аль-Мугни” китебинде мындай дейт: “Эгерде кедей аялдын аны каржылоочу бай күйөөсү болсо, ага зекет берүүгө болбойт. Себеби, күйөөсүнүнүн милдетүү каржылашы ага жетиштүү болот. Кыймылсыз мүлкү бар адамдын, анын ижара акысы менен өзүн өзү камсыз кылганы сыяктуу болуп калат. Эгер күйөсү аны каржылай албаса ага зекеттен берилүүсү жайиз. Ахмад да ушундай айткан. Аягы.

Талаш-тартыштын чечилиши мүмкүн болгон нерсе – кедей кыздын күйөөсү жакырчылыктын босогосуна жетсе, күйөөсүнө зекет берилиши керек. Ал алган зекеттин акчасынан аялына сарптайт. Ал эми атасы кызына берген каржылоосу атасынын зекеттен башка акчасынан болушу керек.

Эжеге келсек, ага мындай жооп берилет:

Эгер эжең сенин үйүңдө жашап, аны камсыздаган сен болсоң, анда ага зекет берүү жайиз эмес. Ал эми, күйөөгө тийип күйөөсү кедей болсо, ага зекет берсе болот. Тескерисинче, башкаларга караганда ага берилгени артыкчылыктуу. Анткени (саллаллаху алейхи уа саллам) айтты:

لقوله ﷺ: «الصَّدَقَةُ عَلَى الْمِسْكِينِ صَدَقَةٌ، وَهِيَ عَلَى ذِي الرَّحِمِ ثِنْتَانِ صَدَقَةٌ وَصِلَةٌ». أخرجه الترمذي.

“Кедейге берилген садака – садака, ал эми тууганга берилген садака экөө: садака жана байланышты бекемдөө”. Ат-Тирмизи риваят кылган.

Бул жетиштүү болот деп үмүт кылып, суроонузга жооп катары мына ушуну сунуштайм.

28-хул-хижжа, 1445-х.
7-июль, 2024-м.

# Медициналык

## Түйүлдүктү тоңдуруп коюу жана төрөлө турган баланын жынысын аныктоо

**Суроо**: ушул күндөрдө «түйүлдүктү тоңдуруп коюу жана төрөлө турган баланын жынысын аныктоо» деген илимий изденүүлөр кеңири түс алды. Илгери мындай изденүүлөр уялуу менен талкууланган болсо, азыр ачыктан-ачык түс алды. Бул изденүүлөр батыш мамлекеттеринде пайда келтирүүчү «товар»га айланды. Кийинчерээк мусулмандар өлкөлөрүнө көчүп өттү. Ал болгону илимий изденүүлөр эле болуп калбады, тескерисинче айрым мусулмандардын муну менен астейдил алектенүүсү даражасына да жетти. Ко-ош, бул эки иш туурасындагы шаръий өкүм эмнеден турат? Алла силерди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп**: жооп берүүдөн мурда айтаарыбыз, Алла Субханаху адамды жаратып, ага билбеген нерсесин таалим берди, аалам, адам жана турмушта белгилүү өзгөчөлүктөр, өлчөөлөр жана түзүлүштөрдү жүзөгө келтирди. Булар адамдын алдында турмуш илимдеринен пайдалануу жана мына ушул илимдерди адамдарга пайда келтире турган нерселерде иштетүү үчүн кеңири жол ачат. Алла Субханаху ва Таала пайдалуу илимди жана пайдалуу аалымдарды мактады. Анткени, алар Аллага ыйман келтирүүгө, өздөрү көргөн бул аалам, адам жана тирүүлүктөгү сырларды Холиктин улуулугуна, хикмат жана кудуретине далил келтирүүгө кудуреттүүрөөк болушат. Алла Субханаху айтат:

﴿إِنَّمَا يَخۡشَى ٱللَّهَ مِنۡ عِبَادِهِ ٱلۡعُلَمَٰٓؤُاْ﴾

- *«Алладан пенделери арасындагы аалым-билимдүүлөр коркот».* [35:28]

Пайгамбарыбыз ﷺ болсо:

«...إِنَّ الْعُلَمَاءَ هُمْ وَرَثَةُ الْأَنْبِيَاءِ إِنَّ الْأَنْبِيَاءَ لَمْ يُوَرِّثُوا دِينَارًا وَلَا دِرْهَمًا إِنَّمَا وَرَّثُوا الْعِلْمَ فَمَنْ أَخَذَهُ أَخَذَ بِحَظٍّ وَافِرٍ»

«...Улама-аалымдар пайгамбарлардын мураскорлору. Пайгамбарлар динар жана дирхамды мурас калтырышпады, илимди мурас калтырышты. Демек, кимде-ким аны алса толук үлүштү алыптыр», - деди. Бул хадисти ибн Можа Абу Дардо разияллоху анху аркылуу рыбаят кылды.

Бирок шайтан жана аны ээрчигендер, карасанатайлык калкы илим-билимди азар жана зыян жеткирүү үчүн о.э. адамзаттын турмушун бузуу жана туура агымынан чыгаруу үчүн иштетишти. Натыйжада мына ушул илимдер башкача, жайыз болбогон нерселерде пайдаланыла турган болду. Натыйжада клондоштуруу, спермаларды, энелик бези кийин түйүлдүктү тоңдуруп коюу, бул спермаларды өз ээлеринен башкаларга

жайгаштыруу деген нерселер пайда болду. Өлүктү жарып анын мүчөлөрүн сатуу, тирүү адамдарды да уурдап кетип, өлтүрүп мүчөлөрүн сатуу, «түйүлдүк жана аны тоңдуруп коюу иш чарасы» деп аталган тажрыйбаларды өткөрүү, түйүлдүктүн жаны менен ойношуу, кээде медициналык зарылдык деген шылтоо менен, башкасында болсо «илим» деген шылтоо менен анын мүчөлөрүн сууруп алуу пайда болду!

Алла Субханаху мындай дейт:

﴿وَلَقَدۡ كَرَّمۡنَا بَنِيٓ ءَادَمَ﴾

- *«Чындыгында, Биз Адам балдарын азиз-урматтуу кылдык».* [17:70]

Түпкүлүгүндө илим-билимде Алла адамга көрсөткөн жана аны башка махлуктардан ажыраткан мына ушул сый-урматтан келип чыгып иш тутулуусу керек. Бул нерсе адамдардын бактылуулугуна, жисманий жана аклий турмуштарынын жакшыруусуна кызмат кылат... Бирок, мына ушул карасанатай окумуштуулар адамды бузуп, кейпи суук кылуу, аны айбандан да төмөн даражага түшүрүү, аны ар кандай карасанатайлык жана зыян тажрыйба кылып көрүлө турган тажрыйба майданына айландыруу максатынан келип чыгып иш жүргүзүштү.

Ушундан кийин биз төмөнкүлөрдү айтабыз:

Суроодогу тема боюнча шаръий өкүм төмөнкүдөй:

Биринчи: Түйүлдүктү тоңдуруп коюу

Эркек жана аялда айрым кеселдик абалдары бар болуп, бул абалдар аялдын энелик бези эринин спермасынан уруктануусуна тоскоолдук кылуусу мүмкүн. Бул табигый жол менен болот. Мисалы, жатындын мойну жабык болуп калышы, же сперматазоиддин (эркектин уругунун) аракети суз болуп аялдын энелик безине жетип бара албастыгы сыяктуу, же болбосо адистерге гана белгилүү болгон башка себептер болушу да мүмкүн. Айрым окумуштуулар аялдын энелик безин жатындан тышкарыда, пробиркада, туура келе турган шартарда уруктандыруу жолун тута турган болушту. Мында аялга каломид сыяктуу таблеткалар берилет. Бул дарылар аялда бир заматта бир нече тукум клеткаларынын бөлүнүп чыгуусуна алып келет. Ошондон кийин врач текшерүүчү зондду (аспапты) аялдын тукум клеткалары чыгышы болжолдонгон жайга киргизет жана энелик безден бир топ тукум клеткаларын сордуруп алат... Кийин бардык тукум клетканы «петри тарелкасы» Petri Dish дагы атайын суюктукка салат жана бул тукум клеткалар эркектен алынган спермалар менен уруктанат.

Пробиркада уруктандырып алынгандан кийин уруктанган бир же көбүрөөк тукум клетка аялдын жатынына кайтарылат. Эгер Алла Субханаху бул уруктанган тукум клеткадан перзент дүйнөгө келишин тагдыр кылган болсо ал жатынга жабышып алат жана өнүгүп урукка,

кийин коюу канга... айланат. Эгерде Алла Субханаху тагдыр кылбаса бул уруктанган тукум клетка өлөт жана жок болуп кетет.

Бул абалдардын көпчүлүгү жокко чыгат (жокко чыгуу 90%га жетиши мүмкүн). Эрди-катын болсо перзент көрүү кайгысында. Ошондуктан, алар муну кайрадан кайталашат. Мында аялдын алы кетет. Анткени, аялга адатта энелик безди бир канча тукум клеткалар иштеп чыгарууга мажбурлоо үчүн ар түрдүү дарылар берилет. Тышкарыда, пробиркада уруктандыруунун ийгиликтүү чыгышы кепилденген эмес. Ошондуктан, энелик бези көбүрөөк тукум клетка иштеп чыгарууга мажбурланат. Бири болбосо бири уруктанып калышы үчүн ушундай кылынат. Ошондон кийин, уруктанган тукум клетканы алып аны жатынга кайрадан жайгаштырышат. Кээде жатынга көп тукум клеткаларын жайгаштырышат. Бири өлсө башкасы ийгиликтүү чыгып калат бекен деген үмүттө ушундай кылынат.

Уруктанган тукум клеткалар аялдын жатынына атайын аппараттын жардамында өткөрүлөт. Тукум клеткалардан бирөөсүнүн ийгиликтүү камсыздалуусу үчүн жатынга үч тукум клетка өткөрүлөт. Бир нече уруктанган тукум клетка болсо жатынга өткөрүлбөй алып калынат. Алар – эгер өткөрүлгөн тукум клеткалары ийгиликке жетишпесе – кийинки баскычта ишке салынат. Т.а. өткөрүлгөн тукум клетка жокко чыкса врачтардын аялды жаңыдан дабалап аны алдан тайдырууга муктаждык болбойт, тескерисинче алар ошол ашып калган тукум клеткаларды алып аларды жатынга өткөрүшөт. Ошентип, качан бир тукум жокко чыкса башкасын алып жайгаштырышат, ошондо аялга дагы дарыларды берип аны алдан тайдырууга зарылдык болбойт.

Бирок, өткөрүлгөн биринчи уруктанган тукум клетканын жокко чыгышы дароо жүз бербейт. Балким, бул нерсе бир нече сааттан же бир нече күндөн кийин аныкталышы мүмкүн. Мына ушул убактын ичинде ошол ашып калган башка уруктанган тукум клеткалар – эгер аларды ылайыктуу температурада жана ылайыктуу шартта тоңдуруп коюлбаса – өлүп калат. Ошондуктан, ашып калган тукум клеткалар суюк азотто тоңдуруп коюлат. Мына ошондо эгер биринчи иш чара жокко чыкса кийинки тукум клетка өткөрүүгө даяр турат.

Түйүлдүктү тоңдуруп коюу пикири мындайча пайда болгон. Ал түпкүлүгүндө уруктанган тукум клетканы – эгер биринчи тажрыйба ийгиликсиз боло турган болсо аялга дагы кайрадан дарыларды берип аны алдан тайдырып отурбастан – жатынга кайрадан киргизүү үчүн колдонулат.

Кийинчерээк бул түйүлдүк соода товарына айланып калды. Айрыкча капыр батыш мамлекеттеринде ушундай болду. Түйүлдүк тоңдурулган абалда узак убакыт, ал тургай бир нече жылга чейин калып кете турган

болду. Ал эненин өзүнө кайтарылбастан, башка эрди-катындарга, ал тургай, эрсиз аялдарга да сатыла турган болуп калды. Банктар тоңдурулган түйүлдүктөр сактала турган складдарга окшоп калды. Маалымат агенттиктеринин жакында кабар таркатышынча, кээде түйүлдүктөр бир-бири менен аралашып кете турган жана аялга биринчи тажрыйба ийгиликсиз чыга турган болсо башка чоочун болгон уруктанган тукум клетка кайтарыла турган болуп калды... Ушундай жол менен насилдер аралаш болуп кете турган жана адамзаттын турмушу бузула турган болуп калды...

Айтып өткөнүбүздөй уруктанган тукум клеткаларды гана тоңдуруп коюшпастан, тукум клеткаларды да, спермаларды да тоңдуруп коё турган жана аларды сатып алууну каалаган кимселерге сата турган болушту, «бул тукум клетка же бул сперма кадыр-барктуу адамдардан алынган» деп чакыра турган болушту.

Тоңдурулган түйүлдүктөрдүн абалы кыскача мына ушундай. Мунун – алардын изилдөөлөрүндө – бир канча тафсилаттары бар. Бирок жалпы, кыскача абалы биз баян кылгандай жана андан тафсилаттар чыкпайт. Ушуга ылайык шаръий өкүм төмөнкүдөй:

1 – Эрди-катындын табигый жол менен болгон түйүлдүк аркылуу перзент көрө албастыктары себептүү кеселдиктин дабаасы катары жатындан тышкарыда уруктандыруу жолун тутуулары жайыз. Анткени, ал дарылануу болуп эсептелет. Росул ﷺ болсо дарыланууга буюрду. Абу Давуд Усома ибн Шурайхдан рыбаят кылып айтты: Расулулла ﷺ:

«تَدَاوَوْا فَإِنَّ اللَّهَ عَزَّ وَجَلَّ لَمْ يَضَعْ دَاءً إِلَّا وَضَعَ لَهُ دَوَاءً غَيْرَ دَاءٍ وَاحِدٍ الْهَرَمُ»

«Дарылангыла, анткени Алла ﷻ бирер кеселдикти койгон болсо анын дабасын да коюп берген. Бир гана карылык мындан тышкары», - деди. Т.а. өлүм мындан тышкары, ага дабаа жок.

Бирок, бул төмөнкү эки шарт менен жайыз:

Биринчи: Уруктандыруу сахих нике менен никеленген эрди-катындын суусунан болушу керек. Рувайфаъ ибн Собит Ансорийден рыбаят кылынышынча Расул ﷺ:

«لَا يَحِلُّ لِامْرِئٍ يُؤْمِنُ بِاللَّهِ وَالْيَوْمِ الْآخِرِ أَنْ يَسْقِيَ مَاءَهُ زَرْعَ غَيْرِهِ»

«Аллага жана акырет күнүнө ыйман келтире турган кишиге өзүнүн суусун башканын «эгинзарына» төгүшү адал болбойт», - деди. Бул хадисти Ахмад рыбаят кылды. Демек ар кандай аялдын тукум клеткасын өзүнүн эринин гана суусунан (уругунан) уруктандыруу жайыз. Эгер андай болбосо жайыз эмес.

Экинчи: Бул иш т.а. пробиркада уруктандыруу жана аялдын жатынына көчүрүү батышта болуп жаткандай эри өлгөндөн кийин эмес, тескерисинче эри тирүү кезинде ишке ашырылуусу керек. Батыштыктар тоңдуруп коюлган уруктанган тукум клетканы эненин жатынына ал

каалаган убакта көчүрүүдө – бул убакта анын эри тирүү болобу же өлгөн болобу, буга карабастан – эч кандай тоскоолдук көлүшпөйт! Исламда болсо бул адал эмес. Анткени, аялдын түйүлдүк башталышынан баштап эле тирүү эрсиз боюнда болуп калуусу арам жана буга жаза берилет. Анткени, эрсиз боюнда болуп калуу зына болгондугуна далил болот. Демек, кайсы аялдын эрсиз боюнда болсо ал күнөөкөр болуп, арам иш жана чоң күнөө кылган болот. Буга Умар жана Алиден – экөөнөн тең Алла ыраазы болсун – кылынган рыбаят далил болот. Умар жана Алинин бул сөздөрүн сахабалардан эч ким четке какпады. Эгер, алардын сөздөрү собит (катъий далилдүү) болбогондо эле сахабалар четке кагышат эле. Ушуга караганда ижма болгон болот.

Демек, эрсиз кош бойлуу болуп калуу зынага далил болот жана бул эгер жыныстык алаканын натыйжасы болсо мында хад (жаза) аткарылат. Эгер түйүлдүк жыныстык алакасыз т.а. пробиркада уруктандырылган тукум клетканы аялдын жатынына эри өлгөндөн кийин киргизүү аркылуу болгон болсо мында катуу таасир жазасы берилет. Анткени, боюндагы түйүлдүк эри өлгөндөн кийин болгон болот.

Ошентип, демек жатындан тышкарыда уруктандырып кийин эненин жатынына көчүрүү өз эринен өз аялына болуу шарты менен жана эри тирүү маалында жайыз болот. Т.а. «пробиркадагы бала» деп аталган нерсе жогорудагы шарттар менен жайыз болот.

2 – Эми биринчи тажрыйбанын ийгиликтүү чыгышын күтүп, алып калынган уруктанган ашыкча тукум клетканы же клеткаларды тоңдурууга токтолсок, айтып өткөнүбүздөй, эгер тажрыйба жокко чыкса ошол тоңдурулган тукум клетканы алышып аны эненин жатынына кайрадан өткөрүшөт, бул да ийгиликсиз чыкса башкасын алышат... жана башка.

Бул тоңдуруп коюлган уруктанган тукум клеткалар (тоңдурулган түйүлдүк) анык энеден алынган болсо жана башкасы менен аралашып кетпеген болсо аны жогорудагы эки шарт менен ушул энеге кайрадан өткөрүү жайыз.

Бирок, маалымат каражаттарында тоңдурулган түйүлдүктөрдүн бири-бирине аралаштырып жиберилип жатканы жөнүндө кабардын жайылганы түйүлдүктөрдү тоңдуруп коюуну жана биринчи тажрыйба ийгиликсиз чыкканда аларды энеге кайрадан өткөрүү иш чарасын жайыз болбой турган иш кылып коёт. Мунун баяны төмөнкүдөй:

1. Адатта бүт көңүл пробиркада уруктандырууга жетишилген, андан кийин жатынга кайрадан өткөрүлгөн биринчи уруктанган тукум клеткага каратылат. Этибар дайым ага каратылып, аны күзөтүп турулат.

2. Тоңдуруп коюла турган башка уруктанган ашыкча тукум клеткаларга болсо маани берип күзөтүлбөйт жана этибар берилбейт.

Аларга биринчи тажрыйба ийгиликсиз чыкканда гана көңүл бурулат. Уруктанган клеткалар болсо, айтып өткөнүбүздөй, дароо эле жокко чыкпайт, тескерисинче буга ишеним пайда кылуу үчүн кыска же көбүрөөк убакыт өтүүсү керек болот. Бул убакыттын ичинде ошол ашып калган тукум клетка же клеткалар тоңдурулган абалда туруп турат.

3 – Жогоруда айтып өткөнүбүздөй, тоңдурулган түйүлдүктөрдүн (уруктанган тукум клеткалардын) бири-бирине аралаштырып жиберилип жатканы жөнүндө кабарлар тарады. Бул болсо, насилдердин аралашып кетүүсүн анык иш кылып коёт.

4 – Биринчи тажрыйба ийгиликтүү чыкса ашып калган тоңдурулган түйүлдүктөрдү жок кылуу талап кылынат. Бирок жок кылынганына ишенүү кыйын. Жок кылынбаган деген күмөн тура берет. Айрыкча, маалымат каражаттарында тоңдурулган түйүлдүктөр соодасы жөнүндө кабарлар таркап жаткандан кийин буга ишенүү кыйын.

«Арамга алып бара турган васита да арам», - деген шаръий эрежебар. Бул эреже боюнча күмөндүн үстөм болушунун өзү жетиштүү. Тоңдурулган түйүлдүктөрдү ката кетирүү менен аралаштырып жиберилеби же соода максатында атайын аралаштырылабы, эч айырмасыз, насилдердин аралаш болушуна алып келет. Бул болсо, арам. Анткени, Ислам насилдерди коргоп, сактоого буюрду. Ибн Можа өзүнүн «Сунан»ында Ибн Аббас аркылуу ушул рыбаятты чыгарды: Расулулла ﷺ айтты:

«مَنْ اِنْتَسَبَ إِلَى غَيْرِ أَبِيهِ، أَوْ تَوَلَّى غَيْرَ مَوَالِيهِ، فَعَلَيْهِ لَعْنَةُ اللهِ وَالْمَلاَئِكَةِ وَالنَّاسِ أَجْمَعِينَ»

«Кимде-ким өз насилин өз атасынан башкага нисбат берсе же өзүнүн уулу болбогон адамды уулум десе ага Алланын, периштелердин жана бардык адамдардын наалаты болсун». Дорамий болсо, Абу Хурайра аркылуу анын өз ара наалаттоо аяты түшкөн убакта Расулулла ﷺдын ушундай дегенин уккандыгын рыбаят кылды:

«أَيُّمَا اِمْرَأَةٍ أَدْخَلَتْ عَلَى قَوْمٍ نَسَباً لَيْسَ مِنْهُمْ فَلَيْسَتْ مِنْ اللهِ فِي شَيْءٍ، وَلَمْ يَدْخُلْهَا اللهُ جَنَّتَهُ»

«Кайсыл бир аял бир коомго алардан болбогон насилди киргизген болсо бул аялда Алладан (дининен) эч нерсе болбойт жана Алла аны бейишине киргизбейт».

Демек, бул васита т.а. ашып калган түйүлдүктөрдү тоңдуруп коюу арам жана уруктанган бул тукум клеткаларды жок кылуу керек. Т.а. башка уруктанган тукум клеткаларды «биринчи тажрыйба ийгиликсиз чыкса керек болуп калат» деп этияттыктан тоңдуруп койбостон тезинен жоготуу керек. Биринчи тажрыйба ийгиликсиз чыкса, кудум биринчи абалдагыдай жаңы уруктанган тукум клетканы жүзөгө келтирүү үчүн аял дагы дарыланат. Мунун натыйжасында аялдын алдан таюусу насилдердин аралаш болуп кетишине, арийне арамга алып келе турган түйүлдүктү тоңдуруп коюуга себеп боло албайт.

Эми ушундай суроо туулушу мүмкүн: Бул шаръий эреже боюнча тоңдурулган түйүлдүктөрдүн аралаш болуп кеткени тууралуу күмөндүн үстөм болушу талап кылынат. Бул жерде болсо күмөн үстөм болуп жаткан жок, болгону күмөн гана болуп жатат. Айрыкча, эгер дарылануучу тарап ишеничтүү болсо жана түйүлдүктөрдү аманатка кыянат кылбай ишеничтүү жол менен тоңдурса о.э. биринчи тажрыйба ийгиликтүү чыккан күндө ашып калган жана тоңдурулган түйүлдүктөрдү жок кылса, андай абалда эмне үчүн ашып калган түйүлдүктөрдү тоңдурууну арам дешибиз керек, мында акыры биринчи тажрыйба ийгиликсиз чыккан күндө жаңы уруктанган тукум клетка алуу үчүн аялды дагы алдан тайдыруунун алды алынат го?

Буга жооп төмөнкүдөй: Туура, бул эреже боюнча күмөндүн үстөм болушу талап кылынат. Дарылоочу тарап ишеничтүү болсо күмөн үстөм болбойт. эгер түйүлдүктөрдүн аралаш болуп кетпестигине толук ишеним болсо анда бул иш жайыз. Болгону биринчи тажрыйба ийгиликтүү чыга турган болсо калган түйүлдүктөр жок кылынуусу шарт. Бирок, бул иш ушул даражада назик болуп, маалымат каражаттарында таркалып жаткан кабарлар бул ишенимге төмөнкү эки баскыч жаатында зыян жеткирип коюуда:

Биринчи: Биринчи тажрыйбадан кийин ийгиликке жана кош бойлуу болгонуна ишеним пайда кылуу үчүн күтүп турула турган мөөнөт. Бул мөөнөттүн арасында ашып калып тоңдуруп коюлган түйүлдүктөр этибар жана көзөмөл астында болбойт. Анткени, бүт этибар биринчи тажрыйбанын ийгилигине каратылган болот.

Экинчи: Биринчи же экинчи тажрыйба ийгиликтүү чыкса ашып калып тоңдурулган түйүлдүктөр жок кылынуусу керек. Бирок, бул жок кылууга жетиштүү көңүл бурулбайт. Анткени, эгер аялдын боюнда болуп калса ашып калып тоңдурулган түйүлдүктөрдүн көзөмөл кылынып жаткандыгы аны да, эрин да кызыктырбай калат. Эрди-катын бул түйүлдүктөр жөнүндө сурап коюу менен чектелиши жана экөөнө «алар жок кылынды» деп жооп берилиши мүмкүн... Маалымат каражаттарында тоңдурулган түйүлдүктөр соодасы жөнүндө кабарлар таркалып жаткан бир убакта буга кандай кылып жетиштүү ишеним пайда кылууга болот?!

Ошондуктан, арам жүз бергенине жогорудагы эрежеге ылайык күмөн жетиштүү үстөм болбосо да, күмөн болот. Термизий Хасан ибн Али – экөөсүнөн Алла ыраазы болсун – аркылуу чыгарып, «сахих, хасан» деген хадисте Хасан р.а.: «Мен Расулулла ﷺ дан:

«دَعْ مَا يَرِيبُكَ إِلَى مَا لَا يَرِيبُكَ»

«Өзүңдү шек-күмөнгө сала турган нерсени кой да, шек-күмөнгө салбай турган нерсеге өт», - деген сөздөрүн жаттап алдым», - деди

Жыйынтык:

Ырасында аялдын табигый жол аркылуу боюнда болушуна мүмкүнчүлүгү болбосо муну дабалоо үчүн аялдын тукум клеткасын өз эринин уругунан – жатындан тышкарыда, пробиркада – уруктандыруу жайыз болот.

Уруктанган тукум клетканы жатынга кайра өткөрүлгөндөн кийин пробиркадагы башка уруктанган тукум клеткалар жок кылынат.

Биринчи тажрыйба Алланын уруксаты менен ийгиликтүү чыкса эрди-катын бул үчүн Алла Субханахуга алкыш мактоо айтсын. Ийгиликтүү чыкпаса анда эрди-катын биринчи тажрыйбадан ашып калган уруктанган тукум клеткаларды тоңдуруп коюу жолун тутпастан, пробиркада уруктандырууну дагы кайрадан кайталашсын.

Булардын баары тукум клетка жана сперма сахих шаръий нике менен никеленген эрди-катындан болушу жана эри тирүү кезинде болуусу шарты менен жайыз. Т.а. тукум клетканы жатындан тышкарыда уруктандырып кийин жатынга кайтаруу эри тирүү кезинде болуусу шарт.

Экинчи: Төрөлө турган баланын жынысын аныктоо:

Байыртадан эле айрым адамдар бала төрөлсө өзү каалаган жыныстагысын алып калууга, каалабаганын болсо мүмкүнчүлүгү болгон жол менен жок кылууга урунуп келишкен.

Мисалы, жахилиятта согуштарда жардамчы болушу үчүн жана насилди сактоо үчүн уул бала төрөлүшүн каалашат эле. Ошондуктан, кыз балдарды тирүүлөй көмүпташташат эле.

﴿وَإِذَا ٱلْمَوْءُۥدَةُ سُئِلَتْ ۞ بِأَىِّ ذَنۢبٍ قُتِلَتْ﴾

- *«Тирүүлөй көмүлгөн (ар бир) кыздан кандай күнөө себептүү өлтүрүлгөнү суралганында».* [81:8-9]

Башка каражаттарды колдонуу мүмкүнчүлүгү туулуп, кош бойлуу аял ичиндеги баланы көрүү мүмкүнчүлүгү туулгандан кийин, эгер түйүлдүк өздөрү каалабай турган жыныста болсо аны түшүрүп жиберүү үчүн абортту колдоно турган болушту.

Кийинчерээк, айрыкча эненин курсагындагы түйүлдүктү ороп турган шарт, чөйрөнү көзөмөлдөөгө тиешелүү өнүккөн жаңы технология пайда болгондон кийин, ороп тура турган кычкыл чөйрө аялдын сперматозоидине эң туура келишин, щелочтуу негизги чөйрө болсо эркектин сперматозоидине ылайыктуу болушун аныкташты. Ошондуктан, аялдын жатынындагы щелочтуу негизди жандантуу үчүн жыныстык кошулуудан мурда белгилүү бир каражаттарды колдонууга өтүштү. Бул кындын ичин щелочтуу кошулма менен жууп коюу аркылуу ишке ашырыла турган болду. Уул бала төрөлүшүнө жардам берет деген этибарда ушундай кыла турган болушту.

Кыз бала төрөлүшүнө жардам берет деген этибарда болсо кынды жыныстык алакадан мурда кычкыл кошулма менен жууй турган болушту.

Андан кийин, аялдын денесиндеги щелочтуу чөйрөнү жүзөгө келтирүүгө жардам бере турган тамактануу тартиптери жана аялдын денесиндеги кычкыл чөйрөнү жүзөгө келтирүүгө жардам бере турган тамактануу тартиптери туурасында изилдөө алып бара башташты.

Алар тамактануунун түйүлдүк жынысын аныктоого төмөнкү эки тараптан таасир тийгизишин көрүштү:

Биринчи: тамактануу жатын мойнундагы жана кындагы кычкыл жана щелочтуу чөйрөнү өзгөртөт.

Мисалы калий жана натрий ороп турууучу алкакты щелочтуу чөйрөгө айландырат. Б.а. уул баланын бойго бүтүү мүмкүнчүлүгү көбүрөөк болот.

Магний жана кальций болсо ороп турууучу чөйрөнү кычкыл чөйрөгө айландырат. Б.а. кыз бала төрөлүшүнүн мүмкүнчүлүгү көбүрөөк болот.

Экинчи: тамактануу тукум клетка дубалында өзгөрүүнү пайда кылып, тукум клетканын эркек сперматозоидин же аял сперматозоидин тосуп алып кабыл кылуусунун көлөмү көбөйөт.

Ошентип, уул бала төрөлүшүн каалаган эрди-катынга, айрыкча аялга щелочтуу чөйрөнү өнүктүрө турган тамак-ашты сунуштай турган болушту. Мисалы, туздуу тамактарды, туздуу эт жегенди сунушташты, сүт жана андан алына турган продукцияларды болсо жебестикке кеңеш беришти. Мөмөлөрдү, курамында калий болгон дары-дармектерди пайдаланууну жана аялдын денесинде щелоч пайда болушуна жардам бере турган башка тамактарды сунуш кылышты.

Кыз бала төрөлүшү үчүн болсо аялдын денесинде кычкыл чөйрө пайда болушуна жардам бере турган тамак-аштарды сунуштай турган болушту. Мисалы, сүт жана андан алына турган продукцияларды ичүүнү, тузду азыраак пайдаланууну, этти, айрыкча туздалган этти, мөмөлөрдү жебей турууну, курамында кальций болгон дары-дармектерди пайдаланууну, кыскасы аялдын денесинде кычкыл чөйрө пайда болушуна жардам бере турган тамак-аштарды сунуш кылышты.

Андан кийин, эгер эркек урукту төгүшүнөн мурда аял тукум клетканы төгө турган болсо т.а. тукум клетка пайда болгондон кийин урук келсе уруктануу жүз беришин, мында көбүрөөк уул төрөлүшүн аныкташты. эгерде эркек урукту тукум клетка төлгүлүшүнөн мурда төксө т.а. тукум клетка уруктан кийин келсе уруктануу жүз берип мында көбүрөөк кыз төрөлүшү да аныкталды. Мисалы, эгер кошулуу тукум клетка ажыратуудан кийин эле жүз бере турган болсо мында уул төрөлүшүнүн ыктымалы көбүрөөк болот, тескерисинче болсо кыз төрөлүшүнүн ыктымалы көбүрөөк болот. Ошентип, эгер кошулуу тукум клетка пайда болгондон кийин (энелик бези төгүлгөн күндө) ишке ашса мында уул

төрөлүшүнүн пайдасына чечилет, эгер кошулуу тукум клетка төгүлүшүнөн бир кыйла мурда ишке ашса мында кыз төрөлүшүнүн пайдасына чечилет. Ушундан келип чыгып, түйүлдүк жынысынын пайда болушун каалабаган күндөрдө азл кылып (урукту төкпөстөн жыныстык алаканы үзүп) турулат, өздөрү каалаган жыныстын пайда болушу ыктымалы көбүрөөк болгон убакта болсо азл кылынбайт.

Муну менен болсо азл көбүрөөк өздөрү каалашкан жыныстын төрөлүшүнө бир каражат болот.

Бул болсо, аялда тукум клетка төгүлүшүнүн убагын көзөмөлдөөнү талап кылат. Эгер төрөлө турган перзенттин уул болушун үмүт кылып жатышкан болсо эр аялынын тукум клеткасы төгүлүшүнөн мурда кошулбайт. Тукум клетка урук төгүлгөндөн кийин келбестиги үчүн кошулбайт. Демек, мына ушул күндөрдө азл кылып турууга туура келет. Тукум клетка бөлүнүп чыккандан кийин болсо эр дароо кошулууга шашылуусу керек. Ошондо урук тукум клетка пайда болгондон кийин төгүлөт.

Ал эми, эгер кыз төрөлүшүн каалашса анда эр тукум клетка төгүлгөндөн кийин кошулбай (т.а. уругун төкпөй) турат. Тескерисинче, тукум клетка төгүлө турган болсо азл кылып турат. Эр аялынын тукум клетка төгүшүнөн бир аз мурда жыныстык алака кылышы керек. Анткени, эгер тукум клетка төгүлүшүнүн белгилүү мөөнөтүнөн бир кыйла мурда кошула турган болсо сперма тукум клетканы уруктандыруудан мурда өлүп калат.

Сүннөттө мына ушул акыркы абалга ишара кылынган болсо ажеп эмес. Расулулла ﷺ Бухарий чыгарган хадисте мындай деди:

«وَأَمَّا الْوَلَدُ فَإِذَا سَبَقَ مَاءُ الرَّجُلِ مَاءَ الْمَرْأَةِ نَزَعَ الْوَلَدَ وَإِذَا سَبَقَ مَاءُ الْمَرْأَةِ مَاءَ الرَّجُلِ نَزَعَتْ الْوَلَدَ»

«Ал эми төрөлө турган перзентке келсек, эгер эркектин суусу аялдын суусунан мурда келсе уул бала, эгер аялдын суусу эркектин суусунан мурда келсе кыз бала болот». Бул хадисти Муслим өз сахихинде Расулулла ﷺ дын мавлосу (азат кылган кулу) Савбан аркылуу чыгарган хадис чечмелейт. Анда айтылышынча, жөөт руханийлеринин бири Расулулла ﷺ дын алдына келип: «Мен сизден төрөлө турган перзент жөнүндө сураганы келдим», - дегенде Пайгамбарыбыз ﷺ анын суроосуна мындай жооп берген:

«فَإِذَا اِجْتَمَعَا، "أي ماء الرجل وماء المرأة"، فَعَلَا مَنِيُّ الرَّجُلِ مَنِيَّ الْمَرْأَةِ أَذْكَرَا بِإِذْنِ اللَّهِ وَإِذَا عَلَا مَنِيُّ الْمَرْأَةِ مَنِيَّ الرَّجُلِ آنَثَا بِإِذْنِ اللَّهِ»

«Эгер экөө, (т.а. эркектин суусу менен аялдын суусу) кошулуп, эркектин уругу аялдын уругунан үстөм келсе Алланын уруксаты менен уул перзент көрүшөт. Эгер аялдын уругу эркектин уругунан үстөм келсе Алланын уруксаты менен кыздуу болушат». Эркек суусунун аялдын

суусунан үстөм келиши – эркектин суусунун аялдын суусунан кийин келишин түшүндүрөт. Бир нерсе башка нерседен ошол башка нерсе мурда жүзөгө келген болсо гана үстөм келет. Бул абалда Алланын уруксаты менен көбүрөөк уул төрөлөт. Мунун тескериси болсо т.а. аялдын суусу эркектин суусунан үстөм болсо т.а. аялдын суусу эркектин суусунан кийин келсе, мындайда Алланын уруксаты менен көбүрөөк кыз төрөлөт.

Андан кийин дагы бир илимий жолго жетишишти. Аны көбүрөөк технологиялашкан дешти. Ал «уруктарды тандап уруктандыруу» жолу. Аны ушундай деп аташты. Бул жол сыноо пробиркасында аял хромосомасын (X)ти эркек хромосомасынан (Yтен) ажыратып алуу т.а. аны ар түрдүү жолдор менен организмден тышкарыда ажыратып алуу үчүн сперматозоиддер үстүндө тажрыйбалар өткөрүүнү талап кылат. Бул үчүн болсо медициналык техникалык аралашуу керек болот.

Бул жол идеясынын аалымдарда туулушу төмөнкүдөн турат, алар сперматозоид хромосомалары болгон «YX» те эркек бөлүгү «Y» экенин, аял бөлүгү болсо «X» экенин аныкташты. Аял тукум клеткасынын хромосомалары XX экенин т.а. бул эки бөлүк тең аялдыкы экенин аныкташты. Аалымдар сперматозоиддеги эркек бөлүгү «Y» эгер аял тукум клеткасын уруктандырса «YX» пайда болушун т.а. уул түйүлдүк жүзөгө келишин, эгер сперматозоиддеги аял бөлүгү «X» тукум клетканы уруктандыра турган болсо «XX» пайда болушун т.а. кыз түйүлдүк жүзөгө келишин аныкташты. Ушуга негизделип алар сперматозоиддеги эркек бөлүгү «Y» ти аял бөлүгү «X» тен ажыратып алуу үстүндө тажрыйбаларды өткөрүштү. Кийинчерээк эгер уул түйүлдүктү каалашса аял тукум клеткасын пробиркада эркек бөлүк менен, кыз түйүлдүктү каалашса аял бөлүк менен уруктандыра турган болушту.

Бул жерде ушуга окшогон жана андан бир аз айырмалана турган дагы бир жол бар. Бул жол ушундан турат, тукум клеткалар пробиркада уруктандырылгандан кийин текшерилет. Уруктанган тукум клетка «XX» тен турган болсо аял болот, «XY» тен турган болсо эркек болот. Ким уулду кааласа аялдын жатынына уруктанган тукум клетка «XY» өткөрүлөт, ким кыз төрөлүшүн кааласа жатынына уруктанган тукум клетка «XX» өткөрүлөт. Бул эки жол максат жагынан бири-бирине окшош. Бирок, биринчисинде уруктандыруудан мурда сперматазоид текшерилет жана эркек бөлүгү аял бөлүгүнөн ажыратып алынат. Экинчи жолдо болсо уруктанган тукум клеткалар «түйүлдүктөр» текшерип көрүлөт жана ушундан кийин эркек түйүлдүк аял түйүлдүктөн ажыратылат.

Адамзаттын төрөлө турган баланын жынысын тандоо үчүн илгертен ушул азыркы кылымга чейинки болгон урунуулары кыскача ушундан турат.

Мунун абалы менен таанаштык. Эми төмөндөгү шаръий өкүмдү баян кылабыз:

а) Төрөлүшү кааланбаган наристени өлтүрүү арам. Анткени, бул бир жанды атайылап өлтүрүү болуп, анын акыреттеги жазасы тозокто түбөлүк калуу болот.

﴿وَمَن يَقْتُلْ مُؤْمِنًا مُّتَعَمِّدًا فَجَزَآؤُهُۥ جَهَنَّمُ خَـٰلِدًا فِيهَا وَغَضِبَ ٱللَّهُ عَلَيْهِ وَلَعَنَهُۥ وَأَعَدَّ لَهُۥ عَذَابًا عَظِيمًا﴾

- *«Ким атайылап бир момунду өлтүрсө, анын жазасы тозок болуп, ошол жайда түбөлүк калат. Дагы ал Алланын казабы жана каргышына дуушар болгон, Алла ал үчүн чоң азапты даярдап койгон».* [4:93]

Анын дүйнөдөгү жазасы болсо өч алуу болот т.а. эгер өлтүрүлгөндүн валийи-ээси кечирбесе өлтүрүп өч алынат же дия төлөнөт.

б) Эненин курсагындагы түйүлдүктү өлтүрүү – анын ээлери бул түйүлдүк өздөрү каалашпаган жыныста экенин билишсе, мисалы кыз бала болсо, ата болсо уул көрүүнү кааласа – бул да арам жана мында да жаза берилет. Бухарий жана Муслим Абу Хурайра аркылуу ушул рыбаятты чыгарды. Текст Бухарийдики:

«اقْتَتَلَتْ امْرَأَتَانِ مِنْ هُذَيْلٍ فَرَمَتْ إِحْدَاهُمَا الْأُخْرَى بِحَجَرٍ فَقَتَلَتْهَا وَمَا فِي بَطْنِهَا فَاخْتَصَمُوا إِلَى رَسُولِ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فَقَضَى رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ أَنَّ دِيَةَ جَنِينِهَا غُرَّةٌ عَبْدٌ أَوْ وَلِيدَةٌ...»

«Хузайлдан (уруусунан) эки аял бир-бири менен урушуп калды. Бири экинчисине таш атып аны жана курсагындагы баласын өлтүрүп койду. Бул жаңжал туурасында өкүм сурап Расулулла ﷺдын алдына барышты. Расулулла ﷺ ал аялдын боюндагы бала үчүн дия катары бир жаш кул же жаш күң берүүгө өкүм чыгарды (бул кул же күңдүн баасы бир диянын жыйырмадан бир баасына барабар болушу керек)...».

в) Азл кылуу. Азл белгилүү бир күндөргө чейин убактылуу жыныстык алака кылбай туруу менен болобу же мына ушул күндөрдө жыныстык алака кылып урукту кындан тышкарыга төгүү менен болобу, мунун айырмасы жок. О.э. ар түрдүү тамактар менен тамактануу, же кынды щелочтуу же кычкыл нерсе менен жууп туруу, булардын баары жайыз.

Азлга келсек, буга Бухарий Абу Саъид Худрий аркылуу чыгарган төмөнкү хадис далил болот:

«... فَأَرَدْنَا أَنْ نَعْزِلَ وَقُلْنَا نَعْزِلُ وَرَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ بَيْنَ أَظْهُرِنَا قَبْلَ أَنْ نَسْأَلَهُ فَسَأَلْنَاهُ عَنْ ذَلِكَ فَقَالَ مَا عَلَيْكُمْ أَنْ لَا تَفْعَلُوا مَا مِنْ نَسَمَةٍ كَائِنَةٍ إِلَى يَوْمِ الْقِيَامَةِ إِلَّا وَهِيَ كَائِنَةٌ»

«...Биз азл кылууну каалаодык жана «азл кылабыз» дедик. Расулулла ﷺ арабызда эле. Ал кишиден сурагандан мурда ушуга токтом кылдык. Кийин ал кишиден бул тууралуу сурадык. Пайгамбарыбыз: Эмнеге мындай кылбооңор керек экен. Кыямат күнүнө чейин боло турган жандын баары албетте болот, - деди». Муслим да ушул мазмундагы хадисти чыгарган.

Тамактанууга жана жууганга келсек, булар жеп, ичүүгө, гусл...га тиешелүү умумий далилдер боюнча жайыз.

г) Эми сперматазоиддеги эркек бөлүгүн аял бөлүгүнөн ажыратып кийин тукум клетканы эгер эркек төрөлүшүн каалашса эркек бөлүгү менен уруктандырууга жана эгер кыз төрөлүшүн каалашса аял бөлүгү менен уруктандырууга же уул түйүлдүктү кыз түйүлдүктөн ажыратып алып, каалаган түйүлдүктү жатынга өткөрүүгө келсек, бул иш-чаралар жайыз эмес. Анткени, бул иш-чаралар дарылануу эмес. Т.а. кош бойлуу болбой жаткан аялдын кош бойлуу болушу үчүн дарылоо эмес. Башкача айтканда аялдын тукум клеткасы табигый жол аркылуу эринин спермасы менен уруктанышынын мүмкүнчүлүгү болбогондуктан дарылоо эмес. Тескерисинче, бул иш-чаралар сперматазоиддеги эркек бөлүктөрдү аял бөлүктөрүнөн ажыратып алууга же түйүлдүктөрдү ажыратып алууга тиешелүү башка иш. Бул болсо, аялдын табигый жол менен кош бойлуу болушунун мүмкүнчүлүгү болбогондогу дарылоо эмес. Т.а. бул иш-чаралар кош бойлуу болбостук кеселин дарылоо да эмес.

Бул иш-чаралар авратты ачуу менен гана ишке ашат. Анткени, тукум клеткаларды алуу жана аларды жатынга кайтарып өткөрүү ушуну т.а. авратты ачууну талап кылат. Авраттарды ачуу болсо арам. Бул арам дарылануда гана жайыз. Ырасында, бул иш-чаралар дарылануу болбогондон кийин, демек, алар арам болуп, эч качан жайыз болбойт.

Дагы акырында акыйдага байланыштуу болгон т.а. адамдын Исламы байланыштуу болгон маанилүү бир акыйкатты эстетип өтүшүбүз керек. Бул акыйкат ушундан турат, бул иш-чаралардын эч бири «адам жаратууга кудуреттүү» деген маанини түшүндүрбөйт. Тескерисинче, адам Алла Субханаху эркектик жана аялдык өзгөчөлүктөрдө жүзөгө келтирген өзгөчөлүк жана сыпаттарды о.э. уруктануу көрүнүшүн күзөтүп, өзү күбө болгон нерселерди талдайт жана күзөткөн нерселеринин үстүндө тажрыйба өткөрөт.... Адам болгону, белгилүү бир тамак-аштарды жеп, белгилүү бир чөйрөлөрдү жүзөгө келтирет, эркек бөлүгүн аял бөлүгүнөн ажыратып алат, уруктандыруу иш-чараларын өткөрүп тукум клетканы жатынга кайрадан өткөрөт. Булардын баарында бирер жанды жаратпайт, тескерисинче, Холик Субханахунун кудуретине

муктаж болот. Эгер Алла мындан бирер тирүү жан жаралышын тагдыр кылган болсо тирүү жан жүзөгө келет, эгер Алла Субханаху мындан өлүк жаралышын тагдыр кылган болсо өлүк болот, эгер Алла эч нерсени тагдыр кылбаса канчалаган тажрыйбалар өткөрүлсө да эч нерсе болбойт.

Демек, Алла эмненин жаралышын тагдыр кылган болсо ошол нерсе болот, тагдыр кылбаган болсо болбойт.

Бул иш т.а. Алла Субханахунун жалгыз өзү гана Холик экендиги, Алла Субханахунун жалгыз өзү гана эркек жана аялды жаратышы субуту да, далалаты да катъий болгон далилдер менен келген. Мындай далилдерге төмөнкүлөр кирет:

﴿ذَٰلِكُمُ ٱللَّهُ رَبُّكُمْ ۖ لَآ إِلَٰهَ إِلَّا هُوَ ۖ خَٰلِقُ كُلِّ شَيْءٍ فَٱعْبُدُوهُ ۚ وَهُوَ عَلَىٰ كُلِّ شَيْءٍ وَكِيلٌ﴾

- *«Мына ушул Алла Роббиңер. Эч кандай кудай жок, бирок анын Өзү бар. Ал бардык нерсени жаратуучу. Демек, ага пенделик кылгыла! Ал бардык нерсенин үстүндөгү өкүл – сактап туруучу».* [6:102]

﴿إِنَّ رَبَّكَ هُوَ ٱلْخَلَّٰقُ ٱلْعَلِيمُ﴾

- *«Албетте, Роббиң Өзү гана жаратуучу, билүүчү».* [15:86]

﴿أَفَمَن يَخْلُقُ كَمَن لَّا يَخْلُقُ ۗ أَفَلَا تَذَكَّرُونَ﴾

- *«(Эй мушриктер), акыры (бардык мавжудатты –бар нерсенин баарын) жаратуучу зат — Алла менен (эч нерсе) жарата албай турган (бут-санамдарыңар) теңби?! Ойлобойсуңарбы?!».* [16:17]

﴿هَٰذَا خَلْقُ ٱللَّهِ فَأَرُونِى مَاذَا خَلَقَ ٱلَّذِينَ مِن دُونِهِۦ ۚ بَلِ ٱلظَّٰلِمُونَ فِى ضَلَٰلٍ مُّبِينٍ﴾

- *«Булар Алла жараткан нерселер. Эми (эй мушриктер) силер мага Андан өзгө «кудайлар» эмнелерди жаратканын көрсөткүлөчү! Жок, (алар бир да нерсени көрсөтө алышпайт, демек) ал залим кишилер ачык адашууда».* [31:11]

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ ضُرِبَ مَثَلٌ فَٱسْتَمِعُوا۟ لَهُۥٓ ۚ إِنَّ ٱلَّذِينَ تَدْعُونَ مِن دُونِ ٱللَّهِ لَن يَخْلُقُوا۟ ذُبَابًا وَلَوِ ٱجْتَمَعُوا۟ لَهُۥ ۖ وَإِن يَسْلُبْهُمُ ٱلذُّبَابُ شَيْـًٔا لَّا يَسْتَنقِذُوهُ مِنْهُ ۚ ضَعُفَ ٱلطَّالِبُ وَٱلْمَطْلُوبُ﴾

- *«Эй инсандар, бир мисал айтылган, анда, ага кулак салгыла! Ырасында, силер Алланы коюп жалбарып жаткан буттар эгер бардыгы*

*биригишкенде да бир чымын жарата алышпайт, эгер чымын алардан бирер нерсени тартып алса, аны (ошол чымындан да) куткарып ала алышпайт. (Демек, ошол буттардан муктаждыгын ишке ашырууну) суроочу (мушрик) да, суралуучу (буттар) да алсыз-начар».* [22:73]

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّاسُ إِن كُنتُمۡ فِي رَيۡبٖ مِّنَ ٱلۡبَعۡثِ فَإِنَّا خَلَقۡنَٰكُم مِّن تُرَابٖ ثُمَّ مِن نُّطۡفَةٖ ثُمَّ
مِنۡ عَلَقَةٖ ثُمَّ مِن مُّضۡغَةٖ مُّخَلَّقَةٖ وَغَيۡرِ مُخَلَّقَةٖ لِّنُبَيِّنَ لَكُمۡۚ وَنُقِرُّ فِي ٱلۡأَرۡحَامِ مَا نَشَآءُ إِلَىٰٓ أَجَلٖ
مُّسَمّٗى ثُمَّ نُخۡرِجُكُمۡ طِفۡلٗا ثُمَّ لِتَبۡلُغُوٓاْ أَشُدَّكُمۡۖ وَمِنكُم مَّن يُتَوَفَّىٰ وَمِنكُم مَّن يُرَدُّ
إِلَىٰٓ أَرۡذَلِ ٱلۡعُمُرِ لِكَيۡلَا يَعۡلَمَ مِنۢ بَعۡدِ عِلۡمٖ شَيۡـٔٗاۚ وَتَرَى ٱلۡأَرۡضَ هَامِدَةٗ فَإِذَآ أَنزَلۡنَا
عَلَيۡهَا ٱلۡمَآءَ ٱهۡتَزَّتۡ وَرَبَتۡ وَأَنۢبَتَتۡ مِن كُلِّ زَوۡجِۭ بَهِيجٖ﴾

*- «Эй инсандар, эгер силер кайра тирилүүдөн күмөндө болсоңор, анда (карагыла), Биз силерге (Алланын кудуретин) баян килуу үчүн силердин (т.а. атаңар Адамды) топурактан, кийин (бардык жанзатты алгач) нутфа-бел суудан, кийин уюган кандан, кийин жаралып бүткөн-бүтпөгөн (т.а. инсан келбетине келип бүткөн же бүтпөгөн) бир кесим эттен жараттык. Биз (силерди) Өзүбүз каалаганыбызча - белгилүү мөөнөткө чейин (энеңердин) курсагында калтырып, кийин наристе абалыңарда (жарык дүйнөгө) чыгарабыз, кийин бойго жеткениңерге чейин (да Өзүбүз тарбия кылабыз). Силерден (наристелик, жаштык жылдарында эле) көз жума турган кишилер да болот, дагы силерден (көп нерсе-билимдерди үйрөнүп) билгенден кийин эч нерсени билбей калышы үчүн эң төмөн өмүргө (т.а. карып мөгдөп калууга) кайтарыла турган кишилер да болот. (Кайра тирилүүнүн чын экендигине дагы бир далил ушул) — силер бул жерди кургак-өлүк абалында көрөсүңөр. Анан качан Биз анын үстүнөн суу-жамгыр жаадырсак, ал аракетке келип көпшүйт жана түрдүү-түмөн көркөм (өсүмдүк) жуптарын өндүрөт».*
[22:5]

﴿وَلَقَدۡ خَلَقۡنَا ٱلۡإِنسَٰنَ مِن سُلَٰلَةٖ مِّن طِينٖ ۝ ثُمَّ جَعَلۡنَٰهُ نُطۡفَةٗ فِي قَرَارٖ مَّكِينٖ ۝ ثُمَّ
خَلَقۡنَا ٱلنُّطۡفَةَ عَلَقَةٗ فَخَلَقۡنَا ٱلۡعَلَقَةَ مُضۡغَةٗ فَخَلَقۡنَا ٱلۡمُضۡغَةَ عِظَٰمٗا فَكَسَوۡنَا ٱلۡعِظَٰمَ
لَحۡمٗا ثُمَّ أَنشَأۡنَٰهُ خَلۡقًا ءَاخَرَۚ فَتَبَارَكَ ٱللَّهُ أَحۡسَنُ ٱلۡخَٰلِقِينَ﴾

*- «(Ант болсун), Биз инсанды (т.а. Адам алайхис-саламды) ылайдын маңызынан жараттык. Андан соң аны (т.а. бардык инсандарды) алгач*

*бекем жайдагы (т.а. жатындагы) нутфа-бел суу кылдык. Андан соң бул нутфадан коюу канды жаратып, коюу кандан бир кесим этти жаратып, бир кесим эттен сөөктөрдү жаратып, бул сөөктөргө эт каптадык, андан соң (ага жан киргизип, алгач баштагы бир тамчы суу — нутфадан бүтүндөй) башка бир жанзат абалында пайда кылдык. Эң көркөм жаратуучу (т.а. жоктон бар кылуучу болгон) Алла берекелүү — улук».* [23:12-14]

﴿لِّلَّهِ مُلۡكُ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضِۚ يَخۡلُقُ مَا يَشَآءُۚ يَهَبُ لِمَن يَشَآءُ إِنَٰثٗا وَيَهَبُ لِمَن يَشَآءُ ٱلذُّكُورَ ۝ أَوۡ يُزَوِّجُهُمۡ ذُكۡرَانٗا وَإِنَٰثٗاۖ وَيَجۡعَلُ مَن يَشَآءُ عَقِيمًاۚ إِنَّهُۥ عَلِيمٞ قَدِيرٞ﴾

*- «Асмандар жана жер Алланын мүлкү. Ал Өзү каалаган нерсени жаратат, ал Өзү каалаган кишиге кыз балдарды тартуу кылат жана Өзү каалаган кишиге уул балдарды тартуу кылат. Же аларды (уул менен кызды) эгиз кылып жаратат жана Өзү каалаган кишини — туубас (уруксуз) кылып коёт. Албетте, ал (бардык нерсени) билүүчү жана (Өзү каалаган нерсени жаратууга) кудуреттүү».* [42:49]

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلۡإِنسَٰنُ مَا غَرَّكَ بِرَبِّكَ ٱلۡكَرِيمِ ۝ ٱلَّذِي خَلَقَكَ فَسَوَّىٰكَ فَعَدَلَكَ ۝ فِيٓ أَيِّ صُورَةٖ مَّا شَآءَ رَكَّبَكَ﴾

*- «Эй инсан, эмне сени улуу Роббиң тууралуу (Ага ибадат кылбасаң да боло берет деп) алдап койду?! Ал сени жаратып, анан (бардык мүчөлөрүңдү) тиктеп-тууралап, андан кийин (боюңду да) тик-туура кылып койгон зат го! Ал сени Өзү кай сүрөттү каалаган болсо (ошол сүрөт — калыпта) түзүп-жаратты го!».* [82:6-8]

﴿هُوَ ٱلَّذِي يُصَوِّرُكُمۡ فِي ٱلۡأَرۡحَامِ كَيۡفَ يَشَآءُۚ لَآ إِلَٰهَ إِلَّا هُوَ ٱلۡعَزِيزُ ٱلۡحَكِيمُ﴾

*- «Ал силерге (энелериңердин) курсагында болгон убагыңарда Өзү каалаган өң-түстү берген зат. Эч бир теңир жок, Анын Өзү гана бар. Ал кудуреттүү, даанышман».* [3:6]

Ошондуктан, муну жакшылап пикирлеп көрүү керек. Мына ошондо мусулман адам туура жолдон тайбайт жана адашпайт. Залалатка кетип адашуудан Алла сактасын.

Алла Субханаху бул ааламда илимдерди аманат кылып койду жана адамга ал билбеген нерселерди таалим берип үйрөттү. Алла Субханаху адамда акыл, пикир жүргүзүү жана пикирлөө касиетин пайда кылып койду. Ыйман келтирген адамдардын дагы да күчтүүрөөк болушу үчүн жана капыр болгон адамдар дүйнөдө шерменде болуп, акыретте болсо

жан чыдагыс азапка дуушар болушу үчүн ушул касиеттерди пайда кылды.

Акыркы дубабыз, алкыш-мактоолор ааламдар Роббиси Алла үчүн болсун.

18-жумадус-саний, 1430-х.
11-июнь, 2009-м.

## Түйүлдүктүн жынысын аныктоо жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

Менин суроом мындай: эмбрион (түйүлдүк) өстүрүү жараянында түйүлдүктүн жынысын алдын ала белгилөөнүн шаръий өкүмү кандай? Рахмат, Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Биринчиден: Түйүлдүктүн жынысын алдын ала белгилөө жөнүндөгү суроого жооп берүүдөн мурун жасалма түрдө уруктандыруу жөнүндө кыскача баян кылып өтөбүз:

Эр-катындын перзент көрүшүнө жолто болгон кээ бир абалдар бар. Бул абалдар яйцеклетка (аялдын жыныс клеткасы) сперматозоиддер (эркектин урук клеткасы) менен табигый түрдө уруктанышына тоскоолдук кылат. Мисалы, жатындын моюнчасы бүтөлүшү, же жатындын түтүгүнөн өтө алгыстык, же табигый уруктанууга жетиштүү болбогон сперматозоиддердин начар кыймылдоосу жана башка адистерге белгилүү себептер болушу мүмкүн. Бүгүнкү күндө медицина тармагындагы хазараттын жетишкендиги экстракорпоралдык уруктандыруу - «ЭКУ» (яйцеклетканы жатындан сырткарыда белгилүү бир шарттарда пробиркада уруктандыруу) мүмкүнчүлүгүн берет. ЭКУ учурунда аялдын денесинен яйцеклетка (суперовуляцияны стимулдаштырган «Кломид» сыяктуу препараттардын жардамында) бөлүнүп алынып, «in vitro» («пробирка ичинде») шартында жасалма түрдө уруктандырылат. Уруктандырылган эмбрион инкубатор шартында сакталып, 2-5 күн ичинде өстүрүлөт, андан кийин эмбрион андан аркы өнүгүүсү үчүн жатындын көңдөйүнө жайгаштырылат. Эгер, Аллах Субханаху бул уруктанган эмбриондон бала жаралышын тагдыр кылса, эмбрион жатындын көңдөйүнө жабышып, өсүп нутфага (кан), кийин түйүлдүккө айланат. Эгер Аллах Субханаху тагдыр кылбаган болсо, эмбрион өлөт жана жок болот.

Ушуга ылайык, шаръий өкүм төмөнкүдөй:

Эгер уруктандыруу табигый жол менен жүзөгө чыкпай жаткан болсо, анда, никеде турган эр-катын ЭКУ жолу менен перзент көрүүгө аракет кылышы жайиз. Себеби, бул дабалануу болуп эсептелет. Расулуллах ﷺ дарыланууга буюрат. Абу Давуд Усама Ибн Шурайктан риваят кылган хадисте Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«تَدَاوَوْا فَإِنَّ اللهَ عَزَّ وَجَلَّ لَمْ يَضَعْ دَاءً إِلاَّ وَضَعَ لَهُ دَوَاءً غَيْرَ دَاءٍ وَاحِدٍ الْهَرَمُ»

«Дарылангыла, себеби, Аллах Азза ва Жалла бирер дартты берген болсо, албетте анын дабасын да берген, бир дарттын – өлүмдүн гана дабасы жок».

Бирок, мындай түрдөгү дарылануу эки шарт менен жайиз болот:

Биринчи: ЭКУ жараянында сахих никеде болгон эр-катындын уруктары колдонулушу керек. Рувайфаъ ибн Сабит Ансарийден риваят кылынышынча, Расулуллах ﷺ мындай дейт:

«لاَ يَحِلُّ لِامْرِئٍ يُؤْمِنُ بِاللهِ وَالْيَوْمِ الْآخِرِ أَنْ يَسْقِيَ مَاءَهُ زَرْعَ غَيْرِهِ»

«Аллахка жана Акырет күнүнө ыйман келтирген киши өзүнүн суусу менен жат эгинди суугарышы адал эмес». (Ахмад риваяты). Демек, аялдын яйцеклеткасын эринин гана уругу менен уруктандыруу жайиз.

Экинчи: ЭКУ процедурасы жана уруктандырылган клетканы аялдын жатынына өткөрүү – Батышта болуп жаткандай – эринин өлүмүнөн кийин эмес, тирүүлүгүндө болушу керек. Батыштыктар уруктандырылып тоңдурулуп коюлган яйцеклетканы аял каалаган убакта өзүнүн жатынына өткөрүшүндө эч кандай тоскоолдук, тыюу жок деп билишет. Аялдын эри тирүүбү же өлгөнбү, айырмасы жок! Исламда мындай көрүнүш адал эмес. Себеби, аял тирүү эри жок кош бойлуу болушу арам жана буга жаза белгиленген. Бул, эрсиз аял кош бойлуу болгондой зинанын бир түрү деп каралат. Ошондуктан, аял эрсиз кош бойлуу болсо, ал күнөөкөр саналып, арам жана чоң күнөөнү кылган болот. Буга Умар жана Али ﵄нун сөздөрү далил. Бир да сахаба Умар жана Алинин бул сөздөрүн четке какпаган. Акыйкатта болсо, бул маселе эгер сабит болбогондо сахабалар албетте аны четке кагат эле. Ушуга ылайык, бул маселе ижма болуп эсептелет.

Демек, эринин тирүү кезинде яйцеклетканы жатындын сыртында уруктандыруу, кийин аны аялдын жатынына өткөрүү жайиз. Ошентип «пробирка балдары» деген нерсе жогорудагы шарттар менен жайиз.

Экинчиден: түйүлдүктүн жынысын алдын ала белгилөө:

Илгертен бери адамдар өздөрүнүн балдарынын жынысын тандоого, каалабаганын болсо мүмкүнчүлүктөгү жолдор аркылуу жок кылууга урунуп келишкен.

* Мисалы, жахилиятта адамдар согушта жардамчы болушу жана текти сактоо үчүн уул бала туулушун каалашкан. Ошондуктан, алар кыз балдарды тирүүлөй көмүп салышкан:

﴿وَإِذَا ٱلۡمَوۡءُۥدَةُ سُئِلَتۡ ۝ بِأَيِّ ذَنۢبٖ قُتِلَتۡ﴾

*«Тирүүлөй көмүлгөн (ар бир) кыздан кандай күнөө себептүү өлүтүрүлгөнү суралганда»* [81:8-9]

* Кош бойлуу аялдын курсагындагы нерсени сүрөткө түшүрүү мүмкүнчүлүгүн берген каражаттар пайда болгондон кийин, эгер түйүлдүк эр-катын каалабаган жыныста болсо, аны эненин курсагынан түшүрүп жиберүү үчүн абортто н пайдаланыла баштады.

* Бул жерде башка эски ыкмалар да бар.

* Учурда, айрыкча жаңы заманбап технологиялык жабдыктар өнүккөндө түйүлдүктүн жынысын тандоого тиешелүү изилдөөлөр пайда болду. Алардын эң көзгө көрүнгөндөрүнүн бири ушул эки жол:

Биринчи: Алар бул жолду жынысты тандап уруктандыруунун эң техникалык жолу деп айтышат. Бул жол пробиркада аялдын (X) хромосомасын эркектин (Y) хромосомасынан ажыратып алуу үчүн эркектин уругун текшерүүнү талап кылат т.а. хромосомалар ар түркүн ыкмалар менен адамдын денесинен тышкарыда ажыратылат жана бул үчүн медициналык техникалык аралашуу зарыл болот.

Окумуштуулар ушул идеяны карманышат: адамга тиешелүү бардык белгилер 46 хромосомада камтылган, алардын экөөсү жыныска байланыштуу: X жана Y. Аял жынысынын хромосомасы XX менен, эркек жынысынын хромосомасы XY менен белгиленет. Y-хромосома бир гана эркекте болот. Бала (түйүлдүк) атадан жана энеден бирден жыныстык хромосоманы алат. Аял балага X хромосоманы гана бере алат, эркек болсо X же Y хромосоманы берет. Ушуга ылайык, эгер яйцелетка X-хромосоманы камтыган сперматозоид менен уруктанса, анда аял жынысындагы түйүлдүк пайда болот, эгер Y-хромосома менен уруктанса эркек жынысында болот. Ушуга таянып, адистер X-хромосома сперматозоид менен Y-хромосома сперматозоидди бири-биринен ажыратып алышат, кийин түйүлдүк эркек жынысында болушун максат кылышса алдын ала аялдан алынган яйцеклетканы Y-хромосома сперматозоид менен, эгер аял жынысында болушун каалашса X-хромосома сперматозоид менен уруктандырышат.

Экинчи: бул ыкма аз гана айырмасы болбосо, жогорудагы биринчи ыкмага окшойт. Бул жол пробиркада яйцелеткаларды уруктандыргандан кийин ишке ашат. Яйцеклеткалар уруктандырылгандан кийин текшерилип көрүлөт, XX менен уруктанган яйцеклетка аял жынысындагы, ал эми, XY менен уруктанган яйцеклетка эркек жынысындагы бала болот. Ошентип, ким уул баланы каалаca, анын жатынына XY менен уруктанган яйцеклетка жайгарылат, ким кыз баланы каалаca, анын жатынына XX менен уруктанган яйцеклетка жайгарылат. Бул эки жол максат жагынан бири-бирине окшош. Болгону, биринчисинде уруктандыруудан мурун сперматозоид текшерилип көрүлөт жана Y-хромосома X- хромосомадан бөлүнүп алынат, экинчисинде болсо, уруктанган яйцеклетка т.а. «эмбрион» текширилет жана ушундан кийин эркек жынысындагы эмбрион аял жынысындагы эмбриондон ажыратып алынат.

Адамдын байыртадан бери төрөлө турган баланын жынысын тандоого тиешелүү аракеттери мына ушулар.

Суроо боюнча вакиъ изилденип түшүнүктүү болгондой кийин шаръий өкүмдү төмөнкүдөй баян кылабыз:

а) Күтүлбөгөн, кааланбаган бөбөктү өлтүрүү – арам. Себеби, ал бир жанды атайын өлтүрүү болуп эсептелет. Анын Акыреттеги жазасы – тозокто түбөлүк калуу.

﴿وَمَن يَقۡتُلۡ مُؤۡمِنٗا مُّتَعَمِّدٗا فَجَزَآؤُهُۥ جَهَنَّمُ خَٰلِدٗا فِيهَا وَغَضِبَ ٱللَّهُ عَلَيۡهِ وَلَعَنَهُۥ وَأَعَدَّ لَهُۥ عَذَابًا عَظِيمٗا﴾

*«Ким атайылап бир момунду өлтүрсө, анын жазасы жаханнам болуп, ошол жайда түбөлүк калат. Дагы ал Аллахтын казабына жана каргышына дуушар болот, Аллах ал үчүн чоң азапты даярдап койгон»* [4:93]

Анын бул дүйнөдөгү жазасы болсо – канын төгүү менен өч алуу т.а. өлтүрүлгөндүн валийи кечирбесе же дия албаса – өлтүрүү.

б) Эненин курсагындагы түйүлдүктү – ата-эне каалабаган болсо, мисалы, түйүлдүк кыз болсо, ал эми, ата-эне уул болушун каалагандагы – өлтүрүүгө келсек, ал да арам жана ал үчүн жаза белгиленген. Бухарий жана Муслим Абу Хурайра аркылуу ушул хадисти риваят кылды, лафз Бухарийдики: «Хузайлдан эки аял бири-бири менен урушуп, бири экинчисин таш менен согуп, аны жана курсагындагы нерсесин өлтүрүп койду. Ошондон кийин (туугандары) Расулуллах ﷺдын алдына өкүм үчүн келишти. Расулуллах ﷺ анын түйүлдүгүнүн диясын бир жакшы кул же чөрү деп өкүм кылды».

в) Эркек жынысын же аял жынысын тандап алуу үчүн яйцеклетканы уруктандырууда сперматозоиддердин X жана Y хромосомаларын бири-биринен бөлүү же уруктандырылган эмбриондордун эркек жынысындагыларын аял жынысындагыларынан бөлүү, андан кийин тандалган жыныстагы эмбрионду аялдын жатынына жайгаштыруу – булардын баары жайиз эмес. Себеби, бул иштер дабалануу эмес т.а. кош бойлуу боло албай жаткан аял кош бойлуу болуу үчүн аткара турган дабалануу болуп эсептелбейт. Башкача айтканда, аялдын яйцеклеткасын табигый жол менен эринин сперматозоиди менен уруктандыруу мүмкүнчүлүгү жок болгондуктан пробиркада яйцеклетканы уруктандыруу үчүн аракет кылынган дарылануу эмес. Бул иштер эркектик жана аялдык хромосомаларды камтыган сперматозоиддерди бири-биринен ажыратып алуу же эмбриондорду бөлүп алуу саналат жана табигый жол менен кош бойлуу боло албаган аялдардын дабалануусу болуп эсептелбейт. Бул иштерди авратты ачпай жана көрсөтпөй аткаруу мүмкүн эмес. Себеби, аялдын яйцеклеткасын бөлүп алуу жана аны

аялдын жатынына жайгаштыруу үчүн авратты көрсөтүүгө туура келет, негизи, авратты көрсөтүү арам. Бул арам (авратты көрсөтүү) дарылanuуда гана жайиз болот, андыктан бул амалдар дарылануу саналбаган соң, демек, алар арам болуп, таптакыр жайиз эмес.

Сөзүмдүн аягында ушуну айтмакчымын, Аллах Субханаху:

﴿ٱقۡرَأۡ وَرَبُّكَ ٱلۡأَكۡرَمُ ۝ ٱلَّذِي عَلَّمَ بِٱلۡقَلَمِ ۝ عَلَّمَ ٱلۡإِنسَٰنَ مَا لَمۡ يَعۡلَمۡ﴾

*«Оку! Сенин Роббиң (адамзатка) калемди (жазууну) үйрөткөн өтө берешен Зат. Ал Зат инсанга анын билбеген нерселерин үйрөттү»* [96:3-5]

деп айткан илимди шарият өкүмдөрүнө ылайык жакшылыкка иштетүү мүмкүн жана бул себептүү ушул илим ээсине ажр-сооп берилет. О.э. аны жамандыкка да иштетүү мүмкүн, мында илим ээси күнөөкөр болот жана акыбетте кыйроого жүз тутат. Батышта болуп жаткандай тектин башаламан аралашуусун, спермаларды, яйцеклеткаларды тоңдуруп коюуну жана эмбрион банктарын… алардын сатылышын… көрүп чачың тик турат. Аллах Субханаху бул карасанатайлар жөнүндө абдан ырас айткан:

وَلَقَدۡ ذَرَأۡنَا لِجَهَنَّمَ كَثِيرٗا مِّنَ ٱلۡجِنِّ وَٱلۡإِنسِۖ لَهُمۡ قُلُوبٞ لَّا يَفۡقَهُونَ بِهَا وَلَهُمۡ أَعۡيُنٞ لَّا يُبۡصِرُونَ بِهَا وَلَهُمۡ ءَاذَانٞ لَّا يَسۡمَعُونَ بِهَآۚ أُوْلَٰٓئِكَ كَٱلۡأَنۡعَٰمِ بَلۡ هُمۡ أَضَلُّۚ أُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡغَٰفِلُونَ

*«Алардын дилдери бар го, аңдап сезе алышпайт, көздөрү бар го, көрө алышпайт, кулактары бар го, уга алышпайт. Алар кудум үй айбандары сыяктуу, алар (акылсыздык, түшүнбөстүк) жагынан үй айбандарынан да төмөн. Дал ошолор акыйкаттан бейкапар калган кимселер»* [7:179]

Аллах Субханаху бул аалам жөнүндөгү илимдерди берди жана инсанды ал билбеген нерселерин үйрөттү. Аллах ыйман келтиргендердин ыйманын бекемдөө үчүн жана кафир болгон кимселер кор болуп, бул дүйнөдө шерменде, Акыретте болсо оор азапта болушу үчүн инсанга акыл, пикирлөө жана түшүнүү кесиеттерин берди.

10-сафар, 1435-х.
13-декабрь, 2013-м.

## Генетикалык анализге таянып баланын насабын аныктоо

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

Урматтуу шайх, киши генетикалык анализге таянып баланын насабын четке кагышы мүмкүнбү?

Аллах сизге береке берсин.

**Жооп**: оболу, келишпестик пайда болгон ар кандай маселени ырастоо үчүн туура ырастоо каражаттарынан пайдалануу жана айкын болушу үчүн болгон күчтү жумшоо жайиз, ДНКны аныктоо жана текшерүү каражаттары ушуларга кирет. Ар кандай маселеде туура пикирге жетүү үчүн ар кандай ырастоо каражаттарынан пайдалануу мүмкүн. Белгилүү бир маселеге хос шаръий нусус келген болсо гана, моюн толгобостон ушул нусуска чектелүү важиб...

Маалым болгондой, ар бир инсанда жана тирүү жанзатта ДНК кислотасынын бир бирикмеси болот. Ал спираль сыяктуу бири-бирине байланган эки чынжырга окшойт. Химиялык жактан алып караганда, ал кислота жана фосфат молекулаларынан түзүлөт. Спиралдын ар бир бөлүгү азаттуу негизден турат. Башкача айтканда ар бир чынжыр кислота, фосфор жана азаттуу негизден турат, алардын ар бири нуклеотид деп аталат.

Бу нуклеотиддер бекем формада тартиптешкен. Нуклеотиддерден түзүлгөн чынжыр англисче ген деп аталган заттарга бөлүнөт. Ар бир ген өзүнө таандык сыпатка ээ болуп, зарыл маалыматты сактайт.

Гендер ата-энелердин тукумдук өзгөчөлүктөрүн балдарга алып өтөт... Бул Аллах Таала насабды бир-бирине байлоо үчүн жараткан бир-бирине окшош өзгөчөлүктөр. Эгер, ДНК кислотасы жана ата менен баланын ортосундагы туукмдук маалыматтардын натыйжалары жөнүндө теориялык ой жүгүртсөк, башкача айтканда бардык шериктерден аруу Аллах белгилеп койгон ушул тукумдук маалыматтардан тукумдук чындыкты тапсак, бул баланын насабы атага барып такалышын көрсөтөт.

Бирок, адис эксперттердин айтымында, анализ маалында адистердин катасы же алынган үлгүгө микроб түшүп калышы акыбетинде ДНК натыйжалары ката болуп калышы мүмкүн. О.э. ДНК натыйжаларынын тууралыгы жөнүндө жана бул натыйжага башка факторлор таасир кылгандыгы жөнүндө күмөн пайда болушу мүмкүн...

Ошондуктан, жогоруда айтылган себептерге ылайык, каталык жүз беришинин ыктымалы бар болгондуктан ДНКнын натыйжалары катъий далилдикке жарабайт. Бул каталар оңдолсо, бул натыйжаларды тастыктоо үчүн шаръий нусус берилбеген ар кандай маселени ырастоо үчүн каражат кылып алса болот. Бирок, шаръий нусус берилген болсо, моюн толгобостон шаръий нусусту алуу важиб...

Мисалы аты-жөнү белгисиз денени аныктоодо... Же төрөт үйлөрүндө баланын кайсы энеге таандык экенин аныктоодо ар кандай ырастоо каражаттарынан пайдалануу мүмкүн. Аларга ДНК натыйжаларынан пайдалануу да кирет. О.э. аты-жөнү белгисиз дене табылган аймакта жашаган кишилер менен олуттуу текшерүү өткөрүү, төрөт үйүндө иштеген жумушчулар менен текшерүү өткөрүү жана мындан башка туура натыйжага алып баруучу туура ырастоо каражаттарын колдонуу жайиз. Анткени, бул иштерди ырастоодо хос шаръий нусус берилген эмес, демек бул ырастоо умумий нусустарга кирет. Бирок, бирер маселени ырастоодо шаръий нусус берилген болсо, анда жалаң гана ошол шаръий нусуска чектелинет.

Экинчи: эми сиздин баланын насабын четке кагуу жөнүндөгү суроонузго жооп берсек... Бул маселе жөнүндө хос шаръий нусус берилген, ошондуктан ошол нусуска чектелинет. Мунун эки тарабы бар:

1 – ДНК натыйжалары бул маселеге жарабайт, анткени баланын насабын ырастоодо жана четке кагууда Исламда өзүнө хос далилдер бар. Насаб ошол далилдер негизинде тастыкталат же четке кагылат. Буга ДНК текшерүү натыйжалары аныкталгандан кийин чыгарылган фатвалар таасир кылбайт. Анткени Мисирде, жеке менчик мүлк министрликтеринде, Кувейтте ушул маселе жөнүндө түрдүү пикирлер бар. Айрымдар ырастоодо жана четке кагууда ДНК натыйжалары жайиз десе, айрымдар четке кагууда гана жайиз дешет. Дагы айрымдар эр-катындык болсо насабды ырастоодо жайиз, бирок зинада жайиз эмес дейт. Айрым Батыш сакафатынан таасирленген жана өзүн факих деп көрсөткөндөр зина абалдарында да насабды ырастоодо жайиз дешет.

2 – Бу маселедеги туура өкүм – бул насаб жөнүндө шарият анык белгилеп берген өкүм. Биз бул тууралуу «Ижтима түзүмү» китебинде кенен түшүндүргөнбүз. Китепте насаб маселеси жөнүндө минтип келген:

*«Хомиладар (кош бойлуу) болуунун эң аз мөөнөтү алты ай, адаттагы мөөнөтү – тогуз ай. Эр өз аялы менен турмуш курган убакыттан алты ай жана андан көбүрөөк убакыт өтүп, аялы төрөсө, бала анын баласы болот. Бул тууурасында Пайгамбар ﷺ айткан:*

«الْوَلَدُ لِلْفِرَا□»

*«Бала – төшөк ээсиники» (муттафакун алайх). Тыянактап айтканда, аял өз эрине аял болуп турган убакытта жана никесине алты айдан көбүрөөк убакыт өтүп төрөсө, бул бала эрдин баласы болот.*

*Бирок, аялы алты ай же андан көбүрөөк убакыт өтүп бала төрөсө жана бул бала эринен болбогондугу аныкталса, табылышы зарыл болгон бир канча шарттар менен эри бул баланы «меники эмес» деп четке кагышы мүмкүн, эгер айтылган шарттар табылбаса, анын четке*

кагышынын мааниси болбойт. Каалайбы же баш тартабы, бала баары бир аныкы болуп кала берет. Бул шарттар төмөндөгүлөр:

Биринчиси: Наристе тирүү төрөлгөн болушу керек. Анткени, өлүк туулган наристенин насабынан баш тартылбайт. «Бул менин балам эмес» делбейт. Себеби, шаръий өкүм өлүк туулган баланы четке кагууга колдонулбайт.

Экинчиси: Ата ачыктан-ачык же бирер ишара менен бул бала анын баласы экендигин моюнга албаган болушу керек. Эгер ачыктан-ачык же бирер ишара менен бул бала анын баласы экендигин моюнга алган болсо, мындан кийин баланын насабын четке кагышы мүмкүн эмес.

Үчүнчүсү: Баланы четке кагуу белгилүү бир убакыт жана белгилүү бир абалдарда болушу керек т.а. төрөлүш убактысы, төрөө үчүн керектүү нерселерди сатып алуу убактысы, эр үйдө болбогон убакта аял төрөгөндүгүнөн кабар тапкан убактысы. Бул айтылып өткөн убакыттардан же абалдардан башка убакта баланын насабын четке кагуу этибарга алынбайт. Ушуга караганда, аялы төрөп, эри аны четке кагууга мүмкүнчүлүгү болуп туруп четке какпаса, бала анын насабынан эсептелет жана мындан кийин баланы четке кагууга атанын укугу болбойт. Баланын туулгандыгын билген жана аны тануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон абалда атага ыктыяр берилет. Бала төрөлгөнүн билип, аны четке кагууга мүмкүнчүлүгү болуп туруп, аны четке какпаса, бала анын насабынан болду деп эсептелет. Себеби, Расулуллах ﷺ айткан:

«الْوَلَدُ لِلْفِرَا□»

«Бала – төшөк ээсиники». Эгер ата баланын туулгандыгын билбегендиги жөнүндө дааба кылса жана ал бейкапар калуу ыктымалы болгон жерде, мисалы, башка айылда, же башка шаарда болгону үчүн аны тастыктоо мүмкүн болсо, ал өз сөзүн ант ичип тастыктайт. Себеби, асл – билбегендик. Эгер анын сөзүн тастыктоо мүмкүн болбосо, мисалы, эр аялы менен бир үйдө болгон болсо, анын даабасы кабыл алынбайт. Себеби, мындай абалда билбей калышы мүмкүн эмес. Эгер эр: «Бала туулганын билген элем, бирок, аны четке кагууга акылуу экенимди билбеген элем» десе, же «муну да билчү элем, бирок, ошол замат четке кагуум керектигин билбеген экенмин» десе, жана ал жалпы элдин көпчүлүгү сыяктуу эле муну билбей тургандардан болсо, анын бул даабасы кабыл алынат. Себеби, бул өкүмдү жалпы элдин көпчүлүгү билбейт жана бул жатта Исламды жакында кабыл алган кишиге окшойт. О.э. ал сыяктуу кишилер билбей турган ар кандай өкүмдү билбеши үзүр деп кабыл алынат. Эгер билбей калышы мүмкүн болбогон иш болсо, анын билбеши үзүр деп кабыл алынбайт.

*Төртүнчүсү: баланы четке кагуунун артынан наалатташуусу керек же наалатташуу аркылуу баланы четке кагышы керек. Толук түстө наалатташуу менен баланы четке какса гана бала анын насабынан деп эсептелбейт.*

*Мына ушул төрт шарт табылса, бала атанын насабынан болбогон деп эсептелип – энесине нисбат берилет. Ибн Умар риваятына караганда:*

«أَنَّ رَجُلاً لاَعَنَ امْرَأَتَهُ فِي زَمَنِ رَسُولِ اللهِ ﷺ وَانْتَفَى مِنْ وَلَدِهَا فَفَرَّقَ رَسُولُ اللهِ ﷺ بَيْنَهُمَا، وَأَلْحَقَ الْوَلَدَ بِالْمَرْأَةِ»

*«Расулуллах ﷺ заманында бир киши аялы менен наалатташты жана ал төрөгөн баланы четке какты. Расулуллах ﷺ жубайларды ажыратып жиберип, баланы энесине нисбат берди». Эгер баланы тануу шарттары табылбаса, бала танылбайт жана эрдин насилинен деп эсептелет. Бул бала перзенттиктин бардык укуктарына ээ болот. Жогоруда төрөлгөн бала эрден болгон же болбогондугу жөнүндө кайчы пикир туулгандагы абал жөнүндө айтылды. Эми аял бала төрөгөндүгү жөнүндө эр менен аял ортосунда жаңжал болуп калса т.а. аял жубай болуп жашап жаткан учурда эринен бала төрөгөндүгүн дааба кылса, эри болсо аялынын бала төрөгөндүгүн жокко чыгарса, аял өз даабасын бир мусулман аялдын күбөлүгү менен далилдейт. Мындай абалда бир аялдын күбөлүгү жетиштүү болот. Себеби, насил-насаб төшөктүн болушу менен анык болот. Күбөлүк шарттары табылган бир аялдын күбөлүк бериши менен баланын төрөлгөндүгү далилдениши мүмкүн».*

Ушуга ылайык баланын насабы ДНК натыйжалары менен четке кагылбайт, жогоруда айтылган шарият белгилеген шарттар менен четке кагуу жайиз.

Үчүнчүдөн: эске сала кетсек, Ислам насаб маселесине чоң маани берген, бул жөнүндөгү айрым нусустарды көрсөтүп өтөбүз:

- Бухарий сахихинде Саъд رضي الله عنهдан чыгарган хадисте мындай дейт: Мен Расулуллах ﷺдын мындай дегенин уктум:

«مَنِ ادَّعَى إِلَى غَيْرِ أَبِيهِ، وَهُوَ يَعْلَمُ أَنَّهُ غَيْرُ أَبِيهِ، فَالْجَنَّةُ عَلَيْهِ حَرَامٌ»

«Ким бир кишинин атасы эместигин билип туруп, аны атам деп дааба кылса, ага жаннат харам».

- Ибн Мажжа Абдуллах ибн Амрдан риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

«مَنِ ادَّعَى إِلَى غَيْرِ أَبِيهِ لَمْ يَرَحْ رِيحَ الْجَنَّةِ، وَإِنَّ رِيحَهَا لَيُوجَدُ مِنْ مَسِيرَةِ خَمْسِمِائَةِ عَامٍ»

«Ким атасы болбогон кишини атам деп дааба кылса, жаннат жытын жыттабайт. Жаннаттын жыты беш жүз жылдык аралыктан жыттанып турат».

- Насаий «Сунанул кубро» китебинде Абу Хурайрадан чыгарган хадисте ал киши айтат: Расулуллах ﷺ наалатташуу аяты назил болгондон кийин мындай деп айтып жатканын укканмын:

«حِينَ نَزَلَتْ آيَةُ الْمُلَاعَنَةِ: أَيُّمَا امْرَأَةٍ أَدْخَلَتْ عَلَى قَوْمٍ مَنْ لَيْسَ مِنْهُمْ، فَلَيْسَتْ مِنَ اللهِ فِي شَيْءٍ، وَلَنْ يُدْخِلَهَا اللهُ جَنَّتَهُ، وَأَيُّمَا رَجُلٍ جَحَدَ وَلَدَهُ، وَهُوَ يَنْظُرُ إِلَيْهِ احْتَجَبَ اللهُ مِنْهُ، وَفَضَحَهُ عَلَى رُءُوسِ الْأَوَّلِينَ وَالْآخِرِينَ»

«Кайсы аял бир коомго алардан болбогон баланын нисбатын берсе, Аллахтын рахматынан куру калат жана Аллах аны эч качан жаннатына киргизбейт. Кайсы киши өз баласы экенин билип туруп аны четке какса, Аллах аны рахматынан алыс кылат жана мурунку жана кийинкилерге шерменде кылат».

7-робиус-саний, 1439-х.
25-декабрь, 2017-м.

## Канды колдонуу туурасында

**Суроо**:

а) Адамдар белгилүү бир себептерге ылайык өз эрки менен кан кабыл алуучу борборлорго акысыз кан тапшырышат. Бул борборлор канды текшерүүдөн өткөрөт, эгер кан таза болсо, аны башка оорулууларга иштетет. Эгер, кан булганган болсо, мисалы, анда гепатит же спид вирустары болсо, бул ооруга чалынган канды жок кылат.

Лабораториябызда тажрыйбаларды өткөрүү үчүн биз булганган кан керектейбиз. Мына ушул канды кан кабыл алуучу борбордон акысыз алып, анын үстүндө тажрыйбаларды өткөрүп, кийин андан калганын эч кимге же айлана-чөйрөгө зыян жеткирбей турган таризде жок кылып жиберсек жайызбы?

б) Кээде биз татаал жана материалдык каражатты талап кылган илимий тажрыйбаларды өткөрүп, кандагы вирустарды тазалайбыз. Ушул жол менен таза вирустарды алып, алардын бир бөлүгүн илимий ачылыш тармагындагы илимий изденүүлөрдү өнүктүрүү үчүн лабораториябызда иштетебиз, калган бөлүгүн болсо, башка лабораторияларга сатабыз. Таза вирустарды ала албай калсак, башка лабораториялардан сатып алабыз. Бул вирустарды мына ушундай максаттарда алып-сатуу жайызбы?

**Жооп**: жооп берүүдөн мурун ушуларды баян кылабыз:

1 – Кан – бул нажас (заң, тезек, ыплас нерсе). Ошондуктан, ал арам.

Бухарий жана Муслим Асма ﵂дан риваят кылган ушул хадис инсан канынын нажас экендигине далил. Асма мындай дейт: «Бир аял Набий ﷺдын алдына келип: «Кимдир бирөөбүздүн кийимибизге хайз каны тийип калса эмне кылабыз?», - деп сурады. Пайгамбарыбыз: «Ышкалап, тазаланат кийин суу менен бир нече жолу жуулат, андан соң, ага суу куюлат, ошодон кийин аны менен намаз окула берет», - деди». Ушул аялдын намаз окурдан мурун кийимин жуушка буюрулганы кандын нажас экенине далил болот.

Алла Тааланын ушул аяты канды жештин, ичүүнүн арамдыгына далил:

﴿حُرِّمَتۡ عَلَيۡكُمُ ٱلۡمَيۡتَةُ وَٱلدَّمُ وَلَحۡمُ ٱلۡخِنزِيرِ﴾

*«Силерге өлүмтүк, кан, доңуздун эти арам кылынды»* [5:3]

о.э. Алла Субханаху ва Тааланын бул аяты да далил:

﴿قُل لَّآ أَجِدُ فِي مَآ أُوحِيَ إِلَيَّ مُحَرَّمًا عَلَىٰ طَاعِمٍ يَطْعَمُهُۥٓ إِلَّآ أَن يَكُونَ مَيْتَةً أَوْ دَمًا مَّسْفُوحًا أَوْ لَحْمَ خِنزِيرٍ فَإِنَّهُۥ رِجْسٌ أَوْ فِسْقًا أُهِلَّ لِغَيْرِ ٱللَّهِ بِهِۦ ۚ فَمَنِ ٱضْطُرَّ غَيْرَ بَاغٍ وَلَا عَادٍ فَإِنَّ رَبَّكَ غَفُورٌ رَّحِيمٌ﴾

*«Айткын: Мага вахий-кабар кылынган Куранда жей турган киши үчүн арам кылынган нерсени көрбөй жатам. Бир гана өлүмтүк, же төгүлгөн кан, же болбосо доңуздун эти болсо, ал арам, же Алладан башка үчүн аталган фасыктык-бузукулук болсо (арам). Демек, ким залим болбогон жана чектен ашып кетпеген абалда мажбур болуп калса, Роббиң Кечиримдүү, Мээримдүү»* [6:145]

2 – Нажастан жана арам кылынган нерседен пайдалануу арам. Буга төмөнкүлөр далил:

– Бухарий Жабир ибн Абдулла ﵁дан риваят кылышынча, ал Расулулла ﷺдын фатх күнүндө Меккеде мындай дегенин уккан:

«إِنَّ اللَّهَ وَرَسُولَهُ حَرَّمَ بَيْعَ الْخَمْرِ وَالْمَيْتَةِ وَالْخِنْزِيرِ وَالأَصْنَامِ فَقِيلَ يَا رَسُولَ اللَّهِ أَرَأَيْتَ شُحُومَ الْمَيْتَةِ فَإِنَّهَا يُطْلَى بِهَا السُّفُنُ وَيُدْهَنُ بِهَا الْجُلُودُ وَيَسْتَصْبِحُ بِهَا النَّاسُ فَقَالَ لاَ هُوَ حَرَامٌ ثُمَّ قَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ عِنْدَ ذَلِكَ قَاتَلَ اللَّهُ الْيَهُودَ إِنَّ اللَّهَ لَمَّا حَرَّمَ شُحُومَهَا جَمَلُوهُ ثُمَّ بَاعُوهُ فَأَكَلُوا ثَمَنَهُ»

«Албетте, Алла жана Расулу хамр, өлүмтүк, доңуз, бут-санамдарды сатууну арам кылды. Ошондо: «Я Расулулла, өлүмтүктүн майлары жөнүндө эмне дейсиз, ал кемелерге сүртүлөт, аны менен терилер майланат, адамдар аны менен чырак жагышат?», - деп суралды. Пайгамбарыбыз: «Жок, (андай кылынбасын) ал арам», - деди. Кийин Расулулла ﷺ мындай деди: «Алла яхудийлерди наалаттасын, Алла өлүмтүктүн майларын арам кылса, алар аны эритип сатып, акчасын жешти».

– Табарийдин «Тахзибул асар» китебинде Жабирдин мындай дегени риваят кылынган: Расулулла ﷺ:

«لاَ تَنْتَفِعُوا مِنَ الميْتَةِ بِشَيْءٍ»

«Өлүмтүктүн эч бир нерсесинен пайдаланбагыла» деген.

– Өлүмтүктүн териси арамдыктан мустасна кылынды (чыгарылды). Абу Давуд Ибн Аббастан риваят кылган хадисте мындай делет: «Мусаддад жана Вахб Маймунадан анын мындай дегенин риваят кылышты:

«أُهْدِيَ لِمَوْلاَةٍ لَنَا شَاةٌ مِنَ الصَّدَقَةِ فَمَاتَتْ فَمَرَّ بِهَا النَّبِيُّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فَقَالَ أَلاَ دَبَغْتُمْ إِهَابَهَا وَاسْتَنْفَعْتُمْ بِهِ قَالُوا يَا رَسُولَ اللَّهِ إِنَّهَا مَيْتَةٌ قَالَ إِنَّمَا حُرِّمَ أَكْلُهَا»

«Биздин бир айымыбызга садакадан бир кой тартуу кылынды. Ал кой өлүп калды. Набий ﷺ анын жанынан өтүп баратып: «Анын терисин аштап, андан пайдаланбайсыңарбы?», - деди. Ошондо: «Я Расулулла, ал

өлүмтүк го», - дешти. Пайгамбарыбыз: «Аны жеш гана арам кылынды», - деп жооп берди».

– Бухарий Жабир ибн Абдулла розияллоху анхумадан риваят кылышынча, ал Расулулла ﷺдын фатх жылында Меккеде:

«إِنَّ اللَّهَ وَرَسُولَهُ حَرَّمَ بَيْعَ الْخَمْرِ»

«Албетте, Алла жана Расулу хамр сатууну арам кылды» дегенин уккан.

– Бухарий Анас ﷺнун мындай дегенин да риваят кылган: «Мен коомго Абу Талханын үйүндө сакийлик кылып жаткан (хамр куюп узатып жаткан) элем. Алар ошол күндөрдө курма мөмөсүнөн даярдалган хамр ичишчү. Ошол кезде Расулулла ﷺ бир кишиге: «Эсиңерде болсун, хамр арам кылынды», - деп жар салууну буйруду. Ошондо, Абу Талха мага: «Алып чыгып, аны төгүп жибер», - деди. Алып, аны төгүп жибердик. Ал Медина көчөлөрүндө арыкта суу аккандай болуп акты».

– Абу Давуд Абу Хурайрадан риваят кылышынча, Расулулла ﷺ мындай деген:

«إِنَّ اللَّهَ حَرَّمَ الْخَمْرَ وَثَمَنَهَا وَحَرَّمَ الْمَيْتَةَ وَثَمَنَهَا وَحَرَّمَ الْخِنْزِيرَ وَثَمَنَهُ»

«Албетте, Алла хамр жана анын акчасын, өлүмтүк жана анын акчасын, доңуз жана анын акчасын арам кылды».

3 – Арам нерсе менен дабалануу арамдыктан мустасна кылынат. Демек, арам жана нажас нерсе менен дарылануу арам эмес:

– Муслим Анастан риваят кылган ушул хадис арам нерсе менен дарылануунун арам эмесине далил: «Расулулла ﷺ Зубайр ибн Авам жана Абдуррахман ибн Авфка жибек кийим кийүүгө уруксат берди же экөөсүнө уруксат берилди. Себеби, экөөсү кычытмага кабылышкан болчу». Жибек кийим кийүү эркектерге арам, бирок, дарылануу үчүн колдонулса жайыз. О.э. буга Насаий, Абу Давуд жана Термизий риваят кылган ушул хадис да далил болот. Лафз Насаийге таандык: «Бизге Абдуррахман ибн Тарафа чоң атасы Арфажа ибн Асъаддан риваят кылышынча, чоң атасы жахилият доорунда ал-Кулаб согушунда мурунунан ажырап, күмүштөн мурун жасап алган эле. Кийин муруну сасып кеткен. «Ошондо, Набий ﷺ ага алтындан мурун жасап алууну буюрган». Алтын эркек кишилерге арам, бирок, дарылануу үчүн жайыз.

– Бухарий Анас ﷺдан риваят кылган төмөндөгү хадиси нажас менен дарылануунун арам эместигине далил: «Мадинада бир канча адамдар ал жердин тамагы жакпай ооруп калышкан. Набий ﷺ аларга өзүнүн төө баккан бир чабанын алдына барып, төөнүн сүтү жана бавлинен (сийдиги) ичүүнү буюрду. Алар Пайгамбарыбыздын чабанынын алдына барып, төөнүн сүтү жана бавлинен ичишти...». Расулулла ﷺ алардын бавл менен дарыланышына уруксат берген. Ал

эми, бавл – нажас. Бухарий Абу Хурайрадан ушул хадисти да риваят кылат: «Бир аърабий мечитке бавл кылды (сийди). Адамдар анын жакасынан алып турушканда Набий ﷺ:

«دَعُوهُ وَهَرِيقُوا عَلَى بَوْلِهِ سَجْلاً مِنْ مَاءٍ - أَوْ ذَنُوبًا مِنْ مَاءٍ - فَإِنَّمَا بُعِثْتُمْ مُيَسِّرِينَ وَلَمْ تُبْعَثُوا مُعَسِّرِينَ»

«Ага тийбегиле, бавлинин үстүнө бир челек суу куюп жибергиле. Силер оор кылуу үчүн эмес, жеңил кылуу үчүн жиберилдиңер», - деди».

4 – Нерселердеги асл – ырас, арам кылынгандыгы жөнүндө далил келбесе – мубах. Алла Тааланын ушул аяты буга далил:

﴿أَلَمۡ تَرَوۡاْ أَنَّ ٱللَّهَ سَخَّرَ لَكُم مَّا فِي ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَمَا فِي ٱلۡأَرۡضِ﴾

*«Алла асмандардагы жана Жердеги бардык нерселерди силерге моюн сундуруп койгонун көрбөдүңөрбү?!»* [31:20]

﴿أَلَمۡ تَرَ أَنَّ ٱللَّهَ سَخَّرَ لَكُم مَّا فِي ٱلۡأَرۡضِ﴾

*«Алла силерге Жердеги бардык нерселерди силерге моюн сундуруп койгонун көрбөдүңөрбү?!»* [22:65]

﴿وَسَخَّرَ لَكُم مَّا فِي ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَمَا فِي ٱلۡأَرۡضِ جَمِيعٗا مِّنۡهُ﴾

*«Ал Өзү тарабынан (т.а. Өз эрк-каалосу менен) силерге асмандардагы жана Жердеги бардык нерселерди моюн сундурду»*[45:13]

Бул насстардан Шареъ нерселердин баардыгын мубах, т.а. адал кылганы анык көрүнүп турат. Анткени, нерселердин мубах экендиги адалды, т.а. арамдын тескерисин түшүндүрөт. Демек, бирер нерсени арам деш үчүн анын аслинде мубах кылынган нерселерден мустасна кыла турган кандайдыр бир насс болушу керек. Ошентип, нерселердин асли – арам экендиги жөнүндө эч бир далил келбесе – мубах болот.

Ал эми, феъл (иш) болсо, нерселердин тескериси. Себеби, феълдердеги асл – бул «фарз, мандуб... себеп, шарт ...» сыяктуу таклифий жана вазъий өкүмдөргө чектелүү. Алар менен усул илиминде таанышып чыгууга болот.

Ошондуктан, жогорудагы эки суроого жооп төмөнкүдөй болот:

Биринчи: Эгер, булганган кан үстүндөгү изденүүлөр, тажрыйбалар дарылоо максатында алып барылса, т.а. ооруну аныктоо жана аны тийиштүү дары-дармектер менен дарылоо жана ушуга окшогон нерселер үчүн болсо – жайыз. Бирок, бул изденүүлөрдүн ооруну дарылоо үчүн дары иштеп чыгарууга алакасы жок болсо жайыз болбойт.

Себеби, кан нажас жана арам эсептелип, нажас жана арам нерселерден пайдалануу арам. Дарылануу максатында болсо гана жайыз.

Экинчи: Эгер, тажрыйбаларды өткөрүү үчүн жана дарылоо максатындагы изденүүлөр үчүн кандан вирус бөлүп алынса – бул жайыз. Т.а. кандан вирусту бөлүп алуу максатында лабораторияларда булганган кан колдонулуп, ал тийиштүү дабаны (дарыны) аныктоодо вирус үстүндө тажрыйбаларды өткөрүү үчүн пайдаланылат. Демек, ал – жайыз.

Бирок, эгер кандан вирусту бөлүп алуу дарылоо максатында болбогон тажрыйбалар болсо, жайыз болбойт. Себеби, булганган кан нажас жана арам болуп, андан пайдалануу жайыз эмес.

Үчүнчү: Вирустар таза болот. Себеби, анын арамдыгына бир да далил келбеген. Демек, ал ушул шаръий коидага ылайык таза. Демек, эгер, вирус жалгыз өзү аныкталса, т.а. кан менен булганбаган болсо, аны сатуу жана сатып алуу, анын үстүндө ар кандай илимий изденүүлөр алып баруу жайыз болот. Илимий изденүүлөр инсанга зыян жеткирүү үчүн эмес, пайда алып келүү үчүн болушу тийиш. Себеби, Расулулла ﷺ:

«لاَ ضَرَرَ وَلاَ ضِرَارَ»

«Зыян көрүү да, зыян жеткирүү да жок» деген.

22-сафар, 1432-х.
26-январь, 2011-м.

## Бир-бирине жабышып төрөлгөн эгиздер тууралуу

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух. Бири-бирине жабышып туулган эгиздер жөнүндө сурамакчымын. Аларга Ислам өкүмдөрү кандай колдонулат?
Көңүл бурганыңыз үчүн рахмат.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух. Бири-бирине жабышып туулган эгиздер маселесине карата сөз кыла турган болсок, алардын жабышкан абалдары ар түрдүү болушуна карай, өкүмдөрү да ар түрдүү болот.
Кээде эгиздердин эки жанбаштары жабышкан, же аркалары жабышкан, же баштары жабышкан болушу мүмкүн. Кээде болсо алардын эки жанбаш сөөгү, же эки куйругу жабышкан болушу мүмкүн. Кээде алардын кошумча тараптары, же кошумча дене, же маанилүү болбогон ашыкча мүчөлөрү жабышкан болушу мүмкүн ж.б.
Мындай эгиздерге бир адамдын өкүмдөрү колдонулабы же эки адамдын өкүмдөрү колдонулабы, муну анык билүү үчүн жогорудагы ар бир абал өз-өзүнчө үйрөнүлөт.
Ошондуктан, ар бир абал амалий вакиъде болгону сыяктуу эле, өз-өзүнчө үйрөнүлүшү важиб. Бардык абалдарга бир өкүм берилиши жайыз эмес. Кээ бир илимий изилдөөлөрдөн белгилүү болушунча, Сиам эгиздери деп аталуучу бири-бирине жабышып төрөлө турган мындай эгиздердин жарыкка келиши өтө сейрек кездеше турган абал. Анткени, алар 50 000 же 100 000 баланын бирине туура келиши мүмкүн. Алардын көпчүлүгү төрөлбөй туруп эле же төрөлүшү менен эле каза болот. Бир нече жыл жашап кала тургандары өтө сейрек кездешет.

## Эмдөө жөнүндө

**Суроо**: мен диндеш карындашыңыз Мадина Юзиевамын, Хизбут-Тахрир амири улуу аалым Ато ибн Халил Абу Руштага –Аллах аны Өз коргоосунда сактасын – төмөнкүдөй суроо жолдоймун:

Менин улутум чечен, 14 жылдан бери Бельгияда жашаймын. Бул жерде чечендер көп. Акыркы кездерде балдарыбызды кызамык, полиомиелит, сарык, паротит ж.б. ооруларга каршы эмдөөнүн Исламдагы өкүмү туурасында сөздөр жана суроолор көбөйүп кетти. Эмдөөгө каршы аракеттер да күзөтүлүп, бул аракеттеги адамдар эмдөө акыбетинде бул оорулардын күчөп жатканын, дени сак балдарыбызды мындай зыянга дуушар кылбашыбыз керектигин айтышууда. Муну менен бирге, оорудан дарылануу фарз болбогон соң, оорунун алдын алууга каратылган эмдөө да милдеттүү эмес. Адамдар дагы: эмдөө ооруну балага жугуштурат, андыктан, бул - арам, эмдөөчү заттар болсо маймыл сыяктуу айбандардан алынат, деп жатышат.

Суроом мындай, эмдөө акыйкаты жана анын шаръий өкүмү кандай? Халифалык мамлекетинде түрдүү эмдөөлөр болобу? Белгилүү болгондой, Бельгияда жашап жаткан мусулмандардын жарымы перзенттерин эмдетишпейт, андайлардын саны көбөйүүдө жана мунун анык, жүйөлүү шаръий өкүмү зарыл болуп калды. Биз сизден мүмкүн болушунча ушуну кеңири ачыктап беришиңизди күтөбүз. Аллах сизди бизден жана бардык мусулмандардан жакшылык менен сыйласын! Вассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Эмдөө – дарылануу, дарылануу болсо фарз эмес, мандуб. Мунун далилдери төмөнкүдөй:

1 – Имам Бухарий Абу Хурайрадан риваят кылат: Расулуллах ﷺ мындай дейт:

«مَا أَنْزَلَ اللَّهُ دَاءً إِلاَّ أَنْزَلَ لَهُ شِفَاءً»

«Аллах бирер дартты түшүргөн болсо, албетте анын шыпаасын да түшүргөн».

Имам Муслим Жабир ибн Абдуллахтан риваят кылат: Набий ﷺ мындай деди:

«لِكُلِّ دَاءٍ دَوَاءٌ، فَإِذَا أُصِيبَ دَوَاءُ الدَّاءِ بَرَأَ بِإِذْنِ اللَّهِ عَزَّ وَجَلَّ»

«Ар бир дарттын дабасы бар, анан, качан дарттын дабасы жетсе, Аллах Азза ва Жалланын изни менен айыгып кетет». Имам Ахмад өз Муснадында Абдуллах ибн Масъуддан риваят кылат:

«مَا أَنْزَلَ اللَّهُ دَاءً، إِلاَّ قَدْ أَنْزَلَ لَهُ شِفَاءً، عَلِمَهُ مَنْ عَلِمَهُ، وَجَهِلَهُ مَنْ جَهِلَهُ»

«Аллах бирер дартты түшүргөн болсо, албетте анын дабасын да түшүргөн, аны билген билет, билбеген билбейт».

Ушул хадистерде ар бир дарттын шыпаа боло турган дабаасы бар экенине көрсөтмө берилген. Бул жерде үндөө таризиндеги түрткү бар т.а. Аллах Субханахунун изни менен, дарттын шыпаасына алып бара турган дары-дармектерди табуу үчүн аракет кылууга үндөө. Бул үндөө андан башка нерсеге далалат кылбайт т.а. үндөө боюнча калат жана милдеттүү көрүнүшкө ээ эмес, важиб эмес.

2 – Имам Ахмад Анастан риваят кылат: Расулуллах ﷺ мындай деди:

«إِنَّ اللَّهَ حَيْثُ خَلَقَ الدَّاءَ، خَلَقَ الدَّوَاءَ، فَتَدَاوَوْا»

«Аллах дартты да, дабаасын да жаратты, ошондой болгон соң, дарылангыла». Абу Давуд Усама ибн Шариктен риваят кылат: Мен Набий ﷺдын жана сахабаларынын алдына бардым, алар кудум башына куш конуп алгандай унчукпай олтурушкан экен. Мен салам берип, отурдум. Ошондо ар тараптардан бадавийлер келип: Я Расулуллах, дарылансак болобу? – деп сурашты. Ал зат мындай деди:

«تَدَاوَوْا فَإِنَّ اللَّهَ عَزَّ وَجَلَّ لَمْ يَضَعْ دَاءً إِلاَّ وَضَعَ لَهُ دَوَاءً، غَيْرَ دَاءٍ وَاحِدٍ الْهَرَمُ»

«Дарылангыла, себеби, Аллах Азза ва Жалла эч бир дартты дабаасыз калтырбаган. Бирок, бир дарттын – өлүмдүн дабаасы жок».

Мурунку хадисте ал зат дарылануууга буюрду, бул хадисте болсо, бадавийлердин суроосуна жооп берип, Аллах дартты берген болсо, албетте анын дабаасын да жаратканын айтуу менен пенделерге дарылануууга хитаб кылды. Эки хадисте тең хитаб буйрук түрүндө келип, буйрук мутлак талапты түшүндүрөт, бирок, важибдикти билдирбейт. Важибдикти билдириши үчүн буйрук катъий болушу керек, ал эми, катъийлик үчүн ага далалат кылган карина керек жана эки хадисте тең важибдикке далалат кылган карина жок. Мындан тышкары, жогорудагы эки хадистен важибдик маанисин алып салган дарылануууну калтыруу жайиздигин туюнткан хадистер да келген. Мисалы, имам Муслим Имран ибн Хусайндан риваят кылат, Набий ﷺ мындай деди:

«يَدْخُلُ الْجَنَّةَ مِنْ أُمَّتِي سَبْعُونَ أَلْفًا بِغَيْرِ حِسَابٍ، قَالُوا: وَمَنْ هُمْ يَا رَسُولَ اللَّهِ؟ قَالَ: هُمُ الَّذِينَ لاَ يَكْتَوُونَ وَلاَ يَسْتَرْقُونَ، وَعَلَى رَبِّهِمْ يَتَوَكَّلُونَ»

«Бейишке Үммөтүмдүн жетимиш миңи эсеп-китепсиз кирет. Алар кимдер, я Расулуллах? – деп сурашты. Алар күйдүрмө да, рукя да кылбай, Роббисине тобокел кылган кишилер, деп жооп берди».

Күйдүрмө жана рукя кылуу дарылануууга кирет. Имам Бухарий Ибн Аббастан риваят кылат: «… Бул кара түстүү аял Набий ﷺдын алдына келип: Менин талмам бар, талмам тутканда ачылып калам, менин акыма Аллахка дуба кылыңыз, деди. Набий ﷺ:

«إِنْ شِئْتِ صَبَرْتِ وَلَكِ الجَنَّةُ، وَإِنْ شِئْتِ دَعَوْتُ اللَّهَ أَنْ يُعَافِيَكِ»

«Эгер, каалаcаңыз сабыр кылыңыз жана сизге бейиш болот, эгер каалаcаңыз мен Аллахка сизге шыпаа беришин сурап дуба кыламын», деди. Ошондо ал аял: Сабыр кыламын, болгону мен талмам тутканда ачылып калам, Аллахка ачылып калбашымды сурап дуба кылыңыз, деди жана Набий ﷺ ал аялга дуба кылды». Ушул эки хадис дарылануууну калтыруу жайиздигине далалат кылат.

Жогорудагылардын баары «дарылангыла» деген сөз важибдик үчүн эместигине далалат кылат. Демек, бул жердеги буйрук мубахтыкка же мандубдукка далалат кылат. Расулуллах ﷺдын дарылануууга үндөөсү катуу болгону үчүн хадистерде келген дарылануууга буйрук мандубдукту билдирет.

Ушуга ылайык, эмдөөнүн өкүмү мандуб, себеби, эмдөө – дабаа, дарылануу болсо мандуб. Бирок, эмдөөнүн белгилүү бир түрү зыяндуу экени далилденсе, Расулуллах ﷺдын ушул хадисинен алынган зыян туурасындагы коидага ылайык, мындай эмдөө арам болот: Имам Ахмад өз Муснадында Ибн Аббастан риваят кылат, Расулуллах ﷺ айтты:

«لاَ ضَرَرَ وَلاَ ضِرَارَ»

«Зыян көрүү да, зыян жеткирүү да жок». Бирок, эмдөөнүн зыяндуу болушу сейрек кездешет.

Халифалык мамлекетине келсек, эмдөө эпидемиялык, жугуштуу ооруларга гана каршы колдонулат жана дары да ар түрдүү аралашмалардан таза, сапаттуу болот, анткени, Аллах Субханахунун Өзү шыпаа берүүчү:

﴿وَإِذَا مَرِضۡتُ فَهُوَ يَشۡفِينِ﴾

*«Кесел болгон чагымда (Аллахтын) Өзү шыпаа берет»* [26:80]

Шаръий түрдө белгилүү болгондой, ден соолукту сактоо халифанын вазыйпаларына кирип, мында Расулуллах ﷺдын:

«الإِمَامُ رَاعٍ وَهُوَ وَمَسْؤُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ»

«Имам-халифа – башкаруучу жана ал өз кол астындагылардан жоопкер» (Имам Бухарий Абдуллах ибн Умардан риваят кылды), деген хадисине амал кылынат. Ушул нусус умумий болуп, саламаттык жана дарылоо мамлекеттин вазыйпаларына киргени үчүн мамлекеттин жоопкерчилигине таандык.

Андан тышкары, жалаң гана медицинага жана дарылануууга хос далилдер да бар: Имам Муслим Жабирден риваят кылат: «Расулуллах ﷺ Убай ибн Каъбга табиб жиберди, табиб анын тамырып кесип, күйдүрдү». Хаким Мустадракта Зайд ибн Асламдан, ал атасынан риваят кылат: «Мен Умар ибн Хаттабдын халифалыгы убагында катуу ооруп калдым, ошондо

мага Умар табиб чакыртты, ал мени күйдүрдү, ал тургай, күйдүрүү ызаасынан данекти тиштеп турдум».

Бул жерде Расулуллах ﷺ мамлекет акими катары Убайга табиб жиберди, экинчи рошид халифа Умар да Асламды дарылоо үчүн табиб жиберди. Бул эки риваят медицина жана дарылоо жарандын негизги муктаждыктарынан экенине далалат кылып, мамлекет жарандардын бул муктаждыгын акысыз камсыздайт.

15-мухаррам, 1435-х.
18-ноябрь, 2013-м.

## Биротоло төрөгүс кылган операциялар жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

Фазилаттуу шайхыбыз, менде жооп берүү ушунчалык зарыл болгон бир медициналык суроо бар. Мен врачмын, аялдар ооруканасы жана төрөтканада иштеймин, ал жерде түйүлдүктүн же аялдын өмүрүнө коркунуч пайда болсо кесарево (курсагын жарып баланы алуу) операциялары кылынат.

Кээ бир түйүлдүктөр аялдар кош бойлуулук маалында ушунчалык оор боло турган оорулардан азап тартышат, мындай абал аларды кош бойлуу болбостукка, же эң эле жок дегенде 3-4 жыл кош бойлуу болуудан сактанууга мажбур кылат. Ошондуктан, бул аялдар кош бойлуу болууга жол бербей турган каражаттардан пайдаланууга мажбур болушат. Бирок, кээ бир аялдарга бул каражаттар узагыраак убакыт кош бойлуу болбой туруу жаатында пайда бербейт, натыйжада алар бири-бирине жакын убакыттарда кош бойлуу болуп кала беришет. Бул болсо, алар бири-бирине жакын убакта көп кесарево операцияларына дуушар болгону үчүн алардын өмүрүнө коркунуч туудурат. Аялдар арасында омурткасында кемирчек барлары да бар, өтө көп кан кете тургандары бар. Натыйжада врачтар аял кош бойлуу болбосун үчүн фалоп каналын (трубаны) бүтүндөй жаап таштоо жолун кармануута мажбур болушат. Аялдар арасында ооруканага келип өзүнүн кош бойлуу болушу мүмкүн эместигин, кош бойлуу болууга жол бербей турган каражаттарды колдоно албастыгын, ошондуктан фалоп каналын бүтүндөй жаап таштоону каалай тургандыгын дааба кылуу абалдары көбөйүп кетти. 32 жаштагы жана 36 жаштан ашпаган аялдар бар. Бул аялдар адис врачтан фалоп каналын бүтүндөй жаап таштоо үчүн өзүн кесарево операция кылууну сурап катуу туруп алышат.

Суроо төмөнкүдөй, аялдын абалын анын кош бойлуулук баскычтарында күзөтүп бара турган жана кош бойлуулук аялда оор болуп жатканын көрүп «фалоп каналын бүтүндөй жаап коюу операциясын кылуу зарыл» деген чечим кабыл ала турган мына ошол врач жөнүндөгү шаръий өкүм кандай? Текшерип отурбастан аялдын сөзү менен – эгерде аялдын айткандары анык болбосо – операция кылган врач жөнүндөгү өкүм кандай?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Кош бойлуу болууга убактылуу жол бербестик – азл кылуу жөнүндөгү белгилүү далилдерге ылайык – жаиз болот...

Ал эми, кош бойлуулукка бүтүндөй жол бербестик жана бүтүндөй төрөбөс кылып коюу арам. Мисалы, кош бойлуу болууга бүтүндөй жол бербей турган, наслды (тукум улоону) үзүп коё турган дарыларды

колдонуу, кош бойлуу болууга бүтүндөй жол бербей турган жана наслды үзүп коё турган хиррургиялык операцияларды кылуу арам. Мындай кылуу таптакыр жаиз эмес. Анткени, буга бычып коюу өкүмү туура келип калат, ушул өкүмдүн астына кирип, бычып коюу өкүмүн алат. Анткени, мындай дарыларды колдонуу – кудум бычып коюу наслды үзүп койгону сыяктуу – наслды үзүп коёт. Бычып коюудан ачык нахий (кайтаруу) келген. Саъд ибн Абу Ваккастан мындай дегени риваят кылынган: «Расулуллах ﷺ Усман ибн Мазъундун өзүн бычып алышын четке какты, эгерде ага уруксат бергенде биз да албетте өзүбүздү бычып алат элек». Мутафаккун алайх. Усман ибн Мазъун Набий ﷺдын алдына келип: «Я Расулуллах, мен бойдоктук машакаттуу болуп жаткан адаммын, мага өзүмдү бычып алышыма уруксат берсеңиз, - деди. Ошондо Пайгамбарыбыз: Жок, бирок сен көп-көп орозо карма, - деди». Башка лафз менен келген хадисте болсо Усман ибн Мазъун: «Я Расулуллах, мага өзүмдү бычып алышыма уруксат бересизби? – деди. Пайгамбарыбыз: Аллах бизге анын ордуна ханиф улуу рухбандык (рохибдик)ти кылып берди, - деди». Анастан болсо мындай дегени риваят кылынды: «Набий ﷺ бизди үйлөнүүгө буюруп жана тарки дүйнөчүлүктөн катуу кайтарып: Мээримдүү, көп балалуу болуу үчүн үйлөнгүлө, анткени мен кыямат күнүндө (башка) үммөттөргө силердин көптүгүңөр менен сыймыктанамын, - деп айтчу». Бул хадисти Ахмад чыгарды.

Кала берсе наслды бүтүндөй үзүп коюу Шореънин насл жана төрөгөндү үйлөнүүдөн көздөлгөн негизги максат кылып койгонуна да тескери келет. Аллах Таала адамдарга милдет кылып мындай деди:

﴿وَٱللَّهُ جَعَلَ لَكُم مِّنۡ أَنفُسِكُمۡ أَزۡوَٰجٗا وَجَعَلَ لَكُم مِّنۡ أَزۡوَٰجِكُم بَنِينَ وَحَفَدَةٗ﴾

*«Аллах силер үчүн өзүңөрдөн жуптарды жаратып, жуптарыңардан силер үчүн балдарды, неберелерди пайда кылды»* [16:72]

Ошондуктан, демек бүтүндөй төрөбөс кылып коюу операциялары эркек жана аялга арам.

Ал эми, эгерде аял кош бойлуу болсо жана ишенимдүү адис врачтар «түйүлдүктүн курсакта калышы энеге өлүм коркунучун пайда кылат» деген чечимге келишкен болсо, анда түйүлдүктү түшүрүп жиберип, эненин өмүрүн куткарууга уруксат берилет. Анткени, Ислам өмүрдү куткарууга даъват кылган...

Ал эми аялдын өзүнүн оорулуу экендиги, ошондуктан кош бойлуулук өмүрүнө коркунуч туудурушунан коркушу жөнүндөгү сөздөрүнө келсек, ал чындыктан алыс болгон сөз. Анткени, оорулуу абалында кош бойлуу болгон жана кош бойлуулукту улантып соо-саламат бала төрөгөн жана Аллах сак-саламаттык неъматын берген канчалаган аялдар бар... Ошону менен бирге – азыр гана айтып өткөнүбүздөй – аял кош бойлуу болсо да,

бирок, ишенимдүү, адис врачтар «кош бойлуулуктун уланышы эненин өмүрүнө да, түйүлдүктүн өмүрүнө да өлүм коркунучун туудурат деген» чечимге келишкен болсо ошондо гана түйүлдүктү түшүрүү жаиз болот.

Ушуга ылайык, демек бүтүндөй төрөбөс кылып коюу арам. Ошондуктан, аялды кош бойлуулук маалында дабалоо матлуб (зарыл болгон) иш. Эми эгерде ишенимдүү, адис врачтар бул түйүлдүк аялдын өмүрүнө да, түйүлдүккө да өлүм коркунучун пайда кылат деген чечимге келишсе анда кош бойлуулук маалында аялдын өмүрүн сактап калуу да матлуб иш болот. Мындайда түйүлдүктү түшүрүү жаиз. Ал эми аялдын талабы боюнча кош бойлуулукка бүтүндөй жол бербестик үчүн дарылоо арам.

Врачтар бул ишке жеңил карабашы керек о.э. кош бойлуулуктун жана оорунун диагнозун коюуда бар болгон билимдерин ишке салышы керек... Анткени, бул аманат, ошондуктан, врач буга катуу амал кылышы, акыретин дүйнөнүн бир матасына – бул мата канчалык даражага жеткен болбосун – сатып жибербеши керек.

﴿فَمَا مَتَٰعُ ٱلۡحَيَوٰةِ ٱلدُّنۡيَا فِي ٱلۡأٓخِرَةِ إِلَّا قَلِيلٌ﴾

*«Акырет алдында бул дүйнө матасы өтө аз нерсе го?!»* [9:38]

Сөзүмдүн аягында мен жубайларга наслды көбөйтүүнү жана перзенттерин жакшы тарбиялоого катуу көңүл бурууну насаат кыламын. Анткени, Расулуллах ﷺ кыямат күнүндө алардын көптүгү менен сыймыктанат. Байхакий сунан кубродо Абу Умама ؓдан мындай дегенин чыгарды: Расулуллах ﷺ:

«تَزَوَّجُوا فَإِنِّي مُكَاثِرٌ بِكُمُ الْأُمَمَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ...»

«Үйлөнгүлө, анткени мен кыямат күнүндө үммөттөргө силердин көптүгүңөр менен сыймыктанамын...», - деген. Ушуга окшош хадисти Хаким да эки сахих мустадракта Маъкил ибн Ясор رضي الله عنهما анхудан, Баззор болсо өзүнүн муснадында Анас ؓдан чыгарган о.э. башкалар да чыгарган.

Аллах Субханаху солих эркектер жана солиха аялдарды дос тутат.

23-ражаб, 1435-х.
22-май, 2014-м.

## Биоэнергия менен дарылануу

**Суроо**: ассаламу алайкум, мен Халил университетинде медициналык адистик боюнча билим алып жаткан студент кызмын. Бизге сабак берип жаткан профессор аял энергия менен дарылоо курстарын баштады, ал мына ушул тема боюнча толук изилдөө жүргүзүп, тажрыйбасын ашырмакчы болуп жатат.

Бирок, бир курсташыбыз бул тема тууралуу талкуулашып, анын арам экендигин айтып жатат. Бирок, профессор аял андан мунун арамдыгына бир катъий шаръий далил келтиришин талап кылды. Себеби, бул аял ушул тема боюнча өзүнүн изилдөөлөрүн толук аягына чыгармакчы болууда. Бирок, ошол курсташыбыз бул тема жөнүндө Куран жана Сүннөттөн бир анык далилди келтире албады. Сиз бул тема боюнча өз райыңызды билдирип, далил келтирүүдө мага жардам бере аласызбы? Ушуну суранамын.

**Жооп**: энергия менен дарылоо дегенде эмнени назарда тутуп жатканыңыз суроодон анык эмес. Суроо берген бул кыз энергия менен дарылоо маанисин ачыгыраак баяндаса жакшы болот эле. Ошондо биз анын суроосуна карай жооп берет элек...

Ошого карабастан, бул темага арам деген талкуу кошулгандыгы себептүү «бул кыз нур чыгаруучу энергия сыяктуу хис кылына турган маддий энергия жана лазер менен дабалоо тууралуу сурап жаткан жок» деп күмөн кылдым. Нурдуу дабалоо рак оорусун дарылоодо колдонулат. Мында энергиянын жогорку даражадагы нурлары колдонулат же Magnetic resonance imaging (MRI) (ал магнит нурларды өткөрүү деп аталат) же ушуга окшогондор колдонулат. Бул жана ушул сыяктуулар менен дарылоодо эч бир күнөө жок. Суроо берген кыз «биоэнергия деп аталуучу энергия жөнүндө сурап жатат» деп божомол кылып жатам... Эгерде ушул энергия менен дарылоо жөнүндө сурап жаткан болсо Аллахтан тавфик сурап төмөнкүлөрдү айтамын:

Биоэнергия менен дарылоо темасы боюнча биз кабардар болгон маалыматтарга ылайык, анын буддизм фалсафасы негиздериндеги дарылоонун бир түрү экендиги белгилүү болду. Бул фалсафа ээлеринин айтымында ал психологиялык жисманий жана рухий дабалоо болуп, ал адамга гоиб болгон таасир кылуучу нерселерди түшүнүп жетүү негизине курулган имиш, көзгө көрүнбөгөн бул таасир кылуучу нерселерди байыркы чыгыштыктар ойлоп тапкан имиш, алардын эң маанилүүсү ааламда кезип жүрүүчү «и», «ци» «прана» деген аталыштагы бир кубаттын бар экендиги имиш. Адам айыгышы кыйын болгон жисманий оорулардан айыгууга жана рухий азаптардан, кысылуудан сактанууга жетишүү үчүн т.а. таасир кылуучу психологиялык кудуреттерге жетишүү

үчүн мына ушул кубаттан күч алышы жана өз денесинин көзгө көрүнбөгөн бөлүктөрүндө агып жатканын сезиши мүмкүн имиш. Бул кубат адамга ийгиликке жетишүү, адамдарды өзгөртүү, алардын денелерин жана рухиятын дабалоо мүмкүнчүлүгүн берет имиш. Ал кээ бир алдамчылык жана көз боёочулук иштери менен аралаш «дабалоо» болуп эсептелет... Мындай «дабалоо» арам экендигине эч кандай шек-күмөн жок. Себеби, ал Исламга тескери болгон буддизм фалсафасы негиздерине таянат о.э. алдамчылык жана көз боёочулуктун бир түрү болуп эсептелет...

Ушундай болгон соң, арам деп айтуу үчүн бул жерде Китеп же Сүннөттөн биоэнергия деген нерсе менен дарылоо жөнүндө сөз кыла турган бирер насстын болушу зарыл эмес. Тескерисинче, бул дарылоо буддизмдин бутпараст негиздерине таянгандыгы жана ага кээ бир алдамчылык жана көз боёочулук иштери аралашкандыгынын өзү аны арам деп айтуу үчүн жетиштүү болот...

Эгерде мына ушул нерсе суроонун темасы болсо, анын жообу ушундай болот. Эгерде башка түрдөгү тема болсо, инша Аллах ага жооп беришибиз үчүн анык кылып айтылсын.

8-жумадул-аввал, 1437-х.
17-февраль, 2016-м.

## Адам мүчөлөрүн алмаштыруу, ичин жарып ачуу жана (эркек менен аялдын) аралышып жүрүүсү тууралуу

**Суроо**:

*Биринчи суроо:* (Шейх Абдул Кадим Залумга таандык Адам мүчөлөрүн алмаштыруунун шарий өкүмү тууралуу китебчеде) Хизб өлүк адамдын дене мүчөсүн тирүү адамга көчүрүүнү арамдыка чыгарган. Көчүрүлүп жаткан адам мүчөсү адамды өлүмдөн сактап калышынын айырмасы жок арамдыка чыгарган. Мисалы, Жүрөктү алмаштыруу же көздүн чел кабыгын алмаштырганы сыяктуу бир оорудан сакайып кетүүнүн айырмасы жок бул китепте бул нерселер арамга чыгарылган. Ошондой эле фикхий дусия китебинде да өлгөндөн кийин ичин жарууну арамдыка чыгарган. Илимий жактан арам эсептелген нерсе менен болсо да Ислам дарылануага үндөйт. Мисалы, спирт кээ бир дарылардын курамында бар.

*Экинчи суроо:* өлгөндөн кийин ичин жарып ачууну арам кылуу медицина тармагындагы талабалардын адамдын денеси тууралуу изилдөө алып барууларын да арам кылган болуп саналат. Анан алар кантип жаракаттарды дарылай алышат анткени алар адам денеси тууралуу илимдери жок болуп калат? Ичин ачууну арам кылуу кылмыштын бетин ачууда да тоскоолдук жаратат. Анткени коопсуздук кызматткерлери ичин ачып судмед экспертизадан өткөргөндөн кийин гана алар кылмыштын бетин ачуулары бир топ жеңилдейт. Ушулардын бардыгына жана аралашууга тиешелүү (эркек аялдын) шарий өкүм кандай экендигин билүүнү каалайт элем. Чоң рахмат.

**Жооб**: ассаламу алейкум рахматуллахи уа бараакатухСуроого жооп берүүдөн мурда шарий өкүм далилден кандай алынаары тууралуу токтолуп өтүүнү туура көрдүм. Мужтахид шарий өкүмдү истинбат кылып жатканда өзүнүн каалосундагы же өзү муктаж болуп жаткан нерсеге карата өкүм издебейт балким шарий өкүмдү билүү үчүн шарий нусустарды терең изилдеп чыгат. Ижтихад кылуудагы максат шарий өкүмдү билүүгө бүткүл күч аракетти жумшоо болуп саналат ал жерде акыл менен өкүм чыгарууга орун жок. Шарий өкүмдү истинбат кылып жатканда өзүнүн же адамдардын каалоосуна карай өкүм издөөнү түшүндүрбөйт. Анткени мындай кылына турган болсо, ижтихад кылуудагы талап шарий өкүмдү чыгаруу экендигине карабастан өкүм чыгаруу шариятка эмес акылга таандык болуп калат. Эгер шарий далил белгилүү бир маселеде белгилүү бир өкүмгө далалат кылса анда бул шарий далил бул маселелде сүйөнүлө турган шарий далил болуп саналат. Адамдардын муктаждыктары ушул шарий өкүмдүн негизинде чечилиши важиб болот. Башкача айтканда шарий өкүм адамдардын муктаждыгына

карап жүрбөйт балким адамдардын муктаждыктары шарий өкүмгө карап жүрө турган болушу шарт. Анткени Аллахтын өкүмү эң туура жана ага эргешүү важиб.Эми жогорудагы үч суроого жооп берүүгө келсек.

*Биринчи:* Мүчөлөрдү алмаштыруу көрүнүп тургандай сен дене мүчөнү алмаштыру тууралуу китепчеде баяндалган: өлгөн адамдын дене мүчөсүн тирүү адамга алмаштыруунун арамдыгы тууралуу шарий далилден кабардар экендигиң көрүнүп турат. Бул китепте өлгөн адамдын дене мүчөсүн тирүү адамга алмаштыруунун арамдыгы тууралуу шарий далил эки негизде берилген. Алар төмөнкүлөр:

1. Өлгөн адамдын денесине ал өлгөндөн кийин эч ким ээлик кыла албайт. Өлгөн адам өзү өлгөн денесине да ээлик кыла албайт. Анын мураскорлору да анын денесине ээлик кыла албайт. Буга төмөндөгү шарий далилдер далаалат кылат. Ушуга негизделип өлүк өзү да анын мураскорлору да өлүктүн дене мүчөсүн башка бирөөгө берүүгө укугу жок. Анткени ал алардын мүлкүнө кирбейт жана ага ээлик да кыла албайт.

2. Өлүккө азар берүү мүмкүн эмес жана аны кескилеп кордоо да мүмкүн эмес. Ал төмөндөгүчө:

*А*. Өлүккө азар берүүнүн арамдыгы тууралуу хадистер келген: “өлүк тирүү сыяктуу эле урмат-сыйга ээ экендигине далаалат кылган ачык далилдер. Ошондой эле өлүкө азар берүүнү тирүүгө азар берген сыяктуу анын арамдыгы тууралуу далилдер келген. Ошондой эле тирүүнүн ичин жаруу же моюнун кесүү же көзүн чукуп алуу же сөөгүн сындыруу арам болгон сыяктуу өлүктүн да ичин жаруу моюнун кесүү же сөөгүн сындыруу же көзүн чукуп алуу арам болуп саналат. Ошондой эле тирүүнү сөгүү же уруу же жаракат жеткирүү арам болгону сыяктуу эле өлүктү сөгүү же уруу же жаракат жеткирүү да арам болуп саналат”. Ал хадистер төмөнкүлөр: Момундардын энеси Айша энебизден Аллах андан ыраазы болсун айтты: Пайгамбар с.а.в. айтты: “өлүктүн сөөгүн сындыруу тирүүнүн сөөгүн сындырган сыяктуу”. (Ахмад, Абу Дауд, Ибн Мажа риваяты) – Амр бин Хазм Ансорий р.а айтты Пайгамбар с.а.в. мени кабырга жөлөнүп турганымды көрүп айтты: “Кабыр ээсине зыян келтирбе”. (Ахмад риваяты) – Абу Хурайра р.а айтты Пайгамбар с.а.в. айтты “силердин бирөөңөр кабыр үстүнө отургандан көрө күйүп турган чок таштын үстүнө отурган артык”. (Муслим, Ахмад риваяты) *Б*. Өлүктү кордоо арамдыгы тууралуу. “Өлүктүн көзүн оюп алуу же жүрөгүн же бөйрөгүн же өпкөсүн же боорун алуу үчүн ичин жарып башка адамга алмаштыруу ал адам ага муктаж болуп турса да бул нерсе өлүктү кордоо болуп саналат. Ислам өлүктү кордоону арам кылган”. Абдуллах бин Зайд ансарий р.а дан айтты “Пайгамбар с.а.в. тоноодон жана кордоодон тыйды”. (Бухари риваяты) – Сафваан бин Асаал р.а дан айтты. Пайгамбар

с.а.в. бизди жүрүшкө чыгарганда мындай дечү; "Аллахтын аты менен жүрүшкө чыккыла Аллахтын жолунда ким Аллахка куфрлук кылса аны менен согушкула. Өлүктү кордобогула кара өзгөйлүк кылбагыла. Жаш баланы өлтүрбөгүлө". (Ахмад, Ибн Мажа, Аннасааи риваяты).

Жогоруда айтылып өтүлгөн далилдерде ачык баяндалып тургандай өлгөн адамдын дене мүчөсүн кесип алып башка адамга алмаштыруу шарий түрдө арам экендиги баяндалып турат. Кээ бир дарылардын курамында арам болгон спирт бар болуп туруп шарият аны менен дарыланууга уруксат берди. Ошол себептен арам болсо да өлүк адамдын дене мүчөсүн тирүү адамга алмаштыруу шарий жактан дурус болот деп айтуу бул жерде орунсуз. Мындай деп айтуу туура эмес. Анткени шарият курамында арам же нажас бар нерсе менен дарылануура уруксат берген башка бирөөгө зыян жеткирүү менен кылууга уруксат берген эмес. Торик бин Сувайдин Хазрамавий р.а айтты: "Я расулулах биздин жерибиз жүзүмдүү биз аны сыгып андан шарап ичебиз дедим. Пайгамбар с.а.в. айтты жок көргөнүм жок деди: мен кайра кайталадым жана айтым, биз аны менен оорулуну дарылайбыз. Пайгамбар с.а.в. айтты анда шыпаа жок анда оору бар деди". Ибн Мажа риваяты: бул хадисте арам же нажас нерсени колдонууну арам кылып жатат. Бирок Пайгамбар с.а.в. нажас "төөнүн сийдиги" менен дарылануура уруксат берген. Бухари риваяты Анас р.а дан Айтты "Урайнадан Мадинага келген адамдар Мадинанын абасы жакпай ооруп калышты. Пайгамбар с.а.в. аларга садакадан келген төөнүн сүтүн жана сийдигин ичип дарылануураларына уруксат берди…" Пайгамбар с.а.в. аларга нажас болгон төөнүн сийдиги менен дарылануураларына уруксат берди. Ошондой эле Пайгамбар с.а.в. "Жибекти кийүү" арам болгон нерсе менен да дарылануура уруксат берген. Тирмизи Ахмад риваяты Анас р.а дан "Абду Рахман бин Ауф жана Зубайр бин Авваам согушта биттеп кетишкендиктери тууралуу Пайгамбар с.а.в. га арызданышты. Пайгамбар с.а.в. аларга жибектен көйнөк кийүүгө уруксат берди. Айтты кийин мен алардын (согушта) кийип жүргөнүн көрдүм". Бул эки хадис Ибн Мажа риваятынада айтылган арам нерсе менен дарыланууну арам кылган өкүм жазм өкүмү эмес экендигин түшүндүрөт. Башкача айтканда нажас жана арам нерсе менен дарылануу макрү экендигин билдирет. Бул далилдер арам жана нажас нерсе менен дарылануу макрүх болгондугу менен биргеликте мүмкүн экендигин баяндады. Бирок нажас болгон "төөнүн сийдиги" арам болгон "жибекти кийүү" менен дарылануу башкаларага зыян жеткирүү менен дарыланууунун ортосунда кескин айырма бар. Анткени мунун вакыйы экөөнүкүнөн башка. Мисалы башка бир кишинин дарылоо үчүн тирүү кишинин бөйрөгүн тартып ага салып койсо шарий жактан жаиз болобу? (айрыкча бул көрүнүш үчүнчү дүйнө өлкөлөрүндө жүз берип

жатат өнүккөн өлкөлөр аталышындагы адамдарга донор катары өнүкпөй калган аталыштагы өлкөлөрдөгү жаш же чоң балдардын дене мүчөлөрүн уурдап алып кетип жатышат) буга жооп албетте арам болот. Шарий жактан башкага кол салуу катары болуп арам болот. Арам нерсе менен дарылануууга уруксат берилиши башка бирөөгө кол салуу менен дарылануу арамдыгын өз ичине албайт. Анткени арам нерсе менен дарылануууга уруксат берген далилдер муну камтыбайт. Ушуга негизделип өлүктүн дене мүчөсүн кесип алып башка тирүүгө салуу арам болот. Анткени бул өлүктүн денесине кол салуу болуп саналат. Арам нерсе менен дарылануууга уруксат берген истисна бул нерсен өз ичине камтыбайт.

*Экинчиден*: өлгөндөн кийин ичин жарып ачууну арам кылуу медицина тармагындагы талабалардын адамдын денеси тууралуу изилдөө алып барууларын арам кылган болуп саналат. Анан алар кантип жаракаттарды дарылай алышат. Анткени алар адам денеси тууралуу илимдери жок болуп калат? Ичин ачууну арам кылуу кылмыштын бетин ачууда да тоскоолдук жаратат. Анткени коопсуздук кызматкерлери ичин ачып судмед экспертизадан өткөргөндөн кийин алар кылмыштын бетин ачуулары бир топ жеңилдейт, деп айтып өттүң. Бир тууган жогоруда айтылып өтүлгөндөй өлүктүн денесине зарар жеткирүү арам экендигин билдирген шарий далилдер үстөкө-босток болуп турса ошондой эле кандай абал болбосун өлүктүн ичин жаруу да шарий жактан арам болуп турса. Сага суроо жаралат. Адамдын денесин окуп изилдөө муктаждыгы шылтоосу менен шарият арам кылган өлүктүн ичин жарып анын ичекардын алып чыгып изилдөө жүргүзүү адал дешке жол барбы? Тирүү адамды өлтүрбөстөн анын ичин жарып ага изилдөө жүргүзүү кандай болот деп сага суроо салынса албетте тирүү инсанга зарар жеткирүү мүмкүн эмес арам деп жооп бересиң да чынбы… андай болсо Пайгамбар с.а.в. дын “*өлүктүн сөөгүн сындыруу аны тирүү сындырганга барабар*” деп жатканына карабай өлүктүн ичин ачып судмед экспертиза жүргүзүү кылмыштын бетин ачканга дарыгерлердин адамдын денесин үйрөнүп аны дарылоого жол ачат деш кандай орду жок сөз. Шарий өкүм гана эргешүүгө татыктуу эмеспи, ошондой эле кандай гана себеп же муктаждык деп шарий өкүмдөн тайып кетүү мүмкүн эмес. Ал эми медицина жаатындагы билим алуучулар адамдын денесин окуп үйрөнүшү үчүн көптөгөн мубах каражаттар бар. Ошондой эле мусулмандар адамдын денесин окуп үйрөнүү үчүн өлүктүн денесине изилдөө жургүзбөстөн башка жолдор аркылуу үйрөнүлө турган заманбап каражаттарды өнүктүрүп баруулары шарт. Мисалы: компютердик программа менен адамдын денесин үч өлчөмдүү электрондук деңгээлде көргөзө ала турган программалар аркылуу студенттердин иштеши жеңил

болгону сыяктуу… же адамдын денесин сырттан тартып ичин көргөзө ала турган кандай гана заманбап электрондук каражаттар болбосун аларды ишке салуу сыяктуу. Маалым болгондой менин билишимче кээ бир студенттер өлгөндөн кийин ичин ачып изилдөө жүргүзгөндө эч кандай деле пайда алышкан эмес. Анткени өлгөндөн кийин адамдын дене булчуңдары кан тамырлары өзгөрүп тирүү адамдыкынан башкача абалга келип калат. Ошондуктан өлүккө изилдөө жүргүзүү студенттер үчүн пайда бербейт. Анткени алар тирүү адамды дарылоо жаатында изилдөө алып барышат. Ошондой эле кылмыштын бетин ачуу жаатына келсек. Бул нерсе башкача айтканда Аллах арам кылган өлүктүн ичин жарып судмед экспертиза кылуу аркылуу болушу адал эмес. кылмыштын бетин ачуу үчүн өлүктү кыйноого алып кескилөө шарий жактан арам. Балким кылмыштын бетин шарият арам кылган өлүктүн ичин жарып экспертиза кылбастан башка мубах жолдор менен ачууга аракет кылынышы шарт.

*Үчүнчүдөн*: Ал эми сенин суроонудогу аралашып жүрүү тууралуу шарий өкүм сураптырсың. Бирок суроон анык эмес болуп калды. Сен сурайын деген нерсе “аралашып жүрүүгө байланыштууу баардык шарий өкүмдөрдү” сурадыңбы. Аныгыраагы биз сага так жооп берүү үчүн суроону так беришиң керек. Ошондой болсо да аралашып жүрүүгө байланыштуу мурдагы жоопторду бере кетүүнү туура көрдүм. Балким ошол жетиштүү болушу мүмкүн. Эгер бул жоопторон суроонo жооп таба албасаң анда кайрадан суроонду тактап бере бер. *2010.02.28. суроо-жооп* (Исламий жошоодо аялдар жана эркектердин алакаларын тартипке сала турган Пайгамбар с.а.в көргөзүп ишке ашырып кеткен шарий өкүмдөр бар. Мунун баары ачык айкын. Бул тууралуу көптөгөн суроо жооптор чыккан. Бул маселеде бүдөмүк болуп кала турган маселе жаралбашы керек. Ошентсе да бул маселе жаатында түшүнүксүз нерсе болуп калбаштыгы үчүн аны дагы ачыктап өтүүнү туура көрдүм. – Коомдук жайларда башкача айтканда уруксат сурап кирбей турган жайларда эркектер менен аялдардын алакасын тартипке сала турган шарий өкүмдөр бар.- Жекече жашоодо башкача айтканда уруксат сурап кириле турган жайлар мисалы үйлөр сыяктуу орундарда эркектер менен аялдардын алакаларын тартипке сала турган шарий өкүмдөр бар. – Жекече жашоодо (үйлөрдө) анын вакыйы ачык айкын. Ага толуктоо деле киргизүүгө муктаждык жок. Үйдө аял махрамдары менен жашайт. Бирок насста келгендей белгилүү абалдарда мисалы туугандары менен карым-катнаш кылган учурларда аял авaратын жаап жүрүүсү ошондой эле махрам эмес туугандары менен бир үйдө жалгыз калбоосу шарт. Ал эми коомдук жайларда эркектер менен аялдардын аралаш жүрүүсүнө шарият урксат берген негизде гана мүмкүн. Анткени шарий өкүм эркектер менен

аялдардын алакаларын коомдук жайларда да тартипке салат. Ал төмөнкүчө:

*1.* Шарият уруксат берген коомдук жайларда бир максаттын негизинде аялдар менен эркектердин бир жайга жыйналуусу. Мисалы, мечитке же сабак алуу үчүн же тренинг, семинар же даават иштерин кылуу сыяктуу эркектер менен аялдар бир жерге жыйнала турган болушса эркектер менен аялдардын саптары бөлүнүп турушу шарт. Бул абалдарда эркектер менен аялдардын саптар бөлүнүп туруу шарты менен бир жерге чогулуулары шарий жактан жайиз. Бул абал атайын өкүмдөрдүн негизиндеги эркектер менен аялдардын катышуусундагы коомдук жашоо деп аталат.

*2.* Шарият уруксат берген коомдук жайда ар түрдүү максаттарда эркектер менен аялдардын бир жайда аралашып жүрүүсү жана алардын ортосунда саптын болбосу мисалы базар же көчө же паркта же коомдук транспорторго абалдар сыяктуу. Бул эки түрдүү болот.

*А.* Ар түрдүү максаттар бир гана аралашуу менен ишке аша турган абал башкача айтканда жакын туруп аралашып жүрүү абалы мисалы базардагы алып сатуу абалы бул учурда аралашып жүрүүгө шарият уруксат берет.

*Б.* Ар түрдүү максаттар аралашпай жүрүү менен ишке ашкан абал башкача айтканда жакын туруп аралаш жүрүү менен эмес. Мисалы паркта же көчөдө же коомдук транспортто ар ким өз максаты негизинде аралаш жүрүүгө шарият уруксат берет. Жогоруда маалым болгондой эркектер менен аялдардын жекече жана коомдук жайларда алакаларын тартипке сала турган ачык айкын өкүмдөр бар:Жекече жашоо “үй” буга уруксат суралып кире турган жай. Коомдук жай буга уруксат суралып кирбей турган жайлар. Бул жайларда саптын бөлүнүп туруусун талап кылган жана саптын болушун талап кылбай турган жайлар бар. Ошондой эле коомдук жайларда жакын туруп аралаш жүрүү жайлары жана жакын турбастан аралаш жүрө турган жайлар бар. *2011.02.06 суроо жооб*Согуштарда жарадарларды дарылай турган медайымдардын болуусу. Далилдерде келишинче Пайгамбар с.а.в. согуштарда жарадардарды дарылоо үчүн аялдардын аскерлер катарында болуусуна уруксат берген. Дарылоо учурунда эркектер менен аялдардын аралаш жүрүүсү жаиз. Бухари риваяты Албани аны сахихке чыгарган. Махмуд бин Лабиид р.а дан. Айтты: “*хандак согушунда Акхал Саьд жарадар болду ал оорлошкондо аны Руфайда деген аялга алып барышты ал жарадарларды дарылган аял эле. Пайгамбар с.а.в. анын жанынан өткөндө кандай кечкирттиң? Эгер таң атса кандай таң атырдың? дечү”. Руфайда ыйманга келген аял болчу жана ал жарадарларды дарылган.* – Жогоруда айтылып өтүлгөндөй аралашуу

башкача айтканда эркек аялдардын шарият уруксат берген зарылчылык жок туруп аралашуусу болбойт. Эгер шарият уруксат берген зарылчылык туулса эркек аял аралаш жүрүүсү мүмкүн. – Коомдук жайда же жекече жашоодо болсун айырмасы жок эркек жана аялдардын алаксын тартипке салган шарий далилдер келген. Мисалы жекече жашоодо туугандык карым-катнаш кылуу, тамак берүү, оорулууну зыярат кылуу… Коомдук жайда согушта жарадарларды дарылоо, базарга баруу, мечитте намаз окуу, жалпы жыйналышка баруу, ажылыка баруу сыяктуу орундарда булардын баардыгына тийиштүү шарий өкүмдөр бар. Намаздагы сыяктуу саптын бөлүнүп туруу шарты менен же базарда ажылыктагы сыяктуу саптын болбошу менен ар бирине тийиштүү шарий өкүмдөр бар. – Туугандык карым-катнаш кылуу махрамдар менен эле эмес махрам эместер менен да карым-катнаш кылуу мүмкүн. Майрамдарда же зарылчылык туулган учурларда же оорулунуу зыярат кылуу туугандар менен бирге отуруу мүмкүн. Бирок бирге отуруу дегенде “оюн күлкүгө берилип” отуруу же паркта жанаша отуруп алуу же өзүнчө эс алууга чыгып кетүү болбойт. – Мына ушундайча туугандар тугандык карым-катнаш кылган учурларда эркек аял болуп бирге отуруулары жайиз. Эгер бирге отурганда туугандык карым катнаштан бөлөк сөздөргө кирип кетүү мүмкүндүгү жаралса анда аялдар бир бөлмөгө эркектер бир бөлмөгө отурушат. Ошондой эле алар бирге отуруп тамактануулары мүмкүн. Тамактанып бүтүшкөндөн кийин эркектер өзүнчө бөлмөгө аялдар өзүнчө бөлмгө отурушат. (“эгер тамактансаңар тарап кеткиле терең сөзгө кирип кетпегиле” Ахзааб 53). Туугандык жана тамактануу тууралуу далилдер келген. – Аялдар авраттарын жабуусу жана махрамы же күйөсү жанында болуусу шарт. Ижтима китебинде толук баяны келген. *2016.06.06 Суроо-жооп*

*А*. Эркек менен аялдардын аралашуусу шарият уруксат берген зарылдык жок туруп аралашуусу арам. Ал эми шарият уруксат берген зарылчылык туулса башкача айтканда бир гана аралашуу менен гана ишке аша турган шарий зарылчылыктар туулса анда эркек аялдардын аралашуусу мүмкүн.

*Б*. Коомдук жайда же жекече жашоодо болсун айырмасы жок, эркек жана аялдардын алаксын тартипке салган шарий далилдер келген. Мисалы, жекече жашоодо туугандык карым-катнаш кылуу, тамак берүү, оорулууну зыярат кылуу… коомдук жайда согушта жарадарларды дарылоо, базарга баруу, мечитте намаз окуу, жалпы жыйналышка баруу, ажылыка баруу сыяктуу орундарда. Булардын бардыгына тийиштүү шарий өкүмдөр бар. Намаздагы сыяктуу саптын бөлүнүп туруу шарты менен же базардагы, ажылыктагы сыяктуу саптын болбошу менен ар бирине тийиштүү шарий өкүмдөр бар.

*Г*. Туугандык карым-катнаш кылуу махрамдар менен эле эмес махрам эместер менен да карым-катнаш кылуу мүмкүн. Майрамдарда же зарылчылык туулган учурларда же оорулунуу зыярат кылуу, туугандар

менен бирге отуруу мүмкүн. Бирок бирге отуруу дегенде “оюн күлкүгө берилип” отуруу же паркта жанаша отуруп алуу же өзүнчө эс алууга чыгып кетүү эмес. Мындай кылуу болбойт). Ушул жооп сенин суроолоруңа жетиштүү деп ойлойм.

30-декабрь, 2018-м.

# Пластикалык хирургиянын шарий өкүмү

**Суроо**: ассаламу алайкум уа рахматуллоохи уа баракаатуху. Пластикалык хирургиянын шарий өкүмү кандай? Аллах сизге ийгилик берсин!

**Жооп**: уа алейкум ассалам уа рахматулоохи уа баракаатуху!

1. Эгер пластикалык операция дарылануу бабында кылынса жайиз. Мисалы, денедеги оору себептүү, же күйүп калуу, же авто кырсыкка кабылып, же тубаса денесиндеги айыпты кетирүү, маселен, ашыкча манжасын кестирүү, же кош манжасын ачтыруу сыяктуу иштерде шарий жактан жайиз. Мунун далили Арфата бин Асад ﵁ айтты:

أُصِيبَ أَنْفِي يَوْمَ الْكُلَابِ فِي الْجَاهِلِيَّةِ فَاتَّخَذْتُ أَنْفًا مِنْ وَرِقٍ فَأَنْتَنَ عَلَيَّ فَأَمَرَنِي رَسُولُ اللَّهِ أَنْ أَتَّخِذَ أَنْفًا مِنْ ذَهَبٍ

«Мен жахил доордо Кулаб күнү мурунумдан жабыркагам. Күмүштөн мурун жасап алгам. Мага ал жагымсыз жыт чыгарчу. Пайгамбар ﷺ алтындан мурун жасап алуумду буйруду». (Тирмизи, Аннасааи риваяты. Бул хадисти Албани хасан хадис десе, Абу Иса хасан гориб хадис деген).

Бул хадисте ачык далалат кылып тургандай пластикалык операцияны дарылануу жаатында кылуу жайиз экендигин түшүндүрүп турат.

2. Ал эми дарылануу эмес, сулуулануу жаатында кылына турган болсо, ал жайиз эмес, анын далили төмөнкүдөй:

Алкамата ﵁дан Абдулла айтты:

لَعَنَ اللهُ الْوَاشِمَاتِ وَالْمُسْتَوْشِمَاتِ وَالْمُتَنَمِّصَاتِ وَالْمُتَفَلِّجَاتِ لِلْحُسْنِ الْمُغَيِّرَاتِ خَلْقَ اللهِ تَعَالَى

«Аллахтын жаратканын өзгөртүп сулуулануу үчүн денесине чектиргендерге, чеккендерге (татуаж), кашын тердиргендерге, тергендерге, тишинин ортосун ачтыргандарга Аллахтын наалаты болсун!». (Бухарий жана Муслим риваяты).

Хадисте айтылгандай сулуулануу үчүн тишинин ортосун ачтыруу – харам иш. Ал сулуулануу үчүн деп иллеттенип келди. Тактап айтканда, сулуулануу үчүн тишинин ортосун ачтыруу харам. Бирок, сулуулануу үчүн эмес, дарылануу үчүн кылса жайиз. Араб тилинде «фалаж» сөзү экилик жана төрттүк тиштердин ортолорун акырындап ачтырып тегиздөө маанисинде колдонулат. Тактап айтканда, сулуулануу үчүн тиштерин өгөөлөтүп, чоңун кичинесине теңеп араларын ачтырып, тиштерин быдырайта көргөзүп жаш балдардыкындай кылдыруу. Башкача айтканда, оорудан дарылануу үчүн эмес, сулуулануу үчүн кылдыруу – шарий жактан харам. Анткени, хадисте сулуулануу үчүн деп иллеттенип келди. Эгер, сулуунануу үчүн эмес, оорудан дарылануу үчүн кылынса жайиз.

Имам Навави Муслимдин риваятындагы хадисти шархтап мындай дейт: *«Мутафалижаат сөзү фаа жана жимдин фатха менен келиши.*

*Мындагы максат экилик жана төрттүк тиштердин араларын өгөлөтүү. Фалаж сөзүндө фаа менен ламдын фатха менен келиши экилик жана төрттүк тиштеринин ортосунда кичине ачык аралык болушу. Мындайды жашы өтүп калгандар кылдырат. Тиштеринин ортосун жакындаштырып, тишин сулуу көргөзүү. Тиштердин аралары кичине ачык болушу кичинекей, жаш балдарда болот... Ал эми сулуулануу үчүн тиштеринин араларын ачтыруу арам иш экендигине хадис ишара кылып турат. Оорудан дарылануу үчүн же тиштеги бир айыпты кетирүү үчүн кылынса, бул шарий жактан жайиз. Аллах туурасын билүүчү».*

Мына ушундайча сулуулануу үчүн бул иллет болуп, андай амал харам. Ал эми, дарылануу максатында кылынса, ал шарий жактан жайиз. Ал эми, сулууланып, жасануу максатында кылынса, бул шарий жактан жайиз эмес.

Ушул менин басымдуу пикирим. Туурасын Аллах билүүчү!

25-ражаб, 1439-х.
12-апрель, 2018-м.

## Жинди болуунун, көрө албастыктын жана көз тийүү тууралуу

**Суроо**: ассаламу алейкум уа рахматуллоохи уа баракаатуху. "Жана алар Сулайман доорундагы шайтандар (жиндер) айткан нерселерди ээрчишет. Сулайман каапыр эмес эле, тескерисинче адамдарга сыйкыр үйрөтө турган шайтандар каапыр эле". (Бакара 102).

Биздин аймакта жинди болуу оорулары, көз тийүү, кээ бир сыйкырлоо иштери күч алып кетти. Сыйкыр жиндин денеге кирип кетүүсү менен байланыштабы? Сыйкырдын ушуга таасири барбы? Же ал жөн эле шарлатандыкпы? Аны шарий рукуя менен дабалоо туура болобу? Ушул маселени ачыктап берүүңүздү өтүнөм. Аллах сизден ыраазы болсун.

**Жооп**: уа алейкум салам уа рахматтуллоохи уа баракаатуху.

Суроо төрт жактама негизде экен. Биринчи: жинди болуу. Экинчи: сыйкырды жокко чыгарып келген аяттардын далаатынын тафсири. Үчүнчү: көрө албастык жана көз тийүү. Төртүнчү: Андан сактануу рукуя мененби же башка нерсе мененби. Булардын жообу төмөнкүчө:

Биринчиден: Жин тийүүнү дабаа кылып жаткан аяттардын тафсири:

"Сүткор болгон адамдар (Кыямат Күнүндө мүрзөлөрүнөн) турушпайт. Бирок, жин тийген (шайтан урган), акылдан азган (кем акыл) сымал турушат". (Бакара 275).

Төмөндө Аттайсиир фии усулу тафсир китебинде келген бул аяттын тафсирин сунунуштайм:

Рибаны жегендер да рибаны алгандар, ошондой эле аны пайдалангандардын да баардыгын өз ичине алат. Курани каримде "жегендер" сөзүн келтирүү менен жемеге алууга далаалат кылды. Башка аяттарда да жемеге алууда ушул сөз колдонулган.

"Жетимдердин малын зулумдук менен жей турган кишилер, шек күмөнсүз, кара курсагына жалын-от жеген болушат. Алар албетте аз күндө тозокко киришет". (Ниса 10). "… Үй айбандары жегендей жеп-ичишет жана тозок алардын жайы болот" (Мухаммад 12).

"Сүткор болгон адамдар (Кыямат Күнүндө мүрзөлөрүнөн) турушпайт. Бирок, жин тийген (шайтан урган), акылдан азган (кем акыл) сымал турушат". Башкача айтканда алар кабырларынан дүйнө жашоосунда шайтан жиндини уруп кеткендей жинди болгон абалда тирилишет. Бул аларга карата шерменделикти билдирип жатат. Ошондой эле риба жегенден катий кайтарууга далаалат кылып жатат. Анткени бул аяттарда кайра-кайра кайталанып айтылып жатышы анын арамдыгын катий тастыктап жатат.

"минал масси" тактап айтканда жиндини сөзү араптарда муссал ражулу деп айтылат т.а адам жинди болуп калгандагы абал. Хобт сөзү уруу дегенди билдирет. Башкача айтканда баш аламан урууну билдирет.

Аяттагы “жин тийген” сөзүндө басымдуу көз караш качан адам жинди болуп калганда шайтандар васвасасы аркылуу ага таасир кылышы көбүрөөк болот. Шайтан жинди болгонду кыялдантып баш аламан жиндинин ишин кылууга дагы да васваса кылат.

Ал эми шайтан өзү адамды жинди болууга алып барат деген сөзгө келсек. Аятта бул маанини айткан жок. Аллах Таала айтты жин тийгендей (шайтан ургандай), башкача айтканда аятта шайтан жинди болгон адамды дагы да ашынтып жинди кылууга васваса кыла тургандыгы тууралуу айттылды. Тактап айтканда шайтан жинди болгон адамды жинди болгондугу себептүү ура туурганы айтылып жатат. Башкача айтканда ал жинди адам шайтанга чейин эле жинди болгондугу тууралуу айтылып жатат.

Ошондой эле жин тийгендей (шайтан ургандай), каймана мааниде айтылган. Араптар каймана мааниде жинди болуп калган адамды жин тийгендиги үчүн жинди болду деп колдонушат. Ал эми жинди болууну жин сөзүнөн алышкан деген сөзгө келе турган болсок. Бул жердеги басымдуу көз караш каймана сөзгө таянылбайт. Бир гана чыныгы сөз үзүрлүү болгон учурда гана каймана сөзгө таянылат. Бул жерде чыныгы сөз үзүрлүү болгон жок. Ошондуктан каймана сөзгө таянылбайт. Шайтан жинди болгон адамды кыялдантып анын жиндилигин ого бетер ашырып жаткандыгы тууралуу айтылып жатат.

Ошондой эле мен аяттын тафсиринде шарий маани бере турган сахих хадисти кездештире алганым жок. Башкача айтканда аяттын тафсири тууралуу хадисте шарий акыйкат (сөздүн шарий акыйкаты) айтылбаган. Ошондуктан бул жерде тилдик мааниге гана таянылат. Куран араб тилинде түшкөн. Мен басымдуу көз караш катары жогоруда айтып өткөндү туура таптым. Алардын мисалы жиндини шайтан ургандай. Тактап айтканда жиндилиги себебтүү шайтан ургандай. Башкача айтканда жинди болгон адамдын жиндилиги аны шайтан урганга чейин эле болгон иш. Адам бир себептер менен жинди болот кийин аны шайтан васвасасы менен дагы да жиндилигин ашырат.

Шайтан адамды жинди кылбайт. Анткени аяттагы жин тийгендей (шайтан ургандай), (бил масси) баа тамгасы жабышкан, илээшкен дегенди түшүндүрөт. Тактап айтканда жинди болуп калганды билдирип жатат. Ошол эле маалда шайтан сөзүнүн чыныгы маанисинин ордуна каймана сөз колдонууга да таянылбайт. Анткени чыныгы мааниге бул жерде үзүр жок.

Мына ушундайча шайтан инсанды жинди кылбайт. Анткени шайтан адам үстүнөн үстөмдүк кыла албайт. “Шайтан силердин үстүңөрдөн үстөмдүк кыла албайт”, “менин пенделеримдин үстүнөн сага үстөмдүк кылуу жок” аяттарында айтылып өткөндөй, шайтан адамдын үстүнөн

үстөмдүк кыла албайт. Шайтан адамды жинди кылбайт балким шайтандын иши бул васваса кылуу. Андан кийин адам анын васвасасына ээрчийби же жокпу ал адамдын ыктыярында. Адам анын васвасасын четке какса мына ошол акыйкат. Же анын васвасасына ээрчисе ал адашуу. “Акыйкаттан кийин бир гана адашуу бар”.

Бул маселедеги басымдуу көз караш ушул. Аллах туурасын билүүчү.

Экинчи суроодо келген аяттын сыйкырдын арамдыгына далаалат кылуусу. Бул тууралуу мурда жооп берилген. Ошол жооптун суроого тиешелүү жерин кайрадан берем:

“Сыйкыр бул каапырдык сөздөрдү иштетүү аркылуу максатына жетүү тууралуу илим. Ал ушундай сенин алдыңдагы нерсени башкача кылып көргөзүп көз боёмочулук кылат. Бирок ал нерсенин акыйкатын өзгөртүп жибербейт. Болгону аны көзгө башка нерсе кылып көргөзүп көз боёмочулук кылат. Эгер сен ал нерсени кармасаң анда түпкү нерсени табасың. Бул жердеги маселе адамдын көзүн бууп кыялдантып гана коюу.

Буга далил сыйкыр каапырдык сөздөрдү иштетүү аркылуу өз максатына жетүү. Аллах Таала айтат: “Жана алар Сулайман доорундагы шайтандар (жиндер) айткан нерселерди ээрчишет. Сулайман каапыр эмес эле, тескерисинче адамдарга сыйкыр үйрөтө турган шайтандар каапыр эле”. Тактап айтканда ал сыйкыр кылган жок. Сыйкыр сөзүнө карата каапырдык сөзү каймана мааниде колдонулду. Башкача айтканда, сыйкырда каапырдык сөздөрдүн, иштердин колдонулуусуна далаалат кылып жатат. Ошондуктан кимде ким сыйкыр кылуу менен алектенсе ал каапырдык кылган болот. Муну Аллахтын бул аяты тастыктап турат. “Бирок шайтандар адамдарга сыйкырды үйрөтүшүп каапырдык кылышты”. Ушуга негизделип сыйкырчы каапыр болуп саналат. Эгер мусулман адам сыйкырчылык менен алектенсе муртад болот. Ал мамлекет тарабынан муртад болгондугу үчүн өлүм жазасына тартылат.

Аллах Таала айтат: “Адамдардын көзүн сыйкырлап коюшту”. (Аьрааф 116).

“Анын (Муса а.с) көзүнө алардын сыйкырлаган нерсеси кыймылдагандай көрүндү”. (Тооха 66) Башкача айтканда алардын таягы таяк боюнча эле калды. Бирок ал карап турган кишиге кыймылдаган жылаанга окшоп көрүндү. Тактап айтканда анын акыйкаты өзгөрүп башка нерсеге айланып кеткен жок. Эгер ал кыймылдап көрүнгөн жылаанды адам кармай турган болсо ал таяк эле экендигин көрмөк. Ошондуктан сыйкырчылар өздөрүнүн таягын таяк эле боюнча көрүшөт. Бирок адамдардын көзүн боёп коюшат. Алар аны кыймылдаган жылаандай көрүшөт. Качан Муса а.с таягын таштаганда сыйкырчылар таякты эмес чыныгы жылаанды көрүштү. Ал жылаан алардын таяктарын жутуп салды. Ошондо сыйкырчылар бул сыйкыр эмес анык нерсе

экендигин түшүнүштү. Анткени сыйкыр бул жөн гана көз боёмочулук. Ал бир нерсенин акыйкатын өзгөртө албайт. Ошондуктан, алар Муса а.с дын таягы сыйкыр эмес анык нерсе экендигине ал ааламдардын Роббиси тарабынан экендигине көздөрү жетти жана Муса а.с га ыйман келтиришти. Алардын ыйманы бекем болду.

Корутундулап айтканда, сенин жаныңда отургуч бар болсо, сага бир киши келип отургучтан алыс туруп, азыр мен бир сөздөрдү айтсам сенин отургучуң жаздык болуп калат дейт. Кийин ал куфр сөздөрү аралашкан бир сөздөрдү айтып отургучтун затын өзгөртпөстөн эле сага жаздык кылып көргөзүп, көз боёмочулук кылат. Тактап айтканда сен эгер отургучту кармай турган болсоң ал өзгөрүп жаздык болуп калбагандыгын көрөсүң. Эч качан жаздыкты таппайсың. Ошондуктан кимдир бирөө куфр сөздөрүн аралаштыруу менен нерсенин затын өзгөртпөстөн аны башка кылып көргөзүп көз боёмочулук кылса, ал сыйкырчы каапыр болуп саналат.

Ал эми алдоо искусствосундагы, мисалы, бир жоолук менен бир канаттууну бирге кармап кийин жоолукту канаттуунун үстүнө жаап белгилүү бир аракеттер менен канаттуунуу жашырып койсо, жоолук эле көргөзүлүп, ушул жоолуктан кайра канаттууну пайда кылса бул сыйкыр болуп саналбайт. Бул искусство амалдары болуп саналат. Башкача айтканда канаттуу чындыгында эле фокус жасап жаткан адам менен бирге болгон. Ал канаттууну алдоо искуство амалдары менен аны сенден жашырып кайра алып чыгып көргөзүп койду. Тактап айтканда жоолук менен канаттуу чындыгында эле бар болгон жана ал фокусник алдоо искусствосу менен канаттууну жашырып кайра алып чыгып койду. Же болбосо бир сандыкты алып келип аны сен көрө албай турган жерге коюп, кийин ал сандыктын ичине бир адам киргизип, бул сандыкты тең экиге бөлүп кесип берем десе. Ичиндеги адам жабырланбастан эле кайра чыкса. Бул дагы сыйкыр эмес. Балким бул алдоо искусство амалдарынан. Сандыктын ичине кирген адам сандык коюлуп турган нерсенин ичине түшүп кетет да кайра сандыкка чыгып калат. Же сандык бир нече катмар болуп ичиндеги адам ошол катарлардын бирине кирип кетет. Ал кесүү болсо сандыктын башка катмары тарабынан өтөт. Бул сыйкыр эмес балким алдоо искусствосу.

Ал эми жалганчы шарлатандар алар адамдарды алдоо искусство амалдары менен алдабайт. Алар китеп, карта, таш сыяктуу нерселер менен төлгө ачып кайыпты билимиш болгондор же мен жиндер менен сүйлөшөм аларды көрөм деген сыяктуу жалганчылар. Шарлатандардын амалы сыйкыр амалдарына кирбейт. Алдамчылык шарлатандык амалдарга кирет. Алар арам ишти кылган болуп саналат жана кылган

иштеринин зыян келтиргенине жараша мамлекет тарабынан “таьзиир” жазасын алышат.

Ал эми башында айтып өткөндөй сыйкырчылык, куфр сөздөрдү аралаштырып айтуу менен бир нерсенин затын өзгөртө албастан аны адамдардын көзүнө башка нерсе кылып көргөзүп көз боёмочулук кылат… Мындай сыйкыр азыр жокко эсе. Буга кошумча сыйкырчынын жазасы өлүм. Ислам мамлекети бир канча кылымдар доор сүрүп турган учурда сыйкырчыларды жазалоо аркылуу жокко эсе кылып салган. Ошондуктан ушул эки иш себептүү – сыйкырчылардын жазага кириптер болуулары жана алардын вакыйынын жокко эсе болуп калуулары – сыйкырчылык азыр жокко эсе болуп калды деп айта алабыз.

Сахааба р.а лар сыйкырчыларга өлүм жазасын колдонушкан. Умар р.а нун учурунда сыйкырчы өлтүрүлгөн. Бул сахаабалардын ижмаасы. Анткени бул өкүм алардын көпчүлүгүнүн көз алдында ишке ашкан жана алар муну инкар кылышкан эмес. Ахмад бин Суфян ал Жазьун бин Муьавиядан ал Ахнаф бин Кайстан риваят кылат. Айтты Умар р.а нун каза боло электен бир жыл мурун сыйкырчылардын баарын өлтүргүлө деген каты бизге келген.

Ал эми алдоо искуствосу аркылуу адамдарды алдагандарга эгер алар ишке ашырып алдап жаткан искуствосун адамдарга ачыктабаса. Аларга кылган иштеринин зыянына жараша мамлекет тарабынан таьзиир жазасы колдонулат. Маалым болгондой, исламда таьзиир жазасы кылган ишинин зыянына жараша өлүм жазасына чейин жетип барат.

Бирок хад аркылуу өлүм жазасына тартылган менен таьзиир жазасы аркылуу өлүм жазасына тартылгандын айырмасы бар. Биринчисине муртад өкүмү колдонулуп ага жаназа окулбайт жана мусулмандардын көрүстөнүнө коюлбайт. Экинчисине фасык фаажир өкүмү колдонулуп, ага жаназа окулат жана мусулмандардын көрүстөнүнө коюлат.

Буга кошумча маалымат үчүн кээ бир тафсир китептеринде келген мазхабтардын пикирлерин төмөндө баяндайбыз:

Тафсир Ибн Касиир 371/1

Алар Сулаймандын мүлкүндөгү шайтан окуп берген нерселерге ээрчишти. Сулайман каапырдык (сыйкырчылык) кылган жок. Бирок адамдарга сыйкырчылыкты үйрөтүү менен шайтандар каапырдык кылышты.

Сыйкырчылыкты үйрөнгөн жана аны иштеткендер тууралуу кайчы пикирде болушту. Абу Ханифа, Маалик, Ахмад рахимахуллахтар аны үйрөнүп иштетсе каапыр болот деп айтышты. Абу Ханифа р.а нун жолун жолдоочулары эгер сыйкырдан сактануу жана андан алыс болуу үчүн үйрөнсө каапыр болбойт дешти. Эгер ага ишенип андан пайдалануу үчүн үйрөнсө каапыр болот дешти. Ошондой эле шайтандар анын каалаганын

кылып берет деп этикад кылышы да каапырдык дешти. Шаафи р.а эгер сыйкырчылыкты үйрөнсө биз ага сыйкырчылгынды айтып бер дейбиз. Эгер ал сыйкырчылыгында куфр сөздөрү аралашса ал каапыр болот. Эгер куфр сөздөрү аралашпаса ал аны мубах деп этикад кылганы менен каапыр болот деди.

Ибн Хубайра сыйкырчылыкты иштеткендиги үчүн өлтүрүлөбү? деген суроого мындай деди. Маалик жана Ахмад р.а. ооба дешкен. Шаафи, Абу Ханифа р.а. жок дешти. Эгер адам сыйкыры менен адамды өлтүрсө Малик, Шаафи, Ахмад р.а өлтүрүлөт дешти. Абу Ханифа р.а ал аны кайта алмайынча же белгилүү бир адамды сыйкыры менен өлтүрмөйүнчө ал өлтүрүлбөйт. Эгер сыйкырчы өлтүрүлсө Шаафи р.а дан бөлөк имамдардын көз карашында хад катары саналат. Ал эми Шаафи р.а нун көз карашы боюнча өч алуу негизинде өлтүрүлөт.

Тафсииру Куртубий. 42/2

Он биринчи: Фукаахалар мусулман жана зиммий болгон сыйкырчынын өкүмү боюнча кайчы пикирде болушту. Малик р.а эгер мусулман адам сыйкырчылык кылса каапырдык кылган болот жана өлтүрүлөт. Андан тообо кылуу талап кылынбайт жана тообосу да кабылданбайт. Анткени анын кылган иши кудайсыздардай эле күнөө иш. Аллах Таала сыйкырчыны каапыр деп атады… “Алар (периштелер) биз фитна (салуучубуз) каапыр болбо деп айтышмайын эч кимге (сыйкыр) үйрөтүшпөдү”. Бул Ахмад бин Ханбал, Абу Савр, Исхаак, Шаафи, Абу Ханифа р.а дын сөзү.

Сыйкырчыны өлтүрүү тууралуу Умар, Усман, Ибн Умар, Хафса, Абу Муса, Кайс бин Саьд р.а дар жана таабииндерден риваят кылынган.

Ибн Арабий айтат: “Аллах өз китебинде сыйкырчыны каапыр деп ачык айтты. Сулайман (сыйкырчылык) кылып каапырдык кылган жок. Бирок шайтандар каапырлык кылышты. Сыйкырчылыкты үйрөтүү менен каапырдык кылышты. Хааруут менен Мааруут айтышты: “Биз фитна салуучубуз каапырдык кылба” аяты бул баянды дагы тастыктап турат.

Үчүнчүдөн көз тийүү жана көрө албастык. Бул маселеге да мурда жооп берген элек. Ошол жооптун суроого тиешелүү жерин төмөндө баяндайбыз.

Көрө албастык – бул бирөөнүн жакшы болуп кетишин каалабай анда жакшылыктар болбошун каалайт. Көз тийүү – бирөөгө карата көз тийүүсү. Көз тийди көзү бар адам деп айтылат.

Көз тийүү менен көз артуу зыян жетүү таасиринде шериктеш болушат. Ал эми көрүнүшү тараптан ар түрдүү болот. Көз артуу көз алдындагы же көз алдындагы эмес нерсеге да көз арта берет. Ал эми көз тийүү болсо бир гана көргөн нерсесине зыян жеткирет. Ошондуктан көз артуу көз тийгенге караганда жалпы түрдө болот. Көз артуудан сактануу көз

тийүүдөн да сактанууну өз ичине алат. Ал эми көз тийүүдөн сактануу көз артуудан сактануунун бир бөлүгү болуп саналат. Аллах Таала айтат: “Айткын таңдын Роббиси менен сактанамын…. Көз артуучун көз арткандыгынан (сактоону сурайм)”. Бул аят көз тийүүдөн да сактоону өз ичине алат. Бул Курани каримдин балага муужизасынан болуп саналат.

Ал эми көз артуу жана көз тийүүнүн зыяны кандай болушуна келсек, анын маселеси эки жактама негизде болот.

- Көз артуучу жана көзү бар адам, көз арткандыгы жана көз салгандыгы үчүн ал күнөөкөр болуп катуу азапка дуушар болот. Аллах бизди анын жамандыгынан сактоону сурашыбызды буйруган.
- Ал эми көз артылган же көз тийген нерсеге зыяндын жетиши оору сыяктуу болот жана андан айыгуу үчүн белгилүү ыкмаларды колдонот. Анын баянын төмөндө айтып өтөбүз.

Көз артуунун каймана мааниде келиши, тактап айтканда адам бирөөдө болгон байлык өзүндө да болушун арзуу кылуусу бирок тиги байлыгы бар адамдын байлыгы түгөнүп же токтоп калышын каалабайт. Адам бир адамдын куранды жатка билгенин көрүп ал сыяктуу куранды жатка билүүнү арзуу кылуусу же бир адамдын Аллах жолунда көп садака кылганын көрүп ал сыяктуу көп садака кылуу үчүн андагыдай байлыка ээ болууну арзуу кылуусу. Бул нерслерде эч нерсе болбойт. Абу Хурайра р.а. риваят кылат. Пайгамбар с.а.в айтты: Эки нерседен башкага көз артуу жок: “бир адам куранды жатка билсе, аны бир адамга окуп берсе, ал адам айтса, аттиң баланчаныкындай мага да илим берилсе мен ал кылгандай иштерди кылат элем.” Бухаари риваяты.)

Төртүнчү: көз тийүү, көз артуудан жана сыйкырдан сактануунун жолу.

Көз тийүү жана көз артуу: Шарий далилдер далаалат кылан иштерде орун алса.

А. Аллахка ибадат, дуба жана куран окуу менен жакындоо. Ошондой эле Аллахка гана тобекел кылуу. Аллах айтат: “Куранда момундарга шыфаа жана рахматты түшүрөбүз”. Дагы айтат “Ким Аллахка тобокел кылса, Аллах ага жетиштүү”.

Б. Балдарын, урпактарын, адамдардын, жиндердин жамандыгынан Аллахтын сактоосун сурануу. Фалак менен Насты окуу.

Пайгамбар с.а.в “жиндердин, адамдардын көздөрүнөн сактоону суранган. Качан фалак менен нас сүрөөлөрү түшкөндө ал экөөнү гана окуп башкасын таштаган.” Аннасааи, Ибн Маажа риваяты. Бул хадисти Албани сахихке чыгарган.

“Жаратылган нерселердин жамандыгынан Аллахтын сөздөрү менен сактанамын”. Муслим риваяты. “Жер асманда зыян жеткирбеген

Аллахтын ысмы менен сактанамын. Ал угуучу билүүчү” Абу Дауд Тирмизи риваяты.

«أَعُوذُ بِكَلِماتِ اللهِ التَّامَّاتِ مِن شَرِّ ما خَلَقَا»

«بِسْمِ اللهِ الَّذِي لا يَضُرُّ معَ اسْمِهِ شَيْءٌ في الأرضِ ولا في السَّماءِ وَهُوَ السَّمِيعُ العَلِيمُ»

Ушул дубаларды окуу.

Ибн Аббас р.а. айтты: Пайгамбар с.а.в Хасан менен Хусейнди бул дуба менен сактоосун сураган. “Силердин атаңар (Ибрахим а.с) бул дуба менен Исмаил, Исхакты сактоосун суранган. Аллахтын баардык сөздөрү менен баардык шайтандардан жана баардык көздөрдөн сактанамын.” Бухаари риваяты.

«إِنَّ أَبَاكُمَا كَانَ يُعَوِّذُ بِهَا إِسْمَاعِيلَ وَإِسْحَاقَ أَعُوذُ بِكَلِمَاتِ اللَّهِ التَّامَّةِ مِنْ كُلِّ شَيْطَانٍ وَهَامَّةٍ وَمِنْ كُلِّ عَيْنٍ لامَّةٍ» رواه

В. Зыян жеткен учурда шарий рукуя менен дабалоо.

Абу Саид р.а дан Жабраил а.с Пайгамбар с.а.в. га келип айтты: “Эй Мухаммад кайрылдыңбы (арыздандыңбы) айтты ооба. Айтты: жаман көздөрдөн, жаман сөздөрдөн көз артуудан сага зыян берип жаткан баардык жамандыктардан Аллахтын аты менен сага сакаюу тилейм. Аллах сага шыпаа берсин. Аллахтын аты менен сага сакаюу тилейм.”

«يَا مُحَمَّدُ اشْتَكَيْتَ فَقَالَ نَعَمْ قَالَ بِاسْمِ اللَّهِ أَرْقِيكَ مِنْ كُلِّ شَيْءٍ يُؤْذِيكَ مِنْ شَرِّ كُلِّ نَفْسٍ أَوْ عَيْنِ حَاسِدٍ اللَّهُ يَشْفِيكَ بِاسْمِ اللَّهِ أَرْقِيكَ». رواه مسلم

Айша р.а дан. Айтты: “Пайгамбар с.а.в мени көздөн сактануумду же рукуя кылдырышымды буйруду”. Бухаари риваяты.

“Аллах гана башында да аягында өзү сактоочу Зат. Эгер сага зыян жетсе бир Аллахтан башка зыянды кетирүүчү жок. Эгер сени жакшылык кармаса, аны да Аллах кетирүүчү. Аллах баардык нерсеге кудуреттүү Зат”.

Сыйкыр:

Ал эми сыйкырдан кантип сактанууга келсек. Жогоруда айтып өкөнүбүздөй сыйкыр азыркы учурда жокко эсе. Сыйкырга окшоп болуп жаткан нерселер алар эч таасири жок жөн гана калпычы шарлатандардын кылып жаткан нерселери. Алар болгону акылы кемирээктерге гана таасир эте алышат. Аллах андан сактасын. Андан сактануунун жолу жогоруда айтып өткөнүбүздөй эле көз артуу жана көз тийүүдөн сактангандай эле болот. Ага хадисте келген Бакара сүрөсүн окууну кошот. Анда көптөгөн берекелер бар. Айрыкча эгер сыйкыр таасир этсе аны жок кыла турган кудуретке ээ. Муслим риваяты: “Хасан бин Алий Алхулвааний Робииг бин Наафиьден ал ибн Саллаамдан ал Абу Умаама Албаахилийден риваят кылат: “Пайгамбар с.а.в. дын айтканын уктум. Айтты куранды окугула ал кыямат күнү ээсине шафаатчы болуп келет. Эки Захравайнды (Бакара, Ал Имрaанды) окугула ал экөө кыямат күнү булут сыяктуу же көлөкө же ээлерин бири биринен талаша турган топ куштар сыяктуу келишет.

Бакараны окугула аны окуу береке аны таштоо өкүнүч. Ага албаталата (сыйкыр) таасир эте албайт.” Муавия албаталата сыйкыр деди.

Эң жакшы сактануу бул Аллахка болгон ыйман. “Эгер сага зыян жетсе бир Аллахтан башка зыянды кетирүүчү жок. Эгер сени жакшылык кармаса аны да Аллах кетирүүчү. Аллах баардык нерсеге кудуреттүү Зат”.

Корутундулап айтканда, мусулман адам мындай нерселерге тынчсызданбашы керек. Балким фарзрдарды аткарып, Аллахка жакындоону дуба, зикир, нафилдерди күчөтүп бара бериш керек. Аллахтын коргоосуна кадыржам болуп Аллах такыбаа пендеси менен бирге экендигин эстен чыгарбашы зарыл. Хааким Мустадрак китебинде Абу Дарда р.а дан риваят кылат: “Пайгамбар с.а.в айтты. Аллах айтат: “Мени пендем эстеп эки ээрини кыймылдаса мен аны менен биргемин”. Бул хадистин иснады сахих. Эки имам риваят кылган эмес.

Абу Хурайра р.а дан Пайгамбар с.а.в айтты: “Аллах айтат: Ким менин досума душман болсо мен ага согуш жарыялайм. Мага пендем мен жакшы көргөн фарздарды аткаруу менен жакындай берет. Пендем нафилдерди аткаруу менен менин жакшы көргөн пендеме айланып бара берет. Эгер мен аны жакшы көрсөм мен анын уга турган кулагы, көрө турган көзү, кармай турган колу, баса турган буту болом. Эгер менден сураса албетте берем. Эгер жардам сураса жардам берем. Менин кылган иштеримде өлүмдү жаман көргөн момундун жанын алуудагыдай тартынгандык болбойт. Мен анын (момундун) жамандыгын жаман көрөм.” Бухаари риваяты.

Ушул жетиштүү деп ойлойм ин шаа Аллах.

5-май, 2018-м.

## Коронавирус илдети жөнүндөгү суроолор

Коронавирус илдети жөнүндө суроолорго жооп беребиз:

1 – Тоун менен өлөттүн, же коронавирус менен өлөттүн ортосунда жугуштуу ооруу экендиги жагынан эч кандай айырма жок. Себеби, күч-кудурет ээси болгон Аллах Таала өлөттү да, коронавирусту да жугушу мүмкүн кылып жараткан. Ооруу бактерия аркылуу жугабы, же вирус аркылуубу, айырмасыз, анда жугуу мүмкүнчүлүгү бар. Ошондуктан, жугуу мүмкүндүгү жагынан алардын хукму бирдей. Суроо-жооб баракчасы мына ушул теманы өз ичине алган эле.

2 – Биз өз жообубузда азыркы коронавирус илдети адам тарабынан пайда кылынбаганын айткан элек. Ушул туурасында да суроо берилип, «мында Батыш отчётторуна таянып айтылыптыр, алардын отчётторуна таянып болбойт» дешти... Бул кеп анчалык туура эмес. Себеби, илимий көз караштарды ар кандай булактан алуу мүмкүн, маанилүүсү, ал нерсенин чындыгында туура экени басымдуулук кылып, буга дил канааттанышы керек. Ошондуктан, коронавирустун адам тарабынан пайда кылынбагандыгы туурасындагы Батыш отчётторуна таянуу мүмкүн. Чындыгында, суроо-жооб баракчасында бул вирустун адам тарабынан пайда кылынбастан, табигый пайда болгонун т.а. адам тарабынан белгилүү бир максатта пайда кылынган деген фикирге караганда табигый түрдө пайда болгон деген фикирдин ыктымалы көбүрөөк экенин, айрыкча, Кытай жана АКШ сыяктуу коронавирус илдетин таркатты деп айыпталып жаткан мамлекеттердин өзүндө да вирустун кеңири таркалгандыгы бул нерсени далилдеп турганын айтып өткөнбүз. Суроо-жооб баракчабызда мындай деген элек: «Ошентип, коронавирус (Covid-19, SARS-CoV-2) жайылышы боюнча Америка менен Кытай ортосунда сөз ыргытуу согушу орун алды. Эки мамлекет тең бири-бирин ушул илдет жайылышынын түздөн-түз себепчиси деп айыптоодо. Ушундай болсо да, Кытай өкмөтүнүн да, АКШ өкмөтүнүн да илдеттин таркалышы артында тургандыгы ыхтымалдан тышкары эмес. Бирок, биз маселени үйрөнүп чыкканыбыздан кийин, Кошмо Штаттардын да, Кытайдын да коронавирусту башка мамелкеттерге алып барганына, же болбосо аны пайда кылып, башка мамлекеттерге көчүрүлүшү үчүн мүмкүнчүлүк жаратып бергенине жетиштүү далилдер жок деген тыянакка келип, ушул варианттын ыхтымалы көбүрөөк деп билип жатабыз». Бул туурасында суроо-жооб баракчабызда кеңири айтып өткөнбүз. Ал фейсбуктагы баракчабызда турат, ага кайрылып көрүүгө болот.

3 – Жума намазы мечитте окулат. Кээ бир фукахалар майдандарда т.а. намазкөйлөрдүн киришине тыюу салынбай турган коомдук жайларда

да окулушун жаиз эсептешкен. Бирок, жума намазынын менчик жайларда (үйлөрдө) окулбашы жана дурус болбошунун ыхтымалы көбүрөөк (рожих). Ошондуктан, мечит же майдан табылбаса, анда, үйдө төрт ракаттуу бешим окулат. Эгер мамлекет мечиттерде же майдандарда окууга тыюу салса, күнөөкөр болот. Себеби, нусустар ушуну ифадалайт жана Аллах Субханахунун:

﴿يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِذَا نُودِيَ لِلصَّلَاةِ مِنْ يَوْمِ الْجُمُعَةِ فَاسْعَوْا إِلَى ذِكْرِ اللَّهِ وَذَرُوا الْبَيْعَ ذَلِكُمْ خَيْرٌ لَكُمْ إِنْ كُنْتُمْ تَعْلَمُونَ﴾

*«Эй момундар, качан Жума күнү намазга чакырылса, дароо Аллахты зикр кылууга шашып баргыла жана соода-сатык ишиңерди токтоткула! Эгер, билген болсоңор, бул силер үчүн жакшы»* [62:9]

деген аятынан ушул нерсе түшүнүлөт. Ошондуктан, мусулман адам жума намазына эч бир тыюусуз барышы керек.

﴿فَاسْعَوْا إِلَى ذِكْرِ اللَّهِ وَذَرُوا الْبَيْعَ﴾

*«... дароо Аллахты зикр кылууга шашып баргыла жана соода-сатык ишиңерди токтоткула»*. Демек, жумага аракет кылуу фарз болуп, мунун каринасы мубахты таштоо болот. Мындан тыюу жайиз боло турган үйлөр сыяктуу менчик жайларда жума намазы өтөлбөйт деген кеп келип чыгат... Ошондуктан, жоопто акимдер мечиттерди жаап, ал жерде намаз окууга тыюу салуулары жайиз эместиги жана мында ошол акимдер үчүн чоң күнөө бар экени айтылган. Ушуга ылайык, эгер акимдер мечитте жума намазы окулушуна тыюу салышса жана үйлөрдөн тышкары намаз үчүн аталган башка жер болбосо, үйдө төрт ракаттуу бешим окулат. Мечиттерди жапкан мамлекет болсо – жоопто айтканыбыздай – катуу күнөөкөр болот.

4 – Эми «демек, түшүнүшүм боюнча – валлоху аълам – бүгүнкү күндө акимдерден зулум жетүү коркунучу болсо, ушул себептүү жума жана жамаат намаздары сакыт болот экен да» деген суроого келсек, бул маселени тафсилаты менен баян кылуу лазым. Жообубузда мындай деп келген: «Кооп-коркунучта калган кишиге да жума важиб болбойт. Буга Ибн Аббас розияллаху анхунун ушул риваяты далил. Набий ﷺ айтты:

«مَنْ سَمِعَ النِّدَاءَ فَلَمْ يُجِبْهُ فَلَا صَلَاةَ لَهُ إِلَّا مِنْ عُذْرٍ، قَالُوا: يَا رَسُولَ اللهِ وَمَا الْعُذْرُ؟ قَالَ: خَوْفٌ أَوْ مَرَضٌ»

«Ким азанды угуп, ага жооп бербесе, анын намазы жок. Болгону, үзүр абалы гана мындан сырткары. Сурашты: «Я Расулаллах, үзүр эмне?». Айтты: «Коркуу же оору». Байхакий «Сунан кубро» китебинде келтирген». Ушул коркунуч жөнүндө Ибн Кудама өзүнүн «Муганний» китебинде (1/451) мындай деген: «(881) фасл: кооп-коркунучтагы кишиге экөөсүн тең ташташы үзүргө өтөт. Буга Набий ﷺдын:

«الْعُذْرُ خَوْفٌ أَوْ مَرَضٌ»

«Үзүр – коркуу же оору» деген хадиси далил. Коркунуч (хоуф) үч түрдүү болот: жан үчүн, мал үчүн, үй-бүлө үчүн. Жан үчүн болгон коркунуч кишинин аким же душман тарабынан камакка алынышынан коркушу, же ушуга окшош өмүрүнө бирер зыян жеткиришинен коркушу...». «Мухаззиб фи фикхи имам Шафъиий ли Широзий» китебинде да минтип келген: «... өзүнө же малына зыян жетишинен, же болбосо, максаттын ишке ашышын кыйындатып коё турган бир оорудан коркушу. Буга далил Ибн Аббас розияллаху анху риваят кылган Набий ﷺдын төмөндөгү хадиси:

«مَنْ سَمِعَ النِّدَاءَ فَلَمْ يُجِبْهُ فَلَا صَلَاةَ لَهُ إِلَّا مِنْ عُذْرٍ، قَالُوا: يَا رَسُولَ اللهِ وَمَا الْعُذْرُ؟ قَالَ: خَوْفٌ أَوْ مَرَضٌ»

«Ким азанды угуп, ага жооп бербесе, анын намазы жок. Болгону, үзүр абалы гана мындан сырткары. Сурашты: «Я Расулаллах, үзүр эмне?». Айтты: «Коркуу же оору». Т.а. мусулман киши залим аким тарабынан адилетсиз түрдө куугунтукталса, үзүрлүү болуп эсептелет. Мисалы, акимдин малайлары жамиъ мечитте аны камакка алуу жана зыян жеткирүү үчүн күтүп турушканына анык ишенсе, же буга күмөнү көбүрөөк үстөм келсе, ал ошол мечитте жума намазын окуудан үзүрлүү болуп эсептелет жана жума намазын окуу үчүн башка мечитти издеши лазым болот. Издөө аракети да пайда бербесе, анда, менчик жайда төрт ракаттуу бешим окуйт... Эгер, суроо берген киши биздин жообубуздан ушул нерсени түшүнгөн болсо, туура түшүнүптүр, валлоху аълам ва ахкам.

5 – Имам Бухарий риваят кылган «...لَا عَدْوَى ооруу жугушу жок...» деген хадиске келсек, кээ бир уламалар нафиъ маанисинде т.а. оору жукпайт деп тафсир кылышкан. Бирок, анын талаб маанисиндеги хабар болушунун ыктымалы көбүрөөк. Ошондуктан, эгер мусулман адам жугуштуу ооруга чалдыкса, же анын ооруусу Аллах Субханаху жараткандай жугушу мүмкүн болсо, мындай абалда мусулман киши башка намазкөйлөргө жуктуруп коюудан корккону үчүн жума жана жамаат намаздарына баруудан үзүрлүү болуп эсептелет. О.э. бул жогорудагы «الْعُذْرُ خَوْفٌ أَوْ مَرَضٌ үзүр – коркуу же ооруу» деген хадисте келген үзүрлөрдүн бири.

6 – Имам Бухарий риваят кылган:

«إِذَا مَرِضَ الْعَبْدُ أَوْ سَافَرَ كُتِبَ لَهُ مِثْلُ مَا كَانَ يَعْمَلُ مُقِيماً صَحِيحاً»

«Эгер, пенде ооруп калса же сафар кылса, ага мукыйм, соо кезиндеги кылган амалынын ажырындай сооб жазылат» деген хадиске келсек, бул хадис мусафыр же оорулуу адамга т.а. жамаат жана жума намаздарына баруудан үзүрлүү болгон кишиге карата айтылган. Ал намаздарын шариятта көрсөтүп бергендей окуй берет жана Аллахтын урухсаты менен, мукыйм же соо кезинде намаз окуганынын сообун алат.

Ошондуктан, үзүрсүз жума намазына барбай жаткан ден соолуктуу же мукыйм кишиге бул хукм туура келбейт.

7 – Эми, биздин жума намаздагы адад (адамдардын саны) үчөө деген сөзүбүзгө карата Шафиъийде кырк экени айтылган суроого келсек, бул башка тема жана буга Маликийдеги он эки деген фикирди да кошууга болот... Бул жерде эч бир карама-каршылык жок. Себеби, кеп мусулман кишинин шаръий санактагы кишилер менен жума жана жамаат намаздарын окушу үчүн мечиттерди жаап койбоо жөнүндө болуп жатат. Белгилүү болгондой, жоопто айтылгандай, үч кишинин жума намазын окуй алышы – туура фикхий рай.

8 – Себептерди кармоо темасына келсек, бул туура. Бирок, шариятка тескери келбеши лазым. Бул жерде оору кишинин жумага барбай, соолордун барышы – себептерди кармоо дегени... Биз суроо-жооб баракчабызда соо кишилер намаз окуй алуулары үчүн масжиддер жаап коюлбашы керектигин жана жугуштуу оорусу бар кишилер намаз окуганы келбеши үчүн бардык керектүү иш-чаралар көрүлүшү лазымдыгын жетиштүү баян кылганбыз. Ошондуктан, «соо кишилер да коронавирус илдетине чалдыккан болот, бирок, анын симптомдору көрүнбөйт, ушул себептүү баарын масжидден тыюу керек т.а. бүткүл жер жүзү калкын мечиттерге киргизбөө лазым» деп айтуу туура эмес! Себеби, бул бир да хужжатка негизделбеген жана бирер бир үстөм күмөнгө да негизделбеген! Негизи, жугуштуу илдетке чалдыкканы анык болгон киши мечитке киргизилбейт. О.э. жугуштуу илдетке чалдыкканы күмөн кылынган киши да киргизилбейт, ал эми, башкалар намаз окуша берет...

9 – «Коронавирустун омурткасы жок» деген кишинин суроосуна келсек, бул киши коронавирус адам сыяктуу эмес демекчи болсо керек. Ооба, ошондой, ал инсан сыяктуу эмес. Бирок, чамасы, бул мавжудатта муундардын бар экени себептүү англис булагы аны «Backbone» деп атоого мажбур болгон көрүнөт. «Backbone» деп медицина тилинде омуртка айтылат. Анткени, ушул муундардын байланышы адам омурткасындагы байланууларга окшойт... Ушул себептен улам, муну ушундай бойдон калтырган элек... Мындан суроо келип чыгат деп ойлобогон болчубуз!

10 – Маййитти жууш маселесине келсек, анын шаръий хукму төмөнкүдөй:

а) Мусулман маййитти жуушу фарзи кифая болуп, мына ушул раъй рожихирээк. Мунун далилдерин төмөндө келтирип өтөбүз:

– Төөсү зыян жеткириши натыйжасында каза болгон ихрамдагы киши жөнүндө Расулуллах ﷺ мындай деген:

«اغْسِلُوهُ بِمَاءٍ وَسِدْرٍ وَكَفِّنُوهُ فِي ثَوْبَيْهِ»

«Аны суу жана сидр (жыттуу өсүмдүк кошулган суу) менен жууп, эки кийими менен кефиндегиле». (Бухарий Ибн Аббастан риваят кылган).

Набий ﷺ өз кызын жууган аялдарга мындай деген:

«اغْسِلْنَهَا وِتْراً ثَلَاثاً أَوْ خَمْساً»

«Так кылып, үч же беш ирет жуугула». (Муслим Умму Атийядан риваят кылган).

– Ушул эки хадистен маййитти жуугандар ушул ишке жетиштүү болгон бир нече мусулмандар болгондугу о.э. Расулуллах ﷺ ушуну менен чектелгендиги ачык-айкын көрүнүп турат. Мындан тышкары, Расулуллах ﷺ өз жашоосунда бардык мусулман маййиттерине ушул хукмду колдонуп келген жана маййитти жуушту эч качан истисна кылбаган. Болгону, Бадр жана Ухуд согуштары сыяктуу согушта шахид болгондорду жуубаган. Ошондуктан, маййитти жууш фарзи кифая.

б) Бул хукмду көптөгөн фукахалар алган:

– Сарахсийдин «Мабсут»унда мындай деп айтылат: «Билип койгула, маййитти жууш важиб болуп, мусулмандын мусулман үстүндөгү акысы. Мухаммад алайхиссалам «Мусулмандын мусулман үстүндө алты акысы бар» деген хадисинде каза болгондон кийин жуушту да зикр кылган. Лекин, кээ бир мусулмандар аны аткарышса, максад ишке ашканы үчүн калгандардан сакыт болот».

– Имам Шафиъий «Умм» китебинде мындай деген: «Адамдарга маййитти жууш, жаназа окуу жана көмүү важиб. Бул иш мусулмандардын баарын өз ичине албайт. Балким, бул ишке жетише турган айрым мусулмандар аткарышса, ошонун өзү кифая, инша Аллах».

– Ибн Кудаманын «Шархул Кабир»инде мындай келген: «(Маййитти жууш фасли): (Маселе): «Маййитти жууш, кефиндөө, жаназа окуп, дафн кылуу фарзи кифая». Себеби, төөсү зыян жеткириши натыйжасында каза болгон киши жөнүндө Расулуллах ﷺ мындай деген:

«اغْسِلُوهُ بِمَاءٍ وَسِدْرٍ وَكَفِّنُوهُ فِي ثَوْبَيْهِ»

«Аны суу жана сидр (жыттуу өсүмдүк кошулган суу) менен жууп, эки кийими менен кепиндегиле». (Муттафакун алайх)».

в) Маййитти жууш маъзур (үзүрлүү) боло туган кээ бир себептер да бар. Мисалы, суу жок болушу мүмкүн, же дене күйүп кетип, суу менен жууганда тытылып кетиши мүмкүн, же болбосо маййит макоо, чума жана коронавирус сыяктуу илдет себептүү каза болуп, жуундуруучуга оору жугушу мүмкүн жана башка ушул сыяктуу. Биз бул маселеде бирер хукумду табанний кылмакчы эмеспиз. Мусулман киши көңүлү тынчтанып, рожих деп билген фикхий райлардын бирине таклид кыла берет. Мен фукахалардын кээ бир шаръий райларын келтирип өтмөкчүмүн:

– Ханафийлер, эгер суу жоктугу себептүү маййитти жууш маъзур болуп калса, ал топурак менен тайяммум кылынат деген. Мисалы, «Инаят» китебинде (16/261) «Суу жоктугу себептүү жууш маъзур болуп калса, ал топуракта тайяммум кылынат» деп айтылган. Ал эми, маййитти кармоо маъзур болгону себептүү жууш да маъзур болуп калса, үстүнөн көп суу куюп жиберилет. Бул жөнүндө «Марокил Фалах»та (224) мындай деп айтылган: «Шишип кеткени себептүү кармоо маъзур болуп калган убакта, маййиттин үстүнөн суу куюп жиберилет».

– Маликийлердин райы боюнча, суу жоктугу себептүү жууш маъзур болуп калса, маййит тайяммум кылынат... Эгер денедеги жаралар, же күйүк, же кычыткы, же болбосо чечек оорусу себептүү маййитти жууш маъзур болсо т.а. суу менен жууганда дене шылынып же тытылып кете турган болсо, мындайда ушундай абалдарга алып барбай турган даражада үстүнөн суу куюлат. Эгер суу куюу да маъзур болсо, маййит таяммум кылынат... Бул шейх Ахмад Дардирдин «Мухтасари Халил»ге жазган «Шархи Кабир»инде келген.

– Шафиъийлердин райында, кээ бир себептерге ылайык маййитти жууш үзүрлүү болуп калса, мисалы, суу жок болсо же күйүү акыбетинде дененин шылынып-тытылып кетиши коркунучу болсо, мындай абалдарда маййит жуулбайт, балким, тайяммум кылынат. Шафиъийлер – эгер жуундуруучуга маййитти жууганда бирер зыян жетиши коркунучу болсо – аны таяммум кылуу важибдигин анык кылып, айтып өтүшкөн. Имам Нававий рахимахуллах «Мажму»да мындай дейт: «Эгер суу жоктугу себептүү же күйүп кетип, жууганда дененин шылынып-тытылып кетиши себептүү маййитти жууш маъзур болуп калса, ал жуулбайт, балким, таяммум кылынат жана бул таяммум важиб. Себеби, таяммум тазалоо болуп, нажасатты кетирүүгө алакасы жок. Кудум жунуб болгон киши суу менен гусул кыла албаган убакта таяммум кылганы сыяктуу, мындай абалда да таяммум кылынат. Мисалы, маййиттин денеси майда-майда болуп, жууш натыйжасында дене тытылып кете турган болсо же жуундуруучу үчүн коркунуч бар болсо, мындай абалда маййит таяммум кылынат».

– Ханбалийлерде эки риваят бар, биринчи риваят мындай: «Эгер бирер тоскоолдук (маниъ) себептүү маййиттин денесин ышкалап жууш үзүрлүү болсо, ышкалабастан үстүнөн көп суу куюп жиберилет. Бул да мүмкүн болбосо, таяммумга өтүлөт».

Экинчи риваят: «Жууш үзүрлүү болуп калса, маййит таяммум кылынбайт. Балким, жуубаган жана таяммум кылынбаган абалда жаназа окула берет. Себеби, жууштан максат тазалоо. Таяммум менен болсо, тазалоо ишке ашпайт».

– Шейх Мухаммад ибн Мухаммадмухтар Шанкитий «Умдатул Фикх» шархында мындай дейт: «Бирөөнүн зыян берүүчү жугуштуу оорусу болсо – албетте маййит туурасында кеп болуп жатат – жана тирүү гассолго зыяны тийиши мүмкүн болсо т.а. окуп үйрөнүү менен о.э. адистер күбөлүгү негизинде анын жугуштуу оорусу жууш убагында гассолго жугушу далилденсе, мындай абалда маййит таяммум кылынат».

Көрүп турганыңардай, бул туурасында эки рай бар экен. Биринчиси: эгер маййитти жууш маъзур болуп калса, ал таяммум кылынат жана жаназа окулуп, дафн кылынат. Экинчи райга ылайык, маййитти жууш үзүрлүү болсо, ал таяммум кылынбайт, балким, жаназа окулуп, дафн кылына берет. Биз ушул жообубуздун башында айтканыбыздай, мусулман киши туура экендигине көңүлү толгон райга таклид кылышы лазым.

11 – Биздин акыйда жана ибадаттар маселесинде табанний кылбашыбызга келсек, бул туура. Бирок, биз негизги акыйдаларда жана Уммат биримдигине байланыштуу болгон ибадаттарда, мисалы, ар кандай өлкөдө ай көрүнгөн убакта орозону баштоо жана айт кылуу маселеси сыяктууларда табанний кылганбыз. Мечиттердин жабылышы маселесинде да табанний кылдык. Т.а. жоопто айтканыбыздай, керектүү убактарда мечиттер ачык турушу важиб.

18-шаъбан, 1441-х.
11-апрель, 2020-м.

## Коронавирустун кесепети

**Суроо**: 2020-жылы 4-январда Кытай биринчи жолу COVID-19 аталышындагы вирус оорусу жайылып, айрыкча, ал Ухань шаарында таралып, андан ондогон адамдар жабырланганын билдирди. Кийин вирус бүт дүйнөгө жайылды. Көптөгөн өлкөлөр чек араларын жаап, жума намазда жана башка коомдук жайларда чогулууга тыюу салды... Бул илдет дүйнөлүк экономикага сокку урду. Америка менен Кытай бири-бирин айыптоого ала башташты... Бул вирус илдетинин келип чыккан орду эмне? Дүйнөлүк экономикага канчалык тескери таасирин берет? Кийин, бул ооруну туура дабалоонун жолу кандай? Бул илдет себебдүү жума намазын токтотуп коюу туура болобу?

**Жооб**: коронавирус илдети бул англис тилиндеги «Crown» (таажы) сөзүнөн алынган аталышта аталды. Анткени, электрондук микроскоп менен караганда анын көрүнүшү таажы сымал болгон. Ал биринчи жолу 1960-жылы Corona Viridi аталышы менен белгилүү болгон. Бул вирус түркүмүндөгү SARS вирусу 2003-жылы Гонконгдо жайылып, 8422 адам жабыркап, 916 адам мерт кеткен. 2004-2005-жылдары да вирустун ушул түркүмдөгү жаңы түрлөрү ачыкка чыккан. Андан кийинки жылдары да ушул түркүмдөгү вирустар белгилүү болду, айрыкча, 2012-2014-жылдары. Бирок, анын жайылуу чеги чектелүү болуп, кээ бир өлкөлөрдө гана орун алган. 2019-жылы декабрда Кытайдын Ухань шаарында 96% SARS-2 вирусуна окшош вирус тарап, ал 2019-жылы жүз бергендиги үчүн ага COVID 2019 аталышы берилди. Кыскартылып COVID-19 деп аталып калды. Андан биринчи кезекте жабыркагандардын көпчүлүгү Кытайдын Ухань шаарындагы деңиз жаныбарларын саткан базардагылар болду. Кийин вирус Кытайдын кошуна өлкөлөрүнө тарай баштады. Бул таажы вирусуна 96% окшош вирус жаргананатта да катталагандыктан, анын аслы (өзөгү) жарганат болгон деген пикир басымдуу болуп калды. Вирустан жабыркагандардын өлүмү күн санап көбөйө баштады. Алардын көпчүлүгү Кытайга туура келип, вирустан жабыркагандардын саны 81193кө жетип, өлгөндөр 3 миңден ашып кетти. Кийин илдет Италия, Иран, Испания, Франция жана Америкада күч алды. Бул вирус илдетинин тез таралышы дүйнө жүзүн сестентти. 2020-жылы 24-мартта бул вирустан жабыркагандардын саны 404000ге жетти, өлгөндөрдү саны 20 миңге чамалап бара жатат. («Deutsche Welle», 25.03.30). БУУнун генсекретары Антонио Гутерриш: «Эгер Таажы-19 вирусунун жайылышы ооздукталбаса, миллиондогон адамдар өлөт», - деди. («EuroNews», 19.03.20). Ушул себептен улам, көптөгөн өлкөлөр мектептерди, ЖОЖдорду, коомдук жайларды жапты. Ошондой эле, жалпы түрдө карантинге алынып, коменданттык сааттар киргизилди

жана жума намаздары токтотулду... Ошондуктан, бул жаатта тактай турган маселелер пайда болду, алардын баяны төмөнкүдөй:

Биринчиден: бул илдет бирөөлөр тарабынан атайын пайда кылындыбы же адамдардын ыплас иштеринен кайтаруу үчүн Аллахтын казасындагы башка оорулар сыяктуу эле табигый жүз берген илдетпи?

Экиничиден: капитализм бул маселени туура көрүнүштө дабалай алабы? Мындай кырдаал шаръий жактан кандай дабаланат?

Үчүнчүдөн: бул илдеттин мунай баасына жана дүйнөлүк экономикага тийизген кесепети кандай болот?

Төртүнчүдөн: бул илдет себептүү жамаат менен намаз окууга жана жума намазына тыюу салуу жайизби?

Бириничиден: илдеттин пайда болушу жана анын артында турган нерсе:

1 – Алгач Таажы-19 вирус илдети Кытайда тарай баштаганда медицина илимий изилдөө борборлору бул вирус жаныбарлардан адамга жуккан дешти. Адатта бутпарастар жаман-жакшыны айырмалабастан, көзүнө көрүнгөндүн баарын жей бере турган калк болот. Биз жогоруда айтып өткөнүбүздөй, Кытайдын Хубэйдеги Ухань шаары кооп-коркунучтуу эттерди саткан борбор катары саналат жана ушул шаар бул илдеттин чыккан очогу болуп калды.

Мына ушундайча бул таажы вирусу Кытайда жайылып, кийин Ирандагы Кум шаары аркылуу өтчү темир жолду Кытай компаниясы куруп жаткан Кытай жарандары аркылуу ирандыктарга жайылды. Анын натыйжасында, Иран Ортоңку Чыгыштагы таажы вирусу жайыла турган очокко айланды. Ошондой эле, Италия транспорт инфраструктурасы үчүн Кытай инвестициясына жол ачкан. Отчеттордо көрсөтүлгөндөй, Ломбардия жана Тоскана Кытай инвестициясы эң көп тартылган аймак болуп эсептелет. 21-февралда Ломбардияда алгачкы жолу таажы вирусу жуккан биринчи учур катталды жана бул аймак ушул илдет эң кеңири жайылган аймак болуп калды.

2 – Америка бул Таажы-19 пандемиясына каршы Кытай алгылыктуу күрөшө албай жаткандыгын жана илдет башталган учурда аны жаап жашыргандыгын айыптап, ага карата маалымат чабуулун кылды. Американы бул кадамына каршы Кытай ТИМинин басма сөз катчысы Чжао Ли Цзян кызуу кандуулук менен Твиттердеги баракчасында мындай деп жазды: «Америка аскерлери Кытайдын Ухань шаарына Таажы-19 вирусун алып келиши мүмкүн». («Шаркул Авсат», 13.03.20). Трамп Кытайга карата чабуулун кайрадан кайталап, мындай деди: «Дүйнө Кытайдын акырындык менен жаңы таажы вирусу тууралуу берген маалыматына эбегейсиз акча төлөйт». («Евроньюс», 19.03.20). Трамп 2020-жылы 16-мартта Твиттердеги баракчасына таажы вирусун

Кытай вирусу деп сыпаттады. «Америка Кытай вирусу менен аба каттамдары сыяктуу өтө жабыркап жаткан тармактарга колдоо көрсөтөт». Кытай буга каршы жооп катары ТИМи аркылуу 2020-жылы 17-мартта мындай деди: «Бул комментарий Кытайдын атын булгайт, ошондой эле, бизди ачууландырды. Муну биз кескин четке кагабыз». («Россия сегодня», 18.03.20). Кытай Таажы-19 вирусун таратуунун артында Америка турат деп ага күмөн артканда Америка 2020-жылы 13-мартта Пекиндеги элчисин чакыртып алды. Америка ТИМинин жооптуусу мындай деди: «Кооптуу жана шылдыңчыл кутум теорияларды таратуу, биз дүйнөнүн жана Кытай элинин кызыкчылыгы үчүн мындай ыплас ишке эч качан барбастыгыбызды Кытай өкмөтүнө эскертип койууну каалаадык. Кытай бул дүйнөлүк пандемиянын башталышына роль жараткандыгы үчүн кийин айыптоолорго кабылып калышын алдын алууну каалап жатат». («Синьхуа» агентиги). «Пекин миллиондогон адамдарды карантинге алган катаал чараларды киргизгендигин, дүйнөгө даярданып алуу үчүн «баалуу убакытты» тартуулай тургандыгын, бул эл аралык коомчулук моюнга алган нерсе экендигин баса белгиледи». («Россия сегодня», 15.03.20).

3 – Таажы-19 (sars-cov2) вирусунун жайылышы тууралуу ушундай көрүнүштө Америка менен Кытай ортосунда сөз ыргытуу согушу орун алды. Бул эки мамлекет бири-бирин бул илдеттин таралышынын артында турат деп айыпташты. Ошону менен бирге, бул эки мамлекеттеги колдонулуп жаткан түзүм бул вирус илдетин таратуу артында турушу чындыктан алыс эмес, бирок, изилдөөлөрдөн кийин Америка же Кытай бул вирус илдетин таратуунун артында турат деген ишенимдүү далил болгон жок. Анткени, бул нерсе – вирусту ким жуктурду же ким аны пайда кылып, кийин аны башкаларга таратты деген эки нерседе ачык-айкын көрүнөт:

Биринчиден: анткени бул эки өлкө тең ушул илдетке кулагына чейин батып турат!

Жогоруда айтып өткөнүбүздөй жана 2020-жылы 23-мартта Кытайдын улуттук саламаттыкты сактоо комиссиясынын эсептөөлөрүнө ылайык, Кытайда жабыркагандардын саны 81272, өлгөндөрдүн саны 3273 болду. («Авму саабиг», 23.03.20). Эгер, Кытай бул илдетти таратуунун артында турган болсо, жок дегенде бул илдеттен кутулмак.

Ал эми, «CNN Health» эсептөөлөрүнө ылайык, Америкада Таажы-19 вирусунан жабыркап өлгөндөрдүн саны 704кө жетти. Илдетке чалдыккандардын саны 52976 жетти. («CNN Arabic», 25.03.20). Бул көрсөткүч менен Америка Кытай жана Италиядан кийинки эле үчүнчү орунга чыкты... Акыркы иш-чараларга ылайык, жети штатта жалпы түрдө америкалыктардын үчтөн бири үйдөн чыкпоолоруна буйрук берилген.

Жекшемби күнү Луизиана жана Огайо штаттары кеңейтилген карантинди жарыялады. Ал карантин Нью-Йорк, Калифорния, Иллинойс, Коннектикут жана Нью-Джерсини өз ичине алды. («Аль-Жазира» 23.03.20). Эгер, Америка бул вирус илдетин таратуунун артында турса, жок дегенде бул илдеттен кутулмак.

Экинчиден: ушул Таажы-19 илдети бул эки мамлекеттин бири тарабынан жасалган деген сөз чындыкка дал келбейт. Анткени, бул вирус лабораторияда жасалган деген эч кандай ишенимдүү далил жок. «Nature Medicine» журналында айтылгандай: «Белгилүү коронавирустук түркүмдөрдүн геномунун ыраттуулугун салыштыруу маалыматы аркылуу Таажы-19 вирусу табигый түрдө келип чыккан деп ишенимдүү түрдө айта алабыз». Журнал минтип кошумчалайт: «Бул пикирди ушул вирустун молекулалык жалпы түзүлүшү тууралуу маалымат да тастыктап турат. Ким бул вирусту лабороторияда жасоону ишке ашырган болсо, анда, ал нерсе анын молекулалык түзүлүшүнөн көрүнмөк». (npr.org). Бул нерсе Орусия, Европа, Иран сыяктуу башка мусулман өлкөлөрүнө да тиешелүү. Анткени, бул өлкөлөр илдетти жуктуруу тарабанынан алып караганда Америка же Кытайдын биринен таасирлениши басымдуу.

Ошондуктан илдеттин пайда болушуна Аллах Куранда айткан себептен башка себеп калбайт:

﴿ظَهَرَ الْفَسَادُ فِي الْبَرِّ وَالْبَحْرِ بِمَا كَسَبَتْ أَيْدِي النَّاسِ لِيُذِيقَهُمْ بَعْضَ الَّذِي عَمِلُوا لَعَلَّهُمْ يَرْجِعُونَ﴾

*«Адамдардын кылган иштери себептүү аларды бул иштеринин убалын таттырып койуу үчүн жерде жана деңизде бузулуулар пайда болду, мүмкүн, алар (адамдар жасаган иштеринен) кайтар»*

[Рум:41]

Биз баарыбыз капиталисттер жана алардын жүгүртөктөрү дүйнө бойлоп кандай бузгунчу ыплас иштерди жасап жаткандарын айдан ачык билебиз. Алар жалаң гана пайда жана жеке кызыкчылык үчүн иш кылышат. Америка, Кытай, Орусия жана Европа аткаминерлеринин иштери буга аттын кашкасындай күбө. Алар өзүнүн элдери жана бүткүл дүйнө бактысыздык кебетесин кийгенине себепкер. Алардын адамзатка карата кылган кылмыштарын жер көтөр алгыс. Алар коргоосу жок адамдарды өзөктүк бомба жана байытылган уран менен бомбалашты. Өрттөөчү напалмалык бомбалар менен бомбалашты. Африка аймагын биологиялык, химиялык куралдарды сынай турган майданга айлантып, андагы урууларды жапайы кыргынга учуратты. Индейлерди тукум курут кыргынына салгандары алардын маңдайында ташка тамга баскандай өчпөс болуп калды. Кытайдын уйгур мусулмандарына кылган жырткычтыгы бүтүндөй чектен ашты. Орусиянын Орто Азия мусулмандарына карата кылмышы, Сербиянын Балкандагы мусулмандарга кылган кылмыштары, ошондой эле, Орусиянын Шамдагы

мусулмандарга карата кылган кылмыштары бүгүнкү күнгө чейин уланып жатат. Британиянын Индиядагы мусулмандарга жана кайрымусулмандарга карата кылган кылмышынын кесепети азыркы күнгө чейин уланып келүүдө. Мына ушундайча азыркы дүйнө мамлекеттерин башкарып жаткан акимдер адамзаты бүгүнкүдөй бактысыздыкка түшүшүнө бирден бир себепкерлер. Аллах айтат:

﴿فَأَصَابَهُمْ سَيِّئَاتُ مَا كَسَبُوا وَالَّذِينَ ظَلَمُوا مِنْ هَٰؤُلَاءِ سَيُصِيبُهُمْ سَيِّئَاتُ مَا كَسَبُوا وَمَا هُمْ بِمُعْجِزِينَ﴾

*«Алардын жасаган жаман амалдарынын кесепети өздөрүнө жетет. Алардан залим болгондорунун жасаган жаман амалдарынын кесепети өздөрүнө жетет. Алар азаптан кутула алышпайт»* [Зумар:51]

Экинчиден: капиталистер жана алардын жүгүртөктөрү бул маселени туура эмес дабалоосу. Бул маселени туура дабалоо – бул шарий дабалоо гана болуп саналат:

- Капиталисттер жана алардын жүгүртөктөрү бул маселени үч этапта дабалоону жолго коюшту: биринчи, кырдаалды көзөмөлгө алуу:

– Биринчи көргөн чаралары маселени жашыруу болду:

1 – Кытайдын отчётунда көрсөтүлгөндөй, Кытай бийлиги алгач 2019-жылы декабрдын ортосунда бул вирус илдети тарап жатканын өз жарандарынан жана бүтүндөй дүйнөдөн жашырып, аны моюнга алган жок. Качан гана жыл аягында бул илдеттен жабыркагандар көбөйүп, өлүмдөр каттала баштаганда ачыкка чыгарды. Кытай-Америка маалымат каражаты «Шан Вэй Ван» кабарына ылайык: «Кытай бийлиги вирус илдети тарап жаткан Ухань шаарындагы деңиз азыгын саткан базарды январь айында гана жапкандыгы айтылды. Отчётто илдет тарап жаткандыгы тууралуу такталбаган маалымат таратты, мыйзамга тескери иш кылды деп 8 адамдын камалгандыгы көрсөтүлдү. Ошондой эле, Ухань бийлиги бул нерсени табигый көрүнүш катары санап 18-январда 40000 үй-бүлө катышкан жергиликтүү каада-салты өткөргөндүгү айтылды. («Ранее», 01.02.20).

2 – Ошондой эле, Кытай бийлиги Кытай элин бул вирус илдетинин олутуулугу тууралуу 31-декабрга чейин эскерткен жок. Пекин 31-декабрда Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмуна билдирип мындай деди: «Оорудан сактануу жана аны көзөмөл алуу мүмкүн». 23-январда Кытай бийлиги Ухань шаарын жаап, ага кирип чыгууга тыюу салды. («Масравы», 23.03.20).

– Көрүлгөн экинчи чара – карантин жана жарым жартылай обочолонтуу:

1 – Кошмо Штаттардын саламаттыкты сактоо кызматкерлери ишемби күнү жаңы коронавирусунун сегизинчи учурун тастыкташты. АКШ коргоо министрлиги чет өлкөдөн келгендер карантинге алынышы мүмкүндүгүн жана алар баш калкалоочу жай менен камсыз кылынат деп

билдирди. Кытайдын ортосунда жайгашкан Хубэй аймагы жана андагы Ухань шаары карантинге алынган... («Sky News», 22.02.20).

2 – Америка Кошмо Штаттарында Нью-Йорк штатынын губернатору Эндрю Комо «биз карантиндебиз» жана «биз көрө турган эң катуу чара» деп аны баса белгиледи. Нью-Йоркто, Калифорнияда, Нью-Джерси жана Иллинойс шаарларында карантин койулуп, 85 миллиондон ашык адам азык-түлүк сатып алуудан жана кыска сейилдөөдөн башка жагдайларда үйлөрүндө калуулары милдетендирилди... («Deutsche Welle», 20.03.20).

– Көрүлгөн үчүнчү чара – үйлөрдө дээрлик бүтүндөй обочолонуу:

«Франс Пресс» эсептөөлөрүнө ылайык, карантиндик чечимдер, сунуштар же коменданттык сааттын киргизилиши себептүү, дүйнө жүзүндөгү жүз миллиондогон адамдар он бир миңден ашуун адамдын өмүрүн алган коронавирустун жайылышын оздуктоо максатында өз үйлөрүндө обочолонуп жатууга мажбур болушту. Адамзаттын тарыхында болуп көрбөгөн мындай катаал чара ар кайсы өлкөлөрдө ар кандай деңгээлде ишке ашырылууда... 30дан ашуун мамлекетте 800 миллиондон ашык адамды үйлөрүндө калууга чакырылды. Германияда бийлик коомдук жашоону чектөө чараларын күчөтүүнү жана көпчүлүк тургундарды үйлөрүндө калууга милдеттендирген чараларды караштырды. Европадагы эң көп жабыр тарткан өлкө Италия 4000 кишинин өмүрүн алган вирустан сактанууга даярданып, вирустун андан ары жайылышын оздуктоо максатында эски континенттеги калкка карантин жарыялоону буйрук кылган биринчи өлкө болуп калды... Бардык сейил бактар жана коруктар ушул жекшемби күнү адамдар үчүн жабык болот жана италиялыктарды үйлөрүндө калууга мажбурлаган башка чектөөлөр да киргизилди. Бийлик өлкөдө 24 сааттын ичинде 627 адам вирустан көз жумгандыгын жарыялагандан кийин, бул көрсөткүч кризис башталгандан берки эң жогорку туу чокусу болуп калды... («Deutsche Welle», 21.03.20).

- Ушул үч ыкма каралып чыккандан кийин, алар көйгөйдү чечпегени белгилүү болот, тескерисинче, экономиканын ийгиликсиздигин дагы артырып дагы бир ийгиликсиздикке жеткире тургандыгы көрүнөт. Кийин бул илдет себептүү биз угуп-билип жүргөн капиталисттик коомдогу адамдар капиталисттик түзүмдүн зулумунан кыйналышын, андан чарчап чаалыгышын дагы артырат.

Демек, бул дарттын туура дарыланышы – Аллахтын мыйзамында көрсөтүлгөндөй – мамлекет ооруну башынан баштап байкап, ооруну анын келип чыгуу жерине чейин чектейт жана башка региондордогу дени сак адамдар иштей беришет...

Имам Бухарий өзүнүн «Сахих»инде Усама ибн Зайддан риваят кылган хадисте Набий ﷺ айтат:

«إِذَا سَمِعْتُمْ بِالطَّاعُونِ بِأَرْضٍ فَلَا تَدْخُلُوهَا وَإِذَا وَقَعَ بِأَرْضٍ وَأَنْتُمْ بِهَا فَلَا تَخْرُجُوا مِنْهَا»

«Эгер, кайсы бир жерде кара тумоо оорусу чыккандыгын уксаңар, ага кирбегиле. Эгер, силер жашаган жерден чыкса, ал жерден чыкпагыла».

Бухарий жана Муслимде келген о.э. Усама ибн Зайддан риваят кылынып, лафзы Муслимге таандык болгон дагы бир хадисте Пайгамбар алайхиссалам айтат:

«الطَّاعُونُ رِجْزٌ أَوْ عَذَابٌ أُرْسِلَ عَلَى بَنِي إِسْرَائِيلَ أَوْ عَلَى مَنْ كَانَ قَبْلَكُمْ فَإِذَا سَمِعْتُمْ بِهِ بِأَرْضٍ فَلَا تَقْدَمُوا عَلَيْهِ وَإِذَا وَقَعَ بِأَرْضٍ وَأَنْتُمْ بِهَا فَلَا تَخْرُجُوا فِرَاراً مِنْهُ»

«Кара тумоо – жаман же азап, бани Исраилге же алардан мурункуларга жөнөтүлгөн. Кайсы жерде анын чыккандыгы тууралуу уксаңар, ал жакка кирбегиле, эгер, силер турган жерден чыкса, ал жерден качып чыкпагыла».

Бухарий Аиша розияллаху анхадан риваят кылган хадисте Аиша энебиз айтат: «Пайгамбар ﷺдан кара тумоо тууралуу сурадым, ал мага мындай деди:

«أَنَّهُ عَذَابٌ يَبْعَثُهُ اللَّهُ عَلَى مَنْ يَشَاءُ وَأَنَّ اللَّهَ جَعَلَهُ رَحْمَةً لِلْمُؤْمِنِينَ لَيْسَ مِنْ أَحَدٍ يَقَعُ الطَّاعُونُ فَيَمْكُثُ فِي بَلَدِهِ صَابِراً مُحْتَسِباً يَعْلَمُ أَنَّهُ لَا يُصِيبُهُ إِلَّا مَا كَتَبَ اللَّهُ لَهُ إِلَّا كَانَ لَهُ مِثْلُ أَجْرِ شَهِيدٍ»

«Ал – азап, Аллах аны кимге каалаworld, аны жөнөтөт. Аллах аны момундарга рахмат кылды. Кимге кара тумоо жетип, ал өзү турган жеринде калып, ага Аллахтын гана жазган казасы жетээрин билип, сооп үмүт кылып сабыр кылса, ага шейиттин сообу берилет».

Бул бардык мамлекеттерден озуп кеткен бир өлкөдөгү карантиндин бир түрү. Ал Аллахтын Пайгамбары жана Расулу жетектеген биринчи даражадагы цивилизациялуу мамлекетте, Аллахтын ыраазылыгына жетүү, Исламды жакшы үлгү кылып көрсөтүү үчүн колдонулган Исламий Халифалык мамлекеттинде ишке ашкан. Ибн Хажар Фатх Барий: Умар رضي الله عنه Шамга карай чыгып Серагга келгенде, Шамда эпидемия болуп жаткандыгы тууралуу кабар келди, Абдуррахман Ибн Авф Умар رضي الله عنهга Пайгамбар ﷺдын:

«إِذَا سَمِعْتُمْ بِهِ بِأَرْضٍ فَلَا تَقْدَمُوا عَلَيْهِ، وَإِذَا وَقَعَ بِأَرْضٍ وَأَنْتُمْ بِهَا فَلَا تَخْرُجُوا فِرَارًا مِنْهُ»

«Эгер, кайсы бир жерде кара тумоо оорусу чыккандыгын уксаңар, ага кирбегиле. Эгер, силер жашаган жерден чыкса, ал жерден чыкпагыла» деген хадисин айтты. Умар رضي الله عنه ал жерден артка кайтып кетти. Башкача айтканда, кара тумоо тарагандыгы тууралуу кабарды уккандан кийин Умар رضي الله عنه мусулмандар менен ал жакка кирбестен, артка кайтып кетти.

Демек, Ислам мамлекетти ооруну өз орду менен чектейт жана анын тургундары ошол жерде калат. Башка тургундар ал жакка киргизилбейт. Мамлекет өзүнүн мыйзамдуу шарий милдетин аткарышы үчүн, ал – камкор жана коопсуз мамлекет. Ислам мамлекети жугуштуу оорулардын жайылуусун алдын алууда ушул процедураларды аткаргандай эле, бардык жарандарга акысыз медициналык жардамдарды жана дары-

дармектерди берет, ошондой эле, ооруканаларды, медициналык лабораторияларды жана мамлекеттик жарандардын билим алуусун жана коопсуздугун камсыздоо сыяктуу башка негизги муктаждыктарын камсыз кылат.

Ошентип, туура дабалоонун жолу – бул жугуштуу ооруну өз ордунда бөлүп алуу жана бейтаптардын ден соолугун чыңдоо, акысыз кам көрүү жана дарылоо болуп саналат. Ден соолугу чың адамдар өз ишин улантышат, ал эми, социалдык-экономикалык жашоо жугуштуу ооруга чейинкидей улануусу керек, антпесе, адамдардын коомдук жашоосу токтоп, үйлөрдө обочолонуп, анан экономикалык жашоо шал болуп же дээрлик жок болот, ошондуктан, анын натыйжасында башка кризистин улам-улам көбөйө беришине шарт жаралат.

Үчүнчүдөн: бул оорунун (таажы вирусунун) мунайдын баасына жана андан кийин дүйнөлүк экономикага тийгизген таасири:

Дүйнөлүк экономика пандемиясыз эле кадимки кырдаалда да өсүшүн жайлатууда... Дүйнөнүн аракеттери кандайча карантинге жана толук же жарым-жартылай обочолонууга аргасыз болот? Бул чаралар дүйнөлүк экономиканы кыйроого алып келбесе, андан ары өсүшүн басаңдатат. Вирус дүйнөлүк сооданы алсыздандырып, мунай баасынын төмөндөшүнө алып келди. Мунайдын баасы өтө төмөн деңгээлге түштү. Бул Россия менен Сауд Арабиянын ортосунда баа согушун жаратты, анткени, Россия экономикада мунайга көбүрөөк таянат, ошондуктан, өзүнүн мунай өндүрүшүн көбөйтүүгө аргасыз болду. Америка Сауд Арабияны Россияга каршы туруу үчүн мунай өндүрүүнү көбөйтүүгө түрттү. 2020-жылы 19-мартта Америка президенти Трамп Россияны коркутууга алып «Сауд Арабия менен Россиянын ортосунда болуп жаткан баалар согушуна ыңгайлуу учурда кийлигише тургандыгы» билдирди... («Al-Hurra American», 19.03.20). Сауд Арабия Орусияга каршы Американын базардагы үлүштөрүнүн эсебинде салгылашуу алып барууда, ушул айда үч жыл доор сүргөн мунай өндүрүшүн кыскартуу боюнча Саудия менен Орусиянын мурунку макулдашуусу жокко чыкты. Коронавирустун жайылуусуна байланыштуу глобалдуу суроо-талап кескин төмөндөгөндүктөн ушул аптада болжол менен мунай баасы 20 жылдын ичиндеги баалардын эң төмөнкү деңгээлине түшүп жаткан учурда өлкөлөр мунайды толук кубаттуулугунда өндүрүп жатышат. Brent фьючерстер аралашма мунайынын бир баррелинин баасы 28,75 долларга арзандады. Орустар Сауд Арабия менен Американын мамилесин билишкенине карабастан, Роснефтинин басма сөз катчысы Михаил Леонтьев Орусиянын маалымат агенттигине мындай билдирүү берди: «ОПЕК+ келишимин бир нече жолу узартуунун натыйжасында кыскартылган бардык майлардын дүйнөлүк базардагы орду америка

сланец майы менен толук түрдө толукталып жана тез арада анын ордун толтурду». («Reuters», 08.03.20). Бирок, орустар буга каршы эч кандай чара көрө алышпады. Тескерисинче, Саудия Россия менен болгон кризисти күчөттү, мурунку (2,1 миллион баррелге кыскартуу) келишимин узартпоо чечимин кабыл алып, мунай өндүрүүнү көбөйтүүгө токтом кылды. (Дүйшөмбү күнү мунайга болгон баа 1991-жылы Булуңдагы согуштан кийинки эң чоң жоготууга учураган үчтөн бир баасына түшүп кетти).

Ошентип, Brent маркасындагы мунай фьючерстеринин баррели 22 пайызга төмөндөп 37,05 долларга барабар болуп, буга чейин 31 пайызга төмөндөп 31,02 долларга чейин төмөндөгөн 2016-жылдын 12-февралынан берки эң төмөнкү деңгээл болуп калды. («Reuters», 09.03.20). Кийин Саудия азиялык кардарларына мунайдын баасын 6 долларга арзандатты! Бүгүнкү күндө Россия «ОПЕК+» келишимине кайтып келүүнүн жана мунай өндүрүүнүн жаңы кыскартууларына жетишүү максатында ийкемдүүлүктү көрсөтүүнүн жолун издеп жатат!

Ошентип, дүйнөлүк экономика коронавирустун жайылышы жана андан кийин мунайга болгон баанын төмөндөшү менен катуу силкинди. Эгер, бул абал улана турган болсо, дүйнөлүк экономика иш жүзүндө кыйроого учурашын тездейт.

Төртүнчүдөн: мечиттерде жума жана жамааттык намаздарга тыюу салуу мүмкүнбү?

Жугуштуу эпидемия жайылган учурда жамаат жана жума намаздарын токтотуу, негизинен жалпы түрдө болбойт. Бейтаптарды бөлүп, алардын жамаатка же жумага мечиттерге келүүсүнө тыюу салынат. Бардык чаралар ишке салынып, тазалыкты сактоо, стерилдештирүү, керек болсо маска кийүү милдеттендирилет жана башка чаралар ишке салынат. Кийин ден соолугу чың адамдар жума сайын намазын токтотпостон окушат. Эгер, мечиттерде намаз окугандардын арасында ооруга чалдыккандар бар шектелсе, текшерүү үчүн медициналык топторго уруксат берилет жана ден соолугу чың мусулмандар жума жана жамааттык намазды бузбастан окушуна шарт жаратуу менен чара көрүлөт. Жума жана жамаат намазы тууралуу келген далилдер топтому жуманын туруктуу үзгүлтүккө учурашын камтыбайт. Балким, жума намазына көп сандаган адамдардын келиши талап кылынбайт. Анын баянын төмөндө ачыктайбыз, кээ бир мусулмандар айрым жеке себептеринен улам жумага келе албашы мүмкүн. Ал төмөнкүдөй:

1 – Жамааттык намазга байланыштуу: бул фарз кифая:

Жамааттык намаз – фарз кифая, аны жүзөгө чыгаруу адамдарга важиб. Абу Дарда розияллаху анху риваят кылган хадисте Набий ﷺ айтат:

«مَا مِنْ ثَلَاثَةٍ فِي قَرْيَةٍ وَلَا بَدْوٍ لَا تُقَامُ فِيهِمْ الصَّلَاةُ إِلَّا قَدْ اسْتَحْوَذَ عَلَيْهِمْ الشَّيْطَانُ، عَلَيْكَ بِالْجَمَاعَةِ فَإِنَّمَا يَأْخُذُ الذِّئْبُ مِنَ الْغَنَمِ الْقَاصِيَةَ»

«Айылдагы же бедиунден болгон үч адам намаздарын жамаат менен окубаса, аларга шайтан ээлик кылат. Жамаатты бекем карма, бөөрү бөлүнгөн койду алат». (Абу Дауд риваяты, иснады хасан).

Бул жамаат намазы тууралуу болду. Ал – фарз кифая. Пайгамбар ﷺ менен биргеликте окулган жамаат намазына кээ бир мусулмандар келбей койушту. Пайгамбар ﷺ алардын үйлөрүн өрттөп жиберүү менен коркуткандан кийин өз жайларына таштап койду. Бухаари риваяты, Абу Хурайра رضي الله عنهдан, Пайгамбар ﷺ айтты:

«وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ لَقَدْ هَمَمْتُ أَنْ آمُرَ بِحَطَبٍ فَيُحْطَبَ ثُمَّ آمُرَ بِالصَّلَاةِ فَيُؤَذَّنَ لَهَا ثُمَّ آمُرَ رَجُلاً فَيَؤُمَّ النَّاسَ ثُمَّ أُخَالِفَ إِلَى رِجَالٍ فَأُحَرِّقَ عَلَيْهِمْ بُيُوتَهُمْ وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ لَوْ يَعْلَمُ أَحَدُهُمْ أَنَّهُ يَجِدُ عَرْقاً سَمِيناً أَوْ مِرْمَاتَيْنِ حَسَنَتَيْنِ لَشَهِدَ الْعِشَاءَ»

«Менин жаным колунда болгон Затка касам. Мен отун жыйнаттырып, кийин намазга азан айттырып, кийин ага бир адамды имамдык кылууга буйруп, кийин ага келбей койгон адамдардын үйлөрүнө барып өрттөп жиберүүнү абдан кааладым. Менин жаным колунда болгон Затка касам, алардын кайсы бири (намазга келгенде) бир майлуу жилик эт же койдун туягын таба тургандыгын билишсе, куптан намазына шексиз келишмек».

Эгер жамаат намазы ар бир мусулманга фарз болгондо, аларды бул абалга калтырмак эмес. Бул куптан намазын жамаат менен окуу тууралуу болду. Жамаатын эң азы имам жана бир уючу адамдын болушу жетиштүү. Буга далил Малик ибн Хувайрис риваят кылган хадис. Малик айтат: «Биз Пайгамбар ﷺдын алдынан кайтууну каалаган учурда Пайгамбар ﷺ бизге мындай деди:

«إِذَا حَضَرَتْ الصَّلَاةُ فَأَذِّنَا ثُمَّ أَقِيمَا وَلْيَؤُمَّكُمَا أَكْبَرُكُمَا»

«Эгер, намаз убактысы кирсе, азан айткыла, кийин коомат айтып экөөңөрдүн жашы улууңар имамчылык кылсын». (Муслим риваяты).

Жамаат менен намаз окуу шарий үзүр учурларында гана ташталат, мисалы, суук жана жаандуу күндөрү. Бухарий риваят кылган ушул хадис ал тууралуу келген:

«كَانَ يَأْمُرُ مُؤَذِّناً يُؤَذِّنُ ثُمَّ يَقُولُ عَلَى إِثْرِهِ أَلَا صَلُّوا فِي الرِّحَالِ فِي اللَّيْلَةِ الْبَارِدَةِ أَوْ الْمَطِيرَةِ فِي السَّفَرِ»

«Пайгамбар ﷺ сапарда жаан жана суук күндөрү азан чакыртып, кийин анын артынан эле улооңордун үстүндө намаз окугула дечү». (Бухари риваяты).

2 – Жума намазына келсек, ал фарз айн болуп, үзүр менен гана калтырылат. Буга далилдер көп:

Аллах Таала айтат:

﴿إِذَا نُودِي لِلصَّلَاةِ مِنْ يَوْمِ الْجُمُعَةِ فَاسْعَوْا إِلَى ذِكْرِ اللَّهِ وَذَرُوا الْبَيْعَ﴾

*«Эгер, жума күнү жума намазына чакырылсаңар, соодану таштап Аллахты эстөөгө шашылгыла»* [Жума:9]

Бул аяттагы буйрук мубахтыктан кайтарган талап жазмды шарт кылган буйрук экенине далалат кылат. Хааким эки сахихтин негизинде «Мустадрак» китебинде Тарик бин Шихааб, Аби Муса аркылуу риваят кылган, Пайгамбар ﷺ айтты:

«الْجُمُعَةُ حَقٌّ وَاجِبٌ عَلَى كُلِّ مُسْلِمٍ فِي جَمَاعَةٍ إِلَّا أَرْبَعَةٌ: عَبْدٌ مَمْلُوكٌ، أَوِ امْرَأَةٌ، أَوْ صَبِيٌّ، أَوْ مَرِيضٌ»

«Жуманы ар бир мусулман жамаат менен окуусу фарз, төртөө гана буга кирбейт: кул, же аял же, жаш бала, же оорулуу адам». (Хаким бул хадис эки шейхтин шартында сахих деген).

Душмандан коркон адамга важиб болбойт. Ибн Аббас ؓ кылынат, Пайгамбар ﷺ айтты:

«مَنْ سَمِعَ النِّدَاءَ فَلَمْ يُجِبْهُ فَلَا صَلَاةَ لَهُ إِلَّا مِنْ عُذْرٍ، قَالُوا: يَا رَسُولَ اللهِ وَمَا الْعُذْرُ؟ قَالَ: خَوْفٌ أَوْ مَرَضٌ»

«Ким азанды угуп, ага жооп бербесе, анын намазы жок. Бир гана үзүр учурунда. Сурашты: «Я Расулаллах, үзүр эмне?». Айтты: «Коркуу же оору». (Байхакий «Сунан кубро» китебинде келтирген).

Ушундайча жума ар бир мусулманга фарз, бир гана шарий насста келген адамдар мындан үзүрлүү болуп саналат. Алардан башкаларына шарий насс келген эмес, ошондуктан, аларга жума фарз айн болуп саналат. Бул шарий үзүрлөргө кыясталбайт. Шарий үзүр шарий насста келген шарий үзүр болуп саналат. Ага башкалары кирбейт. Ибадаттарды кыяс кылуу, анткени, кыястоо үчүн иллеттүү насс келген эмес, ошондуктан, ал кыясталбайт... Жума намазы үчүн жамаат санына жеткен адам болсо жетиштүү. Сахабалар жума намазы үчүн жамаат санына жеткен адамдардын болушуна ижма кылышкан. Белгилүү бир сандагы адамдын болушун шарт кылган эмес. Балким, жамаат болуу санына жеткен гана адамдардын болушу шарт. Анткени, жамаат болуу жогоруда айтылып өткөн хадисте көрсөтүлдү.

Пайгамбар ﷺ айтты:

«الْجُمُعَةُ حَقٌّ وَاجِبٌ عَلَى كُلِّ مُسْلِمٍ فِي جَمَاعَةٍ»

«Жуманы ар бир мусулман жамаат менен окуусу фарз, төртөө гана буга кирбейт: кул, же аял же, жаш бала, же оорулуу адам».

Канча адам окушунун саны да сахабалардын ижмасы аркылуу бекемделген. Жума намазын окуу үчүн белгилүү бир көп сандагы адамдын болуштугу тууралуу далил келген эмес. Балким, үч адамдан жогору жамаат болуп саналгандыгы сахаба ؓдын ижмасы менен бекемделген. Анткени, жуманы окууда эки адам жамааттын санына жетпейт, үч адамдан жогорусу гана жума окуу үчүн жамаат саны болуп эсептелет. Ошондуктан, ушуга негизделип жума намазын окуу үч

адамдан баштап важиб болот. Эгер, андан аз болушса, алар жума окуй алышпайт, анткени, алар жамаат болуп окуусу үчүн саны жеткен жок. Ижмада жума окулушу үчүн аны окуй турган адамдардын жамаат боло турган саны болушу бекемделген. Ал – үч адамдан жогору.

Демек, Халифалык абалында жума же жамааттык намаз үзгүлтүккө учурабайт, тескерисинче, ага үзүрлүү болгон адам келбейт, калгандары катыша берет.

Бардык адамдар инфекцияга дуушар болушунун ыктымалдулугу бардык этияттык чараларды колдонгондон кийин да күчтүү күмөндү жаратат деген сөзгө келсек, бул ыктымалдуулук күчсүз. Анткени, айрыкча жамааттын эң аз саны – эки адам, жума окуу үчүн үч адам болушу жетиштүү. Эгер, мындай ыктымалдуулук бар деп эске алган учурда да, ал өз аймагына чектелет. Бул жерде бардык иш дыкаттык менен көзөмөлгө алынышы шарт. Ыктымалдуулук күчтүү болгон учурда да жума намазын же жамаат намазын жокко чыгара албайт. Балким, бардык этияттык жана сактануу чараларын ишке ашыруу, сактануу менен жума окулат. Сактануу дегени фарзды таштоо дегенди билдирбейт. Балким, жугуштуу илдеттен баардык этияттык, сактануу иш чараларын ишке салуу менен оорулуу адамдардын келишине тыйуу салуу аркылуу жума окулат.

Бул маселе боюнча басымдуу туура чечим: эгер, мамлекет жогоруда көрсөтүлгөндөй, жайылып кетиши мүмкүн болгон илдетти алдын ала турган текшерүү, сактануу жаатында күч аракетин жумшабастан туруп мечиттерди жапса, адамдарга жумага жана жамаат үчүн мечиттерге баруусуна жол бербесе, анда, мамлекет жума жана жамаат намаздарынан тоскондугу үчүн чоң күнөөкөр болуп саналат.

Жыйынтыктап айтканда, мусулман өлкөлөрүндөгү акимдер колонизатор динсиздердин кадамдары артынан кадамдап жүрүшкөндүктөрү чынында абдан кейиштүү. Эгер, бул өлкөлөр белгилүү бир ооруну дарылоодо кыйналып жатышса, алар алардын артынан ээрчишти. Эгер, алар теңсиз болгон бир чечим сунушташса да, мусулман өлкөлөрүндөгү акимдер аны кол чаап колдоп, туура чечим деп эсептешти. Таажы-19 вирусу өлкөлөрдү сенектик абалга кептеп, жалпы коомдук турмушту токтотуп койуу абалына кептегени аянычтуу көрүнүш. Мусулман өлкөлөрү буга окшогондун бир далайын башынан өткөргөн. Мусулмандар хижранын 18-жылы Шамда Румга каршы согуш алып барып жатканда кара тумоо капташына дуушар болгон... Ушул сыяктуу эле, алтынчы кылымдын ортосунда «Шакфа» деген балээге кабылган жана ал азыр «Аль-Джамра» деп аталат. Ал оору Шамдан Мароккого чейин созулган жана ал азыр Staph бактериялары аталышындагы тери инфекциясы кесепетинен пайда болгон жара болуп

эсептелет. Ошондой эле, хижрий 8-кылымдын орто ченинде (хижрий 749-жылы) Дамаскта мусулмандар «улуу чума» деп аталган нерсе дуушар болгон, ушул учурлардын бардыгында мечиттер жабылган эмес жана жума, жамаат намаздары токтотулган эмес. Ошондой эле, адамдарды үйүнө камаган эмес. Балким, оорулуу адамды обочолонтуп, дени сак адамдар жихадды жана өз иштерин улантып, мечитерге барып Аллахтан бул оорудан арылтуу үчүн дуа кылышкан. Бул нерсе алар оорулууларды дарылап, аларга кам көргөндөн кийинки кадамдары болгон, бул анык акыйкат.

﴿فَمَاذَا بَعْدَ الْحَقِّ إِلَّا الضَّلَالُ﴾

*«Акыйкаттан кийин бир гана адашуу бар»* [Юнус:32]

8-шаъбан, 1441-х.
26-март, 2020-м.

## Коронавируска каршы эмдөө жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух...

Амирибиз, Аллах сизге береке берип, Өз нусраты менен сыйласын. Ал сизди ачык-айкын фатх о.э. момундардын жүрөгүн кадыржам кыла турган Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык менен колдоп-кубаттасын.

Мен бүгүнкү күндө мамлекеттер өз калктарын коронавируска каршы эмдөөдөн өткөрүүнү баштаган жаңы түрдөгү вакциналар туурасында суроо бермекчимин. Белгилүү болгондой, социалдык тармактарда вакцинанын кооптуу экени жана адамзатка каршы капитализмдин фитнасынан башка нерсе эместиги тууралуу ар түркүн кеп-сөздөр айтылууда. Мунун натыйжасында көпчүлүк адамдар вакцина алуудан коркуп калышкан. Биз жакшы билгендей, шыфаа жалгыз Аллахтын колунда жана ар бир нерсе үчүн убакыт белгиленген. Биз даъватты көтөрүп чыгып жаткан адамдар катары, вакцинанын түпкү чындыгын билмекчибиз. Т.а. эпидемия жайылган шартта вакцина алуу шаръий түрдө важиб болобу?

Аллах сизге береке берсин.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Өзүңүзгө белгилүү болгондой, биз дарылануу жөнүндө суроо-жооп баракчасын жарыялап, ушуларды баса белгилеген элек:

– Эгер дарыда зыян болсо, анда ушул:

(لاَ ضَرَرَ وَلاَ ضِرَارَ)

«Зыян көрүү да, зыян жеткирүү да жок» деген хадиске ылайык, андай дары харам болуп эсептелет.

– Ал эми, дарыда зыян болбосо, бирок, ага харам же нажас заттар кошулган болсо, ал макрух өкүмүндө болот. Т.а. ал харам деп эсептелбейт, балким, оорулуу мубах дарыны таба албаса, ошол дарыны колдонушу макрухтук менен жаиз болот.

– Ал эми, дарыда зыян болбосо жана анын курамында харам же нажас заттар да болбосо, ал мандуб болуп эсептелет...

Мен сизге ошол суроо-жооп баракчабыздын керектүү жайларынан цитата келтиремин:

Биринчи: харам жана нажастан пайдалануу, алар менен дарылануу тууарсындагы 2011-жылы 26-январда басылып чыккан суроо-жоопто төмөнкүдөй келет:

«... 3 – Харам нерселер менен дарылануу мустасна (исключение) кылынат. Себеби, харам жана нажас менен дарылануу харам эмес:

– Харам нерсе менен дарылануунун харам эместигине имам Муслимдин Анас розияллаху анхудан риваят кылган ушул хадиси далил:

«رَخَّصَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ أَوْ رُخِّصَ لِلزُّبَيْرِ بْنِ الْعَوَّامِ وَعَبْدِ الرَّحْمَنِ بْنِ عَوْفٍ فِي لُبْسِ الْحَرِيرِ لِحِكَّةٍ كَانَتْ بِهِمَا»

«Расулуллах ﷺ Зубайр ибн Авам жана Абдуррахман ибн Авфка жибек кийим кийүүлөрүнө уруксат берди. Себеби, алар котур оорусу менен оорушкан эле». Белгилүү болгондой, жибек кийим кийүү эркектерге харам, бирок, дарылануу үчүн жаиз болду.

– Нажас нерсе менен дарылануунун харам эместигине имам Бухарийдин Анас розияллаху анхудан риваят кылган төмөндөгү хадиси далил:

«أَنَّ نَاسًا اجْتَوَوْا فِي الْمَدِينَةِ فَأَمَرَهُمُ النَّبِيُّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ أَنْ يَلْحَقُوا بِرَاعِيهِ يَعْنِي الْإِبِلَ فَيَشْرَبُوا مِنْ أَلْبَانِهَا وَأَبْوَالِهَا فَلَحِقُوا بِرَاعِيهِ فَشَرِبُوا مِنْ أَلْبَانِهَا وَأَبْوَالِهَا»

«Мадинага келген кээ бир адамдарга ал жердин абасы жакпай, ооруп калышты. Ошондо Набий ﷺ аларды төөлөрдү баккан малчыга барып, төөнүн сүтүн жана сийдигинен ичүүнү буйруду. Алар барып, төөнүн сүтү жана сийдигин ичишти...». Хадистеги «اجْتَوَوْا» сөзү Мадинанын абасы аларга жакпай, ооруп калышты, дегени. Ошондо Расулуллах ﷺ аларды сийдик т.а. нажас менен дарыланууга буюрду...». (Цитата бүттү).

Экинчи: 2013-жылы 19-сентябрдагы суроо-жооп баракчабызда минтип келет:

«... Мунун жообу ушул – мас кылуучу ичимдикти о.э. спирт кошулган нерсени дары катары колдонуунун өкүмү макрухтук менен жаиз болот:

Ибн Мажа Тарик ибн Сувайд Хазрамий аркылуу иштеп чыккан хадисте мындай делет:

«قُلْتُ يَا رَسُولَ اللَّهِ إِنَّ بِأَرْضِنَا أَعْنَابًا نَعْتَصِرُهَا فَنَشْرَبُ مِنْهَا قَالَ لَا فَرَاجَعْتُهُ قُلْتُ إِنَّا نَسْتَشْفِي بِهِ لِلْمَرِيضِ قَالَ إِنَّ ذَلِكَ لَيْسَ بِشِفَاءٍ وَلَكِنَّهُ دَاءٌ»

«Мен: «Я Расулуллах, биздин жерлерде жүзүм бар, аны сыгып, кийин ичебиз, (бул жаизби)?», - деп сураган элем: «Жок», - деди. Ошондо мен кайра дагы: «Аны менен оорулууну дарыласакчы?», - деп сурадым. Ал: «Ал дабаа эмес, балким, оору», - деди». Бул риваятта нажасты же харам нерсени (т.а. хамрды) дабаа катары колдонуудан кайтарылды. Бирок, Расулуллах ﷺ нажас (т.а. төөнүн сийдиги) менен дарыланууга уруксат берди. Бухарий Анас розияллаху анху аркылуу риваят кылат:

«أَنَّ نَاسًا مِنْ عُرَيْنَةَ اجْتَوَوُا الْمَدِينَةَ فَرَخَّصَ لَهُمْ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ أَنْ يَأْتُوا إِبِلَ الصَّدَقَةِ فَيَشْرَبُوا مِنْ أَلْبَانِهَا وَأَبْوَالِهَا»

«Урайна уруусунан болгон айрым адамдарга Мадинанын абасы жакпай, ооруп калышты. Ошондо Расулуллах ﷺ аларды зекет катары берилген төө үйүрүнө барып, төөнүн сүтүн жана сийдигин ичүүгө уруксат берди». Хадистеги «اجْتَوَوْا» сөзү Мадинанын абасы аларга жакпай, ооруп калышты, дегенди билдирет. Ошондо Расулуллах ﷺ төөнүн сийдигинен т.а. нажастан дарыланууга уруксат берген. О.э. Расулуллах ﷺ харам нерсе т.а. жибек кийим кийүү менен дарыланууга да

урухсат берген. Имам Тирмизий жана имам Ахмад Анас аркылуу ушул риваятты иштеп чыккан (сөзү Тирмизийдики):

«أَنَّ عَبْدَ الرَّحْمَنِ بْنَ عَوْفٍ وَالزُّبَيْرَ بْنَ الْعَوَّامِ شَكَيَا الْقَمْلَ إِلَى النَّبِيِّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فِي غَزَاةٍ لَهُمَا فَرَخَّصَ لَهُمَا فِي قُمُصِ الْحَرِيرِ. قَالَ: وَرَأَيْتُهُ عَلَيْهِمَا»

«Абдуррахман ибн Авф менен Зубайр ибн Авам казаттардын биринде Набий ﷺга барып котурдан кыйналып жатышканын айтышты. Ошондо ал экөөсүнө жибек көйнөк кийүүгө урухсат берди. Мен кийин экөөсү жибек кийим кийишкенин көрдүм». Ибн Мажанын хадисинде келген кайтаруу (тыюу салуу) катъий эместигине т.а. нажас жана харам нерсе менен дарылануу макрух экенине ушул эки хадис карина болот». (Цитата бүттү).

Үчүнчү: эмдөө жана анын шаръий өкүмү жөнүндөгү 2013-жылы 18-ноябрда чыккан суроо-жооп баракчабызда минтип келген:

«Эмдөө – дарылануу. Дарылануу болсо фарз эмес, мандуб болот. Мунун далилдери:

1 – Имам Бухарий Абу Хурайрадан риваят кылат: Расулуллах ﷺ айтат:

«مَا أَنْزَلَ اللَّهُ دَاءً إِلاَّ أَنْزَلَ لَهُ شِفَاءً»

«Аллах бирер дартты түшүргөн болсо, албетте анын шыфаасын да түшүргөн».

Имам Муслим Жабир ибн Абдуллахтан риваят кылат: Набий ﷺ айтты:

«لِكُلِّ دَاءٍ دَوَاءٌ، فَإِذَا أُصِيبَ دَوَاءُ الدَّاءِ بَرَأَ بِإِذْنِ اللَّهِ عَزَّ وَجَلَّ»

«Ар бир дарттын дабаасы бар, анан, качан дабалануу ооруга туура келсе, Аллах Азза ва Жалланын изни менен айыгып кетет». Имам Ахмад өз Муснадында Абдуллах ибн Масъуддан риваят кылат:

«مَا أَنْزَلَ اللَّهُ دَاءً، إِلاَّ قَدْ أَنْزَلَ لَهُ شِفَاءً، عَلِمَهُ مَنْ عَلِمَهُ، وَجَهِلَهُ مَنْ جَهِلَهُ»

«Аллах бирер дартты түшүргөн болсо, албетте анын дабаасын да түшүргөн, аны билген билет, билбеген билбейт».

Ушул хадистерде ар бир дарттын шыфаа боло турган дабаасы бар экенине жолдомо берилген. Бул жерде Аллах Субханахунун изни менен, дарттын шыфаасына алып бара турган дары-дармектерди табуу үчүн аракет кылууга үндөлүп жатат. Бул чакырык андан башка нерсеге далалат кылбайт т.а. үндөө боюнча калат жана милдеттүү көрүнүшкө ээ эмес, важиб эмес.

2 – Имам Ахмад Анастан риваят кылат: Расулуллах ﷺ айтты:

«إِنَّ اللَّهَ حَيْثُ خَلَقَ الدَّاءَ، خَلَقَ الدَّوَاءَ، فَتَدَاوَوْا»

«Аллах дартты да, дабаасын да жаратты, ошондуктан, дарылангыла». Абу Давуд Усама ибн Шариктен риваят кылат: Мен Набий ﷺдын жана сахабаларынын алдына бардым, алар кудум башына куш конуп алгандай унчукпай олтурушкан экен. Мен салам берип, отурдум. Ошондо ар тараптардан бадавийлер келип: «Я Расулуллах, дарылансак болобу?», - деп сураштьі. Ал мындай деди:

«تَدَاوَوْا فَإِنَّ اللَّهَ عَزَّ وَجَلَّ لَمْ يَضَعْ دَاءً إِلاَّ وَضَعَ لَهُ دَوَاءً، غَيْرَ دَاءٍ وَاحِدٍ الْهَرَمُ»

«Дарылангыла, себеби, Аллах Азза ва Жалла эч бир дартты дабаасыз калтырбаган. Бирок, бир дарттын – өлүмдүн дабаасы жок».

Мурунку хадисте ал дарылануугa буйруду, бул хадисте болсо, бадавийлердин суроосуна жооп берип, Аллах дартты берген болсо, албетте анын дабаасын да жаратканын айтуу менен пенделерге дарылануугa хитаб кылды. Эки хадисте тең хитаб буйрук түрүндө келип, буйрук мутлак талапты түшүндүрөт, бирок, важибдикти билдирбейт. Важибдикти билдириши үчүн буйрук катъий болушу керек, ал эми, катъийлик үчүн ага далалат кылган карина зарыл жана эки хадисте тең важибдикке далалат кылган карина жок. Мындан тышкары, жогорудагы эки хадистен важибдик маанисин алып салган дарылануунu таштоо жайиз экенин билдирген хадистер да келген. Мисалы, имам Муслим Имран ибн Хусайндан риваят кылат: Набий ﷺ айтты:

«يَدْخُلُ الْجَنَّةَ مِنْ أُمَّتِي سَبْعُونَ أَلْفًا بِغَيْرِ حِسَابٍ، قَالُوا: وَمَنْ هُمْ يَا رَسُولَ اللَّهِ؟ قَالَ: هُمُ الَّذِينَ لاَ يَكْتَوُونَ وَلاَ يَسْتَرْقُونَ، وَعَلَى رَبِّهِمْ يَتَوَكَّلُونَ»

«Бейишке Умматымдын жетимиш миңи эсеп-китепсиз кирет». «Алар кимдер, я Расулуллах?», - деп сурашты. «Алар күйдүрмө да, рукя да кылбай, Роббисине тобокел кылган кишилер», - деп жооп берди». Күйдүрмө жана рукя кылуу дарылануугa кирет. Имам Бухарий Ибн Аббастан риваят кылат: «… Бул кара терилүү аял Набий ﷺдын алдына барып: «Менин талмам бар, талмам тутканда ачылып калам, менин акыма Аллахка дуа кылыңыз», - деди. Набий ﷺ:

«إِنْ شِئْتِ صَبَرْتِ وَلَكِ الجَنَّةُ، وَإِنْ شِئْتِ دَعَوْتُ اللَّهَ أَنْ يُعَافِيَكِ»

«Эгер, кааласаң сабыр кыл жана сага бейиш болот, эгер кааласаң сага шыфаа беришин сурап Аллахка дуа кылайын», деди. Ошондо ал аял: «Сабыр кыламын, болгону мен талмам тутканда ачылып калам, Аллахка ачылып калбашымды сурап дуа кылыңыз», - деди. Набий ﷺ ал аялга дуа кылды». Ушул эки хадис дарылануунu таштоо жайиздигине далалат кылат.

Жогоруда айтылгандар хадистердеги «تَدَاوَوْا», «فَتَدَاوَوْا» «дарылангыла» деген сөз важибдикке далалат кылбастыгын көрсөтүүдө. Демек, бул жердеги буйрук мубахтыкка же мандубдукка далалат кылат. Расулуллах ﷺ дарылануугa үндөөсү катуу болгондуктан, хадистерде келген дарылануу жөнүндөгү буйрук мандубдукту билдирет.

Ушуга ылайык, эмдөөнүн өкүмү мандуб, себеби, эмдөө – дабаа, дарылануу болсо мандуб. Бирок, эмдөөнүн белгилүү бир түрү зыяндуу экени далилденсе, Расулуллах ﷺдын төмөнкү хадисинен алынган зыян туурасындагы коидага ылайык, мындай эмдөө харам болот: Имам Ахмад өз Муснадында Ибн Аббастан риваят кылат, Расулуллах ﷺ айтты:

«لاَ ضَرَرَ وَلاَ ضِرَارَ»

«Зыян көрүү да, зыян жеткирүү да жок». Бирок, вакциналарга байланыштуу мындай абалдар сейрек кездешет.

Халифалык мамлекети жөнүндө айтсак, ал элди негизинен жугуштуу жана ушуга окшогон ооруларга гана каршы эмдейт. Препарат да эч бир кемчилдиги жок, жогору сапаттуу болот. Лекин, ушуну унутпашыбыз керек, жалгыз Аллах Субханаху гана шыфаа берүүчү:

﴿وَإِذَا مَرِضْتُ فَهُوَ يَشْفِينِ﴾

*«Кесел болгонумда Өзү шыфаа берет»* [26:80]

Саламаттыкты сактоого көңүл буруу халифанын важиб вазыйфаларынан экендиги шариятта ачык-айкын көрсөтүлгөн. Расулуллах ﷺдын:

«الإِمَامُ رَاعٍ وَهُوَ وَمَسْؤُولٌ عَنْ رَعِيَّتِهِ»

«Имам-халифа – башкаруучу жана ал өзүнүн кол астындагыларга жоопкер» (Имам Бухарий Абдуллах ибн Умардан риваят кылган) деген хадисине ылайык, бул вазыйфа элге камкордук көрүү бабына кирет. Ушул нусус умумий болуп, саламаттыкты сактоо жана медицина тармагы элге камкордук көрсөтүү бабынан эсептелгендиктен, бул тармактагы жоопкерчилик мамлекетке милдеттүү экенин жана мамлекеттин важиб вазыйфаларынын бири болуп эсептелерин түшүндүрөт.

Андан тышкары, саламаттыкты сактоого жана дарылануууга таандык бир канча хос далилдер да бар:

Имам Муслим Жабирден риваят кылат:

«بَعَثَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ إِلَى أُبَيِّ بْنِ كَعْبٍ طَبِيباً فَقَطَعَ مِنْهُ عِرْقاً ثُمَّ كَوَاهُ عَلَيْهِ»

«Расулуллах ﷺ Убай ибн Каъбга табиб жиберди, табиб анын тамырып кесип, кийин күйдүрдү».

Хаким Мустадракта Зайд ибн Асламдан, ал атасынан риваят кылат:

«مَرِضْتُ فِي زَمَانِ عُمَرَ بْنَ الْخَطَّابِ مَرَضاً شَدِيداً فَدَعَا لِي عُمَرُ طَبِيباً فَحَمَانِي حَتَّى كُنْتُ أَمُصُّ النَّوَاةَ مِنْ شِدَّةِ الْحِمْيَةِ»

«Мен Умар ибн Хаттабдын халифалыгы учурунда катуу ооруп калдым. Умар мага табиб жөнөттү. Ошондо табиб мени ушундай бир диетага салды, мен анын катаалдыгынан (курма) данегин соруп жүрчүм».

Бул хадистерде Расулуллах ﷺ мамлекет акими катары Убайга табиб жиберди, экинчи рошид халифа Умар да Асламды дарылоо үчүн табиб жиберди. Бул эки риваят медицина жана дарылоо жарандын негизги муктаждыктарынан экенине далалат кылып, мамлекет жарандардын бул муктаждыгын акысыз камсыздайт]. (Суроо-жооптордон алынган цитаталар бүттү).

Корутунду:

1 – Эмдөөнүн өкүмү фарз эмес, мандуб болот.

2 – Эгер анын курамында зыяндуу нерселер болсо харам.

3 – Эгер курамында зыян жок болсо, бирок, нажас жана харам нерселер болсо, макрухтук менен жаиз. Т.а. харам болбойт, макрух болот.

4 – Ушуга ылайык, мусулман оорулуу алгач мубах дарыны издеши керек. Эгер таба албаса, макрух дарыны колдонушу жаиз болот.

5 – Эми, жогоруда айтылгандарга ылайык, сиздин суроонуздун жообу төмөнкүдөй болот:

Курамында харам же нажас заттар болгон вакциналар менен эмдөө макрухтук менен жаиз. Себеби, эмдөө дарылануу бабына кирет. Харам жана нажас нерселер менен дарылануу болсо, жогоруда баян кылынгандай, макрухтук менен жаиз. Бирок, эгер аларда зыян бар экендиги аныкталса, анда, жаиз болбойт.

Мен коронавирус вакцинасында зыян жана азар бар экендиги тууурасында дагы эле бирер катъий фикирге келбедим. Ушул себептен улам, бул нерсени жигит жана кыздарыбыздын өздөрүнө калтырамын. Алар жогоруда баяндалган нерселерге ылайык, жүрөктөрү кадыржам болуп, туура деп билген нерсеге чечим кылышсын. Аллах Субханахудан бизди жана бардык мусулмандарды ар түрдүү оорулардан сакташын сурайбыз. Ал Угуучу жана Кабыл алуучу.

Вассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

# Жаза-чара

## Дияны (кун акча) күмүш менен белгилөө тууурасында

**Суроо**: жигиттерибиздин бири адамдарга жеңил болушу үчүн дияны (кун акча) күмүш менен (12000 дирхам) өкүм кылмакчы. Адамдар күмүштү сатып албай жатышкан, диялар жана махрларда аны менен мамиле кылбай жатышкан, аны байлык кылып чогултушпай жаткан болсо, бир аз зийнат үчүн гана сатып алып жатышкан болсо, күмүш дия менен өкүм кылуу жайиз болобу? Белгилүү болгондой, факихтер дияны төө менен мамиле кылуучуларга төө, алтын менен мамиле кылуучуларга алтын, күмүш менен мамиле кылуучуларга күмүш менен белгилеген. Ушуну түшүндүрүп берсеңиз. Аллах силерди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп**: дия – төө менен мамиле кылуучуларга жүз төө, алтын менен мамиле кылуучуларга миң динар, күмүш менен мамиле кылуучуларга он эки миң дирхам.

Бирок, азыркы кагаз акча алтын менен да, күмүш менен да камсыздалбаган. Демек, ал алтын ээлерине да, күмүш ээлерине да туура келбейт.

Ал далилден истинбат кылынган иллет «акчалык сыпаты» бар экенине киястап акча деп эсептелген. Бул «Малдар» китебинде жана башка китептерибизде анык түшүндүрүлгөн.

Бул кагаз акчалардын диялардагы этибары ушул маселдеги ижтихадга байланыштуу. Менин райымда, билбей каталык кылып өлтүрүп коюу диясынын көлөмүн күмүш менен баалоонун зыяны жок. Себеби, каталык кылып өлтүрүп койду деп назарга алынган киши күнөө кылган болбойт, ошондуктан, ал арам ишти кылып койгону үчүн эмес, Аллах биле турган бир хикмат үчүн дия берилет. Ошондуктан, каталык кылып өлтүрүп коюу диясын төлөөдө эки хаддын жеңили өлтүргөн катылдын арам ишти кылбаганына ылайык келет.

Ал эми, атайын өлтүрүү диясында менин райым дияны алтын менен баалоого туура келет. Себеби, атайын өлтүргөн катыл арам иш кылган болот. Демек, ага жеңилдик кылуу ылайык келбейт, тескерисинче, ага эки хаддын эң оору ылайык келет.

Ал эми, эгер бул кагаз акчалар алтын же күмүштүн ордун басса, анда, бул акчалардын ээсине ушул акчанын ордун баскан кенге ылайык мамиле кылынат (т.а. эгер акча алтын менен кубатталган болсо, дия алтында, эгер күмүш менен кубатталган болсо, дия күмүштө белгиленет).

Мен Аллах Субханахудан бул жаатта туура райды тандагандардан болушумду сурап каламын.

16-рамазан, 1433-х.

4-август, 2012-м.

## Жихадий жамааттардын же жеке адамдардын Аллахтын хаддарын колдонуусу тууралуу

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Исламий Халифалык мамлекети жок болгон убакта бирер жихадий жамаат же жеке адамдар Аллахтын жаза-хаддарын колдонушу шаръий түрдө жайизби? Аллах сизге береке жана жардам берсин.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Шаръий хужжат сабит болгондон кийин казылык өкүмү менен жаза-хад колдонулат. Казылык – бирер өкүмдү мажбурлоо аркылуу кабар кылуу. Мажбурлоо араздашканды өкүмгө мажбурлай турган бир кубаттын бар болушун түшүндүрөт. Бул кубат болсо султан т.а. Аллахтын шариятын жүзөгө чыгара турган жана мусулмандарды ушул өкүмдөргө мажбурлай турган аким. Демек, жаза-хаддар Аллахтын шариятын жүзөгө чыгара турган акимсиз эч качан колдонулбайт. Мунун далилдери ушулар:

1) Мужмал (тафсилатсыз) далилдер:

Аллах Субханаху айтат:

﴿ٱلزَّانِيَةُ وَٱلزَّانِى فَٱجْلِدُواْ كُلَّ وَٰحِدٍ مِّنْهُمَا مِاْئَةَ جَلْدَةٍ﴾

*«Зинакер аял жана зинакер эркектин ар бирин жүз даррадан ургула»* [24:2]

﴿وَٱلسَّارِقُ وَٱلسَّارِقَةُ فَٱقْطَعُوٓاْ أَيْدِيَهُمَا جَزَآءًۢ بِمَا كَسَبَا نَكَٰلًا مِّنَ ٱللَّهِ ۗ وَٱللَّهُ عَزِيزٌ حَكِيمٌ﴾

*«Ууру эркекти да, ууру аялды да кылмыштарына жаза болсун үчүн, Аллах тарабынан азап болсун үчүн колдорун кескиле, Аллах кудурет жана хикмат ээси»* [5:38]

﴿وَٱلَّذِينَ يَرْمُونَ ٱلْمُحْصَنَٰتِ ثُمَّ لَمْ يَأْتُواْ بِأَرْبَعَةِ شُهَدَآءَ فَٱجْلِدُوهُمْ ثَمَٰنِينَ جَلْدَةً﴾

*«Пакиза аялдарды (зинакер) деп жаманатты кылып, кийин төрт күбө келтире албаган адамдарга сексен дарра ургула»* [24:4]

Бухарий Ибн Аббастан риваят кылат, Набий ﷺ мындай деди:

«مَنْ بَدَّلَ دِينَهُ فَاقْتُلُوهُ»

«Ким динин алмаштырса, анда, аны өлтүргүлө».

Муслим Убада ибн Сомиттен риваят кылат, Расулуллах ﷺ мындай деди:

«خُذُوا عَنِّي، خُذُوا عَنِّي، قَدْ جَعَلَ اللَّهُ لَهُنَّ سَبِيلًا، الْبِكْرُ بِالْبِكْرِ جَلْدُ مِائَةٍ وَنَفْيُ سَنَةٍ، وَالثَّيِّبُ بِالثَّيِّبِ جَلْدُ مِائَةٍ، وَالرَّجْمُ»

«(Жаза-хаддарды) менден алгыла, менден алгыла, албетте Аллах (зина кылган) аялдарга бир жол көрсөттү. Турмуш курбаган эркек жана аял (зина кылса) жүз дарра урулат жана бир жылга сүргүн кылынат, турмуш курган эркек жана аял (зина кылса) жүз дарра урулат жана ташбараң кылынат».

Тирмизий «Сунан»ында Абу Салихтен, ал Муавиядан риваят кылат, Расулуллах ﷺ мындай деди:

«مَنْ شَرِبَ الْخَمْرَ فَاجْلِدُوهُ...»

«Ким хамр ичсе, аны дарралагыла…».

Бул мужмал далилдер хаддар жана жазаларды колдонууну важиб кылды (дарра ургула, кескиле, өлтүргүлө, жүз дарра жана ташбараң), бирок, бул жазаларды ким колдонушун жана кандай колдонулушун баян кылбады. Усул илими боюнча, мужмал далилдер баянга (түшүндүрмөгө) муктаж болуп, ушул түшүндүрмөгө ылайык аларга амал кылынат. Расулуллах ﷺ хадиси шарифтерде ушул мужмалдыкты түшүндүрүп берди. О.э. хулафаи рошидиндер доорундагы сахабалар ؓ ижмасы да – шаръий нусустарда баян кылынгандай – жазаларды аким колдонушун ачык-айкын баян кылды. Мужмал нусустарды баян кылган далилдердин айрымдары ушулар:

а) Аллах Субханаху айтат:

﴿وَأَنِ ٱحْكُم بَيْنَهُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ وَلَا تَتَّبِعْ أَهْوَآءَهُمْ وَٱحْذَرْهُمْ أَن يَفْتِنُوكَ عَنۢ بَعْضِ مَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ إِلَيْكَ ۖ فَإِن تَوَلَّوْا۟ فَٱعْلَمْ أَنَّمَا يُرِيدُ ٱللَّهُ أَن يُصِيبَهُم بِبَعْضِ ذُنُوبِهِمْ ۗ وَإِنَّ كَثِيرًا مِّنَ ٱلنَّاسِ لَفَٰسِقُونَ﴾

*«Алардын ортосунда Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын, алардын көңүлү каалаган нерселерге ээрчибе жана Аллах сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени фитнага салып коюуларынан этият бол, эгер баш тартышса, билип кой, Аллах аларга айрым күнөөлөрү себептүү мусийбат жеткирүүнү каалоодо, албетте, алардын көпчүлүгү фасыктар»* [5:49]

Бул жана ушул темадагы башка көптөгөн аят карималар өкүмдөрдү аткарууга Расулуллах ﷺ мукаллаф экенин (буйрулганын) баян кылууда. Расулуллах ﷺга кылынган хитаб ал кишиден кийин келе турган Ислам менен өкүм жүргүзө турган ар бир акимге кылынган хитаб болуп эсептелет. Себеби, усул коидасында Расулуллах ﷺга кылынган хитаб ал кишинин Үммөтүнө дал ошол жосунда кылынган хитаб экени айтылган. Мындан улам, хитаб өкүм темасында болсо жана ал кишиге хостоочу далил келбеген болсо, бул хитаб ал кишиден кийинки халифаларга

кылынган хитаб болот. Бул жерде хостоочу далил келбеген, демек, өкүмдөрдү Ислам менен өкүм жүргүзгөн аким колдонот.

б) О.э. хад шарт болгон кылмышты жасаган кишиге хадды колдонуу үчүн ал Расулуллах ﷺдын алдына алып келинген, бул жөнүндө бир нече хадиси шарифтер бар:

Муслим Анас ибн Маликтен риваят кылат: «Набий ﷺдын алдына хамр ичкен бир иши алынып келинди, ошондо аны эки курма бутагы менен кыркка жакын дарра урду». Анас ибн Малик айтат: Абу Бакр да ушундай кылган, Умар халифа болгон соң, бул туурасында адамдардан кеңеш сурады. Ошондо Абдуррахман: Жаза-хаддардын эң жеңили сексен дарра, деди, Умар ушуга буюрду. Набий ﷺдын сахабалары жана башка аалымдардын райы боюнча ушуга амал кылынат.

Байхакий Абу Хурайрадан жана Зайд ибн Халидден риваят кылат, бир киши уулу бирөөнүн аялы менен зина кылып койгонун айтты, ошондо Расулуллах ﷺ:

«لَأَقْضِيَنَّ بَيْنَكُمَا بِكِتَابِ اللَّهِ»

«Экөөңөрдүн ортоңордо Аллахтын Китеби менен өкүм кыламын», деп, уулуна жүз дарра урууга жана бир жылга сүргүн кылууга буюрду. Кийин Унайсты эртеси күнү аялдын алдына барып, эгер (зина кылганын) моюнга алса ташбараң кылууга буюрду. Аял моюнга алды жана Унайс аны ташбараң кылды.

Байхакий «Сунани сагир»де Абу Зубайрдан, ал Жабирден риваят кылат: «Бир киши бир аял менен зина кылып койду, бирок, анын турмуш кургандыгы аныкталбады жана ал дарраланды, кийин турмуш курганы белгилүү болгондо ташбараң кылынды». Насаий да ушуга окшогон риваят келтирген.

Абу Давуд «Сунан»ында Сафван ибн Умайядан риваят кылат, Сафван айтат: «Мен мечитте уктап жаткан элем, үстүмдө отуз дирхам турган кийимим бар эле. Ошондо бир киши келип, аны менден уурдап алды, кийин ал кармалды жана Расулуллах ﷺдын алдына алынып келинди, ал киши анын колун кесүүгө буюрду. Ровий айтат: Ошондо мен келип: Отуз дирхамды деп колун кесесизби, мен кийимимди ага насыяга сатсамчы? – деп сурадым. Ал киши: «Аны мага алып келишиңизден мурун ушундай кылбайт белең», - деди. Дарикутнийдин Амр ибн Шуайбдан, ал атасынан кылган риваятында Расулуллах ﷺ мындай дейт:

«اشْفَعُوا مَا لَمْ يَتَّصِلْ إِلَى الْوَالِي، فَإِذَا أُوصِلَ إِلَى الْوَالِي فَعَفَا فَلَا عَفَا اللَّهُ عَنْهُ»

«Ырас, иш валийге жеткирилбеген болсо ортого түшсөңөр болот, эми, эгер иш валийге жеткирилген болсо, валий аны кечирсе, Аллах аны кечирбейт». Кийин анын колун муунунан кесүүгө буюрду.

в) О.э. хулафаи рошидиндер заманында да хад шарт болгон кылмышты жасаган кишиге хадды колдонуу үчүн ал халифанын же орун

басарларынын алдына алынып келинген. Бул туурасында бир нече окуялар бар, алардын айрымдары ушулар:

Абу Давуд Тиялисий «Муснад»ында Хузайн Абу Сасан Ракашийден риваят кылат: «Мен Усман ибн Аффан ﵁нун алдына барган элем, Валид ибн Укба алынып келинди. Ал хамр ичкен экен, буга Хумрон ибн Абан жана дагы бир киши күбөлүк берди. Ошондо Усман Алиге: «Ага хадды колдонгула, деди».

Имам Ахмад «Муснад»ында Абдуллах ибн Кайстан (Абу Муса Ашъарийден) риваят кылат: «Расулуллах ﷺ аны Яманга валий кылып жөнөттү, кийин анын артынан Муаз ибн Жабалды жөнөттү. Муаз жетип барган соң, Абдуллах ага: Олтуруңуз, деп ага жаздык койду. Муаз Абдуллахтын алдында байлап коюлган кишини көрүп: Бул ким? – деп сурады. Абдуллах: Ал яхудий эле, Исламга кирди, кийин дагы өзүнүн эски манфур динине кайтып яхудий болду, деп жооп берди. Ошондо Муаз үч жолу: Мен Аллах жана Расулунун өкүмү аткарылып, ал өлтүрүлмөйүнчө олтурбаймын, деди».

Муртаддар зекетти четке кагышканда Абу Бакр ﵁ аларга каршы согушту. Ибн Хиббан «Сахих»инде Абу Хуайрадан риваят кылат: Расулуллах ﷺ дүйнөдөн кайтып, ордуна Абу Бакр халифа болуп, айрым арабдар кафир болгондо Абу Бакр аларга каршы согушту жана мындай деди: «Аллахка ант болсун, намаз менен зекеттин ортосун бөлгөн ар бир кимсеге каршы албетте согушамын, себеби, зекет малдын акысы, Аллахка ант болсун, эгер алар Расулуллах ﷺга төлөп келишкен музоону төлөөдөн баш тартышса да, бул үчүн аларга каршы согушамын».

Корутундулап айтсак, усул коидаларына ылайык, хос умумдан үстөм, мукайяд мутлактан үстөм болгондой, ачык баян мужмал баяндан үстөм. Ошондуктан, жаза-хаддарды колдонуучу адам Ислам менен өкүм жүргүзгөн имам т.а. аким болуп эсептелет. Бул болсо – жогоруда айтып өткөнүбүздөй – Расулуллах ﵁ жана хулафаи рошидиндердин амалдарына ылайык өз тастыгын тапкан. О.э. бул, Исламий Халифалык заманында колдонулган белгилүү нерсе. Бул туурасында этибарлуу уламалардын сөздөрү да келген:

– Ибн Таймиянын ушул сөзү: «Аллах момундарга жаза-хаддар жана укуктар туурасында мутлак хитаб кылды. Мисалы:

﴿وَٱلسَّارِقُ وَٱلسَّارِقَةُ فَٱقۡطَعُوٓاْ﴾

*«Ууру эркекти да, ууру аялды да (колдорун) кескиле!»* [5:38]

Бирок, белгилүү болгондой, хитаб кылынып жаткан адам (тыңдоочу) хитабдагы буйрукту аткарууга кудуреттүү болушу шарт, аткарууга кудуретсиздерге аткаруу важиб болбойт. Ал эми, кудуреттүүлүк

султанда бар, ушул себептен улам, жаза-хаддар султанга жана анын орун басарына важиб болот».

– Имам Алауддин Касаний мындай дейт: «Анын т.а. жаза-хаддарды аткаруу шарттары… амирлик».

– Куртубий мындай дейт: «Бул маселе ...жаза-хаддар маселесинде угуучу имам жана орун басары».

– Имам Шафиий мындай дейт: «Жаза-хаддары азат адамдарга имам жана имам буюрган адамдар гана колдонот».

– Ибн Кудама мындай дейт: «Имам жана орун басарынан башка эч бир киши жаза-хаддарды ишке ашырышы жайиз эмес».

Эми, Аллахтын шариятын жүзөгө чыгарган султан жок болгон абалга келсек, Ислам менен башкара турган ушул султанды пайда кылуу үчүн олуттуу иш алып баруу бардык мусулмандарга важиб болот, бул, Китеп, Сүннөт жана сахабалар ижмасында бул жөнүндө келген көптөгөн далилдер себептүү фарз.

Китептеги далилдерден:

Аллах Таала Расулу ﷺга хитаб кылып мындай дейт:

﴿فَٱحۡكُم بَيۡنَهُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُۖ وَلَا تَتَّبِعۡ أَهۡوَآءَهُمۡ عَمَّا جَآءَكَ مِنَ ٱلۡحَقِّ﴾

*«Адамдар ортосунда Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын, өзүңө келген чындыктан жүз үйрүп, алардын көңүлү каалаган нерселерге ээрчибе»* [5:48]

﴿وَأَنِ ٱحۡكُم بَيۡنَهُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ وَلَا تَتَّبِعۡ أَهۡوَآءَهُمۡ وَٱحۡذَرۡهُمۡ أَن يَفۡتِنُوكَ عَنۢ بَعۡضِ مَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ إِلَيۡكَ﴾

*«Алардын ортосунда Аллах түшүргөн нерсе менен өкүл кылгын, алардын көңүлү каалаган нерселерге ээрчибе жана Аллах сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени фитнага салып коюуларынан этият болгун»* [5:49]

Аллахтын Өз Расулу ﷺга Аллах түшүргөн нерсе менен башкаруу туурасындагы хитабы Расулуллах ﷺдын Үммөтүнө кылынган хитаб болуп, ал заттан кийин Аллах түшүргөн нерсе менен башкара турган акимди тикелөө зарылдыгын түшүндүрөт. Хитабдагы бул буйрук катъийликти билдирет, себеби, хитаб темасы фарз, бул болсо усул илими боюнча катъийликке карина, Расулуллах ﷺдан кийин Аллах түшүргөн нерсе менен башкара турган адам болсо халифа. Ушул жактан башкаруу түзүмү – Халифалык түзүмү. Мындан тышкары, жаза-хаддарды аткаруу важиб, бул важибди болсо акимсиз аткарып болбойт, важибди аткаруу үчүн зарыл болгон нерсе да важиб т.а. шариятты аткаруучу акимди

тургузуу да важиб. Ушул жактан аким – халифа, башкаруу түзүмү – Халифалык.

Сүннөттөгү далилдерден:

Нафиъден риваят кылынат: Ибн Умар мага мындай деди: Мен Расулуллах ﷺдын мындай дегенин уктум:

«مَنْ خَلَعَ يَدًا مِنْ طَاعَةٍ لَقِيَ اللَّهَ يَوْمَ الْقِيَامَةِ لا حُجَّةَ لَهُ وَمَنْ مَاتَ وَلَيْسَ فِي عُنُقِهِ بَيْعَةٌ مَاتَ مِيتَةً جَاهِلِيَّةً»

«Кимде-ким итааттан баш тартса Кыямат күнү Аллахка хужжаты жок абалда жолугат. Кимде-ким мойнунда байъат жок абалда өлсө жахилият өлүмү менен өлүптүр» (Имам Муслим риваяты). Набий ﷺ ар бир мусулманга мойнунда байъат болушун фарз кылды жана мойнунда байъат жок абалда өлгөн адамды жахилият өлүмүндө өлүптүр деп сыпаттады. Байъат Расулуллах ﷺдан кийин халифага гана берилет, андан башкага берилбейт. Бул хадис ар бир мусулмандын мойнунда байъат болушун важиб кылып жатат т.а. ар бир бир мусулмандын мойнунда байъат болушуна акылуу болгон халифанын пайда болушун важиб кылып жатат. Муслим Аъраждан, ал Абу Хурайрадан риваят кылат: Набий ﷺ мындай деди:

«إِنَّمَا الإِمَامُ جُنَّةٌ يُقَاتَلُ مِنْ وَرَائِهِ ويُتَّقَى بِهِ»

«Албетте, имам – калкан, анын артында туруп согуш кылынат жана аны менен коргонулат». Муслим Абу Хазимден риваят кылат: Мен Абу Хурайра менен беш жыл бирге болдум жана андан Набий ﷺдын ушул сөздөрүн уктум:

«كَانَتْ بَنُو إِسْرَائِيلُ تَسُوسُهُمُ الأَنْبِيَاءِ، كُلَّمَا هَلَكَ نَبِيٌّ خَلَفَهُ نَبِيٌّ، وَإِنَّهُ لاَ نَبِيَّ بَعْدِي، وَسَتَكُونُ خُلَفَاءُ فَتَكْثُرُ، قَالُوا فَمَا تَأْمُرُنَا؟ قَالَ: فُوا بِبَيْعَةِ الأَوَّلِ فَالأَوَّلِ، وَأَعْطُوهُمْ حَقَّهُمْ، فَإِنَّ اللَّهَ سَائِلُهُمْ عَمَّا اسْتَرْعَاهُمْ»

«Бани Исраилге пайгамбарлар саясат жүргүзүшөт эле. Качан бир пайгамбар набыт болсо, артынан башка пайгамбар келчү. Менден кийин болсо пайгамбар жок. Халифалар болот жана алар көбөйүп кетет. Ошондо: Бизге эмнени буюрасыз? – дешкенде, айтты: Биринчисинин, биринчисинин гана байъатына бапаа кылгыла жана алардын акыларын бергиле, анткени, Аллах алардан жаранды кантип башкарышканы жөнүндө сурайт».

Ушул хадистерде халифа калкан т.а. коргоо деп сыпатталды. Расулуллах имамды калкан деп сыпатташы, анын бар экендигин мактаган хабар болуп, бул, талапты түшүндүрөт. Себеби, Аллахтан жана Расулунан болгон хабар каралоо мазмунунда болсо, ал таштоону талап кылуу т.а. нахий болот. Эгер, мактоо мазмунунда болсо аткарууну талап кылуу болот. Эгер, талап кылынган ишти аткаруу шаръий өкүмдүрдүн жүзөгө чыгышына алып келсе же талап кылынган ишти таштоо шаръий өкүмдүн сая кетишине алып келсе бул талап катъий талап болот. Дагы

бул хадистерде мусулмандарга жалаң гана халифалар саясат жүргүзүшү да айтылууда. Бул болсо халифаны тикелөө талап кылынат дегени. Кала берсе, Расулуллах ﷺ халифаларга моюн сунууну жана Халифалыкты талашып чатакташкан кимсени өлтүрүүнү буюрду. Бул болсо бир халифаны тикелөөнү жана Халифалыкты талашкан ар кандай кимсени өлтүрүп, Халифалыкты сактап калууну буюруу болуп эсептелет. Муслим риваят кылышынча, Набий ﷺ мындай дейт:

«وَمَنْ بَايَعَ إِمَامًا فَأَعْطَاهُ صَفْقَةَ يَدِهِ، وَثَمَرَةَ قَلْبِهِ، فَلْيُطِعْهُ إِنِ اسْتَطَاعَ. فَإِنْ جَاءَ آخَرُ يُنَازِعُهُ، فَاضْرِبُوا عُنُقَ الآخَرِ»

«Кимде-ким бир имамга байъат берип, ага колун жана жүрөк түпкүрүн берсе колунан келгенче ага итаат кылсын. Эми, эгер башка бирөө келип аны менен имамдыкты талашса, анын мойнуна ургула». Имамга моюн сунууну буюруу – имамды тикелөөнү буюруу. Аны менен чатакташкан кимсени өлтүрүүнү буюруу болсо ар дайым бир гана халифа болушу катъий буюрулганына карина болот.

Сахабалар ижмасындагы далилдерден:

Сахабалар – Аллах алардан ыраазы болсун – Расулуллах ﷺ дүйнөдөн кайткандан кийин ал кишинин халифасын тикелөө зарылдыгына ижма кылышты. Алар Абу Бакр, кийин Умар, кийин Усмандын ордуна – алардын ар бири дүйнөдөн кайткандан кийин – халифа тикелөө важибдигине ижма кылышты. Сахабалар халифаны тикелөө важибдигине катъий ижма кылышканы Расулуллах ﷺ дүйнөдөн кайткандан кийин ал кишини жерге коюуну кечиктирип, ал кишинин халифасын тикелөө менен алек болушунан жаркын көрүндү. Акыйкатта болсо, жасатты жан чыккандан кийин эле жерге коюу фарз. Расулуллах ﷺды даярдоо жана жерге коюу менен алек болушу шарт болгон сахабалардын бир бөлүгү жерге коюу менен алек болбой, халифаны тикелөө менен алек болушту. Сахабалардын калган бөлүгү болсо бул жагдайга үндөбөй турушту жана алар да жерге коюуну кечиктирүүдө шерик болушту. Негизи, алар буга каршы чыгуусу жана жерге коюу менен алек болуусу мүмкүн эле, буга чамалары жеткен. Расулуллах ﷺ дүйшөмдү күнү түштө жан берди, шейшембиге өтөр түнү да, Абу Бакрга байъат берилген шейшемби күндүзү да жерге коюлбады. Ошондон кийин шаршембиге өтөр түнү жерге коюлду. Т.а. жерге коюу эки түнгө кечикти. Расулуллах ﷺ жерге коюлушунан мурун Абу Бакрга байъат берилди. Натыйжада, бул – жасатты жерге коюудан мурун халифаны тикелөө менен алектенүүгө ижма болуп калды. Мындай абал халифаны тикелөө жасатты жерге коюудан важиб болгондо гана болот. О.э. сахабалар ؓ халифаны тикелөө важибдигине ижма кылышкан. Алар халифа болуп шайлана турган адам жөнүндө ихтилаф кылган болушса да, Расулуллах ﷺ дүйнөдөн кайтканда

да, хулафаи рошидиндердин өлүмүнөн кийин да халифаны тикелөө жөнүндө таптакыр ихтилаф кылышпады. Демек, сахабалардын ижмасы халифаны тикелөө важибдигине күчтүү жана ачык-айкын далил болот.

Ошентип, Ислам менен башкара турган аким жок убакта аны тургузууга катуу аракет кылуу бардык мусулмандар үчүн важиб. Халифанын бар болушу болсо эң улуу фарз, себеби, Роббул аламин буюрган жаза-хаддарды аткаруучу бир гана мына ушул халифа. Важибди аткаруу үчүн зарыл болгон нерсе да важиб. Өзгөчө, жаза-хаддарды колдонуу чоң фарз болуп, Үммөттүн изгилиги жана иштеринин туруктуулугу ушуну менен болот. Ибн Мажа «Сунан»ында Абу Хурайрадан риваят кылат, Расулуллах ﷺ айтты:

«حَدٌّ يُعْمَلُ بِهِ فِي الْأَرْضِ، خَيْرٌ لِأَهْلِ الْأَرْضِ مِنْ أَنْ يُمْطَرُوا أَرْبَعِينَ صَبَاحًا»

«Жер калкы үчүн жер жүзүндө колдонулган бир жаза-хад кырк күн жааган жаандан да абзел».

Сөзүмдү жыйынтыктоодон мурун туруктуу башкаруу жана мамлекет жок болгон жаңжалдашкан региондордогу мусулмандар көңүлүн алардын ортосундагы проблемаларды келишим аркылуу чечүү керектигине каратмакчымын. Бул проблемалар адамдар ортосунда дагы да орчундап кетишине жол бербей, тескерисинче, сулх аркылуу чечишсин. Өлкөдөгү уламалар, даанышмандар, ахли хал вал акд адамдарды – алардын проблемаларын чечүү үчүн – ислах кылуу (жараштыруу, оңдоп түзөө), кембагалдардын зарыл муктаждыктарын кандыруу, мазлумга акысын алып берүү үчүн аны менен бирге болуу менен алектенишсин. Ушул иштер жана адамдарды ислах кылуу туурасында көптөгөн нусустар келген. Бул нусустар акимдин бар болушу менен хостолбогон. О.э. ислах кылууда акимдин бар болушу менен белгиленбеген мутлак нусустар да келген:

﴿لَّا خَيۡرَ فِي كَثِيرٖ مِّن نَّجۡوَىٰهُمۡ إِلَّا مَنۡ أَمَرَ بِصَدَقَةٍ أَوۡ مَعۡرُوفٍ أَوۡ إِصۡلَٰحِۭ بَيۡنَ ٱلنَّاسِۚ وَمَن يَفۡعَلۡ ذَٰلِكَ ٱبۡتِغَآءَ مَرۡضَاتِ ٱللَّهِ فَسَوۡفَ نُؤۡتِيهِ أَجۡرًا عَظِيمٗا﴾

*«Алардын көп жашыруун сүйлөшүүлөрүнөн - эгерде садака берүүгө, же бирер жакшылык кылууга, же адамдар ортосун ислах кылууга ниети болбосо - эч кандай пайда жок, кимде-ким ушундай иштерди Аллахтын ыраазылыгын каалап кылса, ага улуу сыйлык беребиз»* [4:114]

﴿وَإِنِ ٱمۡرَأَةٌ خَافَتۡ مِنۢ بَعۡلِهَا نُشُوزًا أَوۡ إِعۡرَاضًا فَلَا جُنَاحَ عَلَيۡهِمَآ أَن يُصۡلِحَا بَيۡنَهُمَا صُلۡحًاۚ وَٱلصُّلۡحُ خَيۡرٌۗ وَأُحۡضِرَتِ ٱلۡأَنفُسُ ٱلشُّحَّۚ وَإِن تُحۡسِنُواْ وَتَتَّقُواْ فَإِنَّ ٱللَّهَ كَانَ بِمَا تَعۡمَلُونَ خَبِيرًا﴾

*«Эгер бирер аялды эри тарабынан көңүлсүздүк же жүз үйрүп кетүү жүз берүүсүнөн корксо, ал экөө өз ара жарашып алышса болот, ушул жарашуу жакшыраак, көңүлдөр кызганууга дайым даяр болуп турушат, эгер аялдарыңарга чырайлуу мамиле кылсаңар жана Аллахтан корксоңор, Аллах кылып жаткан (ушул) амалдарыңардан кабардар болгон Зат»* [4:128]

﴿إِنَّمَا ٱلۡمُؤۡمِنُونَ إِخۡوَةٌ فَأَصۡلِحُواْ بَيۡنَ أَخَوَيۡكُمۡۚ وَٱتَّقُواْ ٱللَّهَ لَعَلَّكُمۡ تُرۡحَمُونَ﴾

*«Шек-күмөнсүз, момундар – ага-инилер. Ошондуктан, силер эки ага-иниңердин ортосун оңдоп койгула! Аллахтан корккула, балким, Ал Зат тарабынан боло турган рахматка жетишерсиңер»*

[49:10]

﴿وَجَزَٰٓؤُاْ سَيِّئَةٖ سَيِّئَةٞ مِّثۡلُهَاۖ فَمَنۡ عَفَا وَأَصۡلَحَ فَأَجۡرُهُۥ عَلَى ٱللَّهِۚ إِنَّهُۥ لَا يُحِبُّ ٱلظَّٰلِمِينَ﴾

*«Жамандыктын жазасы дал өзүнө окшогон жамандык. Эми, ким кечирип, ислах кылса, анда, анын сообу Аллахтын мойнунда, албетте Ал зулум кылуучуларды сүйбөйт»* [42:40]

Имам Ахмад «Муснад»ында Умму Дардадан, ал Абу Дардадан риваят кылат: Расулуллах ﷺ мындай деди:

«أَلَا أُخْبِرُكُمْ بِأَفْضَلَ مِنْ دَرَجَةِ الصَّلَاةِ، وَالصِّيَامِ، وَالصَّدَقَةِ؟» قَالُوا: بَلَى قَالَ: إِصْلَاحُ ذَاتِ الْبَيْنِ قَالَ: وَفَسَادُ ذَاتِ الْبَيْنِ هِيَ الْحَالِقَةُ»

«Силерге намаз, орозо жана зекет даражасынан да жакшы амал жөнүндө кабар берейинби?». Ооба, кабар бериңиз, я Расулуллах, дешти. Ал Зат мындай деди: «Адамдар ортосун ислах кылуу, анткени, адамдар арасын бузуу динди жок кылат». Абу Давуд «Сунан»ында муну ушул лафз менен риваят кылган:

«أَلاَ أُخْبِرُكُمْ بِأَفْضَلَ مِنْ دَرَجَةِ الصِّيَامِ وَالْقِيَامِ؟» قَالُوا: بَلَى يا رَسُولَ اللهِ، قَالَ: إِصْلَاحُ ذَاتِ الْبَيْنِ وَفَسَادُ ذَاتِ الْبَيْنِ هِيَ الْحَالِقَةُ»

«Силерге орозо жана киямул лайл даражасынан да жакшы амал жөнүндө кабар берейинби?». Ооба, я Расулуллах, дешти. Ал зат айтты: «Адамдар арасын ислах кылуу, адамдар арасын бузуу болсо динди жок кылат».

Демек, мамлекет жок болгон жаңжалдашкан региондордогу проблемалардын чечими – сулх. Бирок, мунун шарты, бул чечим

төмөндөгү шаръий нусустарга ылайык, арамды адал жана адалды арам кыла турган чечим болбошу керек:

Абу Давуд «Сунан»ында Абу Хурайрадан риваят кылат, Расулуллах ﷺ мындай дейт:

«الصُّلْحُ جَائِزٌ بَيْنَ الْمُسْلِمِينَ»

«Сулх мусулмандар ортосунда жайиз». Имам Ахмад төмөндөгүлөрдү кошумчалады:

«إِلَّا صُلْحًا أَحَلَّ حَرَامًا، أَوْ حَرَّمَ حَلاَلاً»

«Бирок, адалды арам, арамды адал кыла турган жарашуу жайиз эмес». Сулайман ибн Давуд ага төмөндөгүлөрдү кошумчалады:

«الْمُسْلِمُونَ عَلَى شُرُوطِهِمْ»

«Мусулмандар өз шарттарында турушат».

Тирмизий «Сунан»ында Касир ибн Абдуллах ибн Амр ибн Авф Музанийден, ал атасынан, ал бабасынан риваят кылат: Расулуллах ﷺ мындай деди:

«الصُّلْحُ جَائِزٌ بَيْنَ المُسْلِمِينَ، إِلاَّ صُلْحًا حَرَّمَ حَلاَلاً، أَوْ أَحَلَّ حَرَامًا، وَالْمُسْلِمُونَ عَلَى شُرُوطِهِمْ، إِلاَّ شَرْطًا حَرَّمَ حَلاَلاً، أَوْ أَحَلَّ حَرَامًا»

«Сулх мусулмандар арасында жайиз, арамды адал же адалды арам кыла турган сулх гана жайиз эмес, мусулмандар өз шарттарында турушат, адалды арам же арамды адал кыла турган шарт гана мындан сырткары» (Тирмизий бул хадисти хасан сахих, деген).

О.э. Ибн Хиббан да «Сахих»инде Абу Хурайрадан ушундай лафз менен риваят кылган:

«الصُّلْحُ جَائِزٌ بَيْنَ الْمُسْلِمِينَ إِلاَّ صُلْحًا أَحَلَّ حَرَامًا أَوْ حَرَّمَ حَلاَلاً»

«Сулх мусулмандар арасында жайиз, арамды адал кыла турган же адалды арам кыла турган сулх гана жайиз эмес».

Демек, аким бар болобу же болбойбу, ага карабастан, адамдар ортосун ислах кылуу шаръий түрдө талап кылынат. Бул маселедеги шаръий өкүм менин райым боюнча ушундай. Аллах Субханаху билүүчү жана хаким Зат.

Корутунду:

1 – Жаза-хаддарды Ислам менен башкара турган аким колдонот жана бул жаза хаддын колдонулушун важиб кылган күнөө үчүн каффарат болот. т.а. бул дүйнөдө жаза-хадын алган адам Акыретте ушул күнөөсү үчүн жазаланбайт. Бухарий «Сахих»инде Убада ибн Сомит ﷺдан риваят кылган, (Убада Бадр согушун көргөн жана Акаба түнүндө накибдердин бири болгон) Расулуллах ﷺ бир топ сахабалардын курчоосунда турганда мындай деди:

«بَايِعُونِي عَلَى أَنْ لاَ تُشْرِكُوا بِاللَّهِ شَيْئًا، وَلاَ تَسْرِقُوا، وَلاَ تَزْنُوا، وَلاَ تَقْتُلُوا أَوْلاَدَكُمْ، وَلاَ تَأْتُوا بِبُهْتَانٍ تَفْتَرُونَهُ بَيْنَ أَيْدِيكُمْ وَأَرْجُلِكُمْ، وَلاَ تَعْصُوا فِي مَعْرُوفٍ، فَمَنْ وَفَى مِنْكُمْ فَأَجْرُهُ عَلَى اللَّهِ، وَمَنْ

أَصَابَ مِنْ ذَلِكَ شَيْئًا فَعُوقِبَ فِي الدُّنْيَا فَهُوَ كَفَّارَةٌ لَهُ، وَمَنْ أَصَابَ مِنْ ذَلِكَ شَيْئًا ثُمَّ سَتَرَهُ اللَّهُ فَهُوَ إِلَى اللَّهِ، إِنْ شَاءَ عَفَا عَنْهُ وَإِنْ شَاءَ عَاقَبَهُ»

«Аллахка эч нерсени шерик кылбоого, уурулук, зина кылбоого, перзенттериңерди өлтүрбөөгө, колуңар жана бутуңар ортосунан ойлоп тапкан жалган-жалааны кылбоого, бирер маъруф иште итаатсыз болбоого мага байъат бергиле. Анан, силерден ким буга бапаа кылса анын ажр-сообу Аллахтын мойнунда, ким мунун бирөөсүн бузуп коюп, бул дүйнөдө жазасын алса, бул, ал үчүн каффарат болот, ал эми, ким мунун бирөөсүн бузуп койсо, Аллах аны жашырган болсо, анын өкүмү Аллахка калтырылат, кааласа кечирет, кааласа жазалайт». Биз ал затка ушуларга ылайык байъат бердик.

2 – Мамлекет да, туруктуу башкаруу да жок болгон жаңжалдашкан региондордо проблемалар орчундап кетишине жол бербөө керек. Ахли хал вал акд, уламалар жана сөзү өткөн таасирдүү адамдар буга аралашып, проблеманы сулх менен чечүүсү, муну бекем карманып калыс болуусу керек. Аллах Субханахунун Өзү жардам берүүчү.

Сиздин жаза-хаддар жөнүндөгү суроонузга өзүмдүн туура деп тапкан пикирим боюнча ушундайча жооп бердим. Мында шаръий далилдерди, далил келтирүүнү, өкүм истинбат кылуу тараптарын баян кылдым. Аллах Субханаху билүүчү жана хаким Зат.

30-мухаррам, 1435-х.
3-декабрь, 2013-м.

## Турмушка чыккан зинакер күңдүн өкүмү жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум, менин суроом төмөнкүдөй:

Эгер турмуш курган күң зина кылып койсо, анын жазасы ташбараң кылуу болобу?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух…

Мага суроонуздун түрк тилиндеги тексти келди, суроо араб тилине которулгандан кийин мен ага жооп бердим. Жооп түрк тилине да которулду. Жооп төмөнкүдөй:

Турмуш курган күңдүн өкүмүнө келсек, анын өкүмү элүү дарра. Аллах Тааланын ушул сөздөрү буга далил:

﴿فَإِذَآ أُحۡصِنَّ فَإِنۡ أَتَيۡنَ بِفَٰحِشَةٖ فَعَلَيۡهِنَّ نِصۡفُ مَا عَلَى ٱلۡمُحۡصَنَٰتِ مِنَ ٱلۡعَذَابِۚ ذَٰلِكَ لِمَنۡ خَشِيَ ٱلۡعَنَتَ مِنكُمۡۚ وَأَن تَصۡبِرُواْ خَيۡرٞ لَّكُمۡۗ وَٱللَّهُ غَفُورٞ رَّحِيمٞ﴾

*«Эми эрге тийген соң, эгер бузукулук кылышса, аларга азат аялдарга бериле турган азаптын жарымы берилет. Бул (т.а. күңдөргө үйлөнүү уруксаты) араңардагы бузулуп кетүүдөн корккон кишилер үчүн. Сабыр кылып (үйлөнбөй турушуңар) өзүңөр үчүн жакшыраак. Аллах кечиримдүү жана мээримдүү»* [4:25]

﴿نِصۡفُ مَا عَلَى ٱلۡمُحۡصَنَٰتِ﴾

*«Азат аялдарга бериле тургандын жарымы»*нын мааниси т.а. турмуш курбаган азат аялга белгиленген хаддын (жазанын) жарымы дегени. Турмуш курбаган азат аялдын жазасы жүз дарра, мунун жарымы элүү дарра болот. Аяттагы «мухсинадан» турмуш курган зинакер азат аял эмес, турмуш курбаган зинакер азат аял назарга алынган. Себеби, турмуш курган зинакердин жазасы ташбараң, мунун жарымын аткаруу мүмкүн эмес. *«Азат аялдарга бериле тургандын жарымы»*, сөзүнүн келиши күңдүн жазасы турмуш курбаган зинакер азат аялга бериле турган жазанын жарымы т.а. жүз дарранын жарымы – элүү дарра болушуна карина болот. Т.а. мамлекет күңгө элүү дарра жаза колдонот. Жаза чараларды жекем адамдар эмес, мамлекет колдонот жана бул, идирек кылынышы зарыл болгон маанилүү нерсе.

Бирок, сиздин турмуш курган зинакер күң жөнүндө сурашыңыз көңүлүмдү өзүнө тартты. Бүгүнкү күндө күңдөр жок. Ошондой болгон соң, сиз эмнеге бул жөнүндө сурап жатасыз?

Мен муну менен азат кызматкер аялды назарга алганыңыздан кооптономун. Бул кызматкер аял күң деп каралбайт. Т.а. алар азат аялдардын жазасынын жарымы колдонула турган күңдөр эмес. Азат

кызматкер аялдардын өкүмү азат аялдардын өкүмү менен бирдей. Бул нерсе жакшы идирек кылынышы зарыл. Т.а. аятта бирөөнүн колундагы мүлк болгон күңдүн өкүмү айтылган. Мындай күңдөр азыркы убакта жок. Ал эми, кызматкер аялдарга келсек, алар – азат аялдар.

24-шаъбан, 1434-х.
3-июль, 2013-м.

## Электр тогу менен күйдүрүп өлтүрүү туурасында

**Суроо**: мен Пакистандагы Хизбут-Тахрир жигиттеринин биримин. Мен араб тили жана усули фикх сыяктуу ижтихад илимдеринен бир аз илим алганмын. Мен сиздин китебиңизден усулду үйрөндүм. Бир күнү боордоштордун бири чымын-чиркей, курт-кумурскага каршы электр аспабы (раптер) жөнүндө: Чымын-чиркей, курт-кумурскаларды күйдүрүп өлтүрүү үчүн андан пайдаланса болобу? – деп сурады. Ошондон кийин мушрифим өзүм үйрөнгөн нерселерди колдонуу үчүн бул маселе боюнча изденишимди талап кылды. Бул суроону о.э. изденишим тафсилаттарын жана мына ушул катка тиркелген иштеги натыйжаларын Хизбге жөнөттүм.

Бир аз убакыттан кийин Хизб жооп берди. Жооп менин изденишимдин натыйжасына карама-каршы болду. Сураныч, менин изденишимди көрүп чыгып, мага ал тууралуу өз раъйыңызды, усул боюнча истинбат кылуудагы ката жерин жана башкаларды билдирсеңиз. Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

Мен талкуу менен таанышып чыктым. Менин үч пикирим бар:

1 – Биринчиси, сизде өкүмдөрдү истинбат кылууга кызыгуу жана маани берүү бар. Талкууңуздун тарыйкаты жакшы, себеби, сиз далилдерди үйрөнүп алардан өкүмдү биздин усулдагы тарыйкатыбыз боюнча истинбат кылып жатасыз… Бул болсо, жакшылыктан кабар бере турган иш. Мен дуба кылып Аллах Субханахудан сизге жардам жана тавфик беришин сураймын.

2 – Маноттун күйдүрүүгө карата акыйкаты толук, жетиштүү аныкталган эмес. Себеби, сиз оттун жардамында күйдүрүү менен электр тогу жардамында күйдүрүүнү бири-биринен айырмалагансыз. Акыйкатта болсо, бул бир маселе болчу. Мисалы, отунду жагуу белгилүү бир көрүнүштө күйдүрүүгө алып бара турган температураны пайда кылса, электр тогу да белгилүү бир көрүнүштөгү күйдүрүүгө алып бара турган температураны пайда кылат. Ошондуктан, от менен күйдүрүүгө туура келе турган нерсе электр тогу менен күйдүрүүгө да туура келет.

3 – Сиз чымын-чиркей, курт-кумурскаларды электр тогу менен күйдүрүп өлтүрүүнү көрүп чыкканыңызда чымын-чиркей, курт-кумурска электр тогу менен күйгөндөн мурда өлөт деген тыянакка келгенсиз. Себеби, сиз: «Күйүүнүн себеби чымын-чиркей, курт-кумурска денесинде электр тогунун жүрүшү, бул температураны пайда кылат… Мына ушул температура чымын-чиркей, курт-кумурска денесинин күйүшүнө себеп болот, демек, чымын-чиркей, курт-кумурска күйүүдөн эмес, электр тогунун өтүшүнөн өлөт, себеби күйүү чымын-чиркей, курт-кумурска

өлгөндөн кийин жүз берет», – дегенсиз. Т.а. чымын-чиркей, курт-кумурсканын күйүүсү ал өлүк абалда болгондо жүз берет. Муну – эй боордош – көрүп чыгуу зарыл. Бул нерсе адистер тарабынан терең үйрөнүп чыгылышы керек. Себеби, чымын-чиркей, курт-кумурсканы электр тогу уруп, күйдүргөн болот. Чымын-чиркей, курт-кумурска өлүк эмес, тирүү болгон. Электр тогу ургандан кийин ал өлүп күйүп кеткен болот. Ошондой болгон соң эмне үчүн эми чымын-чиркей, курт-кумурска алгач электр тогу ургандыгы себептүү өлгөн жана мына ошондон кийин электр тогу менен күйгөн деп айтышыбыз керек? Анткени чымын-чиркей, курт-кумурска электр аспабынын жардамында электр тогу менен урулгандан кийин өлүк, күйгөн абалда табылган. Ошондуктан, биз мында адис эксперттердин раъйына муктажбыз. Себеби, чымын-чиркей, курт-кумурскалардын өлүмүнө электр аспабы себеп болгон: Ал электр тогу менен күйдүрүүбү? Эгер ошондой болсо ага тирүү жаныбарларды күйдүрүү арам экендиги жөнүндө варид болгон нусустар туура келет. Же күйүү чымын-чиркей, курт-кумурска өлгөндөн кийин болобу? Ошондуктан, мына ошол манот акыйкатын үйрөнүп чыгып, ошондон кийин шаръий өкүмдү берүү мүмкүн болот.

4 – Күйдүрүп өлтүрүүнүн арамдыгы туурасындагы далилдерге келсек, алар бул жаатта ачык келген. Бул далилдердин кээ бирлери төмөнкүлөр:

Бухарий Абу Хурайра Gдан мындай дегенин риваят кылды: Расулулла A бизди бир ишке жиберип:

«إِنْ وَجَدْتُمْ فُلاَنًا وَفُلاَنًا فَأَحْرِقُوهُمَا بِالنَّارِ»

«Эгерде баланчы жана баланчаны тансаңар аларды отко күйдүргүлө», – деген. Биз жолго чыгып жатканыбызда Расулулла A кайрадан:

«إِنِّي أَمَرْتُكُمْ أَنْ تُحْرِقُوا فُلاَنًا وَفُلاَنًا، وَإِنَّ النَّارَ لاَ يُعَذِّبُ بِهَا إِلاَّ اللَّهُ، فَإِنْ وَجَدْتُمُوهُمَا فَاقْتُلُوهُمَا»

«Мен силерди баланча жана баланчаны күйдүрүүгө буйруган элем. От менен Аллах гана азаптайт, ошондуктан аларды тапсаңар өлтүргүлө», – деди.

Ахмад өзүнүн Муснадында Абу Хурайрадан мындай дегенин риваят кылды: Расулулла A бизди бир ишке жиберип:

«إِنْ وَجَدْتُمْ فُلاَنًا وَفُلاَنًا لِرَجُلَيْنِ مِنْ قُرَيْشٍ فَأَحْرِقُوهُمَا بِالنَّارِ»

«Эгерде Курайштан баланча жана баланчаны тапсаңар аларды отто күйдүргүлө», – деди. Ошондон кийин биз жолго чыкмакчы болгонубузда Расулулла A:

«إِنِّي كُنْتُ أَمَرْتُكُمْ أَنْ تُحْرِقُوا فُلاَنًا وَفُلاَنًا بِالنَّارِ، وَإِنَّ النَّارَ لاَ يُعَذِّبُ بِهَا إِلاَّ اللَّهُ عَزَّ وَجَلَّ، فَإِنْ وَجَدْتُمُوهُمَا فَاقْتُلُوهُمَا»

«Мен силерди баланча жана баланчаны күйдүрүүгө буйруган элем. От менен Аллах Азза ва Жалла гана азаптайт, ошондуктан, аларды тапсаңар өлтүргүлө», – деди.

Ошентип, демек тирүү жаныбарларды от менен күйдүрүү арам. Бул арамдык адамга гана тиешелүү болбойт. Ошондуктан, арамдык өкүмү бардык махлуктарга умумий. Демек, шаръий өкүм от менен азаптоо жана от менен күйдүрүү арам деген өкүм болот. Электр тогу менен азаптоо же электр тогу менен өлтүрүү сыяктуу ушул маанидеги бардык нерсе арам.

5 – Сиз айтып өткөн хадиске келсек, сиз андан от менен күйдүрүү жана от менен өлтүрүү арам эмес, макрух деп түшүнгөнсүз, буга:

«إِنِّي لَأَسْتَحْيِي مِنَ اللَّهِ»

«Албетте мен Аллахтан уяламын», – деген лафзды далил кылып келтиргенсиз. Бул истинбат маржух (күчсүз). Себеби, Расул А ошондон кийин:

«لاَ يَنْبَغِي لِأَحَدٍ أَنْ يُعَذِّبَ بِعَذَابِ اللَّهِ»

«Аллахтын азабы менен азаптоого эч кимдин акысы жок», –деди. Бул хадистин тексти төмөнкүдөй:

Саид ибн Мансур өзүнүн Сунанында Ибн Абу Нажихтен мындай дегенин риваят кылды: Расулулла А бир сарияны жөнөтүп:

«إِنْ وَجَدْتُمُوهُ فَاجْعَلُوهُ بَيْنَ حِزْمَتَيْ حَطَبٍ، ثُمَّ أَشْعِلُوا فِيهِ النَّارَ»

«Эгерде аны тапсаңар отундун арасына коюп туруп, андан кийин өрттөп жибергиле», – деди. Андан кийин Пайгамбарыбыз:

«إِنِّي لَأَسْتَحْيِي مِنَ اللَّهِ لاَ يَنْبَغِي لِأَحَدٍ أَنْ يُعَذِّبَ بِعَذَابِ اللَّهِ...»

«Албетте мен Аллахтан уяламын, Аллахтын азабы менен азаптоого эч кимдин акысы жок…» – деди. Көрүп турганыңыздай, Расулулла А:

«لَأَسْتَحْيِي مِنَ اللَّهِ»

«Албетте мен Аллахтан уяламын», – дегенден кийин:

«لاَ يَنْبَغِي لِأَحَدٍ أَنْ يُعَذِّبَ بِعَذَابِ اللَّهِ»

«Аллахтын азабы менен азаптоого эч кимдин акысы жок…», – деди. Бул Бухарий хадиси менен жамдалса от менен азаптоо жана өлтүрүү арам экендиги белгилүү болот.

Тыянак: Мындагы шаръий өкүм чымын-чиркей, курт-кумурскаларга каршы электр аспабы менен өлтүрүү манотунун акыйкатын үйрөнүп чыгууга байланыштуу. Мына ошондо чымын-чиркей, курт-кумурскалар күйдүрүп өлтүрүлдүбү же чымын-чиркей, курт-кумурсканы электр тогу уруп, анын денесинде ток жүрүп өлгөндөн кийин күйдүрүлдүбү, ошол нерсе билип алынат. Ал үчүн болсо адистер тарабынан кошумча изденүү алып баруу керек болот. Ушуга ылайык шаръий өкүм истинбат кылынат.

Мен катымдын башында: «Сизде өкүмдөрдү истинбат кылууга кызыгуу жана маани берүү бар. Талкууңуздун тарыйкаты жакшы, себеби, сиз далилдерди үйрөнүп алардан өкүмдү биздин усулдагы тарыйкатыбыз боюнча истинбат кылып жатасыз… Бул болсо, жакшылыктан кабар бере турган иш. Мен дуба кылып, Аллах Субханахудан сизге жардам жана тавфик беришин сураймын», – деген сөздөрүмдү кайталаймын.

1-робиул-аввал, 1435-х.

2-январь, 2014-м.

## Таъзир берүү, анын тафсилат жана өкүмдөрү тууарасында

**Суроо**: ассаламу алайкум шайхым жана амирим Аллах сизди жана сиз себептүү бизди урматтуу кылсын, сиздин берген жообуңузда «шарият таъзир берүүнү киргизип, анын өкүм түрлөрүн да кеңири баян кылган» деген сүйлөм бар. Ошол өкүмдөр жана түрлөрдүн тафсилаттары эмнелерден турат?

**Жооп**: сиздин суроођуз 2015-жыл 2-январдагы суроонун жообунда келген сүйлөм жөнүндө болуп жатат, анда мындай деп келген эле:

«Ал эми таъзир берүү чаралары шарият анык жаза белгилебеген, тескерисинче жаза белгилөөнү Халифа же казыга калтырган күнөөлөргө колдонулат... Алар тарыйкат өкүмдөрүнөн. Шариятта жазалар түрү белгиленбеген шаръий өкүмдөрдү аткаруу үчүн эч кандай тарыйкат коюлбаганын түшүндүрбөйт. Себеби, шарият таъзир берүүнү киргизип, анын өкүмүнүн түрлөрүн да кеңири баян кылган. Бул жерде шарият баян кылган түрдүү жазалардан кайсы бирин тандоо жана күнөөнүн вакиъсине ылайык жазаны тандоону Халифанын ыктыярына калтырган. Т.а. шарият бул өкүмдөрдү колдонуу көрүнүшүн – аларга амал кылбаган адамга жаза белгилөө максатында – баян кылды. Бирок, бул жазалардын өлчөмү жана түрү кандай болушун Халифанын же анын орунбасарынын ыктыярына калтырды».

Биз жогорудагы суроонун жообунда созуп жибербөө үчүн тафсилаттарга киришпегенбиз... Сиздин бул суроођузга жооп берүүдө да тафсилатка киришпейбиз. Себеби, таъзир талкуусу чоң жана кеңири болуп, жаза-чаралар түзүмү китебинде толук баяндалган. Бирок, ошондой болсо да андан айрымдарын келтиребиз:

1 – Таъзир хад жана кылмыштардан айырмаланат. Себеби, хад жана кылмыштар шарият тарабынан анык белгиленген жазалар. Алардын ордун алмаштыруу, ашык же кем кылуу мүмкүн эмес. Ал эми таъзир берүү чарасы анык белгиленген жана дал өзүн кылуу шарт болгон жаза эмес. Мындан тышкары, хад жана кылмыштарда кечирим кабыл алынбайт жана аким аны бекер кыла албайт. Таъзир берүү чарасы болсо мунун тескериси болуп кечирилиши жана бекер кылынышы мүмкүн.

2 – Шарият казы жазалоосу жаиз боло турган таъзирге тиешелүү түрдүү жаза чараларын шаръий нусустар менен белгилеп койгон, алардан башкасы менен жазалоо жаиз эмес. Себеби, жаза бир амал болуп, анын жаиз болушу үчүн далил шарт. Бул жерде анык жаза менен жазалоодон тосо турган далил керек деп айтылбайт, себеби, аслдык жазанын жоктугу. Анык жаза менен жазалоо үчүн далил керек болот. Ал эми аслдык жазанын жоктугу маселесине келсек, анын умумий далили адамды урматтоо жана ага азап бербестик негизине курулган. Анык жаза

колодонуу үчүн ушул жазага уруксат бере турган далил керек, анык жазага уруксат бере турган далил келбеген соң, жазалоо мүмкүн эмес.

Бул жерде таъзир маселесинде акимге толук ыктыяр берилген, ал каалаган жаза менен таъзир бере берет деп айтылбайт. Себеби, акимге ушул жазанын көлөмүн белгилөө ыктыяры гана берилген, башкасы эмес. Шореъ жазалардын түрлөрүн дайындаган, казы мына ушул жазалар менен чектелиши шарт т.а. Шореъ казы чектелиши шарт болгон жаза түрлөрүн дайындаган. Казы андан башкасы менен жазалашы мүмкүн эмес, тескерисинче, алардын ичинен өзү татыктуу деп тапканын тандайт. Ошондуктан, аким таъзир берип жаткан кезде шаръий өкүмдөргө чектелиши жана Шариъ дайындаган жазалар менен жазалашы шарт.

3 – Шарият айрым анык жаза чаралардан кайтарган болсо айрымдарына уруксат берди, таъзир маселесинде ошолор менен чектелүү важиб. Мисаы, от менен күйгүзүүдөн кайтарды, демек от менен күйдүрүү аркылуу жазалоо жаиз эмес. Бухарий Абу Хурайрадан мындай хадисти риваят кылган: «От менен Аллах гана азаптайт», Бухарий Икримадан кылган риваятта Набий ﷺ:

«لاَ تُعَذِّبُوا بِعَذَابِ اللهِ»

«Аллахтын азабы менен азаптабагыла», - деген. Т.а. от менен күйдүрбөгүлө. Абу Давуд сунан китебинде ибн Масъуддан кылган риваятта Набий ﷺ айтат:

«إِنَّهُ لاَ يَنْبَغِي أَنْ يُعَذِّبَ بِالنَّارِ إِلاَّ رَبُّ النَّارِ»

«От менен от ээси гана азаптайт». Булар от менен күйдүрүп жазалоо арамдыгы жөнүндөгү ачык далилдер, бул түргө электр тогу сыяктуу күйдүрүүүчү касиети бар нерселер да кирет.

4 – Шарият таъзир жаатында бир нече жазаларга уруксат берди, аларды башкасына алмаштырууга болбойт, аларды анык баян кылып койгон. Төмөндө алардын айрымдарын келтиребиз:

а) Өлтүрүү жазасы: Халифа хадга тиешелүү кылмыштарга кирбей турган чоң кылмыштарда таъзир берүүнү өлтүрүүгө чейин жеткириши мүмкүн. Буга Исламий мамлекеттин курамынан бөлүнүүгө чакыруу кылмышы кирет, бул тууралуу хадисте мындай деп келет:

«مَنْ أَتَاكُمْ وَأَمْرُكُمْ جَمِيعٌ عَلَى رَجُلٍ وَاحِدٍ، يُرِيدُ أَنْ يَشُقَّ عَصَاكُمْ، أَوْ يُفَرِّقَ جَمَاعَتَكُمْ، فَاقْتُلُوهُ»

«Кимде-ким ишиңер бир кишиде жамдалып турган кезде келип биримдигиңерди бузмакчы же жамаатыңарды бөлмөкчү болсо, аны өлтүргүлө», (Имам Муслим Арфажадан риваят кылган). Ошондуктан, Халифа мындай адамды өлтүрүү менен таъзирин берип коюшу жаиз... Т.а. Халифанын таъзир берүү жаатында өлтүрүүгө чейин барышы жаиз.

б) Таяктоо: Т.а. камчы же ушул сыяктуу нерсе менен уруу... Бирок, уруу жана сабоо аркылуу таъзир берүү он сокку же он камчыдан ашып кетпеши керек, себеби, бул нерсе хадистин текстинде ачык келген.

Бухарий Абдуррохман ибн Жабирден ал болсо Набий ﷺдан риваят кылат:

«لاَ عُقُوبَةَ فَوْقَ عَشْرِ ضَرَبَاتٍ إِلاَّ فِي حَدٍّ مِنْ حُدُودِ اللهِ»

«Аллахтын хаддарында гана он соккудан ашыгы менен жазалоо бар».

Ошондой болгон соң таяктоого өкүм кылынганда он камчыдан ашып кетпеши керек...

в) Таъзирде айрым күнөөлөргө айып пул төлөнөт, бул тууралуу бир нече риваяттар бар болуп, Абу Давуд Сунан китебинде Абу Хурайрадан риваят кылган хадисте Расул ﷺ айтат:

«ضَالَّةُ الْإِبِلِ الْمَكْتُومَةُ غَرَامَتُهَا وَمِثْلُهَا مَعَهَا»

«Адашып калган төөнү жашыргандыктын айып төлөмү, ошол төөнүн өлчөмүндөй» т.а. кимде-ким адашып калган төөнү ээсинен жашырып айтпаса, төөнү ээсине кайтарып дагы ошол төөнүн өлчөмүндө айып пул төлөйт. О.э. зекет бербегендин таъзири анын мал-мүлкүнүн жарымын алып коюу менен болот. Булар Расул ﷺ таъзир берүүдө айып пул өндүрүү менен жазалоого буйруганына далилдер.

г) Таъзирде камакта кармоо да жаиз, шаръий камак – бул шаардабы, үйдөбү, мечиттеби же жазалоо үчүн атайын курулган камактабы айырмасыз, адамды өз алдынча аракеттенүүдөн тосуп коюу. Камакта кармоо шарияттагы жазалоо ыкмаларынын бири экендигинин далили Термизий Бахз ибн Хаким атасынан ал болсо чоң атасынан риваят кылган хадисте келген: «Набий ﷺ курулай доомат туурасында бир кишини камакта кармады, андан кийин азат кылды».

Набий ﷺ учурунда камак үйдө же мечитте болгон эле, Абу Бакр учурунда да ушундай болду, өкмөт үчүн өзүнчө камак жок эле. Ал эми Умар رضي الله عنه учурунда Сафван ибн Умайянын короосу 4000 дирхамга сатып алынып камакка айландырылды. Умар хажв кылгандарды (адамдарды күлдүрүү үчүн ар нерсени сүйлөөчү адамдар) камакта кармады, аззориёт, мурсалот, анназият жана ушул сыяктуулар жөнүндө суроо бергени үчүн Сабигди камакка алды... Камак мөөнөтү чектелген болушу важиб, ошондуктан өмүр бою камак жазасы шаръий жактан жаиз эмес. Тескерисинче, белгилүү бир адамга чыгарылып жаткан камак жазасынын мөөнөтү чектелген болушу керек.

Камактын мааниси камоо, иштетүү эмес. Себеби, иштетүү камактан башка нерсе. Ошондуктан, эгерде бир адамдын үстүнөн камакка алууга өкүм чыгарылса аны иштетүү жаиз эмес. Себеби, камак сөзү иштетүү маанисин өз ичине албайт. Камоо жана иштетүүгө өкүм чыгаруу жаизби? Же камоо менен эле чектелүү керекпи? - деген суроонун жообу, машакаттуу болобу же жеңилби иштетүү менен жазалоо жөнүндө шаръий нусус келбеген. Ошондуктан, иштетүү менен жазалоого болбойт, тескерисинче, камакта камоо маанисине чектелүү керек.

д) Насаат: Т.а. казы күнөөкөрдү Аллахтын азабынан коркутуп насаат кылат. Аллах Тааланын төмөнкү аяты буга далил болот:

﴿واللاتي تخافون نشوزهن فعظوهن﴾

*«Аялдарыңардын итаатсыздыгынан корксоңор, алгач аларга насаат кылгыла»* [4:34]

Булар аким ал менен жазалоосу жаиздигине шаръий далил келген таъзир берүү жаатындагы айрым жазалар. Акимдин шариятта жаиздигине нусус келген жазаны гана белгилөөсү жаиз.

Айткандарыбыз бул жаатта жетиштүү болду деп үмүттөнөмүн.

27-ражаб, 1436-х.
16-май, 2015-м.

## Аялы бар зынакердин Исламдагы жазасы

**Суроо**: ассаламу алайкум рохматуллоохи уа баракаатуху, урматтуу шейх. Мен суроо сурайын дедим эле, ага жооп бересиз деп үмүттөнөм.

Аялы бар зынакер адамды өлүм жазасына тартуу Ислам фикхинде шарттуу түрдөбү? Кээ бир уламалар, мисалы, шейх Абу Захра шарттуу хад катары эсептебейт. Бул пикирди шейх Мустафа Зарка да колдойт, ал муну таъзиир (эскертүү) берүү өкүмдөрүнө киргизет. Бул маселеде сиздин көз карашыңыз кандай?

Суроомо жооб бергениңиз үчүн Аллах ыраазы болсун.

**Жооб**: алайкума асслам рохматуллоохи уа баракаатуху.

Сен, аялы бар зынакердин Ислам фикхиндеги жазасы катийби, же ал хаддардын катарына киреби, же хадка кирбестен, таъзиир өкүмдөрүнө киреби, деп азыркы учурдагы кээ бир уламалар айтып жаткан нерсени сурап жатасың.

Анын жообу төмөнкүдөй:

1. Аялы бар зынакердин жазасы – өлгөнгө чейин таш баранга алуу. Ал шарий өкүмдөр бабына кирет. Ал акыйда бабына кирбейт. Анын өкүмү башка шарий өкүмдөр сыяктуу эле анын далили катий болушу шарт кылынбайт, балким усулу фикхте маалым болгондой зонндун (күмөндүн) үстөмүрөөк тарабы алынышы жетиштүү болот. Ошондуктан, буга карата өкүмдүн далили катий же катий эмес болушуна этибар берилбейт. Балким, маанилүү нерсе бул нерсеге карата шариятта далил барбы ошого каралат. Шарият бул маселеге карата аялы бар зынакердин жазасы өлгөнгө чейин таш баранга алуу экенин баяндаган, эч бир шек-күмөндү калтырбай турган сахих далилдер келген. Аны төмөндө айтып өтөбүз:

2. Азыркы учурдагы кээ бир аалымдар шарий далилдерди алууда туура жолду карманбай жатышканы көзгө урунууда. Анткени, алар шарий өкүмдөрдү алуу учурунда өкүмдөрдү дүйнөгө Батыш цивилизациясы таңуулап жаткан эл аралык мыйзамдарга жана адам укуктары жоболоруна дал келтирүү аркылуу алууга умтулуп жаткандыктары болуп жатат. Бул туура эмес жол. Анткени, талаб кылынып жаткан нерсе дүйнөгө таасир кылып жаткан эл аралык мыйзам же гумандуулук өкүмдөрүнө ылайыкташтыруу эмес, балким Аллахтын өкүмүн алуу болуп саналат. Шарий өкүм кандай келсе, ошондой алуу, аны ишке ашыруу жана бүткүл дүйнөнү шарий өкүмдү алууга чакыруу ваажиб. Анткени, бул өкүм баардык адамзат үчүн туура өкүм, себеби ал адамзаттын жаратуучусу тарабынан түшкөн өкүм. Аллах айтат:

﴿أَلَا يَعْلَمُ مَنْ خَلَقَ وَهُوَ اللَّطِيفُ الْخَبِيرُ﴾

*«Жараткан зат (Өзү жоктон бар кылган нерселерди) билбейби?! Ал – мээримдүү жана кабардар зат»* [67:14]

Табарак дагы айтат:

﴿أَلاَ لَهُ الْخَلْقُ وَالأَمْرُ﴾

*«Байкагыла, жаратуу жана буйруу Ага гана таандык»* [7:54]

Ошондуктан, Батыш цивилизациясына шайкеш келтирип шарий өкүмдү алууга умтулуп жаткандардын сөздөрү этибарга алынбайт. Алар вакыйдын кысымы астында же кафирлерди ыраазы кылуу жаатында мындай кадамдарга барып жаткандыктарынын айырмасы жок, алардын сөзү этибарга алынбайт...

3. Үйлөнгөн зына кылуучунун жазасы – өлгөнгө чейин таш бараңга алуу. Бойдок зына кылуучунун жазасы жүз дарра уруу, бул Исламда хаддар бабына кирет. Зына хаддынын өкүмдөрү «Жазалар түзүмү» китебинде майда баратына чейин баяндалган. Ошол китептен «Зына хады» бабында келген айрым нерселерди көрсөтүп өтөбүз:

«Айрымдар «зынакер аял жана зынакер эркектин хады – турмуш курган же бойдок болушуна карабастан – жүз дарра» дешет. Бул сөздөрүнө Аллах Тааланын:

﴿الزَّانِيَةُ وَالزَّانِي فَاجْلِدُوا كُلَّ وَاحِدٍ مِنْهُمَا مِائَةَ جَلْدَةٍ وَلاَ تَأْخُذْكُمْ بِهِمَا رَأْفَةٌ فِي دِينِ اللَّهِ﴾

*«Зынакер аял жана зынакер эркек – алардын ар бирине жүз даррадан ургула. Эгер, силер Аллахка жана Акырет күнүнө ыйман келтирүүчү болсоңор, Аллахтын (бул) өкүмүндө силерди аларга карата ырайым кылуу (сезими) кармабасын!»* [24:2]

- деген аятын далил кылып: «Катъий жана ишеничтүү жол менен келген аятты жалгандыгынын ыктымалы болгон ахад жолу менен келген кабар үчүн тарк кылуу (таштоо) жайыз эмес. Себеби, бул иш Куранды сүннөт менен насх кылууга алып барат, негизи, мындай кылуу мүмкүн эмес» дешет. Сахабалар, табииндер жана алардан кийинки бардык кылымдардагы уламалардан түзүлгөн ахли илимдин аммасы болсо: «Бойдок зынакерге жүз дарра урулат, сакталган (турмуш курган) зынакер болсо өлгөнгө чейин ташбараң кылынат» дешет. Буга Пайгамбар ﷺ:

«رَجَّمَ مَاعِزًا»

«Маизди ташбараң кылдырды» деген кабарды жана Жабир ибн Абдулладан риваят кылынган:

«أَنَّ رَجُلاً زَنَى بِامْرَأَةٍ فَأَمَرَ بِهِ النَّبِيُّ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فَجُلِدَ ثُمَّ أُخْبِرَ أَنَّهُ مُحْصَنٌ فَأَمَرَ بِهِ فَرُجِمَ»

«Бир киши бир аял менен зына кылды. Пайгамбар ﷺ ага дарра урууну буйруду. Кийин анын турмуш кургандыгынын кабары келгенде, аны ташбараң кылууга буюрду», - деген кабарды далил кылат.

Далилдерге назар таштаган адам көрөт, Аллах Тааланын:

﴿الزَّانِيَةُ وَالزَّانِي فَاجْلِدُوا كُلَّ وَاحِدٍ مِنْهُمَا مِائَةَ جَلْدَةٍ﴾

*«Зынакер аял жана зынакер эркек – алардын ар бирине жүз даррадан ургула»* [24:2]

- деген аяты умумий мааниде келип жатат. Себеби, зынакер аял жана зынакер эркек сөздөрү умумийликти түшүндүргөн сөздөр болуп, турмуш курганга да, бойдокко да тиешелүү. Пайгамбар ﷺдын:

«وَيَا أُنَيْسُ اغْدُ عَلَى امْرَأَةِ هَذَا فَسَلْهَا, فَإِنِ اعْتَرَفَتْ فَارْجُمْهَا, فَاعْتَرَفَتْ فَرَجَمَهَا»

«Эй Унайс, тигил аялдын алдына бар, эгер мойнуна алса, аны ташбараң кыл» деген хадиси, Маиздин үйлөнгөн адам экенин сурап билгенден кийин аны ташбараң кылдырганы, Гадимияны ташбараң кылдырганы жана башка сахих хадистер ушул аятты хастап келип жатат. Т.а. андан сакталганды истисна кылып жатат. Демек, хадистер Куранды насх кылып эмес, хастап келип жатат. Куранды сүннөт менен хастоо болсо жайыз. Көптөгөн умумий мааниде келген аяттарды хадистер хастап келген.

Шаръий далилдер т.а. Китеп жана сүннөт далалат кылып жаткан шаръий өкүм – бойдок зынакерди Аллахтын Китебине амал кылып жүз дарра уруу, Пайгамбар ﷺдын сүннөтүнө амал кылып, бир жылга сүргүн кылуу. Бирок, сүргүн кылуу важып эмес, жайыз. Аны кылуу же кылбоо башчынын эркинде, кааласа, дарралайт дагы, сүргүн да кылат, кааласа, сүргүн кылбастан, дарралап гана коёт. Бирок, дарралабастан, сүргүн гана кылышы мүмкүн эмес. Себеби, анын жазасы дарралануу. Турмуш кургандын жазасы болсо, Аллахтын Китебин хастап келген Пайгамбар ﷺдын сүннөтүнө ылайык, өлгөнгө чейин ташбараң кылуу. Турмуш курганды дарралоо да, ташбараң кылуу да жайыз. Алгач дарраланат, кийин ташбараң кылынат. Дарраланбастан, ташбараң кылынышы да мүмкүн. Бирок, ташбараң кылбастан, болгону дарраланышы дурус эмес. Себеби, ага важиб болгон жаза – ташбараң кылуу.

… Турмуш кургандын жазасын баян кылган хадистер, далилдер көп. Абу Хурайра жана Зайд ибн Халидден риваят кылынат:

«إِنَّ رَجُلًا مِنَ الْأَعْرَابِ أَتَى رَسُولَ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فَقَالَ: يَا رَسُولَ اللَّهِ أَنْشُدُكَ اللَّهَ إِلاَّ قَضَيْتَ لِي بِكِتَابِ اللَّهِ, فَقَالَ: الْخَصْمُ الْآخَرُ وَهُوَ أَفْقَهُ مِنْهُ, نَعَمْ, فَاقْضِ بَيْنَنَا بِكِتَابِ اللَّهِ وَأْذَنْ لِي, فَقَالَ: رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ قُلْ, قَالَ: إِنَّ ابْنِي كَانَ عَسِيفًا عَلَى هَذَا فَزَنَى بِامْرَأَتِهِ, وَإِنِّي أُخْبِرْتُ أَنَّ عَلَى ابْنِي الرَّجْمَ, فَافْتَدَيْتُ مِنْهُ بِمِائَةِ شَاةٍ وَوَلِيدَةٍ, فَسَأَلْتُ أَهْلَ الْعِلْمِ فَأَخْبَرُونِي أَنَّمَا عَلَى ابْنِي جَلْدُ مِائَةٍ وَتَغْرِيبُ عَامٍ, وَأَنَّ عَلَى امْرَأَةِ هَذَا الرَّجْمَ, فَقَالَ رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ: وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ لَأَقْضِيَنَّ بَيْنَكُمَا بِكِتَابِ اللَّهِ, الْوَلِيدَةُ وَالْغَنَمُ رَدٌّ وَعَلَى ابْنِكَ جَلْدُ مِائَةٍ وَتَغْرِيبُ عَامٍ, وَاغْدُ يَا أُنَيْسُ إِلَى امْرَأَةِ هَذَا فَإِنِ اعْتَرَفَتْ فَارْجُمْهَا, قَالَ: فَغَدَا عَلَيْهَا فَاعْتَرَفَتْ فَأَمَرَ بِهَا رَسُولُ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ فَرُجِمَتْ»

«Бир аърабий Пайгамбар ﷺдын алдына келип: «Эй Аллахтын Пайгамбары, сизден Аллахтын наамына ант ичип сураймын, мага Аллахтын Китеби менен өкүм кылыңыз», - деди. Ага караганда

билимдүүрөөк болгон тиги атаандаш дагы: «Ооба, биздин ортобузда Аллахтын Китеби менен өкүм чыгарып бериңиз жана мага (сүйлөөгө) уруксат бериңиз», - деди. Пайгамбар ﷺ «Сүйлө» деди. Ал: «Уулум мунун ижарачысы эле, аялы менен зына кылыптыр, уулумду ташбараң кылышат экен деп угуп, ага жүз кой жана бир күң таван төлөдүм, кийин ахли илимден сурасам, уулума жүз дарра урулуп, бир жылга сүргүн кылынат экен, мунун аялы болсо ташбараң кылынат экен», - деди. Ошондо Пайгамбар ﷺ: «Жаным Анын колунда болгон Затка ант болсун, силердин ортоңордо Аллахтын Китеби менен өкүм чыгарамын – күң жана койлор кайтарылат, уулуңа жүз дарра жана бир жыл сүргүн белгиленет», - деди. Кийин асламдык бир кишиге: «Эй Унайс, мунун аялына бар, мойнуна алса, аны ташбараң кыл», - деди. Унайс аялдын алдына барганда, ал мойнуна алды. Пайгамбар ﷺ аны ташбараң кылууга буюрду». Хадисте Пайгамбар ﷺ турмуш курганды дарра урбастан ташбараң кылууга буйруду. Шаъбийден риваят кылынат:

«أَنَّ عَلِيًّا رَضِيَ اللهُ عَنْهُ حِينَ رَجَمَ الْمَرْأَةَ ضَرَبَهَا يَوْمَ الْخَمِيسِ, وَرَجَمَهَا يَوْمَ الْجُمْعَةِ, وَقَالَ: جَلَدْتُهَا بِكِتَابِ اللهِ وَرَجَمْتُهَا بِسُنَّةِ رَسُولِ اللَّهِ صَلَّى اللَّهُ عَلَيْهِ وَسَلَّمَ»

«Али ﷺ бир аялды ташбараң кылганда, бейшемби күнү дарралап, жума күнү ташбараң кылды, анан: «Аллахтын Китеби менен дарраладым о.э. Пайгамбар ﷺдын сүннөтү менен ташбараң кылдым», - деди». Убада ибн Самиттен риваят кылынган хадисте Пайгамбар ﷺ:

«خُذُوا عَنِّي, خُذُوا عَنِّي, قَدْ جَعَلَ اللَّهُ لَهُنَّ سَبِيلًا الْبِكْرُ بِالْبِكْرِ جَلْدُ مِائَةٍ وَنَفْيُ سَنَةٍ, وَالثَّيِّبُ بِالثَّيِّبِ جَلْدُ مِائَةٍ وَالرَّجْمُ»

«Менден алгыла, менден алгыла, Аллах алар үчүн бир жол белгилеген. Бойдок бойдок менен болсо – жүз дарра жана бир жыл сүргүн, жубан үйлөнгөн менен болсо, жүз дарра жана ташбараң», - деди. Пайгамбар ﷺ турмуш кургандын жазасы дарралоо жана ташбараң деди. Али ﷺ турмуш курганды дарралады дагы, ташбараң да кылды. Жабир ибн Сумрадан кылынган риваятта Пайгамбар ﷺдын Маъиз ибн Маликти ташбараң кылдырганы айтылган, бирок, дарралаганы айтылбаган. Бухарийдеги Сулайман ибн Бурайданын риваятында да Пайгамбар ﷺ Гамидияны ташбараң кылдырганы айтылган, бирок, дарралаганы айтылбаган. Муслимде келишинче, Пайгамбар ﷺдын буйругу менен жухайналык бир аял өз көйнөгүнө байланып, кийин ташбараң кылынган. Дарралганы тууурасында эч нерсе айтылбаган. Бул далилдер турмуш курганды ташбараң кылганын жана дарралабаганын көрсөтүп турат. Ушуга ылайык:

«وَالثَّيِّبُ بِالثَّيِّبِ جَلْدُ مِائَةٍ وَالرَّجْمُ»

«Жубан үйлөнгөн менен болсо, жүз дарра жана ташбараң» хадиси ташбараң кылуунун важибдигине, дарра уруунун болсо жайыздыгына далалат кылат. Дарралоо халифанын райына сунуш кылынат. Хадистерди

биргелештирип, турмуш кургандын хады дарралоо жана ташбараӊ болуп белгиленди. Пайгамбар ﷺ Маъизди дарралабаганы туурасындагы Сумранын хадиси Убада ибн Самит риваят кылган:

«وَالثَّيِّبُ بِالثَّيِّبِ جَلْدُ مِائَةٍ وَالرَّجْمُ»

«Жубан үйлөнгөн менен болсо, жүз дарра жана ташбараӊ» хадисти насх кылат делбейт. Себеби, Сумранын хадиси Убаданын хадисинен кийин келгени далилденбеген. Ошондой болгон соӊ, андагы дарралоонун айтылганы аны бекер кыла албайт, өкүмүн насх кыла албайт. Кайсы бир хадистин мурун же кийинкилиги далилденбесе, насх болбойт. Алардын бирин экинчисинен басымдуу кылуучу карина да жок. Кайсы бир хадисте кошумча келген болсо, ошол кошумча важиб эмес, жайыз деп этибар кылынат. Демек, ташбараӊ кылуу важиб. Кошумча т.а. дарралоо болсо жайыз болуп, имамдын өкүмүнө калтырылат». (Китептеги цитата бүттү).

Корутундулап айтканда, үйлөнгөн зына кылуучунун жазасы – өлгөнгө чейин ташбараӊга алуу. Буга далил Пайгамбар ﷺдан эки сахих хадис китепте айтылган сахих хадистер. Бул таъзир бабынан эмес, хаддар бабына кирген жазалардан болуп эсептелет.

Аллах билүүчү жана өкүмдар.

12-мухаррам, 1441-х.

11-сентябрь, 2019-ж.

# Экономикалык

## Товарлардагы сыйлыктар

**Суроо**: азыркы күндөрдө соодагерлер сатып жаткан товарлардын ичине номер формасында белектер салып коюшуда. Бул утуш номерине сыйлык бар. Же сыйлыктын наамы жазылып, аны соодагерден алат, же товардын ичине сыйлыктын өзү салып коюлат, же соодагер кимде-ким баланча өлчөмдө товар сатып алса, ага бир даана кошуп берилет деп жарыя кылат жана ушул сыяктуу.

Бул нерсе байъул гарарга (белгисиз товар соодасына) киреби же жайызбы?

**Жооп**: байъул гарар батыл болуп, сатып алып жаткан товар маалым болушу важып. Эгер, сатып алып жаткан нерсе маалым болсо, бул байъ дурус болот. Эгер, белгисиз болсо батыл болот.

Ал эми, сиз айтып жаткан абалдар ар түрдүү болуп, ошондуктан, анын өкүмдөрү да ар түрдүү:

1 – Белгилүү өлчөмдө товарды сатып алуучуга белек катары кошуп берүү жана ушуга окшош нерселер жайыз. Демек, бул байъ дурус болот, бул нерсе хиба (белек-салам) катарына кирет, бул дурус.

2 – Маалым товардын ичине белгилүү бир сыйлыкты салып койсо, мисалы, кашык жана балдардын сааты сыяктуу же сатып алуучу товардын ичинен таап алгандан кийин ошол сыйлыкты соодагерден алышы үчүн сыйлыктын наамы жазылган кагаз салып койсо, бул байъ дурус. Андыктан, сатып алып жаткан товар белгилүү болсо, бул байъ дурус. Мисалы, бир киши полиэтилен капча сатып алды, анын ичинде кутучалардын ичинде сыйлык болсо, бул байъ дурус. Себеби, полиэтилен капчанын наркын төлөп анын ичинде саат таап алса, ал сыйлык болуп эсептелет. Эгер, таап албаса да дурус болгону сыяктуу дурус болот. Себеби, сатып алуучу полиэтилен капчаны сатып алып, анын наркын төлөгөндөн кийин сатуучу ага сыйлык бериши мажбур эмес. Демек, сатып алуучу капчанын ичиндеги сыйлыкты алса, бул нерсе кудум эч кандай сыйлыкты таап албаган абалда жайыз болгону сыяктуу жайыз.

3 – Ал эми, үстү жабык жана ичиндеги нерсе белгисиз болгон коробкалар соодасына келсек, бул коробкалар боп-бош болушу да, же ичиндеги кыйматы төлөнгөн акчадан жогорураак болгон бирер нерсе, же кыйматы төлөнгөн акчага тең болгон нерсе, же төлөнгөн акчадан азыраак болгон нерсе да болушу мүмкүн. Мындай соода байъул гарар болуп жайыз эмес.

4 – Белгилүү бир товардын ичине номер салып коюлса, бул номердин ээсине сыйлыкты алууда катышуу укугуна келсек, мунун кумар катарына кирүү ыктымалы көбүрөөк. Себеби, кумар жеңген жеңилгенден, же уткан уттургандан алуу болуп саналат. Бир нече тарап катышып уткан

уттургандан бирер нерсе ала турган ар бир иш кумар катарына кирет. Мисалы, бир нече адам карта ойноп, уткан уттургандан бирер нерсе алса, бул кумар болуп, арам эсептелет. Эгер, эки киши ат, же велосипед, же автомашина жарышына катышып, уткан уттургандан бирер нерсе алса, бул да кумар болот.

Эгер, он кишинин аттары, же номерлер жазылган баракты бир кутучага салып, утуш жазылган барак чыккан адам мындай барак чыкпагандардан бирер нерсе алса, бул да кумар болуп, арам.

Эми, сатылган товар ичине салып коюлган, кийин тартып чыгарыла турган номерлерге келсек, көбүрөөк ыктымал ушул, сатуучу бул бул сыйлыктын наркын өз эсебине киргизген болот. Мисалы, тартып чыгарып ала турган миң динар өлчөмүндөгү сыйлык болуп, анын номери элүү. Сатуучу бул сыйлыктын номерин 10 000 кутунун бирине салып, сыйлыктын кыйматын (т.а. миң динарды) он миң кутунун наркына киргизет т.а. бир кутуну бир динарга сатуунун ордуна бир динар он киршке сатат. 10 000 куту сатылгандан миң динар т.а. сыйлыктын наркы пайда болот жана аны уткан кишиге берет. Мындай абалда уткан адам сыйлыкты – мейли, жарыя кылынбаса да – уттургандардын акчасынан алган болот.

Ушул орунда бирер киши мындай деши мүмкүн: сатуучу клиенттерди өз товарын сатып алууга кызыктыруу үчүн сыйлык чыга турган номерлерди салбастан жөнөкөй соода менен сатышы же ой-кыялында сыйлык наркын нарктар айырмаларынан чыгарып алуу жок болушу да мүмкүн го!

Мындай болушу т.а. клиенттерди кызыктыруу үчүн сыйлыкты нарктарды ашырбастан салып коюу ыктымалы бар болсо да, бирок, бул ыктымал алсыз. Айрыкча, сыйлык автомашина же ушуга окшогон чоң-чоң нерсе болсо, мындай ыктымал алсыз болот.

Кандай болбосун, сыйлык утуш чыкпаган номерлердин эсебине болбогон тагдырда да, ал шектүү нерселердин катарына кирет.

Ошондуктан, мен номерлер салынган товарларды сатып ала турган боордошторго бул номерлерди тартып чыгарууда катышпашын жана шайтан аларды васваса кылып, кызыктырып, натыйжада, номерди тартып чыгарууга кызыгып кетпеши үчүн товарлардагы номерди жыртып ташташын кеңеш кыламын.

27-рабиъус-саний, 1428-х.
14-май, 2007-м.

## Товарга эки баа коюлушу тууралуу

**Суроо**: эгер бир киши бир товарды 10 миңге сатып алып, анын бир бөлүгүн дароо төлөсө, калганын мисалы, бир жыл аралыгында бөлүп-бөлүп төлөй турган болсо, ошондон кийин, мисалы, 3 айдан кийин саткан адам келип: калганын (5 миң) бер, миңин кечтим, болгону 4 миңди берсең болду, деп айтса, бул карызды батыраак төлөтүү үчүн карызды өз кыйматынан азыраакка сатуу эсептелеби же карызды сатуу эмес, шарт негизинде кечүү эсептелеби?

Бул жайиз болсо, анда, ал бир соода келишиминде бир товарга эки баа коюунун кандай айырмасы болот?

**Жооп**: фикхте мөөнөтү кечиктирилген карызды анын бир бөлүгүн кечип жиберүү акысына батыраак төлөтүү карызды карыз акысына сатууга эмес, «кечип кой жана батыраак төлөт» деген бөлүмүнө кирет т.а. карызды тезирээк төлөтүү акысына карыздын бир бөлүгүн кечип жиберүү, дегени.

Эми карызды карыз акысына сатууга келсек, мисалы, сиздин бир кишиде миң динарыңыз бар дейли. Андан анын ордуна 100 кг маш сатып ала турган болдуңуз, сизге машты бир айдан кийин бере турган болду. Мында сиз миң динар карызды кийинчерээк бере турган маш акысына саттыңыз т.а. карызды карыз акысына саттыңыз. Бул арам. Себеби, ал карыз акысына сатуу эсептелет. Мындан сырткары ал акча акысына карызды салам кылуу болот. Бул да арам. Себеби, салам кылынган акча башында эле алынышы важиб.

Карызды карызга сатуунун дагы бир көрүнүшүнө мисал: сиздин Алиде миң динарыңыз бар, Вали болсо менден 100 кийим карыздар. Ошондо мен сизге: Валидеги ошол 100 кийимди сизге Алидеги миң динар акчаңыздын акысына саттым, десем, мына ушул карызды карыз акысына сатуу болот.

Бул жерде башка көрүнүштөр да бар, бирок, алардын баары карызды карыз акысына сатуу болот. Бул насыяны насыяга сатуу да деп айтылат.

Карыздар адамдан башкага мындай сатуу бардык уламалар назарында арам. Буга Хаким «Мустадрак»та Ибн Умар ﵄дан риваят кылган ушул хадис далил: Набий ﷺ мындай деди:

«نَهَى عَنْ بَيْعِ الْكَالِئِ بِالْكَالِئِ»

«Калини кали акысына сатуудан кайтарды». Башка риваятта:

«هُوَ النَّسِيئَةُ بِالنَّسِيئَةِ»

«Ал – насыяны насыя акысына сатуу», деп кошумчаланган.

Ал эми, карыздарга карызды карыз акысына сатууга келсек, бул туурасында фукахалар ихтилаф кылышкан, айрымдары буга уруксат берсе, айрымдары арам дейт.

Эми сиздин сурооңузга келсек, ал фукахалар назарында – айтым өткөнүбүздөй – «кечип кой жана батыраак төлөт» бөлүмүнө кирет т.а. карыздын баарын же айрым бөлүгүн тез төлөтүү акысына кечиктирилген карыздын бир бөлүгүн кечип жиберүү дегени. Бул маселе төмөнкүдөй ихтилаф кылынган:

– Айрым фукахалар буга уруксат беришпейт. Алар таянган далилдердин айрымдары ушулар:

1 – Байхакий Сунани Кубродо Микдад ибн Асваддан риваят кылат: Мен бир кишиге жүз динарды салаф кылдым, кийин Расулуллах ﷺ жибере турган кошуун ичинде мен да чыга турган болуп калдым. Ошондо баягы кишиге: Мага токсон динарды тез бер, он динарын кечип жиберем, дедим. Ал: Мейли, деп муну Расулуллах ﷺга айтты. Расулуллах ﷺ:

«أَكَلْتَ رِبًا يَا مِقْدَادُ، وَأَطْعَمْتَهُ»

«Эй Микдад, риба жепсиң жана ага да жедирипсиң», деди.

(Маалымат үчүн: имам Ибн Кайыим «Игосатул Лахфан» китебинде: «Байхакий хадисинин санадында заифтик бар» деген).

2 – Фукахалар мындай дешкен: Белгилүү болгондой, жахилияттагы риба – артка сүрүлүп, кошумчасы менен бериши шарт кылынган карыз болгон. Мөөнөттү созуу акысына кошумча акча берилген. Аллах Таала муну батыл жана арам кылып мындай деди:

﴿وَإِن تُبۡتُمۡ فَلَكُمۡ رُءُوسُ أَمۡوَٰلِكُمۡ﴾

*«Эгер тообо кылсаңар, мал-мүлкүңөр өзүңөргө»* [2:279]

Факихтер дагы мындай дейт: Батыраак мөөнөт ичинде карызды берүү акысына карыздын белгилөө бир бөлүгүн кечип жиберүү да арам. Буга себеп – мөөнөт акысына кошуу же азайтуу.

Бул ишти Ханафийлер, Маликийлер, Шафиийлер, Ханбалийлерден турган жумхур фукахалар арам дешкен, Зайд ибн Сабит, Ибн Умар жана табиъиндердин бир канчасы муну макрух дешкен.

– Айрым фукахалар болсо, ага уруксат беришкен. Алар таянган далилдердин айрымдары ушулар:

1 – Ибн Аббас رضي الله عنهما дан мындай дегени риваят кылынган: Расулуллах ﷺ Бани Назирди чыгарып жибермекчи болгондо, алар: Я Расулуллах, сиз бизди чыгарып жиберүүнү буюрупсуз, биздин адамдарга берген карыздарыбыз бар, аларды төлөөнүн убагы али келген эмес, дешти. Ошондо Расулуллах ﷺ:

«ضَعُوا وَتَعَجَّلُوا»

«(Бир бөлүгүн) кечип жибергиле жана (калганын) тез төлөтүп алгыла», деди. Бул хадисти Хаким «Мустадрак»та риваят кылып, бул иснады сахих хадис, Бухарий жана Муслим келтиришпеген, деген.

(Маалымат үчүн: Захабий «Талхис»те: Занжий заиф, Абдулазиз болсо ишеничтүү эмес, деген. Ибн Кайййим «Ахли зимма өкүмдөрү» китебинде мындай деген: Бул хадистин иснады хасан, анда (кеп-сөз кылынган ровийлерден) Муслим ибн Халид Занжий гана бар, бирок, ал хадис мартабасын хасан даражасынан түшүрбөйт).

2 – Абдуллах ибн Аббас ﵄дын: «Карызыңды батыраак бер, мен анын бир бөлүгүн кечип жиберем, деп айтуу риба эмес, тескерисинче, карызымды кийинчерээк берейин, сага ашыгы менен беремин, деп айтуу риба эсептелет», деген.

Мунун жайиздиги Ибн Аббас, Нахаъий, Хасан жана Ибн Сиринден о.э. имам Ахмаддан да риваят кылынган. Шафиийлердин да айрымдары жайиз дешкен. Ал шайхул Ислам Ибн Таймия жана анын шакирти Ибн Кайййим ыктыяр кылган рай. Ханафий фукахаларынан болгон Ибн Абидин «Дуррул мухтар»га жазган хашиясында келгендей Ибн Абидин ага уруксат берген.

Биз бул маселе боюнча бирер райды табанний кылууну каалабайбыз. Бул суроону берген киши фукахалардан кимдин райын күчтүү деп билсе, ошого таклид кылсын.

Көрүп турганыңыздай, бул маселе накталай сатуу же бөлүп-бөлүп берүүгө сатуу маселесинен айырмаланат. Мисалы, сата турган адам: бул товардын баасы накталай 1000, бөлүп-бөлүп берүүгө 1300 деп, баа анык белгиленбесе, бул жайиз эмес. Себеби, мында баа белгисиз болуп калууда. Ал эми, эгер баа анык белгиленип, кардар: Мен муну баланча акчага нак сатып алам, десе же аны баланча акчага бөлүк-бөлүп берүүгө сатып алам, десе бул жайиз. Себеби, мында баа анык болду жана товар үчүн бир баа белгиленди.

14-сафар, 1434-х.
27-декабрь, 2012-м.

## Алуу-сатуу өкүмдөрү жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух

Биз билгендей, алтынды жана күмүштү же башка ар кандай нерселерди колдон-колго гана сатып алуу жайиз. Бул нерселерди карызга алуу да жайиз эмес. Бирок, биз кээде туз же нанды карызга алабыз. Биздин бул ишибиз арамбы же башкачабы? Муну айкындаштырып беришиңизди каалаймын. Аллах сизге береке берсин.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух…

1 – Расулуллах ﷺ айтты:

«اَلذَّهَبُ بِالذَّهَبِ، وَالْفِضَّةِ بِالْفِضَّةِ، وَالْبُرُّ بِالْبُرِّ، وَالشَّعِيرُ بِالشَّعِيرِ، وَالتَّمْرُ بِالتَّمْرِ، وَالْمِلْحُ بِالْمِلْحِ مِثْلاً بِمِثْلٍ سَوَاءً بِسَوَاءٍ يَداً بِيَدٍ. فَإِذَا اِخْتَلَفَتْ هَذِهِ الْأَصْنَافُ فَبِيعُوا كَيْفَ شِئْتُمْ إِذَا كَانَ يَداً بِيَدٍ»

«Алтынга алтын, күмүшкө күмүш, буудайга буудай, арпага арпа, курмага курма жана тузга туз, окшошуна окшош, теңме-тең, колдон-колго сатылат. Эгер, бул түрлөр ар түрдүү болуп колдон-колго сатылса каалагандай саткыла». Бухарий жана Муслим Убада ибн Сомит ﵁дан риваят кылган.

Соода түрүнө кирген ушул нерселер ар түрдүү болгондо каалагандай сатылышы жайиздигинин далили ачык-айкын келип жатат. Т.а. бул нерселер өзүнүн окшошуна сатылышы шарт эмес, колдон-колго сатылышы шарт. «الْأَصْنَافُ түрлөр» сөзү жалпы мааниде берилген т.а. алты нерсеге жалпы болуп келген жана алар далил менен гана истисна кылынат. Далил болбогон орунда буудайды арпага же буудайды алтынга, арпаны күмүшкө, курманы тузга, курманы алтынга же тузду күмүшкө сатуу – айырбаштоо кыйматы жана баасы канчалык айырмаланбасын – жайиз. Бирок, бул нерселер колдоп-колго сатылышы т.а. карызга сатылбашы керек. Алтын жана күмүшкө ылайык келген нерсе кагаз акчаларга да ылайык келет.

2 – Риба түрүнө кирген нерселерди бири-биринин ордуна колдон-колго сатуу важиб. Эгер бул түрдөгү нерселер т.а. буудай, арпа, туз жана курманы сатып алууда бирер нерсе күрөөгө коюлса колдон-колго болушу важибдигинен истисна варид болгон. Себеби, Муслим Айша ﵂дан риваят кылган хадисте келишинче, Расулуллах ﷺ «Бир яхудийден белгилүү бир мөөнөткө азык сатып алды жана темир соотун күрөөгө берди». Т.а. Расулуллах ﷺ карызга азык сатып алды, бирок, күрөөгө нерсе берди. Хадисте:

«اَلطَّعَامُ بِالطَّعَامِ مِثْلاً بِمِثْلٍ وَكَانَ طَعَامُنَا يَوْمَئِذٍ الشَّعِيرُ»

«Тамакка тамак, окшошуна окшошу сатылат. Ошол күндөрдө биздин тамагыбыз арпа болгон» деп келгендей, алардын тамагы ошол убакта риба түрүнө кирген нерселерден болгон. Ушуга ылайык, эгер сатуучуга

бирер нерсе күрөөгө калтырылган болсо риба түрүнө кирген бул төрт түрдөгү нерселерди карызга сатып алуу жайиз болот.

3 – Эгер карызга алуучу менен карызга берүүчү бири-бирине ишенишсе күрөөгө кажет жок. Буга Аллах Субханаху ва Тааланын ушул сөзү далил болот:

﴿وَإِن كُنتُمْ عَلَىٰ سَفَرٍ وَلَمْ تَجِدُوا۟ كَاتِبًا فَرِهَٰنٌ مَّقْبُوضَةٌ ۖ فَإِنْ أَمِنَ بَعْضُكُم بَعْضًا فَلْيُؤَدِّ ٱلَّذِى ٱؤْتُمِنَ أَمَٰنَتَهُۥ وَلْيَتَّقِ ٱللَّهَ رَبَّهُۥ﴾

*«Эгер сапарда болсоңор жана жазуучу таба албасаңар, кол менен кармала турган күрөө алгыла. Эгер бири-бириңерге аманат койсоңор, аманат коюлган (киши) аманатын аткарсын жана Роббиси Аллахтан корксун!»* [2:283]

Бул аят карима, эгер карызга берүүчү менен карызга алуучу бири-бирине ишенсе сапарда күрөөгө нерсе коюлушуна кажет жоктугун түшүндүрөт. Бул – Аллах Субханаху ва Таала:

﴿فَإِنْ أَمِنَ بَعْضُكُم بَعْضًا فَلْيُؤَدِّ ٱلَّذِى ٱؤْتُمِنَ أَمَٰنَتَهُۥ﴾

*«Эгер бири-бириңерге ишенсеңер, ишенилген (киши) аманатты аткарсын»* [2:283]

дегендей – эгер алар бири-бирине ишенсе риба түрүнө кирген төрт нерсени т.а. буудай, арпа, туз жана курманы карызга берүүдө күрөөгө нерсе коюуга кажет жоктугуна да ылайык келет. Себеби, мындай абалда күрөөгө нерсе коюлушуна кажет жоктугуна аят ачык-айкын далалат кылып жатат.

4 – Ушуга ылайык, риба түрүнө кирген төрт нерсени т.а. буудай, арпа, туз жана курманы күрөөгө нерсе коюу акысына же бири-бирине ишенишсе күрөөгө нерсе койбостон карызга сатып алуу жайиз. Бирок, бул үчүн ишенич зарыл болгондуктан, карызга берүүчү менен карызга алучу бири-бирин таанып, бири-бирине ишениши керек болгону үчүн – бул болсо, ар дайым эле ишке аша бербейт – мусулман адам арамга жакын болуп калбоо максатында риба түрүнө кирген бул нерселерди карызга сатып албаганы абзел. Бири-бирине болгон ишенич анык, катъий болсо гана, сатуучу жана сатып алуучу ар бири мындан кадыржам болсо гана бул нерселерди карызга сатып алуу жайиз болот. т.а. сиз сураган тузду карызга сатып алуу, эгер аят каримадагы:

﴿فَإِنْ أَمِنَ بَعْضُكُم بَعْضًا﴾

*«Эгер бири-бириңерге ишенсеңер»* шарты жүзөгө чыкса гана жайиз.

5 – Маалымат үчүн: Ибн Батталдын Сахихи Бухарийге жазган шархынын «белгилүү бир мөөнөткө тамакты сатып алуу» бөлүмүндө мындай делет: «Белгилүү бир мөөнөткө жана белгилүү бир баага тамакты сатып алуунун жайиздиги туурасында илимдүүлөр арасында ихтилаф жок».

Жазирийдин «Төрт мазхабдагы фикх» китебинде мындай делет: «Эгер, эки товардын бири акча, экинчиси тамак болсо (төлөмдү) кечиктирүүгө мүмкүндүк берилет».

Ибн Кайийим «Мугний»де бул төрт түрдөгү нерсени бири-бирине карызга сатуунун арамдыгы жөнүндө сүйлөп мындай дейт: «Бул нерселер акчага же башка аялдардын жасалгалары үчүн сатылса гана (жайиз), себеби, муктаждык ушуну талап кылат».

22-шаввал, 1434-х.
29-сентябрь, 2013-м.

## Муробаха келишими жөнүндө

Суроо: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Урматтуу амирибиз жана шейхибиз Ато ибн Халил Абу Рушта, менин суроом төмөнкүдөй: Муробаха келишиминин өкүмү кандай: жайизби, же фасидби, же батылбы? Боордоршторубуз муробаха келишимин түзүшкөн эле. Бир аз убакыт өткөндөн кийин бул келишимдин жайиз эместигин билишти. Капитал берген биринчи тарап сарптаган капиталын о.э. пайданын бир бөлүгүн алып койду. Азыр болсо, бул келишимдин жайиз эместигин билгенден кийин пайданын калганын да талап кылууда.

Адал жана арамдык жагынан бул келишимдин табияты кандай болот? Бул акчалар адалбы же арамбы? Капитал берген тарап бул капиталды жана пайданын бир бөлүгүн алып алгандан кийин калган пайданы да талап кылууга акысы барбы? Акыйкатта болсо, бул боордоштор «Амалдардагы асл – шаръий өкүм менен чектелүү» коидасын билишет.

Бизге ушул маселени түшүндүрүп бериңиз. Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Сурооңузда келгендей, сиз капитал ээси акчасын экинчи тарапка соода же башка иш кылышы үчүн беришин жана бул шерик капитал ээсине кепилденген пайданы беришин муробаха деп атагансыз. Бул, Исламда жайиз эмес. Ислам уруксат берген нерсе мындай: капитал ээси капиталын экинчи тарапка соода үчүн берет, ал эми, түшкөн пайда – эгер киреше болгон болсо – алдын ала келишилген үлүштөр боюнча алардын ортосунда бөлүштүрүлөт. Эгер, пайда жок болсо, анда, эч бир тарап эч нерсе албайт. Эгер зыян болсо, зыянды капитал ээси көтөрөт. Эмгек кылган экинчи тарап болсо эмгегине күйөт. Жогоруда айтып өткөнүбүздөй, капитал ээсине белгилүү бир көлөмдөгү кепилденген киреше белгиленбейт.

Исламда музораба келишими бар. Музораба – бул акча менен эмгек ортосундагы ширкаттын (компания) бир түрү. Ширкат – шарият уруксат берген мамилелерге кирет. Абу Хурайрадан риваят кылынган хадисте Набий ﷺ айтты:

«إِنَّ اللَّهَ يَقُولُ: أَنَا ثَالِثُ الشَّرِيكَيْنِ، مَا لَمْ يَخُنْ أَحَدُهُمَا صَاحِبَهُ، فَإِذَا خَانَهُ خَرَجْتُ مِنْ بَيْنِهِمَا»

«Аллах Таала айтты: Эгерде эки шерик бири-бирине кыянат кылбаса, Мен алардын үчүнчүсүмүн. Эгер, алардын бири шеригине кыянат кылса, Мен алардын арасынан чыгамын». Абу Давуд риваяты. Сахабалар ﷺ музорабанын жайиздигине ижма кылышкан. Ибн Абу Шайбанын Мусаннафинде келишинче Умар ؓ жетимдин малын музорабага берген. Музарабадагы пайдага келсек, ал эки шериктин келишилген

шартына ылайык бөлүштүрүлөт. Зыян болсо, малдын мойнуна түшөт. Абдурраззак Санъаний өзүнүн Мусаннафында Али ﷺдан музораба жөнүндөгү: «Зыян малга түшөт, пайда болсо шериктердин шартына ылайык болот» деген сөзүн риваят кылган.

Шариятта муробаха термини сатуу жана сатып алууда колдонулат жана иш (эмгек) келишимдеринде колдонулбайт. Аны иш келишимдеринде да колдонуп жаткандар аны шаръий ордунан башка орунда колдонуп жатышат. Себеби, муробаха сөздүктө пайда алууну түшүндүрөт т.а. «малды муробахага (пайдалуу) саттым» же «аны муробахага сатып алдым» деп айтылат.

Терминде сатуучу малын өзү сатып алган көлөмгө белгилүү бир пайданы кошуп сунуш кылышына (мисалы: бул 100 сомго түштү, үстүнө 20 сом кошуп ал деши) муробаха деп аталат. Ал аманат (ишенич) соодасы катарына кирет, мында сатуучунун малды сатып алган баасын айтуудагы чынчылдыгына таянылат.

Муробаха шаръий түрдө жайиз. Себеби, ал сатуучу сатып алган баага кошумча пайда кошулуп сатылууда. Эгер сатуучу: «Мен сизге бул малды өзүм сатып алган бааны үстүнө пайда коюп саттым» деп кардарга бааны маалым кылса же кардар муну кабыл кылса, бул – жайиз. Себеби, бул белгилүү (ачык-айкын) байъ (соода) болуп эсептелет.

19-ражаб, 1434-х.
29-май, 2013-м.

## Ислам банктары муробаха деп атаган нерсе тууралуу

**Суроо**: ассаламу алайкум. Биз мурабаханы түшүнүбүзчө, шарият ага жол берээрин билебиз, бирок мен Ислам банктарындагы мурабаханын азыркы чындыгы шариятка карама-каршы келет деп эсептейм, айрыкча Фалестиндеги банктар арасындагы мурабаха. Эгерде, кардар товарды соодагерге белгилеп жана аны менен баасын макулдашып, банк менен келишим түзсө, анда банк товарды сатып алып, кардарга жеткирип берет, ал эми, банк товарды (күрөөгө алуу аркылуу) ипотекага берет, мейли батир, унаа же башка болсун, айырмасы жок. Андан кийин товарга ээлик кылуу – товардын баасына барабар сумма төлөнгөндөн кийин, төлөө мезгилине жараша аныкталган сумма же пайыз төлөнгөндөн кийин – өткөрүлүп берилет жана банк бүтүм чыгымдарынын (транзакциялык чыгым) акысына кошулган суммаларды да эсептейт. Ушул сыяктуу келишимдер тууралуу Ислам өкүмүн түшүндүрүп берсеңиз? Аллах ыраазы болсун.

**Жооб**: Ассаламу алайкум рохматуллоохи уа баракаатуху.

Сенин сурооң үч нерсени камтыйт:

Биринчи: мурабаха жана анын өкүмү.

Экинчи: Ислам банктары мурабаха деп атап жаткан нерсе.

Үчүнчүсү: сатылып алынган товарды күрөөгө алуу маселеси.

Булардын баяны төмөнкүдөй:

Мурабаханын акыйкаты жана анын өкүмү жөнүндө хижрий 1434-жылы 19-ражабда, миладий 2013-жылы 29-майда берилген суроонун жообунда ушуларды айтып өткөнбүз:

«Мурабаханын лексикалык мааниси киреше табууну билдирет. Мындай деп айтылат: Мен буюмду пайдалуу саттым же пайдалуу сатып алдым.

Терминологияда: сатуучу өз товарын сатуу үчүн өз баасына белгилүү бир пайданы кошуп сунушташы мурабаха деп аталат. Бул аманат сатуунун бири, мында сатуучунун товарды сатып алган баасын айтуудагы чынчылдыгына жараша болот.

Шарият боюнча буга уруксат берилген, анткени, бул сатуучу пайда табуу үчүн сатып алган баасына баа кошуп сатуу болуп саналат. Эгер сатуучу: «Мен сизге бул товарды өзүм сатып алган бааны үстүнө пайда коюп саттым» деп кардарга бааны маалым кылып жана кардар муну кабыл алса, бул жайиз. Анткени, ал маалым болгон соода». (цитата бүттү).

Мурабаха деп аталган Ислам банктарындагы соода жөнүндөгү суроонузга хижрий 1434-жылы 24-ражабда, миладий 2013-жылы 3-июндагы суроо-жоободо кеңири токтолгонбуз:

«Мурабаха деп аталган Ислам банктарынын операциясы шариатка каршы келген келишим болуп эсептелет.

Анын эң көрүнүктүү жагдайлары:

Биринчиси: банк сатып алуучу менен сатуу келишимин банк унаа же муздаткыч сатып алганга чейин түзөт. Пайгамбар ﷺ киши өзү ээлик кылбаган нерсени сатуудан кайтарган.

فعَنْ حَكِيمِ بْنِ حِزَامٍ، قَالَ: قُلْتُ: يَا رَسُولَ اللَّهِ، يَأْتِينِي الرَّجُلُ يَسْأَلُنِي الْبَيْعَ، لَيْسَ عِنْدِي مَا أَبِيعُهُ، ثُمَّ أَبِيعُهُ مِنَ السُّوقِ فَقَالَ: «لَا تَبِعْ مَا لَيْسَ عِنْدَكَ» رواه أحمد

Хаким бин Хизаам ؓ айтты: «Йа Расулуллах, мага бир киши келип менде жок нерсени сатышымды сурады, кийин мен аны базардан алып ага саттым». Пайгамбар ﷺ айтты: «Өзүңдө жок нерсени сатпа». (Ахмад риваяты). Бул адам бир киши ага келип, анда жок товарды сатууну сурагандыгын жана ал базарга барып аны сатып алып, кийин ага саткандыгы тууралуу Пайгамбар ﷺдан сурап жатат. Пайгамбар ﷺ аны өзүндө жок нерсени сатуудан кайтарды. Өзүндө болгон товарды гана сатып алуучуга сунуштоо керек, сатып алуучу кааласа сатып алат же сатып албайт.

Муну тактоо үчүн биз мындай дейбиз: банкка барган адам каржылык насыя сурайт. Банк андан эмне үчүн насыя же накталай акча сурап жатканын сурайт, киши муздаткыч, унаа же кир жуугуч машина сатып алаарын айтат. Ошентип, банк ага муздаткыч сатып алып берип, аны белгилүү бир баада бөлүп-бөлүп төлөө шарты менен сата тургандыгы жөнүндө аны менен келишим түзөт. Бул келишим банк муздаткычты сатып алганга чейин милдеттүү түрдөгү келишим болуп калат, андан кийин банк барып, адамга муздаткыч сатып берет. Адам муздаткычты банктан сатып алуудан баш тарта албай калат. Анткени, банк менен түзүлгөн келишим муздаткыч банктын менчигине өткөнгө чейин түзүлгөн.

Банк муздаткычты сатып алгандан кийин аны сатып алуучуга сатат деп айтылбайт. Анткени, банктын сатып алуучу менен түзгөн келишими банк товарларды сатып алганга чейин милдеттүү болуп түзүлгөн, бул, банк товарды сатып алгандан кийин сатып алуучу аны банктан сатып алуудан баш тарта албастыгын көрсөтүп турат. Банк аны сатып алганга чейин келишим милдеттүү түрдө болуп түзүлгөн.

Эгерде, банктын муздаткычтары бар дүкөнү болуп, банк аны сатып ала турган адамга сунуштаса, сатып алуучу башка дүкөндөрдөн сатып алгандай эле, кааласа аны сатып ала алса же каалабаса аны сатып албай койо алса, бул учурда бөлүп-бөлүп төлөө соодасы жаиз болот.

Экинчи: эгер сатып алуучу бөлүп төлөө учурунда төлөмдөрдүн белгилүү бир бөлүгүн кечиктирип берсе, анда сатып алуучунун карызынын үстүнө сумма кошулат. Бул насыя сүткордугу деп аталат. Бул

тарабынан да мурабаха деп аталган Ислам банктарынын операциясы жаиз эмес. Бул Ислам келгенге чейинки жахилият доорунда кеңири жайылган көрүнүш болгон. Эгерде, карызды төлөөнүн акыркы мөөнөтү келип, карыздар адам карызды төлөй албай калса, анда ал мөөнөт кийинкиге жылдырылып, карызы көбөйтүлгөн. Ислам келип, ага биротоло тыюу салды. Карыз берүүчү адам кудуретсиз болуп калган карыздар адамга карыздын үстүнө сумма кошпостон карыздын мөөнөтүн узартат. Аллах айтат:

وَإِن كَانَ ذُو عُسْرَةٍ فَنَظِرَةٌ إِلَىٰ مَيْسَرَةٍ ۚ وَأَن تَصَدَّقُوا خَيْرٌ لَّكُمْ إِن كُنتُمْ تَعْلَمُونَ

*«Эгер, карыз болгон киши оор абалда болсо, байыганга чейин күткүлө! Эгер, билсеңер садака кылып жиберишиңер өзүңөр үчүн жакшыраак»* [2:280]

Ошондуктан, жогоруда айтылып өткөндөй, банктар менен мындай алака кылуу жаиз эмес». (цитата бүттү).

Сатылып алынган товарды бардык бөлүгүн бөлүп төлөгөнгө чейин күрөөгө коюу маселесине келсек, биз бул тууралуу хижрий 1436-жылы 6-шаъбанда, 2015-жылы 24-майда толук жооп бергенбиз:

«...Бул маселе фихта (сатылган товарды анын баасына карата күрөөгө алуу) деген аталышта белгилүү. Башкача айтканда, сатылган нерсе – сатып алуучу анын баасын төлөгөнгө чейин – күрөөгө алынуусу. Эгерде сатуучу менен сатып алуучу Расулуллах айткандай болсо, анда бул маселе жаралбайт. Бухари Жабир бин Абдуллах ﵄дан риваят кылган хадисте айтылат:

«رَحِمَ اللَّهُ رَجُلاً سَمْحاً إِذَا بَاعَ، وَإِذَا اشْتَرَى، وَإِذَا اقْتَضَى»

«Аллах бир кишиге ырайым кылсын, эгер ал сатканда, сатып алганда жана карызын доолаганда жеңилдик кылса».

Бирок, кээ бир учурда товарды биринчи алуу же анын акчасын биринчи төлөө тууралуу келишпестиктер жаралат. Соода-сатык келишиминен кийин сатуучу товарды конфискациялап алышы мүмкүн б.а. баасын төлөп бергенге чейин аны күрөөгө алуу маселесин көтөрөт. Анан ушул маселе келип чыгат. Бул маселе факихтер арасында ар түрдүү. Алардын айрымдары шарт менен ага уруксат беришсе, кээ бири уруксат бербейт. Бир учурда уруксат берип, башка учурда уруксат бербегендер да бар...

Бул маселени изилдеп чыккандан кийин менин басымдуу көргөн тарабым төмөнкүдөй:

Биринчи, сатыла турган товардын түрү:

1. Сатылып жаткан нерсе өлчөнүп, ченелип, тартыла турган нерсе болуусу... Күрүч сатуу, пахта сатуу, кездемелерди сатуу ж.б.у.с.

2. Сатыла турган нерсе өлчөнүп, ченелбей турган нерсе болуусу.... Машина, үй, мал сатуу ж.б.у.с.

Экинчиси, сатуунун баасы.

1. Накталай болушу б.а. нак акчага, мисалы, товарды жеринде төлөп он миңге сатып алуу.

2. Белгилүү бир мөөнөткө насыяга сатып алуу, товарды он миңге сатып алуу жана аны бир жылдан кийин төлөө сыяктуу.

3. Бөлүп-бөлүп төлөө шарты менен сатып алуу, бир бөлүгүн жеринде берип, калган бөлүгүн кийинкиге калтыруу, мисалы, товарды сатып алып, биринчи беш миңин төлөп, калганын бир жылдан кийин төлөө, же ай сайын бөлүп төлөп сыяктуу...

Үчүнчүсү, шарий өкүм жогоруда айтылган маселелер боюнча айырмаланат:

Биринчи жагдай: сатылып жаткан нерсе өлчөнбөгөн, ченелбеген нерсе болуусу... б.а. үй, унаа же мал сатуу сыяктуу.

1. Баасы накталай, башкача айтканда, он миңге унаа сатып аласың дегенди билдирет жана муну келишимде тастыкташ керек.

Мындай учурда сатуучу товарды күрөөгө алып калуусу жайиз. Башкача айтканда, келишимге ылайык чукул баа төлөнмөйүнчө, аны күрөөгө алып калуу. Буга далил Тирмизи риваят кылган жана аны хасан хадис деген. Абу Умама ﵁ айтты: Пайгамбар ﷺ коштошуу ажылыгында мындай дегенин уктум:

«الْعَارِيَةُ مُؤَدَّاةٌ، وَالزَّعِيمُ غَارِمٌ، وَالدَّيْنُ مَقْضِيٌّ»

«(Ижарага албастан) убактылуу пайдаланылган нерсе (ээсине кайтарылат) кепилдикке алуучу (кепилдикке алганына жоопкер) карыз төлөнүшү (керек)».

Хадисти далил кылуунун жолу Пайгамбар ﷺдын «карыз төлөнүшү (керек)» деген сөзү. Эгерде, сатып алуучу товарды баасын төлөгөнгө чейин алса, анда ал карыз катары сатып алган болот. «Карыз төлөнүшү керек». Башкача айтканда, сатып алуу накталай болгон учурда карызды төлөө башкы орунда. Тактап айтканда, келишимдеги баа тез арадагы накталай болгондо, анын баасы биринчи төлөшү керек. Ал-Касани Бадаа ас-Санъиде хадисти чечмелеп мындай деди: «Пайгамбар ﷺдын «карыз төлөнүшү (керек)» деген сөзү жалпы түрдөгү карыздын төлөнүшү керектигин сыпаттады. Эгер, сатылып алынган товардын баасы кечиктирилсе, анда карыз төлөнүшү керек деген наска тескери келет.

Ушуга ылайык, сатуучу сатып алуучу товардын баасын төлөп бермейинче, товарды күрөөгө алып калуусу жаиз. Ошондуктан, бул жерде карыз болуу жок болот, бул келишимге дал келет, анткени сатуу карыз боюнча болгон эмес, тескерисинче накталай баада болгон.

2. Насыяга сатуу, бир жылдан кийин төлөп он миңге унаа сатып алуу сыяктуу бааны кийинкиге калтыруу. Бул учурда товарды анын баасын төлөнгөнгө чейин кармоого болбойт, анткени анын баасы

сатуучунун макулдугу менен келишимге ылайык кийинкиге калтырылган. Товардын баасы кийинкиге калтырылган баага сатып жибергенден кийин, анын баасын камсыздоо үчүн аны күрөөгө алып калуу жаиз эмес. Анткени, сатуучу товарды күрөөгө алып калуу укугунан ажырады. Демек, ал товарды кармабайт, тескерисинче, сатып алуучуга өткөрүп берет.

3. Баанын бир бөлүгү тездетилип берилип, калган бөлүгү кийинкиге жылдырылгандай, унаанын беш миңин жеринде төлөп, калганын бир жылдан кийин берип же бөлүп-бөлүп берүү аркылуу сатып алуу сыяктуу.

Бул учурда сатуучу жеринде төлөнө турган беш миң төлөнгөнгө чейин товарды күрөөгө кармап кала алат. Андан кийин, кийинкиге жылдырылган төлөмдөрдү өндүрүү үчүн ал товарды күрөөгө кармап кала албайт. Мунун баянын 1-2-пунктуларда айтып өттүк.

Жыйынтыктап айтканда, сатуучу товарды тез арада төлөнө турган накталай баа төлөнгөнгө чейин күрөөгө кармап турса болот. Башкача айтканда, сатуу келишими тез арада төлөнө турган болсо. Бул учурда сатуучу соода-сатык келишимине ылайык чукул бааны сатып алуучу төлөп бермейинче, аны өзүндө күрөөгө кармап кала алат.

Ошол сыяктуу эле, сатуучу соода-сатык келишимине ылайык сатып алуучу тездетилген төлөм жүргүзмөйүнчө, товарды өзүндө күрөөгө кармап тура алат.

Бул жерде сатып алуучу товарларына ээлик кылардан мурун, башкача айтканда, ага ээлик кылардан мурун кантип күрөөгө койо алат делбейт? Себеби, күрөө сатылышы мүмкүн болгон нерселерге гана иштейт. Расулуллах ﷺдын хадисине таянып, сатылып алынган товар ага ээлик кылынгандан кийин гана сатылышы мүмкүн.

Байхаки Ибн Аббастан риваят кылган, ал мындай дейт: Расулуллах ﷺ Атаб Ибн Усидге айтты:

«إني قد بعثتك إلى أهل الله، وأهل مكة، فانههم عن بيع ما لم يقبضوا».

«Мен сени Мекке элине жөнөтүп жатамын. Аларды өздөрү ээлик кылбаган нерселерди сатуудан тыйгын».

Табарани Хаким бин Хизамдан риваят кылган хадис:

قَالَ: يَا رَسُولَ اللهِ، إِنِّي أَبِيعُ بُيُوعاً كَثِيرَةً، فَمَا يَحِلُّ لِي مِنْهَا مِمَّا يَحْرُمُ عَلَيَّ؟ فَقَالَ :لَا تَبِيعَنَّ مَا لَمْ تَقْبِضْ»

«Йа, Расулуллах, мен көп нерселерди сатамын. Анын кайсылары мага адал, кайсылары арам?». Айтты: «Өзүң ээлик кылбаган нерсени сатпа».

Бул хадистерде ээлик кылбаган нерселерди сатууга ачыктан-ачык тыюу салынган, анан кантип сатып алынып жаткан нерсени ага ээлик кылбай жатып аны күрөөгө коёт делбейт.

Андай делбейт, анткени бул эки хадис өлчөнүп ченеле турган нерселер тууралуу келген... Бирок, эгер ченелип өлчөнбөй турган

нерселер, мисалы, үй, унаа жана мал сыяктуу болсо, анда, аны сатып алганда аны колго ала электен мурун сатууга болот. Бухари риваяты Ибн Умардан ﵄:

قَالَ: كُنَّا مَعَ النَّبِيِّ ﷺ فِي سَفَرٍ، فَكُنْتُ عَلَى بَكْرٍ صَعْبٍ لِعُمَرَ، فَكَانَ يَغْلِبُنِي، فَيَتَقَدَّمُ أَمَامَ الْقَوْمِ، فَيَزْجُرُهُ عُمَرُ وَيَرُدُّهُ، ثُمَّ يَتَقَدَّمُ، فَيَزْجُرُهُ عُمَرُ وَيَرُدُّهُ، فَقَالَ النَّبِيُّ ﷺ لِعُمَرَ: «بِعْنِيهِ»، قَالَ: هُوَ لَكَ يَا رَسُولَ اللَّهِ، قَالَ: «بِعْنِيهِ»، فَبَاعَهُ مِنْ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ، فَقَالَ النَّبِيُّ ﷺ: «هُوَ لَكَ يَا عَبْدَ اللَّهِ بْنَ عُمَرَ، تَصْنَعُ بِهِ مَا شِئْتَ»

«Пайгамбар ﷺ менен бирге сапарда болдук, мен Умардын азоо төөсүнүн үстүндө элем. Ал мага ооздук бербей улам сайын алдыга оозуп кетип жатты, аны Умар ооздуктап артка кайтарып жатты. Пайгамбар ﷺ Умарга: «Аны мага сат», - деди, Умар: «Ал сеники, йа Расулуллах», - деди. Пайгамбар ﷺ айтты: «Аны мага сат», Умар аны Расулуллахка сатты. Пайгамбар ﷺ айтты: «Ал сеники, эй Умардын баласы Абдуллах, аны эмне кылсаң өзүң билесиң». Бул хадисте сатылып алынган нерсени колго ала электен мурун тартуу кылып жиберилгендиги айтылды. Ошондой эле, сатылып алынган нерсеге колго ала электен мурун толук ээлик кылуу укугуна ээ экендигине жана аны сатуу жаиз экенидигине далалат кылат.

Ушуга ылайык, сатылып алынган нерсени колго ала электен мурун сатууга уруксат берилген шартта, ага ээлик кылганга чейин күрөөгө коюуга болот. Бирок, бул сатып алынган нерсе унаа, үй, мал сыяктуу өлчөнбөй ченелбей турган нерсе болсо гана... Соода тез арада төлөнө турган баада түзүлгөн болсо же сатуу келишиминде төлөмдүн бир бөлүгү тездетилген бөлүктө бериле тургандыгы көрсөтүлгөн болсо, келишимде көрсөтүлгөн төлөм жүргүзүлгөнгө чейин сатылган нерсени күрөөдө кармап тууру жаиз.

Экинчи жагдай: сатылган нерсе өлчөнүп, таразага тартыла турган нерсе болуусу, күрүчтү, же пахтаны, же кездемелерди... сатып алуу сыяктуу. Мындай учурда, баанын вакыйына карабастан, анын баасы накталай, же насыя, же бөлүп-бөлүп төлөө шарты менен болсун, айырмасыз, аны күрөөгө алып калуу жайиз эмес.

Эгер, бааны төлөө кийинкиге калтырылган болсо да, жогоруда түшүндүрүлгөндөй, товарды күрөөгө алып калуу жаиз эмес.

Эгерде баа накталай болсо да товарды күрөөгө кармап туруу жаиз эмес. Себеби, жогоруда айтылган Пайгамбарыбыздын хадисине ылайык, ченелип, өлчөнө турган нерсени анын баасы төлөнгөнгө чейин күрөөгө алууга болбойт. Бул жерде товарды накталай акчага сатуучу эки нерсенин ортосунда: же ал товарды тез арада төлөнө турган баада сатып, аны сатып алуучуга берет жана баасын дароо береби же бираздан кийин береби айырмасы жок, товарды күрөөгө койбостон чыдайт; же ал

товарларды сатпайт б.а. эч кандай шартта товарларды күрөөгө койбостон товарын сатпай койот.

Ушуга ылайык, эгерде сатуу келишими өлчөнүп, ченеле турган нерсени токтоосуз же кийинкиге калтырылган тартиптеги баа менен бүтсө, анда сатуучу товардын баасы төлөнгүчөктү деп аны күрөөгө алып калбастан сатып алуучуга берет. Башкача айтканда, сатуучу товардын баасы төлөнгөнгө чейин аны күрөөөгө алып кала албайт. Аны токтоосуз сатып алуучуга өткөрүп берет.

Ушул менен басымдуу көргөн пикирим. Аллах билүүчү жана өкүмдар.

Ушулардын бардыгы сиздин суроонузга толугу менен жооп болот, Аллах ийгилик берүүчү.

12-мухаррам, 1442-х.
31-август, 2020-м.

## Шарт коюлган соода келишими тууарасында

**Суроо**: сатылган товар акчасын ай сайын бөлүп-бөлүп төлөө белгиленип о.э. штраф шарты көрсөтүлгөн болсо, бул шарт боюнча – эгер сатып алган кардар төлөмдү төлөй албай же өз убагында төлөөнү кечиктирсе – төлөмдүн баасы көтөрүлүп кете турган болсо, бул келишим шаръий болобу?

**Жооп**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

Соода келишими кечиктирилип бериле турган т.а. бөлүп-бөлүп төлөнө турган баа менен, тез (накталай) бериле турган баа менен да жайиз. Бирок, сатып алган кардар бааны төлөөгө кудуретсиз болуп калса, бааны көтөрүү жайиз эмес. Эгер, төлөм бай адам тарабынан кечитирилип жаткан болсо, анда, мамлекет тарабынан ага жаза белгиленет т.а. анын үстүнөн төлөмдү кечиктирүү доо арызы коюлат. Абу Давуд Амр ибн Шаридден, ал атасынан, атасы Расулуллах ﷺдан риваят кылды. Расулуллах ﷺ мындай дейт:

«لَيُّ الْوَاجِدِ يُحِلُّ عِرْضَهُ، وَعُقُوبَتَهُ»

«Бай, төлөөгө кудуреттүү кимсе төлөмдү созуп жүрсө, анда, ага бул жөнүндө орой айтуу жана жаза колдонуу адал болот» (бул жөнүндө орой айтуу т.а. төлөмдү кечиктирдиң деп орой сүйлөө).

Эгер, төлөмдү кечиктирүүгө кембагалдык (төлөөгө кудуретсиздик) себеп болуп жаткан болсо, анда, убакыт ага берилет. Аллах Субханаху айтты:

﴿وَإِن كَانَ ذُو عُسْرَةٍ فَنَظِرَةٌ إِلَىٰ مَيْسَرَةٍ﴾

*«Эгер (карыздар) начар болсо, байыганга чейин күткүлө!»* [2:280]

Т.а. төлөм мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу үчүн мөөнөт берилет…

Ушуга ылайык, эгер, соода келишими накталай берүү же бөлүп-бөлүп төлөө шарты менен түзүлгөн болсо, анда, баа эки тарапка тең мажбурий болуп калат. Ошондуктан, баа – төлөөгө кудуреттүү болбой калганы үчүн – көтөрүлбөйт. Антпесе, риба болуп калат. Рибанын бул түрү жахилиятта кеңири жайылган болчу. Шафиийден мындай дегени риваят кылынган: «Жахилият рибасынын бири ушул эле, карызды кайтаруунун убагы келгенде карыз берген адам карыздарга: карызды төлөйсүңбү же риба кыласыңбы (көбөйтүп бересиңби), дечү. Төлөм кийинкиге сүрүлсө, анда, төлөмдүн баасы көтөрүлгөн».

Кыскасы, баштапкы келишилген баа эки тарапка тең мажбурий. Убагында төлөй албаганы үчүн бааны көтөрүү жайиз болбойт, төлөмдү төлөө үчүн мөөнөт берип бааны көтөрүү да жайиз эмес. Антпесе, риба болуп калат.

27-ражаб, 1434-х.

6-июнь, 2013-м.

## Аукцион туурасында

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллахи ва барокатух.

Фазилеттүү шейхибиз жана улуу аалымыбыз, абалыңыз кандай? Абалыңыз жакшы деп Аллахтан деп үмүт кыламын.

Суроо: аукциондун жалпы токтому өткөрүлөт. Анда соодагерлер ортосунда өтө ашыкча баалар коюлуп, эң акыркы баа негизги баадан көп эсеге ашып кетет, натыйжада кээ бир соодагерлер зыян тартышат. Соодагердин бааны кээде өз атаандашынын зыян тартышына жана банкрот болушуна алып бара турган даражада көтөрүшү шаръий жактан жайизби? Ушуну да далилдер менен кеңири баян кылып берсеңиз. Аллах сизге береке берсин.

Экинчи суроо: Бааны өтө эле көтөрүп жиберүүдөн сактануу үчүн жалпы же жекече токтом туурасында аукцион өткөрүлүшүнөн мурда соодагерлер ортосунда келишим болот т.а. кээ бирлери башкаларына акча беришет, аукциондо ортолорунда баа көтөрүлүп кетпесин үчүн же баа чектен ашык даражага жетпесин үчүн ушундай кылышат. Соодагерлердин өз ара бири-бирине акча беришинин өкүмү кандай? Бул соода ишкердигинин өкүмү кандай? Муну да далилдер менен кеңири баян кылып берсеңиз. Аллах сизди бардык жакшылыктар менен сыйласын.

Суроолор узарып жана көбөйүп кеткени үчүн сизден кечирим сураймын. Аллах сизге жардам берсин, сиздин колуңуз менен фатх жана нусрат берсин

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллахи ва барокатух

Аукцион жөнүндөгү суроoңузга келсек:

1 – Аукцион жайиз. Т.а. сатуучу өз товарын кардарларга сунуш кылат жана аны көбүрөөк төлөгөн кишиге сатат. Мунун далили төмөнкүдөй:

Ибн Мажа Анас ибн Маликтен төмөнкүнү чыгарды:

«أَنَّ رَجُلاً مِنْ الأَنْصَارِ جَاءَ إِلَى النَّبِيِّ صلى الله عليه وسلم يَسْأَلُهُ فَقَالَ: لَكَ فِي بَيْتِكَ شَيْءٌ؟ قَالَ: بَلَى،حِلْسٌ نَلْبَسُ بَعْضَهُ وَنَبْسُطُ بَعْضَهُ وَقَدَحٌ نَشْرَبُ فِيهِ الْمَاءَ، قَالَ: ائْتِنِي بِهِمَا، قَالَ: فَأَتَاهُ بِهِمَا، فَأَخَذَهُمَا رَسُولُ اللَّهِ صلى الله عليه وسلم بِيَدِهِ ثُمَّ قَالَ: مَنْ يَشْتَرِي هَذَيْنِ؟ فَقَالَ رَجُلٌ: أَنَا آخُذُهُمَا بِدِرْهَمٍ، قَالَ:مَنْ يَزِيدُ عَلَى دِرْهَمٍ مَرَّتَيْنِ أَوْ ثَلاثًا، قَالَ رَجُلٌ: أَنَا آخُذُهُمَا بِدِرْهَمَيْنِ، فَأَعْطَاهُمَا إِيَّاهُ وَأَخَذَ الدِّرْهَمَيْنِ فَأَعْطَاهُمَا الأَنْصَارِيَّ...»

«Ансорлордон бир киши Набий A алдына ал кишиден бирер нерсе суроо үчүн келди. Набий A ага: Үйүңдө бирер нерсе барбы? – деди. Ал: Ооба, жамынгыч бар, бирин кийебиз, бирин болсо астыбызга төшөйбүз, бир чөйчөк да бар, андан суу ичебиз, – деди. Пайгамбарыбыз: Экөөнү тең

алып кел, – деди. Ошондон кийин ал экөөнү тең алып келди. Расулуллах A экөөнү колунда кармап туруп: Бул эки нерсени ким сатып алат? –деди. Ошондо бир киши: Мен экөөсүн бир дирхамга аламын, – деди. Пайгамбарыбыз: Ким бир дирхамдан эки же үч эсеге көтөрөт, – деп сурады. Ошондо бир киши: Мен экөөсүн эки дирхамга аламын, – деди. Ошондон кийин Пайгамбарыбыз экөөсүн ага берип, эки дирхамды алып ансорийге берди…».

2 – Бирок, бул соодада «нажш» жайиз болбойт. Т.а. сатып алуу үчүн эмес, балким башкалар товарды кымбат баада сатып алсын үчүн ошол башкаларды алдоо максатында бааны көтөрүү жайиз болбойт. Ушул нерсе «нажш» деп аталат… Бухарий Саид ибн Мусайябдан анын Абу Хурайра Gдан мындай дегенин уккандыгын чыгарды: Расулуллах A:

«...ولا تناجشوا...»

«… жана бири-бириңерди алдабагыла…» – деди. Бухарий Ибн Умар Ндан да мындай дегенин чыгарды:

«نَهَى النَّبِيُّ صلى الله عليه وسلم عَنِ النَّجْشِ»

«Набий (с.а.в.) нажштан кайтарды».

Нажш – бул товардын баасын өзү сатып албаса да көтөрүп жиберүү. Т.а. аны сатып алмакчы болбогон кимсенин аны соодалаша турган кишилерди өзүнө ээрчитүү максатында товардын баасын көтөрүүсү. Себеби, ошондо башка кардар бул кимсе жөнүндө: Эгерде товардын баасы мынча болбогондо ал бааны мынчалык көтөрбөйт эле, – деп ойлойт. Натыйжада ушуга алданып калып, аны сатып алуу үчүн ашыкча баа төлөйт.

3 – Кардарлардын товардын баасы туурасында алдоого өз ара келишип алуулары жана төмөнкү баадан көп төлөбөстүккө, андан ашырбастыкка келишип алышы да жайиз эмес. Мында сатуучуну мына ушул арзан баада сатууга мажбур кылуу максат кылынат. Себеби, ал мында көбүрөөк төлөй турган соодагерди таба албайт… Адатта соодагерлер бир соодагер менен келишип алышат, ал аларга акча берет, бул акчаны ал өзү төлөй турган баадан ашырып жибербестиги үчүн аларга берет. Ошондон кийин ал товарга арзан баа төлөйт, алар болсо келишүү боюнча андан да азыраак беришет. Мына ошондон кийин товар ээси товарды ошол соодагерге арзан баада сатууга мажбур болот, себеби, бардык соодагерлер келишим боюнча андан да аз баа коюшат. Бул болсо, эч күмөнсүз алдоо бөлүмүнө кирет. Ибн Хиббан өзүнүн сахихинде Зиррден, ал болсо Абдуллахтан мындай дегении чыгарды; Расулуллах A:

«مَنْ غَشَّنَا فَلَيْسَ مِنَّا، وَالْمَكْرُ وَالْخِدَاعُ فِي النَّارِ»

«Ким бизди алдаса ал бизден эмес, макр (айла-амал иштетүү) жана алдоо тозокто», -деген. Исхак ибн Рохавийя болсо өзүнүн муснадында Абу Хурайрадан мындай дегенин чыгарды, Набий A:

«الْمَكْرُ وَالْخَدِيعَةُ فِي النَّارِ»

«Макр жана алдоо тозокто», – деген. Бул хадисти Баззор өзүнүн муснадында чыгарды.

Аллах Субханаху адамдарды алдап алардын нерселерин алуудан кайтарды. Мисалы, кардарлар алдап товар баасын арзыбас кылып көрсөтүшөт. Мындай алдоону иштеткен кимсе товарды арзыбаган баада сатып алат. Аллах Субханаху мындан кайтарып мындай деди:

*«Жана адамдардын акыларынан уруп (алып) калбагыла»* [7:85]

Куртубий бул аяттын тафсиринде мындай дейт: «بخس кемсинтип азайтуу, ал товарды айыптуу кылып көрсөтүү, анын баасын арзыбас кылып көрсөтүү же баада алдоо, кайл-өлчөөнү көбөйтүүдө жана андан азайтууда айла – амал иштетүү менен болот. Булардын бардыгы малды батыл жол менен жегендин түркүмүнө кирет».

Ошондуктан, эгерде соодагерлер балан товарды арзыбаган баага сатып алууга өз ара келишип алышып, алардын бири товардын баасын өзү сатып алмакчы болгон баадан ашырбасын үчүн башкаларына акча берсе, башкача айтканда, соодагерлер ал сатып алмакчы болгон баадан – ал өздөрүнө акча беришинин акысына – аз баа беришсе, бул иш арам болот. Себеби, ал товар ээсин – ал товарды арзан баада сатууга мажбур болушу үчүн – алдоо бөлүмүнө кирет. Мында ошол соодагер башка соодагерлерден алуучу акча да арам болот.

12-робиус-саний, 1435-х.
12-февраль, 2014-м.

## Унду нанга сатуу туурасында

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллахи ва барокатух ва баъд.

Урматтуу шейх, Аллах ишиңизге жардам берсин жана сизди Өзү ыраазы боло турган нерсеге жетиштирсин:

Кээ бир адамдар наабайканадагы наабайчыга бир кап унду алып барып беришип, анын ордуна мисалы ар күнү нандан белгилүү өлчөмдү алышат. Бул жайиз болобу? Бул иш ижара же бай (соода) түрүнө киреби? Эки тарап бул эки иштин эч бирин ачык айтпаса да ижара же бай түрүнө киреби?

Эгерде мүмкүн болсо тезирээк жооп беришиңизди суранамын. Аллах сизге жардам берсин, нусрат жана үстөмдүктү сизге жар кылсын, баарыбызды жакынкы күндөрдө дарул Исламда бириктирсин. Вассаламу алайкум ва рохматуллахи ва барокатух.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллахи ва барокатух.

Унду нанга сатуу туурасындагы сурооңузга келсек,

Бул – эй боордошум – жаңы проблема эмес, тескерисинче, аны фукахалар талкуу кылышып, бул суроого түрдүү жооп беришкендиктен ал тууралуу төмөнкүдөй ихтилаф кылышкан:

Риба боло турган заттар иштетүү менен өзгөрсө, мисалы, буудай майга салып куурулган болсо, же унга айланса, же камырга, же бышырылган нанга жана ушуга окшогон нерселерге айланса ал бир жинс болобу т.а. унга буудай лафзы туура келип, аны колмо-кол гана, мислин мислине сатуу гана жайиз болуп, андан башкасы жайиз болбой калабы? Же башка жинске айланып калабы? Башка жинста да риба болобу, бири-биринен ашык абалда, бирок, колмо-кол сатуу жайиз болобу? Же башка жинсте риба болбойбу, демек, насыяга сатуу жайиз болобу? Бул маселе алардын назарында мындай болгон:

1 – Аны бир жинс деп эсептеген факихтерде бир проблема пайда болгон. Ал бири-бирине окшоштугу мүмкүн эместиги проблемасы. Себеби, акыры кантип буудайды нан менен кайл же вазнда өлчөө мүмкүн же унду камыр же савик (арпа же буудайдан даярдалган ботко) менен вазнда өлчөө мүмкүн ж.б… Ошондуктан, бул факихтер буудайды нанга же унга – бири-бирине окшоштугу мүмкүн болбогондуктан – сатуу жайиз болбойт деп айтышты.

2 – Башка факихтер болсо «экөө эки синф, бирок, риба боло турган синфтар» деп айтышты. «Т.а. буудай рибалуу синф, ун рибалуу синф, нан рибалуу синф… Ошондуктан, ырасында бир синф болбогон соң, аларды бири-бирине сатуу т.а. буудайды унга же нанга каалаганыңызча сатуу жайиз болот, бирок, колмо-кол сатуу керек», – деп айтышты.

3 – Факихтердин дагы бир тобу болсо: Алар (т.а. буудай, ун жана нан) жинстар, ошондуктан, буудайдан башка нерсеге айланган нерсе рибалуу синф болбойт, тескерисинче ал башка нерсе болот, ошондуктан, демек нан же камыр же савик (арпа же буудай боткосу) рибалуу синфтар эмес, ошого караганда демек, буудайды нанга жана унга каалашыңызча сатуу да, насыя да жайиз болот, себеби, алар рибалуу синфтар эмес т.а. буудайды риба болбогон башка синфка сатуу, – деп айтышты.

- Ушуга ылайык, демек, бул маселеде мужтахиддердин раъйлары ар түрдүү… Мен сизге кээ бир этибардуу факихтердин раъйларын келтиремин:

а) Шофеий сатуу жайиз болбойт деген раъйды билдирди:

Шофеий мазхабындагы Нававийдин (хижрий 676-жылы дүйнөдөн кайткан) «Мажмуъи» китебинде төмөнкүлөр келген: «Унду нанга сатуу жайиз болбойт, себеби нанга от кирген, туз жана суу аралашкан, бул болсо, бири-бирине окшоштукка монелик кылат, себеби, нан вазн менен өлчөнсө, ун кайл менен өлчөнөт, демек, экөөнүн бири-бирине тең болушун билүү мүмкүн болбойт».

б) Абу Ханифа да сатуу жайиз болбойт деген раъйды билдирди:

Ханафий мазхабындагы Бадруддин Айнийдин (хижрий 885-жылы дүйнөдөн кайткан) «Биная шархул хидая» китебинде төмөнкүлөр келген: «Абу Ханифадан мында т.а. нанды унга сатууда жакшылык жок т.а. жайиз болбойт деген раъй накл кылынган».

в) Абу Ханифанын эки шакирти: Абу Юсуф жана Мухаммад бири-биринен артыкча абалда колмо-кол сатуу жайиз деген раъйды билдиришти:

«Биная шархул хидая»да төмөнкүлөр келди: «нанды унга эгерде колмо-кол болсо бири-биринен артык абалда сатуу жайиз болот». Анда дагы: «Нанды нанга бири-биринен артык абалда санап же вазн менен өлчөп сатуу Абу Юсуф жана Мухаммаддын сөздөрү боюнча колмо-кол болсо жайиз», – деп келген.

«Биная шархул хидая»да дагы: «Фатва биринчисине т.а. нанды унга сатуу жайиз экендигине берилди», – деп келген.

г) Абу Юсуф насыяга т.а. карызга сатуу жайиз деген раъйды билдирди:

«Биная шархул хидая»да: «Абу Юсуф назарында эгерде ун насыяга болсо да жайиз, нан насыяга болсо да жайиз. Фатва ушуга берилди», – деп келген.

Кандай болсо да, сиз бул маселеде өзүңүз ижтихадына ишенген мужтахидге таклид кылышыңыз мүмкүн, Аллах сизге жар болсун.

7-робиус-саний, 1435-х.

7-февраль, 2014-м.

## Ширкаттагы мөөнөт туурсында

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллахи ва барокатух. Фазилеттүү шейхибиз жана улуу аалымыбыз, абалыңыз кандай? Абалыңыз жакшы деп Аллахтан деп үмүт кыламын.

Суроом: алдын ала өз ара келишилген бир анык мөөнөт бир жыл болуп туруп шериктин каалаган убакта ширкаттан чыгып кетиши мүмкүнбү? Ушул нерсени кеңири жана далилдер менен баян кылып берсеңиз. Аллах сизге береке берсин.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллахи ва барокатух.

Биринчи: Ширкаттагы мөөнөт туурасындагы сурооңуз:

1 – Ширкат деп лугатта (сөздүктө) эки же андан ашык насибени бирин башкасынан ажыратууга мүмкүн болбой турган даражада аралаштырып таштоо айтылат. Шариятта болсо ширкат – бул эки же андан көбүрөөк адамдар ортосундагы келишим. Бул келишим боюнча алар пайда табуу максатында бир финансылык ишти жүргүзүүгө келишип алышат. Ширкат келишими башка келишимдер сыяктуу эле анда ижаб да, кабыл да болушун талап кылат. Ижаб – бул бири экинчисине мен сени балан нерседе шерик кылдым деп айтуусу болот, экинчиси болсо: кабыл алдым дейт... Бирок, келишим албетте бир нерседе өз ара шериктик маанисинде болушу зарыл.

Ширкат жайиз. Себеби, Набий С.А.В. пайгамбар кылып жиберилген убакта адамдар ширкат аркылуу өз ара мамиле кылышат эле. Расул С.А.В. аны макулдады. Расул С.А.В.дын адамдардын ширкат аркылуу мамиле жүргүзүүсүн макулдаганы ширкат жайиз экендигине шаръий далил болот. Абу Давуд Абу Хурайрадан риваят кылышынча, Набий С.А.В. мындай деген:

«إِنَّ اللَّهَ يَقُولُ: أَنَا ثَالِثُ الشَّرِيكَيْنِ مَا لَمْ يَخُنْ أَحَدُهُمَا صَاحِبَهُ، فَإِذَا خَانَهُ خَرَجْتُ مِنْ بَيْنِهِمَا»

«Албетте Аллах: Мен эки шериктин – ырасында экөөнүн бири шеригине кыянат кылбаса – үчүнчүсүмүн, эгерде кыянат кылса алардын арасынан чыгамын, - деди».

2 – Ширкат келишиминде мөөнөттүн айтылышы зарыл эмес. Себеби, ширкат түзүлүшүндө мөөнөткө муктаж болбойт, тескерисинче ал түзүлө берет, анын келишими түзүлүшүндө мисалы ижара сыяктуу бир анык мөөнөт зарыл болушу үчүн кабарсыздык деген нерсе болбойт. Себеби, ижара – эгерде мөөнөт айтылбаса – белгисиз болуп калат. Ошондуктан, ижара келишими мөөнөт айтылышы менен гана түзүлөт, мында мөөнөт күндүк же айлык же жылдык жагынан башкасынан өзгөчө болобу же иштин өзүнө байланыштуу болобу – мисалы, дубал курууга же кудук казууга жалдоо сыяктуу, себеби мында мөөнөт ишти бүтүрүүгө байланыштуу болот – мунун айырмасы жок.

3 – Ширкатты бузуу (бекер кылуу) ар бир шериктин каалоосуна байланыштуу. Себеби, эки шерик ширкатты белгилүү бир иштин үстүндө түзүшөт жана аны өздөрү каалаган убакта бузушат. Экономикалык түзүмдө ширкаттын бузулушу жөнүндө төмөнкүлөр келген: «Ширкат шаръий жайиз келишимдерден болуп, ал эки шериктин биринин өлүмү менен, же жинди болуп калышы менен, же тентектиги үчүн аны иштен тосуп коюу менен, же эгерде ширкат жайиз келишим болгону үчүн эки кишиден турган болсо экөөнүн биринин бузушу менен бекер болот. Ширкат ошону менен кудум ваколат сыяктуу бекер болот. Мисалы, эгерде эки шериктин бири өлсө жана анын акыл-эстүү мураскору болсо ал ширкатты тикелеши, шерик анын иш жүргүзүшүнө уруксат бериши мүмкүн, ал үлүштү талап кылышы мүмкүн. Эгерде эки шериктин бири келишимди бузууну талап кылса башкасы анын талабын кабыл алышы керек. Ал эми эгерде көп шериктер болсо жана алардын бири ширкатты бузууну талап кылса, калгандары болсо ширкаттын сакталып калышына ыраазы болушса, андай абалда учурдагы ширкат бузулуп калгандар ортосунда жаңыланат. Бирок, музораба ширкаты менен башка ширкаттар ортосунда бузулууда айырма бар. Себеби, музораба ширкатында жумушчу сооданы талап кылса, акча ээси болсо үлүштү талап кылса жумушчунун талабы кабыл алынат. Себеби, анын пайда көрүүгө акысы бар, пайда болсо соодада гана жүзөгө чыгат. Ал эми ширкаттын калган түрлөрүндө эки шериктин бири бөлүштүрүүнү талап кылса, башкасы болсо сооданы талап кылса соода талабы эмес, бөлүштүрүү талабы кабыл алынат». Мөөнөтсүз ширкат келишими байлануусу абалында биз табанний кылган нерсе мына ушул. Себеби, ширкат келишими сахих-туура болушу үчүн мөөнөт зарыл эмес.

4 – Ал эми эгерде ширкатта мөөнөт айтылган болсо, бул фукахалар ихтилаф кылган маселе. Ошондуктан, сиз бул маселеде ижтихадына өзүңүз ишенген мужтахидге таклид кылышыңыз мүмкүн. Мен сизге кээ бир этибардуу мужтахиддердин бул маселе туурасындагы раъйларын келтиремин:

– Ханафий жана Ханбалий мазхабында музорабанын анык мөөнөт, убактысын белгилеп коюу жайиз. Бул убакыт аяктаса ширкат бүтөт.

– Маликий жана Шофеий мазхабында болсо музораба убактысын белгилеп коюуну кабыл албайт. Себеби, Маликийлер айткандай музорабанын өкүмү мөөнөтсүз болушу, ошондуктан, эки шериктин ар бири аны өзү каалаган убакта таштап кетиши мүмкүн. Себеби – дейт Шофеийлер – музораба убактысын белгилеп коюу жумушчуга өз ишинде басым өткөрүүгө алып барат. Нававий «Равза»да: Музорабада мөөнөттү баян кылуунун этибары болбойт... – деген.

12-робиус-саний, 1435-х.

12-февраль, 2014-м.

## Алынган товардын мөөнөтүн узартып төлөө

**Суроо**: мен кээ бир нерселерди мөөнөтүн узартуу менен сатып алайын дегем. Бирок менде күмөн пайда болду. Акчаны төлөөдө жана алардын электрондук эсебине түшүү кечиккен учурда алар аны мөөнөтүнөн кечигип алгандыгы үчүн, айып катары аз өлчөмдөгү акча чегеришет. Мисалы, эгер келишим ар бир айдын башында белгиленген акчаны берүүгө келишилген болсо. Айып катары чегерилген аз өлчөмдөгү акча эки же үч доллар болсо. Акча төлөнгөндөн кийин алар менин электрондук эсебимди карашса. Бирок акча 2-3 күнгө кечигип барса алар акчасын белгиленген мөөнөттө албагандыгы үчүн автоматтык түрдө айып катары чегерилген акча кошулуп калат. Бул бир күндө көп жолу кайталанышы мүмкүн. Маалым болгондой мен мөөнөтүн узартып төлөө соодасы келишиминин пункттарын карап чыкканымда бул шарт көргөзүлгөн эмес. Бирок бул айып катары чегерилген аз өлчөмдөгү акча өз мөөнөтүнөн кечигип төлөнгөн учурда автоматтык түрдө кошулуп калат. Мен бул келишимди түзө беришим туурабы?

**Жооп**: уа алейкум ассалам уа рахматуллохи уа баракатуху. Бир тууганым сиздин суроонуз түшүнүксүз болуп калды. Сиз айтып жатасыз мөөнөтүн узартуу менен бир нерсе сатып алууну каалайдым. Менин электрондук эсебимден акча түшкөнүн таба албай калышса айып катары аз өлчөмдөгү акча чегеришет. Бул суроо ачык болбой калды. Мен билгенден, мага мурдараакта ушул маанидеги суроо келген. Анда кээ бир адамдар банктык эсеп ачышат. Кийин андан банктык карта алышат жана соода түйүндөрү менен келишим кылып, ал карта аркылуу сатып алууларды жүргүзүшөт. Сатып алуучу сатып алган товарларын банктык эсеп аркылуу алат. Эгер анын банктык эсебинде акча бар болсо сатып алган нерселеринин акчасын төлөйт. Эгер банктык эсебинде акча жок болсо, анда банк анын акчасын төлөп берет да кийин төлөгөндүгү үчүн банктык эсеби бар адамдан белгилүү бир өлчөмдө акча алат. Эгер сиздин суроо ушуну максат кылса банк банктык эсеп ачкан адамга берген карта кредиттик карта бабына түшөт. Бул тууралуу суроо-жооп 07. 11. 2006 чыккан. Анда төмөнкүдөй келет:

Кредиттик картанын түрлөрү:

- Анын биринчи түрү: Ээсинин картаны басып чыгарган банкта белгилүү бир өлчөмдөгү акчасы болот. Кийин ал карта ээси банктагы эсебине жараша ар түрдүү өлкөдө шериктеш соода түйүндөрүнөн сатып алууларды кыла берет. Карта ээси бул соода түйүндөрүнөн акча төлөбөстөн сатып алууларды кыла берет. Балким картасын соода түйүнүнө көргөзүп сатып алган нерсесинин баасын көргөзгөн баракка

кол коёт. Кийин картаны чыгарган банк карта ээсинин эсебинен соода түйүнүнө карата ээси сатып алган товардын баасын төлөйт.

Мындай картаны колдонуу жайиз. Анын вакыйы (өкүлчүлүк жана өткөрүп берүү) сатып алуучу сатуучуну картаны чыгарган банкка жиберет. Банк сатып алуучунун өкүлү катары анын банктагы эсебинен анын сатып алган нерселеринин баасын сатуучуга төлөйт. Ал эми банктын банкта эсеби бар карта ээсинин анын сатып алган нерселеринин баасын сатуучуга төлөп бергендиги үчүн акы ала тургандыгы өкүлчүлүктүн акысын төлөө бабында келген сыяктуу эле болот.

Бирок банкта эсеби бар карта ээси күмүш менен алтынды акчасын төлөбөй сатып алып сатуучуну банкка жибериши арам болот. Анткени күмүш менен алтынды сатып алууда сихха шарты болгон колмо кол өтүшү ишке ашпай калат. Башкача айтканда алуучу дароо товарын берет, сатуучу акчасын алыш керек. Антпесе сүткордукка кирип калат. Мунун баары эгер банк жеке менчикке таандык болуп туура негизде түзүлгөн болсо (аны иштеткендердин ортосунда келишпөөчүлүк жок болсо) же мамлекетке таандык болсо мындай кредиттик карталарды колдонуу жайиз.

- Экинчи түрү: Банк өз кардарларына карата чыгарган карта. Мында карта ээсинин сатып алууларды жүргүзүүгө жетишээрлик акчасы банкта жок болот. Карта ээси соода түйүндөрүнөн сатып алууларды жүргүзөт. Ал сатып алган нерселеринин баасына картаны чыгарган банктан барып алышы үчүн соода түйүнүнүн кагазына кол коюп берет. Банк карта ээсинин карызын төлөйт. Бирок анын карызын төлөгөндүгү себептүү сатып алган нерселеринин баасына кошумча акча ээсинин эсебине жазып коёт. Карта ээси ал карызын белгилүү мөөнөттө узартып төлөгөнгө тартиптештирип коёт.
Бул картанын вакыйы кепилик картасы сыяктуу. Банк сатып алуучуну соода түйүнү астында өз кепилдигине алат. Соода түйүнү банктын кепилдиги астында сатып алуучуга сатат. Картаны чыгарган банк сатып алынган нерселердин акчасын төлөйт. Башкача айтканда карта банк тарабынан берилген кепилдик документи. Банк (кепилдике алуучу) сатып алуучу карта ээси (кепилидикке алынуучу), сатуучу соода түйүнү (ага карата кепилденген), сатып алынган нерселердин кыйматы (сатып алуучунун зиммасындагы (мойнундагы) важиб акы).

Бирок мындай жол менен кепилдикке алуу шарияттагы кепилдикке алуу шарттарын толук камтыбайт. Анткени Исламда кепилдикке алуу важиб акыны төлөш үчүн эч бир акы албастан зимманы зиммасына кошуу аркылуу болот. Кепилдикке алуучу эч бир акы албастан кепилдикке алган адамынын важиб акысын карыздар адамына төлөп берет. Бирок банк сатып алынган нерселердин акчасын төлөп бергендиги үчүн кошумча

акы алуу аркылуу төлөп берип жатат. Башкача айтканда үстүнө акча кошуп жатат. Мындай кредиттик карталарды колдонуу шарий жактан жайиз эмес. Буга кошумча банк сатып алынган товарлардын акчасын сатып алуучуга карата карыз кылып жазат жана анын үстүнө да кошуп коёт. Бул ачык сүткордук. Бул тараптан да шариятка туура келбейт".

Сиздин суроодогу максат ушул болсо анда жогоруда айтылган нерсе жетиштүү. Эгер суроодогу максатыңыз мындай эмес болсо, анда кайра кайталап бериңиз. Бирок ачык түшүктүү кылып жазыңыз, Инша Аллах аны кайрадан карап чыгабыз.

28-март, 2018-м.

## Колго тийбеген станок соодасы

**Суроо**: кадырлуу шайхыбыз, ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

Менин суроом келишимге байланыштуу. Менин 400 чарчы метр аянттагы имаратым бар. Ал имаратта мага тиешелүү жыгач станок бар. Ошол жыгач станокту сатып алуу үчүн мага бир адам келди. Мен станокту ага саттым. Ал сатып алган жыгач станок ордунда эле кала бериши үчүн, менден имаратты ижарага беришимди сурады. Мен ага имаратты да ижарага берип, келишим түздүк. Маалым болбондой, станок көчүрүлүп кетпестен ижарага алынган имаратта т.а өз ордунда калды. Имараттын ачкычы станокту сатып алган жана имаратты ижарага алган адамдын колунда. Ал адам имаратка зыян келтирбестен ага толук ээлик кылат. Ушундай абалда станокту сатуу т.а ордунан көчүрүлбөстөн сатуу шарий шарттарга толук жооп береби? Же станок ордунан көчүрүлбөстөн ижарага алынган имаратта турган жеринен сатылгандыктан келишим шарий жактан батыл болуп саналабы? Ушул суроого тез арада жооп берүүңүздү өтүнөм рахмат.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Соодада сатылган товар сатып алгандын колуна толук көчүп өтүүсү шарт. Бирок бул таразага тартылган, саналган, өлчөнгөн нерселерде гана шарт болуп саналат. Мисалы, кездеме сатса, же күрүч сыяктуу тамак-аш сатса, же саналган банан, дарбыз, коон сатса. Ушулардын бардыгында, тактап айтканда, таразага тартылып, саналып, өлчөнүп сатылган нерселердин бардыгында сатып алган кишиге товар толук көчүп өтүүсү шарт. Буга арыштап кулачтап саткан нереселер да кирет. Башкача айтканда, товарды сатып алган киши товарды толук түрдө көчүрүп алып кетүүсү шарт. Ошондой эле сатуучу да товарды сатышы үчүн товар толук түрдө анын колунда, же кампасында, же дүкөнүндө, болушу шарт. Ошондуктан, сатуучу товарды өз колуна толук албай туруп соода кылуусу шарий жактан болбойт. Пайгамбар ﷺ айтат:

«مَنْ ابْتَاعَ طَعَامًا فَلَا يَبِعْهُ حَتَّى يَسْتَوْفِيَهُ»

«Ким азык-түлүк сатып алса, ага толук ээлик кылмайын сатпасын». (Имам Бухарий риваяты). Имам Муслим Ибн Умардан риваят кылат:

«وَكُنَّا نَشْتَرِي الطَّعَامَ مِنْ الرُّكْبَانِ جِزَافًا فَنَهَانَا رَسُولُ اللَّهِ ﷺ أَنْ نَبِيعَهُ حَتَّى نَنْقُلَهُ مِنْ مَكَانِهِ»

«Биз кербенчилерден азык түлүктү дүңүнөн сатып алчубуз. Пайгамбар ﷺ биз ал товарларды ордунан көчүрүп кеткенге чейин сатуубуздан кайтарды». Имам Муслим Набий ﷺдан риваят кылат: Ал мындай деди:

«مَنْ ابْتَاعَ طَعَامًا فَلَا يَبِعْهُ حَتَّى يَكْتَالَهُ»

«Ким азык-түлүк сатып алса, аны өлчөп алганга чейин аны сатпасын». Хаким ибн Хизамдан риваят кылынат: Мен: Я Расулуллах, товар сатып алсам мага андан эмнеси харам жана эмнеси халал болот деп сурадым. Айтты:

«فَإِذَا اشْتَرَيْتَ بَيْعًا فَلَا تَبِعْهُ حَتَّى تَقْبِضَهُ»

«Эгер, товар сатып ала турган болсоң, аны толук колуңа өткөрүп алгычакты сатпа». (Имам Ахмад риваяты). Зайд ибн Сабиттен риваят кылынат: «Расулуллах ﷺ сатып алуучулар товарды өз карамагына өткөрүп алгычакты аны сатуудан кайтарды». (Абу Давуд риваяты). Имам Ахмад өзүнүн «Муснад»ында Ибн Умардан ушуну риваят кылат: Расулуллах ﷺ мындай деди:

«مَنْ اشْتَرَى طَعَامًا بِكَيْلٍ أَوْ وَزْنٍ فَلَا يَبِيعُهُ حَتَّى يَقْبِضَهُ»

«Ким азык-түлүктү таразалап же өлчөп сатып алса, аны толук өз колуна өткөрүп алганга чейин сатпасын».

Жогорудагы хадистерде ачык баяндалгандай таразалап, өлчөнүп, саналып сатылган нерселерде ошондой эле таразаланып, өлчөнүп, саналып сатыла турган азык түлүктүн баардык түрлөрүндө толук түрдө сатуучунун колуна өтүп, аны алып кетүүсү шарт.

Ал эми таразаланып, саналып, өлчөнүп сатылбаган нерселерде сатуу учурунда аны толук түрдө колго алуу шарт эмес. Мисалы, жерди, коргонду, жаныбарларды. Жер, короо-жай көчүрүлбөйт, алар кыймылсыз мүлктөр. Ал эми, жаныбарлар болсо далил келгендиги себептүү толук түрдө колго өтүүсү шарт эмес. Ибн Умардан риваят кылынат: «Ал Умардын жаш төөсүн минип бараткан. Набий ﷺ: «Аны мага сат», деди. Умар айтты: «Ал сеники». Пайгамбар ﷺ аны сатып алды. Кийин мындай деди: «Я Абдулла, аны эмне кылсаң өзүң бил». Хадисте айтылгандай Расулуллах ﷺ Умардан аны сатып алды жана аны колуна кармабастан туруп Умардын баласы Абдуллага сатты.

Имам Муслим да өзүнүн «Сахих»инде Амирден риваят кылат: Мага Жаабир бин Абдулла айтты: «Мен бир төөнү минип бараткам. Ал төө чарчагандыктан чөктүрүүгө аракет кылдым. Ошол маалда мага Набий ﷺ келип дуа кылды жана аны бир чапты. Ал мурда эч жүрүп көрбөгөндөй жүрүш менен баса баштады. Пайгамбар ﷺ мага айтты: Аны бир укуяга (акча бирдиги) сат. Мен айттым: Жок. Кийин кайрадан: Аны мага сат деп айтты. Мен аны бир укуяга саттым, анын ичиндегисин үй-бүлөмө энчилеп койдум. Кийин көздөгөн жерибизге жеткенден кийин төөнү алып келип бердим, мага акчасын санап берди. Кийин кайтып кеттим. Менин артымдан кайра келип мындай деди: Мен сенин төөңдү сатып алып жатканымда арзан баалап койгондой болуп жатам. Төөңдү ал жана дирхамдар сенде кала берсин». Хадисте айтылгандай, Пайгамбар ﷺ Жаабирден төөсүн сатып алды жана андан ошол замат төөнү алган жок,

балким Жаабир Мадинга жеткенге чейин төөнү минип келди. Кийин болсо ал төөнү Жаабирге белек кылып берип койду.

Ушуга негизделип жаныбарларды жана ага окшогон нерселерди адатта таразаланып же өлчөнүп же саналып сатылбаган нерселерде сатып алууда толук колго алуу шарт эмес

Бул жердеги басымдуу көз караш сиз сурап жаткан жыгач станок жаныбарлар сыяктуу эле сатып алуу учурунда толук колго алуу шарт эмес. Башкача айтканда, аны ордунан көчүрбөстөн эле сата берсе болот. Жыгач станокту сатып алган киши аны ордунан көчүрүп кетиши же кетпешинин айырмасы жок, соода келишими толук түрдө шарий шарттарга дал келет. Соодаңызга Аллах береке берсин.

Мен ушуну рожих деп санадым, валлаху аълам ва ахкам.

([1] Увкия: 37.44 граммга барабар өлчөө)

22-жумадул-аввал 1439-х.
8-февраль, 2018-м.

## Салам (алдын ала акчасы берилген) соода жана үй курула электе сатуунун өкүмү тууралуу

**Суроо**: Бисмиллаахи рахмаанир рахиим.

Аллах сизди коргоосуна алсын.

Бул суроого сизден канааттандырарлык жооп таба аламбы: куруучу компаниялар (phoprolos) үйлөрдү кура электен мурда сатуусу салам соодасы болуп эсептелеби же жокпу? Бул шаръий жактан туура болуп саналабы? Башкача айтканда кура электен мурда эле ага ээлик кылуу?

**Жооб**: алейкуму салам рахматуллоохи уа баракаатуху.

Сен эки нерсени сурап жатасың. Биринчиси: үйдү кура электен мурда сатуу салам соодасы болобу же жокпу? Сенин суроодон түшүнүлө турган нерсе: эгер ал салам соодасынын бабына кирсе, анда ал шаръий жактан жайиз болот, анткени салам шаръий жактан жайиз эсептелет деген нерсе түшүнүлүп жатат. Экинчиси: үйдү кура электен мурда сатуу шаръий жактан жайизби?

Биринчинин жообуна келсек, үйдү кура электен мурда сатуу салам соодасынын бабына кирбейт. Анын баяны төмөнкүдөй: салам соодасы бул: «Бир аздан кийин белгилүү бир мөөнөттө товар алуу үчүн акчасын алдын ала берүү. Же бир товар алыш үчүн анын орун басары катары ошого окшош эле бир таварды белгилүү бир мөөнөткө берүү». Бул соода шаръий жактан жайиз. Бул соода алакасына таразага тартыла турган, эсептеле турган, чен өлчөм кылына турган нерселелер кирет. Экинчи «Шахсия» китебинде мындай деп келет:

«Саламдын жайиздиги сүннөт менен сабит. Ибн Аббастан мындай дегени риваят кылынат:

«قَدِمَ النَّبِيُّ ﷺ الْمَدِينَةَ وَهُمْ يُسْلِفُونِ فِي الثِّمَارِ السَّنَةَ وَالسَّنَتَيْنِ فَقَالَ: مَنْ أَسْلَفَ فِي تَمْرٍ فَلْيُسْلِفْ فِي كَيْلٍ مَعْلُومٍ وَوَزْنٍ مَعْلُومٍ إِلَى أَجَلٍ مَعْلُومٍ»

«Набий ﷺ Мединага келгенде, алар мөмөнү бир жыл, эки жылга «салаф» соода кылышат эле. Пайгамбарыбыз: Ким курманы салаф соода кылса белгилүү бир өлчөө, белгилүү бир вазн менен белгилүү бир мөөнөткө салаф кылсын, - деди». Муслим риваяты. Абдуррахман ибн Абза жана Абдулла ибн Абу Авфадан мындай дегендери риваят кылынган:

«كُنَّا نُصِيبُ الْمَغَانِمَ مَعَ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ فَكَانَ يَأْتِينَا أَنْبَاطٌ مِنْ أَنْبَاطِ الشَّأْمِ فَنُسْلِفُهُمْ فِى الْحِنْطَةِ وَالشَّعِيرِ وَالزَّبِيبِ إِلَى أَجَلٍ مُسَمًّى، قَالَ: قُلْتُ أَكَانَ لَهُمْ زَرْعٌ أَوْ لَمْ يَكُنْ لَهُمْ زَرْعٌ؟ قَالاَ: مَا كُنَّا نَسْأَلُهُمْ عَنْ ذَلِكَ»

«Биз Расулуллах ﷺ менен бирге олжолорду колго түшүрөт элек. Алдыбызга Шам набатийлери (ажамга аралашып кеткен арабдар) келип турушат эле, биз алар менен буудай, арпа жана мейизде белгилүү бир мөөнөткө салаф соодасын жүргүзөт элек. Мен: Алардын эгиндери бар

беле же жок беле? - деп сурадым. Алар: Бул жөнүндө алардан сурабайт элек, - деп жооп беришти». Бухарий риваяты. Башка риваятта мындай деп келген:

«إِنَّا كُنَّا نُسْلِفُ عَلَى عَهْدِ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ وَأَبِى بَكْرٍ وَعُمَرَ فِى الْحِنْطَةِ وَالشَّعِيرِ وَالتَّمْرِ وَالزَّبِيبِ إِلَى قَوْمٍ مَا هُوَ عِنْدَهُمْ»

«Биз Расулуллах ﷺ, Абу Бакр жана Умар заманында бир коум менен буудай, арпа, курма жана мейизде салаф соодасын кылат элек. Аларда бул нерселер жок эле». Абу Давуд риваяты. Бул хадистердин бардыгы саламдын жайиз экендигине ачык далил болот. Эми кайсы нерселерде салам жайиз жана кайсыларында жайиз эместигине келсек, бул нерсе хадисте жана ижмада ачык көрүнүп турат. Муну мындай түшүнөбүз: Салам – ээ болбогон нерсенин соодасы жана толук ээ болбогон нерсенин соодасы. Бул эки соодага тыюу салынган. Салам мындан насс менен мустасна кылынды жана тыюу андан башка соодага хос болду. Ошондуктан, салам дурус боло турган нерсе насста көрсөтүлгөн болушу керек. Насска кайрыла турган болсок, салам кайл жана вазн менен өлчөнө турган о.э. эсептеп алына турган бардык нерседе жайиз экендигин көрөбүз. Кайл жана вазн менен өлчөнө турган нерседе саламдын жайиздиги Ибн Аббас риваят кылган хадис менен сабит болгон. Расулуллах ﷺ:

«مَنْ أَسْلَفَ فِي تَمْرٍ فَلْيُسْلِفْ فِي ثَمَنٍ مَعْلُومٍ وَوَزْنٍ مَعْلُومٍ إِلَى أَجَلٍ مَعْلُومٍ»

«Ким курмада салаф кылса, маалым бир баада жана маалым бир вазнда маалым бир мөөнөткө кылсын», - деген. Ибн Аббастын башка риваятында мындай деп келген: Расулуллах ﷺ:

«مَنْ أَسْلَفَ فِي شَيْءٍ فَفِي كَيْلٍ مَعْلُومٍ وَوَزْنٍ مَعْلُومٍ إِلَى أَجَلٍ مَعْلُومٍ»

«Ким бир нерсени салаф соода кылса, маалым бир өлчөө, маалым бир вазн менен маалым бир мөөнөткө кылсын», - деди. Бухарий риваяты. Бул болсо, салам кылына турган мал кайл жана вазн менен өлчөнө турган нерселерден болушуна далил болот. Эми саламдын эсептеле турган бардык нерседе жайиз экендигине келсек, мисалы азыкта салам жайиздигине ижма кылынган. Бул ижманы Ибн Мунзир накл кылган. Бухарий риваят кылып айтат: Бизге Шуъба хадис риваят кылды: Мага Мухаммад же Абдулла ибн Абу Мужалид кабар берди: «Абдулла ибн Шаддад ибн Хад жана Абу Бурда салам жөнүндө ихтилаф кылып, тартышып калып, мени Ибн Абу Авфа رضي الله عنه нун алдына жиберишти. Мен андан бул жөнүндө сураган элем, ал: Биз Расулуллах ﷺ, Абу Бакр жана Умар заманында буудай, арпа, мейиз, курмада салаф кылат элек, - деди». Бул хадис азыкта салам жайиз экендигине далалат кылып жатат. Азык кайл менен, же вазн менен, же санак менен өлчөп алынат. Азык кобз кылып алуу шарт кылынган нерселер түркүмүнөн болгону үчүн кобз кылуу ага тиешелүү болгону сыяктуу жана эгер азык кайл, же вазнда, же

санакта ашыкча кылып алына турган болсо риба болуп калганы үчүн риба ушул ашыкча кылып алууга тиешелүү болгону сыяктуу, бул өкүм т.а. саламдын жайиздиги да азык өлчөнө турган кайл, вазн же санактын бардыгына тиешелүү. Азык кайл, вазн же санак менен өлчөнгөнү үчүн да салам ага тиешелүү болду. Хадисте саламдын кайл жана вазн менен өлчөнө турган нерседе жайиз экендиги айтылып, санак менен өлчөнө турган нерседе жайиздиги айтылбаган болсо да, азыкта саламдын жайиздигине ижма кылынганы эсептеп алына турган нерсени да салам кылуу жайиз боло турган нерселер түркүмүнө кирүүчү кылып коёт.

Бирок, салам кылына турган нерселердин сыпаты анык белгилүү болушу керек. Мисалы Иран буудайы, Бруней курмасы, Мисир пахтасы, Индия жибеги, Түркия анжири сыяктуу. Кайл же вазн да анык васф кылынып, белгилүү болушу керек. Мисалы, Шам соъсу, Ирак ратлы, килограмм, литр сыяктуу» цитата бүттү.

Ошондуктан, салам соодасына таразага тартыла турган, чен өлчөм кылына турган жана эсептелип санала турган нерселердин бардыгы кирет.

Ал эми, кайсы нерселер таразага тартыла турган, чен өлчөм кылына турган жана эсептелип санала турган нерселер болушун билүү бул нерселердин вакыйына идирек кылынышы менен болот. Ал нерселер окшош нерселер бабына киреби же окшош эмес кымбат баалуу нерселер бабына киреби, ошону айырмалоо керек.

Окшош нерселер: анын окшошун базардан табууга мүмкүн болгон нерселер. Мисалы, бир сыпаттагы бир килограмм ун айырмасы жок өзүндөй эле башка бир килограмм ун сыяктуу.

Ал эми кымбат балуу нерселер анын окшошун базардан табууга мүмкүн эмес нерселер. Башкача айтканда, ал бири-бирине окшош нерселер сыяктуу эмес, кайталангыс өзүнчө нерселер. Мисалы, үй, ага окшош башка үй болбойт, анткени ар бир үй өз-өзүнчө айырмаланып бири-бирине окшошпойт. Мисалы, анын салынышы, жайгашкан жери, архитектуралык түзүлүшү сыяктуу нерселерде эч качан бири-бирине окшошпойт...

Таразага тартыла турган, чен өлчөм кылына турган жана эсептелип санала турган бири-бирине окошош нерселер: буудай, ун, арпа, курма, мейиз ж.б.у.с. Бул нерселердин сыпатын өзгөчөлөнтпөстөн алардын окшошун базардан табууга болот. Башкача айтанда, бул нерселер бири-бирине окшош нерселер. Бул нерселер менен салам соодасын жүргүзгөн учурда сатуучу сатып алуучуга белгилүү бир мөөнөттөн кийин ага белгилүү бир салмакта, же чен өлчөмдө, же белгилүү бир эсепте товардын белгилүү бир түрүн белгилебестен ушул эле товардын окшошун ага кайтарып берүүгө убадалашат. Башкача айтканда,

товардын кымбат баалуу сортун эмес, ага окшошун кайтарып берүүгө убадалашат. Мисалы, сатуучу бир сыпаттагы тонна ун берсе, сатып алуучу мейли ал баланча жердин уну, же аны сатып алганы, же белек катары алганы айырмасы жок, кайсы жактан таап берсе, аны сатуучу алышы керек болот. Бул нерселердин баары соода келишимин кылып жатканда эч кандай кыйматы жок. Балким, окшош нерсенин ортосундагы айырмачылыкты кетире турган белгиленген ошол түрдөгү нерсени белгилүү бир мөөнөттө таап бериши кыйматка ээ. «Навави Равзату тоолиб» китебинде окшош нерселердин жактамасын аныктоо бабында 5-бөлүк 19-18-беттеринде окшош нерселердин беш жактамасын келтирген, анын акыр жагында мындай дейт: «Экинчи жактаманын туурасын мындай айтууга болот. таразага тартыла турган, чен өлчөм кылына турган нерселерде салам соодасын кылуу жайиз».

Үйлөр салам соодасына кирбейт. Анткени, ал таразага тартыла турган, чен өлчөм кылына турган жана эсептелип санала тургандардын катарына кирбейт. Ал окшош нерселерден эмес. Курула элек кандай гана үй болбосун – ал башка үйлөргө салыштырылып сүрөттөлүшүнө карабастан – башка үйлөрдөн айырмаланып турат. Мисалы, салына турган орду, жасалгалары сыяктуу нерселерде. Башкача айтканда, үй салам соодасына кирген окшош нерселер бабына кирбейт. Ошондуктан, ал салам соодасына кирбейт.

Ушуга негизделип, курула элек үй салам соодасынын бабына кирбейт. Салам соодасы тууралуу келген далилдер да аны өз ичине камтыбайт. Ошондуктан, шаръий жактан үйдү салам соодасы аркылуу сатуу же алуу жайиз эмес.

Ал эми, курула элек үйдү сатуунун өкүмү жөнүндөгү экинчи суроонун жообуна келсек, бул тууралуу 2016-жылы 31-мартта берилген суроодо жооб бергенбиз. Анда мындай делген:

«Курула элек батирлерди сатуу.

А. Адам өзү ээлик кыла элек нерсени сатуусу жайиз эмес. Бул тууралуу көптөгөн хадистер келген:

عَنْ حَكِيمِ بْنِ حِزَامٍ قَالَ: أَتَيْتُ رَسُولَ اللَّهِ  فَقُلْتُ: يَأْتِينِي الرَّجُلُ يَسْأَلُنِي مِنَ البَيْعِ مَا لَيْسَ عِنْدِي، أَبْتَاعُ لَهُ مِنَ السُّوقِ، ثُمَّ أَبِيعُهُ؟ قَالَ: «لَا تَبِعْ مَا لَيْسَ عِنْدَكَ».

Хаким бин Хизаам ﵁ айтты: Пайгамбар ﷺга келип айттым: «Мага бир киши келип, менде жок нерсени базардан сатып келип, кийин ага сатууну сурады». Пайгамбар ﷺ айтты: «Өзүңдө жок нерсени сатпа». Тирмизи риваяты, «Сунан» китеби.

عن عَبْدَ اللَّهِ بْنَ عَمْرٍو أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ قَالَ: «لَا يَحِلُّ سَلَفٌ وَبَيْعٌ، وَلَا شَرْطَانِ فِي بَيْعٍ، وَلَا رِبْحُ مَا لَمْ يُضْمَنْ، وَلَا بَيْعُ مَا لَيْسَ عِنْدَكَ». Абдуллоох бин Амр ﵁ Пайгамбар ﷺ айтты: «Бир соодада салаф жана соода болбойт, бир соодада эки шарт болбойт.

Кепилдене элек (товар колуна тийе элек) соодада пайда көрүү болбойт. Өзүңдө жок (ээлик кылбаган) нерсени сатуу болбойт». Тирмизи риваяты.

Ошондуктан курула элек үйдү же батирди сатуу шаръий жактан жайиз эмес. Анткени, адам ага ээлик кыла элек, ал тургай анын орду да жок.

Б. Корутундулап айтканда, курула элек үйдү сатуу жаиз эмес. Анткени, анын орду да жок. Соода шаръий жактан туура болушу үчүн жок дегенде анын каркасы, дубалы турган болушу керек. Үрптө үй туруп калыптыр деген таризде болсо гана сатууга болот. Бул, мендеги талаш-тартышты кетире турган туура басымдуу көргөн пикир. Айрыкча, бул маселеге байланыштуу маселелер өтө эле көп учурда.

Г. Жыйынтыктап айканда, Исламда соода келишимдери бул сыяктуу талаш-тартыштарга чек койот, сатуучу сата турган нерсесине ээлик кылуусу жана сата турган нерсесинин орду болушу, сатып алуучу бул нерселерди сатуучудан толук талап кылуусу менен болот. Аллах тафик берүүчү» цитата бүттү.

4-ражаб, 1440-х.
11-март, 2019-м.

## Өз баасына сатылган күрөө

**Суроо**: ассаламу алейкум рохматуллохи уа баракаатуху.

Мен төмөнкү негизде сатылган нерсе тууралуу сурайын дедим: унаа жарым баасы төлөнүп, калган баасы жеке чек менен төлөнө тургандай болуп сатылып алынса, бирок, сатуучу күмөн жаратып жаткан калган наркын алгычакты унаадан пайдаланууга бербей турган шарт койсо, бул адалбы же арамбы? Аллах ыраазы болсун.

**Жооб**: сатуучу буюмун карызга саткандан кийин аны күрөөгө алып калуусу жайиз эмес. Анткени, бул «өз баасында сатылган күрөө» бабына түшөт. Бул маселе боюнча факихтердин райы ар түрдүү. Кээ бири шарттардын негизинде аны туура көрсө, кээ бири аны жаиз эмес дешет. Ошондой эле, кээ бирлери бир абалдарын негизинде жаиз дешсе, кээ бирлери жаиз дешпейт... Мен бул жерде басымдуу катары санай турганым – жаиз эмес. Анткени, унаа же үй карызга же бөлүп төлөө шарты менен сатылса, алар сатып алгандын мүлкү болуп саналат жана ал аны толук пайдалануу укугуна ээ болот. Ал аны сатууга, ижаарага берүүгө, анда жашоого, бирөөнү жашатып пайдалануу укугуна ээ болуп, ал анын толук мүлкүнө айланат. Мындай учурда сатуучу карызга сатып алган тарап карызын толук жапкычакты сабыр кылып күтүүсүнө туура келет же саткан буюмун эмес, башка нерсени күрөөгө алып калуусу мүмкүн. Саткан унаасын эмес, анын ордуна кичине алтындын бөлүгүн күрөөгө алып калган сыяктуу, сатуучу алган бул күрөөсүн сатып алуучу карызын толук төлөгөнгө чейин өзүндө кармайт, качан карыз төлөнүп бүткөндө бул күрөөнү ээсине кайтарып берет.

« اشترى رسول الله من يهودي طعاماً بنسيئة فأعطاه درعاً له رهناً» أخرجه مسلم من طريق عائشة رضي الله عنها». «Пайгамбар ﷺ бир жөөттөн насыяга азык сатып алды, жөөткө күрөө катары соотту берди» деген сахих хадис келген. (Муслим риваяты, Аиша رضي الله عنها дан риваят кылынган). Карызды төлөө мөөнөтү келип, карыздар тарап аны төлөөдөн баш тартса же төлөй албаса, анда күрөөгө алынган нерсе сатылып, канча карыз болсо, ал алынып калып, калган бөлүгү карыздар адамга кайтарылып берилет. Анткени, хадистин негизинде күрөөгө коюлган нерсе күрөөнүн ээсиники болуп саналат.

«لا يُغلَق الرهن من صاحبه الذي رهنه» رواه الشافعي من طريق سعيد بن المسيِّب». Пайгамбар ﷺ айтты: «Күрөө күрөө ээсинен жабылбайт (тосулбайт)». (Саид бин Мусаййиб жолунан Шаафи риваят кылды). Башкача айтканда, карыздан ашыгы карыз ээсине кайтарылып берилет.

Ал эми, сатуучу карызга саткан же бөлүп бөлүп төлөө шарты менен саткан нерсени күрөөгө алып калуусу жайиз эмес. Анткени, бул карызга сатылган же бөлүп-бөлүп (келишимге ылайык, бир жыл же андан аз мөөнөт ичинде) төлөө шарты менен сатылган соода толук соода болуп,

сатып алуучу ага толук ээлик кылуу укугуна ээ болот. Эгер, сатуучу карызга саткан же бөлүп-бөлүп төлөө шарты менен саткан нерсесин күрөөгө алып кала турган болсо, анда, сатып алуучунун укугун бузуп, анын мүлкүнө кол салган болуп саналат. Анткени, карызга же бөлүп-бөлүп төлөө шарты менен жүргүзүлгөн соода толук соода болуп, сатып алуучу ага тоолук ээлик кылуу укугуна ээ болот жана аны каалгандай иштетет. Соода келишими ишке ашкандан кийин сатуучу саткан нерсесин күрөөгө алып калуусу жаиз эмес. Анткени, бул нерсе сатып алуучуну сатып алган нерсесин пайдалануудан тосот.

Бул тууралуу 2015-жылы 24-майда кеңири көлөмдө жооб бергенбиз, ошону кайталап өтөмүн:

«Бул маселе фикхте «өз баасына сатылган күрөө» аталышы менен белгилүү. Башкача айтканда, сатылган нерсе сатып алуучу анын наркын толук төлөп бүтмөйүнчө сатуучунун алдында күрөөгө калат. Пайгамбар ﷺ айткан хадистегидей соода болсо, бул маселе жүз бербейт.

قال رسول الله في الحديث الذي أخرجه البخاري عَنْ جَابِرِ بْنِ عَبْدِ اللَّهِ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا: «رَحِمَ اللَّهُ رَجُلاً سَمْحاً إِذَا بَاعَ، وَإِذَا اشْتَرَى، وَإِذَا اقْتَضَى». Жаабир бин Абдиллаахи رضي الله عنه айтты: Пайгамбар ﷺ айтты: «Сатканда, сатып алганда жана талап кылганда жеңилдик кылган адамды Аллах ырайымына алды». (Бухари риваяты). Бирок, кээ бир учурда эки тарап товарды биринчи алуу же анын наркын биринчи төлөө жаатында пикир келишпестиктерге барат. Сатуучу соода келишими аяктагандан кийин сатылган товарды анын баасы төлөнгүчөктү өзүндө кармап (күрөөгө алып) турууну туура көрөт. Анын натыйжасында, жогоруда айтылган маселе келип чыгат. Бул маселе жаатында факихтер ар түрдүү пикирде. Алардын кээ бирлери шарттардын негизинде муну жаиз дешет, кээ бирлери жаиз дешпейт, дагы кээ бирлери бир абалда жаиз дешип, башка абалда жаиз эмес дешет...

Бул маселени үйрөнүп чыккандан кийинки менин басымдуу пикирим төмөнкү негизде:

1. Сатыла турган товар өлчөнүп, же таразага тартыла турган, же ченеле турган нерсе болушу... Мисалы: күрүч сатуу, же пахта сатуу, же кездеме сатуу сыяктуу...

2. Сатыла турган товар өлчөнбөй же таразага тартылбай турган нерсе болуусу... Мисалы: унаа, же үй, же мал жаныбарларды сатуу сыяктуу...

Экинчиден, сатыла турган нерсенин наркы:

1. Товар наккалай сатылуусу: башкача айтканда, товар накталай он миңге сатылып алынып, анын акчасы ошол учурда берилүүсү...

2. Товардын насыяга сатылуусу: башкача айтканда, товар он миңге сатылып алынып, акчасы кийинчерек берилүүсү...

3. Товардын баасынын бир аз бөлүгү берилип, калган баасы кийинкиге калтырылуусу, мисалы: товар он миңге сатылып, биринчи үч миң берилип, кийин бир ай, же алты ай, же бир жылдан кийин калган акчалары берилгени сыяктуу, же ай-айга бөлүп төлөө сыяктуу.

Үчүнчүдөн: жогоруда айтылып өткөн маселелер боюнча шарий өкүмдөр да ар түрдүү:

Биринчи абал: сатыла турган товар ченелип өлчөнбөй, таразага тартылбай турган нерсе болуусу, мисалы: үй, же унаа, же мал жаныбарларды сатуу...

1. Товардын накталай акчага сатылуусу. Башкача айтканда, унаа жүз миң накталай акчага сатылуусу. Накталай акчага сатылгандыгы соода келишиминде так көрсөтүлүшү керек.

Бул абалда сатуучу товарды акча берилгичекти өзүндө кармап туруусу жаиз. Тактап айтканда, накталай акчасы төлөнгүчөктү товарды өзүндө күрөө катары кармап турат. Буга далил Тирмизи Абу Имаамадан риваят кылган хадис, бул хадисти «хасан хадис» деген.

أخرجه الترمذي وقال عنه "حديث حسن" عن أبي أمامة قَالَ: سَمِعْتُ النَّبِيَّ يَقُولُ فِي الخُطْبَةِ عَامَ حَجَّةِ الوَدَاعِ: «العَارِيَةُ مُؤَدَّاةٌ، وَالزَّعِيمُ غَارِمٌ، وَالدَّيْنُ مَقْضِيٌّ. Айтты: Пайгамбар ﷺ коштошуу ажылыгында минтип айтканын уктум: «Суралып алынган нерсе кайтарылышы керек. Кепилдике алуучу – милдеттүү. Карыз төлөнүшү шарт». Муну далил кылуунун жолу сатып алуучу товарды сатып алганда акчасын бере элекке чейин карызга сатып алган абалдагыдай болот. Хадистеги «карыз төлөнүшү шарт» дегендеги маани товарды накталай акчага сатып алгандан кийин биринчи кезекте карыз төлөнүшү керектигин билдирип жатат. Башкача айтканда, товар накталай акчага сатылып алынгандан кийин анын акчасын биринчи кезекте берүү шартын билдирет. Касааний «Бадааиги санааиг» китебинде хадиске түшүндүрмө берип мындай дейт: «Пайгамбар ﷺ «карыз төлөнүшү шарт» деген сөзү аркылуу жалпы түрдө карыздын төлөнүшү шарт экендигин билдирип жатат. Эгер, накталай акчага сатылып алынган товарды алууда акчасы кечиктирилсе, бул карыз төлөнүшү шарт деген насска тескери келет».

Ушуга негизделип, сатуучу сатып алуучу акчаны бергичекти товарды өзүндө кармап туруусу жаиз. Анткени, соода келишими карызга эмес, накталай акчага келишилген соода келишими болуп саналат.

2. Товардын насыяга сатылуусу. Мисалы: унаа он миңге сатылып, анын акчасы бир жылдан кийин берилүүсү. Бул абалда сатуучу товардын акчасы төлөнгүчөктү аны өзүндө кармап туруусу жаиз эмес. Анткени, соода келишими сатуучунун макулдугу менен насыя негизинде ишке ашкан. Ошондуктан, сатуучу товарды насыяга саткандыгы үчүн товардын акчасын алып бүтүү кепилдиги катары аны өзүндө кармап

туруусу жаиз эмес. Сатуучу товарды өзүндө кармоо менен өз укугун жоготот. Ошондуктан, сатуучу товарды өзүндө кармабайт, балким, сатып алуучуга өткөрүп берет.

3. Товардын баасынын бир аз бөлүгү берилип, калган бөлүгү кийинкиге калтырылуусу, мисалы: товар он миңге сатылып, биринчи үч миң берилип, кийин бир ай, же алты ай, же бир жылдан кийин калган акчалары берилгени сыяктуу, же ай-айга бөлүп төлөө сыяктуу.

Бул абалда сатуучу соода келишимине ылайык, товардын баасынын биринчи бөлүгү берилгичекти аны өзүндө кармап туруусу жаиз. Андан кийин товардын калган акчаларын алуу максатында товарды өзүндө кармап туруусу жаиз эмес. Анын баянын жогорку 1 жана 2-абзацта айтып өттүк.

Корутундулап айтканда, сатуучу товарды накталай акчага саткан учурда акчасын алгычакты товарды өзүндө кармап туруусу жаиз. Башкача айтканда, соода келишиминде көрсөтүлгөндөй, товар накталай акчага сатылган учурда сатуучу сатып алуучу товардын акчасын төлөгүчөктү товарды өзүндө күрөө катары кармап турушу мүмкүн.

Ошондой эле, сатуучу товардын жарым бөлүгү берилип, жарым бөлүгү кийинкиге калтырылган соода келишими учурунда келишимге ылайык, товардын жарым баасын алгычакты товарды өзүндө кармап тура алат. Андан кийин товарды сатып алуучуга өткөрүп берет. Сатуучу товардын калган акчаларын да алуу максактында товарды өзүндө кармап туруусу жаиз болбойт.

Бул жерде сатып алуучу товарды колго ала электен мурда аны кантип күрөөгө койо алат деп айтылбайт. Башкача айтканда, ага ээлик кыла электен мурда. Анткени, күрөөгө койула турган нерсе бир гана аны сата ала тургандай болсо гана күрөөгө койууга жарамдуу болот. Сатылып алынып жаткан товар бир гана аны толук түрдө сатып алгандан кийин гана күрөөгө койууга жарамдуу болот. Буга далил Байхаки риваятындагы Пайгамбар ﷺдын хадиси. Ибн Аббас ﵁ айтты: قال رسول الله لعتاب بن أسيد: «إني قد بعثتك إلى أهل الله، وأهل مكة، فانههم عن بيع ما لم يقبضوا». Пайгамбар ﷺ Атааб бин Асиид ﵁га айтты: «Мен сени Мекке элине амир кылып жөнөтүп жатам, аларды ээлик кыла элек нерселерин сатуудан тыйгын».

عن حَكِيم بْنِ حِزَامٍ قَالَ: يَا رَسُولَ اللهِ، إِنِّي أَبِيعُ بُيُوعاً كَثِيرَةً، فَمَا يَحِلُّ لِي مِنْهَا مِمَّا يَحْرُمُ عَلَيَّ؟ فَقَالَ: «لَا تَبِيعَنَّ مَا لَمْ تَقْبِضْ». Табароний Хаким бин Хизаамдан риваят кылат, айтты: «Я Расулуллах, мен көптөгөн нерселерди сатам, алардын кайсынысы мага адал жана кайсынысы арам?». Айтты: «Ээлик кыла элек нерсеңди сатпа». Бул хадистерде ээлик кыла элек нерсени сатуудан тыйуу ачык түрдө айтылды. Анан кантип аны күрөөгө коюу мүмкүн болот?

Андай делбейт, себеби, бул эки хадисте таразага тартылып, ченелип өлчөнүп сатыла турган нерселер тууралуу гана айтылды. Ал эми, сатыла турган нерсе унаа, үй, мал жаныбарлар болсо, аны колго ала электен мурда сатуу жаиз. Анын далили, Бухаари Ибн Умар ﷺдан риваят кылат: عَنِ ابْنِ عُمَرَ رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمَا، قَالَ: كُنَّا مَعَ النَّبِيِّ فِي سَفَرٍ، فَكُنْتُ عَلَى بَكْرٍ صَعْبٍ لِعُمَرَ، فَكَانَ يَغْلِبُنِي، فَيَتَقَدَّمُ أَمَامَ القَوْمِ، فَيَزْجُرُهُ عُمَرُ وَيَرُدُّهُ، ثُمَّ يَتَقَدَّمُ، فَيَزْجُرُهُ عُمَرُ وَيَرُدُّهُ، فَقَالَ النَّبِيُّ لِعُمَرَ: «بِعْنِيهِ»، قَالَ: هُوَ لَكَ يَا رَسُولَ اللَّهِ، قَالَ: «بِعْنِيهِ» فَبَاعَهُ مِنْ رَسُولِ اللَّهِ فَقَالَ النَّبِيُّ : «هُوَ لَكَ يَا عَبْدَ اللَّهِ بْنَ عُمَرَ، تَصْنَعُ بِهِ مَا شِئْتَ. Айтты: «Биз Пайгамбар ﷺ менен бирге сапарда болдук, мен Умардын озоо төөсүн минген элем, ал мага баш бербей, улам элдин алдына оозуп кетип жатты, аны Умар ооздуктап, улам кайра артка кайтарып жатты. Пайгамбар ﷺ Умарга айтты: «Аны мага сат». Айтты: «Ал сеники, Я Расулуллах». Айтты: «Аны мага сат». Аны Пайгамбар ﷺга сатты. Пайгамбар ﷺ айтты: «Я Абдуллах бин Умар, ал сеники, аны эмне кылсаң өзүң билесиң».

Бул хадисте сатылып алынган нерсе колго алына электен мурда тартуу кылынгандыгы ачык айтылды. Ошондуктан, бул хадис сатылып алынган нерсе колго алына электен мурда ага ээлик кылуу угуна далалат кылып жатат. Ошондой эле, аны сатууга да далалат кылды. Анткени, сатуучу ага ээлик кылуу укугунан ажырады.

Ошондуктан, сатылып алынган нерсени колго алына электен мурда сатуу мүмкүн болгондой, аны күрөөгө койуу да мүмкүн болот. Бирок, бул нерсе таразага тартылып, ченелип өлчөнбөй турган нерселерде гана болот. Мисалы: унаа, үй, мал жаныбарлары сыяктуу нерселерде. Соода келишими накталай акчага келишилген учурда же товардын баасынын бир аз бөлүгүн берип, калган бөлүгү кийин бериле турган негизде соода келишими болсо, анда, накталай акчаны алгычакты же товардын баасынын биринчи бир аз бөлүгүн алгычакты сатуучу товарды күрөө катары өзүндө кармап туруусу жаиз.

Экинчи абал: сатыла турган нерсе таразага тартылып, ченелип өлчөнө турган нерсе болуусу, мисалы: күрүч, же пахта, же кездемелер сыяктуу. Бул абалда сатыла турган товар накталай акчага, же насыяга, же бөлүп-бөлүп төлөө шарты менен сатылган болсо, аны сатуучу өзүндө кармап туруусу жаиз эмес.

Эгер, насыяга сатылган болсо, биз жогоруда айтып өткөндөй, товарды өзүндө кармап тууруусу жаиз эмес.

Эгер, накталай акчага сатылган болсо, сатуучу товарды өзүндө кармап туруусу жаиз болбойт. Башкача айтканда, күрөө катары кармап туруусу болбойт. Анткени, таразага тартылып, ченелип өлчөнө турган нерселерде, жогоруда айтылып өткөн Пайгамбар ﷺдын хадисине ылайык, колго ала электен мурда күрөөгө алуу жаиз эмес. Сатуучу бул

жерде товарын накталай акчага сатууда эки нерсенин бирин ыктыяр кыла алат.

Сатуучу товарын сатып алуучуга накталай акчага сатат жана ага товарын берет. Сатып алуучу анын акчасын ошол учурда берүүсү же кийинчерек берүүсүнүн айырмасы жок, товарды күрөө катары өзүндө сактабай сатып алуучуга берип, акчасын сабыр кылып күтөт. Же товарын сатпай койот. Башкача айтканда, сатуучу товарын күрөөгө алып калуу жагдайына кептелбестен эле аны сатпай койуу ыктыярында.

Ушуга негизделип, сатыла турган товар таразага тартылып, ченелип өлчөнө турган нерсе болуп, соода келишими накталай акчага же насыя негизинде ишке аша турган болсо, бул учурда сатуучу товардын акчасын алуу максатында товарды өзүндө күрөө катары кармап туруусу жаиз эмес.

Менин басымдуу катары сананган пикирим ушул. Аллах билүүчү жана өкүмдар.

22-жумаадил-ахир, 1441-х.
16-февраль, 2020-м.

## Соодагер өзүнө таандык болбогон товарды сатуусу арам

**Суроо**: Валид Элми.

Шейхибиз, банк өзүнө тиешелүү болбогон нерсени банкка же сатып алуучуга сатуусу арамбы?

Суроо: Вафаа Мухтасиб.

Соодагерде товары жок болсо жана аны башка соодагерден алып келип, аны сатып алуучуга сатса, бул (өзүндө болбогон нерсени сатуудан) болуп эсептелеби?

**Жооб**: экөөңөрдүн сурооңор бир мааниде жооп төмөнкүдөй:

Соодагер өзүнө таандык болбогон товарды сатуусу арам. Башкача айтканда эгерде келишим түзүлүп жаткан товар соодагерде эмес экенин билинсе, сатуучунун да, сатып алуучунун да күнөөсү бар жараксыз келишим. Анткени соодагер барып аны базардан сатып алып, сатып алуучуга алып келет. Биз муну экинчи Шахсия китебинде ачыктаганбыз: Колунда жок нерсени сатуу жаиз эмес:

(Товарга ээлик кылуу бүткүчө сатуу жаиз эмес. Эгер бул учурда сатса, сатуу арам болот. Бул эки учурга дал келет. Алардын биринчиси товарды ээлик кылганга чейин сатса, экинчиси сатып алгандан кийин сатат. Бирок ал товарга ээлик кылууну аягына чыгара электе башкача айтканда андан талап кылынган толук ээлик кылууга- ээлик кылуу менен. Анткени сатуу келишими мүлк ээсине гана тиешелүү. Ал али жок нерсе же ал аны сатып алган, бирок ага ээ боло элек. Анткени товар анын колуна толук тийбегендиктен сатуу келишими ага тиешелүү эмес. Себеби соода келишими шарий негизде жүргөн жок. Аллахтын Элчиси саллаллаху алейхи уа саллам сатуучу толук ээлик кыла элек нерсесин сатуудан тыйган.

عن حكيم بن حزام قال: «قلت: يا رسول الله يأتيني الرجل يسألني عن البيع ليس عندي ما أبيعه، ثم أبيعه من السوق»، فقال: «لا تبع ما ليس عندك» رواه أحمد.

Хаким бин Хизам риваят кылган хадисте: “Мен айттым: Оо, Аллахтын Элчиси, мага бир киши келип менде сата турган жок нерсени сатууну сурап жатат, мен аны базардан сатып алып анан мен аны ага сатам”. Ал айтты: “Колдо жок нерсени сатпа”. Ахмад риваяты. Амр бин Шуайб атасынан, чоң атасынан риваят кылган хадисте, ал айтты: Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам айтты:

«لا يحل سلف وبيع، ولا شرطان في بيع، ولا ربح ما لم تضمن، ولا بيع ما ليس عندك»

“Карызга берип кийин сатуу жаиз эмес,( бир нерсени карызга берип кийин анын баасына дагы кошуп сатуу) сатууда эки шарт да, (накталай миңге насыя бир жарымга сатам деген сыяктуу эки шарт койуу) кепилдик болмоюнча пайда да,( толук ээлик кыла электи сатуу) колунда жок нерсени сатуу да болбойт”. Абу Дауд риваяты. Демек Пайгамбардын

сенде жок нерсе деп айткан сөзүнө жалпы түрдө толук ээлик кылына элек нерсенин баары кирет. Жеткирип берүүгө сенин күчүң жетпеген жана сага таандык эмес нерсенин баары кирет. Бул нерсени толук ээлик кылуу шарт кылып толук ээлик кылына элек нерсени сатууга тыюу салып келген хадистер да кубаттап турат. Бул хадистер кимде-ким алына турган нерсени сатып алса, ал аны ээлик кылмайынча сатууга болбойт деп ишарат кылат. Демек, анын өкүмү өзүнө таандык болбогон нерсени сатуу өкүмү болот анткени Пайгамбар саллаллаху алейхи уа саллам айтты:

«من ابتاع طعاماً فلا يبعه حتى يستوفيه» رواه البخاري.

“Ким азык оокат сатып алса, ага толук ээлик кылмайынча сатпасын” Бухари риваяты.

لما روى أبو داود: «أن النبي ﷺ نهى عن أن تباع السلع حيث تبتاع حتى يحوزها التجار إلى رحالهم»

Абу Дауд риваят кылган: “Пайгамбар саллаллаху алейхи уа саллам соодагерлер сатып алган нерсесин өзүнүн соода жайына жайгаштырмайынча, алар сатып алган нерсесин сатып алган жеринде сатууга тыюу салган”.

روى ابن ماجه: «أن النبي ﷺ نهى عن شراء الصدقات حتى تقبض

Ибн Мажа риваят кылат: “Пайгамбар саллаллаху алейхи уа саллам садаканы толук колуна алмайынча аны сатуудан тыйган”.

عن ابن عباس، أنه قال: قال رسول الله ﷺ لعتاب بن أسيد: «إني قد بعثتك إلى أهل الله، وأهل مكة، فانههم عن بيع ما لم يقبضوا»

Ал-Байхаки Ибн Аббастын риваят кылган хадисинде, ал айтты: Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, Итаб бин Усайдга айтты: “Мен сени Аллахтын коомуна жана Мекке калкына жөнөттүм, ошондуктан аларды толук ээлик кыла элек нерселерди сатуудан тый”.

Бул хадистерде алар ээлик кылбаган нерселерди сатууга ачык түрдө тыюу салынганы көрүнүп турат. Анткени ал сатуучуга таандык эмес. Себеби ээлик кылуу керек болгон нерсе сатуучунун кепилдигине киргендиктен сатып алуучу ага толук ээлик кылмайынча аны сатуу болбойт .

Ушундан көрүнүп тургандай, сатуунун негиздүүлүгү товардын сатуучуга таандык болушун талап кылат. Ал эми анын ээси болбосо, же толук ээлик кылбаса, анда аны сатуу таптакыр болбойт. Буга сиз ээлик кылган жана сатуу туура болушу үчүн шарт болгон толук ээлик кылына элек нерселер кирет. Алар өлчөнө турган, санала турган жана таразага тартыла турган нерселер. Ал эми сатуу туура болушу үчүн толук колуна алуу шарты жок нерселер булар өлчөнө турган, санала турган жана таразага тартыла турган нерселерден тышкаркы нерселер. Мал, үй, жер жана ушул сыяктуу нерселер сыяктуу эле, сатуучу аны ээлик кылуудан мурда сатуусу жаиз. Анткени бул нерселерде сунуш жана кабыл алуу (

саттым сатып алдым) менен соода-сатык келишимин түзүү аягына чыгат. Аны толук колуна алышынын же албашынын айырмасы жок. Анткени өзүнө таандык нерсени саткан болот. Демек, сатпоо маселеси ээлик кылуу жана ээлик кылуу менен эмес, тескерисинче, сатуунун менчигине байланыштуу болот. Ал анын толук менчиги экенидигине байланыштуу. Ал эми өлчөнгөн, таразаланган жана саналган нерселерден тышкары нерселерди толук ээлик кыла электен мурда сатуунун жаиздигине келсек, ал сахих хадистер аркылуу тастыкталган.

وروى البخاري عن ابن عمر أنه كان على بكر لعمر صعب: «فقال له النبي ﷺ بعنيه، فقال عمر: هو لك فاشتراه ثم قال: هو لك يا عبد الله بن عمر، فاصنع به ما شئت

Аль-Бухари Ибн Умардан риваят кылган хадисте, ал Умардын жаш азоо төөсүн минип жүргөндө: "Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ага: Умар р.а.га "аны сат - деди. Умар айтты: "Ал сеники деди. Пайгамбар с.а.в. аны Умар р.а. сатып алды. Пайгамбар с.а.в айтты: эй Абдуллах бин Умар, ал сеники аны менен каалаганыңды кыл- деди". Бул сатылган нерсеге ага ээлик кылуудан мурда белекке берүү өкүм. Бул сатылган нерсеге толук ээлик кылуу анын толук колуна алуусуна чейин толук болгонун көрсөтүп турат. Бул сатуучуга толук таандык болгондуктан аны сатууга уруксат берилгендигине ишарат кылат. Ушуга ылайык сатуучу эмнеге ээлик кылса, ошону сатса болот. Ал ээлик кылбаган же ээ боло элек нерсесин сатышы жайиз эмес.

Ошондуктан майда соодагерлер товарды сатып алуучу менен соодалашып бир баага келишет да башка соодагерге барып ошол товарды тиги соодалашкан сатып алуучуга алып келип берүүсү жайиз эмес. Башкача айткана бирөө менен мен бул товарды сага мынчага сатам деп аны менен келишип ошол эле товарды башка оорундагы соодагерден алып келип берип ортодон пайда көрүүсү. Анткени ал өзү толук ээлик кыла элек нерсени саткан болуп саналат. Себеби соодагерден өзүндө жок товар жөнүндө сурашканда – соодагер ал товар базарда башкаларда бар экенин билип, сатып алуучуга анын бар экенин айтып, калп айтып сыртынан сатат да тиги оорундагы соодегерден ал товарды алып келип берип ортодон пайда көрөт бул арам. Анктени өзү толук ээлик кылбаган нерсени сатуу болуп саналат.

Ушул эле нерсе жашылча жана дан базарынын дүкөндөрүнүн ээлери жашылча-жемиштерди жана буудайды аларга ээлик кыла электе сатуу жагынан эмне кылып жатканына да тиешелүү. Кээ бир соодагерлер дыйкандан жашылча же буудай сатып алып, ээлик кыла электе эле сатышат. Бул жаиз эмес, анткени бул азык оокат толук ээлик кылуу менен гана сатуу мүмкүн болгон нерселерге кирет.

Ушул эле нерсе башка өлкөлөрдөн товарларды импорттоочулар кылган нерсеге да тиешелүү. Кээ бирлери товарды сатып алып, өлкөгө

жеткирип бер керек деп шарт коюшат. Анан ал келгенге чейин, б.а. алар ээлик кыла электе сатат. Бул тыюу салынган сатуу, анткени ал ээлик кыла элек нерсени сатуу.

Бул жетиштүү деп үмүттөнөм, Аллах – Билүүчү жана Даанышман.

6-зул-каада, 1444-х.
26-май, 2023-м.

## Интернет аркылуу каржылык жана коммерциялык операцияларды жүргүзүү тууралуу

**Суроо**: ассаламу алайкум. Пайда табуу үчүн арзан убакта доллар менен динар, мунай, алтын ж.б нерсе сатып алып, аны кымбат учурда сатуунун өкүмү кандай? Эске сала кетсек, мунун баары интернет аркылуу жасалат. Ал акчаны банкка которуп, каалаган убакта аны чыгарып алуу мүмкүн.

Экинчи суроо: Валюталарды алмаштырууда колмо кол алынышы керекпи же онлайн алуу жетиштүүбү? Эгер мунай сатып алса, ага ээлик кылуу жана аны колго алуу керекпи? Эгер аны колго алып ээлик кыла электе сатса болобу? Маалымат үчүн айта кетсек, эгер мунай, темир, алтын же акча сатып алыш үчүн долларга которуу керек болот. Долларга алмаштырганга чейин товарды ала албайт. Мисалы, эгер мунай сатып алсаңыз, аны мунай катары ала албайсыз, тескерисинче долларга айландырасыз.

Экономика түзүмүндө да айтылгандай, ээлик кылбаган нерсени сатуу жайиз эмес. Бул сатуу толук болушу үчүн товарды толук колго алып, ээлик кылуу шарт. Булар саналып, таразага тартылып, ченелип, өлчөнө турган нерселер. Ал эми толук ээлик кылуу талап кылынбаган, өлчөөсүз, таразага тартылбаган, эсептелбеген мисалы мал, үй, жер жана ушул сыяктуу нерселерге келсек, сатуучу аны ээлик кылуудан мурда сатуусу жайиз.

Суроо туулат, мен бир нерсенин өлчөнгөнүн, таразаланганын же саналбаганын кантип баалайм? Мал, үй дегендер өлчөөсүз нерсеге мисал катары келтирилди. Бирок, бизде мисалы койду алганыбызда таразага салып, салмагына жараша сатылат. Демек ал таразага тартыла турган болуп жатат. Анын сыңарындай үй дагы бир, эки батир деп айтылса, мен аларды кантип саналбаган, өлчөнбөгөн деп эсептейм?

**Жооп**: уа алайкум ассалам уа рахматуллоохи уа баркатуху. Соода темасына келсек, биз буга чейин сиздин суроодуңузга окшош суроого жооп бергенбиз жана мен сиздин суроодуңузга байланыштуу кээ бир жерлеринен үзүндү келтирем:

Онлайн соода төмөнкүдөй:

Мунайга байланыштуу суроо так эмес, автоунааңызга май куюучу жайдан электрондук картаңызды станциянын кызматкерине берип, анан ал сиздин машинаңызга бензин куюп бериши жайиз. Анткени, сиздин эсебиңиздеги акча бир-эки күнгө кечиккен болсо, анда бул товарды пайызсыз насыяга сатып алуу жайиз. Сиз нерсени сатып алдыңыз (машинаңызга бензин), ал дароо же бир-эки күндөн кийин баасын алды. Эгерде вакый ушундай болсо, мында эч кандай тыюу жок.

Бирок, сооданын максаты чектелген өлчөмдө мунай сатып алып, аны алганга чейин сатуу болсо, анда бул жайиз эмес. Анткени бул товарларды сатууда колго алуу шарт.

أخرج أبو داود عن زيد بن ثَابِتٍ قَالَ »فَإِنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ نَهَى أَنْ تُبَاعَ السِّلَعُ حَيْثُ تُبْتَاعُ حَتَّى يَحُوزَهَا التُّجَّارُ إِلَى رِحَالِهِمْ«

Абу Давуд Зайд бин Сабиттен риваят кылган хадисте Алланын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) айтты: “Соодагерлер сатып алган товарын өз ордуна жайгаштырмайынча, алар сатып алган товарын сатып алган жеринде сатууга тыюу салынган”.

Башкача айтканда, бул товарлар ээлик кылып алынмайынча сатылбайт. Толук ээлик кылуу аны сатуунун жарактуулугунун шарты болуп саналат. Эгерде белгилүү бир товарга карата атайын насс болсо, бул учурда ага уруксат берилет, бирок бул башкаларга тиешелүү болбойт. Бул жерде атайын насс келген эмес. Ошондуктан белгилүү көлөмдөгү майды ээлик кылбастан сатуу шарияттa жайиз эмес.

Эгер интернет аркылуу электрондук карта менен акча төлөп, мунай скважинасына өнөктөш болуу максатын каалaсаңыз бул да жайиз эмес. Анткени мунай скважиналары шарияттa умумий мүлк, ал жеке менчик эмес. Эгер мындан башка нерсени айткыңыз келсе, суроону ачыктап бериңиз.

Алтын жана күмүш менен соода кылууга келсек, аларды сатуу же сатып алуу же накталай акчага сатуу колмо кол болушу керек.

،أخرجه البخاري وأبو داود عن عمر» :الذَّهَبُ بِالْوَرِقِ رِباً إِلَّا هَاءَ وَهَاءَ «أي يداً بيد

Имам Бухари жана Абу Давуд Азирети Умардан риваят кылган хадисте: «алтынды күмүшкө сатуу колмо кол болбосо – сүткорлук”. Ха колмо-колду билдирет. Демек, алтынды күмүш же накталай акчага сатууда, колмо-кол алуудан башкасы жарабайт. Анткени, биз интернет аркылуу соода кылууну карап чыккандан кийин, транзакция дароо ишке ашпай, бир нече саатка же бир нече күнгө созулушу мүмкүндүгүн көрдүк. Ошондуктан, эгерде алтын же күмүш сатып алууда б.а. колго кармалып, картадан сумма дароо эсептен чыгарылбаса, интернет аркылуу алтын жана күмүштү электрондук карта менен сатып алууга болбойт. Сумма сиздин эсебиңизден чыгарылмайынча алтын же күмүштү ала албайсыз. Интернетте соода дароо колмо кол соода бүтүмдөрүн камтыбайт, тескерисинче, бир же эки күндөн кийин болгондуктан, жайиз эмес.

Акциялар жана аблигациялар акционердик коомдорго таандык болгондуктан, шарият боюнча жараксыз жана аблигациялар сүткорлукка байланыштуу болгондуктан, соода кылуу арам. Акционердик коомдордун маселесин биз “Экономика түзүмү” китебинде, ошондой эле “Батыш биржаларындагы туруксуздук” жана башка китептерде кеңири

баяндаганбыз. “Батыш биржаларындагы туруксуздук” китепчесинде биз маселени төмөнкүчө чагылдырдык:

Мындай акцияларды жана векселдерди сатуу жана сатып алуу шариятта арам. Себеби, акциялар –шариятта батыл эсептелген компаниялардын акциялары. Бул акциялар халал дасмия менен арам кирешени өз ичине алган батыл иш жүргүзүүдөн алынган баалуу кагаздар. Мындай компаниялардын мавжуд нерселери шариат кайтарган жолдор аркылуу болуп, аларды сатуу да, сатып алуу да, жада калса, мындай уюмдар менен мамиле кылуу да друс эмес. Себеби, алардын мал-мүлкү да, топтогону да арам эсептелинет. Сүткордук аркылуу болгон облигациялар жана банк акциялары да ушул өкүмгө ылайык арам эсептелет. Себеби, мындай кагаздар да арамдан табылган каражат эсебине кирет. Ушундай болгон соң, мындай кагаздарды сатып алуу, алардан пайдалануу, мындай кагаздар аркылуу ээлик кылуу мүмкүн болгон мал да арам болот.” (Аягы).

Доллар, евро сыяктуу кагаз акчаларды интернеттен алып, сатуу арам. Анткени, мындай учурда колмо кол алмашуу жок. Алтын менен күмүшкө тиешелүү болгондой эле, акча алмаштырууда накталай акча баа жана эмгек акы катары колдонуу иллети себептүү алтын менен күмүштүн өкүмүндө болот.

2004-жылы 11-июлдагы суроого жоопто биз төмөнкүлөрдү айтканбыз: Кагаз акча менен иш алып баруу: Ооба, алтын менен күмүшкө тиешелүү болгон нерсе, (сүткорлук тарабынан) башка акча каражаттарына да тиешелүү. Себеби, бул кагаздарда (нак акча б.а. анын баа жана эмгек акы катары колдонулушу) иллетинин болушу алардын нак акча өкүмдөрүн алуусун талап кылат. Демек, бул кагаз акча менен сүткор нерселерди сатып алуу хадисте айтылган нерсеге (колмо кол алуу) өкүмүнө түшөт. Башкача айтканда, карызга алуу бабынан эмес.

Тема төмөнкүдөй:

يقول الرسول ﷺ« :الذَّهَبُ بِالذَّهَبِ، وَالْفِضَّةُ بِالْفِضَّةِ، وَالْبُرُّ بِالْبُرِّ، وَالشَّعِيرُ بِالشَّعِيرِ، وَالتَّمْرُ بِالتَّمْرِ، وَالْمِلْحُ بِالْمِلْحِ، مِثْلًا بِمِثْلٍ، سَوَاءً بِسَوَاءٍ، يَداً بِيَدٍ، فَإِذَا اخْتَلَفَتْ هَذِهِ الْأَصْنَافُ فَبِيعُوا كَيْفَ شِئْتُمْ إِذَا كَانَ يَداً بِيَدٍ« رواه البخاري ومسلم من طريق عبادة بن الصامت رضي الله عنه.

Пайгамбарыбыз (саллаллаху алейхи уа саллам) айтты: “Алтынга-алтын, күмүшкө-күмүш, буудайга-буудай, арпага-арпа, курмага-курма, тузга-туз окшош. Булар теңме-тең, колмо кол болсун. Эгер бул түрлөр бири-биринен айырмаланса жана колмо кол болсо анда каалагандай саткыла”. (Бухари жана Муслим Убада бин Ас-Самит (радыяллаху анху)дан риваят кылган.

Сүткорлуктун бул түрлөрү бири-биринен айырмаланганда, каалагандай сатуу, башкача айтканда теңме-тең, окшош болушу шарт эмес. Балким колмо кол болушу шарт экендиги насста ачык көрүнүп

турат. “Түрлөр” сөзү жалпысынан сүткорлуктун бардык түрлөрүндө б.а. насста келген алты нерсеге колдонулат. Насстан башка эч нерсе четтетилбейт. Бир гана насс аркылуу истисна болот. Бул жерде истисна кылган насс жок. Өкүм: Арпага буудай, алтынга буудай, күмүшкө арпа, тузга курма, алтынга курма, күмүшкө туз... ж.б.у.с. эгер колмо кол болсо каалагандай сатса болот. Алмашуу баалуулуктары жана баалар канчалык айырмаланбасын, алар колмо кол болушу шарты менен сатылат. Башкача айтканда карызга эмес. Алтынга жана күмүшкө тиешелүү жалпы иллет (аны баа жана эмгек акы катары колдонуу) накталай акчага да иллет болуп саналат.

Бул интернет аркылуу соода-сатык, алтынды сатып алууда жана сатууда соода бүтүмү бүткөндөн кийин бир-эки күнгө кечигип жаткандагы абалга байланыштуу... Бул Пайгамбар (саллаллаху алейхи уа саллам): “Колмо кол алгыла”, - деп айткан, макулдашылган алмашуу шартына карама-каршы келет.

خرج البخاري عن الْبَرَاءِ بْنِ عَازِبٍ قال سَأَلْنَا النَّبِيَّ ﷺ عَنْ ذَلِكَ فَقَالَ »مَا كَانَ يَداً بِيَدٍ فَخُذُوهُ وَمَا كَانَ نَسِيئَةً فَذَرُوهُ«

Бухари Аль-Бараа бин Азибден риваят кылат, ал айтты: “Биз бул тууралуу Пайгамбарыбыздан (Ага Аллахтын салам-салаваты болсун) сураганбыз, ал айтты: «Колмо кол эмне болсо ошону алгыла жана эмне насыя болсо, аны таштагыла”.

أخرج مسلم عن مَالِكِ بْنِ أَوْسِ بْنِ الْحَدَثَانِ أَنَّهُ قَالَ أَقْبَلْتُ أَقُولُ مَنْ يَصْطَرِفُ الدَّرَاهِمَ فَقَالَ طَلْحَةُ بْنُ عُبَيْدِ اللَّهِ وَهُوَ عِنْدَ عُمَرَ بْنِ الْخَطَّابِ أَرِنَا ذَهَبَكَ ثُمَّ ائْتِنَا إِذَا جَاءَ خَادِمُنَا نُعْطِكَ وَرِقَكَ فَقَالَ عُمَرُ بْنُ الْخَطَّابِ كَلَّا وَاللَّهِ لَتُعْطِيَنَّهُ وَرِقَهُ أَوْ لَتَرُدَّنَّ إِلَيْهِ ذَهَبَهُ فَإِنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ قَالَ »الْوَرِقُ بِالذَّهَبِ رِباً إِلَّا هَاءَ وَهَاءَ

Муслим Малик ибн Авс ибн аль-Хадатандан риваят кылган хадисте, айтты: “Мен дирхамдарды ким алмаштырат деп айттым. Талха бин Убайд Умар бин аль-Хаттаб менен бирге болчу ал айтты: “Алтыныңды бизге көрсөт, анан бизге кел, качан биздин кызматчыбыз келсе, күмүшүңдү сага беребиз. Умар бин аль-Хаттаб айтты: “Жок, Аллахка ант болсун, анын күмүшүн бересиң же алтынын ага кайтарып бересиң. Анткени Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) айткан: “Алтынды күмүшкө берүү сүткорлук. Бир гана колмо кол болсо (сүткорлук эмес)”.

Ошондуктан евро, доллар жана башка валюталар менен дароо алмашуу болбогондуктан интернет аркылуу соода кылууга болбойт. Аягы.

Өлчөмдөр, сандар жана салмактар тууралуу суроонузга карата биз буга чейин мындай суроого төмөнкүдөй жооп бергенбиз. 2006-жылы 12-февралдагы суроого жоопто мындай деп айтылган: “Саналган, таразаланган жана өлчөнгөн нерселер товарды сатууда болгон вакыйга ылайык. Базарда бул товар кандай сатылат ошого каралат. Саны менен

сатылып жатса, ар бир таңгак баланчага сатылат же ар бири баланчага сыяктуу. Же салмагы менен сатылат, ар бир килограммы мынча. Же ар бир метр же ар бир саа' (кала) мынчага деген сыяктуу. Эгер ушундай болсо, сан, салмак же өлчөм менен сыпаттоо ушул сыяктуу товарларга тиешелүү, мейли ал товар бир же бир нече сыпатка ээ болобу айырмасы жок. Башкача айтканда, мындай сыпатка ээ товарды салмакталат жана эсептелет, өлчөнөт деп айттса болот. Мисалы: буудай, арпа салмакталат жана өлчөнүп сатылат. Банан, апельсин салмакталат жана саналат (айрым өлкөлөрдө алар саны боюнча сатылат). Кездеме өлчөнөнүп сантиметр же метр менен сатылат. Сатып алууда бул маселелерде так баяндоо белгисиздикти жокко чыгаруу үчүн маанилүү.

“100 килограмм буудай” дегенде, так сыпаттоо аздык кылат, тескерисинче, буудайдын түрүн тактоо керек. Салмагы белгисиздикти жоюу үчүн зарыл. Өлчөнүп жана саналгандар дагы ушундай. Бирок мал-жандыкты сатууда “Ар бир төө миңге барабар” деп, малдын саны менен сатылабы. Же сатып алган адам көрүп, “бул төө миңге арзыбайт” деп, экинчи төөнү тандап алабы айырмасыз. Бардык төөнү сан жагына карап сатып алганда ар бир төө бири-бирине окшобойт. Башкача айтканда, анын чоң кичинеси болуп бары бири биринен айырмаланып турат.

Үйлөр саны, салмагы же өлчөмү боюнча сатылат. Башкача айтканда, он үйү бар адам ар бир үй миңге дейби, же каалаган үйдү сатып алуу үчүн аны көрүп чыгабы айырмасыз ар бир үй башкасынан айырмаланат...

Ошондуктан, мал-жан, үй өлчөм менен, салмак менен, сан менен сатылбайт делет. Кээ бир адамдар малын салмак менен сатат деп айтууга болот. Бирок, бул ар бир жаныбарга тиешелүү эмес. Ал салмагы боюнча белгилүү бир койду сатышы мүмкүн, бирок ар бир койду сатпайт. Ар бир мал салмак менен сатылбайт, уй да салмак менен сатылбайт... Мага жүз килограмм малыңызды сат деп айтышпайт. Албетте бул тирүү жандыктарга байланыштуу. Ошол сыяктуу эле, кээ бир адамдар чарчы метр менен үйдү сатат деп айтууга болот. Бирок, ал ар бир үйгө тиешелүү эмес. Тескерисинче, бул үй бир чарчы метр он миң, башка үй жыйырма миң турат деп айтылат. Анын өлчөм менен так сүрөттөлүшү жетишсиз. Ошондуктан көпчүлүк колодонгон соодада сен мага: “жүз метрлик үйүңдү сат” деп айтылбайт. Ушул сыяктуу... аягы.

Суроолоруңузга ушул жооптор жетиштүү деп үмүттөнөм, эң туурасын Аллах билүүчү жана өкүмдар.

11-робиус саани, 1446-х.
14-октябрь, 2024-м.

## Электрондук соода

Ассаламу алайкум уа рахматуллоохи уа баркатуху. Аллахым өмүрүңүзгө береке берсин. Суроомо так жооп бересиз деп ишенем.

**Суроо**: малайзиялык “Dxn” компаниясында электрондук соода кылуу жайизби? Бул компания негизинен азык кошулмаларын, шампундарды, кремдерди сатат. Бул компаниядан канча бир суммага товар сатып алсаңыз, бонустарыңыз 100 баллга жеткенде сизге алты пайыздык арзандатуу берет. Канчалык көп бонус алсаңыз, ошончолук арзандатуу болот. Бул бонустар сизге ай сайын жеткирилип турган конверт түрүндө же жазуу түрүндө сизге которулган акчанын суммасына айландырылат. Же банктагы балanска которулат. Муну менен компаниянын мүчөсү болуп кошула аласыз. Бул компаниядан сатып алган ар бир мүчө сиз аркылуу сатып алса, сиздин упайыңыз көбөйөт. Анткени бул мүчө сиз аркылуу катталган. Албетте, канча кишини кааласаң, ошончо каттатсаң болот. Бул адамдардын упайлары канчалык көбөйсө, сиздин да упайларыңыз ошончолук көбөйөт. Натыйжада, сизге которулган акчанын балансы да көбөйөт. Бул процесс сиз бул компаниянын өнөктөшү болуп, укмуштуудай киреше алганга чейин өсө берет. (Бул компания тууралуу көңүл коюп окуп, толук жооп берсеңиз.) Рахмат.

**Жооп**: уа алайкум ассалам уа рахматуллоохи уа баракатуху. Малайзиялык Диксон компаниясы менен иштешүү тууралуу буга чейин эже-карындаштардын биринен ушундай суроо алганбыз жана биз ага 2024-жылдын 7-ноябрында жооп бергенбиз. Анда сиздин суроoңузга караганда кененирээк баяндалган. Мурунку суроону жана ага болгон жообубузду цитата кылам. Балким бул максатка жетээрлик болот, иншаа Аллах.

Суроо: Ассаламу алайкум уа рахматуллоохи уа баркаатуху урматтуу Шейх. Мен Малайзияда ден соолук жана жеке гигиеналык буюмдарды чыгарган “Dixon” компаниясында иштейм. Мен Иорданиядан келген досума жолуктум. Ал мени компанияга каттатып, мага мүчөлүк номерин берди. Мен бир нече кишиден компаниянын иши адал же арам экени тууралуу сурадым. Алар мага адал экенин айтышты. Бирок каржылык план боюнча тренингдерге жана лекцияларга катышкандан кийин, анын ишинен күмөндөнүп калдым. Компаниянын иши сатууда эки ыкмага негизделген:

Биринчи ыкма: Түз сатуу ыкмасы. Мен өзүмдүн мүчөлүк номерим менен продукцияны дүң баада компаниянын соода түйүндөрүнөн сатып алам жана аларды өзүмдүн пайдама сатам. Анткени компания ар бир сатып алган товарыма белгилүү сандагы балл берет. Эгерде мен ай сайын 100 же андан көп балл чогултсам, компания мага акчалай бонус берет.

Анда менин үлүшүм башында 6% болот. Бирок 100 баллдан аз чогултсам, мага накталай акча бербейт. Бирок, упайлар “Жылдыз” даражасына жетүү үчүн аларды топтоо менин жеке эсебимде кала берет.

Сатуунун экинчи ыкмасы: Көп баскычтуу тармактык маркетинг ыкмасы: Мында команда түзүлүп, ортомчулук эсептелет. Мисалы, лидер X (ортомчу) Y, Z, Сден турган команданы чогултат. Лидер X командасынын ар бир мүчөсү 100 упай топтойт. Лидер X 100 упай топтогонго чейин кирешесин ала албайт. Эгер ал 100 упай топтобосо командадан эч ким өз укугун жоготпойт. Команда ортомчулугу төмөнкүдөй: лидердин пайыздык үлүшү менен команда мүчөсүнүн үлүшү ортосундагы айырма 35%га көбөйтүлүп, мүчө чогулткан упайлардын санына көбөйтүлөт. Мүчө жана команда чогулткан упайлар мүчөнүн жалпы эсебинде ал “жылдыз” агент наамын алганга чейин сакталат. Суроо жана түшүндүрүү узун болгондугу үчүн кечирим сурайм. Мен суроону түшүндүрө алдым деп үмүттөнөм. Аллах ыраазы болсун жана бизди да, сизди да Өзү сүйгөн жана ыраазы болгон нерсеге багыттасын.

Жооп: Уа алайкум ассалам уа рахматуллохи уа баркатуху. Биринчиден, биз үчүн кылган жакшы тилектериңизге Аллах ыраазы болсун, амандыгыңызды тилейбиз.

Компания менен иштөөнүн биринчи ыкмасына келсек, суроoңузда сиз товарды дүң баада сатып алып, кайра сатып пайда табам деп жатасыз. Анын үстүнө компания койгон шартка ылайык товардын белгилүү бөлүгүн сатсаңыз компаниядан дагы бир пайда (акчалай бонус) алам деп жатасыз... Башкача айтканда, ай сайын товардын белгилүү бөлүгүн сатсаңыз, компания сизге (акчалай бонус) берүүгө милдеттүү. Мындай ыкма кардарлардын сатууну эки эсе көбөйтүүсүнө түрткү берген көрүнүш. Эгер маселе биз жогоруда түшүндүргөндөй болсо, анда Ислам шариатына ылайык мындай соода кылууга уруксат берилет. Анткени, товарды дүң баада сатып алуу жана аны пайда табуу үчүн сатуу жайиз. Бул Жараткандын ﴿وَأَحَلَّ اللَّهُ الْبَيْعَ وَحَرَّمَ الرِّبَا﴾ “Аллах сооданы адал кылды, сүткорлукту арам кылды” деген өкүмү алкагындагы белгилүү соода. Ошондой эле, сиз товардын белгилүү бир пайызын сатканда компания сизге акчалай сумманы убада кылды. Бул белек болуп саналат. Бул тууралуу биз 2007-жылдын 14-майындагы суроого жооп берип жатып айтканбыз. Анда мындай дегенбиз:

“Товар сатып алып жаткан адамга белгилүү өлчөмдө кошумча сумманы берүү, ага кошумча белек же ушул сыяктуу нерселердин түрүнө кирет. Аны берүү жаиз. Мындай соода жарактуу болот. Бирок, компания менен мындай алака кылуунун уруксаты эки шартта жарактуу:

Биринчиси: Сиздин сатып алууңуз дүң баада болушу керек. Башкача айтканда, базардагы дүң баанын чегинде, андан ашпашы керек. Эгер кымбат болсо, сатуучу акчалай сыйлык убада кылуу менен одоно алдамчылык кылган болот. Ал эми, одоно алдамчылык арам. روى البخاري عن عبد الله بن عمر رضي الله عنهما أن رجلاً ذكر للنبي ﷺ أنه يخدع في البيوع فقال: «إِذَا بَايَعْتَ فَقُلْ لَا خِلَابَةَ»

Бухари Абдулла бин Умардан (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте: “Бир адам Пайгамбар (саллаллаху алейхи уа саллам)га соодада алдаганын билдирди. Ал айтты: “Эгер сатсаң алдамчылык жок деп айт”. Алдамчылык арам.

Экинчиси: компания менен мындай мамиле кылуу суроодо айтылган экинчи ыкмадан көз карандысыз болушу керек. Башкача айтканда, бул биринчи ыкманы колдонуу экинчи ыкмадан өзүнчө болушу шарт. Эгер ага байланыштуу болсо жана экинчи ыкманын шарты болсо, анда биз экинчи ыкма жөнүндө айтканыбыз ага да тиешелүү болот.

Компания менен иштөөнүн экинчи ыкмасына келсек, суроодо эмне айтылганы так эмес. Бирок анын белгилүү тармактык маркетингден анча деле айырмасы жоктой. Тармактык маркетинг маселесине буга чейин бир нече жолу жооп бергенбиз жана ислам шариаты боюнча бул туура эмес экенин түшүндүргөнбүз.

Бул жооптордун ичинен мен сизге экөөнү келтирем:

Тармактык маркетингдин бир түрү болгон “Quest Net Company” жөнүндө 2015-жылы 19-августагы суроого жооп:

“Quest Net”тин вакыйын жана аны менен алака кылуудагы ар кандай ыкмаларын карап чыктык. Бул компания ага сатып алуучуларды (кардарларды) алып келген маркетологдор (ортомчулар)менен алектенет жана аларга белгилүү бир шарттарга ылайык комиссия берет. Башкача айтканда, алар компания алдындагы ортомчулар (брокерлер). Алар сатып алуучуларды алып келип, алардын үстүнөн комиссия алышат. Мындай ишти кылуунун вакыйын карап чыгуу менен төмөнкүлөр айкын болот:

Биринчиден, компаниянын бул түрү бир нече продукциянын маркетинги (сатуу) менен алектенет Бул компаниялар өз товарларын базарга чыгарган адамга алардан бул товарлардын бир бөлүгүн сатып алууну шарт кылат. Ошондон кийин компания ага кардарларды өзүнө алып келүүгө укук берет жана алардын ордуна ага комиссия берет б.а. ал компанияга сатып алуучуларды алып келүүчү жана алардан комиссия алып турган ортомчу (брокер) болот.

Орто Азиядан келгендердин абалында, алты сатып алуучу келмейинче ага комиссия берилбейт. Башка аймактан эки киши алып келгенге чейин... Башкача айтканда, компаниянын программасына ылайык, биринчи сатып алуучу өзү алып келген экөөнөн тышкары, ал экөө алып

келген төртөөнөн дагы комиссия алат. "Ортомчулук" бизнеси ушул жол менен б.а. брокердик чынжыр же маркетинг тармагы түрүндө уланат.

Экинчи: Коммерциялык иштин бул түрү шариятка каршы келет жана мунун түшүндүрмөсү ушундай:

Компания “ортомчу” компанияда иштөө укугуна ээ болушу жана комиссия алып турушу үчүн анын продукциясын сатып алышы керек деген шарт койот. Башкача айтканда, алты же эки сатып алуучу алып келгенден кийин гана алардан комиссия алат. Бул сатып алуу келишими жана брокердик келишим болуп, бир келишимде эки келишим түзүлгөнүн билдирет. Анткени алар бири-бирине шарттуу. Бул арам.

فقد »نَهَى رَسُولُ اللهِ ﷺ عَنْ صَفْقَتَيْنِ فِي صَفْقَةٍ وَاحِدَةٍ «أخرجه أحمد عن عبد الرحمن بن عبد الله بن مسعود عن أبيه.

Аллахтын Элчиси (саллаллаху алейхи уа саллам) айтты: “Бир бүтүмдө эки келишим болуусу арам” Абдуррахман бин Абдуллах бин Масуд атасынан риваят кылган, Имам Ахмад риваяты.

Тактап айтканда, эгер сен мага сатсаң, мен сенден ижарага алам же сага ортомчулук кылам, же сенден сатып алам дегендей ж.б у.с. Бул вакый суроодо айтылгандай экени анык. Сатуу жана ортомчулук бир келишимде. Башкача айтканда, компаниядан сатып алуу милдети - ортомчулук иш жана алып келген кардарларынан комиссия алышы үчүн шарт кылынган.

Ортомчулук – сатуучу менен ага кардарларды алып келгендин ортосундагы келишим. Бул келишимдеги ортомчулук комиссия (ортомчулук акы) алып келгендерден эмес, ортомчу адам өзү компанияга кимди алып келсе, ошолордон гана алынышы керек. Жогоруда аталган компания менен болгон келишимде ортомчу комиссия акысын өзү алып келген кардарлардан да, өзүнөн башкалар алып келген кардарлардын атынан да алгандыктан, бул шарий келишимге каршы келет.

Компаниядан сатып алуу баасы, сатып алуучу аны билип турса дагы одоно алдамчылык менен коштолот. Компания өз бизнесин илгерилетүү үчүн колдонгон кыйыр ыкмалардын натыйжасында алдоо ишке ашат. Ал сатып алуучуну компаниянын товарына жогорку бааны төлөөгө милдеттендирет. Келишимдин натыйжасында, ал товардын чыныгы баасынан эселеген жогорку бааны төлөп калат. Анткени, компания ортомчуга компаниянын гүлдөп-өскөн келечегине үгүттөгөнү үчүн жана ал компанияга алып келген кардарлар жана ал кардарлар алып келе турган сатып алуучулар үчүн комиссиялык төлөм алуу жана компаниянын продуктысын сатуу мүмкүнчүлүгүнө ээ кылат!

Ортомчу сатып алуучуларды алып келе албаса, айрыкча чынжырдын аягында турган сатып алуучуну алдамчылык курчап алат. Ал төлөнгөн

акчанын ондон бирине да арзыбаган товар үчүн жогорку баа төлөп калат! Исламда алдамчылык арам.

قال رسول الله ﷺ »الخَدِيعَةُ فِي النَّارِ «...أخرجه البخاري عن ابن أبي أوفى،

Аллахтын Элчиси (саллаллаху алайхи уа саллам) айтты: “Алдамчылык тозокто...” Бухарий Ибн Абу Авфадан риваят кылган.

روى البخاري عن عبد الله بن عمر رضي الله عنهما أن رجلاً ذكر للنبي ﷺ أنه يخدع في البيوع فقال« :إِذَا بَايَعْتَ فَقُلْ لَا خِلَابَةَ«

Бухари Абдулла бин Умардан (Аллах алардан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте: “Бир адам Пайгамбар (саллаллаху алейхи уа саллам)га соодада алдаганын билдирди. Ал айтты: “Эгер сатсаң алдамчылык жок деп айт”. Бул хадистин мааниси жана анын мааниси алдамчылыктын арам экенине ишарат кылат. Демек, бул компания менен мындай алака кылуу ислам шариятында жаиз эмес”. Аягы.

Жыйынтыктап айтканда, “Quest Net” боюнча суроого берилген жоопто көрсөтүлгөндөй мындай соода шариятка каршы келген бүтүм болуп саналат. Соңу.

Бул маселеде мен артык көргөн нерсем ушул, Аллах Билүүчү жана Даанышман. Мунун баары жогоруда айтылган суроодогу экинчи ыкма шариятка туура келбейт дегенди билдирет.

17-жуммадул аахир, 1446-х.
19-декабрь, 2024-м.

## Риба мал-мүлкү жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, улуу амирибиз, Аллах сизди Өз коргоосунда сактасын жана кадамыңызды бекем кылсын!

Бир адам сүткордук негизине курулган бүгүнкү күндөгү банктардын биринде өзүнө эсеп ачат жана кийинчереек анын ушул эсебине пайыз кошулганы айкын болду. Биз Аллах Таала Куръани Каримдин мухкам (ачык-айкын) аятында:

﴿وَإِن تُبْتُمْ فَلَكُمْ رُءُوسُ أَمْوَٰلِكُمْ لَا تَظْلِمُونَ وَلَا تُظْلَمُونَ﴾

*«Эгер тообо кылсаңар, мал-мүлкүңөр өзүңөргө – залим да, мазлум да болбойсуңар»* [2:279]

дегенин билебиз. Бирок, заманыбыздын айрым шейх жана уламалары банктан бул малды алууга уруксат беришүүдө. Алар малдын пайдасын банкта калтыруу менен банктын дагы башка арам ишти кылышына жардам бербөө үчүн малдын пайдасын банкта калтырбоо керек деп айтышат.

Бул адам пайыз катары кошулган малды эмне кылышы керек? Аны алып, кембагалдарга ихсан кылса же өзүнүн карыздарына берсе, болобу? Бул малдан кембагалдарга ихсан кылынса, сообу барбы? Ушуга жооп берсеңиз, Аллах сизге береке берип, кадамыңызды бекем кылсын!

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Бул адам сүткордук малын эмне кылуу керектигине жооп алуудан мурун, банк менен сүткордук негизинде мамиле кылууну дароо токтотушу жана Аллах Субханахуга калыс тообо кылышы керек. Аллах Субханаху мындай дейт:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ تُوبُوٓاْ إِلَى ٱللَّهِ تَوْبَةً نَّصُوحًا﴾

*«Эй момундар, Аллахка калыс тообо кылгыла»*

﴿إِلَّا ٱلَّذِينَ تَابُواْ وَأَصْلَحُواْ وَٱعْتَصَمُواْ بِٱللَّهِ وَأَخْلَصُواْ دِينَهُمْ لِلَّهِ فَأُوْلَٰٓئِكَ مَعَ ٱلْمُؤْمِنِينَ ۖ وَسَوْفَ يُؤْتِ ٱللَّهُ ٱلْمُؤْمِنِينَ أَجْرًا عَظِيمًا﴾

*«Тообо кылып, өздөрүн оңдогон жана Аллахка байланып, диндерин Аллах үчүн калыс кылган заттар – мына ошолор гана момундар менен бирге болушат жана тез арада Аллах момундарга улуу ажр-сооп тартуу кылат!»*

Имам Тирмизий Анас ﵁дан ушул хадисти чыгарган, Набий ﷺ мындай дейт:

«كُلُّ ابْنِ آدَمَ خَطَّاءٌ وَخَيْرُ الْخَطَّائِينَ التَّوَّابُونَ»

«Адам баласынын баары ката кылуучу жана ката кылуучулардын жакшылары – тообо кылуучулар».

Тообо туура болушу жана Аллах тообо кылуучунун күнөөсүн кечириши үчүн тообо кылуучу кылган күнөөдөн тыйылышы, бул кылмышына бушайман болушу жана аны кайра кылбоого бекем чечим кабыл алышы керек. Эгер күнөө бирер адамдын акысына байланыштуу болсо, мындай зулумга учурагандарга өз акыларын кайтаруу же алардын кечиришине жетишүү шарт болот. Эгер, тообо кылуучу малды алардан уурулук же талап-тоноо жолу менен алган болсо, малды өз ээлерине кайтарышы жана мындай ыплас кесиптен шаръий жол менен четтеши керек. Себеби, арамдан мал табуунун акыбети абдан аянычтуу. Имам Ахмад Абдуллах ибн Масъуд ﵁дан ушул риваятты иштеп чыккан, Расулуллах ﷺ мындай дейт:

«...وَلاَ يَكْسِبُ عَبْدٌ مَالاً مِنْ حَرَامٍ... إِلاَّ كَانَ زَادَهُ إِلَى النَّارِ»

«... пенде арамдан мал таппасын, антпесе, аны тозок үчүн топтогон болот...».

Имам Тирмизий Каъб ибн Ужрадан ушуну иштеп чыккан, Расулуллах ﷺ ага мындай дейт:

«يَا كَعْبَ بْنَ عُجْرَةَ، إِنَّهُ لاَ يَرْبُو لَحْمٌ نَبَتَ مِنْ سُحْتٍ إِلاَّ كَانَتِ النَّارُ أَوْلَى بِهِ»

«Эй Каъб ибн Ужра, тыюу салынган нерсе менен улгайган этке (жанга) тозок гана жакшыраак».

Эми, ушул адамдын малына банк тарабынан сүткордук кошулганына жана андан кандай кутулууга келсек, мунун жообу төмөнкүдөй:

1 – Эгер, бул адам банкка «Мен коюлган капиталдын өзүн гана аламын» десе жетиштүү, банк капиталдын өзүн берет...

2 – Эгер, банк мыйзамдары боюнча буга уруксат жок болсо, мыйзамдуу түрдө ал капиталы менен кошо пайданы да алышы шарт болсо, антпесе, банктан капиталын да ала албай турган болсо, анда, адам капиталын пайда менен кошуп алып, пайдадан кутулат. Ушул пайдадан кутулуу жолу ушул: аны садака катары бирер жакшы жайга коёт, бирок, бул садакасын эч кимге билдирбейт. Себеби, бул мал арам мал болуп, андан кутулушу шарт. Мисалы, бирер мечитке бирөөгө билдирбей коёт же садка кылып жатканын билдирбей бирер кембагал үй-бүлөгө берет ж.б.у.с....

3 – Ал эми, садкасынан ажр-сооп алышына келсек, арам малга ажр-сооп албайт. Аны жакшылыкка сарпташы садака эмес, себеби, ал адал мал эмес... Бирок, ал четтегени үчүн т.а. банк менен арам мамилени бекер кылып, арам малдан четтегени үчүн, инша Аллах, ажр-сооп алат, Аллах Субханаху пенделеринин тообосун калып алат жана жакшы амал кылган кишин ажрсыз калтырбайт.

28-жумадул-аввал, 1435-х.

29-март, 2014-м.

## Чет мамлекеттерден карыз алуу туурасында

**Суроо**: шайхыбыз, Ассаламу алайкум, Аллах сизди Ислам менен азиз кылсын жана Исламды сиз менен кубаттандырсын. Мен дуба кылып, Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык боюнча сизге байъат бере турган адамдар түркүмүнөн болушумду Аллахтан сураймын. Албетте, Ал бардык нерсеге кудуреттүү...

Менде чет өлкөлөрдөн жана эл аралык финансылык мекемелерден карыз алуу маселеси боюнча бир суроо бар. «Халифалык мамлекетиндеги малия» китебинде «бул мамлекеттер жана мекемелерден карыз алуу жаиз эмес, анткени, алардан жалаң гана рибалуу проценттер жана шарттар менен гана карыздар алынат» деген сөздөр келген.... Суроо: Карыз алуу качан жаиз болот, кайсы шарттар негизинде карыз алуу жаиз болбойт? Бул жаатта ал мамлекеттин келишим түзүлгөн, же согуштук абалда болушунун айырмасы барбы? Аллах сиздерге Ислам жана мусулмандар үчүн дүйнө жана акыретте жакшылык болгон нерселерде жардам берсин, вассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Сизге «Халифалык мамлекетиндеги малия» китебинде келген «Чет мамлекеттерден жана эл аралык финансылык мекемелерден карыз алуу шаръий жактан жайыз эмес. Себеби, бул мамлекеттер жана мекемелерден алынган карыздар сүткордук пайда жана шарттар менен болот» деген сөздөр түшүнүксүз болгон окшойт. Сиз «бул сүйлөм бул жерде чет мамлекеттерден жана эл аралык финансылык мекемелерден карыз алууну жаиз кылып коё турган шарттар бар деген маанини түшүндүрөт» деп ойлоп калган окшойсуз. Түпкүлүгүндө болсо иш андай эмес. Тескерисинче, бул сүйлөм: Чет мамлекеттерден жана эл аралык финансылык мекемелерден бул карызда рибалуу проценттер бар экендиги үчүн жана шарттар бар экендиги үчүн карыз алуу жаиз болбойт, - деген маанини түшүндүрөт. Китепте бул ишке анык түшүндүрмө берилип төмөнкүлөр келген:

«Риба (сүткордук) менен болгон карыздар – жеке адам үчүн болобу, мамлекет үчүн болобу, айырмасыз – арам. Шарттар негизинде карыз берүү болсо, чет элдик карыз берүүчү мамлекет жана мекемени мусулмандарга өкүмдар кылып коёт жана мусулмандардын эрк жана иш жүргүүзүлөрүн карыз берүүчү мамлекеттин мекемелери ыктыярына байлап коёт. Бул болсо, шаръий жактан жайыз эмес. Чындыгында, бүгүнкү күндө эл аралык карыздар Исламий мамлекеттер, шаарлар үчүн эң коркунучтуу балээлерден жана алардын мусулмандар өлкөлөрүнө өкүмдар болуу себептеринен болду. Ырасында, үммөт мусибаттарды башынан өткөрүп жаткандан кийин, халифанын сарп-каражаттарын

каптоо үчүн мамлекеттер аралык карыздарга кайрылуусу жайыз болбойт».

Демек, жогоруда баяндалгандарга ылайык чет мамлекеттерден карыз алуу жаиз болбойт. Эми суроонун чет мамлекет согуштук абалда болушу же аны менен келишим түзүлгөн болушу тууpасындагы калган бөлүгүнө келсек, бул иш төмөнкүдөй болот:

Мамлекеттерден карыз алуунун учурдагы эрежелерине ылайык бул карыз алуу Шариятка тескери болгон иштерден «Шариятка тескери болгон риба жана шарттардан» ыраак болбойт. Демек, чет мамлекеттерден карыз алуу таптакыр жаиз болбойт. Ал мамлекет согуштук абалдагы мамлекет болобу же учурдагы эл аралык келишимдер боюнча келишим түзүлгөн мамлекет болобу, айырмасыз.

5-сафар, 1436-х.
27-ноябрь, 2014-м.

## Карызды ашыгы менен төлөө тууралуу

**Суроо**:

1. Ассаламу алейкум уа рахматуллохи уа баракатуху. Эгер бир тонна темир карызга алса кийин карыз берген адам талап кылбаса деле бир тоннадан ашыкча кылып кайтарса… ушул карызды жакшылап төлөп берүү болобу?

2. Мурунку суроо-жоопто карызды ашыкча да, кем да кылбастан төлөп берилиши важиб деп айтылды. Эгер ашыкча кылынса риба бабына кирип калат делген. Бирок менде карызды жакшылап төлөп берүү деген жерде бүдөмүк пайда болуп калды. Эмне үчүн карыз алынган нерсенин дал өзүндөй нерсенин жакшыраагын кайра кайтарып берүү риба бабына кирбей калды? Пайгамбар с.а.в. карызга алган Бакр төөнүн (жаш төө) ордуна андан да жакшыраак төөнү кайтарып бергенин карызды жакшы өтөө этибарында болду. Ал эми бир тонна карыз алынган темирдин ордуна бир жарым тонна кылып кайтарып берилиши риба деп этибар кылынды. Анткени карызды кайтарууда ашыкча кылып кайтаруу шарий жактан жайиз эмес.

3. Суроо-жоопто карызды кайтарууда үстүнө кошуп бербестен кайтарылышы керек. Эгер үстүнө пайда кошулуп калса ал риба болот деп айтылды. Бул жерде кошуп берүү дегенде максат карыз берип жаткан адам карыздын үстүнө кошуп берүү шарты менен берүүсүбү же ал шарт кылбаса деле үстүнө кошуп берип жаткан пайда көздөлгөнбү?

**Жооп:** бул үч суроого ушул эле теманын өзүнөн жооп беребиз:

Уа алейкум ассалам уа рахматуллохи уа баракатуху.

Карызды жакшылап өтөө тууралуу келген Пайгамбар с.а.в. дын хадисиндеги маани. Ал карыз алынган нерсененин үстүнө, санына же салмагына же көлөмүнө кошуп берүү дегенди түшүндүрбөйт. Балким ошол эле сандагы же салмактагы же көлөмдөгү нерсенинин жакшыраагын карыз ээсине кайтарып берүүнү түшүндүрөт. Мисалы, бир адам 10-килограмм буудай карызга алса. Кийин карызды кайтарып берген учурда жакшыраак буудайдан 10-килограммды кайтарып берсе шарий жактан жайиз. Эгер он кала күрүч карызга алса. Кийин карызды берген учурда жакшыраак күрүчтөн он кала күрүчтү карыз ээсин кайтарып бериши жайиз. Эгер бир кой карызга алса. Кийин карызды төлөгөн учурда эки кой эмес жакшыраак бир койду карыз ээсине бериши шарий жактан жайиз. Мына ушул карызды жакшылап төлөөнү түшүндүрөт. Бул карызга берилген нерсенин санына же салмагына эч нерсе ашыкча кылбастан балким ошол карызга алынган нерсенин дал өзүндөй нерсенин жакшыраагын карыз ээсине кайтарып берүүнү түшүндүрөт.

Ушуга негизделип мурунку суроо-жоопто келген Пайгамбар с.а.в. дын хадисинин мааниси ушундай негизде түшүнүлөт. Абу Роофиг р.а атты: “Пайгамбар с.а.в. бакр (жаш төө) төөнү карызга алды. Садакадан төөлөр келди. Пайгамбар с.а.в мени карыз алынган кишиге бакр төөсүн алып барып берүүмдү буйруду. Мен айттым, төөлөрдүн арасынан бакр төө тапкан жокмун бир гана жакшы төөнү гана таптым дедим. Пайгамбар с.а.в. айтты: ал төөнү ага алып барып бер, адамдардын жакшысы карызын жакшы төлөп бергени”. Абу Дауд риваяты.

Башкача айтканда Пайгамбар с.а.в. карыз алган адамына эң жакшы төөнү кайтарып берди. Анын санына кошкон жок бир төөнүн ордуна бир төө кайтарып берди. Бирок андан да жакшыраагын кайтарып берди. Мына ушул маани мурунку суроо-жоопто берилген. Тактап айтканда, карыз алынган бир тонна темирдин ордуна бир жарым тонна темир кайтарып берүү риба бабына кирип калат. Балким бир тонна гана темир кайтарылып берилиши важиб.

Корутунду: Карызды жакшылап өтөө дегенде карыз алынган нерсенин санына же салмагына кошуп төлөөнү түшүндүрбөйт, балким ошол эле сандагы же салмактагы нерсенин жакшыраагын карыз ээсине берүүнү түшүндүрөт. Бирок ал карыз берген тараптан шарт кылынбастан карыз берүүчү тарап өз эрки менен карыз алынган нерсенин жакшыраагын берүүсү шарий жактан жайиз. Анткени Пайгамбар с.а.в. карыз ээси шарт кылбаган нерсени өз эрки менен андан да жакшыраагын карыз ээсине төлөп берди.

Ислам экономика түзүмү китебинде риба бабында төмөнкүдөй келген: ал эми карыз ушул алты түрлүү нерселерде жана мындан башка нерселерде да жайиз. Баардык ээ болунган мүлктөрдөн карызды чыгарып берүү жайиз. Риба качан гана карыз пайданы ээрчите келсе ошондо риба бабына түшөт. Харис бин Аби Салмата Али р.а. дан риваят кылат: “Пайгамбар с.а.в. пайда ээрчите келген карыздан тыйган”. Дагы бир риваятта “Пайда ээрчитип келген ар бир карыз риба” деп келет. Бул хадистердин өкүмүнөн санына же салмагына эч нерсени кошпостон карызды жакшылап өтөө тууралуу келген хадистин өкүмү истисна кылынып алынат. Абу Роофиг р.а айты: “Пайгамбар с.а.в. бакр (жаш төө) төөнү карызга алды. Садакадан төөлөр келди. Пайгамбар с.а.в мага карыз алынган кишиге бакр төөсүн алып барып берүүмдү буйруду. Мен төөлөрдүн арасынан бакр төө тапкан жокмун бир гана жакшы төөнү гана таптым дедим. Пайгамбар с.а.в. айтты: Ал төөнү ага алып барып бер адамдардын жакшысы карызын жакшы төлөп бергени”. Абу Дауд риваяты.

Белек, тартуу шариятта жайиз. Ошондуктан карыз берген тарап шарт койбосо ага белек катары карызына кошуп берип койсо болот делбейт. Карыз маселесине кошпостон өзүнчө белек кылып берсе гана болот. Ал эми карыз маселесине байланыштуу кылып белек катары карызга кошуп берүү жайиз эмес. Анткени бул жердеги кошумча карыз маселесине байланыштуу болуп жатат. Бул нерсе Харис бин Абу Салмата Али р.а. дан риваят кылган: "Пайгамбар с.а.в. пайда ээрчите келген карыздан тыйган", дагы бир риваятта "Пайда ээрчитип келген ар бир карыз риба" деген хадистердин өкүмүнө түшүп калат.

Ошондой эле карыз алынган нерседен дал өзүндөй нерсенин жакшыраагын төлөп берүү карыз пайда алып келди делбейт. Анткени Пайгамбар с.а.в. аны карызды жакшы өтөө деп карады. Анын баяны жогорудагы хадисте айтылып өтүлдү. Ин шаа Аллах ушул жетиштүү деп ойлойм.

21-апрель, 2018-м.

## Эваз акысына карызга кепил болуу

**Суроо**: ассаламу алайкум... фазилеттүү шайх жана улуу амирибиз...

Аллах сизди ар кандай жамандыктан сактасын.

Мындай суроо бермекчимин, бир киши соодагерлерден карыз. Башка бир киши ошол соодагерлер карыздын көлөмүн төмөндөтүшү акысына өз капчыгынан алардын акыларын төлөө жөнүндө сүйлөшүү өткөрүүнү сунуштоодо. Ошону менен бирге карыздын көлөмү азайтылгандан кийин артып калган каражатты карыз берүүчү менен ортодо бөлүп алууну айтууда. Ушул нерсе жайызбы? Аллах сизге берекет жана ишиңизге жардам берсин.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Суроoңуздан ушуну түшүндүм, сиз соодагерден карызсыз... О.э. башка бир адам сиздин ордуңузга соодагерлерге карызды төлөмөкчү. Бирок, ал соодагерлер менен карыздын көлөмүн азайтып, калган бөлүгүн бөлүшүп алмакчы. Мисалы карыз 10000 болсо, аны 8000ге төмөндөтүп, ошонун 1000ине ээ болмокчу. Т.а. сиздин ордуңузга карызды төлөгөнү үчүн калган каражаттын жарымына ээ болмокчу. Башкача айтканда, натыйжасы сизге келе турган эваз акысына т.а. карыз берүүчүлөр менен ал бөлүп ала турган пайыз акысына сиздин ордуңузга карызды төлөмөкчү.

Эгер, мен туура түшүнгөн болсом, суроoңуз ушундай. Бул сыяктуу мамиле жайыз эмес. Анткени, бул жерде маселенин вакиъси ошол адам сиздин ордуңузга карызды төлөөдө кепил болуу маселесине кирет. Исламда кепилдиктин өзүнө таандык шарттары бар, кепилдик эвазсыз (акысыз) болушу зарыл. Ал эми, силердин мамилелеңерде эваздуу кепилдик болууда, бул түрдөгү кепилдик жайыз эмес. Кепилдиктин далили анык белгиленген, кепилдик – бул кепил адам карыз болгон адамдын карызын өз мойнуна алышы. Кепил, кепилденген жана кепилдик берилген киши анык белгилениши, бул нерсе эвазсыз болушу шарт... Абу Давуд Жабирден риваят кылынган хадис буга далил:

«كَانَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ لَا يُصَلِّي عَلَى رَجُلٍ مَاتَ وَعَلَيْهِ دَيْنٌ فَأُتِيَ بِمَيِّتٍ فَقَالَ أَعَلَيْهِ دَيْنٌ قَالُوا نَعَمْ دِينَارَانِ قَالَ صَلُّوا عَلَى صَاحِبِكُمْ فَقَالَ أَبُو قَتَادَةَ الْأَنْصَارِيُّ هُمَا عَلَيَّ يَا رَسُولَ اللَّهِ قَالَ فَصَلَّى عَلَيْهِ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ فَلَمَّا فَتَحَ اللَّهُ عَلَى رَسُولِ اللَّهِ ﷺ قَالَ أَنَا أَوْلَى بِكُلِّ مُؤْمِنٍ مِنْ نَفْسِهِ فَمَنْ تَرَكَ دَيْنًا فَعَلَيَّ قَضَاؤُهُ وَمَنْ تَرَكَ مَالًا فَلِوَرَثَتِهِ»

«Расулуллах ﷺ карыз болгон кишиге жаназа окубайт эле. Бир күнү бир маййитти алып келишкенде ал киши: «Маййиттин карызы барбы?», - деп сурады. Адамдар: «Ооба, эки динар карызы бар», - дешкенде, Расулуллах ﷺ: «Андай болсо, досуңарга жаназаны өзүңөр окугула», - деди. Ошондо Абу Катада ансарий: «Эй Аллахтын расулу, бул эки динарга мен кепилмин», - деген соң Расулуллах ﷺ жаназа окуду. Аллах Таала

Расулуллах ﷺды үстөм кылгандан кийин: «Мен момун киши үчүн анын өзүнөн да жакшыраакмын, ким карыз болгон абалда кеткен болсо аны төлөймүн, ким мал калтырса мураскорлоруна», - деди». Ушул хадистен көрүнүп тургандай, Абу Катада маййиттин карызын өз мойнуна алды т.а. төлөнүшү важиб болгон карызды өз мойнуна алды. О.э. кепилдик, кепил жана кепилдикке түшүп жаткан киши анык белгиленген. Башкача айтканда, анын мойнундагы акыга эвазсыз кепил болду. Ушуга ылайык, бул хадис кепилдиктин анык шарттарын жана анын байлануу шарттарын өз ичине алат.

Мындан улам, эгер ошол киши сиздин карызыңызды төлөөдө сизге кепил болсо, бул үчүн эваз талап кылбаса бул жайыз, бирок эваз талап кылса жайыз эмес.

Дагы кайталап айтамын, эгер суроонузду жогоруда айтканымдай түшүнгөн болсом, бул маселеде мен рожих деп билген жооп ушундай. Аллах – билүүчү жана хикматтуу... Бирок, маселе мен түшүнгөндөй болбосо, аны бизге түшүндүрүп бериңиз, Аллах кааласа, башка сапар жооп берүүгө аракет кылабыз.

2-жумадул-аввал, 1439-х.
19-январь, 2018-м.

## Харамдан табылган мал-мүлк тууралуу

**Суроо**: арамдан (мисалы, кумар, же риба, же камсыздандыруу келишимдери, же арак сатуу аркылуу) акча тапкан адамдын хадясын (тартуусун) кабыл алуу жайизби? Анын үй-бүлөсү ушул арам акчадан нафака алышы жайизби? Силерге көптөн-көп ыраазычылыктар болсун.

**Жооп**: арам бир нече түрдө болот.

– Мисалы хамр сыяктуу маани-маңызы менен арам болгон нерселер… Мындай нерседе хадяны кабыл алуу жайиз эмес, ал хамрдын ээсинин өзүнө да, хадя кылынган адамга да арам. Расулуллах ﷺ айтты:

«حُرِّمَتِ الْخَمْرُ بِعَيْنِهَا»

«Хамрдын дал өзү арам кылынды» (Насаий риваяты).

– Адамдын акысына карата арам. Мисалы, уурдалган же тартып алынган мал. Мындай мал уурдоочуга жана тартып алуучуга арам болуп, анда хадя жайиз болбойт. Себеби, ал уурдаганга да, тартып алганга да, хадя кылынган адамга да арам. Себеби, бул мал өз ээсинин акысы. Ээси кайда болбосун, малды ээсине кайтаруу важиб. Мунун айрым далилдери ушулар:

Ахмад Самурадан мындай дегенин риваят кылды: Расулуллах ﷺ айтты:

«إِذَا سُرِقَ مِنَ الرَّجُلِ مَتَاعٌ، أَوْ ضَاعَ لَهُ مَتَاعٌ، فَوَجَدَهُ بِيَدِ رَجُلٍ بِعَيْنِهِ، فَهُوَ أَحَقُّ بِهِ، وَيَرْجِعُ الْمُشْتَرِي عَلَى الْبَائِعِ بِالثَّمَنِ»

«Эгер, кишинин бир буюму уурдалса же аны жоготуп алса, бул киши дал ушул буюмун башка бир кишинин колунан тапса, ал (буюмун уурдаткан же жоготкон киши) ага акылуураак. Сатып алган адам сатуучудан акчасын кайтарып алат».

Бул хадис уурдалган мал өз ээсине кайтарылышы керектигине көрсөтүүдө.

Тартып алынган нерсе да малдын өз ээсине кайтарылат. Демек, тартып алган кимсе тартып алынган нерсени ээсине кайтарышы важиб. Буга Самура Набий ﷺдан риваят кылган ушул хадис далил. Набий ﷺ айтты:

«عَلَى الْيَدِ مَا أَخَذَتْ حَتَّى تُؤَدِّيَ»

«Кол алган нерсесин өз ээсине (кайтарып) бермейинче карыздар» (Бул хадисти Тирмизий риваят кылып, хасан хадис, деди).

– Батыл мамилелер болгону үчүн арам. Мисалы, риба малы, кумар малы… сыяктуу. Ушул малдар буларды кесип кылып тапкан кимсеге гана арам, бул арамдык сүткор же кумарпоздон бул малды шаръий жол менен алган (сатып алган же нафака кылынган) кишиге өтпөйт. Мисалы, сүткорго бир товарды сатып, андан акча алышыңыз, же аял сүткордон өз нафакасын өндүрүшү, же сүткор өз жакындарынын бирине бирер

нерсени хадя кылышы, же ушуга окшогон шаръий мамилелер сыяктуу. Себеби, бул малдын күнөөсү акча, же нафака, же хадяны алган кишинин мойнуна эмес, сүткордун мойнуна түшөт. Бул абалда арам эки адамдын жоопкерчилигине түшпөйт. Буга далилдер ушулар:

1 –

﴿وَلَا تَكۡسِبُ كُلُّ نَفۡسٍ إِلَّا عَلَيۡهَاۚ وَلَا تَزِرُ وَازِرَةٞ وِزۡرَ أُخۡرَىٰ﴾

*«Ар бир жандык кылган күнөөсү өзүнө гана зыян болот. Эч бир көтөрүүчү (т.а. күнөөкөр жан) өзгө жандын жүгүн (т.а. күнөөсүн) көтөрбөйт»* [6:164]

2 – Набий ﷺ Мединада яхудийлер менен мамиле жүргүзгөн. Акыйкатта болсо, алардын абдан көп малы рибадан болгон эле. Аллах Субханаху ва Таала айтат:

﴿فَبِظُلۡمٖ مِّنَ ٱلَّذِينَ هَادُواْ حَرَّمۡنَا عَلَيۡهِمۡ طَيِّبَٰتٍ أُحِلَّتۡ لَهُمۡ وَبِصَدِّهِمۡ عَن سَبِيلِ ٱللَّهِ كَثِيرٗا ۝ وَأَخۡذِهِمُ ٱلرِّبَوٰاْ وَقَدۡ نُهُواْ عَنۡهُ وَأَكۡلِهِمۡ أَمۡوَٰلَ ٱلنَّاسِ بِٱلۡبَٰطِلِ﴾

*«Яхудий болгон кимселердин залимдиктери жана көп адамдарды Аллах жолунан тоскондору себептүү о.э. тыюу салынган болсо да, сүткордук кылгандыктары жана адамдардын байлыктарын акысыз жегендери себептүү аларга мурун адал кылынган нерселерди арам кылып койдук»* [4:160-161]

Пайгамбарыбыз ﷺ алардан хадяны кабыр алчу. Ибн Аббастан ушул риваят варид болгон: Яхудийлерден бир аял Расулуллах ﷺга уу кошулган кой этин хадя кылды. Кийин Пайгамбар ﷺ ал аялга адам жиберип: «Сени бул ишке эмне мажбурлады?» - деди. Яхудий аял мындай деди: Ушуну билмекчи элем, эгер Пайгамбар болсоңуз, анда, Аллах сизди уудан эскертет, эгер Пайгамбар болбосоңуз адамдар сизден кутулушат.

3 – Айрым сахабалар жана табиъиндер сүткордон хадя алууга уруксат беришкени жөнүндө сахих риваяттар бар:

а) Бир киши Ибн Масъуддун алдына келип: Менин бир кошунам бар, ал риба жейт. Ал мени үйүнө көп чакырат, деди. Ошондо Ибн Масъуд: Анын белеги сага, күнөөсү болсо өзүнүн мойнуна, деди (Абдурраззок Санъаний өзүнүн «Мусаннаф»ында риваят кылды).

б) Хасандан: Саррофтордун (акча алмаштыруучулардын) тамагын жесе болобу? – деп суралды. Хасан: «Аллах силерге яхудий жана насранийлер риба жешин кабар берди жана силерге алардын тамагын адал кылып койду», деди. (Абдурраззак Санъаний өзүнүн «Мусаннаф»ында Муаммардан риваят кылды).

в) Мансурдан мындай дегени риваят кылынды: Мен Иброхимге айттым: Бир кызматкердин үйүнө келдим, ал мени сыйлап мейман кылды. Муну угуп Ибрахим: Кабыл ала бер, деди. Мен: Ал сүткор го? - дедим. Ошондо Ибрахим: Эгер сен рибага буюрбасаң же ага жардам кылбасаң, кабыл ала бер, деди (Абдурраззак Санъаний өзүнүн «Мусаннаф»ында Муаммардан риваят кылды).

4 – Ошого карабастан, риба менен арам мал тапкандар менен мамиле кылбоо абзел, алар менен алды-сатты кылбоо жана алардан хадяны кабыл албоо вараъ (таквалык) болот. Сатуучу өз товарынын эсебине риба менен булганган акчаны албашы жана алардан хадяны – бул хадя риба акчаларынан болуп калышынын ыктымалы болгону үчүн – албашы вараъ болот. Мусулман таза эмес бардык нерседен алыс турат. Ошондуктан, Расулуллах ﷺдын сахабалары арамга жакын барып калуудан коркуп өздөрүн бир канча мубах нерселерден алыс кармашкан. Расулуллах ﷺдан мындай дегени жөнүндө риваят бар:

«لَا يَبْلُغُ العَبْدُ أَنْ يَكُونَ مِنَ المُتَّقِينَ حَتَّى يَدَعَ مَا لَا بَأْسَ بِهِ حَذَرًا لِمَا بِهِ البَأْسُ»

«Пенде динине зыян жетип калышынан коркуп, айрым зыян жеткирбей турган нерселерди да таштамайынча муттакийлерден болбойт». (Бул хадисти Тирмизий риваят кылып, хасан хадис, деди).

Корутунду: Банктар жана башкалар менен риба мамилесин жүргүзгөн кимсеге товар сатуу жана анын хадясын кабыл алуу жайиз. Бирок, ага сатпоо жана хадясын кабыл албоо абзелирээк.

4-сафар, 1434-х.
7-декабрь, 2012-м.

## Харам жол менен табылган байлыктын тоободон кийинки өкүмү жөнүндө

**Суроо**: улуу аалым Ато ибн Халил Абу Рушта мырза, сизди Аллах Өз коргоосунда сактасын, ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, амма баъд:

Сүткордук, уурулук, бузуку ырларды ырдоо же булардан башка арам жолдор менен табылган байлыктын, эгер, ээси тообо кылса бул байлыктын өкүмү кандай болот?

Бул туурасында хостоо барбы же бул туурасындагы өкүм бирөөбү?

Байлыктын ээси тообо кылса да байлык арам болуп кала бере турган болсо, тообо кылууну каалаган, бирок, байлыгы текке кетишинен корккон адамдар да табылат… Ошондуктан, кээ бир шайхтер айткандай, анын тообо кылышына үмүт кылып бул иш башкача чечилеби?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух…

Аллах Субханаху ва Таала айтат:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ تُوبُوٓاْ إِلَى ٱللَّهِ تَوۡبَةٗ نَّصُوحًا﴾

*«Эй момундар, Аллахка калыс тообо кылгыла»* [66:8]

﴿إِلَّا ٱلَّذِينَ تَابُواْ وَأَصۡلَحُواْ وَٱعۡتَصَمُواْ بِٱللَّهِ وَأَخۡلَصُواْ دِينَهُمۡ لِلَّهِ فَأُوْلَٰٓئِكَ مَعَ ٱلۡمُؤۡمِنِينَۖ وَسَوۡفَ يُؤۡتِ ٱللَّهُ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ أَجۡرًا عَظِيمٗا﴾

*«Бирок, тообо кылып өздөрүн оңдогон жана Аллахка байланып, диндерин Аллах үчүн калыс кылган заттар – дал ошолор гана момундар менен бирге болушат. Жакында Аллах момундарга улук ажр-сооп берет!»* [4:146]

Тирмизий Анастан риваят кылган хадисте Набий ﷺ айтты:

«كُلُّ ابْنِ آدَمَ خَطَّاءٌ وَخَيْرُ الخَطَّائِينَ التَّوَّابُونَ»

«Адам перзенттеринин баары каталык кылуучу. Каталык кетирүүчүлөрдүн эң жакшысы – тообо кылуучулар».

Тообо туура таризде болушу жана Аллах тообо кылуучунун күнөөсүн кечириши үчүн тообо кылуучу күнөөдөн тыйылышы, өтмүштө кылган иштерине бушайман болушу жана мындай иштерге кайра барбоого бекем чечим кабыл алышы керек. Эгер, күнөөсү бирер адамдын акысына тиешелүү болсо зулум көргөн бул адамдын укугун кайтарышы жана анын кечиришине жетишүүсү шарт кылынат. Эгер, анда уурулук же баскынчылык менен тартып алган байлык болсо, байлыкты ээсине кайтарышы жана шаръий жактан ыплас жол менен табылган нерседен кутулушу важиб. Себеби, арам жол менен байлык табуунун акыбети

кооптуу. Ахмад Абдуллах ибн Масъуддан риваят кылган хадисте Абдуллах ибн Масъуд айтат: Расулуллах ﷺ айтты:

«...وَلاَ يَكْسِبُ عَبْدٌ مَالاً مِنْ حَرَامٍ... إلاَّ كَانَ زَادَهُ إِلَى النَّارِ»

«Эгер, пенде арамдан байлык тапкан болсо, бул байлыгы анын тозоко даярдаган азыгы болот» Тирмизий Каъб ибн Ужрадан риваят кылган хадисте Расулуллах ﷺ Каъбга мындай деди:

«يَا كَعْبَ بْنَ عُجْرَةَ، إِنَّهُ لاَ يَرْبُو لَحْمٌ نَبَتَ مِنْ سُحْتٍ إِلاَّ كَانَتِ النَّارُ أَوْلَى بِهِ»

«Эй Каъб ибн Ужра, тозоко акылуу болгон эттен тышкары, арамдан азыктанган эт чоңойбойт».

Бул адам колунда арам байлык калып, кантип тообо кылышы мүмкүн?! Бул, тообо эмес, тескерисинче, жамандыктын уландысы. Ошондуктан, ага тообо кылууну, шаръий жактан арам жол менен ээ болгон байлыгынан кутулууну, уурдаган же тартып алган байлыкты ээсине кайтарууну, алардан жана Аллах Тааладан кечирим суроону насаат кылгын. Аллах Субханаху ва Таала ырыскы берүүчү, күч-кубат ээси жана кудуреттүү. Эгер Аллах Субханаху ва Таала кааласа бул дүйнө жана Акыретте аны азиз кыла турган берекелүү жакшы байлык берет. Аллах Субханаху ва Таала пендесинин туура, калыс тообосун жакшы көрөт жана аны эң татыктуу сыйлык менен сыйлайт.

Аллах Субханаху ва Тааладан бул адамды эң туура жолго хидаятташын жана анын калыс тообо кылышын сурап каламын. Аллах кечирими кең Зат.

26-шаъбан, 1434-х.
5-июль, 2013-м.

## Тартып алынган мүлк тууралуу

Суроо: асаламу алейкум уа рахматуллоохи уа баракаатуху. Урматтуу шейх, маалым болгондой Палестина жеринин баары жөөт тарабынан тартылып алынган жерлер. Бул жерлерде көптөгөн жер тилкелери, кыймылсыз мүлктөр тартылып алынган. Анын анык ээлери белгисиз. Бул жерлердин кээ бирлерин (Израил) жеке менчикке же оранизацияларга берип койгон. Мен Палестинада жашайм мага (соода ордун) ижарга алуу сунушу болду. Ал жерге жөөт ээлик кылат ал аны тартып алган жер болуп саналат. Бул жердин ээси белгисиз. (Ал качкын же мигрант болуп кеткен). Бул кыймылсыз мүлктү ижарага алуу мүмкүнбү? Эгер жердин анык ээси белгисиз болсо шарий өкүмү кандай болот? Же ага тартылып алынган мүлк өкүмү колдонулуп аны сатууга да, сатып алууга да, ижарга берүүгө да болбойбу?

**Жооп**: уурдалган же тартылып алынган мүлк ээси табылары менен ага кайтарылат. Самурата р.а. айтат: Пайгамбар с.а.в. айтты: “Эгер бир адамдын буюму уурдалса же жоготсо аны бир кишинин колунан таап алса, ал аны кайтарып алганга акылуу. Сатып алган саткандан акчасын кайтарып алат.” (Ахмад риваяты). Бул наста айтылгандай, уурдалган мүлк ээсине кайтарылат. Пайгамбар с.а.в. айтат: “Алган кол кайтарып берүүсү ваажиб” (Тирмизи риваяты, муну хасан хадис деген). Бул тартып алынган мүлк тууралуу болду.

Мына ушундайча кимде ким жерди тартып алса, ал арам ишти кылып чоң күнөөгө кириптер болот. Пайгамбар с.а.в. айтат: “Кимде ким бир сөөмчөлүк жерге зулум кылса, ал жети кабат жер менен оролтулат.” Тактап айтканда, кайсы бир жерге көп же аз болобу айырмасыз, тартып алып зулумдук кылса күнөө кылган болот. Бул күнөөсүнө жараша кыяматта жаза алат. Дүйнөдө таъзиир жазасын алат жана тартып алган нерсесин кайтарып берет. Эгер тартып алган нерсесин жок кылып же өзгөртүп жиберсе, маселен, тартып алган кездемени көйнөк кылып тигип салса, же тартып алган кенди эритип иштетип салса, же тартып алган малын союп салса анда тартып алуучу анын баасында ээсине төлөп берет.

Ушуга негизделип эгер мүлктүн уурдалганын же тартып алынгандыгын билсеңиз, аны сатып алууга да ижарага да алууга болбойт. Эгер күмөн жаралып калса да аны сатып алууга болбойт. Хасан бин Али р.а айтат: Пайгамбар с.а.в. айтты. “Сени күмөнгө салган нерсени таштап, сени күмөнгө салбаган нерсеге өт” (Тирмизи риваяты, бул хадисти хасан сахих деген).

Ошондуктан, эгер сиз тартып алынган мүлк экендигин анык билсеңиз анын анык ээсин билүүнүн айырмасы жок. Аны ижарага алууга болбойт.

Анткени, тартып алган адам ал мүлккө ээлик кылууга укугу жок. Анын сиз менен келишим-акд түзүүгө да укугу жок.

Аллах сизди бул ижарадан сактасын. Башка жерди ижарага алууну издештириңиз. Аллах сиздин дин үчүн жана дүйнө үчүн кылган иштериңизге береке берсин.

8-март, 2018-м.

## Жерге ээлик кылуу жана андан пайдалануу туурасында

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух! Мен жерге байланыштуу бир суроо бермекчимин: Ээлик кылуу укугу жана пайдалануу укугу жеке адамдыкы болгон жер менен пайдалануу укугу жеке адамдыкы, ээлик кылуу укугу болсо мамлекеттики болгон жердин ортосундагы айырма эмнеде? Аллах сизди жакшылык менен сыйласын.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Ушрий жер менен хирожий жердин ортосунда төмөнкү эки маселеден башка айырма жок, себеби экөө тең бирдей:

1 – Ушрий жер ээсинде ага ээлик кылуу укугу да бар, андан пайдалануу укугу да бар. Хирожий жер ээсинде болсо андан пайдалануу укугу гана бар, ага ээлик кыла албайт. Мунун себеби, ушрий жер ээси ушул кол астындагы жерди вакф кылмакчы болсо, каалаган убакта кыла алат. Себеби, вакф шарты боюнча, вакф кылып жаткан киши вакф кылынып жаткан нерсенин өзүнө ээ болушу керек. Хирожий жер ээси болсо жердин өзүнө ээ эмес т.а. анда ээлик кылуу укугу жок, пайдалануу укугу гана бар. Себеби, хирожий жер Байтулмалдын мүлкү болуп эсептелет.

2 – Ушрий жерде (ондон биринин жарымын, же ондон бирин) зекет бериши важиб. Хирожий жерге болсо хирож берилет.

Мындан башка нерселерде эки жер тең бирдей болуп, аларга ээ болгон адам эки жерден тең шарият өкүмдөрүнө ылайык пайдалана берет: сатышы, сатып алышы, мураска калтырышы... мүмкүн.

20-ражаб, 1436-х.
9-май, 2015-м.

## Жердин дайынсыз калбашы жөнүндө

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

«Сууроолорго жоопторда» кафирдин колундагы ушрий жерден хирож алынат, себеби, жер дайынсыз калбайт. Ушр – зекет, кафир болсо зекет калкынан эмес, арийне, эгер ал ушрий жерге ээ болсо, хирож бериши шарт болот.

Жер дайынсыз калбашы т.а. жерге зекет (ушр) же хирож берилишинин далили кандай? Акыйкатта болсо, зекет белгилүү бир түрлөрдөн жана нисабга жетсе гана берилет. Ушуга ылайык, белгиленген түрдөгү эгиндер эгилбеген бардык ушрий жерлерден ушр да, хирож да берилбейт. О.э. хирож да хирожий жерден гана т.а. мусулмандар согушуп ээлик кылып алган жерге акылуу болот.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

- Жер дайынсыз калбашы т.а. шаръий өкүмдөргө ылайык ушр, же жарым ушр, же хирож берилишинин далил жөнүндөгү суроонузга жооп мындай: жер өкүмдөрү жөнүндө келген далилдер жерди ушрий же хирожий кылып белгилеген. Бул далилдер:

1 – Ар бир жер жөнүндөгү умумий далилдер. Анда мусулман ушр же жарым ушр бериши важиб.

«فِيمَا سَقَتْ الأَنْهَارُ وَالْغَيْمُ الْعُشُورُ، وَفِيمَا سُقِيَ بِالسَّانِيَةِ نِصْفُ الْعُشْرِ»

«Дарыялар жана жамгыр суулары түшкөн жерлерден – ушр, төө менен кудуктан суу ташып суугарылган жерлерге – жарым ушр» эгиндин түрү жана көлөмү менен байланыштуу шаръий өкүмдөргө ылайык берилет.

2 – Фатхтан кийин умумий далилдерге кирбеген жерлерде жаңы проблема пайда болду жана аларга хирож белгиленди:

«قَضَى رَسُولُ اللَّهِ ﷺ فِيمَنْ أَسْلَمَ مِنْ أَهْلِ البَحْرَيْنِ أَنَّهُ قَدْ أَحْرَزَ دَمَهُ وَمَالَهُ إِلاَّ أَرْضَهُ، فَإِنَّهَا فَيْءٌ لِلْمُسْلِمِينَ؛ لأَنَّهُمْ لَمْ يُسْلِمُوا وَهُمْ مُمْتَنِعُونَ»

«Расулуллах ﷺ Бахрейн калкынан ким Исламга кирген болсо, каны жана малына өзү ээлик кылышын, жери болсо мусулмандар үчүн фай болушун өкүм кылды. Себеби, алар каршылык көрсөтпөй Исламга киришти». Умар ﵁нун айыл жерлери жөнүндөгү өкүмү: «Мен жерлерди кафирлердин колунда калтырып, аларга хирож белгиледим».

3 – Ошондуктан, Ислам диярындагы бардык жерлерге зекет белгиленген, алардын белгилүү бир түрүнө гана хирож белгиленген.

4 – Умумий өкүм умумий боюнча калат: «Ислам диярындагы бардык жерлерге зекет белгиленген». Бул өкүмдөн нас менен хостолгон «хирожий жерлер» гана чыгарылат.

5 – Эгин жерлеринин өкүмү ушундай. Эгер, хирожий жөнүндөгү нусус болбогондо умумий өкүм т.а. жердин мусулман ээсине шаръий

нусустарга ылайык белгиленген зекет кала бермек. Жердин андан эмне берүү жагынан түрүн баян кылган башка өкүмдөр жок, мындан улам, жерге зекет же хирож берилет. Бул, бардык жерди өз ичине алган умумий нусустар.

6 – Ушул далилдерден биз жер дайынсыз калбашын истинбат кылдык.

- Эми, сиздин Расулуллах ﷺ ушрий жерге ээ болгон кафирлерге хирож белгилегени жөнүндөгү суроонузга келсек, мен андай нерсени ырастабаганмын. Биз истинбат кылган шаръий өкүмдөрдү билүү үчүн жогорудагы далилдер жетиштүү. Т.а. биз ушуларды таржих (артыкчылык) кылдык: зиммийлердин колунда ушрий жер болсо, алар хирож төлөйт, себеби, зекет шаръий өкүмдөргө ылайык мусулманга фарз.

Ошондой болсо да, бул маселеде сиз бирер нерсени билген болсоңуз, карап чыгышым үчүн мага жөнөтүшүңүз мүмкүн жана бул үчүн сизден ыраазычылык билдиремин.

5-шаъбан, 1434-х.
14-июль, 2013-м.

## Риказ жөнүндө

**Суроо**: риказ жөнүндө «Малдар» китебинде «Рикоздо хумс (бештен бир) бар» деп келген. Ушул орунда бир суроо туулат. Кресттер жана пил сөөгүнөн жасалган айкелдер сыяктуу белгилүү бир түскө ээ же турмуш жөнүндөгү белгилүү бир көз карашты билдирген формалар жана металдарга тиешелүү нерселерди, эгер алар рикоздон болсо, аларды мүлк кылып алуу жайизби? Т.а. аларды сатып, акчасынан пайдалануу жана алардын бештен бирин берүү жайизби?

**Жооп**: риказ боюнча ушуларды айтабыз, эгер нерсе арам болсо, аны мүлк кылып алуу, алып-саттып тасарруф кылуу да арам болот. Ошондуктан, эгер мусулман адам кресттер, айкелдер сыяктуу арам нерседен турган көмүп жашырып коюлган рикозду таап алса, алардын арам кылынган сүрөтү-көрүнүшү себептүү аларды мүлк кылып алуу жайиз болбойт. Бирок, аны сындырып арам кылынган сүрөтүн өзгөртсө жана сыныгын сатса жайиз болот. Акчасынын бештен бирин, эгер Халифалык бар болсо, аны мусулмандар жана мухтаждар кызыкчылыктарына сарпташы үчүн мамлекетке төлөйт. Эгер Халифалык жок болсо, бештен бирин камбагалдар, мискиндерге жана мусулмандардын кызыкчылыктары үчүн берет. Калган бештен төрт бөлүгү өзүнө калат.

Эгер, ошол айкелдер жана кресттер өлүмтүктөн жасалбаган болсо, ушундай. Бирок, өлүмтүктөн жасалган болсо, аларды сындыруу алардын өлүмтүк сыпатын жоготпойт.

Ал эми, эгер өлүмтүк сөөгүнөн же мүйүздөрүнөн жасалган болсо, анын тазалыгы же нажасаттыгы туурасында фукахалар ортосунда ихтилаф бар. Мен булардан жасалган нерселер нажасат, аларга өлүмтүк сыпаты туура келет, деген раъйга басым жасаймын. Аллах Тааланын ушул сөзү буга далил:

﴿قَالَ مَن يُحۡيِ ٱلۡعِظَٰمَ وَهِيَ رَمِيمٞ﴾

*«Чирип бүткөн сөөктөрдү ким тирилте алат, деди»* [36:78]

Себеби, «сөөк» сөзү менен келген «يحيي» сөзү өлүмтүктүн сөөгү да өлүмтүк экенин билдирет.

Ушуга ылайык, крест же айкел өлүмтүктүн ар кандай бөлүгүнөн жасалган болсо, андан пайдалануу, ал тургай, сындырылган болсо да жайиз болбойт. Себеби, өлүмтүктүк бөлүктөрү да өлүмтүк болуп, аларга өлүмтүк өкүмү туура келет.

18-зул-каъда, 1433-х.

3-октябрь, 2012-м.

## Риказга байланыштуу өкүмдөр жөнүндө

**Суроо**: белгилүү болгондой, риказда (табылгада) хумс (бештен бирин байтулмалга тапшыруу) бар. Менин суроом төмөнкүдөй: эгер бир адам усманий аскерлерге таандык казынаны (сандык жана аскерлердин буюмдары) таап алса, бул адам ушул табылганын хумсун бергенден кийин ага ээлик кыла алабы же бул табылга исламий мамлекеттин мүлкү болуп, аны аманат катары сактап – Аллахтын уруксаты менен – Халифалык тикеленгенде бул табылганы Халифалыкка кайтарабы?

Аллах сизге береке берсин.

**Жооп**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух!

Риказ жөнүндө айта турган болсок, ким риказ таап алса анын бештен бирин Ислам мамлекетине тапшырат. Мамлекет аны мусулмандар пайдасына иштетет. Табылганын калган төрт бөлүгү тапкан адам үчүн калат. Бул адам табылганы башка жерден таппаган болушу шарт.

Эгер, бүгүнкү күндөгүдөй Ислам мамлекети жок болсо табылганы тапкан адам анын бештен бирин факирлер, мискиндерге берет жана мусулмандардын пайдасына иштетет, бул бабдагы акыйкатты издейт (т.а. факирлер жана мискиндерге бергени жакшыбы же мусулмандардын пайдасынабы, ушул туурасында изденет).

Бул маселенин далили төмөнкүдөй:

а) Риказ – акча, мүлк, жерге көмүлгөн алтын, күмүш, баалуулуктар, берметтер же булардан башка асыл буюмдар жана куралдар сыяктуу байлыктар. Булар мисирликтер, бабилдиктер, ассурийлер, сасанийлер, румдуктар, гректер жана булардан башка илгерки коумдордун көмүлгөн казыналары болушу, падышалары жана улуу адамдарынын кабырынан же ойрондуга учураган өтмүштөгү шаарлардан табылган акчалар, баалуулуктар жана берметтер болушу да мүмкүн. Мындан тышкары жахилият доорундагы же Исламдын өтмүш доорундагы жерге көмүлгөн алтын жана күмүш теңгелер болушу да мүмкүн. Булардын баары риказ болуп эсептелет.

Риказ «ركز, يركز» (жашырылды) феълинен иштикак кылынган. Эгер найза көмүп коюлса, ركز الرمح найза жашырылды, деп айтылат. Жашыруун үн «рикз» деп айтылат, Аллах Таала айтат:

﴿أَوۡ تَسۡمَعُ لَهُمۡ رِكۡزًۢا﴾

*«Же үндөрүн угасыңбы?!»* [19:98]

Ал эми, маъдан (кен) – Аллах Таала жер-асманды жараткан күндө жараткан алтын, күмүш, жез, коргошун жана башка кен байлыктары. Маъдан «عدن» (бир жайда орношуу) феълинен иштикак кылынган. Бейиш

түбөлүк кала турган жай болгону үчүн «Адн» деп аталган. Маъдан адамдар көмгөн байлыктар эмес, тескерисинче, Аллах Таала жер астында жаратып койгон байлыктар. Ушунусу менен ал риказдан айырмаланат. Себеби, риказ – адамдар көмгөн байлыктар.

б) Риказ жана маъдан өкүмдөрүнүн асли төмөндөгү хадистер: Абу Хурайра ﵁ риваят кылган хадисте Набий ﷺ айтты:

«اَلْعُجْمَاءُ جُرْحُهَا جُبَارٌ، وَفِي الرِّكَازِ الْخُمُسُ»

«… Риказдан хумс берилет» (хумс – бештен бир). Бул хадисти Абу Убайд риваят кылган. Абдуллах ибн Амрдан риваят кылынган хадисте Набий ﷺдан эски урандылардан табылган байлык жөнүндө суралганда:

«فِيهِ وَفِي الرِّكَازِ الْخُمُسُ»

«Мындан жана риказдан хумс берилет», деген. Али ибн Абу Талиб ﵁дан риваят кылынган хадисте Набий ﷺ айтты:

«وَفِي السُّيُوبِ الْخُمُسُ. قَالَ: وَالسُّيُوبُ عُرُوقُ الذَّهَبِ وَالْفِضَّةِ الَّتِي تَحْتَ الْأَرْضِ»

«Суюбда хумс бар. Суюб – жер астындагы алтын жана күмүш заты».

в) Ушуга ылайык, көрүстөндөрдөн, коргондордон, мурунку коумдордун шаарларынан, өлүк (иштетилбеген, эч кимге таандык эмес) жерлерден, эски урандылардан табылган алтын, күмүш, баалуу жасалгалар, асыл таштар жана булардан башка көмүлгөн ар кандай байлыктар, бул байлыктар жахилият доорунда көмүлгөнүнө же мусулмандар көмгөнүнө карабастан, ким бул баалуулуктарды таап алса, бул, ошол адамдын мүлкү болот. Бул адам табылганын бештен бирин байтулмалга берет.

О.э. бирөөнүн мүлкү болбогон өлүк жерден табылган алтын же күмүш (заты болобу же кени болобу, айырмасыз) ид (агын суу сыяктуу) болбогон т.а. көлөмү чектелген ар кандай кен таап алган адамдын мүлкү болот. Ал бул байлыктын бештен бирин байтулмалга берет. Бирок, бул көмүлгөн байлыктын көлөмү чектелбеген кен болсо, бул кен умумий мүлк болуп, мунун тафсилаты башкача.

Риказ же маъданды таап алган адамдан алына турган хумс фай даражасында болот жана ал файдын өкүмүн алат. Ал байтулмалдын олжо жана хирож деванына өткөрүлөт, олжо жана хирож сарптала турган орундарга сарпталат. Бул иш халифага тапшырылган, халифа өз ижтихадына ылайык Үммөттүн иштерин башкарууга жана кызыкчылыктарын жүзөгө чыгарууга иштетет.

г) Бирер адам өзүнүн мүлкү болгон жер же имараттан риказ же кен таап алса, бул, анын мүлкү болот. Ал бул жер же имаратты мурас кылып алганбы же сатып алганбы, мунун айырмасы жок. Эгер, бирер адам башка адамдын жери же имаратынан риказ же кен таап алса, бул, таап алган адамдын эмес, жер же имарат ээсинин мүлкү болот.

5-мухаррам, 1435-х.

8-ноябрь, 2013-м.

## Риказ өкүмү туурасында

**Суроо**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух, Аллах сизди Өз коргоосунда сактасын! Ушуну түшүндүрүп берсеңиз, эмне үчүн риказ зекет бөлүмүнө эмес, хирож бөлүмүнө киргизилген, риказ нисабга жетсе, анын бештен бири берилеби? Аллах кайратыңызга кайрат кошсун!

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух!

Бухарий жана Муслим Ибн Шихабдан, ал Саид ибн Мусайябдан, ал Абу Салама ибн Абдуррахмандан, ал Абу Хурайра ﵁дан ушул риваятты чыгарган: Расулуллах ﷺ мындай дейт:

«وَفِي الرِّكَازِ الْخُمُسُ»

«Риказда бештен бири берилет».

Риказ – көмүп коюлган мүлк же чектелүү кен болуп, ким аны өзүнүн жеринен же үйүнөн таап алса, ал анын мүлкү болот. Ким бирөөнүн жеринен же үйүнөн риказ же кен булагын таап алса, бул риказ же кен таап алган адамдын эмес, ошол жердин же үйдүн ээсинин мүлкү болот, риказ табылышы менен анын бештен бири Байтулмалга берилет жана аны кечиктирүүгө тыюу салынат.

Эми, риказдын зекет же фай (олжо) болушу туурасындагы суроосуна келсек, жооп ушул, ал зекет эмес, фай. Далилдер: Абу Убайда Мужалидден, ал Шаъбийден риваят кылат: «Бир киши Медина сыртында көмүлгөн миң динар таап алып, аны Умар ибн Хаттабга алып келди, Умар анын бештен бирин т.а. эки жүз динарды алып, калганын кайтарып берди, кийин эки жүздү айланасындагы мусулмандарга таратты, андан да артып калды: «Динарлар ээси кайда?», деп сурады, ээси ордунан турду, Умар ага: «Бул динарды алгын, ал сеники», деди».

Шаъбийдин ушул хадисинен айкын болуп жаткандай, Умар риказ таап алган кишиден риказдын бештен бири гана алган, бештен биринен калган бөлүгү аны таап алган кишиге кайтарылган жана риказдан алынган бештен бир бөлүк зекет эмес, фай катары болгон. Эгер, зекет болгондо аны зекет бериле турган орундарга сарптамак жана риказды таап алган кишиге да үлүш берилбейт эле, себеби, ал киши бай болгон, ал эми, зекет байга берилбейт.

Ошондуктан, риказдын кыйматы канча болбосун, анын бештен бири Байтулмалга, бештен биринен калган бөлүгү таап алган кишиге берилет. Бул, зекет болбогону үчүн нисабга өлчөнбөйт, риказдын кыйматы нисабга жетеби же жетпейби, айырмасы жок. Анын бештен бири мусулмандардын Байтулмалына берилиши керек. Бүгүнкү күндө мусулмандардын Байтулмалы жок убакта риказдын бештен бири мусулмандардын кызыкчылыгы үчүн же муктаж мусулман кишилерге сарпталат, риказды таап алган киши экөөсүнүн кайсы бирине жумшаса, өз эрки.

23-зул-каъда, 1435-х.

18-сентябр, 2014-м.

## Биткоиндин шаръий өкүмү

Ассаламу алайкум, сиздин ишиңиз көп болуштугу себептүү менин суроомо жооп берүүгө убакытыңыз жетпейт деп ойлом.

Ошентсе да менде тез арада жооп ала турган суроо жаралып жатат. Айрыкча, акыркы учурларда мусулмандардын арасында сезилээрлик деңгээлде таралып жаткан нерсе тууралуу.

**Суроо**: биткоин акча бирдиги 8 жыл мурда чыгарылган. Азыр болсо бир биткоиндин баасы 8000 долларга чыкты. Мен аны иштетүү вакыйын караштырганымда анын доллар менен болгон алакадан эч кандай айырмасы жок экендигин көрдүм. Болгону доллар материалдык нерсе, ал эми биткоин колго кармала турган нерсе эмес электрондук акча экен. Төмөнкү жактамалардын негизинде шарий өкүмдү баяндап берсеңиз:

1 – Аны сатуу жана сатып алуу алакасы;

2 – Бул жаңы пайда болгон акча болгондуктан аны пайда кылуу жолу кандай болот;

3 – Биткоин менен башка акча бирдиктеринин ортосундагы айырбаштоо алакасы кандай болот?

Эгер, кааласаңыз ютуб аркылуу анын вакыйын дагы кеңири айтып берүүгө даярмын. Бирок менин оюмча мунун вакыйы сизге маалым болсо керек. Рахмат.

**Жооб**: ва алайкум ассалам ва рохматуллоохи ва барокаатуху.

Биткоин тууралуу суроого 2017-жылдын 28-мартында жооп берген элек. Ошол жооптун мазмунунун кайра сунуштайбыз:

«Биткоин бул акча бирдик болуп саналбайт. Анткени, ал акча бирдигинин шарттарына жооп бербейт. Башкача айтканда, Пайгамбар ﷺ бекиткен динар, дирхам жооп бере турган шарттарга жооп бербейт:

– Акча кызмат жана товарларды айырбаштай турган өлчөө, башкача айтканда, аны менен товардын баасы жана айлык акылар белгиленүүчү бирдик;

– Акча белгисиз эмес, белгилүү бир мамлекеттик бийлик тарабынан чыгарылат;

– Акча бир ууч адамдардын арасында эле эмес, бардык адамдардын арасында жайылган болушу керек.

Ушул шарттар биткоинге коюла турган болсо, ал бул шарттарга жооп бере албастыгы айкын болот:

– Ал кызмат жана товарларды айырбаштай турган өлчөө боло албайт. Балким ал чектелген товар жана кызматтарды айырбаштай турган нерсе;

– Ал белгилүү бир мамлекеттик бийлик тарабынан чыгарылбайт, балким булагы белгисиз тараптан чыгарылган нерсе;

– Ал баардык адамдардын арасында жайылган эмес, балким кээ бир адамдардын ортосунда гана алмашылып жаткан нерсе. Башкача айтканда, ал коомдун ар бир мүчөсү үчүн эмес.

Ушуга негизделип шарий тараптан Биткоин акча бирдиги болуп саналбайт.

Ошондуктан, Биткоин бул товардан башка нерсе эмес. Бирок бул биткоин товары чыккан жер белгилүү эмес. Анын кепилдиги да жок. Ошондой эле бул алдамчылык, чайкоочулук көп иштетиле турган орун болуп саналат. Ошол себептен аны сатуу жана сатып алуу шарий жактан жайиз эмес. Айрыкча анын чыгарылган жери белгисиз болгондуктан, ага карата көп күмөндүү ой жаралат. Айрыкча, биткоиндин чыккан жери ири капиталисттик өлкөлөрдөн алыс эмес, өзгөчө Америкадан алыс эмес деген күмөндүү ойлорду жаратат. Же ири капиталистик мамлекеттер менен байланышы бар өз көмөчүнө күл тарткан бир ууч адамдар тарабынан чыгарылат. Же эл аралык ири компаниялар тарабынан кумар, баңги заттарды сатуу, акчаны алдоо менен тартып алуу, уюшкан кылмыштуу топтор үчүн чыгарылган деген күмөндү жаратат. Эгер мындай болбосо, анда эмнеге анын чыгарылган жери белгисиз бойдон калууда?!

Корутунду:

Биткоин чыгарылган жери белгисиз болгон товар жана анын кепилдиги да жок. Чайкоочулук, алдамчылык иштетиле турган орун болуп саналат. Ушундай айла-амалдарды иштетүү аркылуу адамдардын байлыгын талап тоноого каратылган колонизатор каапыр мамлекеттердин, айрыкча Америка таасирин күчөтүүчү орун болуп саналат... Ошондуктан шарий далилдин негизинде аны сатууга жана сатып алууга болбойт. Анткени, шарият белгисиз нерсени сатуу жана сатып алуудан кайтарган. Ал далилдер төмөнкүлөр:

– Муслимдин сахихинде Абу Хурайра ﵁дан риваят кылынат:

«نَهَى رَسُولُ اللهِ صلى الله عليه وسلم عَنْ بَيْعِ الْحَصَاةِ، وَعَنْ بَيْعِ الْغَرَرِ»

«Расулуллах ﷺ Хасоот (ташты ыргытып түшкөн жерине чейин) кылып сатуудан жана гарар (белгисиз) нерсени сатуудан тыйды».

Тирмизи Абу Хурайра ﵁дан риваят кылды. «Хасоот соодасынан» мисалы, мен бул кездемелерди мен ыргыткан таш кайсы жерге түшсө, ошо жерге чейин сага сатам десе же мен ыргыткан таш кайсы жерге барып түшсө ошо жерге чейин сага сатам деген сыяктуу. Бул сатылып жаткан товар белгисиздикти жаратып жаткандыгы үчүн ага тыюу салынган». «Гарар соодасынан» мисалы, көлдөгү балыкты, же эмчектеги сүттү, же туула элек курсактагы жандыкты, же ушалар сыяктуу нерселерди сага саттым десе бул нерсеге да шарият тарабынан тыюу салынган. Анткени, ал белгисиз нерсе.

Ушундан маалым болгондой гарар соодасы арам. Анткени, ал белгисиздикти жаратып жатат. Ушул нерсе биткоиндин да вакыйына дал келет. Анын чыгарылган жери белгисиз болгон товар. Аны эч бир расмий тарап чыгардык деп кепилдикти мойнуна алган эмес. Ошондуктан, ал кепилдиксиз дагы. Ушуга негизделип аны сатуу жана сатып алуу шарий тараптан жайиз эмес».

30-робиул-аввал, 1439-х.
18-декабрь, 2017-м.

## Алтын жана күмүштөн башка баалуу металдарды акча катары колдонуу туурасында

**Суроо**: көптөгөн китеп жана баракчаларыбызда мындай делген, акча – алтын жана күмүш болот, ал алтын жана күмүш же аны камсыздаган кагаз болушунун айырмасы жок. Шейх Абдулкадим Заллум ﷺ өзүнүн «Ислам мамлекетиндеги малдар» аттуу китебинде болсо ушул маселе жөнүндө Ислам мамлекети алтын, күмүш жана башка ар кандай ылайык келген металлды – ырас, алтын негизги акча болуп калган соң – керектеши мүмкүндүгүн айткан. Ошондой болгон соң, Ислам мамлекети алтын жана күмүшкө кошумча, мисалы, платина же алмаз сыяктуу кымбат баалуу таштар жана башка кымбат баалуу металдар менен камсыздалган акчаны керектей алабы?

**Жооп**: Исламда акча түздөн-түз алтын жана күмүш болот. Же байтул малда алтын жана күмүш менен камсыздалган кагаз сыяктуу башка каражаттарды да керектөө мүмкүн.

«Ислам мамлекетиндеги малдар» аттуу китепте айтылгандай, жез сыяктуу майда нерселердин арзан металдарын да керектөө мүмкүн. Себеби, арзыбаган нерселердин алтын жана күмүштөн турган бирдик металдын салмагы абдан жеңил болуп, керектөөгө жарабайт жана айырбаштоого ылайыктуу болбойт. Ошондуктан, акча жез сыяктуу арзан металдардан басылып чыгат же жеңил салмактуу арзан металлга алтын жана күмүш көбүрөөк көлөмдө аралаштырылат. Максат, ушул аралашманы абдан арзан нерселерди сатып алууда айырбаштоого ылайыктуу салмакка ээ кылуу.

«Ислам мамлекетиндеги малдар» аттуу китепте мындай делет:

(Мамлекет арзан нерселерди сатып алуу оңой болушу үчүн алтын жана күмүштөн турган бул бирдиктердин курамына, кымбатбаалуу болбогон кендерден белгилүү бир пайызда кошуп, майда акчаларды чыгарат. Мамлекет ар кандай чаташтыкка жол койбоо үчүн басылып жаткан бирдиктердеги металдардын пайызынын салмагын аткарышы керек. Ошону менен мусулмандар артын жана күмүш каидасында т.а. 2 кен каидасында жүрүштү. Аббасийлер өкүмдарлыгынын соңку доорунда жана Мисирдеги Атобика доорунда мусулмандар алтын жана күмүш менен бирге жезди курамдык кыйматы азыраак деген этибар менен, кичине нерселерди сатып алуу үчүн андан акча жасашкан. Жез акча алтын жана күмүшкө бадал болбогон жана анын кыйматына таянган. Атобика заманында алтын жана күмүш азайып кетип, алар жез менен бардык кыйматы арзан маталарды сатып ала башташкан).

Ошентип, алтын жана күмүштөн башка керектеле турган металдар адатта арзан түрдөн болот. Бирок, айырбаштоо алтын жана күмүштөн

кымбат наркта керектелбеши керек. Себеби, маселе айырбаштоодо ылайыктуу салмакты талап кылган майда нерселер маселеси. Эгер, алтын жана күмүш болсо абдан кичине болуп калат. Ушул себептен улам, салмак керектөөгө ылайык болушу үчүн арзан металл керектелет. Муну менен айырбаштоодо кымбат метал керектелбейт.

Эми, алтын жана күмүштөн да кымбат болгон – мисалы, платина же алмаз сыяктуу кымбатбаалуу таштар сыяктуу – металдардан шаръий акча жасоого келсек, бул жайиз эмес. Себеби, акча алтын жана күмүш экенине далалат кылган шаръий далилдер маалым. Байтул малда, ал тургай, алтын жана күмүштөн кымбат болсо да башка бирер металл орду болушу жайиз эмес. Себеби, шаръий өкүмдөргө ылайык акчанын орду бир гана алтын жана күмүш. Андан башка металдар болсо товарлардын бири болуудан нары өтпөйт.

19-шаввал, 1431-х.

## Алтынга тиешелүү экономикалык суроо

**Суроолор**: ассаламу алайкум ва рохматуллохи ва барокатух:

Улуу аалым Ато ибн Халил, сизди Аллах Өз коргоосунда сактасын.

Алтынга тиешелүү экономикалык суроолор:

Алтын баасына таасир кылуучу факторлор эмнелерден турат?

Эмнеге өткөн жылдын аягынан тартып алтын баасы төмөндөп кетти?

Болжол менен бир ай мурун алтын баасы капыстан төмөндөп кеткенин эмнеге байлоого мүмкүн?

Шарият боюнча кагаз акчалардын ордуна алтынды (бул алтындын зекетин берген абалда) сактоо жайизби? Бул нерсе аракетсиз казына сактоо эсептелеби? Эгер, бул, жайиз болсо, экономикалык жактан аны кеңеш берсе болобу?

Аллах сизге берекет берсин.

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух:

1 – Өзүңүзгө белгилүү болгондой, мурун акча алтын жана күмүш болгон. Ал тургай, кээ бир мамлекеттер XIX кылымдын аяктарында жана XX кылымдын баштарында кагаз акчаларды чыгарганда да бул акчалар алтын жана күмүштөн ордун баскан жана аларды ар кандай убакта алмаштыруу мүмкүн болгон т.а. кагаз акчасы бар адам бул акчаларды чыгарган мамлекеттин банкына барып алардын ордуна кыйматына жараша алтынды алышы мүмкүн болгон.

2 – Бул абал эки дүйнөлүк согуш, 1914-жылдагы биринчи дүйнөлүк согуш жана 1939-жылдагы экинчи дүйнөлүк согуш аралыгында өзгөрдү. Айрыкча, 1929-жылы Америкада чоң депрессия жүз бериши менен ушундай болду. Бул депрессия башка мамлекеттерге да өттү. Натыйжада, кагаз акчаларды алтынга алмаштырып берүүгө бир нече чектөөлөр коюлду…

3 – 1945-жылы экинчи дүйнөлүк согуш аяктап Америка бул согуштан эң аз зыян көрүү менен чыкты. Европа, Германия жана Япония болсо бул согушта чоң зыянга учурады, алардын оор өнөр жайы, инфраструктурасы ойрон болду… Согуштан кийин алтындын чоң бөлүгү Америка колуна топтолуп калды. Америка өзүнүн аскерий жана экономикалык кубаты себептүү «Bretton Woods» («Бреттон Вудс») конференциясында өзүнүн валютасын т.а. кагаз долларын – алтын каптоосуна (камсыздоосуна) барабар – дүйнө мамлекеттеринин акча бирдиктеринин каптоосуна айлантты. Т.а. бул мамлекеттер алтындан же доллардан турган запасы болсо гана кагаз акчаны басып чыгара ала турган болду. Америка доллар баасын бир унция алтын үчүн 35 доллар деп белгиледи жана колунда доллары бар мамлекеттерге, эгер, ушул баа

боюнча алтын кыйматын алууну кааласа, алтын менен төлөө милдетин алды.

4 – Мында Америкага өзүнүн алтындан турган казынасы жардам берди, бул алтын жетиштүү эле, жада калса, ичкеридеги жана чет элдеги басылып чыккан кагаз доллардардан ашык да болчу. Ал учурда Америкадагы алтын казынасы чет мамлекеттердин жана адамдардын колундагы долларларды каптоого кудуреттүү болушу маанилүү болгон. Ичкеридеги кагаз долларларга келсек, чет элдегиге караганда ичкеридеги долларлар менен мамиле кылуу жеңил эле.

Анык түшүнүктүү болушу үчүн салыштырып көрөбүз, Американын 1946-жылдагы алтын запасынын кыйматы Бреттон Вудс келишиминен кийин ушул келишимде белгиленген баа боюнча 20,6 миллиард долларга барабар болгон. Чет мамлекеттердин жана адамдардын колундагы кагаз долларлар болсо 6,1 миллиард долларга тең эле. Бул абал 1960-жылга чейин сакталып турду т.а. Америка 1960-жылга чейин доллардын ушул баасын кепилдөөгө кудуреттүү болуп турду. Бул доорго келип Америкадагы алтын запасы 18,8 миллиард болуп калды, чет элдеги кагаз доллардын көлөмү болсо 18,7 миллиардга жетти т.а. Америка доллар баасын араң кепилдей турган болуп калды. Мына ошондон кийин чет элдеги доллар көлөмү Америкадагы алтын запасынан аша баштады.

5 – Доллардын алтын каптоосу (алтын менен камсыздоосу – алтын менен айырбаштап берүүсү) жамандашып барышы натыйжасында Америка дүйнөдөгү негизги мамлекеттерден жардам талап кылды. Акыбетте, «алтын тобун» түзүү жөнүндөгү келишимге кол коюлду. Бул топтун иши мындай болчу, базарда алтын баасы бирер себепке ылайык көтөрүлүп кетсе, бааны тең салмактуу даражасына кайтаруу үчүн банктар дароо аралашып кошумча көлөмдөгү алтынды сатууга чыгара турган болду. Мунун тескериси катары, баа төмөндөп кетсе банктар тезинен аралашып, ашыкча алтын көлөмүн сатып алып, натыйжада баа мурунку даражасына көтөрүлө турган болду.

Бул топ бир нече жыл иштеди. Бирок, ал аста-секин, айрыкча, 1965-жылы базарга сунуш менен аралаша турган болду. Бул абал ушул топ 1968-жылы 17-мартта жоюлганга чейин уланды. Бул нерсе мүчө мамлекеттердин алтын запастарынын жок болуп кетүү коркунучун туудурду. Натыйжада, Франция 1967-жылы июнь айында бул топтон чыгып кетти. Ошондон кийин кризистер тездешти (1967-жылы күзүндө фунт стерлинг кризиси, 1968-жылы болсо алтын кризиси жүзөгө келди). Бул эки кризис алтын тобуна мүчө мамлекеттердин алты ай ичинде 2,5 миллиард алтын доллар зыян көрүшүнө себеп болду. Ошондон кийин 1968-жылы 17-мартта Вашингтондо жыйын өткөрүлүп, алтын тобун

бекер кылууга жана алтын баасын сунуш жана талап белгилей турган эркин абалга коюуга чечим кылынды.

6 – Ушул алтын кризиси Америкадагы алтын запасы 1965-жылдагы 14 миллиарддан 1968-жылы март айында т.а. алтын тобу бекер кылынган убакта 10,48 миллиардга азайышына себеп болду. Ошол убакта бул алтын көлөмү мыйзамда көрсөтүлгөн доллардын Американын ички алтын каптоосу (25%) үчүн шарт болгон өлчөмдүн минимум чеги эле. Ошондуктан, Америка чет элдеги жеке сектордун колундагы долларларды алтынга алмаштырып берүүнү бекер кылды. Чет элдеги расмий запастарды гана алтынга алмаштырып берүүнү сактап калды. Себеби, Америка колунда калган алтын көлөмү – жогоруда айтылган минимум чек – чет элдик расмий запастар үчүн гана жетиштүү эле. Т.а. ичкеридеги доллардын алтын каптоосу (25%) алып ташталды. Бирок, Америка жеке сектордун импорт жана экспорту натыйжасында чет элдик расмий запастарды алтынга алмаштырып берүү милдетине да баш ийбей калды. О.э. эл аралык мамилелердеги мамлекеттик сектордун операциялары да ушул абалга түштү.

7 – Ушуга ылайык, Америка президент Никсон доорунда т.а. 1971-жылы алтынга алмаштырып берүү түзүмүн бүтүндөй бекер кылууга чечим кылды. Ошондон кийин кагаз акча – кандай гана айырбаштоо болбосун – каптоосуз калды. Тескерисинче, кагаз акчанын кыйматын мамлекеттердин экономикасы т.а. мамлекеттердин төлөм балансы, мамлекеттердин коопсуздук абалы, капыстан жүз берүүчү кризистер… мындан тышкары, акча базарларындагы чайкоочулуктар да белгилей турган болду. Кала берсе, акча нефть жана анын баасынын, нефть булактарынын коопсуздук же туруксуздук абалдарына кабылуунун маанилүү элементи да болуп калды.

8 – Ачык-айкын болушу үчүн ушуларды айтабыз:

а) Алтын ушул доордон кийин ар кандай товар сыяктуу сунуш жана талаптын таасиринде калды. Ошондуктан, эгер кээ бир мамлекеттер өз экономикасын күчөтүү үчүн өзүнүн алтын запасынын бир бөлүгүн сатышы себептүү сунуш көтөрүлүп кете турган болсо т.а. базарларда алтынды сунуш кылуу көбөйүп кетсе, алтын басы төмөндөй турган болду… Кээ бир мамлекеттер же кээ бир адамдар белгилүү бир чайкоочулук максатында алтынды жан үрөп сатып алууга киришсе, алтын баасы көтөрүлө турган болду.

б) О.э. алтындын импортуна коюлган чектөөнүн көбөйүшү жана азайышы алтын баасына таасир кылуучу факторлордон болуп калды. Импорт жана экспорт базарларда алтындын сунуш деңгээлин көбөйтөт жана активдештирет, акыбетте алтындын баасы төмөндөп кетет. Дал ушундай абал 2011-жылдын башында Булуң мамлекеттеринде жүз берди.

Алтындан иштелген жана жасалган нерселерге салына турган бажыкана салыктары алтындан алып ташталгандан кийин жана бул мамлекеттер ортосундагы бирдиктүү стандарт белги (проба) коюлгандан кийин ушундай болду. Бул мамлекеттер ортосунда алтындын импорт жана экспорт аракети күчөгөнү себептүү алтын баасы төмөндөп кетти.

в) О.э. экономикалык себептерге ылайык, же согуш, же ушуга окшогон себептерге ылайык доллар төмөндөсө адамдар доллар ордуна алтынды топтоп, чогултуу жолуна өтө турган болушту. Мамлекеттер да өз запастарын доллар ордуна алтын менен толтурууга аракет кыла турган болду. Натыйжада, алтынга болгон талап көбөйүп, анын баасы көтөрүлүп кете турган болду. Эми, эгер Америка экономикасы жакшыланышы себептүү же ушуга окшогон себепке ылайык доллар көтөрүлө турган болсо, адамдардын долларга болгон ишеними дагы тикелене турган болду жана ошондон кийин алар өздөрүнүн алтын запастарынын кээ бир бөлүгүн сата турган болушту, натыйжада сунуш көбөйүп, адамдар алтын ордуна долларды чогултушту, натыйжада алтын баасы төөмөндөй турган болду.

г) Бул жерде нефть маселеси да бар. Себеби, бүгүн алтын баасынын көтөрүлүшү же төмөндөшү нефть баасынын көтөрүлүшү же төмөндөшү менен түздөн-түз пропорциялуу. Демек, нефть баасы көтөрүлсө, аны менен бирге алтын баасы да көтөрүлөт, ал эми, Америка долларынын баасы төмөндөгөндө алтын баасы көтөрүлөт.

9 – Ушуга ылайык суроонузга жооп берүү мүмкүн:

а) 2012-жылы алтын бааларынын төмөндөшү:

Ошол ушул жылы көңүлдү өзүнө бурган эки нерсе жүз берди:

Биринчи: ипотека базары кулашы натыйжасында Америкада жүз берген экономикалык кризис артынан акыркы жылдар аралыгында кабылган оор кыйынчылыктан кийин доллар баасынын салыштырмалуу жакшыланышы… Жогоруда айтылып өткөн себептерге ылайык доллар баасынын бул оңолуусу алтын баасынын төмөндөшүнө алып келди. Себеби, мында алтын баасы доллар баасына тескери пропорциялуу болду…

Экинчи: Россия акыркы беш жыл ичинде биринчи жолу өзүнүн алтын запасынын 4 тоннага жакынын сатты. Арийне, бул сатуу т.а. сунуштун көбөйүшү алтын баасынын төмөндөшүнө алып келди.

Бул жерде башка экинчи даражалуу себептер да бар, бирок, биз жогоруда айтып өткөн нерселер чоң таасир кылды.

б) Эми, 2013-жылы июль айында алтын баасынын капыстан төмөндөшүнө келсек, 2013-жылы 19-июнда Америка Федералдык резерви т.а. Америка борбордук банкынын башчысы көлөмдүк жеңилдетүү программасын аста-секин азайтуу ыктымалы жадыбалын

жарыя кылды. Бул нерсе, доллардын кубаттанышына, алтын баасынын болсо күтүлбөгөн даражага төмөндөшүнө алып келди. Себеби, бир унция баасы 1180 долларга жетти! Бул кыймат алтынды казып алууга кеткен каражаттардан бир аз гана жогору. Анткени, бир унция алтынды казып алууга кеткен каражат 1135 менен 1160 доллар айланасында. Мына ушул нерсе «СЭК Комикс» компаниясынын директору Ражат Гуптуну мындай сөздөрдү айтууга мажбур кылды: «Менин оюмда, бир гана себепке ылайык баалар бул даражадан төмөндөп кетпейт, анткени алтынды казып алуунун өздүк наркы бир унцияга 1135 доллар менен 1150 доллар чегинде болот. Мындан улам, эгер баа бул даражадан төмөндөп кетсе, шахталар кен казып алууну жана аны сатыкка чыгарууну токтотушат, акыбетте алтындын баасы кайра көтөрүлөт…».

Бул сөздөр кандайдыр бир деңгээлде туура, себеби, баалар 2013-жылы август айында бир аз көтөрүлдү, натыйжада бир унцияга 1310 доллар бериле турган болду. Америка Федералдык резерви баасы айына 85 миллиард долларга жеткен баалуу кагаздарды сатып алуу программасын кыскартууга киришкенине карабастан ушундай болду. Бул нерсе базарда долларды сунуш кылуу азайышын, арийне, анын баасы көтөрүлүп, алтын баасы болсо төмөндөшүн түшүндүрөт. Ушуга карабастан, ал – алтындын кыйматы өздүк баасына барабар болгон төмөн баада болсо да – 2013-жылы июль айында төмөндөбөдү. Бирок, Гупту айткандай алтын баасы аны казып алуу каражатына жакын болгон сайын кээ бир шахталар аны казып алууну азайтат, арийне, базарда алтынды сунуш кылуу да азаят, натыйжада, алтын баасы аз болсо да көтөрүлөт…

в) Эми, сиздин кагаз валюта ордуна алтын жана күмүштү сактоо жөнүндөгү сурооңузга келсек, алтынга карата шаръий өкүмдөр – алтын акча болуп басылып чыккан болобу же куйма абалында болобу, айырмасыз – бирдей болот… Демек, шек-күмөнсүз алтынды казына кылып топтоо – ал тургай, зекети берилген болсо да – арам. Бул өкүм ушул тема боюнча шарият далилдерине ылайык бул маселеде эң абзел көз караш болуп эсептелет. Бирок, сактап чогултуу бир муктаждык үчүн болсо, мисалы, үй курмакчы же уулуңузду үйлөндүрмөкчү болсоңуз… мындай абалда бул нерсе зекетин берүү менен жайиз болот.

17-шаввал, 1434-х.
24-август, 2013-м.

## Алтын жана күмүш – Ислам мамлекети колдоно турган негизги акча бирдиги

**Суроо**: ассаламу алайкум рахматуллоохи уа баркаатуху.

Урматтуу Шейх, Аллах сизди Өз колдоосуна алсын.

Индонезиядагы биздин кээ бир ойчулдар алтын жана күмүштү негизги акча бирдиги катары колдонууга кайтууну четке кагышат. Шарият бул нерсеге буйруган эмес дешет. Айрыкча, Умар ибн аль-Хаттаб төөнүн терисинен дирхам жасоону көздөгөнүн далил катары көрсөтүшөт, ушул пикир туурабы? Аллах ыраазы болсун.

**Жооб**: Алайкум ассалам рахматуллоохи уа баракаатуху.

1. Алтын жана күмүш Ислам мамлекеттинде негизиги акча бирдиги катары кабыл алынышы керекетиги тууралуу шариат далилдерин баяндаганбыз. Муну биз «Экономика түзүмү» китебинде жана «Халифалык мамлекеттиндеги малдар» китебинде да кеңири баяндадык... Бул маселени биз «Конституцияга (дастур) киришүү» китебинде 167-берененин экинчи бөлүгүндө түшүндүрүп бердик. Ачык-айкындуулугу тунук болуш үчүн «Конституцияга киришүү» китебинде келген абзацты көрсөтүп өтөмүн:

«167- берене. Мамлекеттин акчасы чегилген же чегилбеген болбосун, айырмасыз, алтын жана күмүш болот. Бул экөөнөн башка нерсе негизги акча бирдиги болушуна жол берилбейт. Мамлекет казынада алтын менен күмүшкө барабар болгон шартта, алтын менен күмүштүн ордуна мамлекет дагы бир нерсе чыгарса болот. Эгерде ал алтын жана күмүш менен толук камсыздала турган болсо, мамлекет өзүнүн аты менен накталай жез, коло, кагаз ж.б. чыгарууга жол берилет.

Ислам дини сатуу жана ижарага берүү өкүмдөрүн белгилегенде, товар алмашуу же күч-аракет жана пайда алмашуу үчүн конкреттүү эч нерсе белгилеген эмес. Алмашуу анын божомолунун негизинде жүргүзүлөт. Өз ара бул алмашууда макулдук болгондо гана адамга бир нерсе алмаштырууга жол берилет. Тигүүчүлүктү үйрөтүп, аялга үйлөнүшү мүмкүн. Заводдо бир ай иштеп, унаа сатып алышы мүмкүн. Белгилүү бир өлчөмдөгү шекерге бир адамдын алдында иштөөсү мүмкүн. Ушундай көрүнүштө шариат соода жана ижаранын бардык далилдери негизинде: адам баласына каалаган нерсесин айырбашташына уруксат берген.

﴿وَأَحَلَّ ٱللَّهُ ٱلْبَيْعَ﴾

*«Аллах сооданы адал кылды»* [2:275]

Хадисте айтылат:

«أَعْطُوا الأَجِيرَ أَجْرَهُ قَبْلَ أَنْ يَجِفَّ عَرَقُهُ» أخرجه ابن ماجه»

«Кызматкердин эмгек акысын анын тери кургай электе бергиле». (Ибн Маажа). Башкача айтканда, бул эмгек акынын түрү кандай болбосун,

жумушчуга жумушун бүтүрөрү менен эмгек акысын берүү керек. Ошондой эле, түпкүлүгүндө далилге байланууга (мукаййад) муктаж болгон айырбашталуучу нерсе бул иш (амал) эмес. Ал нерселер болуп саналат. Нерселердин аслы (түпкүлүгү) – эгер аны арамдыкка чыгара турган далил келбесе – мубах болот. Ушуга ылайык, айырбашталышы арамдыкка чыгарган далилде келген нерселерден тышкары нерселерди сатууну, сатып алууну, белекке берүүнү жана айырбаштоону шарий алакалар аркылуу жүргүзүүгө жол берилет... Анын негизинде товарды нак акчага жана акчаны товарга алмаштырууга толук түрдө жол берилет. Накталай акчаны накталай акчага алмаштыруу мындан тышкары, анын атайын өкүмдөрү бар, анткени ал да ушул өкүмдөр менен чектелет. Ошол сыяктуу эле, күч-аракетти накталай акчага жана накталай акчаны күч аракетке толук түрдө (мутлак) алмаштырууга болот. Арамдыгы тууралуу далили келген товарлар же аракеттер мындан тышкары. Ушунун негизинде, товарды белгилүү бир акча бирдигине алмаштыруу, ошондой эле, күч-аракетти белгилүү бир акча бирдигине алмаштыруу мубах болуп саналат. Бул акча бирдиги кандай болуштугуна карабастан, толук түрдү жол берилет. Бул акча бирдигинин кепилдиги жок (алтын менен камсыздалбаган) болсо, дагы толук түрдө жол берилет, мисалы милдеттүү кагаз акча сыяктуу, же бул акча бирдиги белгилүү бир алтындын пайызына барабар болсо, мисалы документалдуу кагаз акчага айырбаштоо сыяктуу. Же бул акча бирдиги алтын жана күмүш менен толук камсыздалган болсо, мисалы толуктоочу (орун басар) кагаз акча сыяктуу. Бул акча бирдигинин баары айырбаштоого жарамдуу. Ошондуктан, товарды же күчтү кандайдыр бир накталай акча бирдигине алмаштырууга болот. Мусулман адамга каалаган накталай акча менен сатууга, каалаган накталай акча менен сатып алууга жана ар кандай накталай акча менен ижарага алууга, ар кандай акча бирдиги менен төлөөгө уруксат берилет.

Бирок, эгер мамлекет өзү башкарган өлкөлөргө белгилүү бир акча бирдигин камсыз кылууну кааласа, зекет, айырбаштоо, сүткордук жана башкалар сыяктуу эле акчага байланыштуу шарият өкүмдөрүн жүзөгө ашырат. Же акчасына ээ болгон адамга байланыштуу өкүмдөр, мисалы, кун акчасы, уурулуктун көлөмү ж.б. Бирок, мамлекет кандайдыр бир акча бирдигин жасай бере албайт. Тескерисинче, ал белгилүү бир акча бирдиги менен байланышкан жана ага кандайдыр бир жол менен башкасын жасоого жол берилбейт. Шариат алтын жана күмүштөн турган белгилүү бир түрдөгү накталай акча бирдигин дайындаган. Эгерде мамлекет накталай акча чыгаргысы келсе, анда ал акчаны алтын жана күмүш менен гана жасоого чектөө коюлган. Шариат мамлекетке каалаган накталай акча түрүн чыгара берүүгө уруксат берген эмес. Тескерисинче,

шарият мамлекет накталай акча бирдиктери менен накталай акча жүгүртүүнү каалаган учурда, мамлекет өз акчасын алтын жана күмүштөн жасашы керектигин белгилеп берген, ал экөөнөн башкасын эмес. Буга далил: Ислам алтын жана күмүшкө байлашыштуу өкүмдөрдү өзгөрүлгүс кылып койгон. Кундун акчасын белгилүү бир өлчөмдө алтындан болушун белгилеген. Ошондой эле, уурунун колун кесүүдө, ал уурдаган алтындын көлөмүн да белгилеген. Пайгамбар ﷺ Йемен элине жазган катында мындай деген

وَأَنَّ فِي النَّفْسِ الْمُؤْمِنَةِ مِائَةً مِنَ الإِبِلِ، وَعَلَى أَهْلِ الْوَرَقِ أَلْفُ دِينَارٍ

«Момундун куну жүз төө акча адамдарына миң динар». Ибн Кудама Аль-Мугниде Амр бин Хазм Расулуллах ﷺ Йемен элине жазган кат тууралуу окуяны айтып өткөн. Расулуллах ﷺ Йемен элине жазган кат жөнүндө Аль-Насаинин риваятында (акча адамдары) ордуна (алтын адамдары үчүн  үчүн миң динар) деп келген. Пайгамбар ﷺ айтты:

لا تُقْطَعُ يَدُ السَّارِقِ إِلاَّ فِي رُبْعِ دِينَارٍ فَصَاعِداً

«Уурунун колу, төрттөн бир динар жана андан жогору болгон учурда кесилет». (Муслим риваяты, Аиша رضي الله عنها дан риваят кылынган). Динар дирхамдардагы белгилүү бир өкүмдөрдүн мындай мүнөздөмөсү, алтындан болгон белгилүү бир салмактагы динарды жана күмүштөн болгон белгилүү бир салмактагы дирхамды нерселер жана күч-аракеттер өлчөнүүчү акча бирдиги экендигин көргөзүп турат. Демек, бул акча бирдиги негизги накталай акча бирдиги болуп саналат. Шариаттын өкүмдөрүнүн алтын жана күмүшкө байланышы – бул акча алтын жана күмүш гана экендигинин далили. Ал экөөнөн башкасы эмес. Ошондой эле, Аллах Субханаху ва Таала зекетти накталай акча менен болуусун буйруганда, алтын жана күмүштөн болуушун буюрган. Андан башкасына эмес. Зекеттин нисообу (өлчөмү) алтын жана күмүштөн болуштугун белгилеген. Накталай акчанын зекетин алтын жана күмүш менен эсептөө негизги акча бирдиги накталай алтын жана күмүш экендигин билдирет. Ошондой эле, акча алмашуу операциялары боюнча алмашуу өкүмдөрү жалаң алтын жана күмүш менен келген. Исламда айтылган бардык каржылык алакалары алтын менен күмүшкө негизделген өкүмдөр менен келген. Алмашуу – бир валютаны экинчи валютага сатуу, же бир валютаны ошол эле валютага сатуу, же бир валютаны башка валютага сатуу, башкача айтканда, алмашуу накталай акчаны накталай акчага сатуу. Шарияттын алмашуу алакасын белгилөөсү – бул жалаң накталай акча алакасы болуп саналат. Ачык-айкын шарий далилдер акча бирдиги алтын жана күмүштөн болуш керектигин көргөзүп турат. Андан башкасын эмес. Ошондой эле, Аллах Субханаху ва Таала зекетти накталай акчага буюрганда, анын алтын жана күмүштөн болуусун буйруган. Андан башкасын эмес. Зекеттин нисобун да алтын жана күмүш

менен белгиледи. Зекеттин акчасын алтын жана күмүш менен эсептөө, акча алтын жана күмүш экендигин билдирет. Ошондой эле, акча алакаларындагы өкүмдөр да жалаң алтын жана күмүш менен белгиленген. Исламда көрсөтүлгөн бардык каржылык операциялар алтын менен күмүшкө негизделген. Алмашуу – валютаны валютага сатуу, же бир валютаны өзүнө эле сатуу. Же бир валютаны экинчи валютага сатуу. Башкача айтканда, алмашуу – бул накталай акчаны накталай акчага сатуу. Шарияттын алмашуу алакасын белгилөөсү – бул жалаң гана акча алакалары болуп саналат – алтын жана күмүш алкалары, андан башкасы эмес. Нак акча алтын жана күмүш гана болушу керек экендигинин ачык далилдери: Пайгамбар ﷺ айтты:

«وَبِيعُوا الذَّهَبَ بِالْفِضَّةِ وَالْفِضَّةَ بِالذَّهَبِ كَيْفَ شِئْتُمْ»

«Алтынды күмүшкө, күмүштү алтынга каалаганыңарча саткыла». (Аль-Бухари риваяты, Абу Бакра ﷺдан риваят кылынган. Ушул кыяста эле Муслим Убаадата бин Саамит ﷺдан риваят кылган). Пайгамбар ﷺ айтты:

«الذَّهَبُ بِالْوَرِقِ رِباً إِلاَّ هَاءَ وَهَاءَ»

«Алтынды күмүшкө сатуу риба, колмо кол жана салмакка салмак менен гана сатуу риба эмес». (Муттафакун алайхи, Умар ﷺдан риваят кылынган). Андан тышкары, Пайгамбар ﷺ алтын менен күмүштү накталай акча болуштугун белгилеген жана аларды товарлар менен күч-аракеттер өлчөнө турган накталай акча катары болуштугун жолго койгон. Алтын жана күмүштүн негизинде алакалар жүргүзүлгөн. Ошондой эле, ал ушул валютага унция, дирхам, данк, карат, салмак жана динар стандарттарын киргизген. Булардын бардыгы Пайгамбарыбыз Мухаммад ﷺдын убагында адамдар арасында белгилүү болгон. Пайгамбар ﷺ бул нерсени макулдаган. Бардык сатуу жана карыздар сахих хадистерде далилдengendей, алтын жана күмүш менен белгилеген. Пайгамбар ﷺдын алтын жана күмүштү накталай акча бирдиги катары кылган. Аллах шарияттын кээ бир өкүмдөрүн алтын жана күмүшкө байланыштуу кылып койгон жана зекетти алтын жана күмүш менен бериле турган кылып буйруган. Алмашуу жана акча алакаларын алтын жана күмүшкө чектеп койгон. Ушулардын баардыгы Исламда накталай акча бул алтын жана күмүш гана болуштугуна ачык далил болот». («Конституцияга киришүү» китебинен алынган цитата бүттү).

2. Ислам мамлекетти бир гана алтын жана күмүштү акча катары колдондугун түзмө-түз көргөзүп турган шарий далилдерди көрөбүз. Пайгамбар ﷺдын алтын жана күмүштү акча бирдиги катары тастыктаган макулдугу Исламда акча бирдиги алтын жана күмүш экендигине жетиштүү шарий далил болмок. Бирок, Аллах Пайгамбар ﷺдын

тастыгына чектелбестен риба, зекет, кун бабында ж.б акча алакалакарына байланышутуу бабтарда алтын жана күмүш менен белгиледи. Ошондуктан, Исламдагы шарий тараптан кабыл алынган акча бирдик бул шарий өкүм бар болуп турганда алтын жана күмүш гана болоорун көргөзүп турат. Башкача айтканда, Кыяматка чейин Исламдагы негизги акча бирдик бул алтын жана күмүш болот, андан башкасын акча бирдик катары белгилөөгө шарият жол бербейт.

3. Умар ﷺдан төөнүн терисинен дирхам алууну көздөгөн деп риваят кылынган жана бул биз таббаний кылган нерсеге дал келген эки жол менен баяндалган:

– Аль-Баладхари Фаттух аль-Булдан (3/578) китебинде риваят кылган: Амр ан-Накид айтты, Исмаил бин Ибрахим айтты, Юнус бин Убайда, Аль-Хасандан айтты: Куфр эли болгон адамдар, бул дирхамдын адамдар арасындагы ордун билишкенде, алар аны жакшыртып сактап калышты: качан ал силерге келгенде алдадыңар жана аны буздуңар. Умар бин Аль-Хаттаб айтты: «Мен төөнүн терисинен дирхам жасоону каалaдым». Ага: «Төө жок калат» деп жооп беришкенде. Ал аны жасоону токтотту.

– Хижрий 211-жылы көз жумган Абдул Раззак аль-Санъани «Тафсир Абд аль-Раззак» китебинде Маъмардан, Яхья болсо Айюбдан Ибн Сиринден риваят кылган. Умар ибн Хаттаб төөлөрдүн терисинен дирхам жасоону каалады, алар: «Анда төө жок калат», - дешти. Ал аны жасоодон тыйылды.

Кээ бирөөлөр ушуну менен Исламда мамлекет өз валютасын алтын жана күмүш менен жасабоосу жана анын ордуна булгаары жана башка ушул сыяктуу нерселер менен накталай акча жасашы мүмкүн экендиги жөнүндө тыянак чыгарууга аракет кылышып, ушул риваяты далил кылууга аракет кылышат. Сиздин сурооңузда айтып өткөнүңүздөй, азыркы учурда адамдардын айрымдары алтын жана күмүш стандартына кайтуудан баш тартып, Умар ﷺдан риваят кылынган ушул сөзгө таянуу менен милдеттүү кагаз акча бирдиктерин жактырышат. Бул маселеге бир нече жол менен каршы жооп берүүгө болот:

А. Жогоруда айтылгандай жана түшүндүрүлгөндөй, Исламдагы акча бирдик бул алтын жана күмүш экендигин көрсөткөн шарий далилдер келтирилди. Бул далилдер Пайгамбар ﷺдын Исламда акча бирдиги алтын жана күмүш экендигин тастыктаган макулдугу, ошондой эле Аллах акча алакаларына байланыштуу көптөгөн шарий өкүмдөрдү алтын жана күмүшкө негиздеп буйругандыгы. Кантип анан ушул күчтүү далилдерди четте калтырып, Умар ﷺдан риваят кылынган ачык жана бекем далилдерге каршы келген сөздү далил катары колдонуу мүмкүн? Бул далил келтирүүдө шарий далилдерден туура корутунду чыгаруудан алыс болгон, таң калычтуу маселе эмеспи?!

Б. Эки жол менен айтылган бул риваятта риваят чынжыры тарабында да көйгөй бар.

Бул эки риваяттын чынчырында бир үзүлүш бар, анткени Умар ибн Хаттабдан биринчи риваят кылуучу Хасан аль-Басри болгон жана ал Умар رضي الله عنهну көрбөй калган. Ал Азирети Умардын халифалыгынын аягында өлүмүнөн бир аз мурун төрөлгөндүктөн, андан алган эмес. Экинчи риваятта айтылган риваятчы Ибн Сирин жана ал дагы Умар ибн Хаттабды көргөн эмес жана ал андан риваят кылган эмес, ал Умардын халифатынын аягында төрөлгөн деп айтылат, дагы бир риваятта Усман халифалыгында төрөлгөндүгү айтылган.

В. Пайгамбарыбыздын сахих далилденген хадистеринен айырмаланып, жеткирүү тизмеги үзүлүп калган ушул риваяттарды кабыл алуу канчалык туура?!

Ал-Хассан Басринин риваяты: Умар бин Аль-Хаттаб رضي الله عنه айтты: «Мен төөнүн терисинен дирхам жасоону кааладым». Башкача айтканда, маселе Умардын кандайдыр бир иш-аракет жасоодо «каалоосу» болуу чегинен чыккан жок жана ал аны жасаган да жок... Ошондуктан, алтын жана күмүштөн башка  нерсени акча бирдиги катары уруксат берген далил катары бул несеге кандай таянабыз? Башкача айтканда, Исламдагы акча бирдиги тууралуу Куран Каримдеги жана Расулуллахтан риваят кылынып далилденген ачык-айкын далилдерди алуунун ордуна, ачык-айкын болбогон Умар رضي الله عنهдан риваят болгон «каалоо» сөзүнөн далил алуу кандай болот?! Бул таң калычтуу нерсе эмеспи?!

Г. Туура жолдогу Халифалар Расулуллах сыяктуу алтын жана күмүштү накталай акча катары колдонушкандыгы тастыкталган. Башкача айтканда, Умар رضي الله عنهнун халифалык доорунда колдонулган акча бирдиги алтын динар жана күмүш дирхам болгон. Пайгамбарыбыздын учурунда жана Умар رضي الله عنه баш болгон рошид Халифтер мезгилинде алтын, күмүш негизги акча бирдиги катары колдонулгандыгын көргөзгөн туруктуу шарий далилдерди таштап, Умар رضي الله عنه төөлөрдүн терисинен дирхам алгысы келген деген риваяты далил катары кантип алабыз?! Башкача айтканда, анын «каалоосу» жөнүндө риваятты кантип алабыз? Анын халифалык доорунда алтын жана күмүштү накталай акча катары пайдаландыгы иш-аракетинен далилденген нерсени кантип таштайбыз? Аллах бардык сахабалардан ыраазы болсун.

Ошентип, Умар رضي الله عنهдан айтылган риваятты далил катары алуу туура эмес. Ошондой эле, Исламда мамлекет кандай акча бирдигин алуу тууралуу бир өкүм белгилеген эмес дегенге да далил боло албайт. Ошондой эле, күчтүү жана ишенимдүү далилдерге каршы далил боло албасы айдан ачык болуп жатат...

4. Жогоруда айтылгандарга кошумча бул нерсе дүйнөдө алтын жана күмүш стандартын колдонуудан баш тартып, милдеттүү кагаз акча бирдигин колдонууга алып келет. Мунун натыйжасында өзгөрүлүп турган алмашуу курстары, АКШ доллары базарларды көзөмөлгө алуусуна, алсыз өлкөлөрдүн валюталарына зыян келтирүү жана алардын сатып алуу жөндөмү өтө жогорку темптер менен төмөндөөсү сыяктуу ж.б. ири зыяндарды келтирип чыгарат. Акча-кредиттик, каржылык жана экономикалык аспектилерди караган ар бир адамга белгилүү зыяндар. Бул ири зыяндардан жана ири капиталисттик өлкөлөрдүн, айрыкча Американын көзөмөлүнөн кутулуу мүмкүн эмес. Андан арылуу бир гана алтын жана күмүш эрежесине кайтып келүү менен ишке ашат. Ошондой эле, дүйнөнү кафир колониялык өлкөлөрдүн, айрыкча Америка кагаз акчасынын үстөмдүгүнөн жана глобалдык экономиканын көзөмөлүнөн сууруп чыгып алтын жана күмүш стандартына кайтууга тартуу менен ишке ашат. Бул нерсени ишке ашырууга бир гана Халифалык мамлекети жөндөмдүү, Ин шаа Аллах.

Жогоруда айтылгандардын бардыгы Халифалык мамлекеттинин негизги акча бирдиги бул алтын жана күмүш экендигин ачык-айкын далилдеп турат, андан башкасын эмес. Аллах Билүүчү жана Даанышман.

24-мухаррам, 1442-х.
12-сентябрь, 2020-м.

## Акчаны казына кылып сактоо жана анын өкүмү

**Суроо**: ассаламу алейкум рахматуллоохи уа баракаатуху. Казынанын вакыйын түшүнүктүү кылып аныктап бересизби? Айрыкча азыркы учурда капитализм системасы менен жашап жаткан учурда биздин жаныбызда дайым акча болуп турушун лаазым тутабыз. Анткени күтүлбөгөн учурлар чыгып кээде ооруп же сапарга чыгып калган учурларда акчага муктаждык жаралат. Дагы кээ бир каада-салттарда балдарын үйлөнтүү үчүн алтынды казына катары сактап коюшкандыктары кездешет. Ушул вакыйлыкты түшүнүктүү кылып бересизби. Бизге акчаны казына катары сактоого мүмкүнбү же аны сактабастан башкаларга берип туруубуз лаазымбы?

**Жооп**: ва алейкум асалам рахматуллоохи уа баракаатуху. Сөз башында казына тууралуу экономика түзүмү китебинде келген аныктаманы берип кетүүнү туура көрдүм: Алтын жана күмүштү казына кылып сактоону тыюу.“…Үлкөн байлык анын ээлери үчүн чоң кирешелерди алып келет жана аны сактап турууга мүмкүнчүлүк жаратат. Үлкөн байлык бар жерде чоң акча бардыгын билдирет. Анткени акча акчаны алып келет. Кызматтардын байлыка ээ болууга жана акчанын келишине шарттарды жаратса да анын экономикага коркунучу жок. Тескерисинче ал кызматтар экономиканы өстүрөт ошондой эле жеке адамдын да байлыгынын өсүүсүнө шарт жаратат. Балким экономикага коркунуч үлкөн байлыка ээ кээ бир жеке адамдардын колунда акча казына катары сакталып калышында. Акчанын казына катары сакталып калышы кирешени төмөндөтөт жана жумушсуздукту келтирип чыгарат. Ошондой эле жакырчылыктын келип чыгышына шарт жаратат. Ошондуктан акчаны казына катары сактоо маселесин чечүү зарыл. Акча, акча менен акчанын, кызматтар менен акчанын, кызматтар менен кызматтардын ортосун айырбаштоочу каражат. Эгер ал базарда жетиштүү денгээлде болбой жоголуп кетсе, адамдардын колуна жетиштүү өлчөмдө жетпей калса экономика солгундайт…Билип койо турган нерсе бул көйгөй акчанын муктаждык үчүн эмес казына катары сакталып калышынан келип чыгат. Акчаны муктаждык үчүн топтоо бул экономиканын солгундашына шарт жаратпайт. Экономиканы токтотуп койо турган нерсе бул акчанын казына катары сакталып калышында. Акчанын муктаждык үчүн топтоо менен казына катары сакталып турушунун ортосундагы айырма: казына бул – муктаждыксыз эле акчанын сакталып турушун түшүндүрөт. Бул дегени базардан акчаны сууруп чыгып кеткендикти билдирет. Ал эми муктаждык үчүн топтоо мисалы: үй куруу үчүн же үйлөнүү үчүн же өнөр жай сатып алуу үчүн же соода жайын ачуу үчүн ж.б. муктаждыктар үчүн топтоону түшүндүрөт.

Акчаны мындай түрдө топтоо базарга да экономикага да залакасын тийгизбейт. Анткени бул акчанын айлануусун токтотпойт. Балким ал муктаждыка иштетиле турган акча болуп бир убакта кайра айланууга чыгат. Ошондуктан акчанын муктаждык үчүн топтолуусунда эч кандай коркунуч жок. Коркунуч бул акчанын казына катары сакталып калышында. Башкача айтканда муктажсыздык эле акчанын сейфте же банктарда сакталып туруусу.Ислам алтын жана күмүштүн муктаждык үчүн топтолуп туруусуна уруксат берген. Мукаатиб кулдун өзүн азат кылуу үчун акча топтоосуна, үйлөнө турган адамдын махр үчүн акча топтоосуна, ажылыка баруу үчүн акча топтоо сыяктуу иштерде акча топтоого уруксат берген. Ислам бул топтолгон акчалардын эгер нисобко жетип бир жыл болсо андан зекет гана берүүгө милдеттендирген башка эч нерсе милдеттентирген эмес. Алтын менен күмүш ал экөөнүн казына катары сакталуусун арам кылган аят түшкөн учурда ал экөө монета же слиток түрүндө болсун пайда жана кызматтарды айырбаштоо катары иштетилип турган. Ошондуктан тыюуу алтын жана күмүшкө каратылган. Ал эми алтын менен күмүштүн казына катары сакталуусунунун арамдыгы ачык аят менен арамдыка чыгарылган. Аллах айтат: ("алтын жана күмүштү Аллах жолунда сарптабастан казына кылып сактагандарга жан чыдагыс азап бар"… (тообо 34)). Алтын жана күмүштү казына кылып сактагандарга карата жан чыдагыс азап менен эскертүү Аллахтын алтын жана күмүштү казына кылып сактоону арам кылып жаткандыгына жазм катий далил болот" (Цитата бүттү) Ушуга көңүл койуп окууңуз зарыл, анткени жооп да ушуга таянуу менен берилет. Бул тууралуу 2014.01.13тө суроо-жооп чыккан. Анда мындай келген: 1) Казына кылып сактоо бул акчаны муктажсыз эле казына кылып сактоо болот. Эгер үй куруу же жер сатып алуу же өнөр жай куруу же үйлөнүү же балдарын окутуу же унаа сатып алуу ж.б.у.с. иштер үчүн акча топтосо бул муктаждык үчүн болот да казына катары эсептелбейт. Акчаны мындай түрдө топтоо адал, эгер ал нисобко жетип бир жыл айланса анын зекети гана берилет. Ал эми этияттык үчүн деп акча сактоо арам. Мисалы, эгер жер титиреп үй урап калса кайрадан үй курганга деп акча сактоо же келерки жыйырма жылдык керектөөлөр үчүн деп акча сактоо арам болот! 2) Эгер бир жылдык керектөөсү үчүн акча топтосо ал арам эмес. Пайгамбар с.а.в. момундардын энелерине (жубайларына) бир жылдык нафакаларын берген. Муслим риваяты Умар р.а. дан айтты: "Мусулмандардын согушу жок эле Бану Надирдин малдарын Аллах Пайгамбарына олжо кылып берди. Бул олжо Пайгамбар с.а.в га гана таандык эле. Пайгамбар с.а.в. бул олжодон жубайларынын бир жылдык нафакаларын берди. Андан ашканын курал жарак жана Алла жолунда жихад үчүн керектөөлөрүнө алып калды". Наваайи сахих Муслимдин

шархында “Бир жылдык нафакасы дегенде бир жылдык керектөөлөрүн бөлүп берген бирок марттык негизде жыл бүтө электен мурун эле берген…”. Ошондуктан ушуга негизделип бир жылдык нафака акчасын топтоо казына топтогонго кирбейт. Болгону андан эгер нисобко бир жыл толсо анын зекетин гана берет. 3) Эгер аял күйөөгө чыгуу үчүн акча жыйнаса ал казына топтоого кирбейт. Ошондой эле ал балдарын окутуу үчүн же башка керектөөлөрү үчүн акча жыйнаса ал казына болуп эсептелбейт. Болгону андан эгер нисобко бир жыл толсо анын зекетин гана берет.4) Ошондой эле эркек да үйлөнүү үчүн акча жыйнаса ал казына топтоого кирбейт. Ошондой эле ал балдарын окутуу үчүн же башка керектөөлөрү үчүн акча жыйнаса ал казына болуп эсептелбейт. Болгону андан эгер нисобко бир жыл толсо анын зекетин гана берет. 5) Этияттык үчүн күтүлбөгөн нерселер үчүн акча топтоо башкача айтканда адаттан тышкары абалдар үчүн акча топтоо арам болот. 6) Кимге Аллах ырыскысын кең кылып бир жылдык нафакасынан да тышкары акчасы болуп башка муктаждыгы жок болсо, анда ал акчасын өнөр жай, соода, айыл чарба же жетимдерге каралашуу же жакшылык иштерине жумшоосу керек. Ал акчасын казына катары сактабоосу зарыл. Эгер аны казына катары сактай турган болсо анда ага аяттагы арамдык өкүмү түшүп калат. Бул мен туура көргөн пикир. Туурасын Аллах билүүчү. Ушул жетиштүү деп ойлойм.

14-жумаадил уула, 1440-х.
20-январь, 2019-м.

## Мамлекеттин экономикага аралашуусу жана салыктар тууралуу

**Суроо**: улуу шейхибиз, Ассаламу алайка, Аллах сизди Өз коргоосунда сактасын.

Мен Исламий мамлекет экономикага жалпысынан канчалык деңгээлде аралашуусун жана салыктарды салууда канчалык укукка ээ экенин билмекчимин. Жалпысынан салыктарга тиешелүү фикхий өкүмдөр кандай болот?

**Жооп**: ва алайкум ассалам ва рохматуллохи ва барокатух.

Мамлекеттин экономикага аралашуусу жана салыктар жөнүндө суроо берипсиз …

1 – Мамлекеттин экономикага аралашуусуна карата ушуну айтабыз, Исламдагы экономикалык түзүмдө мамлекеттин важиб вазыйпалары жана укуктары, адамдардын важиб вазыйпалары жана укуктары шаръий өкүмдөр менен анык белгиленген. Бул шаръий өкүмдөр жетекчи жана жарандын ар биринин укуктарын тартипке салат. Белгилүү болгондой, мүлккө ээ болуу жана инфак кылуу жагынан мүлктөр экономикалык түзүмгө күчтүү таасир өткөрөт. Ошондуктан, Ислам бул мүлктөрдү анык белгилеген, аларды ар кандай кол салуудан сактап, коргойт. Бул жерде жеке мүлк, мамлекеттик мүлк жана умумий мүлк бар, алар бири-биринин чегине өтүп кетишпейт… Ошондуктан, бүгүнкү күндө баарына белгилүү болгон мамлекеттин аралашуусу, жеке менчик мүлктү конфискация кылып, аны жалпы мүлккө же мамлекеттик мүлккө айлантып жатканы, же жалпы мүлктү нефть жана кен боюнча ички же чет элдик менчик секторго укуктарды, менчик мүлккө айлантып жатканы … булардын баары Исламда таптакыр жийиз эмес. Тескерисинче, баары өз мүлкүнүн чегинде болот: адамдар өздөрүнүн жеке менчик мүлктөрүнө ээ болушат, мамлекет олжолор, хирож… сыяктуу өзүнүн мүлкүнө ээ болот, Үммөт нефть, металл, энергия булактары… сыяктуу өз мүлкүнө ээ болот. Ушуга ылайык, Исламий мамлекетте бүгүнкү күндө баарына белгилүү болгон экономикалык түзүмдөргө аралашуулар болбойт.

2 – Салыктарга келсек, Исламда адамдардан алына турган салыктар болбойт. Себеби, Набий ﷺ жарандар иштерин башкарган жана Набий ﷺдан адамдарга салык салганы сабит болбогон. Набий ﷺдан бул таптакыр риваят кылынбаган. Пайгамбарыбыз ﷺ мамлекет чегараларында турган кишилер өлкөгө кирип жаткан товарлардан салык алып жатышканын билгенде, аларды мындан кайтарган. Мисалы, Укба ибн Амирден ал Расулуллах ﷺдын мындай дегенин укканы риваят кылынат:

«لا يَدْخُلُ الْجَنَّةَ صَاحِبُ مَكْسٍ»

«Макс ээси бейишке кирбейт». Бул хадисти Ахмад риваят кылды жана Хаким аны сахих деди. Макс ээси – соодадан салык ала турган кимсени… Бул болсо, Батыштын көз карашындагы салыктарды алуудан кайтарууга далалат кылат. Кала берсе, Расул ﷺ Абу Бакрадан риваят кылынган муттафакун алайх хадисте мындай дейт:

«إِنَّ دِمَاءَكُمْ وَأَمْوَالَكُمْ وَأَعْرَاضَكُمْ عَلَيْكُمْ حَرَامٌ كَحُرْمَةِ يَوْمِكُمْ هَذَا فِي بَلَدِكُمْ هَذَا فِي شَهْرِكُمْ هَذَا...»

«Албетте, каныңар, малыңар жана аброюңар бири-бириңерге ушул күнүңөрдө, ушул шаарыңарда жана ушул айыңар(да согуш) арам болгондой арам». Бул сөз ом (жалпы) болуп, ар бир инсанды, алардын катарында, мамлекетти да өз ичине алат. Салык салуу мусулман малын мажбурий түрдө, макулдугусуз алуу болуп, бул болсо, салык салуу жайиз эместигине далалат кылат.

Бирок, бул жерде шарият белгилүү бир көлөмдө кошумчалабай мал алууга уруксат берип, макулдаган бир гана жагдай бар. Мында мал жалаң байлардан, алардын ашыкча малдарынан гана алынат. Бул абал байтулмал жана мусулмандарда нафака кылууга жетиштүү мал болбой калганда жүз берет. Мында ошол нафака байлардын ашыкча малдарынан алынат. Эгер, нафака байтулмалдан алынып, мусулмандардан алынбаса, анда, мусулмандардан кошумча мал алынбайт. Эгер, ушул нафака байтулмалда жетиштүү болбосо, анда, байтулмада канча каражат бар болсо, ошол мал гана сарпталат.

Мисалы, жарандардын жеп-ичүү, үй жана кийим сыяктуу негизги муктаждыктарын камсыздоону алсак, бул камсыздоо мамлекетке важиб болуп, байтулмалдан сарпталат, ошол эле учурда, бул, мусулмандарга да важиб. Набий ﷺ айтты:

«وَأَيُّمَا أَهْلُ عَرْصَةٍ أَصْبَحَ فِيهِمْ اِمْرُؤٌ جَائِعٌ فَقَدْ بَرِئَتْ مِنْهُمْ ذِمَّةُ اللهِ تَعَالَى»

«Кайсы калк өздөрүнүн арасында бирер киши ачка калып таң аттырса, алардан Аллах Таала зиммасы (коргоосу) жүз үйүрөт». Бул хадисти Ахмад Ибн Умардан риваят кылды. Ошондуктан, эгер байтулмалдагы каражат жарандардын негизги муктаждыктарын камсыздоо үчүн жетиштүү болбосо, ушул муктаждыктарды камсыздоо үчүн белгиленген көлөмдө, кошумчаланбастан мусулмандардын байларынан каражат алынат.

Мисалы, жихад байтулмалга да, мусулмандарга да фарз. Аллах Таала мындай дейт:

﴿وَجَٰهِدُواْ بِأَمۡوَٰلِكُمۡ وَأَنفُسِكُمۡ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ﴾

*«Мал-жаныңар менен Аллах жолунда жихад кылгыла»* [9:41]

﴿وَٱلۡمُجَٰهِدُونَ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ بِأَمۡوَٰلِهِمۡ وَأَنفُسِهِمۡ﴾

*«Аллах жолунда малдары жана жандары менен жихад кылуучулар»* [4:95]

Ошондуктан, жихад муктаждыктарын камсыздоого да кудум жогорудай мамиле кылынат.

Ошентип, Исламда салыктар болбойт. Жогоруда айтылган абалда гана салык алса болот. Мында да төмөндөгү эки шарт болушу важиб:

Биринчиси: нафака байтулмалга жана мусулмандарга анык шаръий далилдер менен фарз кылынышы зарыл.

Экинчиси: байтулмалда ушул муктаждыкты камсыздоо үчүн жетиштүү каражаттын болбошу зарыл.

Мына ушул абалда гана муктаждыкты камсыздоо көлөмүндө, көбөйтүлбөстөн байлардын ашыкча малдарынан каражат алынат. Биз ашыкча малдарынан деп жатабыз т.а. байдын жеп-ичиши, кийими, үй-жайы, кызматкери, аялы, астындагы улоосунан, ар кандай муктаждыгынан жана ушуларга окшош нерселерден ашканынан алынат. Себеби, Аллах Субханаху ва Таала мындай дейт:

﴿وَيَسْـَٔلُونَكَ مَاذَا يُنفِقُونَ قُلِ ٱلْعَفْوَ﴾

*«Дагы сенден (эй Мухаммад) эмнелерди ихсан кылууну сурашат. (Өзүңөрдөн) артканын, деп жооп бергин!»* [2:219]

Т.а. ал адам сарп-каражатында кыйналып калбашы керек. Т.а. анын – коомдогу өлчөөлөргө ылайык – өзүнө жетиштүү нерсесинен ашыгы алынат. Расул ﷺ айтты:

«أَفْضَلُ الصَّدَقَةِ مَا كَانَ عَنْ ظَهْرِ غِنًى»

«Садаканын абзели – муктажсыздыктан берилгени» (т.а. ашыкчасы берилгени). Бул муттафакун алайх хадис Хаким ибн Хизам жана Абу Хурайрадан риваят кылынды. «Муктажсыздык» мааниси анын жетиштүү нерсесинен ашыгын алуу дегени.

Корутунду: Исламда салыктар болбойт. Мына ушул абал гана мындан сырткары. Анда да керектүү көлөмдө, көбөйтүлбөстөн муктажсыздыктан келип чыгып алынат. Мындай абал Исламий тарыхта аз учураган. Себеби, мамлекеттин Ислам баян кылып берген туруктуу кирешелери бул үчүн жетиштүү. Бирок, мындай абал жүз бергенде да салыктарды жогоруда баян кылынган тартипке ылайык алуу жайиз болот.

1-шаъбан, 1434-х.
10-июнь, 2013-м.

## Кызмат мөөнөтү бүткөндө сый акы алуу

**Суроо**: ассаламу алейкум, Аллах сизге тифик жана нусратын берсин.

Мүмкүн сиздин иштериңиз көп болсо керек. Аллах сизге жардам берсин. Мен суроомо жооп алууга муктажмын.

Көп жылдар бою өз ишин дыкат аткарып, ишине шалакылык кылбаган адам кызматы бүтөөр мөөнөтүндө жумуш берүүчүдөн сый акы талап кылуусунун шаръий өкүмү кандай?

Башкача айтканда, учурда иштеп жаткан азыркы мыйзамдарда каралган кызматчы кызмат мөөнөтү аяктаганда сый акы алуусу шаръий жактан туурабы? Жумуш берүүчү бул сый акыны кызмат кылган адамга берүүнү четке кагуусу анын акысын жеген жана арам иш кылган болуп саналабы?

Маалым болгондой, азыркы иштеп жаткан мыйзамда каралгандай, беш жылдан кем эмес иштеген кызматкердин айлыгынын үчтөн бири ар жылы ага сый акы катары берилиши керек. 5-10 жылдан кем эмес кызмат өтөгөн адамга айлыгынын үчтөн экиси ар бир жылына сый акы катары каралган. 10 жылдан ашык иштеген адамга толук бир айлыгы ар бир жылына сый акы катары каралган.

Аллах сизге берекесин берсин.

Зарыл болгондуктан жоопту тездетип берүүңүздү өтүнөм.

**Жооб**: ассааламу алейкум рахматулоохи уа баракаатуху.

Урматтуу мусулман бир тууганым. Мусулмандар хадисте келгендей шартташканына жараша болушат.

Тирмизи риваяты, бул хадисти хасан сахих деген:

وقال عنه حَدِيثٌ حَسَنٌ صَحِيحٌ: حَدَّثَنَا كَثِيرُ بْنُ عَبْدِ اللَّهِ بْنِ عَمْرِو بْنِ عَوْفٍ الْمُزَنِيُّ عَنْ أَبِيهِ عَنْ جَدِّهِ أَنَّ رَسُولَ اللَّهِ ﷺ قَالَ: «وَالْمُسْلِمُونَ عَلَى شُرُوطِهِمْ إِلَّا شَرْطًا حَرَّمَ حَلَالًا أَوْ أَحَلَّ حَرَامًا» Бизге Касиир бин Абдуллоох бин Амр бин Авф, ал Музний атасынан чоң атасынан айтты: Пайгамбар ﷺ айтты: «Мусулмандар шартташкандыктарына жараша (болушат), адалды арам кылган же арамды адал кылган шарттарды гана (алышпайт)».

Ушуга негизделип жумуш берүүчү менен кызмат өтөөчү адам «кызмат бүткөндө мындай сый акы болот» деп шартташышса, шартка жараша кызмат кылган адам кызматын бүткөндөн кийин сый акы алуусу анын акысы болуп саналат.

Ошондой эле жумуш берүүчү менен жумушчунун ортосундагы эмгек келишими учурда иштеп жаткан мыйзамда каралган «кызмат мөөнөтү бүткөн учурда мындай сый акы» алат деген шарттын негизинде түзүлсө, анда кызмат кылган адам кызматын бүткөн учурда келишим шартына ылайык сый акыны алуусу анын акысы болуп эсептелет.

Эгер, жогоруда айтылгандай шарттар каралбаса, анда жумуш берүүчү жумушчуга айлыгын гана берет, ага сый акы берилбейт.

Бул маселедеги менин туура көргөн басымдуу пикирим ушул. Аллах билүүчү жана өкүмдар.

11-ражаб, 1440-х.
18-март, 2019-м.

*2025-жыл...*